**Оморов Р.О.**

# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК

Бишкек – 2015

УДК 347.78
ББК 30у
О 57

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (КР УИА) Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун чечими менен басылууга сунушталган.

Рецензенттери:
КР УИА мүчө корреспонденти Ы.М.Мукасов,
юридикалык илимдердин доктору, проф. Э.Ж.Бейшембиев,
экономика илимдеринин доктору, проф. К.И.Идинов

Р.О. Оморов, техника илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАсынын корреспондент-мүчөсү, Эл аралык жана Кыргыз Республикасынын инженердик академияларынын академиги.

**Оморов Р.О.**
О-57 Интеллектуалдык менчик. – Б.: Илим, 2015. 430 – бет.

ISBN 978-9967-512-4

Бул китепте интеллектуалдык менчик объектилерин укуктук коргоо тармагындагы негизги түшүнүктөр жана анын жоболору, теориялык жана практикалык багыттары каралган. Жалпы теориялык жагдайы «Патент таануу» жана «Интеллектуалдык менчик укугу» курстарынын атайын окуу программаларына ылайык келтирилген. Бул китеп Кыргыз Республикасынын илимпоздоруна, жогорку окуу жайларынын техникалык, юридикалык, табият, искусство жана башка факультеттеринин студенттери менен окутуучуларына, ишкерлерге, ошондой эле жалпы окурмандарга арналат.

М 2002000000-15

УДК 347.78
ББК 30у

ISBN 978-9967-512-4

© Р.О. Оморов, 2015
© Илим, 2015

## КИРИШ СӨЗ

Байыркы замандан ьартып эле чыгарма, жаңы ойлоп табуу, же жаңы өнөрдүн бүткүл материалдык турпаты (кол жазма, сүрөт, скульптура, станок, дары жана дарылоо ыкмалары) бири-биринен ажыратылгыс болгондой эле бири-бирине байланыштуу да болгон. Мындай жаңылыктарды жараткандар (ээлери) ошол материалдык буюмга гана ээлик кылышчу. Бирок мындай кырдаал ушул замандын орто кылымынан баштап кескин өзгөрүлдү десек жаңылышпайбыз. Анткени, китеп басып чыгаруучу станок жана мануфактуралар пайда болду, кол жазмалар тез жана жеңил, арзан көчүрүүгө жана көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мисалы, китеп басуучу станокту 1440-жылы немис ойлоп табуучусу Иоган Гутенберг (Страсбург шаарынын жанынан) деген адам ойлоп таап ишке колдонууга киргизген кезден баштап, чыгармалар жана ойлоп табуунун негизинде жасалган материалдык буюмдар менен аны чыгаруу же жасоо мазмунунун ортосунда айырма жана артыкчылык келип чыккан. Ушунун натыйжасында укуктук проблема түзүлүп, жаңы укук тармактары жана мыйзамдар пайда болуп, аны биринчи иретте Европа өлкөлөрүндө XV–XVIII кылымдарда чечишти. Бул укук тармактары *патент укугу* жана *автордук укук* деп аталган. Бул укуктар буга чейинки мүлк ээлеринин укугунан айырмаланып, *материалдык эмес менчик укуктары* болуп саналат, анткени мында менчик укугу материалдык мүлктөргө (буюмдарга) берилбей, аларды чыгарган жана жасай турган *маалыматка* (*информацияга*), же б.а. *материалдык эмес нерселерге* берилет.

Бара-бара мамлекеттердин экономикалары, соодалары, маданий-турмуштары өсүп-өнүгүп, татаалдашы менен бул мате-

риалдык эмес укук тармактары дагы татаалдашып, жаңы-жаңы укуктук тармактар жана укук объектилери пайда болду, булар: биринчиден, өнөр жай менчигинин укугу жана ага тиешелүү объектилер – өнөр жай үлгүлөрү же дизайн, пайдалуу моделдер, товардык белгилер, тейлөө белгилери, товардын чыгарылган жерлеринин аталыштары, фирмалардын аталыштары, ноу-хау же коммерциялык секреттер (албетте, өнөр жай менчигине ойлоп табуулар дагы кирет); экинчиден, автордук укуктан тышкары чектеш укуктарды коргоо дагы пайда болду. Алардын объектилери – аткаруулар, фонограммалар жана эфир же кабель аркылуу берүүнү уюштуруу; үчүнчүдөн, салттык (традициялык) эмес объектилер укугу жана анын объектилери – интегралдык микросхемалардын топологиялары жана селекциялык жетишкендиктер болуп саналат.

Ошол эле учурда мурунку традициялык укуктун объектилери дагы кеңейди, мисалы, патент укугуна ойлоп табуудан тышкары пайдалуу моделдер жана өнөр жай үлгүлөрү же дизайн кошулду. Ал эми автордук укуктун объектилерине ЭЭМ программалары жана маалымат базалары кошулду. Жогоркулардан тышкары, акыркы 15 жылдын ичинде эл аралык деңгээлде кеңири талкууланып жаткан жаңы материалдык эмес менчик укугуна тиешелүү укук объектилерине кошула турган объекттерге – салттык билимдер да кирет. Бул билимдер кылымдан кылымга, атадан-балага өтүп келаткан дүйнө элдеринин, кандайдыр жамааттардын жеке кайталангыс мурасы катары келаткан ар-кандай тармактагы билимдери болуп саналат.

Азыркы учурда жогоруда айтылган бардык материалдык эмес менчик объектилери жалпысынан жаңы укук институтуна кирет, бул укук институту *Интеллектуалдык менчик укугу* деп аталат.

Интеллектуалдык менчик бардык чыгармачылык, ойлоп табуучулук, ишкердик акыл эмгеги менен жаралган материалдык эмес укук объектилерин камтыгандыктан аларды укуктук коргоо мамлекет тарабынан талап кылынат. *Аларды ишке*

*ашыра турган, негизинен укук коргоо органдары жана сот системасы.*

Албетте, ар бир мамлекетте интеллектуалдык менчик жагдайында атайын мамлекеттик ведомство түзүлөт жана ал эксперттик, атайын адистик иштерди алып баруу менен бул тармактагы саясатты аткарат. Кыргыз мамлекетинде мындай мекеме (ведомство), Кыргызпатент болду, анын азыркы аталышы – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча кызматы.

Эгерде биз интеллектуалдык менчик объектилерин мыйзамдуу түрдө коргоп, алардын ээлерине *өзгөчө укук* ыйгарылган учурдан (XV–XVIII кылымдардан) баштап көз чаптырсак, анда бул материалдык эмес менчик объекттердин жалпы адамзаттын социалдык-экономикалык жана илимий, маданий өнүгүшүнө кошкон салымынын зор экенин баалай алабыз. Анткени, бардык илимий-техникалык жетишкендиктердин, маданий жаңылыктардын, эң башында турган жетишкендик интеллектуалдык менчик объектилери катары турмушка, өндүрүшкө киргизилген жана киргизилет. Ошондуктан, бул объектилердин биздин жашоо турмушубуздагы ордун баалай билишибиз, экономикалык баасын эсептеп, аны кандай ишке пайдаланганды жана киреше алганды дагы үйрөнүшүбүз керек. Интеллектуалдык менчик объектилери жөнүндө маалымат булактарын пайдаланганды билип, ал маалыматтарды илимий-техникалык жана экономикалык өнүгүүдө колдонгонду өздөштүрүү абзел.

# 1-БАП. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК

## 1.1. Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМДУ)

Эмгектин материалдык эмес натыйжалары менен соода кылуу жана ылайыктуу киреше алуу зарылчылыгы Кыргызстандагы өнүгүүнүн жаңы түрмөгүндө интеллектуалдык менчик институтунун калыптануусунун жана орношунун зарыл шарты болуп калды. Кыргыз мыйзамдарында «интеллектуалдык менчик» түшүнүгүнүн пайда болушуна Кыргызстандын эл аралык макулдашууларга, эң башкысы, 1994-жылдын 14-февралындагы Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлук уюмун (ИМДУ) уюштуруучу Конвенцияга кошулуусу өбөлгө түздү.

**Тарыхый маалым кат.** Интеллектуалдык менчик укугунун негизги тармактары болуп патент укугу жана автордук укук эсептелет. Ал эми патент укугунун негизги объектилери болуп ойлоп табуулар эсептелет. Так ошол ойлоп табууларга биринчи коргоо документтери болуп аларга артыкча укук (привилегия) берген документтер болгон. Ал документтерди мамлекеттин суверени (королу) ойлоп табуучуга же ойлоп табууну ээлеген жеке жакка ыйгарчу. Баштапкы учурларда мындай артыкча укуктар абдан кеңири укуктарды камтычу, мисалы, салык төлөөдөн жана гильдиянын эрежелеринен бошотулган, жер тилкелерин ыйгарган, пайызсыз зайым берүү, жада калса дворяндык атайын титулдарды белек кылган учурлар да болгон. Тарыхта биринчи болуп мындай артыкча укуктар (привилегиялар) Венеция Республикасында «Парте Венециана» атындагы 1474-жылы кабыл алынган Жобонун

негизинде ыйгарыла баштаган. Бул дата патент укугундагы биринчи тарыхый мыйзамдык акттын жаралган датасы катары эсептелет. Дал ушул жободо патент укугунун өзгөчө принциптери негизделген, булар – ойлоп табуучунун чектелген мезгилге ыйгарылган өзгөчө укуктары, ойлоп табуунун мамлекет үчүн пайдалуулугу, укук бузуучуларга көрүлө турган жаза чаралары жөнүндө камтылган.

«Патент» термини биринчи болуп Англияда колдонулган. Бул терминдин мааниси – «ачык кат» («Litterae Patentes» – «ачык грамота»), анткени суверендин (королдун) мөөрү документ баракчасынын ылдый жагына коюлчу экен.

Ал эми интеллектуалдык менчик термининин келип чыгышы демейде XVIII-кылымдын аягындагы француз мыйзамдары менен байланышат. Анда «жарыялоо жана ишке ашыруу коом үчүн пайда алып келиши мүмкүн болгон бардык жаңы идея аны жараткан адамга таандык, жана жаңы өнөр жай ойлоп табуусу да аны жараткан адамдын менчиги катарында караштырбоо адамдын укугун чектегендик болмок» деп белгиленген. Мындай ыкма француз мыйзамдарында адабий жана өнөр жай менчигинин укук боюнча түшүнүгүн бекемдеди. Негизинен автордук жана патенттик мыйзамдардын биринчи мекени Англия болуп эсептелет. 1623-жылы король Яков Стюарттын мезгилинде техникалык жаңылыкты жараткан жана колдонгон адамдардын ар бирине королдун эркинен тышкары өзгөчө укук берилген, мындай жаңылыкты жеткиргендердин кирешелеринен жана артыкчылыктарынан 14 жыл ичинде монополиялык пайдалануу укугун жарыялаган «Монополиялар жөнүндө статут» кабыл алынган. Тигил же бул технологияга, б.а. өнөр жай менчигине монополиялык ээлик кылууга белекке берилген убактылуу өзгөчө укуктар патент менен ырасталган. 1710-жылы Англияда чыгарма жаралган учурдан тартып 14 жыл ичинде аны жарыялоого жана автордун тирүү кезинде бул мөөнөттү дагы 14 жылга узартууга авторго өзгөчө укук берген «Королева Аннанын статуту» деген ат менен белгилүү болгон биринчи автордук укук мыйзамы пайда болот.

Англияга удаа эле патенттик жана автордук мыйзамдар бир катар Европа өлкөлөрүндө жана АКШда кабыл алынган. Көпчүлүк өлкөлөрдүн автордук жана патенттик мыйзамдар тигил же бул өлчөмдө чыгармачылык жетишкендиктерди жаратуучулардын укуктарын менчик укугуна теңештирген. XIX кылымда мындай ыкма кыйла көбүрөөк жайылтылган. Интеллектуалдык менчик тармагында бир катар өлкөлөр тарабынан негизги эл аралык конвенциялардын 1883-жылы (Интеллектуалдык менчикти коргоо боюнча Париж конвенциясы) жана 1886-жылы (Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы) кабыл алынышы менен азыркы мезгилге чейин аракеттенип келген интеллектуалдык менчиктин дүйнөлүк тутуму түптөлгөн. Эки конвенциянын аткарылышына байкоо жүргүзүү Бернде түзүлгөн швейцариялык федералдык өкмөткө караштуу атайын аппаратка жүктөлгөн. Эң башында эки макулдашууну администрациялоо үчүн эки ведомство болгон: бири – өнөр жай менчиги үчүн, экинчиси – автордук укук (copyright) үчүн. 1893-жылы эки ведомство биригип БИРПИ (французчадан – BIRPI) деп аталып калган. 1960-жылы БИРПИ Бернден Женевага көчкөн. 1967-ж. Стокгольмда дипломатиялык конференция өткөрүлүп, анда жаңы конвенцияга кол коюлган. Бул конвенция **Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмунун (ИМДУ)** уюштурулушунун башаты болгон жана 1970-жылдан баштап иштей баштаган. 1974-ж. ИМДУ БУУ нун адистештирилген бөлүмү болуп калган. Азыр бул анын 16 бөлүмдөрүнүн бири.

**ИМДУнун милдети:** мамлекеттер ортосундагы кызматташтык жолу менен бүткүл дүйнөдө интеллектуалдык менчикти коргоого жана пайдаланууга жардам берүү, ошондой эле интеллектуалдык менчиктин укуктук жана административдик аспектилерин жөнгө салуучу көп тараптуу келишимдерге тиешелүү административдик иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу.

**Ишмердүүлүктүн негизги чөйрөсү** өзгөчө эл аралык келишимдерди түзүү жолу менен интеллектуалдык менчик тармагында эл аралык ченемдерди жана стандарттарды жаратуу-

дан; административдик башкаруудагы ушундай ченемдерди жана стандарттарды ишке ашыруучу келишимдерди түзүүдөн, ошондой эле ойлоп табууларды, товардык белгилерди, өнөр жай үлгүлөрүн коргоого өтүнмө берүүнү жеңилдетүүчү келишимдерди түзүүдөн; өнөр жай менчиги тармагында маалымат берүүдөн, өзгөчө патенттик документтердеги жана белгилердин эл аралык реестриндеги юридикалык-техникалык маалыматтарды түзүүдөн турат. ИМДУ ошондой эле өнүгүп бараткан жана рыноктук экономикага өтүү процессинде турган өлкөлөргө юридикалык-техникалык жардам берүүнүн орчундуу программасын жүзөгө ашырат.

**ИМДУнун органдары:** *Генералдык Ассамблея* (мүчөлөрү болуп ИМДУнун ошондой эле Париж жана/же Берн бирликтеринин мүчө-мамлекеттери эсептелет), *Конференция* (мүчөлөрү болуп ИМДУнун бардык мүчө-мамлекеттери эсептелет), *Координациялык комитет* (мүчөлөрү ИМДУнун, Париж, Берн бирликтеринин мүчөлөрүнөн шайланат жана Швейцария *ex officio* мүчөсү болуп эсептелет). Координациялык комитет катарында – жылына бир жолу чогулган кезде Генералдык Ассамблея жана Конференция кезектеги сессияларга ар бир эки жылда бир чогулушат. ИМДУнун аткаруучу башчысы болуп Генералдык Ассамблея шайлаган Генералдык директор эсептелет. ИМДУнун катчылыгы «Эл аралык Бюро» деп аталат.

## 1.2. ИМДУ боюнча интеллектуалдык менчик түшүнүгү.

### *Интеллектуалдык менчик объектилери*

Интеллектуалдык менчик жана интеллектуалдык менчик объектилеринин курамы жөнүндө түшүнүк 1967-жылдын 14-июлундагы Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмун уюштуруучу Конвенциянын 2-беренесинин 8-тарамында (пунктунда) кыйла толук ачылат. Анда «**интеллектуалдык менчик» төмөндөгү тиешелүү укуктарды камтыйт:**

(1) адабий, көркөм жана илимий чыгармаларды;

(2) аткаруучулардын аткаруулары, фонограммалар жана эфирдик берүүлөрдүн

программаларын;

(3) адамдык ишмердүүлүктүн бардык тармактарындагы ойлоп табууларды;

(4) илимий ачылыштарды;

(5) өнөр жай үлгүлөрүн;

(6) товардык белгилерди, тейлөө белгилерин жана соодалык аталыштар менен белгилерди;

(7) ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюу жана өнөр жай, илимий, адабий же көркөм тармактардагы интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасы болуп эсептелген бардык башка укуктарды камтыйт» деп белгиленген.

(1) тарамдагы ишмердүүлүктүн түрлөрү автордук укук менен жөнгө салынат. (2) тарамда эскертилген укуктар демейде «чектеш укуктар» деп аталышат, б.а. чектеш жана автордук укуктардын тармактарындагы укуктар. (3), (5), (6), (7) тарамдардагы ишмердүүлүктүн түрлөрү өнөр жай менчигин коргоо объектилери болуп саналат. Илимий ачылыштарды эл аралык каттоо боюнча Женева келишими (1978) илимий ачылыштарды «кубулуштарды, касиеттерди же мурда таанылбаган жана текшерүүгө боло турган материалдык ааламдын мыйзамдарын таануу» катарында аныктагандыгына таянуу менен ИМДУ (4) тарамдагы – илимий ачылыштарды интеллектуалдык менчиктин эки чөйрөсүнүн бирине дагы кошпойт.


Ошентип, интеллектуалдык менчик укуктарын эки бутакка – **«Автордук укукка»** жана **«Өнөр жай менчигине»** бөлүү ИМДУнун мүчөсү болуп эсептелген бардык өлкөлөр үчүн салттуу болуп эсептелет.

Автордук укук адабий, көркөм жана илимий чыгармаларга алар жаратылган учурдан баштап коргоо берет. Бул жерде негизги талап – жаратылган чыгарманын формасынын оригиналдуу деп эсептелиниши. Автордук укук өз ичине сөздүн толук маанисиндеги «автордук укукту» коргоо боюнча жобону, ошондой эле «чектеш укуктар» деп аталуучу коргоону камтыйт.

«Чектеш укуктар» автордук укукка чектеш укуктарды билдирет. Демейде чектеш укуктардын үч башка түрү бар деп эсептелет: аткаруучулардын аткарууга болгон укугу; фонограмма чыгаруучулардын фонограммаларга болгон укугу жана эфирдик берүү уюмдарынын радио жана телекөрсөтүү программаларына болгон укуктары. Ченемдердин эки тобун – «автордук укук» менен «чектеш укуктарды» бир институтка бириктирүү – чектеш укуктар менен чыгармалардын авторлорунун укуктарынын пайда болушу жана жүзөгө ашырылышы бири-бирине тыгыз көз каранды болгондугу менен түшүндүрүлөт. «Өнөр жай менчиги» укугунун башкы максаты болуп ойлоп табууларды, өнөр жай үлгүлөрүн, белгилерди (товардык белгилерди, тейлөө белгилерин, соодалык аталыштарды жана белгилерди) коргоо жана ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюу эсептелет. Өзгөчөлүгү алынган чыгармачылыктын мазмуну менен аныкталуучу ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө болгон укуктар менен байланышкан мамилелер патенттик укуктун ченемдери менен жөнгө салынат. Ойлоп табууларды, өнөр жай үлгүлөрүн жана белгилерди коргоо *Кыргыз Республикасынын мамлекеттик реестрине расмий катталуу укук катары жана аларды пайдаланууга патент ээсинин (мындан ары – патент ээси) өзгөчө укугун ырастоочу (күбөлүк) документти (патент, күбөлүк) алуу максатында аларды компетенттүү мамлекеттик органда (патенттик ведомстводо) атайын жол-жоболордон (экспертизадан) өткөргөндөн кийин бериле тургандыгына* байланыштуу жогоруда аталган коргоо укугунун биринчи үч объектиси кээ бир жалпы мүнөздөргө ээ.

Ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюунун өзгөчө укуктарга тиешеси жок, бирок ал өнөр жай же соода иштеринде ак иштегенге тескери келген атаандаштыктын мындай ыкмаларына каршы багытталган.

Бирок бул түзүлгөн негизги эки укук тең «интеллектуалдык менчик» түшүнүгүнүн мазмунун толук бойдон өз ичине камтыбайт. Укуктук коргоодон пайдалануучу, бирок, «өнөр




1-схема.

жай менчигинин» жана «автордук укуктун» алкагына кирбеген жана укуктун үчүнчү бутагын пайда кылуучу, кээ бир өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдарында аныкталган **«салттуу эмес объектилер»** сыяктуу интеллектуалдык ишмердүүлүктүн бир топ натыйжалары бар. Салттуу эмес объектилердин тизмеси ИМДУга мүчө – мамлекеттердин ар бириндe өзүнчө болот (1-схема).

Аталган конвенцияда «интеллектуалдык менчик» термини чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжаларына жана аларга теңештирилген кээ бир объектилерге **укуктарды** билдирет. Конвенциядагы **өзгөчө укуктардын** жана **интеллектуал-дык**

**менчик объектилеринин** конкреттүү түрлөрүнүн тизмеси болжолдуу мүнөздү алып жүрөт жана интеллектуалдык менчиктин башка натыйжалары менен толукталышы мүмкүн. Интеллектуалдык менчиктин ар кандай объектилерине таандык болгон өзгөчө укуктар бир катар жалпы мүнөздөргө ээ. Алар аракеттенүү мөөнөтү, аймагы менен чектелет, **бирдей мүнөздү** алып жүрөт жана бардык үчүнчү жактарга тиешелүүлүгү боюнча өзгөчө болуп саналат.

Интеллектуалдык менчиктин объектисине укуктун мыйзам тарабынан караштырылган аракеттенүү мөөнөтү бүткөндөн кийин, алар коомдук мүлк болуп калат жана аларды ким болбосун өзү каалагандай пайдалана алат. Өзгөчө укуктар деп, укуктарды алып жүрүүчүлөргө (мындан ары – укук ээлери) мыйзам тарабынан уруксат берилген бардык аракеттерди ишке ашырууну жана бир эле мезгилде бардык үчүнчү жактарга укук ээсинин макулдугусуз мындай аракеттерди жасоого тыюу салууну камсыз кылуучу субъективдүү укуктарды түшүнүү керек. Бул укуктун чыныгы мүнөзү анын интеллектуалдык менчик объектиси таандык болгон жактын уруксатысыз аны пайдаланууну каалаган бардык жактарга каршы аракеттенгендигинде турат. **«Өнөр жай менчигинин» өзгөчө укугу** корголгон объектини патент ээси гана *даярдоого, алып келүүгө, сатууга, сатууга сунуштоого жана башкача айтканда чарбалык жүгүртүүгө* киргизүүгө акылуу экендигин билдирет. Тескерисинче башка бардык жактар патент ээси тарабынан санкцияланбаган корголуучу объектини пайдалануудан өзүн токтотуусу керек. Келишим же мыйзам тарабынан санкцияланбаган корголуучу объектини пайдалануучу бардык үчүнчү жактарга бөгөт коюлушу керек, ал эми укук бузуучу – мыйзамда караштырылган санкцияга дуушар болуусу керек.

**«Автордук укуктагы» өзгөчө укук.** Анык типтүү укуктар болуп төмөндөгүлөр эсептелет: чыгармалардын бардык түрлөрүн *көчүрмөлөө же башкача айтканда кайра чыгаруу*; чыгармалардын нускаларын эл үчүн *жайылтуу*; чыгармалардын айрым бир категорияларынын (компьютердик програм-

малар менен аудиовизуалдык чыгармаларды) нускаларын *убактылуу пайдаланууга берүүнү (прокатка) ишке ашыруу*; адабий же музыкалык чыгармалардын *аткарылышынын үн жазууларын ишке ашыруу; эл алдында аткаруу*, атап айтканда музыкалык, драмалык же аудиовизуалдык чыгармаларды аткаруу; мындай чыгармаларды кабелдик түйүндөр боюнча же башка ыкмалар менен атап айтканда радиодон, телекөрсөтүүдөн берүү жолдору менен же, чыгармалардын бардык түрлөрүн берүүнүн башка каражаттары аркылуу *элге көрсөтүүнү ишке ашыруу*; адабий чыгармаларды башка тилге *которуу*; *прокатка берүү*, фонограммага жана компьютердик программага киргизилген чыгармаларга өзгөчө колдонулат; бардык чыгармаларды экрандаштыруу, жана атап айтканда, алардын негизинде *аудиовизуалдык чыгармаларды* жаратуу.

**«Өнөр жай менчигинин» объектилерине** адам ишмердүүлүгүнүн бардык тармактарындагы ойлоп табуулар, өнөр жай үлгүлөрү, товардык белгилер, тейлөө белгилери, соодалык аталыштар жана белгилер, ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюу таандык.

**«Автордук укуктун объектилерине»** адабий, көркөм, илимий чыгармалар кирет.

**«Чектеш укуктар объектилерине»** аткаруучулардын аткаруулары, фонограммалар жана эфирдик берүүлөрдүн программалары жана билдирүүлөрдүн башка түрлөрү таандык.

**«Салттуу эмес объектилерге»** конкреттүү тизмеси ар бир өлкөнүн мыйзамдары менен белгилене турган «өнөр жай, илим, адабият жана көркөм тармактарда интеллектуалдык менчиктин натыйжасы болуп эсептелүүчү жана башка бардык укуктар» таандык.

### 1.3. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси боюнча интеллектуалдык менчик түшүнүгү

1998-жылдын l-июнунан тартып күчүнө киргизилген Кыргыз Республикасынын Жарандык (Граждандык) кодексинин биринчи бөлүгүндө (мындан ары – КР ЖК) интеллектуалдык

ишмердүүлүктүн натыйжалары, анын ичинде аларга (интеллектуалдык менчикке) болгон өзгөчө укуктар жарандык (граждандык) укук объектилерине таандык деп белгиленген. КР ЖКнын 32-беренесинде «интеллектуалдык менчик» түшүнүгү кеңири түрдө ачылып, «Ушул Кодекс жана башка мыйзамдар менен аныкталган учурда жана тартипте интеллектуалдык ишмердүүлүктүн объективдүү көрсөтүлгөн натыйжаларына жана аларга теңештирилген юридикалык жакты индивидуалдаштыруучу каражаттарга, жеке жактын жана юридикалык жактын продукцияларына, алар тарабынан аткарылган иштер же кызмат көрсөтүүлөргө (фирмалык аталыштар, товардык белги, тейлөө белгилери ж.б.у.с.) жарандын же юридикалык жактын өзгөчө укугу таанылат.

Өзгөчө укук объектилери болуп эсептелген интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын жана индивидуалдаштыруу каражаттарын үчүнчү жактар тарабынан пайдалануу укук ээсинин макулдугу менен гана ишке ашырылышы мүмкүн» деп көрсөтүлгөн.

КР ЖКнын 1037-беренесинде Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик объектилеринин 3 топко бөлүнгөн курамы аныкталган: интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжалары; товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жарандык жүгүртүүнүн катышуучуларын индивидуалдаштыруу каражаттары; интеллектуалдык ишмердүүлүктүн башка натыйжалары жана, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жарандык жүгүртүүнүн катышуучуларын индивидуалдаштыруу каражаттары. Ар бир топто интеллектуалдык менчик объектилеринин өз тизмеги бар:


1. **интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжалары:**

- илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармалары;
- аткаруулар, фонограммалар жана уктуруу уюмдарынын берүүлөрү;
- электрондук эсептөө машиналарынын программалары жана маалымат базалары;
- интегралдык микросхемалардын топологиялары;

– ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү;
– селекциялык жетишкендиктер;
– туюк маалымат, анын ичинде өндүрүштүн сырлары (ноу-хау);

2. **товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүүнүн катышуучуларын индивидуалдаштыруу каражаттары:**

– фирмалык аталыштар;
– товардык белгилер;




2-схема.

– тейлөө белгилери;
– товар чыгарылган жердин аталышы;

3. **ушул кодексте же башка мыйзамдарда каралган учурларда интеллектуалдык ишмердүүлүктүн башка натыйжалары жана, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жарандык жүгүртүүнүн катышуучуларын индивидуалдаштыруу каражаттары.**

Кыргызстан ИМДУнун мүчөсү катарында, интеллектуалдык менчик объектилерин салттык бөлүштүрүүнү ИМДУ боюнча пайдаланат. Муну менен, 1-топтогу интеллектуалдык менчик объектилеринин бир бөлүгү «өнөр жай менчигине», «автордук укукка», «салттуу эмес объектилерге» кирди, ал эми 2-топтогу интеллектуалдык менчик объектилери – «өнөр жай менчигине» кирди (2-схема).

***Кыргызстанда интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо тутуму***

**Өнөр жай менчиги объектилерине:** ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү, фирмалык аталыштар, товардык белгилер, тейлөө белгилери, товар чыгарылган жердин аталыштары, ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюу таандык.

**Автордук укуктун объектилерине:** адабий, көркөм, илимий чыгармалар, электрондук эсептөө машиналары жана маалымат базалары үчүн программалары (автордук укук), оюн коюулар, аткаруулар, фонограммалар жана уктуруу уюмдарынын берүүлөрү (чектеш укуктар) таандык.

**Салттуу эмес объектилерге:** интегралдык микросхемалардын топологиялары, селекциялык жетишкендиктер, туюк маалыматтар; алардын ичинде өндүрүш сырлары (ноу-хау).

Юридикалык адабиятта интеллектуалдык менчиктин аныктамаларынын бири мындай деп берилген: «Интеллектуалдык менчик деп интеллектуалдык жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрдүн натыйжаларына, ошондой эле товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү граждандык

| **Интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо тутуму** |
|---|

↓ ↓ ↓

| Өнөр жай менчиги | Автордук укук жана чектеш укуктар | Салттуу эмес объектилер |
|---|---|---|

↓ ↓ ↓ ↓

| **Патенттик укук** | **Жарандык жүгүртүүнүн катышуучуларын жана алар чыгарган продукцияны, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жекелештирүү каражаттары жөнүндө мыйзамдар** | **Автордук укук жана чектеш укуктар** | **Интеллектуалдык менчиктин салттуу эмес объектилери жөнүндө мыйзамдар** |
|---|---|---|---|
| (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү) | (фирмалык аталыштар, товардык белгилер, тейлөө белгилери, товар чыгарылган жердин аталышы) | (илим, адабият, көркөм өнөр чыгармалары – *автордук укук;* оюн коюулар, аткаруулар, фонограммалар, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын берүүлөрү – *чектеш укуктар*) | (селекциялык жетишкендиктер, интегралдык микросхемалардын топологиялары коммерциялык сыр) |

3-схема.

жүгүртүүнүн катышуучуларын индивидуалдаштыруу каражаттарына жана аларга теңештирилген, эл аралык милдеттенмелерди эсепке алуу менен ылайыктуу өлкөнүн мыйзамдары тарабынан белгиленген кээ бир башка объектилердин конкреттүү тизмесине мүлктүк мүнөздөгү өзгөчө укуктардын жыйындысын түшүнүшөт».

Мындай аныктама Кыргызстандагы интеллектуалдык менчик тармагындагы мыйзамдардын талаптарына толук жооп берет.

КР ЖКнын 1038-беренесине ылайык, интеллектуалдык менчиктин жогоруда аталган объектилерин укуктук коргоо «аларды жаратууда же ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан укуктук коргоо берилгенден кийин пайда болот». КР ЖКнын ченемдерин жана интеллектуалдык менчик тармагындагы атайын мыйзамдарды сактоо менен, интеллектуалдык менчиктин ар бир объектиси үчүн укуктук коргоо берүүнүн ар кандай шарттары караштырылат. Кыргызстанда түзүлгөн интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо тутуму 4 өз алдынча укук институттары түрүндө көрсөтүлгөн (3-схема).

### 1.4. Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик тутумун түзүү жана өнүктүрүү

Кыргызстанда Улуттук патенттик ведомство алгач Патент башкармалыгы катарында илим жана жаңы технология боюнча Мамлекеттик комитеттин алдында жаратуу жана өнөр жай менчигин укуктук коргоо тармагында бирдиктүү мамлекеттик саясат жүргүзүү максатында **1993-жылдын 15-июнунда** негизделген. **1995-ж.** илим жана жаңы технология боюнча Мамлекеттик комитеттин алдындагы Патент башкармалыгы Билим берүү жана илим министрлигинин интеллектуалдык менчик Башкы башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн. Ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын Евроазиялык патенттик конвенциясына кошулгандыгы жөнүндө грамота ратификацияланган. **1996-ж.** Билим берүү жана илим министрлигинин интеллектуалдык менчик Башкы башкармалыгы мамлекеттик башкаруу органынын статусу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик мамлекеттик агентствосу болуп кайра түзүлгөн. **1997-ж.** Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан Кыргыз Республикасынын: «Патент», «Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө» жана «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамдар кабыл алынган. **1998-ж.** Кыргыз Республикасы БСУга (ИМ укуктарынын соода аспектилери боюнча макулдашуу) (ТРИПС) кирген. **2000-ж.** Кыргыз Республикасы

селекциялык жетишкендиктер боюнча Эл аралык конвенцияга (УОПВ) кошулган.

«Мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарын кайра түзүү жөнүндө» Президенттин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик мамлекеттик агентствосу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу илим жана интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосу (Кыргызпатент) болуп кайра түзүлгөн.

**ИМ тармагындагы Кыргызпатенттин милдеттери** интеллектуалдык потенциалды өнүктүрүүгө жана аны Кыргызстанда иш жүзүнө ашырууга, интеллектуалдык менчик объектилеринин рыногун, инновациялык жана инвестициялык кызматташтыкты өнүктүрүүгө, жаңы технологиялардын жана интеллектуалдык продукциялардын дүйнөлүк рынокко киришин жүзөгө ашырууга жардам берүү, ошондой эле интеллектуалдык менчик объектилеринин жыйындысын коргоо маселелерин администрациялаштыруу болуп эсептелет:

- өнөр жай менчигинин объектилерин (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү, товардык белгилер, тейлөө белгилери, товар чыгарылган жердин аталыштары, фирмалык аталыштар);
- автордук укуктун объектилерин (илимий, адабий жана искусство чыгармалары);
- чектеш укуктардын объектилерин (коюулар, аткаруулар, фонограммалар, эфирдик жана кабелдик уктуруулардын берүүлөрү);
- ИМдин салттуу эмес объектилерин (селекциялык жетишкендиктер, интегралдык микросхемалардын топологиялары, туюк маалыматтар, анын ичинде коммерциялык сырлар, ноу-хау).

### *ИМ тармагында Кыргызпатенттин иш-милдеттери*

- корголуучу документтерди берүүгө Ата Мекендик жана чет элдик өтүнмөлөргө мамлекеттик экспертиза

жүргүзүү, өнөр жай менчиги, автордук укук жана чектеш укуктардын объектилеринин Мамлекеттик реестрлерди алып баруу, аларды күчүндө кармап турууга мамлекеттин атынан коргоо документтерин берүү;

- коргоо документтерин берүүгө өтүнмөлөр боюнча мамлекеттик экспертизанын чечимдерине каршы болууларды жана нааразылыктарды, ошондой эле Кыргызпатенттин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча жеке жана юридикалык жактардын башка кайрылууларын карап чыгуу (Апелляциялык кеңеш);
- Ата Мекендик жана чет өлкөлүк ойлоп табуулардын сыпаттамалары менен, документациялар жана интеллектуалдык менчиктин башка объектилери боюнча адабияттардын мамлекеттик патенттик фондусун толуктоо боюнча ченемдик актыларды жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүү;
- маалыматтардын автоматташтырылган банктарынын жана аларды пайдалануунун жалпы тутумун түзүү максатында интеллектуалдык менчик объектилери боюнча Ата Мекендик жана чет өлкөлүк документацияларды иштеп чыгуу;
- интеллектуалдык менчиктин Ата Мекендик жана чет өлкөлүк объектилери боюнча расмий бюллетендерди, журналдарды, маалыматтык материалдарды, ошондой эле анын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча башка адабияттарды басып чыгаруу;
- Кыргыз Республикасынын аймагында корголуучу интеллектуалдык менчик объектилерине лицензиялык жана автордук келишимдерди каттоо;
- интеллектуалдык менчик тармагындагы адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, окуу пландарын, программаларды, усулдук окуу куралдарын иштеп чыгуу;
- патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациядан өткөрүү жана Кыргыз Республикасында патенттик ишенимдүү өкүлдөрдүн реестрин алып баруу;

– интеллектуалдык менчик тармагында ишмердүүлүктү өнүктүрүү көйгөйлөрү боюнча илимий-изилдөө жана башка иштерди уюштуруу жана өткөрүү;
– мамлекеттин атынан чет өлкөлүк патенттөөгө жана патенттерди сатып алууга жардам көрсөтүү;
– жаратуу, укуктук коргоо жана интеллектуалдык менчик объектилери тармагында жеке жана юридикалык жактарга келишимдик негизде кызмат көрсөтүү;
– интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын башкаруу органдарынын ишмердүүлүктөрүн координациялоо;
– интеллектуалдык менчик объектилерин укуктук коргоо жана пайдалануу маселелери боюнча эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашыруу, ылайыктуу эл аралык уюмдарда Кыргыз Республикасынын ыйгарымдуу укуктарын көрсөтүү, эл аралык келишимдер менен макулдашуулардан келип чыгуучу Кыргызстандын милдеттерин аткарууга чараларды кабыл алуу, эл аралык кызматташтык боюнча иш-чараларды өткөрүү, бул тармактарда чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдөөнү жана пайдаланууну уюштуруу.

Кыргызпатенттин алдындагы мекемелер – ИМ Мамлекеттик фондусу жана мамалекеттик патенттик-техникалык китепкана.

**Интеллектуалдык менчиктин Мамлекеттик фондусу** илим менен жаңы технологияларды өнүктүрүү боюнча мамлекеттик колдоону ишке ашыруу, ошондой эле интеллектуалдык менчик объектилерин жаратууга жана пайдаланууга өбөлгө түзүү максатында түзүлгөн жана төмөндөгү иш-милдеттерди аткарат:

– өзүнүн негизинде интеллектуалдык менчик объектилерин камтыган натыйжалуу жана атаандаштыкка жарамдуу Ата Мекендик жана чет өлкөлүк иштеп чыгуулар жөнүндө маалыматтарды жыйноо жана жайылтуу, тиешелүү маалымат банкын толуктоо жана аны алып баруу;

- илимдин артыкчылыктуу багыттары жөнүндө маалыматтарды жыйноо жана жайылтуу;
- ИМ жана илимий-техникалык саясат тармагында көргөзмөлөрдү, сынактарды, семинарларды, илимий-техникалык конференцияларды уюштуруу жана өткөрүү;
- интеллектуалдык менчик тармагында маркетингдик изилдөөлөрдү, анын ичинде аларды өнөр жайдын ар кандай тармактарында жана өндүрүштө колдонуу боюнча изилдөөлөрдү өткөрүү;
- материалдык жана руханий баалуулук болуп эсептелген интеллектуалдык менчик объектилерин жаратуу, укуктук коргоо жана пайдалануу тармагында кызмат көрсөтүү жана иш жүргүзүү;
- артыкчылыктуу багыттар боюнча илимий-изилдөө иштерин өткөрүүгө финансылык жардам көрсөтүү;
- Ата Мекендик иштеп чыгууларды чет өлкөдө патенттөөгө жана мамлекеттин атынан патент сатып алууга көмөк көрсөтүү;
- ойлоп табуучулар менен интеллектуалдык менчик объектилеринин авторлоруна усулдук, техникалык жана консультациялык жардам берүү;
- интеллектуалдык менчик объектилерин келишимдик негизде баалоо иштерин өткөрүү;
- интеллектуалдык менчик объектилеринин авторлорунун уруксаты боюнча эң мыкты Ата Мекендик иштеп чыгууларды Интернет аркылуу рекламалоо.

Азыркы учурда ИМдин Мамфондусу төмөндөгү эки бөлүмдөн жана бир сектордон турат:

- инновациялардын жана инвестициялардын маркетинги боюнча бөлүм;
- уюштуруу иштери менен камсыз кылуу бөлүмү;
- финансы сектору.

**Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкана (МПТК)** Республикалык илимий-техникалык китепкананын базасында түзүлгөн.

Республикадагы эң ири китепканалардын бири – МПТКнын фондусу басылмалардын 6 млн нускасын түзөт, анын ичинен 2 150 000 нуска микро сактагычтарда (носителдерде) сакталат.

Азыркы компьютердик технологияны иш практикасында өздөштүрүү ага акыркы мезгилде документтерди магниттик жана CD-ROM-дискаларда топтоого мүмкүнчүлүк берди.

Китепкананын фондусунда төмөндөгүлөр бар:

- КРнын ченемдик документтери;
- ченемдик-техникалык документтер (эл аралык жана республикалык стандарттар, тармактык стандарттар, техникалык шарттар, бирдиктүү ченемдер жана баалар (ЕНИР) ж.б.);
- өнөр жай каталогдору;
- экономика, бизнес, башкаруу психологиясы, менеджмент, маркетинг, сертификациялоо, өндүрүштүн технологиясы жана башкалар боюнча окуу китептери;
- менеджерлер, ишкерлер, чакан жана орто бизнестин жетекчилери үчүн ар кандай басылмалар;
- курулуш, архитектура, жеңил өнөр жайы, агробизнес, эсептөө техникасы, дизайн жана экономика комплексинин башка темалары боюнча дүйнөнүн 17 өлкөсүнөн алынган мезгилдүү басылмалар.

Мамлекеттик патенттик фонд (МПФ) МПТКнын фондуларынын негизги бөлүгүн түзөт. Анын курамында булар бар:

- ойлоп табуулардын толук сыпаттамасы, өтүнмөлөргө жана Кыргызстандын, ИМДУнун, ЕПВнын, ЕАПВнын, мурдагы СССРдин, Россиянын, АКШнын, ГФРдин, Япониянын, Улуу Британиянын, Франциянын, Швейцариянын, ЭЖКнын (СЭВ) мурдагы өлкөлөрүнүн патенттеринин толук сыпаттамалары;
- дүйнөнүн 40 өлкөсүнүн сигналдык-маалымат басылмалары: 30 жыл ичиндеги патенттик бюллетендердин, патенттик-маалыматтык котормо басылмалардын өлкөдөгү жалгыз түп нускалары жана көчүрмөлөрү;

- патенттик издөөнүн ар кандай түрлөрүн толук жана так өткөрүүгө жардам берүүчү маалымдагыч басылмалар;
- патенттик-укуктук жана усулдук адабияттар;
- коньюктуралык-коммерциялык басылмалар, патенттик статистика, ойлоп табуу жана патент иши боюнча мезгилдүү басылмалар;
- колдо болгон фондго картотека жана каталогдор түрүндө, анын ичинде автоматташкан режимдеги маалымдагыч-издөөчү аппарат.

МПФнын хронологиялык узактыгы – патентти колдонуу мөөнөтүнүн чегинде.

Фонддун тематикасы – эл аралык патенттик классификацияга (ЭПК) ылайык техника жана прикладдык илимдер боюнча универсалдуу.

Бардык сактагычтар (носителдер ) – кагаз, микроафишалар, микрофильмдер, CD-ROMдор.

МПФнын ресурстары окурмандарга төмөндөгүлөр боюнча жардам берет:

- түп тамырынан бери жаңы бардык техникалык жетишкендиктер жөнүндө билүүгө;
- пайдаланылган ойлоп табуулар жөнүндө маалымат табууга;
- өлкөлөр, темалар боюнча ойлоп табууларды, товардык белгилерди жана өнөр жай менчигинин башка түрлөрүн жарыялоо боюнча так статистика алууга;
- айрым авторлор менен фирмалардын ойлоп табуучулук жигердүүлүгүн, патенттердин ар кандай өлкөлөрдүн аймактарында колдонулушун аныктоого;
- ИМ чөйрөсүндөгү билим деңгээлин жогорулатууга.

МПТКнын башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрү:

- абонементтик тейлөө, окуу залдарынын тутуму, керектүү документтердин көчүрмөсүн алуу;
- ар кандай суроо-талаптар боюнча маалымдагыч-маалыматтык тейлөө, тематикалык топтомдорду, көрсөткүчтөрдү, адабияттардын тизмелерин түзүү;

– экономиканын артыкчылыктуу багыттары боюнча рефе ративдик жана кыскача маалыматтар;
– фактографиялык маалыматтарды берүү (даректер, баалар, продуктулар, кызмат көрсөтүүлөр );
– англис, кыргыз жана орус тилдеринде өлкөтаануу маалыматтары боюнча маалымат базаларынан пайдалануу;
– микросактагычтардагы документтерди сканирлөө жана көчүрмөлөө;
– келишим боюнча заказ кылынган адабияттарды жеткирүү, көчмө көргөзмөлөрдү уюштуруу, иштиктүү жана окуу семинарларына катышуу.

Китепкананын маалымдагыч-издөө аппараты китепкананын фондусуна түшүүчү адабияттар менен документтердин бардык түрлөрүн чагылдырат, жана ал алфавитке салынган, системалашкан, номерленген каталогдор жана картотекалар түрүндөгү тутум болуп саналат.

МПТК Интернет түйүнүнө туташтырылгандан кийин окурмандар түйүндүн маалымдагыч жана маалымат булактарына чыгууга, суроо-талап жасоого жана КМШ мамлекеттеринин китепканаларынан материал алууга мүмкүндүк алышты.

### 1.5. Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти коргоонун улуттук мыйзамдык базасы

Интеллектуалдык менчик тутумунун эң маанилүү компоненти болуп анын мыйзамдык базасы эсептелет. Азыркы кезде интеллектуалдык менчикти коргоонун улуттук мыйзамдык базасы негизинен калыптанды (1-табл.) жана өз ичине 14 мыйзамды камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин (150 жана 191-ст.), административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекстин (339–345-ст.) бир катар ченемдери ИМге укук бузуулар үчүн конкреттүү санкцияларды караштырат. ИМ укуктарын коргоонун кээ бир чек аралык өлчөмдөрү Бажы кодексинин бир катар беренелерине (28–31) киргизилген.

1-таблица

| №<br>к/н | Аталыштары | Күчүнө<br>кирген<br>күнү |
|---|---|---|
| 1 | Жарандык Кодекстин II бөлүгү, 5-бөлүмү «Интеллектуалдык менчик» | 01.03.1998 |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамы | 04.02.1998 |
| 3 | «Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 28.01.1998 |
| 4 | «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 23.01.1998 |
| 5 | «ЭЭМ үчүн программаларды жана маалымат базаларын укуктук коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 04.04.1998 |
| 6 | «Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 10.04.1998 |
| 7 | «Коммерциялык сыр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 10.04.1998 |
| 8 | «Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 26.06.1998 |
| 9 | «Монополиялык ишмердүүлүккө чек коюу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 15.04.1994 |
| 10 | «Кызматтык ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер жана өнөр жай үлгүлөрү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 13.08.1999 |
| 11 | «Фирмалык аталыштар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 31.12.1999 |
| 12 | «Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 28.02.2001 |
| 13 | «Жашыруун (секреттик) ойлоп табуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 31.03.2006 |
| 14 | «Салттык билимдерди коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы | 07.08.2007 |

2-таблица

| к/н № | Аталыштары | Кыргызстанда күчүнө кирген күнү |
|---|---|---|
| 1 | ИМДУну түзүүчү конвенция | 25.12.1991 |
| 2 | Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы | 25.12.1991 |
| 3 | Товардык белгилерди Эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу | 25.12.1991 |
| 4 | Патенттик Кооперация жөнүндө келишим | 25.12.1991 |
| 5 | Евразиялык патенттик конвенция | 13.01.1996 |
| 6 | Белгилерди каттоо үчүн товарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эл аралык классификациялоо жөнүндө (МКТУ) Ницца макулдашуусу | 10.12.1998 |
| 7 | Өнөр жай үлгүлөрүн эл аралык классификациялоо жөнундө Локарн макулдашуусу | 10.12.1998 |
| 8 | Белгилердин сүрөт элементтерин эл аралык классификациялоо жөнүндө Вена макулдашуусу | 10.12.1998 |
| 9 | Бүткүлдүйнөлүксоодауюмун(БСУ)уюштуруучу Маракеш макулдашуусу, тиркеме 1С: Интеллектуалдык менчиктин укуктарынын соода аспектилери боюнча макулдашуусу (ТРИПС) | 20.12.1998 |
| 10 | Эл аралык патенттик классификациялоо жөнүндө (ЭПК) Страсбург макулдашуусу | 10.09.1999 |
| 11 | ИМДУнун автордук укук боюнча келишими (АУК) | 06.03.2002 |
| 12 | Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы | 08.07.1999 |
| 13 | Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча Эл аралык конвенция (УПОВ) | 26.06.2000 |
| 14 | Патенттик укук жөнүндө келишим (PLT) | 26.11.2001 |
| 15 | Фонограмма чыгаруучулардын кызыкчылыктарын алардын фонограммаларын мыйзамсыз кайталап чыгаруудан коргоо жөнүндө Женева конвенциясы | 12.10.2002 |

| | | |
|---|---|---|
| 16 | Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМДУнун келишими (ДИФ) | 20.05.2002 |
| 17 | Товардык белгилер боюнча мыйзамдар жөнүндө келишим (TLT) | 15.08.2002 |
| 18 | Өнөр жай үлгүлөрүн эл аралык депонирлөө жөнүндө Гаага макулдашуусу | 17.05.2003 |
| 19 | Патенттик жол-жоболордун максаттары үчүн микроорганизмдерди депонирлөөнү эл аралык таануу жөнүндө Будапешт келишими | 17.05.2003 |
| 20 | Аткаруучулардын, фонограмма чыгаруучулардын жана берүүчү мекемелердин укуктарын коргоо жөнүндө Эл аралык конвенция (Рим конвенциясы) | 17.05.2003 |
| 21 | Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндөгү Мадрид келишимине протокол | 17.06.2004 |
| 22 | Олимпиадалык символду коргоо жөнүндөгү Найроби келишими | 11.05.2004 |
| 23 | Товардык белгилер жөнүндөгү мыйзамдар тууралуу Сингапур келишими | 16.03.2009 |

Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоонун жарандык-укуктук өлчөмдөрү КР ЖКнын ылайыктуу беренелеринде (11-б.) жана атайын мыйзамдарда караштырылган.

Интеллектуалдык менчиктин конкреттүү областары боюнча укуктук мамилелердин механизмдерин аныктоочу ар кандай жоболор жана эрежелер түрүндөгү ылайыктуу мыйзамга караштуу ченемдик-укуктук база (токтомдор, жоболор, эрежелер жана нускамалар) иштелип чыккан жана колдонууга киргизилген.

Эл аралык кызматташтык тармагында Кыргызпатент ИМДУ менен тыгыз кызматташтыкты алып барууда. Кыргызстан 1994-жылдан бери анын мүчөсү болуп эсептелүү менен, ИМДУ тарабынан администрацияланууучу 21 келишимге кошулду.

Бардыгы болуп Кыргызстан ИМ тармагындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген эл аралык 23 келишимге кошулду (2-табл.).

Эл аралык келишимдердин эң маанилүүлөрү болуп булар эсептелет: өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы (1883-ж.), адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы (1886-ж.), ошондой эле БСУнун алкагында кабыл алынган Интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери боюнча Макулдашуу (ТРИПС Макулдашуусу).

**1-баптын атайын адабияты**


1. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

2. *Блинников В.И., Дубровская В.В., Сергиевский В.В.* Патент: от идеи до прибыли. – М.: Мир, 2002. – 333 с.

3. *Боденхаузен Г.* Парижская конвенция по охране промышленной собственности: Коммент. – М.: Прогресс, 1977. – 107 с.

4. Всемирная организация интеллектуальной собственности (ВОИС). Основная информация. – Женева: ВОИС, 1996. – 42 с.

5. *Гарри Ф.* Речь по случаю вступления в должность генерального директора 22 сентября 2008 г. – Женева: ВОИС/ www.wipo.int, 24.09.2008. – 5 с.

6. Евразийское патентное право: комментарий и нормативные правовые акты/Авт. коммент. и сост.: А.Н. Григорьев, В.И. Еременко. – М.: ИНИЦ «ПАТЕНТ», 2012. – 520 с.

7. Европейский парламент принял Соглашение о едином патенте/ http://www.agepi.md/ru/news/detail.php .... 18/12/2012. – 2 с.

8. *Еременко В.И.* Законодательство о пресечении недобросовестной конкуренции в зарубежных странах. – М.: ВНИИПИ, 1997. – 180 с.

9. *Еременко В.И.* Содержание и природа исключительных прав (интеллектуальной собственности) // Интеллектуальная собственность. – 2000. – № 4. – С. 41–53.

10. *Зотин С.В.* Соглашение ТРИПС: история и положения об обеспечении защиты прав // Вестник Кыргызпатента:

вопросы интеллектуальной собственности.– 2000. – № 1. – С. 32–36.

11. *Идрис К.* Интеллектуальная собственность – мощный инструмент экономического роста/Пер. с англ. – М.: Роспатент, 2004. – 450 с.

12. *Карпухина С.И.* Защита интеллектуальной собственности и патентоведение. – М.: Центр экономики и маркетинга, 2002. – 352 с.

13. *Каудыров Т.Э., Фаизов Э.* Патентное право: Сборник нормативно-правовых актов. – Алматы: Жети жаргы, 1996. – 304 с.

14. *Колесников А.П.* Изобретательство и патентное дело: Важнейшие события и факты в истории отечественного изобретательства за 50 лет (1955–2005 гг.) – М.: ФГУ ФИПС, 2005. – 192 с.

15. *Корчагин А.Д., Талянский В.Б., Полищук Е.П. и др.* Как защитить интеллектуальную собственность в России. Правовое и экономическое регулирование. Справочное пособие/Под ред. А.Д. Корчагина. – М.: ИНФРА, 1995. – 46 с.

16. *Лынник Н.В., Кукушкин А.Г., Подшибихин Л.И.* Интеллектуальная собственность и нематериальные активы: Справочно-методическое пособие. – М.: Информационно-издательский центр, 1998.

17. *Матели П.* Новое французское законодательство по товарным знакам/Пер. с франц. А.Д. Корчагина. – Душанбе: НПИЦентр, 1998. – Т. 1–3. – 154, 166, 149 с.

18. *Мухопад В.И.* Интеллектуальная собственность. – М.: ТЕИС, 1996. – 216 с.

19. *Оморов Р.О.* Система промышленной собственности (патентная система) Кыргызстана // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1998. – № 1. – С.82–93.

20. *Оморов Р.О.* Проблемы охраны промышленной собственности в странах СНГ: Роль МГС ОПС // Официальный бюллетень Межгосударственного совета по вопросам охраны

промышленной собственности. – Бишкек: Кыргызпатент. – 2004. – № 2(5). – С.21–27.

21. *Оморов Р.О.* О развитии системы интеллектуальной собственности в Кыргызской Республике // Официальный бюллетень Межгосударственного совета по вопросам охраны промышленной собственности. – Бишкек: Кыргызпатент. – 2006. – № 3(6). – С. 54–61.

22. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность: Учебное пособие для вузов / Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. –127 с.

23. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.

24. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М., Саргалдакова Ж.З.* Право интеллектуальной собственности в схемах: Учебник / Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2004. – 156 с.

25. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова, – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

26. *Оморов Р.О., Косаков С.К., Роман А.* Развитие системы и законодательных основ охраны прав интеллектуальной собственности в Кыргызстане // Сб. Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. Выпуск 11. Институт философии и политико-правовых исследований НАН КР. – Бишкек: 2010. – С. 443–450 .

27. *Светланов А.Г.* Современные тенденции развития законодательства об интеллектуальной собственности // Вестник Российской академии наук. – 2005. – Т.75. – №9. – С. 808–815.

28. Сергеев А.П. Патентное право: Учебное пособие. – М.: БЕК, 1994. – 173 с.

29. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

30. *Тыцкая Г.И., Мамиофа И.Э., Мотылева В.Н.* Правовая охрана товарных знаков, фирменных наименований, указаний и наименований мест происхождения товаров в капиталистических странах. – М.: ВНИИПИ, 1985. – С. 3–51.

31. *Фейгельсон В.М.* Интеллектуальная собственность, недобросовестная конкуренция и ноу-хау. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1999. – 237 с.

32. *Шабанов Р.Б.* Российское законодательство: Способы борьбы с контрафактом // Патенты и лицензии. – 2005. – № 9. – С. 29–37.

33. *Шестемиров А.А.* Промышленные образцы: Учебное пособие. – М.: ВИПСИ, 1995. – 397 с.

34. Шестьдесят лет изобретательства в СССР. – М.: ЦНИИПИ, 1979. – 93 с.

35. *Шурыгин С.Н.* Борьба с интеллектуальной контрабандой: таможня дает добро // Патенты и лицензии. – 1997. – № 11. – С. 37–39.

# 2-БАП. ОЙЛОП ТАБУУЛАР, ПАЙДАЛУУ МОДЕЛДЕР, ӨНӨР ЖАЙ ҮЛГҮЛӨРҮ

## 2.1. Ойлоп табуу түшүнүгү

Техникалык прогресстин жана рыноктук мамилелердин өсүшү жаңы техникалык чечимдерди – ойлоп табууларды жаратуу тармагында чыгармачылык ишмердүүлүктүн дүркүрөп өнүгүүсүн шарттайт.

Ойлоп табуу адам жараткан интеллектуалдык менчик объектилеринин эң биринчилеринен болуп эсептелет. Анын тарыхы балким, алгачкы адам өзүнүн биринчи эмгек шаймандарын ойлоп таба баштаган мезгилден башталса керек. Ошол мезгилден бери ойлоп табуу – адам менен коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн эң ар түрдүү техникалык жаратууларды, өркүндөтүүлөрдү түзүүдөгү адамдык чыгармачыл ишмердүүлүктүн башкы өбөлгөсү. Так ушундай ишмердүүлүк кайталангыстыгы жана оригиналдуулугу менен айырмаланып турган жаңы билимдерди жаратат.

Тарых техникалык прогресстин өнүгүшүнүн жаңы деңгээлинин башталыш мезгили болуп эсептелген пионердик деп аталуучу «улуу ойлоп табууларды» билет. Аны менен бирге жаратуулардын басымдуу бөлүгү алардын элементтик базасын пайдалануу менен өркүндөтүлгөн жана өнүккөн улуу ойлоп табууларга негизделген.

Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү өз мыйзамдарында “ойлоп табуу” түшүнүгүн аныктоону камтыбайт. Адабияттын көпчүлүк бөлүгүндө ойлоп табуу маселенин чыгармачыл техникалык чечими катары, жаңы жана эски формалардын, ыкмалардын, талаптардын ж.б. ортосундагы карама-каршылыктардын техникалык чечими катары аныкталат.

Коом алдында бул маселе дагы эле ачык турат – кыйла маанилүү техникалык чечимдерди бөлүп көрсөтүү жана аларга укуктук коргоо берүү керек. «Ойлоп табууну» «ойлоп табуу эместен» ажыратууга караганда, канчалык «патентке жарамдуу ойлоп табуу» экендигин, б.а. укуктук коргоо чөйрөсүнө түшкөн чечимди «патентке жарамдуу эместен» ажыратуу маанилүү.

Мындай ыкма 1998-жылдын 4-февралынан күчүнө киргизилип, 2003-жылдын 27-февралында өзгөртүүлөр киргизилген Кыргыз Республикасынын Патент мыйзамы (мындан ары – Патент мыйзамында) так көзөмөлгө алынат. Анда – эгерде ойлоп табуу белгилүү шарттарга туура келсе, т.а. жаңы деп эсептелип, ойлоп табуучулук деңгээли жана өнөр жайда колдонууга мүмкүн болсо, укуктук коргоо берилери бекемделген, б.а. ар бир ойлоп табуу укуктук коргоо ала тургандыгы Патент мыйзамында белгиленген.

Патентке жарамдуулуктун биринчи шартына ылайык, эгерде ойлоп табуу техника деңгээлиндегилердин ичинен белгисиз болсо, ал жаңы болуп эсептелет. Бул талап мурда коомго белгилүү болгон техникалык чечимдерди коргоого патент берүүнү болтурбоо максатында киргизилген.

Патентке жарамдуулуктун экинчи шарты, эгерде ойлоп табуу ачык түрдө техникалык деңгээлден келип чыкпаса, ал ойлоп табуучулук деңгээлге ээ болот. Бул ойлоп табуу коюлган маселенин жаңы чечимин гана камтыбастан аны ойлоп табуу үчүн бир кыйла чыгармачыл күчтөрдү талап кылуучу, сапаты жагынан жаңы болушу керек. Ойлоп табуунун жаңылыгына маанисиз майда оңдоолордун эсебинен жетишпестен же, мисалы, конструкциянын түзүлүшүнүн элементтерин кадимки орун алмаштыруу аркылуу жетишпестен, сапаттуу өзгөртүүлөрдүн эсебинен жетишүү керек.

Патентке жарамдуулуктун үчүнчү шарты – ойлоп табуунун өнөр жайлык колдонулуучулугу, эгерде аны өнөр жайда, айыл чарбасында, саламаттыкты сактоодо жана адамдык ишмердүүлүктүн башка тармактарында пайдаланууга мүмкүн

болсо, б.а. теориялык жактан мүмкүн болбостон, практикалык жактан жүзөгө аша турган болсо мындай ойлоп табуу патентке жарамдуу деп таанылат.

Патент мыйзамы тарабынан ***«Ойлоп табуунун объектилери болуп, түзүлүш, ыкма, зат, микроорганизмдин штаммы, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын клеткаларын өндүрүү, ошондой эле мурда белгилүү түзүлүштү, затты, ыкманы, штаммды жаңы арналыш боюнча колдонуулар эсептелинет»*** деп аныкталган.

Билимдин, техниканын деңгээлинин үзгүлтүксүз өнүгүүсүнө байланыштуу ойлоп табуу объектилеринин жогоруда көрсөтүлгөн тизмесин улам жаңы объектилердин тизмеси менен толуктап туруу зарылчылыгына алып келет. Ушуга байланыштуу Патенттик мыйзамдын тизмеси, ойлоп табуунун аталган тизмеге кошумча объектилери ***«техника менен технологиянын бардык тармактарындагы бардык башка жаңы жетишкендиктер боло алышат»*** деп билдирет.

Ошону менен бирге Патент мыйзамы белгилүү бир объектилерди ойлоп табуу катарында коргоого мүмкүн эместигин көрсөтө тургандыгын белгилөөсү керек. Ошентип, Патент мыйзамына ылайык укуктук коргоо төмөндөгүлөргө берилбейт:

- илимий теорияларга жана математикалык ыкмаларга;
- чарбаны уюштуруу жана башкаруу ыкмаларына;
- шарттуу белгилерге, расписаниелерге, эрежелерге;
- акыл операцияларын аткаруу ыкмаларына;
- алгоритмдерге жана алар сыяктуу ЭЭМдер үчүн программаларга;
- жасалгалардын, имараттардын, аймактардын пландарынын долбоорлоруна жана схемаларына;
- эстетикалык суроо-талаптарды канааттандырууга багытталган, буюмдардын сырткы көрүнүшүнө гана тиешелүү чечимдерге;
- интегралдык микросхемалардын топологияларына;
- өсүмдүктөрдүн сортторуна жана жаныбарлардын породаларына;

– коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулук принциптерине жана моралга карама-каршы келүүчү чечимдерге.

Муну менен Патент мыйзамы эгерде ойлоп табуунун курамында алгоритмдер жана эсептөө машиналары үчүн программалар болсо жана алар ойлоп табуунун бир бөлүгү болуп эсептелсе, мындай жагдай ойлоп табуунун патентке жарамдуу-лугуна таасир этүүчү жагдай катары таанылбай тургандыгын эскертет.

Аталган объектилердин бир бөлүгү атайын мыйзамдар менен корголот, мисалы, ЭЭМдердин программалары, интегралдык микросхемалардын топологиялары, селекциялык жетишкендиктер – өсүмдүктөрдүн сорттору жана жаныбарлардын породалары.

### *Түзүлүш – ойлоп табуунун объектиси катарында*

Ойлоп табуунун объектиси катарындагы түзүлүштөргө конструкциялар жана буюмдар таандык – булар, машиналар, приборлор, аппараттар, жабдуулар, шаймандар, кап, жащик сыяктуу идиштер (тара), транспорт каражаттары, тирөөч буюмдары, машиналардын деталдары, байланыш каражаттары, курулуш конструкциялары, имараттар, жасалгалар, имараттардын бөлүктөрү ж.б.

Түзүлүштү мүнөздөө үчүн төмөндөгүдөй белгилер пайдаланылат:

– конструктивдүү элементтердин бар болуусу;
– элементтердин ортосунда байланыштын болуусу;
– элементтердин өз-ара жайгашуусу;
– элементтерди аткаруу формасы;
– элементтердин ортосундагы байланыштарды аткаруу формасы;
– элементтердин параметрлери, мүнөздөмөлөрү;
– элементтер жасалган материал ж.б.

Белгилүү бир өлчөмдө бири-бири менен өз-ара байланышкан конструктивдүү элементтердин жыйындысын пайдалануунун мисалы болуп төмөнкү ойлоп табуу кызмат кылышы мүмкүн: «Электр кыймылдаткыч, тирөөчтүн жардамы менен

жылып жүрүүчү платформага бекитилген, бычактын кыймылын кайра ордуна алып келүүнү камсыз кылуучу, машинанын валын айланта турган рычагы бар жылып жүрүүчү механизмди ичине камтыган, бычуучу машина, мунусу менен айырмаланат: ал бычуучу машинанын механизмин электр кыймылдаткычтан бөлүү үчүн ийкемдүү вал менен жабдылган» (авторлор: Мамасаидов М. Т. ж.б., 2002-ж.).

Элементтерди аткаруу формаларынын жана аларды жайгаштыруунун белгилери да бул объектиде пайдаланылган: «Өз ичине бурчуктуу таяныч капкагын, шинди, тирөөч элементтерин жана ашташкан бекиткичтерди камтыган транспорттук каражаттардын дөңгөлөгү, ал мунусу менен айырмаланат: дөңгөлөктүн каптамасы (покрышка) эки дөнгөлөк түрүндө жасалып, алардын ортосунда четтерине таканчыктаткан жалпак темир түрүндөгү шоола сымал тосмолор орнотулган, ал эми пневматикалык камера покрышканын ички шакекчеси менен тирөөч алкагынын ортосунда орнотулган» (авторлор: Бектенов М.О. ж.б., 2002-ж.).

Элемент жасалган материалды мүнөздөөчү белгилерди пайдалануу мисалы катары төмөнкү ойлоп табууну келтирүүгө болот: «Жогорку салыштырмалуу электр каршылыгы бар металлдан жасалган ток өткөрүүчү зымды ичине камтыган ийилчээк жылыткыч зым, мисалы нихромдон жасалган изоляцияланган катмар жана поливинилхлориддик пластинкадан жасалган кабыкча мунусу менен айырмаланат: изоляцияланган катмар төмөнкү басымдагы полиэтиленден жасалган» (автор: Притула С.В., 1999-ж.).

***Ыкма – ойлоп табуунун объектиси катарында***

Ыкма – ойлоп табуунун объектиси катарында болсо, материалдык объектинин үстүндө өз ара аракеттерди аткаруу процесси жүрөт. Ыкманы мүнөздөө үчүн төмөндөгү белгилер пайдаланылат:

- аракеттин болушу же аракеттердин жыйындысынын болушу;

– мындай аракеттердин убакыттагы аткарылыш тартиби (ирети менен, бир мезгилде, ар кандай айкалыштарда);
– аракеттерди ишке ашыруунун режими, шарттары ж.б.у.с.

Ыкманы ойлоп табуунун объектиси катарында мүнөздөө үчүн аталган белгилерди пайдаланууну мындай мисалдар менен сүрөттөөгө болот.

Аракеттердин жыйындысы жана аларды аткаруунун тартиби бул ойлоп табууда бар: «Кымызды консервалоо –муздатууну, герметикалык куюп бекитүүнү жана сактоону караштырып, мунусу менен айырмаланат: муздатуу продукт муз болуп тоңгонго чейин жүргүзүлөт, ортолорунда аба камералары түзүлгөн бир же андан көп катмарлардагы вакуумдук чөйрөдө идишке куюшат, ал эми сактоону муздатылган түрүндө жүргүзүшөт» (авторлор: Тыналиев Ш.С. ж.б., 2002-ж.).

Аракеттерди сыпаттоонун мындай тартиби медицина тармагындагы ойлоп табууларда көп колдонулат, мисалы, «Аденомэктомиядан кийинки гемостаз ыкмасы, сийдик түтүгүнүн айланасындагы хирургиялык жаракатка тигиш салууну, жиптен бүчүлүк жасоону камтып, мунусу менен айырмаланат: сийдик түтүгүнүн капталына тигиш салуунун алдында, жиптин бир учу бүчүлүккө карматылат, сийдик түтүгүн тегерете хирургиялык жаракатка тарттырылган тигиш салынат, жиптин экинчи учун бүчүлүккө илип жана жипти тартканда экинчи учу алкакка карматылат» (авторлор: Абдырасилов А.Д. ж.б., 2002-ж.).

Баштапкы чийки затты (сырьену) пайдалануу режимин камтуучу аракеттерди ишке ашыруунун шарттары бул ойлоп табууда бар: «мөмөлөрдү сорттоону, жууну, кургатууну, пресстөөнү жана идишке куюуну ишке ашыруу мөмө-жемиш продуктусун алуу ыкмасы мунусу менен айырмаланат: мөмөлөрдү кургатууда нымдуулуктун кармалышынын массалык үлүшүн 18-25%-ге жеткиришет, ал эми идишке куюуну 0,02 кгс/см$^2$ суюлтууда вакуумдук камерада аткарышат» (авторлор: Мамыров У.И. ж.б.).

Жабдуулардын ыңгайлашуусун, атап айтканда магнит талаасын пайдалануу, бул ыкмада бар: «Майдаланган руда (кен) массасынан магниттик эмес металлдарды жана металлдуу минералдарды алуу ыкмасы мунусу менен айырмаланат: магниттик эмес металлдар жана металлдуу бөлүкчөлөр рудадан күчтүү импульстагы магниттик талаа аркылуу алынат» (авторлор: Цой В.Ч., ж.б. 2002-ж.).

### *Зат – ойлоп табуунун объектисикатарында*

Заттар – булар химиялык бирикмелерди, кошулмаларды, аралашмаларды, ядролук айлануу продуктуларын камтыган өзүнүн сапаттуу кошулмалары менен мүнөздөлүүчү объектилер. Буларга жогорку молекулярдык биригүүлөр жана гендик инженериянын продуктулары да кирет.

Химиялык эмес, б.а. жөнөкөй аралаштыруу жолу менен алынган заттар (кошулмалар, аралашмалар) структуралык композициянын ингредиенттеринин сапаттык жана сандык курамы менен мүнөздөлөт. Мисалы мындай: «Сывороткалык белоктордон жана толтургучтардын концентратынан турган сывороткалуу-белок пастасы мунусу менен айырмаланат: толтургучтар катарында жеңил өздөштүрүлүүчү темирдин булагы, йод, бир нече каныкпаган май кислоталары, даяр продуктуга полифункционалдык касиеттерди берүүчү башка бирикмелер пайдаланылат» (автор: Баткибекова М.Б., 2003-ж.).

Аныкталбаган структурадагы жеке (индивидуалдык) кошулмаларды мүнөздөө үчүн алардын физикалык-химиялык мүнөздөмөлөрүн пайдаланууга болот. Мисалы: «Жеңил эригич чопону, майдаланган шлакты, гидрофлогопитти камтыган зор өлчөмдөгү керамиканы даярдоо үчүн масса мунусу менен айырмаланат: ал массалардын компоненттеринин төмөндөгүдөй катышы (%) менен 0,63-2,5 мм майдаланган шлак фракциясын ичине камтыйт:

жеңил эригич чопо – 34-18
майдаланган шлак – 64-72
гидрофлогопит – 2-10»

(авторлор: Мавлянов А.С., ж.б., 2002-ж.).

Ядролук айлануу жолу менен алынган заттарды мүнөздөө үчүн – атап айтканда, төмөнкү белгилер пайдаланылат:

- сапаттык курамы (изотоп же элементтин изотоптору), сандык курамы (протондордун жана нейтрондордун саны);
- негизги ядролук мүнөздөмөлөр: жарым-жартылай бөлүнүү мезгили, нурлануунун тиби жана кубаты (радиоактивдүү изотоптор үчүн).

***Штамм – ойлоп табуунун объектиси катарында***

Микроорганизмдин штаммы – спецификалык белгилери боюнча тандамал менен сакталуучу бактериялардын, вирустардын, грибоктордун ж.б. тукум куучулук бир тектүү өсүп-өнүгүүсү, колдонууда продукту катары пайдалуу же башка пайдалуу касиеттери бар заттар.

Штаммга ойлоп табуунун объектиси катарында микроорганизмдердин жеке штаммдары, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын клеткаларынын өсүп-өнүгүшү жана алардын консорциумдары таандык.

Мисалдар:

Жашылча жана техникалык өсүмдүктөрдүн тамырларындагы чириктерге каршы каражатты алуу үчүн Trichoderma lingnorum Т-781 грибдин штаммы (автор: Дөөлөткелдиева Т.Д., 2001-ж.).

Ири мүйүздүү малдын жугуштуу ринотрахеитине каршы активдүүлүгү басаңдатылган вакцинаны жана диагностоочу каражатты алуу үчүн пайдаланылуучу Herpesvirus Bovis 1 БГР-98 вирусунун штаммы (автор: Нургазиев Р.З., 2000-ж).

Ийне жалбырактуу себилме породалардын жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өсүшүнө өбөлгө түзүүчү жана алардын грибоктук ооруларга чыдамкайлыгын урукту себээр алдында иштетүү жолу менен жогорулатуучу каражат катарындагы Streptomyces fragilis Б1-18 актиномицет штаммы (автор: Дөөлөткелдиева Т.Д., 2002-ж.).

***Мурда белгилүү түзүлүштү, ыкманы, затты, штаммды жаңы арналыш боюнча ойлоп табуунун объектиси катары колдонуу***

Мурда белгилүү түзүлүштү, ыкманы, затты, штаммды жаңы арналыш боюнча ойлоп табуунун объектиси катары колдонууга аны башка арналыш менен пайдалануу кирет.

Кадимки ойлоп табуудан айырмаланып «колдонуу үчүн» ойлоп табуулар аны башка арналыш боюнча пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү мурда белгилүү объектинин жаңы касиеттерин, мүмкүнчүлүктөрүн табууну көздөйт. Мисалы: ойлоп табуучу аныктаган структуралык формула, кристаллдык структура ж.б. сыяктуу белгилери менен мүнөздөлүүчү жаңы боёчу затты синтездеди. Кийинчерээк башка ойлоп табуучу ушул эле боёчу заттын мурда белгисиз болгон жаңы: зыяндуу микробдорду (стрептококкторду) өлтүрө турган касиетин тапты жана ошондуктан белгилүү боёчу затты жаңы арналыш боюнча кызыл стрептоцид деп аталган медициналык каражат катары пайдаланууга сунуштады. Боёчу зат аны жаңы арналыш боюнча пайдалануудан мурда эч кандай кайра өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес, анын бардык мурдагы белгилери өзгөрүүсүз калды, жана эми анын белгилүү белгилеринин бардык комплекси мурда андан алынбаган техникалык натыйжаны алуу үчүн каражат катары кызмат кылат деп белгиледи.

### 2.2. Ойлоп табуунун патентке жарамдуулук шарттары

Патент мыйзамында эгерде ойлоп табуу белгилүү бир шарттарга ылайык келсе, тактап айтканда жаңы болуп эсептелсе, ойлоп табуучулук деңгээли болсо жана өнөр жайында колдонула турган болсо, анда ага укуктук коргоо бериле тургандыгы белгиленген.

***Ойлоп табуунун жаңылыгы***

Патент мыйзамына ылайык ***эгерде ал техника деңгээлинде мурда белгисиз болсо, ойлоп табуу жаңы деп таанылат.*** Бул

шарттын киргизилиши мурда коомго белгилүү болгон техникалык чечимдерге патент берүүнү болтурбоого багытталган. «Коомго белгилүү» деген түшүнүк Патент мыйзамына ылайык өз ичине ойлоп табуунун артыкчылык алган күнүнө чейин дүйнөдө жалпыга тиешелүү болуп калган бардык маалыматтарды камтыган «техникалык деңгээл» дегенди билдирет.

«Дүйнөдө жалпыга белгилүү маалыматтар» терминин колдонуу, Кыргызстанда ойлоп табууга дүйнөлүк жаңылыктын талаптары коюлат дегенди билдирет, б.а. ойлоп табуунун жаңылыгы мындай маалыматтын булагына карабастан дүйнөнүн бардык бөлүгүндө бардык каражаттар аркылуу жалпыга белгилүү болуп калган бардык мурдагы маалыматтар менен жаманатты болуп калуусу мүмкүн.

Тигил же бул маалыматтарды жалпыга белгилүү деп эсептөө үчүн, мыйзамдуу түрдө алар менен бардык каалагандар тааныша ала тургандай болуп көрсөтүлүшү керек дегенди билдирүүчү «мыйзам каражаттары менен» деген терминге көңүл буруу маанилүү. Муну менен жашыруун түрдө кызматтык милдеттерди аткарууда алынган жашыруун, ишке байланыштуу маалыматтар же, жеке кат алышуулар жалпыга белгилүү маалыматтарга кирбейт.

Ойлоп табуу жөнүндө маалыматтар ар кандай жолдор менен жалпыга белгилүү болуп кала алат: журналга жарыялоо, экспонатты көргөзмөгө коюу, оозеки чыгып сүйлөө, пайдалануу ж.б. жолдор менен.

Ойлоп табуунун жаңы экендигин аныктоо үчүн маалыматтар кайсы учурдан баштап жалпыга белгилүү болуп калгандыгын так аныктоо керек. Ойлоп табуулар боюнча эрежелер маалыматтардын жалпыга белгилүү болуу мүмкүнчүлүгүн аныктоочу күндү белгилейт. Атап айтканда басылмалардын, депонирленүүчү материалдардын, ИИЖ, ТКЖ жөнүндө отчеттордун, диссертациялардын, докладдардын, лекциялардын, билдирүүлөрдүн ж.б. жарыяланган күндөрү.


«Маалыматтардын жалпыга белгилүүлүгүн» баалоодо Патент мыйзамы, ойлоп табуучунун өзүнөн, арыз берүүчүдөн

же, бардык башка адамдардан түз же кыйыр түрдө алынган ошол ойлоп табууга тиешелүү болгон маалыматтын ачылышы, эгерде ойлоп табуунун маңызы жөнүндө маалымат жалпыга белгилүү болуп калса, эгерде өтүнмө Кыргызпатентке маалымат ачылган күндөн тартып 12 айдан кеч эмес берилсе, ойлоп табуунун жаңылыгын жаманатты кыла албай тургандыгын белгилөө менен ойлоп табуучу үчүн аныкталган жеңилдикти караштырат.

### *Ойлоп табуунун жаңылыгын текшерүү*

Билдирилген техникалык чечимдин жаңылыгын текшерүү болжонгон ойлоп табууну түзүүчү маанилүү белгилердин бардык жыйындысына тиешелүүлүгү боюнча жүргүзүлөт.

Эгерде көрсөтүлүп жаткан формуланын көз карандысыз пунктунда табылган техникалык деңгээлинин чечиминдеги бардык белгилер билдирилген ойлоп табуудагы ошол эле арналыштагы белгилер менен окшош болсо, анда анын техника-




4-схема.

лык деңгээли жаңылыктын шарттарына ылайык келбейт деп таанылат.

Техникалык деңгээлди изилдөө процессинде ойлоп табуунун аналогдорун (окшошторун) табышат, б.а. талданып жаткан ойлоп табуунун ошол эле арналыш каражаттарын табышат. Табылган аналагдордун ичинен ойлоп табуунун «прототиби» деп аталуучу белгилердин жыйындысы боюнча ойлоп табууга кыйла жакынырaагын тандашат.

Андан кийин ойлоп табуунун маанилүү белгилери менен табылган «прототипти» салыштырып чыгышат.

Белгилер окшош чыгып калса, ойлоп табуу жаңы деп эсептелбейт, алардын айырмачылыктары бар экендиги белгиленсе, ойлоп табуу андан ары «ойлоп табуучулук деңгээлин» аныктоо боюнча экспертизага дуушар болот. Төмөндө ойлоп табуунун жаңылыгын текшерүү процессинин алгоритми келтирилди (4-схема).

***Ойлоп табуунун ойлоп табуучулук деңгээли***

Техникалык жаңылыктар дегеле бардык жаңылыктар сыяктуу эле ар түрдүү чыгармачылык деңгээлде болушат, жана «ойлоп табуучулук денгээлдин» шарты алардын жалпы массасынын ичинен кыйла жогорку деңгээлдеги техникалык жаңылыкты бөлүп көрсөтүү үчүн кызмат кылат.

Патент мыйзамы ***эгерде ойлоп табуу ачыктан ачык техникалык деңгээлден келип чыкпаса, анын техникалык деңгээли бар болуп эсептелет*** деп аныктайт. Бул, ойлоп табуу коюлган маселенин жаңы чечимин гана кармап турбастан, ал чечим аны издеп табуу үчүн маанилүү чыгармачылык күчтү талап кылуучу жаңы чечим болушу керек экендигин билдирет. Ойлоп табуунун жаңылыгы маанисиз майда оңдоолордон же, мисалы, түзүлүштүн конструкцияларынын элементтерин кадимки орун алмаштыруусунун эсебинен эмес, сапаттуу өзгөрүүлөрдүн киргизилишинин эсебинен жетишилүүсү керек.

Ойлоп табуучулук деңгээлдин бар экендигин текшерүү билдирилген ойлоп табуу менен анын мурдагы белгилүү ана-

логдорунун жалпы мүнөздөрүн табууга негизделет. Бул үчүн билдирилген ойлоп табуунун кыйла жакын аналогу аныкталат, андан кийин көрсөтүлгөн аналогдон анын айырмасы боюнча белгилери табылат. Бул этаптагы аракеттердин алгоритми «жаңылыкка» текшерүү жүргүзүүдөгү аракеттерге окшош.

Андан ары ар бир айырмалоочу белги техника деңгээлиндеги мурда белгилүүлүк предметине изилденет, б.а. техника деңгээлинин ичинен каралып жаткан ойлоп табуунун айырмалоочу белгилерине дал келүүчү белгилердин бар экендиги такталат, жана билдирилген ойлоп табуу табылган чечимден айырмалана тургандыгы аныкталат.

Ойлоп табуу деңгээлин текшерүү учурунда эки абал болот.

Биринчиси – техника деңгээлинен белгилердин табылышы, б.а. өзүнүн ойлоп табуусунда пайдалануу үчүн ойлоп табуучу тарабынан атайын түзүлгөн жаңы белгилер болуп эсептелинет. Бул талаптарга жооп берүүчү категорияларга пионердик ойлоп табуулар кирет, мисалы, алмаздарды синтездөөнүн алгачкы жаратылган ыкмалары жана аны ишке ашыруу үчүн түзүлүш. Ушул эле категорияга аларды функциялаштыруунун жаңы принциптерине негизделген ойлоп табуулар кирет, мисалы, аба жаздыгында биринчи түзүлгөн каражаттар же суу алдындагы канаттарга судалар.

Экинчиси – техника деңгээлинен билдирилген ойлоп табууда айырмалоочу деп аталган төмөнкү белгилер жөнүндө маалыматтын табылышы:

- эгерде бул маалыматтан бул белгилердин ойлоп табууда көрсөтүлгөн техникалык натыйжага жетишүүгө тийгизген таасири табылса, ойлоп табуу ойлоп табуу деңгээлине жооп бербейт деген корутунду чыгарылат;
- эгерде табылган маалыматта бул техникалык натыйжа жөнүндө маалымат жок болсо, жана андан мындай натыйжага жетүүгө билдирилген ойлоп табуунун айырмалоочу белгилеринин таасири табылбаса, ойлоп табуу ойлоп табуу деңгээлине жооп берет.

### *Ойлоп табуулардын ойлоп табуу деңгээлинин шартына ылайык келүүсүн баалоонун мисалдары*

Немец инженери Рудольф Дизель ичинен күйүүчү кыймылдаткычтын цилиндрине аба менен бензиндин буусунун аралашмасын эмес, андан кийин аба менен бензиндин буусунун аралашмасынын кысылышына караганда поршен менен чоң басымга чейин кысыла турган таза абаны гана берүүнү сунуштаган, анткени мындай учурда жарылуудан коркпоого болот. Андан кийин кысуудан ысыган аба оор күйүүчү майга чачырап дүрт этип күйө тургандай болуусу керек. Жаңы белгинин техникалык натыйжасы – цилиндрге таза абаны берүү кыймылдаткычтын пайдалуу аракетинин коэффициентин жогорулатууда турат. Бул жерде техникалык натыйжаны алуу үчүн жаңы каражат катары мурда белгисиз болгон жаңы белги чыгат.

Адамдарды же жүктөрдү учуучу аппараттан түшүрүүчү парашют төмөндөгүдөй конструктивдүү белгилери менен мүнөздөлгөн: четтерине түшүрө турган нерсени илүү үчүн түзүлүшкө бекитилүүчү аркандар туташтырылган кездемеден жасалган купол. Парашютту түшүрүүдө анын куполунун алдында абанын басымы жогорулап, куполго таасир этүү менен түшүрүүнү каалаган өлчөмгө чейин азайтат. Бирок, муну менен кысылган аба анда-санда кездеменин четтери аркылуу куполдун астынан чыгып коркунучтуу булкууга жана чайпалууга алып келет. Парашютту ушул кемчиликтен арылтуу максатында ойлоп табуучу ашыкча абаны карама-каршы багыттоо үчүн куполдун чокусун тешип коюуну сунуштайт, бул техникалык натыйжа булкуудан жана чайпалуудан сактайт. Ашыкча газды карама-каршы багыттоочу тешик албетте техникада мурда эле белгилүү белги. Бирок, бул учурда ушул белгилүү белги жаңы техникалык натыйжаны – бул белгилердин биринде да мурда колдонулбуган булкуудан жана чайпалуудан сактоону камсыз кылуучу, парашюттун куполунун мурдагы белгилүү белгилердин жаңы айкалышын пайда кылды, ошондуктан белгилүү

белгилердин жаңы айкалышы бул жерде техникалык натыйжаны алуу үчүн жаңы каражат болуп калды.

### *Ойлоп табуунун өнөр жайлык колдонулушу*

Ойлоп табуунун өнөр жайлык колдонулушу же башкача айтканда «ойлоп табуунун жүзөгө ашырылуусу» – **билдирилген ойлоп табуу ойлоп табуунун артыкчылык алган күнүнө чейин жалпыга белгилүү болуп калган өтүнмөнүн алгачкы материалдарында же булактарда сыпатталган каражаттардын жана ыкмалардын жардамы менен жүзөгө ашырылышы мүмкүнбү** – деген фактынын аныктамасы менен түшүндүрүлөт.

Бул шарт ойлоп табуунун талаптарынын күчөтүлгөн сыпаттамасы катары ойлоп табууну жүзөгө ашыруу үчүн аны жетишээрлик толук ачып берүүсү керек, б.а. ойлоп табуу жөнүндө маалыматтардын сыпаттамасында ойлоп табууну жүзөгө ашыруу үчүн кандай билимдердин жана тажрыйбалардын түрлөрү пайдаланылышы керек экендиги так көрсөтүлүшү зарыл. Ойлоп табуунун патентке жарамдуулук шартына ылайыктуулугун аныктоодо керек болот. Аныктоодо төмөнкүлөр текшерилет:

- биринчиден, өтүнмөнүн материалдарында объектинин арналышына көрсөтмөлөрдүн, б.а. белгилүү бир коомдук суроо-талапты мүнөздөөчү иш-милдеттерди алардын аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнүн көрсөтмөлөрүнүн болуусу.
- экинчиден, өтүнмөнүн материалдарында билдирилген арналышты жүзөгө ашыруу менен ойлоп табууну ишке ашырууга мүмкүндүк бере турган каражаттарды пайдалануу сыпатталганбы.
- үчүнчүдөн, ойлоп табуу арыз берүүчү тарабынан белгиленүүчү техникалык натыйжанын жетишкендик мүмкүнчүлүгүнүн көз карашынан талданышы керек.

Өнөр жайлык колдонулушун текшерүү баарыдан мурда сунушталган ойлоп табууда түзүлүштүн ишке жарамсыздыгын шарттоочу техникалык каталардын жоктугун, ыкманын талап-

тагыдай агып өтүүсүнүн мүмкүн эместигин ж.б. аныктоого багытталган.

Ойлоп табуунун ишке жарамсыздык себеби болуп ошондой эле алардын ортосундагы ылайык келбөөчүлүк жана жаратылыш мыйзамдары, химиялык реакцияларды башкаруучу эрежелер ж.б. эсептелиши мүмкүн.

Мисалы, эгерде ойлоп табуу катарында түбөлүк кыймылдаткыч түзүлүшү сунушталса, анын жүзөгө ашпоо себеби аны менен механика мыйзамдарынын ортосундагы ылайык келбестик болуп эсептелет, анда бул ойлоп табуунун «өнөр жайлык колдонуучулугу» патентке жарамдуулук шартына ылайык келбестиги жөнүндө жыйынтык чыгарууга негиз берет.

Эгерде билдирилген ойлоп табуунун маңызын тактоонун натыйжасында анын ишке жарамсыздыгы, жүзөгө ашпай тургандыгы же кайра жаратууга болбой тургандыгы жөнүндө корутунду чыгарылса, анда анын жаңылыгын жана ойлоп табуучулук деңгээлин андан ары изилдөөсүз коргоо документин берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

### 2.3. “Пайдалуу модель” түшүнүгү

“Пайдалуу модель” көпчүлүк учурда «кичи ойлоп табуу» деп аталат жана техникалык чыгармачылыктын объектилеринин ойлоп табууларына жакын болуп эсептелет.

Пайдалуу модель бир катар артыкчылыктарга ээ болуу менен, техникалык чечимдин патенттик коргоосун тез жана оңой алууга мүмкүндүк берип, Кыргызстандын рыноктук мамилелерин өнүктүрүү жана экономикасынын өнүгүшүн ыкчамдатуу мезгилинде өнөр жай менчигин укуктук коргоонун маанилүү объектиси болуп калууда.

Патент мыйзамы пайдалуу моделди түзүлүш катарында аныктады. Пайдалуу моделдерге өндүрүштүк сыяктуу эле чарбалык арналыштагы **түзүлүштөр** таандык. Бул, эреже катары буюмдар, алардын бөлүктөрү, айрым элементтерден бүтүн нерсе түзүү (компоновкалоо), б.а. формасы жана буюмдун

бөлүктөрүнүн жайгашуусу, эгерде алар техникалык иш-милдеттерди аткарса.

Пайдалуу моделди мүнөздөө үчүн төмөндөгү белгилер пайдаланылат:

- конструктивдүү элементтердин болушу;
- элементтердин ортосундагы байланыштын болушу;
- элементтердин өз ара жайгаштырылышы;
- элементтерди же бүтүндөй түзүлүштү аткаруу формасы;
- элементтердин ортосундагы байланышты аткаруу формасы;
- параметрлер жана элементтердин башка мүнөздөмөлөрү жана алардын өз ара байланыштары;
- – элемент же түзүлүш жасалуучу материал.

Пайдалуу модель катарында ыкмалар, заттар, микроорганизмдин штаммдары, ачылыштар, илимий теориялар, математикалык ыкмалар, өсүмдүктөрдүн сорттору жана жаныбарлардын породалары, ошондой эле көркөм конструкциялоонун натыйжалары корголбойт. Техникалык эмес мүнөздөгү чечимдер, автордук укук объектилери, коомдук тартипке же гумандуулук принциптерине жана моралга каршы келүүчү сунуштар коргоого жатпайт.

### *Пайдалуу моделдин патентке жарамдуулук шарттары*

Эгерде пайдалуу модель патентке жарамдуулуктун эки шартына – жаңылыгына жана өнөр жайлык колдонулушуна ылайык келсе, ага укуктук коргоо берилет.

Пайдалуу моделдин ойлоп табуудан маанилүү айырмачылыктары пайдалуу моделдин жаңылыгына талаптардын азайтылышында жана ойлоп табуу деңгээлине коюлуучу шарттардын жоктугунда турат. Бул, пайдалуу моделди түзүү үчүн чыгармачылык ишмердүүлүктүн ойлоп табуудагыдай деңгээли талап кылынбайт дегенди билдирет.

Пайдалуу моделдин жаңылыгын баалоодогу техникалык деңгээлди аныктоодо аны ойлоп табууларга колдонуучу техникалык деңгээлден айырмалоочу эки өзгөчөлүк бар.

Биринчи өзгөчөлүгү жаңы экендигин баалоодо билдирилген пайдалуу модель сыяктуу эле ошол арналыштагы каражаттар жөнүндө жалпыга белгилүү болуп калган маалыматтар гана эске алынарында турат. Мисалы, эгерде пайдалуу моделдин объектиси болуп жер айдоо үчүн айыл чарба шайманы эсептелсе, анда ал ойлоп табууга берилген өтүнмөгө эксперт жүргүзүүдө аткарылып жүргөндөй, окшош конструктивдик түйүндү ичине камтыган бардык мүмкүн болгон механизмдер менен эмес, дал ошол жер айдоо үчүн шайман менен салыштырылышы керек.

Пайдалуу моделдин жаңылыгынын экинчи өзгөчөлүгү анын чыныгы (абсолюттук) эмес дүйнөлүк салыштырмалуу болуп эсептелгендигинде, анткени ойлоп табуудан айырмаланып артыкчылык алган күнүнө чейин дүйнөдө жалпыга белгилүү болуп калган окшош каражаттарды пайдалануу жөнүндө бардык маалыматтар эмес Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулгандыгынын фактысын далилдеген маалыматтар эске алынат.

Пайдалуу моделдин маңызы жөнүндө маалымат жалпыга белгилүү болуп калганда алардан автор, арыз берүүчү же башка бардык жактар тарабынан түз же, кыйыр түрдө бул маалыматтын ачылышы пайдалуу моделдин патентке жарамдуулугун таанууга тоскоол болбойт, эгерде пайдалуу моделге өтүнмө Кыргызпатентке маалымат ачылган күндөн алты айдан кеч эмес убакытта берилген болсо (өтүнүүчү муну далилдөөсү керек). Мындай эреже ойлоп табууга карата да көрсөтүлгөн.

Пайдалуу моделдин патентке жарамдуулугунун экинчи шарты «өнөр жайлык колдонулушу» болуп эсептелет. Бул белги ойлоп табууга карата көрсөтүлгөн ылайыктуу белгиге дал келет.

Ошентип, Патент мыйзамынын талаптарына ылайык пайдалуу модель жаңы жана өнөр жайда колдонула тургандай болушу керек, ойлоп табуудагыдай «ойлоп табуучулук деңгээлинин» талаптарына ылайык келүүсү талап этилбейт.

Пайдалуу моделге патенттин «ишенимдүүлүгү» үчүн жоопкерчилик өтүнүүчүнүн өзүнө жүктөлөөрүн белгилөө керек.

Иштелмени укуктук коргоо ишенимдүүлүгү издөөнүн патент фондусу боюнча жана алар боюнча гана эмес бардык ачык маалыматтар боюнча канчалык деңгээлде кылдаттык менен жүргүзүлгөндүгүнө жараша болот.

Ошондуктан, пайдалуу моделдин патенти анын атаандаштарынын наараразылык аракеттерине негиздүү болушу үчүн ушундай эле маанилүү белгилердин жыйындысы бар окшош түзүлүштү издөөнү абдан кылдаттык менен жүргүзүүсү зарыл.

Төмөндө «ойлоп табуу деңгээлинин» талабына жооп бербеген, бирок, «жаңылык» жана «өнөр жайлык колдонулуучулук» шарттарына жооп берүү менен пайдалуу модель катарында коргоо алышкандыктан ойлоп табуу болбой калган түзүлүштөрдүн мисалдары келтирилди.

Корпусунда орнотулган электролиттүү, тамыр түрүндө жасалган иштөөчү тешиктери бар металлокерамикалык электроддорду камтыган электр аккумулятору мунусу менен айырмаланат: электроддор бир камералуу тамыр түрүндө жасалып, жиберүүчү тешиктерге ээ болот (авторлор: Токтонасаров Ж.М., ж.б., 1997-ж.).

Жылуулук, табыш өткөрбөй турган, желимделген эки кабыктан туруучу блок мунусу менен айырмаланат: кабыктар жылуулук өткөрбөй турган чөнөктүү бетондон жасалган жана көңдөйлөрдү пайда кылуу менен чапталган (авторлор: Калашников Е.К. ж.б., 1999-ж.).

Километрлик зым карагай *темирбетондон* жасалган түркүктөн жана көрсөткүчтүн щитинен туруп мунусу менен айырмаланат: ал темирбетондон бүтүндөй куюлуп жасалган (авторлор: Ноздрачев А.П., ж.б., 2002-ж.).

### 2.4. Өнөр жай үлгүсү түшүнүгү

Рыноктук экономика товар өндүрүүчүлөрдүн ортосунда рынокту жеңип алууну жана коомдун талаптарын канааттандырууну көздөйт. Керектөөчү оригиналдуу көрүнүшү жакшы товарды тандап, эмерек, машина, кийим, идиш-аяк, бут кийим, үйгө керектүү буюмдарды алуу менен пайдалануудагы

ыңгайлуулугунан тышкары бекемдигине, ишенимдүүлүгүнө жана башка жактары боюнча товардын эстетикалык жактарына көңүл бурат. Дизайнерлердин жумуштары жетишээрлик кымбат турат жана өндүрүүчү бул тармакка каражатын топтоо менен, өз продукциясын жакшыртуу менен ушул чөйрөнүн мыйзамдарын пайдалануу менен, чыгарылган товарлардын сырткы көрүнүшүн коргоого аракеттенет.

Кыргыз Республикасында өнөр жай үлгүлөрүн жаратуу, коргоо жана пайдалануу тармагында укуктук негиз болуп, өнөр жай үлгүлөрүнө буюмдардын сырткы көрүнүшүн белгилөөчү көркөм-конструктордук чечим таандык экендигин аныктоочу Патенттик мыйзам эсептелет. Муну менен буюм дегенде өнөр жайлык жана кустардык өнөр жайлык буюмду түшүнүү керек.

Өнөр жай үлгүсү ойлоп табуу сыяктуу эле, конкреттүү материалдык объектилерде ишке ашырууга мүмкүн болгон чыгармачылык акыл ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Бирок, эгерде ойлоп табуу маселенин техникалык чечими болуп эсептелсе, анда өнөр жай үлгүсү болуп буюмдун сырткы түрүнүн чечими таанылат.

Өнөр жай үлгүсү сыртынан товардык белгиге өзгөчө көлөмдүү товардык белгиге окшош болгон учурлар боло тургандыгын белгилөө керек. Бирок, товардык белгиден айырмаланып, аракеттери товардык белгилерге жайылтылган өнөр жай үлгүсү, өзүнүн түзүлүшү боюнча өнөр жай үлгүсүн чагылдырган товарларды гана коргойт.

Өнөр жай үлгүсү буюмдун сырткы көрүнүшүн камтыгандыктан белгилүү өлчөмдө автордук укуктун объектилерин эске салат. Ошол эле учурда өнөр жай үлгүсү жөн эле товардын сырткы көрүнүшүн гана эмес көркөм жана ага ылайык конструктордук аткарылыштардын жыйындысын камтыгандыктан бул объектини патенттик укук тармагына жайгаштыруу толук акталган. Буга, маселен, кийим-кечени алсак болот. Мындай товардын белгилүү бир сырткы көрүнүшү мурда конструктивдүү чечимге тиешелүү болгон кылдаттык менен иштелип чыккан кийимдин үлгүсү камсыз кылат. Товардын

сыпаттамасын жалпы мүнөздө иштеп чыгуу жетишсиз, эгерде сырткы көрүнүшүнө ылайыктуу өзгөчөлүктөрү белгилүү бир конструктивдүү чечимге негизделген болсо гана ал ишке ашырылышы мүмкүн.

### *Өнөр жай үлгүлөрүнүн түрлөрү*

Өнөр жай үлгүлөрү көлөмдүү, жайык түрдө болушу же алардын айкалыштарын түзүшү мүмкүн.

Көлөмдүү өнөр жай үлгүлөрү болуп, негизинде көлөмдүү-мейкиндиктүү структурага жаткан композициялар саналат, мисалы, станоктун, эмеректин, бут кийимдин сырткы көрүнүшү ж.б.

Жайык өнөр жай үлгүлөрү элементтердин сызыктуу-графикалык өз-ара катышы менен мүнөздөлөт жана факт жүзүндө көлөмгө ээ эмес болушу ыктымал, мисалы, килемдер, башка салына турган жоолуктар, кездемелер ж.б. сырткы көрүнүшү.

Айкалыштырылган өнөр жай үлгүлөрү көлөмдүү жана жайык өнөр жай үлгүлөрүнө таандык болгон жалпы белгилер менен мүнөздөлөт, мисалы, маалымат таблосунун, курулуш жасалгалоочу плитасы, сааттын сандар жазылган пластинкасы (циферблаты) сыяктуу ж.б. сырткы көрүнүшү.

Өнөр жай үлгүлөрү бүтүн бир буюм, анын бир бөлүгү, буюмдун комплекти (бардык шаймандары), буюмдардын топтору (варианттары) болушу мүмкүн.

Бүтүн буюм деген толук бир буюм катары түшүндүрүлөт, мисалы автомобиль, ошондой эле анын бөлүгү болуп эсептелген буюм, мисалы, фара.

Эгерде буюмдун бир бөлүгү бирдейлештирилген (унификацияланган) колдонуу үчүн жасалса, б.а. бир катар буюмдарда колдонула турган болсо, ошондой эле өз алдынча иш-милдетти аткарса жана бүткөн композицияга ээ болсо гана аны өнөр жай үлгүсү катарында билдирүүгө мүмкүн болот, мисалы, тутканын ар кандай түрлөрү, транспорт каражатынын аспабынын панели, жеңил машинанын башкаруу дөңгөлөгү.

Эгерде комплектинин курамына өтө ар түрдүү, бири-биринен айырмаланган иш милдеттерди аткарып, бүтүндөй бир

комплекс (айкалыш) менен чечилүүчү жалпы милдетке баш ийген элементтер кирсе, мындай шартта комплектини өнөр жай үлгүсү катарында билдирүүгө болот. Көркөм конструкциялоо көз карашынан алып караганда комплектинин бардык элементтери композициялык стилистикалык бир чечимге ээ болуусу керек, мисалы, эмеректин, идиштин комплектиси ж.б.

Өнөр жай үлгүсүнүн варианттары буюмдун бирдей эстетикалык жана/же эргономикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоочу негизги белгилеринин жыйындысы боюнча айырмалануучу буюмдар болушу мүмкүн.

Өнөр жай үлгүсүнүн негизги белгилери – бул буюмдун сырткы көрүнүшүн калыптандырууга ар бири керектүү таасирин тийгизүүчү, ал эми бардыгы биригип буюмдун сырткы көрүнүшүн түзүү үчүн жетишээрлик болгон белгилер. Мисалы, өнөр жай үлгүсүнүн варианттары бири-биринен оймочиймеси менен айырмалануучу бир нече фигуралар болушу мүмкүн.

### *Коргоодон четтетүү*

Патент мыйзамынын шарттарына ылайык өнөр жай үлгүлөрү катарында төмөндөгүлөр таанылбайт:

- буюмдун техникалык иш–милдеттерине гана шартталган чечимдер;
- архитектура объектилери (кичи архитектуралык формалардан башкасы), өнөр жайлык, гидротехникалык жана башка стационардык жасалгалоолор;
- ушундай басма продукциялары;
- суюк, газ түрүндөгү, чубурма же ушуларга окшогон туруксуз формадагы заттардын объектилери;
- коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулуктун принциптерине жана моралга каршы келүүчү буюмдар.

Жогоруда аталган объектилерге укуктук коргоо башка укуктук режимдер боюнча берилет.

Ошентип, буюмдун техникалык иш-милдеттерине гана шартталган чечимдерди, мисалы, бураманын (гайка), бур-

гунун (сверло) буроолорун ж.б. пайдалуу моделдерге кошуу максатка ылайык.

Архитектура объектилери, эгерде алардын ичинде – архитектуранын уникалдуу чыгармалары болуп эсептелсе, анда автордук укуктун ченемдери менен корголушат.

Жасалганын эстетикалык баалуулугун жоготуп алуу тобокелчилигинен коркпостон көп санда чыгарууга боло турган архитектура объектилери четтетүүнүн тизмесине кирбейт, б.а. четтетүү архитектуралык объектилердин өнөр жайлык колдонулуучулук фрагменттеринин типтүү үлгүлөрүнө, чогултулуучу-ажыратылуучу бакчылык-дачалык турак жайга, коттеджderge, көчмө вахталык жасалгалоолорго тиешелүү эмес.

Ушул сыяктуу басма продукциялары патентке жарамдуу өнөр жай үлгүлөрү катары таанылбайт, б.а. китептин барагынын сырткы көрүнүшү, бирок, китептин бүтүндөй дизайны, шрифтин конфигурациясы өнөр жай үлгүсү катарында патенттик коргоого билдирилиши мүмкүн.

Суюк, газ түрүндөгү, чубурма же ушуларга окшогон туруксуз формадагы заттардын объектилерине, б.а. фонтандарда, аттракциондордо жана башка бакчылык-парктык жана массалык оюн-зооктук жасалгаларда пайдаланууга арналган объектилерге коргоо берилбейт. Мындай чечимдерди пайдалануудан алынган эстетикалык таасирлер гидравликалык, светооптикалык, светодинамикалык жана кинематикалык эффектилер менен шартталат, ошондуктан чечимдин мындай түрүн пайдалануудан келип чыккан буюмдун жаңы жана оригиналдуу сырткы көрүнүшүн көз болжоо менен (визуалдык) аныктоо кыйын.

Коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулуктун принциптерине жана моралга каршы келүүчү буюмдарга келсек, мындай объектилердин категорияларына коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулуктун принциптерине жана моралга өзүнүн негизги арналышы боюнча каршы келүүчү буюмдар мисалы, кыйноо куралдары, ошондой эле өзүнүн сырткы жасалгасы боюнча, мисалы порнографиялык же шылдыңдоо мүнөзүндөгү сүрөттөр же жазуулар кирет.

### 2.5. Өнөр жай үлгүсүнүн патентке жарамдуулук шарттары

Укуктук коргоо буюмдун сырткы көрүнүшүнүн бардык эле чечимдерине берилбестен, Патент мыйзамы тарабынан аныкталган патентке жарамдуулук шарттарына жооп берген гана, б.а. жаңылыкка жана оригиналдуулукка ээ болгон буюмдарга берилет.

***Жаңылык***

Эгерде буюмдун (макеттин) көрсөтүлгөн сүрөттөлүшүндө жана анын негизги белгилеринин тизмесинде келтирилген негизги белгилеринин жыйындысы өнөр жай үлгүсүнүн артыкчылык алган күнүнө чейинки маалыматтарда жалпыга белгилүүлүгү белгисиз болсо, **өнөр жай үлгүсү жаңы** деп таанылат.

Аныктоодон көрүнгөндөй жаңылыкты изилдөөдө дүйнөдө жалпыга белгилүү маалыматтар гана көңүлгө алынат. Маалымат булагындагы маалыматтын жалпыга белгилүүлүгү ойлоп табуулар боюнча маалыматтардын жалпыга белгилүүлүгүн аныктоого окшош аныкталат.

Өнөр жай үлгүсүнүн жаңылыгы өз кезегинде өнөр жай үлгүсүнө патент алуу үчүн Кыргызпатентке өтүнмө (мындан ары – өтүнмө) берген күн менен аныкталуучу артыкчылык алган күнүнө белгиленет.

Жалпы эреже менен катар, эгерде Кыргызпатентке өтүнмө берүү көрсөтүлгөн күнүнөн тартып алты айдын ичинде жүзөгө ашырылган болсо, өнөр жай менчиги боюнча Париж конвенциясынын мамлекет-катышуучусунда (мындан ары – конвенциялык артыкчылык) өтүнмөнүн биринчи берилген күнү боюнча өнөр жай үлгүсүнө артыкчылык белгилениши мүмкүн. Андан тышкары мурда берилген өтүнмөгө кошумча материалдарды берген күн боюнча, ошол эле өтүнмө берүүчүнүн Кыргызпатентке кыйла мурдагы өтүнмө берген күнү боюнча, өтүнмөнү башка өтүнмө менен алмаштырган же андан өзгөчө өтүнмөнү бөлүп көрсөткөн учурда өнөр жай үлгүсүнө артыкчылык белгилениши мүмкүн.

Өнөр жай үлгүсүнүн «жаңылык» шартына ылайыктуулугун өнөр жай үлгүсүн мүнөздөөчү негизги белгилеринин жыйындысын ошол эле арналыштагы мурда белгилүү болгон окшош чечимдерге салыштыруу жолу менен аныкташат. Анын үстүнө өнөр жай үлгүсүнүн ар бир негизги белгисин мурда белгилүү окшоштордун (аналог) ага ылайык белгилери менен салыштырып чыгуу жүргүзүлөт. Белгинин маанилүүлүгү буюмдун көрүнүшүн түзүүдө анын катышуусу менен, аны бир катар окшош чечимдерден сырткы көрүнүшүн айырмалоо же окшоштуктарын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү буюмдун касиетинин билдирүүсүндө аныкталат.

Аналогдорду (окшошторду) тандап алгандан кийин көркөм-конструктордук чечимдин негизги белгилеринин жыйындысы боюнча кыйла жакын прототипти табуу үчүн аналогдордун белгилери менен билдирилген көркөм-конструктордук чечимдин белгилерин салыштырып талдоо иши жүргүзүлөт. Билдирилген чечим менен прототипти салыштырып талдоо процессинде төмөндөгүдөй учурлар болушу мүмкүн:

- билдирилген чечимдин негизги белгилеринин жыйындысы прототиптин ошол эле белгилеринин жыйындысына төп келет; бул учурда билдирилген чечим жаңы деп эсептелбей тургандыгы жөнүндө корутунду чыгарылышы мүмкүн;
- талдоонун натыйжасында билдирилген чечимдин бир же бир нече негизги белгилери прототиптин негизги белгилерине төп келбегендиги белгилениши мүмкүн, б.а. жаңы болуп эсептелишет, ошондуктан билдирилген чечим прототиптен айырмалануучу негизги белгилердин жыйындысы менен мүнөздөлөт жана жаңы деп таанылa алат.

***Оригиналдуулук***

Эгерде өнөр жай үлгүсүнүн негизги белгилери товардын өзгөчөлүктөрүнүн чыгармачыл мүнөзүн шарттаса, **өнөр жай үлгүсү оригиналдуу** деп таанылат. Оригиналдуу – бул жасал-

ма эмес, тууроого болбой турган, башкалар менен алмаштырып алуу кыйынга турган нерсе.

Оригиналдуулук шарттарынын жардамы менен коргоого жөндөмдүү өнөр жай үлгүлөрү чыгармачыл көркөм-конструктордук чечим катары кадимки дизайнердик иштердин натыйжаларынан чектеп бөлүнөт. Укуктук коргоого кадимки долбоорлоонун алкагынан чыгуу менен күтүүсүз, белгилүү көркөм-конструктордук иштелмелерге окшобогон чечимдер тийиштүү.

Белгилүү бир арналыштагы буюмдарга таандык форманы жасалма түрдө сактап туруучу, бирок башка техникалык негизде аткарылган өнөр жай үлгүлөрү «оригиналдуулук» шарттарына жооп беришпейт, мисалы жыгачка окшотуп жасалган пластмасса челек; чыгармачылык иштелмесиз толугу менен тууралып жасалган буюм – чыныгы объектинин кичирейтилген түрүндө жасалган оюнчук; белгилүүлөргө салыштырмалуу чоңдугу жана пропорциясы гана өзгөртүлгөн же элементтердин саны көбөйтүлгөн ж.б. буюмдар.

Буюмдун негизги белгилеринин бүтүндөй жыйындысынын белгилүүлүгүн текшерген кездеги «жаңылыгын» аныктоодон айырмаланып, «оригиналдуулугун» текшерүүдө айырмалоочу белгилердин гана чыгармачылык өзгөчөлүгү белгиленет.

Эгерде маалымат булактарынан бир эле негизги айырмалоочу белги табылбай калса, мындай учурда билдирилген өнөр жай үлгүсү «оригиналдуулук» шарттарына ылайык келди деп таанылат.

## 2.6. Ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө патенттик укукту негиздөө

### *Патенттик укук объектисинин артыкчылыгы*

Патенттик укук тутумунда артыкчылык маселелерине маанилүү роль таандык, анткени иш жүзүндө бардык учурларда артыкчылык алган күнүнөн ошол ойлоп табууга байланыштуу жеке жана юридикалык жактардын укуктары жана милдеттери пайда болот, ошондой эле коргоо документтеринин аракеттенүү чектеринин убактысы аныкталат.

Жалпы эреже боюнча патенттик укук объектисинин артыкчылыгы бардык керектүү документтерди камтыган өтүнмөнүн Кыргызпатентке келип түшкөн күнү боюнча белгиленет. Андан тышкары, артыкчылык Париж конвенциясынын жобосунун негизинде белгилениши мүмкүн, бул «конвенциялык артыкчылык» деп аталат.

Артыкчылыктын мындай укугу өнөр жай менчигине укук алууга ошол өтүнүүчү тарабынан мүчө –мамлекеттердин бирине туура берилген өтүнмөнүн негизинде ошол эле өтүнүүчү белгиленген мөөнөт ичинде (*алты же он эки ай*) коргоону бардык башка мүчө – мамлекеттерден сурап ала алат дегенди билдирет. Мындай учурда кыйла кечирээк берилген өтүнмө биринчи өтүнмөнүн (же кыйла мурдараак) берилген күнү катары эсептелет.

Конвенциялык артыкчылык укугу бир нече өлкөлөрдө коргоого алууну каалаган билдирүүчүгө иш жүзүндөгү кеңири артыкчылыктарды камсыз кылат. Коргоону кайсы өлкөлөрдөн суроо максатка ылайык экендиги жөнүндө өзүнчө чечимге келүүгө өтүнүүчүнүн *алты же он эки ай* убактысы болгондуктан, өз өлкөсүндө же чет өлкөлөрдө бир эле мезгилде бардык өтүнмөлөрдү берүү андан талап этилбейт. Өтүнүүчү бул мөөнөттү өзү үчүн кызыктырууну жаратуучу ар кайсы өлкөлөрдө коргоону камсыз кылуу үчүн керек болгон аракеттерди кылдаттык менен даярдоого пайдалана алат.

Патент мыйзамы тарабынан артыкчылыкты белгилөөнүн жана башка мүмкүнчүлүктөрү караштырылган:

– эгерде билдирилген кошумча материалдар чечимдин маңызын өзгөртүүчү катарында таанылгандыгына байланыштуу аларды көңүлгө албай коюуга мүмкүн эместиги жөнүндө өтүнүүчү Кыргызпатенттен кабарлоо алган күндөн тартып үч айлык мөөнөт өткөнгө чейин берилген өтүнүүчү тарабынан өз алдынча өтүнмө катары таризделген болсо, кошумча материалдарды алган күнү боюнча;
– эгерде мындай артыкчылык суралып жаткан өтүнмө ойлоп табууга кыйла мурдараак берилген өтүнмөнүн келип түшкөн күнүнөн онэки айдан кеч эмес жана пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө мурдагы берилген өтүнмөнүн келип түшкөн күнүнөн алтыайдан кеч эмес убакытта берилсе (бул ички артыкчылык деп аталат), ошол эле өтүнүүчүнүн Кыргызпатентке бул ойлоп табууну, пайдалуу моделди, өнөр жай үлгүсүн ачып көрсөткөн кыйла мурдараак өтүнмө берген күнү боюнча; муну менен кыйла мурдараак берилген өтүнмө чакыртылып алынды деп эсептелет;
– мурда берилген бир нече өтүнмөлөрдүн негизинде алардын ар бири үчүн көрсөтүлгөн шарттарды сактоо менен.

Мындай мүмкүнчүлүк автор үчүн маанилүү: ал ойлоп табууну пайдалануунун келечегин, каржылоону издөөнү ж.б. ойлоп табууга укугун жоготуп коюу тобокелчилигисиз баалоого убакыт берет, ошол эле учурда кыйла кечирээк артыкчылыкты дагы тандоого мүмкүнчүлүк сакталат, мисалы, кошумча материалдарды берген күнү боюнча. «Ички артыкчылыкты» пайдалануу дагы абдан пайдалуу болуп калышы мүмкүн: эгерде өтүнмө берген жак кийинчерээк өтүнмөгө ашыкча маалымат киргизилгендигин билип калса, мисалы, ноу-хауну, мындай абалда ал артыкчылыгы сакталган өтүнмөгө алмашуу жолун тандап ала алат.

### *Өтүнмөнү түзүү жана берүү*

Патенттик укук объектилерин укуктук коргоо аларды мамлекеттик каттоодо жана коргоо документин – патентти алуу шартында гана белгилейт.

Патенттик укуктарды тариздөө патенттик укук объектисин түзүүчү үчүн өзгөчө мааниге ээ, анткени патент берилген жак патенттелген объектиден пайдаланууга өзгөчө укук алат. Бул, белгиленген мөөнөттүн ичинде объектинин ээсинин уруксатысыз ал объектини эч ким пайдалана албайт дегенди билдирет.

Объектилердин ар бирине коюлган талаптарда негизги ченемдик актылар болуп ылайыгына жараша булар эсептелишет: Ойлоп табууга патент берүүгө өтүнмө түзүү, берүү жана карап чыгуу эрежелери; Пайдалуу моделге патент берүүгө өтүнмө түзүү, берүү жана карап чыгуу эрежелери; Өнөр жай үлгүсүнө патент берүүгө өтүнмө түзүү, берүү жана карап чыгуу эрежелери (мындан ары – Эреже).

Патентик укуктарды тариздөө процессин бардык объектилер үчүн бирдей түрдө бул кайда талап этилерин, объектилерди тариздөө өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү менен карап чыгалы.

Эрежелердин тарамдарында (пункттарында) өтүнмө документтеринин текстине жана объектини иллюстрациялоочу сүрөттөлүштөрдүн мүнөзүнө жалпы талаптар келтирилген. Алар баарыдан мурда өтүнмө моралга жана коомдук тартипке каршы келүүчү элементтерди, ошондой эле белгилүү каражаттарга жана башка жактардын патенттерине тиешелүү тоотпогон же барк албаган ойлорду камтыбоосу керек дегенди билдирет.

Документтердин тексттери жалпыга тиешелүү эрежелерге ылайык, б.а. терминологиянын жалпылыгын сактоо менен илимий-техникалык адабиятта кабыл алынган стандартташтырылган терминдерди жана белгилерди пайдалануу менен түзүлүүсү керек.

Корголуучу документке берилүүчү өтүнмөнүн курамы 3-таблицада келтирилди.

3-таблица

| к/ № | Ойлоп табуу | Пайдалуу модель | Өнөр жай үлгүсү |
|---|---|---|---|
| 1 | Патент берүү жөнүндө арыз | Патент берүү жөнүндө арыз | Патент берүү жөнүндө арыз |
| 2 | Сыпаттама | сыпаттама | сыпаттама |
| 3 | Формула | формула | Негизги белгилеринин тизмеси Сүрөттөлүштөрдүн комплектиси (үлгүсү, сүрөтү) |
| 4 | Чиймелер жана башка материалдар, эгерде алар ойлоп табуунун маңызын түшүнүү үчүн зарыл болсо | Чиймелер жана башка материалдар, эгерде алар пайдалуу моделдин маңызын түшүнүү үчүн зарыл болсо | Буюмдун жалпы көрүнүшүнүн чиймеси (эргономикалык схема, конфекциялык карта) |
| | Реферат | реферат | – |

Таблицада көрсөтүлгөн документтерден тышкары өтүнмөгө төмөнкүлөр тиркелет:

- белгиленген өлчөмдө алым төлөнгөндүгүн ырастоочу же, алым төлөөдөн бошотуу үчүн негиз болуучу документ;
- өтүнмөнү патентик ишенимдүү өкүл аркылуу берген учурда өтүнүүчүнүн патентик ишенимдүү өкүлгө берген ишеним каты;
- конвенциялык артыкчылыкты суроодогу биринчи өтүнмөнүн көчүрмөсү.

Андан тышкары өтүнмөгө эксперт жүргүзүү жөнүндөгү жолдомону өтүнмөгө тиркөө зарыл. Эгерде өтүнмөгө негизи боюнча эксперт жүргүзбөстөн патент берүү жөнүндө жолдомо берилсе – билдирүүчүнүн (ээсинин) жоопкерчилиги астында патент берилет. Эгерде өтүнмөгө негизи боюнча эксперт жүргүзүү менен патент берүү жөнүндө жолдомо берилсе – патент берилет.

Жогоруда белгиленгендей өтүнмө берүүдөгү сөзсүз түрдөгү документтердин бири болуп Кыргыз Республикасы-

нын патентин берүү жөнүндөгү арыз эсептелет. Белгиленген формадагы бланкага арыз толтурулат жана аны толтуруу өзгөчө кыйынчылыктарды жаратпайт, анткени анын бардык графаларында ар бир графаны толтуруу маанисин ачып берүүчү «айтып берүүчү» (Тиркеме) бар.

Өтүнмөнүн дагы бир сөзсүз түрдөгү документи болуп сыпаттама эсептелет. Ойлоп табуу менен пайдалуу моделдин сыпаттамалары структурасы жана мааниси боюнча эң эле окшош экендиктерин белгилейбиз.

### *Ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин сыпаттамасы*

Ойлоп табуунун (пайдалуу моделдин) сыпаттамасы – бул ойлоп табуунун патентке жарамдуулугу жөнүндө даана жана так көрсөтүп турууга, үчүнчү жактар үчүн анын техникалык маңызын толук ачууга, зарыл болгон маалыматты камтууга жана аны жүзөгө ашыруу үчүн жетишээрлик болууга тийиш болгон регламенттелген документ. Сыпаттама ойлоп табуулар боюнча Эрежелер толук өлчөмдө ачылган бекем логикалык схема боюнча түзүлөт.

Ойлоп табуунун сыпаттамасы ойлоп табуунун аталышынан жана билдирилген ойлоп табуу тиешелүү болгон Эл аралык патенттик классификациянын (ЭПК) колдонуудагы редакциясынын рубрикасынын индексин көрсөтүүдөн башталат.

Ойлоп табуунун сыпаттамасынын тексти төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- ойлоп табуу тиешелүү болгон техниканын тармагы;
- техника деңгээли;
- ойлоп табуунун маңызы;
- чиймелердин фигураларынын жана башка материалдардын тизмеси (эгерде алар тиркелсе);
- ойлоп табууну жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн ырастоочу маалыматтар.

Ойлоп табуунун сыпаттамасын түзүү процессин даана көрсөтүү максатында төмөндө көрсөтүлгөн сыпаттаманы түзүү схемасы сунушталды. Схеманы бекем сактоо менен

тандалып алынган аналогдорго жана прототиптерге ылайык белгиленген рубрикаларга иш жүзүндө жооп берүү менен, ошондой эле ойлоп табуунун сабаттуулук менен түзүлгөн формуласы менен билдирилген ойлоп табуунун сыпаттамасын кыйналбастан түзүүгө болот.

Патенттик **формула** укуктук документ болуп эсептелет, ал ойлоп табуучунун же патент ээсинин укуктарын, б.а. мамлекет тарабынан корголуучу ойлоп табуунун (пайдалуу моделдин) алкагындагы чектерин аныктайт. Бир эле мезгилде патенттик формула патенттин бузуу фактысын аныктоо менен ойлоп табууну (пайдалуу моделди) пайдаланууну көзөмөлгө алуучу каражат катары эсептелет.

Ойлоп табуучунун же патент ээсинин укуктарын коргоо үчүн ойлоп табуунун формуласы ага берилген Патент мыйзамынын талаптарына толук көлөмдө ылайык келүүгө тийиш. Алардын ичинен ойлоп табуунун формуласынын сырткы көрүнүшүнө коюлган талаптарды жана анын мазмунуна коюлган талаптарды бөлүп көрсөтүүгө болот.

Ойлоп табуунун формуласынын структурасына коюлуучу талаптар негизинен булар: ойлоп табуунун формуласы бир сүйлөм менен түшүндүрүлөт. Муну менен сүйлөм ойлоп табуунун формуласынын чектеп бөлүүчү жана айырмалоочу деп аталып жүргөн эки бөлүгү бөлүнүп тургандай болуп түзүлүшү мүмкүн. Мисалы, «тулкусунда жаза турган учу бар өзөктү камтыган, тулкусу тунук материалдан жасалгандыгы менен айырмаланган шариктүү калемсап».

Формула ойлоп табууну жеке аткаруу жана пайдалануу учурларында колдонулуучу анын белгилеринин жыйындысын өнүгүүсүз же тактоосуз бир ойлоп табууну мүнөздөө үчүн – бир бөлүктүү, жана ойлоп табууну жеке аткаруу жана пайдалануу учурларында колдонулуучу анын белгилеринин жыйындысын өнүктүрүү же тактоо менен бир ойлоп табууну мүнөздөө үчүн же ойлоп табуулардын тобун мүнөздөө үчүн – көп бөлүктүү болушу мүмкүн.

## *Ойлоп табуунун сыпаттамасын түзүүнүн схемасы*

БАРАКТЫН ФОРМАТЫ 210 x 297 мм

20 мм

КЛАСС ЭПК

ОЙЛОП ТАБУУНУН АТАЛЫШЫ

Ойлоп табуу таандык болгон тармак...............................

Түзүлүшү белгилүү (ыкма, зат – мындан ары объект)..........

...................................................................................

(булактын библиографиялык маалыматтары келтирилет).

Объектинин кемчилиги болуп бул эсептелет.........................

Объект ошондой эле белгилүү (экинчи аналог болгон кезде)..........................................................................

(булактын библиографиялык маалыматтарын караңыз).

Анын кемчилиги болуп бул эсептелет................................

Прототип ордуна кабыл алынган кыйла жакыныраак объект болуп бул эсептелет............................................................

(библиографиялык маалыматтарын караңыз).

25 мм

Белгилүү объект пайдаланылууга мүмкүн эмес (же бул объектинин кемчилдиктери кандайдыр бир башкача сыпатталат).

20 мм

Мунусу менен айырмалануучу (ойлоп табуунун формуласынын айырмалануучу бөлүгү келтирилет) объект сунушталат (ойлоп табуунун формуласынын чектелген бөлүгүнүн мүнөздөмөсү келтирилет).

Сунушталган объект мүмкүндүк берет (белгилүүлөр менен салыштыруу боюнча объектинин артыкчылыктарын санап чыгуу зарыл, б.а. объект түзө турган натыйжаларды көрсөтүү). Бул абзацта формуланы максималдуу ачуу зарыл: ар бир белги алууга мүмкүндүк түзүүчү – жетишилген натыйжаны көрсөтүү).

Сыпатталып жаткан объектини түшүндүрүү үчүн чиймеде (же фигураларда) схема келтирилген (же кандайдыр бир башка нерсе: түзүлүштүн жалпы көрүнүшү; оюк ж.б.). Чиймелердин тизмесин жана алардагы сүрөттөлүштөрдүн аталыштарын келтирүү (эгерде бул зарыл болсо).

20 мм

**Чиймелер** ойлоп табуунун маңызын ачуу үчүн зарыл болсо, алар өтүнмөнүн курамында сунуш этилиши керек. Чиймелердин ордуна ойлоп табуунун маңызын түшүндүрүүчү башка материалдар – фото-сүрөттөр жана таблицалар, географиялык сүрөттөлүштөр (схемалар, сүрөттөр, графикалар ж.б.) сунуш этилиши мүмкүн.

**Реферат** ойлоп табуу жөнүндө маалымат максаты үчүн кызмат кылат жана аталышын, ойлоп табуу тиешелүү болгон техника тармагынын мүнөздөмөсүн, жетишилген натыйжаны көрсөткөн маңызынын мүнөздөмөсүн камтыган ойлоп табуунун сыпаттамасынын мазмунун кыскача баяндоо болуп саналат. Рефератта ойлоп табуунун маңызы формуланы эркин баяндоо жолу менен мүнөздөлөт. Рефераттын көлөмү 1000 белгиден ашпоого тийиш.

***Өнөр жай үлгүсүнүн сыпаттамасы***

Өнөр жай үлгүсүнүн сыпаттамасы сүрөттөлүштө чагылдырылган буюмдун сырткы көрүнүшүн оозеки формада ачып берүүсу керек.

Сыпаттама билдирилген өнөр жай үлгүсү таандык болгон Өнөр жай үлгүсүнүн Эл аралык классификациясынын (ӨҮЭК) колдонуудагы редакциясынын өнөр жай үлгүсүнүн аталышынан, бул рубриканын индексинен башталат жана төмөндөгү бөлүктөрдү камтыйт:

- өнөр жай үлгүсүнүн арналышы жана колдонуу тармагы;
- өнөр жай үлгүсүнүн аналогдору;
- өнөр жай үлгүсүн иллюстрациялоочу сүрөттөлүштөрдүн тизмеси (алар зарыл болгон учурларда – чийме, эргономикалык схема, конфекциялык карта);
- өнөр жай үлгүсүнүн маңызы;
- өнөр жай үлгүсүнүн негизги белгилеринин тизмеси.

Сунушталган схема боюнча жана белгиленген рубрикага иш жүзүндө жооп берүү менен билдириле турган өнөр жай үлгүсүнүн сыпаттамасын оңой эле түзүүгө болот.

БАРАКТЫН ФОРМАТЫ 210 х 297 мм

20 мм

МКПО

Өнөр жай ҮЛГҮСҮНҮН АТАЛЫШЫ (**ӨҮ**)

**ӨҮ**нүн АРНАЛЫШЫ ЖАНА КОЛДОН**УУ** ТАРМАГЫ

Сырткы көрүнүшүнүн көркөм-конструктордук чечими билдирилет......................................................................
бул үчүн арналган............................................................

**ӨҮ**нүн АНАЛОГДОРУ

билдирилген **ӨҮ**нүн аналогдору болуп төмөндөгү катталган **ӨҮ**лөр эсептелет:................................................
..............................................................................................

(булактардын библиографиясы келтирилет)

Билдирилген **ӨҮ**гө кыйла жакын болуп бул эсептелет........
..............................................................................................

(эң жакын аналогу жана анын библиографиялык маалыматтары)

**ӨҮ**нүн ЖАНА БАШКА **ӨҮ**нү ИЛЛЮСТРАЦИЯЛООЧУ МАТЕРИАЛДАРДЫН ФОТО-СҮРӨТТӨРҮНҮН ТИЗМЕСИ

25 мм

20 мм

Фото-сүрөттөр, ошондой эле чиймелер, схемалар, конфекциялык карталар, эргономикалык схемалар, слайддар саналат, (эгерде алар көрсөтүлгөн болсо), алардын ар биринде чагылдырылгандардын кыскача көрсөтмөсү келтирилет.

**ӨҮ**нүн НЕГИЗИ

Билдирилген **ӨҮ** мунусу менен айырмаланат:
..............................................................................................

(фото-сүрөттөрдө чагылдырылган анын маанилүү белгилеринин
..............................................................................................
жыйындысынын оозеки сыпаттамасын келтирүү зарыл)
..............................................................................................

НЕГИЗГИ БЕЛГИЛЕРИНИН ТИЗМЕСИ

**ӨҮ**нүн негизги белгилеринин тизмеси сыпаттаманын курамы менен өзүнчө баракта (барактарда) берилет.

20 мм

***схемасы***

**Буюмдун, макеттин же, сүрөттүн сыпатталуу комплектиси** билдирилген өнөр жай үлгүсү жөнүндө сүрөттөлүш маалыматын камтыган негизги документ болуп эсептелет.

**Буюмдардын** комплектисине таандык болгон көркөм-конструктордук чечим комплектинин жалпы көрүнүшүнүн фото-сүрөтү менен, ошондой эле комплектиге кирүүчү айрым буюмдардын фото-сүрөттөрү менен сунушталууга тийиш. Өнөр жай үлгүсүнүн ар бир варианты фото-сүрөттөрдүн өзүнчө комплектиси менен сунушталууга тийиш.

Жабылуучу, бүктөлүүчү, ташылуучу буюмдар, мисалы: муздаткычтар, телефон будкалары, чаң соргучтар ж.б. үчүн алардын фото-сүрөттөрү ачык жана жыйналган түрдө тиркелет. Буюмдун түстүк чечими өнөр жай үлгүсүнүн негизги белгилеринин бири болуп эсептелген учурларда буюмдун жалпы көрүнүшүнүн 1 түстүк фото-сүрөтү, слайд же түстүк чечимдин схемасы тиркелүүгө тийиш.

Сүрөттөлүш комплектисинен тышкары өнөр жай үлгүсүнө өтүнмөнүн курамына зарыл учурда буюмдун жалпы көрүнүшүнүн чиймеси же дээрлик айрым элементтерден бүтүн нерсе түзүүчү (компоновкалоочу) схема, эргономикалык схема, конфекциялык карта (текстилдик, трикотаждык материалдардын, теринин, фурнитуранын үлгүлөрү, жасалга ж.б. буюмду даярдоо үчүн сунушталуучулар) кириши мүмкүн. Бул документтер фото-сүрөттөрдө болбогон, бирок көркөм-конструктордук чечимдин маңызына таандык болгон билдирилген көркөм-конструктордук чечим жөнүндөгү кошумча маалыматты камтышат.

### 2.7. Өтүнмөнү экспертизалоо

***Ойлоп табууга өтүнмөнү экспертизалоо***

Кыргызпатент ойлоп табууга өтүнмө боюнча формалдуу жана алдын-ала экспертиза жүргүзөт.

Кыргызпатентке берилүүгө мүмкүн болгон өтүнүүчүнүн жолдомосу боюнча өтүнмө берүү менен бир эле мезгилде же

берилген күндөн тартып отуз айдын ичинде өтүнмөнү негизи боюнча экспертизалоо менен же экспертизасыз карап чыгуу ишке ашырылуусу мүмкүн. Эгерде жолдомо белгиленген мөөнөттө берилбесе өтүнмө кайра чакыртылып алынды деп таанылат.

Ойлоп табууга өтүнмөнүн **формалдуу экспертизасы** Патент мыйзамы жана ойлоп табуулар боюнча Эрежелер тарабынан белгиленген документтерге ушул өтүнмөнү түзүүчү документтердин ылайыктуулугун аныктоо процесси болуп саналат.

Ойлоп табууга өтүнмөнүн формалдуу экспертизасынын жүрүшүндө эки айдын ичинде керектүү документтердин курамы, алардын тариzделишинин тууралыгы текшерилет, билдирилген сунуштун укуктук коргоого берилүүчү объектилерге ылайык келүүсү каралып чыгат.

Эгерде формалдуу экспертизанын натыйжасында укуктук коргоого берилүүчү объектилерге ылайык келбеген сунушка өтүнмө берилгендиги аныкталса, патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

Тариздөөгө жана түзүүгө карата белгиленген талаптардын бузулушу менен берилген өтүнмө боюнча өтүнүүчүгө оңдолгон же жетишпеген материалдарды сурамды алган күндөн тартып эки айдын ичинде берүүнү сунуштоо менен сурам жөнөтүлөт.

Эгерде өтүнүүчү белгиленген мөөнөттө суралган материалдарды же белгиленген мөөнөттү узартуу жөнүндө жолдомону бербесе, өтүнмө чакыртылып алынды деп таанылат.

Эгерде өтүнмө формалдуу экспертизанын талаптарын канааттандырса, анын берилген күнүн көрсөтүү менен өтүнүүчүгө өтүнмөнүн карап чыгууга кабыл алынгандыгы жөнүндө кабарлоо жөнөтүлөт.

Өтүнмөгө **алдын-ала экспертиза** өткөрүүдө Кыргызпатент он айдын ичинде өтүнмөнүн документтеринин мазмунуна белгиленген талаптардын сакталышын, өтүнүүчү берген өтүнмөнүн материалдары боюнча билдирилген ойлоп табуу-

нун патентке жарамдуулук шарттарына ылайыктуулугун текшерет, кыйла мурдагы артыкчылыктуу чакыртылып алынбаган өтүнмөлөргө, Кыргыз Республикасынын берген коргоо документтеринин фондуна, ошондой эле жарыяланган евразиялык өтүнмөлөргө жана патенттерге ойлоп табуунун артыкчылыгын белгилейт, өтүнмөнүн ойлоп табуунун жалпы талаптарына ылайыктуулугун текшерет.

Өтүнмөнү маңызы боюнча экспертизадан өткөрбөстөн, патент берүү жөнүндө жолдомо бар болсо, алдын-ала экспертизадан оң натыйжалар менен өткөн өтүнмө боюнча патент берүү жөнүндө чечим чыгарылат жана патент өтүнүүчүнүн жоопкерчилиги астында берилет.

Өтүнмөнү маңызы боюнча экспертизадан өткөрүү жөнүндө жолдомо бар болсо, же аталган жолдомо же өтүнмөнү маңызы боюнча экспертизадан өткөрбөстөн патент берүү жөнүндө жолдомо жок болсо, алдын-ала жүргүзүлгөн экспертизанын натыйжалары боюнча өтүнүүчүгө кабарлоо жөнөтүлөт.

Эгерде алдын-ала жүргүзүлгөн экспертизанын натыйжасында билдирилген сунуш патентке жарамдуу эмес деп белгиленсе, патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

Өтүнүүчү патент берүүдөн баш тартуу жөнүндөгү формалдуу же алдын-ала жүргүзүлгөн экспертизанын чечимине каршы экендигин аны алган күндөн тартып эки айдын ичинде Апелляциялык кеңешке бере алат. Каршылык Апелляциялык кеңеш тарабынан анын келип түшкөн күнүнөн тартып эки айлык мөөнөттө каралышы керек.

Апелляциялык кеңештин чечимине өтүнүүчү макул болбосо аны алган күндөн тартып алты айдын ичинде ал доомат менен сотко кайрыла алат.

Өтүнмө берилгенден он сегиз ай өткөндөн кийин, эгерде артыкчылык суралган болсо, өтүнмө чакыртылып алынган же ал боюнча патент берүү жөнүндө чечим чыгарылган же патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылган учурлардан башка учурларда, артыкчылык алган күндөн Кыргызпатент өтүнмө жөнүндө расмий бюллетенде маалыматтарды жарыялайт.

Жарыялоонун мааниси өтүнмө жөнүндө маалыматтар жарыялангандан кийин бардык тараптар анын материалдары менен таанышууга укуктуу экендигинде турат. Анткени өтүнмөнү жарыялоо менен өтүнүүчү өзүнүн жараткан нерсесин жашыруун сактоо жолу менен өз кызыкчылыгын камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт, ушул учурдан тартып жана патент берүүгө чейин ага убактылуу укуктук коргоо берилет. Эгерде кандайдыр бир жак ылайыктуу объектини пайдаланса, анда өтүнүүчүгө патент берилгенден кийин, ал патент ээсине аны менен макулдашылган компенсацияны төлөөгө милдеттүү болот.

**Маңызы боюнча өтүнмөнү экспертизалоо** алдын-ала жүргүзүлгөн экспертизадан айырмаланып, билдирилген ойлоп табуунун патентке жарамдуулугуна карата Патенттик ведомство тарабынан кандайдыр бир кепилдиксиз өтүнүүчүнүн жоопкерчилиги астында патент берилгенде, Патент мыйзамы тарабынан белгиленген патентке жарамдуулук талаптарына ылайык ага укуктук коргоо берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу максатында өзү билдирген ойлоп табууну изилдөөнү көздөйт.

Кыргызпатент жолдомо берилген күндөн тартып он сегиз айдын ичинде өтүнмөгө экспертиза жүргүзөт. Өтүнмөнүн маңызы боюнча экспертиза жүргүзүүдө билдирилген ойлоп табуунун Патент мыйзамы тарабынан белгиленген патентке жарамдуулук шарттарына ылайыктуулугу текшерилет.

Өтүнмөнүн маңызы боюнча экспертиза жүргүзүү мезгили ичинде Кыргызпатент өтүнүүчүдөн экспертиза жүргүзүү аларсыз мүмкүн болбогон кошумча материалдарды суроого укуктуу. Экспертизанын сурамы боюнча кошумча материалдар сурамды алган күндөн тартып эки айлык мөөнөттө жана ойлоп табуунун маңызын өзгөртпөстөн тапшырылышы керек.

Эгерде өтүнмөнүн маңызы боюнча экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында Кыргызпатент билдирилген сунуш укуктук коргоону өтүнүүчү сураган көлөмүндө ойлоп табуунун патентке жарамдуулук шарттарына ылайык келет деп бел-

гилесе, ойлоп табуунун формуласы менен, сунушталган жана өтүнүүчү менен макулдашылган патент берүү жөнүндө чечим чыгарылат.

Билдирилген сунуш укуктук коргоонун өтүнүүчү сураган көлөмүндө ойлоп табуунун патентке жарамдуулук шарттарына ылайык келбейт деп белгиленсе, патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

Өтүнүүчү патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө маңызы боюнча экспертизанын чечимине каршылыгын аны алган күндөн тартып үч айдын ичинде Апелляциялык кеңешке билдире алат. Каршы экендиги жөнүндөгү билдирүү Апелляциялык кеңеш тарабынан ал келип түшкөн күндөн тартып төрт айлык мөөнөттө каралууга тийиш.

Өтүнүүчү Апелляциялык кеңештин чечими менен макул болбогон учурда, ал аны алган күндөн тартып алты айлык мөөнөт ичинде доомат менен сотко кайрыла алат.

### *Пайдалуу моделге өтүнмөнү экспертизалоо*

Пайдалуу моделге өтүнмө боюнча Кыргызпатент формалдуу жана алдын-ала экспертиза жүргүзөт.

Экспертиза жүргүзүүдө ойлоп табууга формалдуу жана алдын-ала экспертиза жүргүзүүдөгү жоболор жана ыкмалар колдонулат.

Пайдалуу моделге өтүнмө боюнча алдын-ала экспертизадан оң натыйжалар менен өткөн пайдалуу моделге патент берүү жөнүндө чечим чыгарылат жана патент өтүнүүчүнүн жоопкерчилиги астында берилет.

### *Өнөр жай үлгүсүнө өтүнмөнү экспертизалоо*

Өнөр жай үлгүсүнө өтүнмө боюнча Кыргызпатент формалдуу жана алдын-ала экспертиза жүргүзөт.

Өтүнмө менен бир мезгилде же өтүнмө берилген күндөн тартып он эки айдын ичинде берилүүгө мүмкүн болгон өтүнүүчүнүн жолдомосу боюнча өтүнмөнү карап чыгуу маңызы боюнча экспертиза жүргүзүү менен же жүргүзбөстөн жүзөгө

ашырылышы мүмкүн. Эгерде жолдомо көрсөтүлгөн мөөнөттө берилбесе, өтүнмө чакыртылып алынды деп таанылат.

Өнөр жай үлгүсүнө өтүнмөгө **формалдуу экспертиза** жүргүзүүдө ойлоп табууга формалдуу экспертиза жүргүзүүдөгү окшош (аналогиялык) аракеттерге ылайык иш-аракеттер колдонулат, б.а. керектүү документтердин курамы жана алардын таризделишинин тууралыгы текшерилет.

Өтүнмөгө **алдын-ала экспертиза** жүргүзүүдө Кыргызпатент төрт айдын ичинде өтүнмөнүн документтеринин мазмунуна белгиленген талаптардын сакталышын, өтүнүүчү сунуштаган өтүнмөнүн материалдары боюнча билдирилген өнөр жай үлгүсүнүн патентке жарамдуулук шарттарына ылайыктуулугун текшерет. Кыргызпатент берген коргоо документтеринин фондуна, кыйла мурдагы артыкчылыктагы чакыртылып алынбаган өтүнмөлөргө өнөр жай үлгүсүнүн артыкчылыгын белгилейт, өтүнмөнүн өнөр жай үлгүсүнүн жалпы талаптарына ылайыктуулугун текшерет.

Өтүнүүчүнүн же үчүнчү жактардын жолдомосу боюнча Кыргызпатент жолдомо берилген күндөн тартып он эки айдын ичинде **маңызы боюнча өтүнмөгө экспертиза** жүргүзөт.

Алдын-ала экспертиза жана маңызы боюнча экспертиза жүргүзүүдө ойлоп табууга өтүнмөгө экспертиза жүргүзүүнүн ылайыктуу жол-жоболоруна окшош (аналогдук) жоболор колдонулат.

### 2.8. Өнөр жайдын менчик объектилерин каттоо, патент берүү жөнүндө маалыматтарды жарыялоо жана патент берүү

Кыргызпатент, патент берүү жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин, каттагандыгы жана патент бергендиги үчүн алымдар төлөнгөн шартта, тиешелүүлүгүнө жараша ойлоп табууну, пайдалуу моделди же өнөр жай үлгүсүн Кыргыз Республикасынын ойлоп табууларынын Мамлекеттик реестрине, Кыргыз Республикасынын пайдалуу моделдеринин Мамлекеттик реестрине же Кыргыз Республикасынын өнөр жай

үлгүлөрүнүн Мамлекеттик реестрине киргизет, патент берүү жөнүндө маалыматтарды расмий бюллетенде жарыялайт жана ал суралган жактын атына патент берет.

### 2.9. Патенттик укуктун принциптери

Патенттик укуктун принциптери патенттик укуктун негизги ченемдеринин конкреттүү мазмунун аныктайт, анын баштапкы чыгышы болуп эсептелет жана анын андан ары өнүгүшүнө өбөлгө катары кызмат кылат. Бул принциптерди билүү конкреттүү патенттик укуктук ченемдердин мазмунун жакшылап түшүнүүгө жардам берет, аларды иш жүзүндө туура пайдаланууга өбөлгө болот жана колдонуудагы мыйзамдар тарабынан түздөн-түз жөнгө салынбаган турмуштагы кырдаалдарды чечүү үчүн белгилүү бир багыттарды берет.

Баарыдан мурда патенттик укуктун негиз кылып алынган эң маанилүү башталышы болуп **патенттелген объектини пайдаланууга өзгөчө укук патент ээси үчүн экендигин таануу** эсептелет. Патент тутумунун эң негизги өзөгү болуп эсептелген бул жобо, патенттелген иштелмени даярдоого, колдонууга, четтен киргизүүгө, сатууга жана башкача айтканда чарбалык жүгүртүүгө киргизүүгө анын ээси гана укуктуу экендигин билдирет. Ошол эле учурда, бардык башка тараптарга патент ээсинин уруксатысыз аны пайдаланууга тыюу салынат.

Санкцияланбаган келишим же мыйзам менен патент ээсинин өзгөчө чөйрөсүнө бардык кийлигишүүлөргө жол берилбөөгө, ал эми тартип бузуучу – мыйзам тарабынан караштырылган санкция мыйзамы боюнча жоопко тартылууга тийиш.

Таануу жана бардык чаралар менен коргоо патенттик монополияны четтетпейт, ошондой эле патенттик укук боюнча аткаруулар жана коомдук кызыкчылыктарды коргоо иштери дагы четтелбейт. **Патент ээсинин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун туура сактоо үчүн бир жагынан, жана коомдук кызыкчылыктарды сактоо – экинчи жагынан** па-

тенттик укуктун экинчи принциби катарында каралат. Анын конкреттүү көрүнүштөрүнүн бири болуп, иштелме жалпы пайдаланууга түшкөн күндөн тартып белгилүү бир мезгилге патенттин аракеттенүү мөөнөтүн чектөөгө кызмат кылат.

Коомдук кызыкчылыктарда патенттелген иштелмелерди эркин пайдалануу деп аталган учурлар белгиленет. Врачтын рецеби боюнча аптекаларда дарыларды бир жолку даярдоолор, илимий эксперименттерди өткөрүү ж.б. – ушулар жана коомдук суроо-талаптар мажбурлаган патенттик монополиянын чөйрөсүнөн чыгарып салуулар патент ээсинин жана коомдун кызыкчылыктарынын тең салмакталган балансын билдиришет.

Патент укугунун андан кийинки принциби болуп **расмий түрдө патентке жарамдуу ойлоп табуу, пайдалуу модель жана өнөр жай үлгүсү деп табылган иштелмелерге гана коргоо берүү** эсептелет. Коргоо алуу үчүн кызыкдар болгон жак Кыргызпатентке белгилүү бир жол-жоболорду сактоо менен акырында каралуучу өзгөчө өтүнмөнү тариздөөгө жана берүүгө тийиш жана билдирилген объект мыйзам талаптарына ылайык келген учурда канааттандырылат.

Акырында патенттик укуктун принциби катарында **патент ээлеринин гана эмес, ойлоп табуулардын, пайдалуу моделдердин жана өнөр жай үлгүлөрүнүн жаратуучуларынын укуктарын жана кызыкчылыктарын таануучу жана коргоочу** мыйзамга ылайык жобо караштырылышы мүмкүн. Баарыдан мурда, так ошол чыныгы иштеп чыгуучуларга патент алуу мүмкүнчүлүгү берилет. Эгерде мыйзамга ылайык патент алууга башка бир жак укуктуу болсо, мисалы жумуш берүүчү, иштеп чыгуучулардын сый акы алуусуна мыйзам кепилдик берет. Иштеп чыгуучу болуп эсептелбеген тарап патент алууга өтүнмө берген учурда, бул тарап өтүнмө берүүгө укуктуулугун ырастоочу далилдерди көрсөтүшү керек. Иштеп чыгуучулар үчүн бардык учурларда алар түзгөн объектилерге болгон мөөнөтсүз жана өткөрүлүп берилбейт деп эсептелүүчү жеке мүлктүк эмес укуктар таанылат.

### 2.10. Патенттик укуктун субъектилери

Патенттик укуктун бардык субъектилеринин ичинен борбордук фигура болуп албетте автор эсептелет. Ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин, өнөр жай үлгүсүнүн автору катары аларды чыгармачыл эмгеги менен жараткан жеке жак таанылат.

Эреже катары, өнөр жай менчигинин объектилери бир нече жеке жактар – теңавторлоштор тарабынан жаралат. Теңавторлоштук чыгармачылык жолдун бүтүндөй мезгили ичинде жана эң ар түрдүү формада пайда болушу мүмкүн. Теңавторлоштуктун сөзсүз түрдөгү шарты болуп, биргелешип иштөөгө ар бир жеке жактын катышуусу эсептелет. Ошентип, техникалык, уюштуруучулук же материалдык гана жардам көрсөткөн, же ага жана аны пайдаланууга укукту тастыктоого өбөлгө түзүүчү жеке жактар автор катары таанылбайт. Автордук укук ажыратылбас жеке укук болуп эсептелет жана мөөнөтсүз корголот.

Патенттик укуктун өз алдынча субъектиси болуп **патент ээси** – патенти бар жана андан келип чыгуучу патенттелген объектини пайдаланууга өзгөчө укугу бар жеке же юридикалык жак эсептелет. Өнөр жай менчиги объектилерине карата патент ээси катары бир эле мезгилде бир нече жактар чыга алышат.

Патент бир нече жактарга таандык болгон өнөр жай менчиги объектисин пайдалануу боюнча өз ара мамиле алардын ортосундагы макулдашуу менен аныкталат. Мындай макулдашуу жок учурда алардын ар бири корголуучу объектини өзү каалагандай пайдалана алат, бирок калган патент ээлеринин макулдугусуз ага өзгөчө лицензия берүүгө же патентти ыктыярдуу өткөрүп берүүгө укугу жок.

Иштеп чыгуунун автору же патент ээси дүйнөдөн кайткан учурда патенттик укуктун субъектиси мыйзам боюнча жана мурас кагазы боюнча алардын **мураскерлери** болуп калышат. Мураскерлерге мүлктүк укуктар гана өтөт.

Билдирүүчүлөр, патент ээлери жана бардык кызыкдар болгон жактар өз алдынча жана патенттик ишенимдүү өкүлдөр аркылуу иш жүргүзө алышат. Патенттик ишенимдүү

өкүлдөрдүн институтун киргизүү патенттик укук объектилерине укуктарды каттоого байланышкан иштер боюнча өкүлчүлүк атайын билимдерди талап кылгандыгына байланыштуу келип чыккан. Анткени бул билимдер укук маселелери менен чектелбейт, ошондой эле иштин техникалык жактарын дагы жетишээрлик жакшы билүүсү зарыл.

Патенттик мыйзамдын түздөн-түз көрсөтүүсүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жеке жак же чет өлкөлүк юридикалык жактар же алардын патенттик ишенимдүү өкүлдөрү патенттерди алуу боюнча иштерди Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлдөр аркылуу гана жүргүзө алышаарын белгилөө керек.

**Патенттик ишенимдүү өкүлдөр** – Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашап турган анын жарандары, билдирүүчү тарабынан берилген ишеним каттын негизинде Кыргызпатенттин алдында өкүлчүлүк кылууга, аттестациялоонун жана каттоонун негизинде Кыргызпатентте укук берилген жеке жана юридикалык жактар (чет өлкөлүк жактар сөзсүз түрдө).

Патенттик укуктун субъектилеринин ичинде **Кыргызпатент** маанилүү орунду ээлейт. Кыргызпатенттин өз алдынча ведомство катары иш жүргүзүү зарылдыгы Париж конвенциясынын талаптарынан келип чыгат, ал конвенцияга кирген ар бир өлкө өнөр жай менчигинин иштери боюнча атайын кызмат түзүүгө милдеттүү экендигине байланыштуу.

Кыргызпатент патенттик укук объектилерин коргоо чөйрөсүн жөнгө салуучу мамлекеттик орган болуп эсептелет. Атап айтканда, ал ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдү карап чыгууга кабыл алат, алар боюнча экспертиза, мамлекеттик каттоо жүргүзөт, патенттерди берет, расмий маалыматтарды жарыялайт. Андан тышкары Кыргызпатент патенттик укуктарды жана Патент мыйзамын колдонуу боюнча түшүндүрмөлөрдү басып чыгарат, патенттик укук тармагында адистерди даярдоо боюнча иштерди жетектейт, башка иш-милдеттерди жүзөгө ашырат.

## 2.11. Патент ээсинин укуктары жана милдеттери

### *Патенттик укуктарды чектөө*

Патент ээсинин негизги укугу болуп патент менен корголуучу объектини пайдаланууга өзгөчө укук эсептелет. Бул укук белгилүү бир жактын атына патент берүүгө же патентти ыктыярдуу өткөрүп берүүгө байланыштуу келип чыгат.

Патенттик укук объектисин пайдалануунун мүмкүн болгон жолдору – булар даярдоо, колдонуу, сырттан алып кирүү, сатууга сунуштоо, сатуу, чарбалык жүгүртүүгө башка сырттан алып кирүү, же ушул максатта патенттелген ойлоп табууну, пайдалуу моделди, өнөр жай үлгүсүн камтыган продуктуну сактоо, ошондой эле патент менен корголгон ойлоп табууга ыкмаларды колдонуу.

Алынган патентти патент ээси бардык жеке жана юридикалык жактарга ыктыярдуу өткөрүп бере алат. Патентти ыктыярдуу өткөрүп берүү жөнүндө келишим Кыргызпатентте катталууга тийиш. Эгерде өнөр жай менчиги объектиси патент ээси тарабынан, же укук өткөрүлүп берген жактар тарабынан патент берилген күндөн тартып үч жылдын ичинде пайдаланылбаса же жетишээрлик эмес пайдаланылып, ал тиешелүү товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жетишээрлик эмес сунуштагандыкка алып келсе, ушул жак менен иш жүзүндө белгиленген ылайыктуу шарттарда лицензиялык келишим түзүүдөн патент ээси баш тарткан учурда, коргоодогу өнөр жай менчиги объектисин каалаган же пайдаланууга даяр болгон бардык жактар көрсөтүлгөн объектини пайдаланууга ага мажбурлап лицензия берүү жөнүндө доо менен сотко кайрылууга укуктуу.

Патент ээсинин өзгөчө укугун бузуу катары төмөнкүлөр эсептелбейт:

- конструкцияда же башка өлкөлөрдүн транспорттук каражаттарын (деңиздик, дарыялык, абалык, кургактыктагы жана космикалык) пайдаланууда, көрсөтүлгөн каражаттар убактылуу же капысынан Кыргыз Республи-

касынын аймагында орун алышкан жана транспорттук каражаттардын керектөөлөрү үчүн пайдаланылган шарттарда патент менен корголуучу өнөр жай менчиги объектилерин камтыган каражаттарды колдонуу;

- өнөр жай менчиги объектисин камтыган каражаттын үстүнөн илимий изилдөө же сынак (эксперимент) жүргүзүү;
- табият кырсыктары, кыйроолор, чоң авариялар сыяктуу өзгөчө кырдаалдарда патент ээсине андан кийин компенсацияга ылайык төлөп берүү менен аталган каражаттарды колдонуу;
- патенттер менен корголуучу өнөр жай менчиги объектилерин камтыган каражаттарды колдонуу, эгерде бул каражаттар патент ээсине берилген укуктарга ылайык мыйзам жолу менен чарбалык жүгүртүүгө киргизилген болсо.

Патент мыйзамы менен жактардын дагы бир категориясы жана алар тарабынан ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин же өнөр жай үлгүсүнүн пайдаланылышы патент ээсинин өзгөчө укуктарын бузгандык болуп эсептелбей турган дагы бир абал аныкталган. Ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин, өнөр жай үлгүсүнүн артыкчылык алган күнүнө чейин Кыргыз Республикасынын аймагында анын авторуна көзкарандысыз ага окшош чечимди пайдаланган же ошого зарыл даярдыктарды көргөн бардык жеке жана юридикалык жактар андан ары аны көлөмүн кеңейтпестен кайтарымсыз пайдаланууга өз укугун сактап калат. Ойлоп табуу артыкчылык алгандан кийин окшош буюмдарды чыгарып баштоону чечкен жактар бул укуктан пайдалана алышпайт.

### 2.12. Патенттин аракетин токтотуу

Патенттин аракеттери убакыттын өлчөмдөрү менен чектелээри баарыга маалым. Кыргызстанда ойлоп табууга патент Кыргызпатентке өтүнмө берген күндү эсептегенде 20 жыл ичинде аракеттенет. Пайдалуу моделге Кыргыз Республикасынын патенти аракеттенүү мөөнөтүн дагы 3 жылга узартуу

мүмкүнчүлүгү менен 5жыл ичинде аракеттенет. Өнөр жай үлгүсүнө Кыргыз Республикасынын патенти аракеттенүү мөөнөтүн дагы 5жылга узартуу мүмкүнчүлүгү менен 10 жыл ичинде аракеттенет. Мыйзамдар тарабынан белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин патенттин аракеттенүүсү токтолот жана коргоо предмети жалпы элдик мүлккө өтөт.

Патент мыйзамы патенттин аракетин мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Патенттин аракетин мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн негиз болуп патент ээсинин өз укуктарынан баш тартуусу, ошондой эле патентти күчүндө кармап туруу үчүн алымдын белгиленген мөөнөттө төлөнбөй калышы эсептелиши мүмкүн. Ошентип, өзүнүн ойлоп табуусунун коммерциялык жүзөгө ашыруу келечеги жок экендигине, иштелменин эскиргендигине, алымдарды төлөөгө каражаттын жоктугуна ж.б. ынанганда, патент ээси каалаган убакта патенттен баш тарта алат. Ага таандык болгон патентти сактоого кызыкдар болбогон патент ээси патентти күчүндө кармап туруу үчүн патенттик алымдарды төлөөнү токтотот, анын натыйжасында алым төлөө үчүн белгиленген мөөнөт бүткөн учурдан баштап патент өзүнүн аракетин токтотот.

Мыйзамдар бардык кызыкдар болгон жактарга патенттин бүтүндөй аракеттенүү мөөнөтү ичинде патенттин аракетин талашууга мүмкүндүк берет.

Буга негиз болуп корголуучу чечимдин мыйзам тарабынан белгиленген патентке жарамдуулук талаптарына ылайык келбестиги кызмат кылышы мүмкүн. Өтүнмөнүн баштапкы материалдарында жок болгон негизги белгилер формулада бар болгон учурда патент жокко чыгарылышы мүмкүн. Патенттин жараксыздыгы патентте автор(лор) же патент ээси(лери) туура эмес көрсөтүлгөндүктүн натыйжасында пайда болушу мүмкүн.

Патент толук же айрым бир бөлүктөрү боюнча жараксыз деп табылышы мүмкүн. Мисалы, эгерде патенттик формула көп бөлүктүү болсо, анда бир же бир нече тарамдарды (пункттарды) жокко чыгаруу патентти толугу менен жокко чыгаруу-

га алып келбейт, себеби патенттик укуктардын (формуланын тарамдарынын) калган бөлүгү аракеттенүүсүн улантат.

Патентти жараксыз деп табуу жөнүндө талап аны берүүгө каршы болуу формасында Апелляциялык кеңешке берилет. Патенттик талаш-тартыштар боюнча Апелляциялык кеңештин чечими сотко даттанылышы мүмкүн.

### 2-баптын атайын адабияты


1. *Белов В.И., Травушкина Л.Ф.* Что нового в критерии «новизна»? // Патенты и лицензии. – 1996. – № 4. – С. 9 – 12.

2. *Блинников В.И., Григорьев А.Н., Еременко В.И.* Комментарии к Российскому патентному законодательству. – М.: Правовая культура, 1997. – 270с.

3. *Блинников В.И., Григорьев А.Н., Еременко В.И.* Комментарий Евразийского патентного законодательства. – М.: Экзамен, 2003. – 448 с.

4. *Болотин И.Н.* Защита полезных моделей в Апелляционной палате // Интеллектуальная собственность. – 1998. – № 4. – С. 98–101.

5. *Буряк Е.М.* Международные договоры и соглашения в области охраны промышленной собственности. – М.: ВНИИПИ, 1994. – 58 с.

6. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

7. *Григорьев А.Н., Еременко В.И., Качанов Ю.В. и др.* Законодательство стран СНГ в области промышленной собственности. – М.:ВНИИПИ, 1996. – Т.1, 2. –148, 440 с.

8. Евразийское патентное право: комментарий и нормативные правовые акты/авт. коммент. и сост.: А.Н. Григорьев, В.И. Еременко. – М.: ИНИЦ «ПАТЕНТ», 2012. – 520 с.

9. *Зарубинский Г.М.* Что же такое новизна? // Патенты и лицензии. – 2002. – № 6. – С. 16–20.

10. *Казанков В.М., Зиль В.П., Кулагин В.П.* Экспертиза по существу заявки на изобретение // Патентная информация. – 1994. – № 2. – С. 94–97.

11. Как защитить промышленную собственность в Кыргызстане: Учебно-методическое пособие / Под ред. проф. Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 1999. – 88 с.

12. *Оморов Р.О.* Система промышленной собственности (Патентная система Кыргызстана) // Вестник Кыргызпатента. – 1998. – № 1. – С. 82 – 93.

13. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность: Учебное пособие. для вузов/ Под ред. д.т.н., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 127 с.

14. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.

15. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. Р.О. Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС»,2005. – 425 с.

16. Особенности охраны полезных моделей в Японии // Патентное дело. – 1999.– № 7. – С. 11–12.

17. *Пантелеев М.* Установление новизны изобретения // Интеллектуальная собственность. – 1997. – № 3 –4. – С. 39–46.

18. *Пантелеев М.* Условие охраноспособности «изобретательский уровень» // Интеллектуальная собственность. – 1996. – № 1–2. – С. 20–25.

19. *Пантелеев М.* Критерий охраноспособности понятия «промышленная применимость» // Интеллектуальная собственность. – 1995. – № 9–10. – С. 31–35.

20. *Пахомова В.А.* Составление описания и перечня существенных признаков промышленного образца. – М.: ВНИИПИ, 1997. – 23 с.

21. Перспективы развития российского законодательства о промышленной применимости / Под общей ред. А.Д. Корчагина. – М.: ИНИЦ Роспатента, 2002. – С. 78–130.

22. *Полищук Е.П., Сабода Л.В.* Оценка соответствия заявленного изобретения критериям патентоспособности «про-

мышленная применимость» и «изобретательский уровень» // Вопросы изобретательства. – 1991. – № 11–12. – С. 29–36.

23. *Полищук Е.П., Морская О.Г.* Проверка новизны изобретения и полезной модели // Патенты и лицензии. – 2000. – № 12. – С. 9 – 15.

24. *Сабода Л.В.* О правовой охране полезных моделей // Патентная информация.– 1994. – № 2. – С. 60–64.

25. *Селяков В.А.* Правовая охрана промышленных образцов в России. – М.: ВНИИПИ, 1994. – 30 с.

26. *Сергеев А.П.* Патентное право: Учебное пособие. – М.: Бек, 1994. –173 с.

27. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник – М.: Теис, 1996. –752 с.

28. Теоретические и практические аспекты охраны промышленной собственности в Российской Федерации/Под общей ред. А.Д. Корчагина. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1999. – С. 99 – 153.

29. *Томашев В.* Охрана полезных моделей: успехи, ошибки, перспективы // Интеллектуальная собственность.– 2000. – № 4. – С. 46 – 51.

30. *Финкель Н.К., Старобогатова В.А.* Новые тенденции в правовой охране полезных моделей // Патенты и лицензии.– 1996. – № 6. – С. 17 – 22.

31. *Хмилевская Л.Г.* Полезная модель как объект промышленной собственности. – Бишкек:Кыргызпатент, 1995.– 4 с.

32. *Шестимиров А.А.* Промышленные образцы. Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1995. – 397 с.

**Тиркеме**

***Ойлоп табууга патент берүүгө өтүнмө боюнча билдирилген документтердин комплектиси***

Заполняется Кыргызпатентом

<table>
<tr><td>(22) Берген күнү</td><td>Кириш №<br>Келип түшкөн күнү</td><td rowspan="2">(21) Каттоо №</td></tr>
<tr><td>Артыкчылык</td><td>(51) ЭПК</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ойлоп табууга Кыргыз Республикасынын патентин берүү жөнүндө<br>АРЫЗ</td><td>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик кызматына (Кыргызпатент)<br><br>720021, Бишкек ш., Москва көчөсү, 62</td></tr>
<tr><td colspan="2">Төмөндө аталган документтерди көрсөтүү менен,______________________<br>________________________________<br><br>атына Кыргыз Республикасынын патентин берүүнү суранам(быз)<br><br>(71) Өтүнүүчү (лөр):<br><br>(толук аты-жөнү же аталышы жана жашаган жери же жүргөн жери көрсөтүлөт. Авторлор-өтүнүүчүлөрдүн жашаган жери жөнүндө 97- коддогу графада келтирилет).</td><td>ОКПО боюнча уюмдун, ишкананын коду<br><br>ИМДУнун ST. 3 боюнча стандарты өлкөнүн коду</td></tr>
<tr><td colspan="3">Ойлоп табуунун артыкчылыгын күнү боюнча белгилөөнү суранам(быз):<br>☐ Париж конвенциясынын мамлекет-катышуучусунда биринчи өтүнмөнүн берилиши. (Мыйзамдын 21-б. 3-бөлүгү).<br>☐ Мыйзамдын 21-б. 10-бөлүгүнө ылайык өтүнмөнүн Кыргызпатентке кыйла мурдараак берилиши.<br>☐ Мыйзамдын 21-б. 10-бөлүгүнө ылайык өтүнмөнүн Кыргызпатентке алгачкы берилиши.<br>☐ кошумча материалдардын берилиши (Мыйзамдын 21-б. 6-бөлүгү).</td></tr>
</table>

Керектүүсүн ☒ белгилеп коюңуз

☒ Керектүүсү белгиленет

| (Кыргызпатентке өтүнмө берилген күнгө караганда кыйла мурдараак артыкчылык суралганда гана толтурулат) | | |
|---|---|---|
| биринчи, кыйла мурдараак берилген өтүнмөнүн № | Артыкчылык суралган күнү | (33) берген өлкөнүн ST. 3 боюнча коду (конвенциялык артыкчылыкты суроодо) |
| (54) Ойлоп табуунун аталышы | | |
| (98) Кат-кабар алышуу үчүн дарек (толук почтолук дареги, адресаттын аты же аталышы)<br><br>Телефон: Телекс: Факс: | | |
| (74) Патенттик ишенимдүү өкүл (толук аты, катталган номери, жүргөн жери)<br><br>Телефон: Телекс: Факс: | | |

өтүнмөнүн бланкынын астыңкы бети

| Тиркелүүчү документтердин тизмеси: | 1 нускасы саны | Нуска сынын саны | Өтүнмө берүүгө жана патент алууга укуктун пайда болушу үчүн негиз |
|---|---|---|---|
| ☐ Ойлоп табуунун сыпаттамасы | | | (документти көрсөтпөстөн): |
| ☐ Ойлоп табуунун формуласы (көз карандысыз тарамдардын (пункттардын) саны) | | | |
| ☐ чийме(лер) жана башка материалдар | | | |
| ☐ реферат | | | |
| ☐ алым төлөгөндүгү жөнүндө документ<br>☐ өтүнмө бергендиги жана экспертиза жүргүзгөндүгү үчүн | | | ☐ билдирүүчү жумуш берүүчү болуп эсептелет жана Патент мыйзамынын 9- жана 10-б. шарттары сакталды |

<table>
<tr><td>☐ төмөндөгүлөр үчүн негиздин бар экендигин ырастоочу документ:<br>☐ алым төлөөдөн бошотуу<br>☐ алымдын өлчөмүн азайтуу</td><td></td><td></td><td rowspan="5">☐ жумуш берүүчү тарабынан укуктарды башка жакка кайра өткөрүп берүүсү<br><br>☐ укуктун авторунун же анын мураскеринин укукту башка жакка ыктыярдуу өткөрүп берүүсү<br><br>☐ мураскерлик укугу</td></tr>
<tr><td>☐ биринчи өтүнмөнүн (лөрдүн) көчүрмөсү (конвенциялык артыкчылык суроолор)</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>☐ өтүнмөнүн орус же кыргыз тилине котормосу</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>☐ патенттик ишенимдүү өкүлдүн ыйгарым укугун ырастоочу ишеним кат</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>☐ башка документ (көрсөтүү керек)</td><td></td><td></td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>(72) Автор(лор)<br><br>(толук аты-жөнү көрсөтүлөт)</td><td>(97) жашаган жеринин дареги (чет өлкөлүктөр үчүн – ИМДУ ST. 3 стандарты боюнча өлкөнүн коду эгерде белгиленген болсо)</td><td>Патент алууга өз укугун өткөрүп берүүчү автордун (лордун колу(дору); күнү</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3">Мен (биз) ________________________________________<br>толук аты-жөнү<br>патент берүүгө өтүнмө жөнүндө маалыматтарды жарыялоодо автор(лор) катарында мени (бизди) эскербөөнү суранам(быз)<br>автордун(лордун) колу(дору):</td></tr>
<tr><td colspan="3">патент алууга укук өткөрүлүп берилүүчү автордун укук мураскери (толук аты-жөнү же аталышы, жашаган же жүргөн жери, колу, күнү):</td></tr>
<tr><td colspan="3">Колу<br><br>патент суралып жаткан адамдын, өтүнүүчүнүн(лөрдүн) же патенттик ишенимдүү өкүлдүн колу(дору), кол коюлган күнү<br>(юридикалык жактын атынан кол коюлган учурда жетекчинин колу мөөр күбөлөндүрүлөт)</td></tr>
</table>

өтүнмөнүн бланкынын арткы бети

**Ойлоп табууга, өнөр жай үлгүсүнө**

(керектүүсүнүн астын сызуу зарыл)

**негизи боюнча экспертиза жүргүзүү менен,**

**негизи боюнча экспертиза жүргүзбөстөн**

(керектүүсүнүн астын сызуу зарыл)

**Кыргыз Республикасынын патентин берүү жөнүндө**

**ЖОЛДОМО**

Мен (биз) ____________________________________________

(өтүнүүчүнүн расмий аталышы же аты-жөнү)

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

негизи боюнча экспертиза жүргүзүү менен, негизи боюнча экспертиза жүргүзбөстөн

(керектүүсүнүн астын сызуу зарыл)

Кыргыз Республикасынын патентин берүүнү суранам (суранабыз) өтүнмө боюнча ________________________________________

(ойлоп табуунун же өнөр жай үлгүсүнүн аталышы)

________________________________________________ атына

(патент суралып жаткан жеке жактын аты-жөнү же юридикалык жактын аталышы)

автор (авторлор) ______________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

______________________________________________________

Колу:

Өтүнүүчүнүн(лөрдүн) колу, кол(дор) коюлган күнү


(юридикалык жактын атынан кол коюлган учурда кол тамга мөөр менен күбөлөндүрүлөт)

*Ойлоп табуунун сыпаттамасы*


| | |
|---|---|
| ЭПК классы | ЭПК[7]F 24 H 3/00 |
| Ойлоп табуунун аталышы | Электр жылыткычы |
| Ойлоп табуу таандык болгон техника тармагы | Ойлоп табуу жылуулук техникасына таандык, айтсак, өндүрүштүк жана тиричилик имараттарын жылытуучу түзүлүштөргө кирет |
| Техника деңгээли | Жылыткыч элементи бар горизонталдуу тулкуну (корпусту) жана жылуулук чыга турган тешиктин аймагында жылытылган аба агымынын багытын өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүчү бүктөмө аба бөлүштүргүчтү камтыган конвектор белгилүү. Бөлүштүргүч бири-бирине шарнир менен бекитилген жана корпустун – конвектордун капталына кадалган пластинден жасалган. Түзүлүштүн төмөнкү бөлүгүндө жылдырма поддон орнотулган. Тулкунун горизонталдык жайгаштырылышынын жана пластинди ылайыктуу компоновкалоонун эсебинен жылытылган абанын поддон боюнча агымынын багыты вертикалдык сыяктуу эле горизонталдык абалда багытталышы мүмкүн. Поддонго тамак-аш продуктуларын жылытуу үчүн же ар түрдүү буюмдарды кургатуу үчүн коюуга болот. Бирок конвектордун корпусунун ичине поддонду горизонталдык жайгаштыруу менен жылыткычтын мындай орнотулушу андагы жайгаштырылган продуктулардын бир кыйла жылытылышын камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт, мисалы анын иштөө мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтүү менен тамак-аш даярдоо максатында |
| Ойлоп табуунун маңызы | Сунушталган электр жылыткычы конструктивдик жол менен жасалган, имаратты жылытуу режими менен катар тамак-аш даярдоону камсыз кылуу менен анын ичиндеги объектини жылытуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Буга мындайча жетишилет: ичинде жылыткыч элементтери бар электр жылыткычынын тулкусу ойлоп табууда вертикалдык түрдө жайгашкан, ал эми жылыткыч элементтер ичинде жылыткыч жиптери орнотулган слюдопластан жасалган |

| | |
|---|---|
| | бириктирилген электр пластиндер түрүндө даярдалган; анын үстүнө тулку цилиндр түрүндө жасалган жана анын жогорку бөлүгүндө ажыратылма купол формасындагы отургузма жана жылытыла турган объекттер карматкыч – торлор (решеткалар) менен жабдылган, ал эми анын төмөнкү бөлүгүндө чагылдыруучу пластина жайгаштырылган. |
| Чиймелердин фигураларынын, башка материалдардын тизмеси | l-фигурада имаратты жылытуу режиминдеги электр жылыткыч схемалаштырылып көрсөтүлгөн;<br>2-фигурада жылыткыч тамак-аш даярдоого ылайык режимде;<br>3-фигурада жылытуучу объектилердин кармагычы |
| Ойлоп табууну жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн ырастоочу маалыматтар | Электр жылыткычы цилиндр түрүндөгү тулкудан турат 1. анын ичинде пластин түрүндө электр жылыткычынын элементтери жайгаштырылган 2. l-корпустун жогорку учунда купол формасындагы ажыратылма отургузма 3, ал боз үйдүн куполундай ийилип жасалган өзөктөрдөн турат, 4. алар электр жылыткычынын 1 – тулкусунан жылыган абанын эркин чыгуусун камсыз кылат. Тулку 1 – менен отургузма 3-бириктирилген жерде жылытылуучу объекттердин кармагычы – тор 5 – жайгаштырылган.<br>Электр жылыткычынын төмөнкү бөлүгүндө жылыткычтын жылуулуктарын полго – ал орнотулган жерге өткөрбөй турган горизонталдык чагылдырма пластина 6-бекитилген. Электр жылыткыч элементтеринин пластиналары 2 – ичинде электр менен жылыткыч жиптер орнотулган слюдопласттан жасалган. Жиптердин учтары үч пластиналар менен туташтырылып, аларды өтө ысып кетүүдөн сактап, аларды бир калыпта жылытууну камсыз кылат. Мындай аткарылыш жана электрдик жылыткыч элементтерин туташтыруу жылытуунун тар жерлеринде чоң кубаттуулуктагы жылуулук өткөрүүлөрүн аккумуляциялоого мүмкүндүк берет. Пластиналар 2 – токту башка жакка өткөрүүчү прибордун (переключатель) 7 – жана ток өткөрүүчү элементтердин а жардамы менен ток булагы- |


| | |
|---|---|
| | электрдик түйүнгө туташтырылган. Купол түрүндөгү отургузманын 3 – жана цилиндрдик тулкунун 1 – бийиктигинин жана диаметринин туура келүү катышын тандоо жылыткычтын сырткы көрүнүшүнө боз үйдүн улуттук колоритин, оңтойлуулуктун эстетикалык кабылдануусун жана анын негизги арналышы – имаратты жылытуудан тышкары жайлуулукту берет. Электр жылыткычы мындайча иштейт: Имаратты жылытуу үчүн зарыл болгон жылуулуктун өлчөмүнө жараша өткөрүүчү прибордун 7 – жардамы менен электр түйүнүнө электр жылыткычынын үч же алты пластини туташтырылат. Аба конвекциясынын жылуулук таратуучу пластини 2 – купол түрүндөгү отургузманын 3 – өзөктөрү 4 – аркылуу жылытылуучу мейкиндикке чыгарылат. Сууну кайнатуу, ысытуу же тамак-аш бышыруу зарылчылыгында купол түрүндөгү отургузма 3 – тулкудан 1 – ажыратылып салынат, тордо (решеткада) 5 – ысытыла турган объект (чайнек, мискей ж.б.) жайгаштырылат, жылытуучу пластиндердин 2 – максималдуу саны туташтырылат жана тамак-аш даярдоо иштери жүргүзүлөт. |




1-фиг.




2-фиг.



3-фиг.

***Ойлоп табуунун формуласы***

Ичинде электр жылыткычынын элементтери орнотулган, жылытуучу объектилердин кармоочун камтыган тулкудан турган электр жылыткычы мунусу менен айырмаланат: электр жылыткыч элементтери ичине жылытуучу жиптер орнотулган слюдопласттан пластина түрүндө жасалган, ал эми тулку-

су вертикалдык абалдагы цилиндр формасында болуп, анын жогорку бөлүгүндө жылытылуучу объектилердин торчолор түрүндөгү кармоочу жайгаштырылган, ал эми анын төмөнкү бөлүгүндө чагылдыруучу пластина орнотулган, муну менен тулкусу купол түрүндөгү отургузма жапкыч (капкак) менен жабдылган.

***Ойлоп табуунун рефераты***
***Электр жылыткычы***

Ойлоп табуу жылуулук техникасына таандык, так-тап айтканда, өндүрүштүк жана тиричиликтик жылытуучу түзүлүштөргө кирет.

Электр жылыткычы конструктивдик түрдө жасалган, имаратты жылытуу режими менен катар тамак-аш даярдоо-ну камсыз кылуу менен анын ичиндеги объектини жылытуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Буга мындайча жетишилет, ичинде жылыткыч элементтери бар электр жылыткычынын тулкусу ойлоп табууга ылайык вертикалдык түрдө жайгашкан, ал эми жылыткыч элементтер ичинде жылыткыч жиптери орнотул-ган слюдопластан жасалган бириктирилген электр пластиндер түрүндө даярдалган, анын үстүнө тулку цилиндр түрүндө жа-салган жана анын жогорку бөлүгүндө ажыратылма купол фор-масындагы отургузма жана жылытыла турган объекттердин карматкычтары – торлор (решеткалар) менен жабдылган, ал эми анын төмөнкү бөлүгүндө чагылдыруучу пластина жайгаш-тырылган.

# 3-БАП. РАЦИОНАЛИЗАТОРДУК СУНУШТАР

## 3.1. Рационализатордук сунуштар түшүнүгү жана белгилери

Азыркы рыноктук шарттарда ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер менен катар белгилүү техника деңгээлин өркүндөтүүдө рационализатордук сунуштар бир кыйла маанилүү роль ойношот. Рационализатордук сунуштардын жардамы менен мурда белгилүү болгон техникалык же уюштуруу чечимдерин өркүндөтүүнү киргизишет, колдонуудагы жабдууларды жана анын өндүрүштүн конкреттүү шарттарына ыңгайлашуусун жаңылантуу жүзөгө ашырылат, конструкторлордун жана долбоорлоочулардын кээ бир каталары жоюлат ж.б.

Рационализация деген сөз латынча «rationale» деген сөздөн алынып, «акылдуу» дегенди билдирет, ал күндөлүк турмушта кандайдыр бир нерсени өркүндөтүү катары сиңип кеткен жана өндүрүш процессин бир кыйла максатка ылайыктап уюштурууга багытталган бардык техникалык жана уюштуруучулук мүнөздөгү иш-чараларды, жакшыртууну, өндүрүштү жөнөкөйлөштүрүүнү жана арзандатууну, эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетүүнү, башкаруу аппаратынын ишин жакшыртууну ж.б. камтыйт.

Мындан бир аз мурдараак убакытка чейин Кыргызстандагы рационализатордук ишмердүүлүк тармагындагы мамилелер өз аракеттерин «Кыргыз Республикасындагы рационализатордук ишмердүүлүк жөнүндө типтүү жобого» ылайык регламенттешкен ишканалардын өздөрү тарабынан жөнгө салынып келген.

Бул жобо ишканаларга, уюмдарга, мекемелерге рационализатордук сунушка арыздарды карап чыгуу, аларды каттоо,

пайдалануу, сый акыларды төлөп берүү тартибин өзүлөрү үчүн өз алдынча аныктоо, мүмкүндүгүн белгилеген, б.а. ишканалардын жетекчилерине рационализатордук ишмердүүлүк тармагындагы аракеттердин толук эркиндигин берген.

Бирок эл чарбачылыгын башкаруу структурасындагы социалдык-экономикалык кайра жаралуулар жободо белгиленген көп ченемдердин турмуштун жаңы көнүмүштөрүнө карама-каршы келишине дуушар кылып, чарба жүгүртүүнүн жаңы шарттарында натыйжасыз болуп калды.

Рационализатордук ишмердүүлүккө өбөлгө түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.05.2002-жылдагы № 336-токтому менен «Кыргыз Республикасындагы рационализатордук сунуштар жөнүндө Жобо» киргизилген болучу (мындан ары – жобо).

Жаңы жобонун негизги айырмачылыгы болуп Кыргызпатент аркылуу рационализатордук сунуштарды борборлоштурулган каттоону киргизүү, ошондой эле белгиленген мөөнөттө ишкана рационализатордук сунушту пайдаланбаган учурда авторго рационализатордук сунушту өзү каалагандай пайдаланууга мүмкүндүк берүүнү караштыруучу ченемдерди киргизүү эсептелген.

Жобого ылайык, ***рационализатордук сунуш деп, ишкана үчүн жаңы жана пайдалуу болуп эсептелген техникалык, уюштуруучулук же башка сунуш эсептелет.*** Ошентип, рационализатордук сунуштун коргоого жарамдуулук белгилери катары жаңычылдыгы жана пайдалуулугу аныкталды.

Жобо ***рационализатордук деп таанылууга мүмкүн болбогон*** сунуштардын алкагын өзгөчө белгилейт, булар атап айтканда төмөндөгүлөр:

- продукциянын сапатынын ишенимдүүлүгүн, узакка чыдамдуулугун жана башка көрсөткүчтөрүн төмөндөтүүчү же эмгек шарттарын жана экологияны начарлатуучу сунуштар;
- шарттуу белгилер, эрежелер, ченемдик-усулдук материалдар;

– мындай товарлардын сырткы көрүнүшүнө тиешелүү сунуштар;
– кызматтык тапшырмаларды же келишимдик иштерди аткаруу процессинде илимий-изилдөө, конструктордук, технологиялык уюмдардын инженердик-техникалык кызматкерлери тарабынан түзүлгөн сунуштар.

*Эгерде арыз берилгенге чейин белгиленген форма боюнча бул же окшош сунуш ишканада бар болгон булактардын ичинде аны иш жүзүндө пайдалануу үчүн жетишээрлик деңгээлде болбогон болсо, өндүрүш үчүн* **сунуш жаңы болуп эсептелет.**

*Дүйнөлүк* жаңылыкка ээ болууга тийиш болгон ойлоп табуулардан жана пайдалуу моделдерден айырмаланып, рационализатордук сунуштарга *жергиликтүү* жаңылыктын, б.а. ал бериле турган конкреттүү ишкананын чегиндеги жаңылыгынын талаптары коюлат.

Рационализатордук деп таанылуучу сунуштар үчүн жергиликтүү жаңылыгы жетишээрлик болгондуктан, берилген белгини изилдөөдө көңүлгө алынуучу булактардын алкагы жетишээрлик тар. Ишканада жок болгон маалымат булактарынан маселелерди чечүүнүн белгилүүлүгү рационализатордук сунуштун жаңылыгын бузбайт, Мисалы, атайын адабияттан же патенттик документациядан, атап айтканда ойлоп табууларга сыпаттамалардан алынган маалыматтар, окшош чечимдерди башка ишканаларда колдонуу жөнүндөгү ж.б. маалыматтар рацсунушка карама-каршы коюлууга мүмкүн эмес.

Ишкана үчүн сунуш жаңы болуп эсептелет, эгерде арыз берилгенге чейин белгиленген форма боюнча бул же окшош сунуш:
– бул ишканада пайдаланылбаган болсо, арыз берилгенге чейин үч айдан ашпаган мезгил ичинде автордун демилгеси боюнча сунуш пайдаланылган учурдан башка учурларда;
– администрациянын буйруктары тарабынан караштырылбаган болсо;
– ишкананын, уюмдун же мекеменин техникалык кызматтары тарабынан иштелип чыкпаган болсо;

- жогорку уюмдар тарабынан сунуш кылынбаган болсо;
- бул тармакта алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу боюнча маалыматтык басылмаларда жарыяланбаган болсо;
- ишкана, уюм же мекеме үчүн сөзсүз түрдөгү нормативдер катары караштырылбаган болсо; буларга стандарттар, техникалык шарттар, ченемдер ж.б. киришет.

Сунуш жаңы деп таанылбайт:

- ишканада, анын ичинде ишканадагы маалымат булактарынан жана ушул ишкананын шарттарына ылайыкталган кошумча иштеп чыгуусуз башка ишканалардын иш тажрыйбасынан белгилүү болсо;
- бир буюмду, ишкананын технологиясын, колдонулуучу техниканы, материалды ж.б. башка белгилүүгө алмаштырууну болжоштуруучу, эгерде сунушталган алмаштыруучу чыны менен каражатты алмаштыруучу катарында сунушталган арналыштан жана мүнөздөмөлөрдөн келип чыкса, аны менен баасы бирдей болуп эсептелет, б.а. алмаштыруучуга салыштырмалуу кошумча же башка натыйжаны пайда кылбайт.

Рационализатордук сунуштун коргоого жарамдуулугунун экинчи белгиси, жогоруда айтылгандай, анын пайдалуулугу болуп эсептелет.

Жобого ылайык, *эгерде аны иш жүзүндө пайдалануу ишканага экономикалык же башка* оң *натыйжаны алып келсе, сунуш* ***пайдалуу болуп эсептелет***. Сунушту пайдалануунун натыйжасы мисалы, эмгек өндүрүмдүүлүгүн, товардын сапатын, ишенимдүүлүгүн, узакка жарамдуулугун жогорулатууда, материалдык жана эмгек ресурстарын үнөмдөөдө, эмгек шарттарын жана коопсуздук техникасын ж.б.у.с. жакшыртууда туруусу мүмкүн.

Продукциянын сапатынын ишенимдүүлүгүн, узакка жарамдуулугун жана башка көрсөткүчтөрүн төмөндөтүүчү, эмгек шарттарын жана коопсуздук техникасын начарлаткан, мурдагы натыйжаны алууга, бирок кыйла татаал же артта калган ыкма менен алууга мүмкүндүк түзгөн мындай сунуштар

пайдалуулук талаптарын канааттандырбайт жана ошондуктан рационализатордук деп таанылбайт. Башкача айтканда, экономикалык натыйжа алып келүүчү бардык эле сунуштар пайдалуу деп таанылa бербейт.

Кээде рационалдык сунушту өздөштүрүү бир көрсөткүчтөрдү жакшыртууга жана ошол эле мезгилде башкаларын начарлатууга алып келет. Мындай учурда сунуштун пайдалуулугун аныктоо менен, рационалдаштыруунун артыкчылыктары анын кемчилдиктеринен канчалык артыкчылык кыла тургандыгынан келип чыгуу керек.

Жаңылык жана пайдалуулук белгилеринин конкреттүү камтылышы көпчүлүк учурларда ал бериле турган ишкананын спецификасы менен аныктала тургандыгын белгилөө зарыл. Мисалы, эң жаңы техника менен жабдылган жана квалификациялуу кадрлары бар ишканага берилүүчү сунуштардын жаңылыгына жана пайдалуулугуна техникалык артта калган ишканага жиберилүүгө мүмкүн болгондорго салыштырмалуу кыйла жогору талаптар коюла тургандыгы айкын. Ошондуктан конкреттүү сунуш бир ишканада рационализатордук деп табылып, ал эми башкасында – жаңылыктын жана пайдалуулуктун жоктугуна байланыштуу четке кагылган учурда кырдаал кадыресе көнүмүш катары эсептелет.

### 3.2. Рационализатордук сунушка укуктун субъектилери

Рационализатордук сунушка укуктун субъектилери болуп авторлор жана алардын укук мураскерлери эсептелишет.

Рационализатордук сунуштардын авторлору болуп, көпчүлүк учурларда ишканалардын жана уюмдардын кызмат орунундагы кызматкерлер эсептелишет. Бирок, рационализатордук сунуштарга арыздар ишканага жат адамдар – башка ишканалардын кызматчылары, пенсиядагылар, окуучулар ж.б. тарабынан дагы берилиши мүмкүн.

Эгерде рационализатордук сунушту жаратууга бир нече адам чыгармачылык менен катышса, тең авторлоштук пайда

болот. Рационализатордук сунуштун авторуна техникалык гана, мисалы, чиймелерди жана үлгүлөрдү даярдоо, эсептерди аткаруу, документацияларды тариздөө, тажрыйбалык текшерүү өткөрүү ж.б. жардам көрсөткөн адамдар тең авторлоштукка талапкер боло алышпайт.

Рационализатордук сунуштун тең авторлош курамы берилген арызга киргизилген бардык адамдардын макулдашуусунун негизинде аныкталат.

Рационализатордук сунуштун автору дүйнөдөн кайткандан кийин анын укуктары мыйзам же мурас кагаз боюнча мураскерлерге өтөт. Сый акыга жана аны сатууга укукту камсыз кылуучу рационализатордук сунушка күбөлүк алууга укуктар мураскерлик боюнча өтөт. Мураскерлердин укуктарынын аракеттенүү мөөнөтү кандайдыр бир мезгил убактысы менен чектелбейт.

Рационализатордук сунуштарды жаратууга жана пайдаланууга байланышкан мамилелердин катышуучусу болуп ошондой эле Кыргызпатент, ишканалар, мекемелер жана уюмдар эсептелет.

## 3.3. Рационализатордук сунушка укуктарды негиздөө

### *Арыздарды түзүү жана берүү*

Рационализатордук сунушка укукту тариздөө ойлоп табууга, пайдалуу моделге сыяктуу эле рационализатордук сунушту каттоого Кыргызпатентке берилүүчү арызды түзүүдөн жана берүүдөн башталат. Арыз бир чечимге тиешелүү болуусу керек. Эгерде бир нече сунуштар бир эле объектини өркүндөтүүгө багытталган болсо, алардын ар бири өзүнчө арыз менен тариздèлет.

Арызда төмөндөгүлөр келтирилиши керек:

- автордун аты-жөнү, анын жашаган же жүргөн жери, ошондой эле иштеген жери;
- аны пайдаланууга жетишээрлик болгон маалыматтарды камтыган сунуштун маңызынын сыпаттамасы;

– ишмердүүлүгүнө рационализатордук сунуш таандык болгон ишкананы (ларды) көрсөтүү.

Эгерде рационализатордук сунуш жумуш берүүчүнүн ишмердүүлүк тармагына таандык болсо, автор жумуш берүүчүнүн ишканасын көрсөтүүсү керек.

Арызга арыз берүү жана карап чыгуу үчүн белгиленген өлчөмдөгү жыйымдын төлөнгөндүгүн же аны төлөөдөн бошотуу үчүн негизди ырастоочу документ тиркелет.

Арыз жана тиркелген документтердин ишмердүүлүгүнө сунуш таандык болгон арызда көрсөтүлгөн ишканалардын санына барабар болгон санда, кошуу (плюс) текшерүүчү деп эсептелген дагы бир нускада берилет.

***Арызды карап чыгуу***

Рационализатордук сунушту каттоого арыз боюнча Кыргызпатент анын берилген күнүнөн тартып үч айдын ичинде арыздын жана тиркелген документтердин таризделишинин тууралыгына текшерүү жүргүзөт.

Текшерүүнүн туура жыйынтыгында Кыргызпатент арызды анда көрсөтүлгөн ишканага (ларга) корутунду чыгарууга жөнөтөт.

Ишкана арызды алган күндөн тартып бир айдын ичинде көрсөтүлгөн сунуштун жободо белгиленген талаптарга ылайыктуулугун карап чыгат.

Арызды карап чыгуунун тартиби ишкана тарабынан аныкталат жана мисалы төмөндөгүлөр болушу мүмкүн.

Келип түшкөн арыз боюнча билдирилген сунушту маңызы боюнча алдын ала текшерүү жана карап чыгуу жүргүзүлөт. Алдын ала текшерүүнүн максаты – ал берилген ишкананын ишмердүүлүгүнө сунуштун тиешелүүлүгүн жана сыпаттама сунушталган чечимдин маңызын ачып бере алгандыгын аныктоо. Бул текшерүүнү жүргүзүү ишканага түшүүчү сунуштарды кабыл алуу боюнча иш-милдеттер жүктөлгөн ишкана жумушчулары тарабынан жүзөгө ашырылат. Эгерде арыз белгиленген эрежелерге ылайык түзүлсө жана сунуш ишкананын

ишмердүүлүгүнө таандык болсо, анда жыйынтык чыгарууга алардын ишмердүүлүгүнө ал түздөн-түз тиешелүү болгон бөлүктөргө жана кызматтарга жөнөтүлөт.

Акырында бөлүктөр тарабынан каралып чыккан сунуштун жаңы экендигине жана пайдалуулугуна баа берилүүгө тийиш. Карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча ишкана сунушту рационализатордук деп таануу жөнүндө же сунушту андай деп таануудан баш тартуу жөнүндө корутундуну Кыргызпатентке жиберет.

Ишкананын сунушту рационализатордук деп таануу жөнүндө же сунушту андай деп таануудан баш тартуу жөнүндө корутундусунун негизинде Кыргызпатент аны алган күндөн тартып беш күндүн ичинде рационализатордук сунушту каттоо же аны каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Рационализатордук сунушту каттоо жөнүндө чечимдин негизинде Кыргызпатент белгиленген өлчөмдөгү жыйымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу документти алган күндөн тартып беш күндүн ичинде рационализатордук сунушту рационализатордук сунуштардын реестрине каттоону ишке ашырат жана каттаган күндөн тартып бир айдын ичинде катталгандыгы жөнүндө күбөлүк берет.

Рационализатордук сунушка күбөлүк билдирилген чечимдин рационализатордук деп таанылышын, артыкчылыгын жана берилген рационализатордук сунушка авторлугун, ошондой эле аны пайдаланууда сый акы алууга укугун ырастоочу коргоо документи болуп эсептелет. Күбөлүктүн аракеттенүү мөөнөтү жобо тарабынан чектелбейт.

Автордун каалоосу боюнча ишкананын уруксаты менен жана катталгандыгы жөнүндө маалыматтарды жарыялоо үчүн жыйым төлөнгөн шартта, рационализатордук сунушту каттоого тиешелүү маалыматтар Кыргызпатенттин «Интеллектуалдык менчик» расмий бюллетенинде жарыяланышы мүмкүн.

### 3.4. Рационализатордук сунуштун авторунун укуктары

Рационализатордук сунуштардын авторлору алардын сиңирген эмгегин жалпыга таанытууну жана мүлктүк кызыкчылыктарын канааттандырууну камсыз кылуучу мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктар аркылуу бөлүнүшөт.

Көрсөтүлгөн укуктар жетишээрлик ар түрдүү, мисалы:

- өтүнмө берүүгө укук, биринчиликти бекитүүгө укук, күбөлүк алууга укук;
- бардык укуктар сыяктуу эле автордук ысымга карата укук, ал андан ажыратылууга мүмкүн болбогон автордун инсандыгы менен, ажырагыстыгы менен, ошондой эле өзүнүн мөөнөтсүздүгү, чыныгылыгы жана өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт;
- материалдык сый акы алууга, анын сунушун пайдалангандыгы үчүн моралдык сыйлык алууга укук; муну менен рационализатордук сунушту пайдалангандыгы үчүн сый акынын өлчөмү, аны төлөп берүү мөөнөтү жана тартиби авторлор менен ишканалардын ортосундагы макулдашуу менен аныкталат.

Эгерде бир эле автордун бир эле рационализатордук сунушу бир нече ишканаларда рационализатордук сунуш деп таанылган болсо, анда бул ишканалардын ар бири, бири-бирине көз карандысыз сый акы төлөп беришет.

Колдонуудагы жобо менен мурда мыйзам тарабынан караштырылбаган автордун дагы бир укугу киргизилди. Анда мындай деп айтылат: эгерде рационализатордук сунуш реестрде катталган күндөн тартып алты айдын ичинде ишкана аны пайдаланууну баштабаса, анда бул жөнүндө ал ишканага эскертүү менен рационализатордук сунушту чектөөсүз пайдалануу укугун камтуу менен рационализатордук сунушту пайдалануу укугу авторго өтөт.

Алардын сунуштарын пайдалануу боюнча иштерди жүзөгө ашырууга катышуу укугундай авторлорго берилүүчү мындай укукту белгилеп коюуга болот, мисалы, техникалык

документацияларды иштеп чыгууга, тажрыйбалуу үлгүлөрдү даярдоого жана сыноого ишкананы уюштурууга катышуу укугу ж.б. Муну менен эгерде автор анын рационализатордук сунушун пайдаланууга даярдык боюнча иштерге тартылса, анда аны менен бул жумушту аткарууга, кызматтык тапшырманы аткаруу тартибинде ишке ашырылуучу иштерден башкасына, келишим түзүлүшү керек.

Ишканалар рационализатордук сунуштардын авторлорун ичине камтуу менен рационализатордук сунуштарды пайдаланууга жардам берген жактарга материалдык жана моралдык сыйлыктарды берүүнүн кошумча чараларын аныктай алышат.

### 3.5. Рационализатордук сунуштардын авторлорунун укуктарын коргоо

Жобого ылайык рационализатордук сунуштардын авторлорунун укуктарын коргоо сот тартибинде жүзөгө ашырылат.

Рационализатордук ишмердүүлүк чөйрөсүндө авторго сый акы катары тиешелүү болгон төлөмдөрдүн өлчөмү, эсептөө тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө, теңавторлоштордун ортосунда сый акыларды бөлүштүрүү жөнүндө, сунушту пайдалануу фактысы жөнүндө, сунуштун биринчилиги жөнүндө, аны карап чыгуу жөнүндө талаш-тартыштар аз эмес.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык автордук сый акыны төлөбөгөндүгү үчүн жана аны төлөөнүн мөөнөтүн жана шарттарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти ишкана тарта тургандыгы жободо белгиленген.

Жобо менен ошондой эле автор рационализатордук сунушту каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим менен макул болбогон учурда, ал аны алган күндөн тартып эки айдын ичинде рационализатордук сунуш деп таануудан баш тартуу жөнүндөгү корутундуну чыгарган ишканага аны жөнөтүүчү Кыргызпатентке каршылык билдире алат. Каршылык аны алган күндөн тартып бир айдын ичинде рационализатордук талаш-тартыштар боюнча ишкананын Комиссиясы (мындан ары – комиссия) тарабынан каралышы керек.

Комиссия Кыргызпатенттин жана ойлоп табуучулар менен рационализаторлор коомунун өкүлдөрүнүн катышуусу менен ишкананын администрациясынын өкүлдөрүнөн түзүлөт. Даттанууну карап чыгууга катышууга автордун укугу бар. Комиссиянын корутундусу Кыргызпатентке жиберилет. Кыргызпатент комиссиянын корутундусунун негизинде ылайыктуу чечим чыгарат.

Эмгек мыйзамдарында караштырылган рационализатордук укуктардын бузулушуна байланыштуу талаш-тартыштар, мисалы, сунушту пайдаланууга даярдоо боюнча иштерге катышуу, мурдагы ченемдерди жана баалоолорду сактап калуу, эмгектик талаш-тартыштарды чечүү үчүн белгиленген тартипте каралат.

Рационализаторлордун укуктарын коргоо ыкмалары болуп булар эсептелет: бул укуктарды таануу; укук бузулганга чейинки абалды калыбына келтирүү; укук бузуучу аракеттерге бөгөт коюу; укук бузган адамдан келтирилген зыяндарды төлөтүп алуу ж.б.

**3-баптын атайын адабияты**


1. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: Теис, 1996. – 752 с.
2. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.
3. Положение о рационализаторской деятельности/Постановление Правительства Кыргызской Республики, №336 от 27.05.2002.
4. Правила регистрации рационализаторского предложения в Кыргызской Республике/Зарегистрировано Минюстом КР, №130-04 от 19.11.2004.

# 4-БАП. ТОВАРДЫК БЕЛГИЛЕР ЖАНА ТЕЙЛӨӨ БЕЛГИЛЕРИ

## 4.1. Товардык белгилер, тейлөө белгилери жөнүндө түшүнүк

Товар өндүрүүчүлөрдү өз алдынчалаштыруу (индивидуалдаштыруу) зарылчылыгы, ошондой эле алар чыгарган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр менен байланышкан мамилелерди укуктук жөнгө салуудагы объективдүү суроо-талаптары товардык-акчалык мамилелердин пайда болушу жана өнүгүшү менен шартталган.

Товардык белги өндүрүүчү менен керектөөчүнүн ортосундагы байланыш каражаты болуп эсептелет. Белгинин жардамы менен товардын жана кызмат көрсөтүүнүн сапаты жана бөтөнчөлүгү жөнүндө белгилүү маалыматтар чагылдырылат, фирманын образы түзүлөт. Көңүлдөгүдөй сатылып алынган нерседен келип чыккан кубанычтар керектөөчүнүн сезиминде товардык белги менен тыгыз байланышта болот жана андан аркы сатып алуучулук активдүүлүккө өбөлгө түзөт.

Товардык белгилер биздин мезгилдин ойлоп табуулары болуп эсептелбейт. Алар байыркы замандан бери пайдаланылып келген. Индиялык усталардын мындан 3000 жыл мурдагы жаратуулары аларга оюлуп түшүрүлгөн кол тамгалары аркылуу белгилүү. 2000 жыл мурда эле кытайлык кол өнөрчүлөр Жер ортолук деңизде атайын белгилер коюлган буюмдар менен соода жүргүзүшкөн. Карапа жана башка колдонмо буюмдарда байыркы римдиктердин 1000ге жакын белгилери болгон.

Товардык белгилердин олуттуулугу жана мааниси индустриалдаштыруу доорунун келиши менен чукул жогорулайт. Товардык белги эл аралык сооданы өнүктүрүүдө негизги фак-

торлордун бири боло баштайт, рыноктук мамилелерди тартипке келтирүүдө маанилүү роль ойнойт.

Өндүрүштүн негизги максатын түзүүчү киреше рынокто сатылуучу товарлардын көлөмүнө түздөн-түз көз каранды болгондуктан, өндүрүүчү, керектөөчүлөр тарабынан башка өндүрүүчүлөрдүн аналогиялык (окшош) товарларынын эмес, өзүнүн гана товарларынын сатылып алынышына өтө кызыкдар. Бул үчүн өндүрүүчү өзүнүн товарларын көптөгөн окшош товарлардын ичинен анын гана товарын тандап алууга сатып алуучуга мүмкүндүк бере турган жеңил кабыл алынаарлык, эсте калаарлык белгилер менен жабдыйт. Бир эле мезгилде өндүрүүчү башкалардын товардык белгилерине өзүнүн теклеш же керек болсо окшош товардык белгилерин колдонууга укуксуз болушуна кызыкдар. Өндүрүштүн өнөр жайлык өнүгүшүнүн алгачкы этабында эле ар кандай өлкөлөрдө башка бирөөнүн товардык белгилерин пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти белгилөөчү мыйзамдар киргизилет.

Ошентип XIX кылымдын экинчи жарымында өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдө ишкерлердин кызыкчылыктарына ылайык товардык белгилерди коргоонун укуктук тутумун бекемдөөчү мыйзамдар пайда болот.

Бул тутумдун негизги мүнөздөрү төмөндөгүлөрдөн көрүнөт:

- ишкерге белгилүү бир мезгил ичинде белгилүү бир аймактык чектерде товардык белгини пайдаланууга монополиялык укук берилет;
- мындай монополиялык укукту бекемдөө жана чыңдоо үчүн каттоого алынгандыгы жөнүндө тиешелүү кабардар кылуу менен ыктыярдуулук же текшерүү системасы боюнча товардык белгилерди мамлекеттик каттоо киргизилет.
- товардык белгиге укук бузуу катары корголуучу товардык белгиге окшош же бирдей белгинин башка ишкер тарабынан пайдаланылышы таанылат;

– товардык белгиге укук ээсинин талабы боюнча анын укугунун бузулушуна мамлекеттик бийлик тарабынан, атап айтканда сот бийлиги тарабынан бөгөт коюлушу, ал эми укук бузуучу жарандык жоопкерчиликке, же кылмыштык жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

Азыркы өндүрүш каражаттары жана товарлардын жер оошу өндүрүүчүлөргө жана соода фирмаларына дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарындагы керектөөчүлөргө атаандаш ишканалар чыгарган көптөгөн ар түрдүү товарларды сунуштоого мүмкүндүк берет. Товарлардын өтө көп шартында массалык керектөөчү рынокто багытты жеңилдетүүгө жана ага керектүү тандоого мүмкүндүк берүүчү кандайдыр бир натыйжалуу жана жөнөкөй жол көрсөткүчкө муктаж болот. Дал ушул маанилүү иш-милдетти, өндүрүүчү менен керектөөчүнүн ортосунда ортомчу кызмат өтөгөн товардык белги болуп саналат. Керектөөчү үчүн товардык белгиде товардын жана анын өндүрүүчүсүнүн жүзү (имиджи) топтолуп чагылдырылган сыяктуу көрүнүшү зарыл. Товардын белгиси товар чыгаруучуга сапатты жана продукциянын мүнөздөмөсүн керектүү деңгээлде кармоого умтулууга шарт түзүүчү абдан маанилүү фактор болуп эсептелет, анткени, товардык белгиден иренжиген сатып алуучу кийин бул белги менен марка салынган продукцияга кайрылбайт.

Азыркы мезгилде товардык белгинин дагы бир аткарган милдети – товарлардын жарнамасы (реклама) – сатып алуучуга психологиялык таасир берүүчү курал катарында дүркүрөп өнүгүүдө. Товардык белги рекламалык гезитте, кинодо, маалымат берүү жолу менен, радио жана телевидение аркылуу, жарманкелерде, соода-өнөр жайлык көргөзмөлөрдө, прейскуранттардын, каталогдордун ж.б. атайын чыгарылыштарында жарыялоого ыңгайлуу шарт түзөт.

Товардык белги жана тейлөө белгилери түшүнүк-төрүнүн негизин толук камтып, аны ачып берүү үчүн, 1998-жылдын 14-январында күчүнө кирип, 2003-жылдын 27-февралында өзгөртүүлөр киргизилген Кыргыз Республикасынын «Товар-

дык белгилер, тейлөө белгилери жана товар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө» мыйзамына (бул бапта мындан ары – мыйзам) кайрылуу керек. Мыйзам өнөр жай менчигинин эки объектиси – товардык белги жана тейлөө белгилери менен байланышкан мамилелерди регламенттейт. Бирок бул мыйзам «товардык белги жана тейлөө белгилери» деген сөз айкалыштарынын ордуна «товардык белги» деген гана термин колдонула тургандыгын көрсөтүү менен бул объектилердин статустарын теңдейт. Ушуга ылайык «товарлар» жана «кызмат көрсөтүүлөр» түшүнүктөрү жалпы бир «товарлар» деген түшүнүккө бириктирилген.

Тейлөө белгиси өзүнүн иш-милдеттери боюнча товардык белгиден айырмаланбайт. Мындай түрдөгү белгилер товарлар менен эмес, ишмердүүлүк, кызмат көрсөтүүлөр менен түздөн-түз байланыштуу. Тейлөө белгилерин пайдалануучу фирмалар болуп, эреже катары транспорттоо жана товарларды сактоо, курулуш, камсыздандыруу жана банктык операциялар, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү жалдоого берүү, темир жолдор жана авиакомпаниялар боюнча жана башка көптөгөн фирмалар саналышат.

Мыйзамга ылайык ***товардык белги деп бир юридикалык же жеке жактын товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн башка юридикалык же жеке жактын окшош товарларынан жана кызмат көрсөтүүлөрүнөн салыштырмалуу айырмалап турууга жөндөмдүү белгини түшүнүү керек.***

«Белги» – «товардык белги» б.а. укуктук коргоо объектиси болуп калышы үчүн, ал белгилүү шарттарга жооп бериши керек. Товардык белги – бул чыгарылган продукцияга, анын оромуна же коштоп жүрүүчү документине орнотула турган өзүнчө бир символ, жана ошол эле учурда товар өндүрүүчүнүн узун, татаал аталышын алмаштырат.

Белги керектөөчү анча кыйналбастан, ага керектүү продукцияны таанууга жана башка өндүрүүчүлөрдүн окшош товарлары менен чаташтырбоого мүмкүндүк берген учурда гана

товардык белги катарында таанылышы мүмкүн. Ошондуктан товардык белгини укуктук коргоонун зарыл шарты болуп анын жаңылыгы жана айырмалоочу мүнөзү эсептелет.

***Белгинин жаңылыгы***, мурда белгилүү белгилердин арасынан бирдей, окшош гана эмес, аны менен толук төп келе турган белгилердин, бирок ошондой эле ал сыяктуу окшош белгилердин, башкача айтканда, аны менен бир бөлүгү окшош белгилердин жок экендигин билдирет. Товардык белги жаңы экендиги мурда белгилүү белгилерге салыштыруу жолу менен аныкталат. Соодалык жүгүртүүдө окшош, толугу менен төп келүүчү белгилердин болушу, белгинин жаңылыгын жокко чыгарат жана анын коргоого жарамдуулугун таануу үчүн сөзсүз түрдөгү тоскоолдук болуп эсептелет. Жүгүртүүдө каралып жаткан белги менен толук төп келбеген окшош гана белги бар болгон учурда жаңылыкты баалоо бир топ кыйындыкка турат. Мыйзамдын жана практиканын мындай абалдан чыгуудагы негизги принциби болуп, белгини аралаштырууга жана керектөөчүнү адаштырууга алып келбөө жана ага жол бербөө үчүн кызмат кылат.

Товардык белги – товарга жайгаштырылган белги болгондуктан, белгинин жаңылыгы анын арналышын маркалоо үчүн товар менен байланышта болот. Жаңылык товарлардын белгилүү бир түрүнө гана салыштырмалуу аныкталат жана ошондуктан чектелген болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу жаңылыгын табуу максатында белгилерди салыштырууда ***бир тектүү товарлар*** гана, б.а. ушул эле түрдөгү товарларды белгилөө үчүн пайдаланылуучулар эсепке алынат. Каралып жатканга окшош же бирдей, бирок башка түрдөгү товарларга колдонулуучу белгилер анын жаңылыгына таасирин тийгизбейт. Демек, бирдей же окшош белги окшош эмес товарлар үчүн катталышы мүмкүн. Товардык белгилер жана өнөр жай менчигинин башка объектилери үчүн жаңылыктын талаптарындагы айырма мына ушунда турат.

Белгинин жаңылыгы, анын кайталангыстыгын билдирип турат, бирок ошого карабастан, аларды айырмалоочу милдет-

терди толук камсыз кыла албайт. Товар керектөөчүнүн сезиминде индивидуалдаштырылган туюм болсун үчүн бул товар менен анын келип чыгуу булагынын – белгилүү бир фирманын же ишкананын ортосундагы; байланыш бекемделген, белгиде ***анын айырмалоочу мүнөзү – белгинин таанымалдуулук, айырмалануучулук, белгилүүлүк жана эсте калаарлык жөндөмүнүн*** болушу зарыл.

Мындай мүнөздөр белгинин формасы же мазмуну менен байланышта болушу жана аны даана, өзүнө тартып тургандай, эсте каларлык, өз алдынча таасир калтыра тургандай жана ошонусу менен айырмалоочу иш-милдетти аткарууга кызмат кыла тургандай даярдалышы керек.

### 4.2. Товардык белгилердин түрлөрү

Товардык белгилер айтылыш формасы боюнча ар кандай болушу мүмкүн, атап айтканда, төмөнкүчө болушу мүмкун:

- сөз формасында – сөз айкашы түрүндө, элестүү жана образдуу сөз, түрүндө;
- сүрөт формасында – сызыктардын, тактардын композициялары, жайык нерседеги бардык формалардын фигуралары түрүндө;
- көлөмдүк формада – фигуралар же алардын үч чендик композициялары түрүндө;
- комбинацияланган формада – ар кандай мүнөздөгү сүрөт, сөз, көлөмдүк ж.б. элементтердин композицияларын чагылдыруу түрүндө;
- башка белгилер, мисалы, үн, жыт, жарык формаларында берилүүчү ж.б.

Товардык белги бардык түстөрдө же түстүк айкалыштарда катталышы мүмкүн.

Мыйзам азырынча үн, жарык, жыт боюнча, көз менен ажыратууга болбой турган белгилерге укуктук коргоо берүүнү караштыра электигин белгилөө зарыл. Бирок мындай белгилер бир катар өлкөлөрдө, мисалы, Россияда корголот.

### *Сөз формасындагы товардык белгилер*

Сөз формасындагы товардык белгилер кыйла көбүрөөк жайылтылган, себеби белгилердин башка түрлөрүнө караганда алар бир кыйла даана жана так айырмалоочу касиеттерге ээ. Алардын кулак менен угуу аркылуу жана көз менен көрүү аркылуу кабылдана алыныш аларды керектөөчүгө жеткиликтүү кыла алат, мисалы, оозеки рекламаны пайдаланууда.

Мындай белгилер сөздөрдү же эң эле ар түрдүү мүнөздөгү тамгалардын айкалыштарын билдире алышат, мисалы:

1. Күндөлүк турмушта сүйлөнгөн сөздөрдөн эркин алынган сөздөр:

- зат атоочтор (ТЫЙЫН, ФАКЕЛ, СУНУШ, ЗАМАН, ОРДО, НУК, ШЕЛК);
- географиялык аталыштар (КЫРГЫЗСКОЕ ВЗМОРЬЕ, АЛТАЙ, ANTARCTICA);
- атактуу адамдардын аттары (НАПОЛЕОН, ПЕТР 1, БАКАЙ, МАЛДЫБАЕВ, SMIRNOF);
- фамилиялары жана аттары (ДОН, МАКСАТ, PETR, VIKTORIA, БОЧКАРЕВ);
- жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн аталыштары (АРГЫМАК, СОКОЛ, ЗЕБРА, ПАНТЕРА, ЛОТОС);
- жаратылыш кубулуштарынын, асман телолорунун аталыштары (ПЛАНЕТА, ЛУНА, АЭРОВОЛНЫ, БИОСФЕРА, MARS).

2. Азыркы кезде жаңы заттарды, дарыларды, аспаптарды жана материалдарды белгилөө үчүн кеңири колдонулуп жаткан жасалма түрдө пайда болгон сөздөрдү *неологизмдерди* билдирүүчү товардык белгилер көп кездешет. Эреже катары алар товардын жаңылыгын жана оригиналдуулугун көрсөтөт жана коргоодо чоң жарамдуулукка ээ. Бул фантазияланган (апыртмаланган) же ойдон чыгарылган белгилер (ШОРО, XEROX, ЭРИДАН, КОКА-КОЛА, ВИМ-БИЛЬ-ДАН, DURU, RAMA).

3. Кээде сөз формасындагы товардык белги катарында *сөз айкалыштары* ал гана тургай кыска фразалар, ураандар катта-

лат. Мисалы, «Керемет рахатын сез», «Не я без Вас, не Вы без меня», «Маленькие компьютеры для больших людей», «Драже от Онежки – мечта сладкоежки», «Пальчики оближешь», «Ощути восторг», «Старый мельник. Душевное пиво», «Весело живется!».

4. Товардык белги тамгадан жана сандардан, алардын айкалышынан турушу да мүмкүн, бирок бул жерде алардын айырмалоочу касиеттеринин аздыгынан мындай белгилерди каттоо абдан кыйын экендигин белгилөө керек (BMW, АЗЛК, 555, 4711, ж.б.).

### *Сүрөт формасындагы товардык белгилер*

Сүрөт формасындагы товардык белгилер – бул ар түрдүү төш белгилер, сүрөттөр, оюулар, символдор, жаныбарлардын, куштардын, өсүмдүктөрдүн сүрөттөлүштөрү, жаратылыштын же адам жараткан объектилердин бардык мүмкүн болгон предметтери, сызыктардын, тактардын, фигуралардын композициялары ж.б. түрүндөгү белгилер. Алардын натыйжалуулуктары оозеки товардык белгилерге салыштырмалуу төмөнүрөөк бааланат, ошентсе да сүрөттүү товардык белгилер, айрыкча айкалыштырылган товардык белгилер маанилүү орунду ээлешет жана чет өлкөдөгүдөй эле Кыргызстанда дагы көп санда катталат.

Сүрөт формасындагы товардык белгилердин кадыр-баркына алардын бийик рекламалык-эстетикалык касиеттерин кошууга болот. Сүрөт формасындагы товардык белгилердин даана көркөм структурасы, символикасы аларды башка тилдерге которуусуз эле эң ар түрдүү өлкөлөр үчүн бирдей түшүнүктүү кылат.

### *Көлөмдүк формадагы товардык белгилер*

Көлөмдүк формадагы товардык белгилер товардык белгинин үч өлчөмүнүн – анын узундугунун, бийиктигинин жана жазылыгынын сүрөттөлүшү болуп саналат. Көлөмдүк формадагы товардык белгинин үлгүсү же буюмдун оригиналдуу фор-

масы, мисалы, шамдын, таблетканын, самындын, шоколаддын ж.б., же анын идишинин, мисалы, суусундук үчүн шишенин же атыр, туалеттик суу үчүн флакондун, конфет же печеньенин кутусунун оригиналдуу формасы болушу мүмкүн. Бирок, көлөмдүү товардык белги жөн гана белгилүү предметтин сырткы көрүнүшүн кайталабастан, оригиналдуу болуп жана бир катар окшош товарлардын ичинен конкреттүү даярдап чыгаруучунун буюмун айырмалап көрсөтүп туруусу керек.

### *Комбинацияланган товардык белгилер*

Комбинацияланган товардык белгилер ар кандай мүнөздөгү элементтердин – сүрөттүү, сөздөр түрүндөгү, көлөмдүү ж.б. белгилердин комбинациясын өзүндө айкалыштырат.

Көпчүлүк учурларда мындай белгилер сүрөт менен сөздүн, сүрөт менен тамганын, сүрөт менен сандын, сөздөр менен сандардын ж.б. айкалыштары болуп саналат.

Кийинки жылдары суусундуктар, сүт продуктулары, дары каражаттары, момпосуйлардын, печеньелердин, тамекилердин оромдору үчүн этикеткалар түрүндөгү комбинацияланган товардык белгилер кеңири жайылтылды.

### *Үн, жарык, жыт товардык белгилер*

Белгилердин өзгөчө түрлөрүнө үн, жарык, жыт товардык белгилери таандык. Алардын пайда болушу керектөөчүлөрдүн көрүү гана эмес жана башка – үн, жарык ж.б. образдарын пайда кылуучу, ошондой эле буюмдардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир түрлөрү менен элестетиле турган техниканын өнүгүшү менен шартталган. Мындай товардык белгилер чарбалык жүгүртүүдө жаңы гана өздөштүрүлүп баштады жана Кыргызстандын мыйзамдары тарабынан аларды коргоо азырынча караштырыла элек, ошого карабастан аларды пайдаланууну жана эң башкысы аларды кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө пайдаланууну акырындап өнүктүрүү болжолдонууда. Айтсак, Россия Федерациясы 2003-жылдан тартып товардык белгилер-

дин бул түрлөрүнө каттоону киргизди. Демейде үн белгилери радиостанцияларга таандык жана радиочакырыктар болуп саналат. Мисалы, РФнын ЖАКында «Регионалдык радиоканал» «Шансон Радиосу» деген сөздөрдөн турган музыкалуу фраза түрүндөгү белгиге ээ. Иш жүзүндө РФда катталган бардык үндүк товардык белгилер ноталык жазуу түрүндөгү музыкалык фрагменттер болуп саналат.

Салыштырмалуу жаңы болуп, жарык берүү сигналдарынын ырааттуулугу турундө жарык белгилерин каттоо эсептелет. Эгерде каттоого товардык белги катарында жарык белгиси билдирилсе, анда жарык берүүчү сигналдардын мунөздөмөсү, алардын ырааттуулугу, жарык берүү узактыгы жана башка өзгөчөлүктөрү келтирилет.

Белгилүү бир өндүрүүчүлөрдүн товарларын индивидуалдаштыруу каражаттары катарында жыттарды каттоо жаңы гана башталууда жана жетишээрлик практикага ээ боло элек. Товардын түрүн аныктоо үчүн корицанын жыты түрүндө жыт товардык белгисин каттоого аракет жасалгандыгы белгилүү.

### *Жамааттык товардык белгилер*

Товардык белгилердин түрүнүн формасы боюнча бөлүнүштөрү менен катар алар башка негиздер боюнча дагы бөлүнүшөт. Ошентип, товардык белгилерди пайдаланууга укугу бар субъектилердин санына карабастан, жамааттык товардык белгилерди айырмалоо керек.

Жамааттык товардык белги болуп, бирдей сапатка же башка жалпы мүнөздөмөгө ээ чыгарылуучу же сатылуучу товарларды белгилөө үчүн арналган бирликтин, чарба ассоциациясынын, концерндин же юридикалык жактардын башка бирикмелеринин, ишканалардын товардык белгиси эсептелет.

### *Жалпыга белгилүү товардык белгилер*

Товардык белгилер чөйрөсүндө кыйла маанилүүлөрдүн бири болуп, аларды узак жана интенсивдүү пайдалануунун натыйжасында кеңири айырмалоочу жөндөмгө ээ болушкан то-

вардык белгилерди – жалпыга белгилүү товардык белгилерди коргоо эсептелет. Бул мисалы, COCA-COLA, McDONALD'S, NIVEA, LG, CANNON, XEROX, CHRISTIAN DIOR, VOLVO, TOYOTA, SONI, CHANEL, KODAK.

Жалпыга белгилүү товардык белгилерди Кыргызстандын аймагында укуктук коргоо белгилерине, атап айтканда, төмөндөгүлөргө жетишкен товардык белгилерге берилет:

– белги колдонулган товарлардын түрлөрүнүн Кыргыз Республикасынын факт жүзүндөгү жана/же потенциалдуу керектөөчүлөрүнө, же товардык белги колдонулган товардын ошол түрүн жайылтуунун каналдарын камсыз кылууга катышуучу жактарга, же товардык белги колдонулган товарлардын түрлөрүнө тиешеси бар ишкер чөйрөлөргө таанымалдуулукка жетишкендерине, муну менен товардын сапаттык деңгээли жөнүндөгү сунуш Кыргыз Республикасында товардык белги менен же дүйнөлүк рынок менен байланышта болуусу керек;
– жаралгандан өзүнө таандык болгон, же интенсивдүү пайдалануунун натыйжасында жетишилген жогорку айырмалоочу жөндөмгө;
– Кыргыз Республикасынын аймагында же дүйнөлүк рынокто кеңири пайдаланылууга же рекламага жетишкен;
– Кыргыз Республикасынын аймагында же дүйнөлүк рынокто узак жана интенсивдүү пайдалануунун натыйжасында коммерциялык баалуулукка берилет.

Жалпыга белгилүү товардык белгилерди бөлүүнүн негизги мааниси, өнөр жайменчигин коргоо боюнча Париж конвенциясынын 6 $^{bis}$ статьясына ылайык мындай белгилер өзгөчө укуктук коргоо менен камсыз кылына тургандыгында турат. Бул статьяга ылайык, конвенциянын катышуучулары «кайта өндүрүлгөн, окшоштурулуп жасалган же каттаган өлкөнүн же бул өлкөдө жалпыга белгилүү болуп эсептелип колдонулуп жаткан өлкөнүн компетенттүү уюмунун аныктамасы боюнча белгилер менен чаташтырууга жөндөмдүү болгон башка белгинин котормосун чагылдырган товардык белгилерди четке

кагууга же катталгандыгын жараксыз деп табууга жана колдонууга тыюу салууга» милдеттенишкен.

2000-жылдан тартып товардык белгинин жалпыга белгилүүлүк статусун белгилөөчү Кыргыз Республикасынын компетенттүү органы катары, жалпыга белгилүү товардык белгилерди Мамлекеттик реестрге ылайык мамлекеттик каттоону ишке ашыруучу Кыргызпатент аныкталган. 2004-жылга бул реестрде жалпыга белгилүү «OPAL», «STEWARDESS», «СМИРНОВЪ», «БАРФ» сыяктуу товардык белгилер катталган.

### 4.3. Товардык белгилерди каттоодон баш тартуу үчүн негиздер

Белги белгиленген тартипте катталганда гана ал товардык белги болуп санала алат. Ошондуктан тигил же бул катталбаган белгини пайдалануучу ага эч кандай өзгөчө укуктарды ала албайт жана белгини чарбалык жүгүртүүгө качан киргизгендигине карабастан аны пайдаланууга өзгөчө укуктарга ээ эмес.

Каттоого билдирилген белгилер дайыма эле товардык белгилер катарында каттала бербейт. Бул, товардык белгилер жөнүндө мыйзам тарабынан белгиленген каттоого тоскоол болуучу бир катар негиздердин бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Тигил же бул белгилерди укуктук коргоо чөйрөсүнөн четтетүү боюнча негиздер шарттуу түрдө төмөндөгү үч топко киргизилиши мүмкүн.

Баарыдан мурда, корголуучу белгилер катарында билдирилген белгилер айырмалануучу жөндөмгө ээ болуулары керек. Ушуга байланыштуу, мындай жөндөмгө ээ болбогон тигил же бул абалдарга байланышкан белгилер товардык белги катарында катталбайт.

Белгини каттоодон баш тартуунун дагы бир жалпы негизи катары, билдирилген белгиге билдирүүчүгө укук бекитилгенде зыянга учурап калышы мүмкүн болгон үчүнчү жактардын кызыкчылыктарын мыйзамдык коргоо зарылчылыгы чыгат.

Акырында каттодон баш тартуунун негизи болуп, эл алдындагы жана коомдук кызыкчылыктагы коргоо чыгышы мүмкүн.

Белгилерди каттоодон баш тартуунун мүмкүн болгон негиздерин үч топко бөлүү товардык белгилер жөнүндө мыйзамдын өзүндө бекитилген эмес. Бирок, анда каттоодон баш тартуунун чыныгы жана башка негиздери көрсөтүлгөн.

***Товардык белгини каттоодон баш тартуунун чыныгы (абсолюттук) негиздери***

Каттодон баш тартуунун кеңири таркаган чыныгы негизи болуп ***белгинин айырмалануучу жөндөмүнүн жоктугу***эсептелет, б.а. товардык белгинин товарды индивидуалдаштыруу жөндөмүнүн, анын айырмалануучу мүнөзүн камсыз кылуунун жоктугу. Айырмалануучу жөндөмү жок белгилерге, атап айтканда, төмөндөгүлөр кириши мүмкүн:

- мүнөздүү графикалык аткарылышка ээ болбогон кээ бир *тамгаларды, сандарды* кайра жаратуучу белгилер (СКВ № 6, ОСТ-108, Б-12); мындай белгилерди керектөөчүлөр буюмдун сорту, тиби, сериясы ж.б.у.с. техникалык мүнөздөмөсүнө жөнөкөй көрсөткүч катары кароого мүмкүн экендигинин натыйжасында алар айырмалануучу жөндөмүн жоготот;
- оозеки мүнөзгө ээ болбогон, эске тутуп калууга кыйын болгон, айтууга ыңгайсыз ж.б. башкача айтканда сөз катары айтууга мүмкүн болбогон *тамгалардын айкалыштары* («ГЖРК», «ЩМПФ», «ЩУЧХ»);
- жалаң эле *геометриялык жөнөкөй фигуралардан* (тегерек, үч бурчтук, квадрат, шар, сызык), ошондой эле оригиналдуу композицияларды түзбөй турган алардын айкалыштарынан турган белгилер; мындай белгилер аларды колдонуунун жыштыгынын көптүгүнөн айырмалануучу белгилерин жоготушкан;
- каттала турган товардык белги үчүн *иш жүзүндө же схема жүзүндө аткарылган товарлар* (эмерек үчүн товардык белги катары стулдун сүрөттөлүшү); бирдей эле товарларды ар кайсы өндүрүүчүлөр чыгарышы мүмкүн жана аларды идишке эркин салууга же ороого

(упаковкалоого), чыгарылган товардын сүрөттөлүшүн рекламалоого ж.б. укуктарынан ажыратууга болбогондуктан, мындай белгилер айырмалануучу функцияны аткара алышпайт;

- *жалаң эле функционалдык арналыштар* менен шартталган формадагы объектилер; гайкалык ачкыч түрүндөгү көлөмдүү товардык белги –бардык товарлар, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр үчүн товардык белги катары таанылышы мүмкүн эмес;
- товарлардын *жалпы кабыл алынган аталыштары* бул товарлар үчүн катталышы мүмкүн эмес (жемиштер, карандаш, автомобиль); мүмкүн, «бут кийим» деген сөз бут кийим, ботинкалар, өтүктөр үчүн катталышы мүмкүн эмес, бирок, ошол эле учурда башка товарлар үчүн, мисалы, сааттар үчүн бул сөз катталышы мүмкүн;
- уюмдардын, ишканалардын, тармактардын же алардын аббревиатураларынын *жалпы кабыл алынган кыскартылган аталыштары;* бул ченемге ылайык мисалы, ОАО, ВУЗ, СКБ, ВОИС сыяктуу оозеки белгилер катталууга мүмкүн эмес.

Товардык белгилер жөнүндө мыйзам товардык белгилер катары катталууга мүмкүн болбогон белгилердин дагы бир тобун бөлүп көрсөтөт. Булар мамлекеттик ***гербдер, желектер жана эмблемалар, эл аралык, өкмөттөр аралык уюмдардын кыскартылган же толук аталыштары; расмий текшерүүчү, кепилдик же аныктоочуэн тамгалар, мөөрлөр, сыйлыктар***жана башка айырмалоочу же алар менен аралашып калууга чейинки деңгээлдеги белгилер. Көрсөтүлгөн символдордон туруучу гана белгилер товардык белгилер боло алышпайт, анткени алар расмий мүнөзгө ээ жана тигил же бул жагынан бул символдорду алып жүрүүчү керектөөчүлөр менен байланышат. Ошондуктан буга окшогон белгилер товардык белгилердин иш-милдеттерин аткара алышпайт, бирок продукциянын келип чыгышына карата керектөөчүлөрдү адаштырууга алып келүүгө жөндөмдүү.

Бирок, товардык белгилер жөнүндө мыйзам бул эрежеден чыгууга жол берет, эгерде, билдирилген белги бүтүндөй билдирилген белгилердин бир бөлүгү (маанилүү эмес) гана болуп эсептелсе, ал белги товардык белгиде *корголбогон элемент* катары киргизилиши мүмкүн. Муну менен, бирок, компетенттүү уюмдун ылайыктуу макулдугу талап кылынат. Корголбогон элементтер – булар товардык белги катары катталган белгилердин бир бөлүгүн түзүүчү, бирок товардык белгиге өзгөчө укуктун бузулушу жөнүндө талаш пайда болгондо товардык белгиге укук бузуунун бар экендиги жөнүндөгү талаштын чыгышына таасир этпей турган элементтер. Практикада товардык белгинин корголбогон элементтери дискламиндештирилген элементтер менен аталышат (англис тилиндеги disclaim деген сөздөн – аракеттенүүдөн баш тартуу).

Товардык белгилер жөнүндө мыйзамдын ченемдери ***жалпы кабыл алынган символдор менен терминдерди***товардык белгилер катарында каттоого тыюу салууну белгилейт.

Жалпы кабыл алынган символдорго товарлар же кызмат көрсөтүүлөр таандык болгон өнөр жай тармагына же ишмердүүлүк тармагына түздөн-түз көрсөтүлүүчү белгилер киришет. Мисалы, чөйчөк үстүндөгү жылан – медицинанын символу, ийне менен жиптин сүрөттөлүшү – тигүү өнөр жайынын символу, циркулдар – конструктордук бюронуку, тиштүү дөңгөлөктөр – машина куруунуку. Жалпы кабыл алынган символдорго илимдеги шарттуу белгилер таандык, мисалы, тамырдын символу – математикада.

Буга товарлардын белгилүү бир түрлөрүн белгилөө катарында жалпы колдонууга кире тургандар дагы таандык, мисалы вазелин, термос, новокаин, джип, эскалатор.

Товардык белгилер жөнүндө мыйзамдын жоболоруна ылайык, ***товардын түрүнө***көрсөтмөлөр, мисалы, эт продуктулары үчүн «колбаса», «сарделькалар», ***товардынсапатына*** – катуу же жумшак товарларга ылайык «катуу», «жумшак», ***товардынсанына*** – «500 г.», «33 кб/м», ***баасына*** – «10сом», ***товардын касиетине***(мактоо мүнөздөмөлөрүнө өзгөчө тыюу

салынат – экстра, люкс, супер), ***арналышына***– «ичүү үчүн», ***материал менен сырьенун курамына, товардын баалуулугуна көрсөтмөлөр*** товардык белги болуп эсептеле алышпайт.

Товардык белгилер жөнүндө мыйзамда эгерде буга окшогон белгилер товардык белгиде үстөмдүк кылуучу абалды ээлебесе, б.а. борбордо турбаса жана бардык белгинин 50% ашыгын ээлебесе, алар товардык белгиге киргизилиши мүмкүн экендиги айтылат.

Абсолюттук негиздерди талдоо менен өз кезегинде алар ушундай эле эки топко бөлүнгөндүгүн көңүлгө алуу зарыл. Товардык белгиде алар анча чоң эмес мааниге ээ болгон учурда бүтүндөй товардык белгини каттоого тоскоол болбой турган белгилердин биринчи тобу жөнүндө айтылды.

Экинчи топтун белгилери болсо, эгерде алар товардык белгиде дээрлик маанилүү орунду ээлебесе дагы товардык белгини каттоого мүмкүнчүлүк бербейт. Бул топтун белгилерине ***жалган же керектөөчүнү адаштырууга жөндөмдүү*** белгилер таандык, мисалы белгилүү бир товардын сапаты же аны чыгаруучу жөнүндө керектөөчүнүн чындыкка туура келбеген элестетүүсүн пайда кылуучу белгилер. Ошентип, чындыгында жок медалды же сыйлык жөнүндө башка эскерүүлөрдү камтуучу, жок патенттен ж.б. шек санатуучу белгилер. Мисалы, «СОК» деген белгиге «минералдык суу» товарына тиешелүү укуктук коргоо берилиши мүмкүн эмес, себеби мындай белги жалган болуп эсептелет.

Каралып жаткан топтун белгилерине ошондой эле ***коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулук жана моралдык принциптерине каршы келүүчү*** белгилер таандык, порнографиялык мүнөздөгү сүрөттөр, шылдыңдоочу жазуулар. Мисалы: карикатуралык, адепсиз сүрөттөлүштөр, мамлекетке каршы, улуттар аралык душмандашууну күчөтүүчү улутчулдук ураандар, улуттук адабий тилдин нормасына кирбеген уят же жаргондук сөздөр, ошондой эле мамлекеттик же диндик символикаларды, тарыхый эстеликтерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тарыхына кирген адамдардын эстеликтерин

келекелөөчү белгилерди айтсак болот. Ошентип, «Zaraza», «сволочь», «тажаал» («аспид»), «бети жок» («харя»), «вампир» («упырь») деген сыяктуу, түшүндүрмө сөздүктөрдөн «жемелөө» деген белгиден табууга боло турган сөздөрдөн туруучу белгилер катталбайт.

Диндик семантикалуу белгилерге сыйынуу жасалгаларынын – мечиттердин, храмдардын, кирхалардын, синагогалардын, исламдык, православиялык, католиктик диний символдордун сүрөттөлүштөрүн элестетүүчү белгилер таандык. Мындай белгилерге ошондой эле христиандык жана мусулмандык ыйыктардын аттарын көчүрмөлөөчү белгилер таандык.

Мисалы, алкоголдук ичимдиктерге тиешелүү «Алла» деген сөзү бар этикетка түрүндөгү товардык белги жана чочконун этинен жасалган колбасаны маркировкалоо үчүн мечиттин сүрөттөлүшүн көрсөтүүчү белги ислам динине сыйынган адамдардын сезимдерин шылдыңдоого жатат. Ушул сыяктуу эле бойго бала болтурбас үчүн колдонулуучу каражаттарды маркировкалоо үчүн арналган «Радонежский» деген белги православиялык христиандардын диндик сезимдерин шылдыңдай тургандыгын белгилей кетсек болот.

### *Товардык белгини каттоодон баш тартуу*

Мыйзам тарабынан «башка негиздер» деп аталган каттоодон баш тартуу үчүн негиздер үчүнчү жактардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын буза тургандыгына байланыштуу товардык белги катарында катталууга мүмкүн болбогон белгилерге колдонулат. Товардык белгилерди каттоого өтүнмөгө экспертиза жүргүзүү көз карашынан алып караганда товардык белгини каттоодон баш тартуу үчүн «башка негиздерди» эки топко бөлүүгө болот.

Биринчи топтун негиздери, бирдей же ***мурда катталган же Кыргыз Республикасында башка жактын атына каттоого билдирилген товардык белгилер, фирмалык аталыштар*** менен аралашып кеткен деңгээлге чейин окшош белгилер товардык белги катарында каттала албай тургандыгын белгилейт.

Окшош белгилер деп башка белгинин элементтерине толугу менен төп келип калган бардык элементтерди түшүнүү керек. Эгерде белги башка бир белги менен салыштырганда кээ бир айырмалары бар болсо, бирок жалпысынан аны менен ассоциацияланса, анда ал ушул белги менен аралашып кеткен деңгээлге чейин окшош болуп эсептелет.

Бул топтогу бирдей же аралашып кеткен деңгээлге чейин окшош белгилердин «башка» негиздери төмөндөгүлөр:

- *Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине байланыштуу корголуучу башка жактардын товардык белгилери менен;*
- *Кыргыз Республикасында жалпыга белгилүү деп таанылган товардык белгилер менен;*
- *Товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары менен.*

Каттоодон баш тартуу үчүн «башка негиздердин» экинчи тобу жетишээрлик ар түрдүү. Буга өнөр жай менчиги объектилерине дагы, автордук укук объектилерине дагы, жеке мүлктүк эмес укуктарга дагы үчүнчү жактардын укуктары таандык.

Ошентип, атап айтканда, эгерде окшош товарларга тиешелүү товардык белгиге өтүнмө келип түшкөн күнгө чейин бул укукту алган белги Кыргыз Республикасынын аймагында белгилүү ***башка бир жакка таандык болгон фирмалык аталыш менен*** аралашып кеткен деңгээлге чейин бирдей же окшош болсо, анда ал товардык белги катарында каттала албайт.

Автордук укуктун ээсинин макулдугусуз товардык белгиде ***Кыргыз Республикасында белгилүү илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармаларынын аталыштарын, алардагы кейипкерлерди же цитаталарды, искусство чыгармаларын же алардын фрагменттерин кайталап турууго*** болбойт. Мындай учурда мыйзам аларга колдонулуп жаткан автордук мыйзам берген мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү менен көркөм чыгарма жаратуучулардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргойт. Товардык белги катарында таанымал кейипкердин атын, көркөм чыгарманын аталышын же андан алынган фрагментти пайдалануу, бир жа-

гынан товардык белгинин ээсине автордун эсебинен кошумча киреше алууну камсыз кылууга, экинчи жагынан, чыгарма жаратуучунун же башка автордук укуктун ээсинин кызыкчылыктарына моралдык жана мүлктүк зыян келтирүүгө жөндөмдүү экендигин эсепке алуу менен, мыйзам бул мүмкүнчүлүктү автордун же анын укук мураскеринин макулдугуна жараша коет.

Ылайыктуу уруксатсыз товардык белгилерде ***фамилиялар, аттар жана алардан алынган портреттер жана адамдын кебетесин так өзүндөй кылып түшүрүп (факсимиле)*** пайдаланылууга мүмкүн эмес. Компетенттүү уюмдун документалдык тариздемелген уруксаты керек.

Ушуга окшогон чектөөлөрдү киргизүү менен, товардык белгилер жөнүндө мыйзам маданият жана искусство ишмерлеринин, саясатчылардын, популярдуу лидерлердин ж.б. жеке мүлктүк эмес кызыкчылыктарын жана кадыр-баркын коргойт. Товарларды белгилөө үчүн алардын аттарын пайдалануу алардын кадыр-баркына маанилүү таасир этүүгө жөндөмдүү болгондуктан, буга алардын макулдугу менен гана жол берилет. Дүйнөдөн кайтып кеткендердин кызыкчылыктары алардын мураскерлери тарабынан корголот. Мураскерлер дүйнөдөн кайткан соң, ошондой эле алар жок болгон кезде көрүнүктүү адамдардын аттарын пайдалануу Кыргыз Республикасынын компетентүү уюмдары тарабынан санкцияланышы мүмкүн.

### 4.4. Товардык белгиге укукту негиздөө

***Өтүнмөнү түзүү жана берүү***

Жогоруда белгиленгендей, товардын белгиси аны мамлекеттик каттоого алган учурдан баштап гана товардык белги деп таанылат. Белгилерди каттоо иши боюнча компетенциясына башка жумуштардын ичинде товардык белгиге өтүнмөнү кабыл алуу жана карап чыгуу, аларды каттоо жана ошондой эле коргоо документин – товардык белгиге күбөлүк берүү жумуштарына кирүүчү иштерди Кыргызпатент жүргүзөт.

Товардык белгилерди каттоо үчүн негиз катары өтүнмө кызмат кылат. Өтүнмө түздөн-түз билдирүүчү тарабынан же Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилиши мүмкүн.

Өтүнмө басма түрүндө бир нускада берилет жана бир гана товардык белгиге таандык болууга тийиш. Ал белгиленген формада, кыргыз же орус тилинде түзүлөт жана бир катар сөзсүз түрдөгү маалыматтарды ичине камтыйт.

Мыйзам өтүнмөнүн мазмунуна белгилүү бир талаптарды коет. Баарынан мурда өтүнмө төмөндөгүлөрдү камтуусу керек:

– Өтүнмөдө товардык белги катары келтирилген белгини каттоо жөнүндө **арыз.** Арызда билдирүүчү жана анын жашаган жери же жүргөн жери көрсөтүлөт.
– **Билдирилген белги жана анын сыпаттамасы.**

Жогоруда белгиленгендей, билдирилген белгилер эң ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок, сүрөттөлүшкө бирдей талаптар коюлат. Белгилердин сүрөттөлүштөрү катуу кагазда 25 нускада сунушталат. Анын чоңдугу чектелген – 5 х 5 см. Эгерде каттоого этикетка билдирилсе, анда ал өзү сүрөттөлүш катары сунушталат. Ошондой эле сүрөттөлүш товардык белгини каттоо суралып жаткан түстө же түстүк айкалышта сунушталууга тийиш экендигин көңүлгө алуу керек.

Билдирилген белгинин сыпаттамасы белгинин маңызын түшүнүү үчүн кызмат кылат. Сыпаттамалар эң ар түрдүү болушу мүмкүн, аларда белгинин мүнөздөмөсү келтирилет, анын түрү жана түзүүчү элементтери көрсөтүлөт, кээде анын мааниси ачылып түшүндүрүлөт, мисалы, эгерде фантазияланган же сейрек кездешүүчү сөз болсо, же чет өлкөлүк сөздүн башка тилдин алфавити менен жазылышы (транслитерациясы) келтирилсе.

– товардык белгинин суралып жаткан каттоосу үчүн **товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси.**

Так ошол билдирүүчү тарабынан сунушталган тизме кийинчерээк товардык белгинин ээсинин өзгөчө укуктарынын көлөмүн аныктоо үчүн негиз болуп кызмат кылат. Тизмеге кирүүчү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр товарлардын

жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык классификациясынын (ТКЭК) класстары боюнча топтолуусуга жана ушул классификацияда пайдаланылган терминдер менен белгиленүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын «товардык белгилер, тейлөө белгилер жана товар чыгарылган жердин аталышы жөнүндө» мыйзамда өтүнүүчү бир катар башка кошумча документтерди көрсөтүшү керек экендиги караштырылган. Бул документтердин бири, тактап айтканда белгиленген өлчөмдө алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ бардык учурларда көрсөтүлөт. Башка бардык документтер билдирилген белгинин, өтүнүүчүнүн өзгөчөлүгүнө жана башка кээ бир кырдаалдарга жараша мыйзам аны талап кылганда өтүнмөгө тиркелет. Атап айтканда өтүнмөгө төмөндөгүлөр тиркелиши мүмкүн:

- жамааттык белгинин уставы, эгерде өтүнмө жамааттык белгиге берилсе;
- патенттик ишенимдүү өкүлдүн ишенимкаты, эгерде өтүнмө патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилсе;
- өтүнмө берилген өлкөдөгү чет өлкөлүк патенттик ведомство тарабынан ылайыктуу күбөлөндүрүлгөн биринчи өтүнмөнүн көчүрмөсү, эгерде Кыргызпатентке берилген өтүнмөдө конвенциялык артыкчылык суралса.
- мамлекеттик гербдердин, желектердин жана эмблемалардын сүрөттөлүштөрүн, мамлекеттердин, эмблемалардын расмий аттарын, эл аралык, өкмөттөр аралык уюмдардын кыскартылган же толук аталыштарын товардык белгиде пайдаланууга тиешеси бар компетенттүү органдын макулдугу, эгерде каттоого билдирилген белгиде аталган элементтер же аралашып кеткен деңгээлге чейинки окшош элементтер бар болсо;
- мамлекеттик сыйлыктардын сүрөттөлүштөрүн жана башка айырмалоочу белгилерди товардык белгиде пайдаланууга тиешеси бар компетенттүү органдын макулдугу;
- сыйлыктар жана башка айырмалоочу белгилер жөнүндө маалыматтардын тууралыгын ырастоочу документ, эгерде каттоого билдирилген белгиде алар бар болсо;

– расмий контролдук, кепилдик же аныктоочу эн тамгаларды жана мөөрлөрдү товардык белгиде пайдаланууга тиешеси бар компетенттүү органдын уруксаты, эгерде каттоого билдирилген белгиде аталган элементтер бар болсо;
– таанымал жактардын, алардын мураскерлеринин макулдугу же алардын фамилияларын, аттарын, псевдонимдерин жана алардан алынган портреттерди жана мындай адамдардын так өзүндөй сүрөттөрүн (факсимиле) кайра тууураган белгилерди товардык белги катарында каттоого тиешеси бар компетенттүү органдын макулдугу;
– автордук укуктун ээсинин жана Кыргыз Республикасындагы илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармаларына же алардан алынган цитаталарга жана персонаждарга, искусство чыгармаларына же алардын фрагменттерине ылайык аталыштарды товардык белги катары каттоого анын укук мураскерлеринин макулдугу;
– өтүнүүчүнүн өнөр жай үлгүсүнө же товар чыгарылган жердин аталышын пайдаланууга укугун ырастоо, эгерде алар каттоого билдирилген белгиде бар болсо.

Патенттик укук сыяктуу эле, товардык белгиге укук артыкчылык алган күндү каттоого алуу товардык белгинин биринчилигин түшүнүү менен тыгыз байланышта. Товардык белгинин артыкчылыгы Кыргызпатентке өтүнмө берилген күн боюнча белгиленет.

Мыйзам ошондой эле Париж конвенциясынын мамлекет–катышуучусуна биринчи өтүнмө берилген күн боюнча белгиленүүчү конвенциялык артыкчылыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн дагы караштырат, эгерде өтүнмө Кыргызпатентке көрсөтүлгөн күндөн тартып алты айдын ичинде келип түшсө.

Кыргызпатентке өтүнмө көргөзмөдө көргөзүлгөн күндөн тартып алты айдын ичинде келип түшкөн учурда көргөзмөдө экспонатты көрсөтүүнүн ачылган күнү боюнча белгиленүүчү

көргөзмөлүк артыкчылык берилиши мүмкүн. Мындай жеңилдик (льгота) бардык көргөзмөлөргө колдонулбастан, компетенттүү органдын чечими боюнча эл аралык көргөзмөлөрдө таанылган расмий статусу барларга колдонулат.

Тариzделген өтүнмө сунушталган документтер менен кошо билдирүүчү тарабынан Кыргызпатентке жөнөтүлүп, анда ал боюнча экспертиза жүргүзүлөт.

### *Товардык белгиге өтүнмөнү экспертизалоо*

Товардык белгиге өтүнмөнү экспертизалоо өз ичине алдын ала экспертизаны жана билдирилген белгини экспертизалоону камтыйт. Экспертиза өткөрүү мезгили ичинде Кыргызпатент өтүнүүчүдөн аларсыз экспертизаны өткөрүүгө мүмкүн болбогон кошумча материалдарды суроого укуктуу.

Өтүнмөгө алдын ала экспертиза жүргүзүү ал келип түшкөн күндөн тартып бир айлык мөөнөттө өткөрүлөт. Алдын-ала экспертизанын жүрүшүндө өтүнмөнүн мазмуну, керектүү документтердин бар экендиги, ошондой эле алардын белгиленген талаптарга ылайыктуулугу текшерилет. Алдын-ала экспертизанын жыйынтыктары боюнча өтүнүүчүгө өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуу жөнүндө же аны карап чыгуудан баш тартуу жөнүндө чечим жиберилет.

Алдын-ала экспертиза жүргүзүү аяктаган соң жана оң натыйжа алган учурда он ай мезгил ичинде билдирилген белгиге экспертиза жүргүзүлөт. Экспертизанын жүрүшүндө билдирилген белги бир юридикалык жана жеке жактын товарлары менен кызмат көрсөтүүлөрүн салыштырмалуу башка юридикалык жана жеке жактардын окшош товарлары менен кызмат көрсөтүүлөрүнөн айырмалаганга жөндөмдүүлүгү текшерилет. Мындан тышкары төмөндөгүлөр текшерилет:

- билдирилген сүрөттөлүштүн айырмалоочу жөндөмү барбы;
- сүрөттөлүш өз ичине мамлекеттик гербдерди, желектерди жана эмблемаларды; мамлекеттердин расмий аталыштарын, эл аралык өкмөттөр аралык уюмдардын кы-

скартылган же толук аталыштарын; расмий контролдук, кепилдик жана аныктоочу эн тамгаларды, мөөрлөрдү ошондой эле сыйлыктарды жана айырмалоонун башка белгилерин же алар менен аралашып кеткен деңгээлге чейинки окшош белгилерди камтыбай тургандыгы, билдирилген сүрөттөлүш товарлардын белгилүү бир түрүнүн белгиси катары жалпы колдонууга кирбей тургандыгы; жалпы кабыл алынган символ же термин болуп эсептелбей тургандыгы; ал товарлардын көрүнүшүнө, сапатына, касиетине, арналышына, баалуулугуна ошондой эле алардын чыгарылган жерин жана убактысын же сатуу мөөнөтүн көрсөтө тургандыгы текшерилет.

Экспертиза жүргүзүүдө ошондой эле сүрөттөлүштүн аныктыгы жана ал товарга же анын чыгаруучусуна карата керектөөчүнү адаштыра албай тургандыгы; белгинин сүрөттөлүшү коомдук кызыкчылыктарга, гумандуулуктун принциптерине жана моралга каршы келбей тургандыгы текшерилет.

Мыйзамда окшош товарларга карата Кыргыз Республикасында башка жактын атына мурда катталган товардык белгиге; эл аралык келишимдерге байланыштуу каттоосуз коргоодогу башка жактардын товардык белгилерине, коргоодогу товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарына окшош же аралашып кеткен деңгээлге чейинки бирдей белгилер товардык белги катарында каттала албай тургандыгы маалым.

Экспертизанын жыйынтыгы боюнча товардык белгини каттоо жөнүндө же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

Алдын ала экспертизанын ошондой эле билдирилген белгинин экспертизасынын чечими менен өтүнүүчү макул болбогон учурда, ал чечимди алган күндөн тартып үч айдын ичинде Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешине каршылык билдире алат, ал келип түшкөн күндөн тартып төрт айдын ичинде каралууга тийиш. Өтүнүүчү Апелляциялык кеңештин чечими менен макул болбогон учурда ал аны алган күндөн тартып алты айдын ичинде сотко кайрыла алат.

***Товардык белгини каттоо, жарыялоо жана күбөлүк берүү***

Товардык белгинин катталышы үчүн б.а. Кыргыз Республикасынын товардык белгилеринин жана тейлөө белгилеринин Мамлекеттик реестрине (мындан ары – реестр) киргизилиши үчүн, белгиленген мөөнөттө ылайыктуу алым төлөнүшү керек. Эгерде товардык белгини каттоо жана күбөлүк берүү үчүн мыйзам тарабынан белгиленген алым төлөөнүн шарттары сакталса, төлөөнүн документи өз убагында берилген болсо, Кыргызпатент товардык белгини реестрге киргизет.

Товардык белгини каттоого тиешелүү маалыматтар Кыргызпатент тарабынан «Интеллектуалдык менчик» расмий бюллетенине жарыяланат. Товардык белги реестрге киргизилип, анын катталгандыгы жөнүндө маалыматтар жарыялангандан кийин, товардык белгиге күбөлүктү тариздөө жана берүү иштери жүргүзүлөт.

Товардык белгиге күбөлүк – товардык белгинин ээсине берилүүчү жана бул белгиге анын өзгөчө укуктарын ырастоочу коргоо документи. Андан тышкары күбөлүк товардык белгинин артыкчылыгын ырастайт жана товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн кимдер үчүн катталгандыгын жана товардык белгинин ээсинин өзгөчө укуктарынын аракеттерин көрсөтөт. Мыйзам тарабынан товардык белгинин каттоодо туруучу он жылдык мөөнөтү белгиленген. Бул мөөнөт өтүнмөнүн катталган же жарыяланган күнүнөн эмес, өтүнмөнүн патенттик ведомствого берилген күнүнөн тартып эсептелет.

Мыйзам товардык белгинин ээсине товардык белгинин жарамдуулук мөөнөтүн улам жаңы ар бир он жылдык мөөнөткө узартып турууга чектелбеген мүмкүнчүлүк берет.

### 4.5. Товардык белгиге укуктун субъектилери

Мыйзам товардык белги ишкерчилик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу юридикалык, ошондой эле жеке жактын атына катталууга мүмкүн экендигин белгилейт.

***Юридикалык жактарга***булар тиешелүү, товардык белгиге укукту товар чыгаргандар, аларды сатуучулар, ремонттогондор, аларды сервистик тейлегендер ж.б., ошондой эле керектөөчүлөргө бардык мүмкүн болгон кызматтарды көрсөткөндөр ала алышат. Бирок, товардык белгиге, укукка алардын уюштуруучулук документтерине ылайык киреше алып келүүчү ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу укук берилген мекемелер да ээ болушу мүмкүн. Мисалы, товардык белги, эгерде алар чарбалык эсеп ишмердүүлүгү менен иш жүргүзүүгө укуктуу болушса, мамлекеттик бюджеттен каржылануучу жогорку окуу жайынын, илимий изилдөө мекемесинин, маданият мекемесинин ж.б. атына катталышы мүмкүн.

Товардык белгиге укук субъектилеринин экинчисине – ***жеке жакка***булар тиешелүү, мыйзам ар бир жеке жак товардык белгинин ээси боло албай тургандыгын белгилейт. Мындай укукту алуу үчүн субъект ишкер болушу керек. Жеке жактын ишкерчилик ишмердүүлүгүнүн күбөсү болуп анын ишкер катарында мамлекеттик катталуусу эсептелет.

### 4.6. Товардык белгинин ээсинин укуктары жана милдеттери

Кыргызстанда товардык белгиге укуктук коргоо аны мамлекеттик каттоонун негизинде, *товардык белгинин ээсинен башка эч ким бул белгини пайдалана жана өзү каалагандай иш жүргүзө албай тургандыгын, ошондой эле аны башка жактардын пайдалануусуна тыюу салууну билдирүүчү,* ***өзгөчө укукту*** *товардык белгинин ээсине бекитет.*

Товардык белгини пайдалануу катары төмөнкүлөр эсептелет:

- товардык жүгүртүүдө аны товарларда колдонуу, аларды маркировкалоо;
- белгини рекламалык максаттарда пайдалануу;
- белгини документацияда пайдалануу;
- Интернет түйүнүндө белгини дарек катарында пайдалануу.

*Товардык белгини соодалык жүгүртүүдө пайдалануу* өз ичине жаратууну, колдонууну, сатууну, соодага сунуш кылууну, кийин сатуу максатында сактоону, товарды белгилүү бир өлкөнүн аймагына алып кирүүлөрдү камтыйт.

*Товарларды маркировкалоо* – товардын өзүнө же анын оромуна товардык белгинин коюлушу, ошонусу менен жакшы эстеп калууга өбөлгө түзүп, башка белгилердин түрлөрүнүн ичинен товардык белгини айырмалап турууга мүмкүнчүлүк берет. Андан тышкары товардык белгиге өзгөчө укуктун бар экендигин күбөлөндүрүүчү маркировканы колдонуу, анын продукцияларын керектөөчүлөрдүн көз алдында фирманын беделин көтөрүүгө өбөлгө түзүүчү кошумча рекламалык каражат болуп эсептелет. Кызмат көрсөтүүлөрдү маркировкалоо тейлөөчү персоналдардын кийимдеринде пайдаланылуучу төш белгилерде, эмблемаларда, кызмат көрсөтүүдө пайдаланылуучу ярлыктарда, көрнөктөрдө ж.б.у.с. белгилерди колдонуу. Маркировкаларды колдонуу товардык белгинин ээсинин укугу гана болуп эсептелээрин, бирок милдеттери эмес экендигин белгилөө зарыл. Ал алардын өз каалоолору боюнча коюлат жана латынча R тамгасы түрүндө же айлананын ичиндеги R түрүндө келтирилиши, же колдонулуучу белги Кыргыз Республикасында катталган товардык белги болуп эсептелээрин оозеки түрүндө көрсөтүүчү «катталган товардык белгини» билдирүүчү белги түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн.

*Белгини документацияда пайдалануу* товарды коштоп жүрүүчү же коммерциялык операцияларда колдонулуучу бардык документтерде көрсөтүүнү билдирет.

*Белгини рекламалык максаттарда пайдалануу* белгинин керектөөчүлөрдүн ичинде белгилүүлүгүн популярдаштыруу, кеңейтүү үчүн товарга көзкарандысыз, өз алдынча колдонууну билдирет. Бул үчүн белги басма сөз каражаттарында – газеталарда, журналдарда, каталогдордо, рекламанын каражаттарында – плакаттарда, дубалга илмелерде, кулактандырууларда, радиодо, телевидениеде, кинодо жайгаштырылышы мүмкүн.

Товардык белгиге укук, өнөр жай менчигинин башка бардык түрлөрүнө карата укуктар сыяктуу эле чексиз болуп эсептелбейт жана белгилүү бир чектөөлөргө ээ.

Биринчиден, бул аймактык чектелүү, б.а. товардык белгиге укук ал пайда болгон өлкөнүн аймагында гана күчкө ээ. Башка өлкөлөрдүн аймагына карата бул укук жайылтылбайт жана алардын аймагында коргоо алуу үчүн белгини дагы каттоо зарыл.

Экинчиден, товардык белгиге укук *белгилүү бир мөөнөткө* берилет. Кыргызстанда бул – он жыл. Бирок, мыйзам тарабынан ылайыктуу жолдомо берилген жана алым төлөнгөн учурда каттоону кайра жаңыртуу мүмкүнчүлүгү караштырылган. Эгерде кайра жаңыртуу жөнүндө жолдомо өз убагында берилбесе, анда каттоонун аракети бүткөндөн кийин белгиге болгон укук күчүн жоготот.

Үчүнчүдөн, бул *маркировкаланган товарлардын чөйрөсүнө карата чектөө.* Товардык белги өзүнүн арналышына байланыштуу соодалык жүгүртүүдө товардан бөлүнүп пайдаланылбагандыктан, товардык белгиге укук товарлардын белгилүү бир түрлөрүнө байланыштуу гана, тактап айтканда каттоо учурундагы «товарлардын тизмесинде» билдирилгендерге берилет.

Товардык белгини пайдаланууда, мыйзам тарабынан укук катары гана эмес, анын ээсинин милдети катарында дагы караштырылат.

Белгинин ээсинин милдети болуп аны практикада колдонушу эсептелет. Ошентип, мыйзам тарабынан, товардык белгини каттоонун аракети үзгүлтүксүз пайдаланылбаган мезгил ичинде кайсы жак болбосун берген арыз боюнча сот кабыл алган чечимдин негизинде аны каттагандан кийин үч жыл катары менен товардык белги пайдаланылбагандыгына байланыштуу бардык товарларга же алардын бир бөлүктөрүнө карата каттоо аракети мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн экендиги караштырылат.

## 4.7. Товардык белгиге укукту токтотуу

Товардык белгиге өзгөчө укукту токтотуу үчүн мыйзам тарабынан бир нече негиздер белгиленген.

Укукту токтотуу мезгили баарыдан мурда каттоо аракетинин мөөнөтүн узартуу жөнүндө товардык белгинин ээси арыз бербеген учурда, товардык белгини каттоо аракетинин мөөнөтүнүн бүткөндүгүнө байланыштуу келет.

Товардык белгинин ээси ошондой эле товардык белгини каттоодон баш тартуу жөнүндө арыз берүү менен, өзүнүн өзгөчө укуктарынан баш тарта алат.

Укукту токтотуу убактысы ишкананын жабылышына (жоюлушуна) байланыштуу, субъект жоюлганда, ал эми буга байланыштуу анын укуктары жоюлганда келет.

Товардык белгини каттоо, үч жылдык мезгил ичинде товардык белги пайдаланылбаган себеп боюнча анын аракетин мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө соттун чечиминин негизинде жоюлушу мүмкүн. Белгиге укукту токтотууга алып келүүчү башка кырдаал болуп шарттарды пайдаланбагандыктын жүйөөлүү себептеринин жоктугу кызмат кылат. Негизинен булар ээсинин эркинен тышкары, ага көз карандысыз себептерден улам товардык белгини пайдаланууга мүмкүнчүлүк бербеген шарттар, мисалы, зарыл чийки заттардын (сырьенун) жоктугу, ишкананын ишмердүүлүк профилинин өзгөрүшү ж.б.

Белгиге укуктун жашап турушу ошондой эле анын жарамдуу эмес деп таанылышына байланыштуу токтотулушу мүмкүн. Бул үчүн негиз болуп, белгинин коргоого жарамдуулугуна карата мыйзамдын талаптарынын аткарылбагандыгы жагымсыз зыяндарга – алдоого, башка белгилер менен аралаштырууга жана ошонусу менен аларды адаштырууга алып келүүгө мүмкүн болгон анын жаңылыгынын же айырмалоочу жөндөмүнүн жоктугу кызмат кылат.

Белгиге укукту жараксыз деп таануу, укуктук мыйзам бузуу менен жаңылыш берилгендигин жана ошондуктан ал эч качан болгон эместигин билдирет.

### 4.8. Товардык белгини чет өлкөдө каттоо

Өндүрүүчүлөрдүн товар менен дүйнөлүк рынокко чыгууга умтулушу алардын товардык белгилерине чет өлкөдө укуктук коргоону алуу зарылчылыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасы товардык белгилерди чет өлкөдө каттоого түздөн-түз тиешеси бар бир катар эл аралык макулдашуулардын катышуучусу болуп эсептелет.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Париж конвенциясына катышуусу, республиканын өтүнүүчүлөрүнө макулдашылган өлкөлөрдүн биринде туура таризделип биринчи берилген өтүнмөнүн негизинде товардык белгиге коргоону алты айдын ичинде бардык макулдашылган өлкөлөрдө сурап алууга мүмкүндүгү бар экендигин өтүнүүчү конвенциялык артыкчылык укугунан пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

1994-жылдын февралында Кыргыз Республикасынын товардык белгилерди каттоо жөнүндөгү Мадрид макулдашуусуна (мындан ары – Мадрид макулдашуусу) кошулуусу Кыргыз Республикасынын өтүнүүчүлөрүнө макулдашуунун бир нече же бардык катышуучу –мамлекеттеринде бир эле мезгилде аракеттенүүчү товардык белгилерди каттоо тутумунан пайдаланууга мүмкүнчүлүк берди.

Мадрид макулдашуусу боюнча товардык белгини эл аралык каттоонун жолжоболору ***эл аралык каттоого өтүнмө берүү боюнча белги келип чыккан өлкөнүн ведомствосунда, Кыргыз Республикасында – Кыргызпатентте катталуусун***талап кылат.

Товардык белгинин эл аралык каттоодо болушу анын ээсине бир катар артыкчылыктарды тартуулайт. Ошентип, өтүнүүчү ар башка тилде ар бир ведомствого өзүнчө өтүнмө берип, жана ар бир ведомствого алым төлөгөндүн ордуна, бир эле тилде, бир гана өтүнмөнү даярдап, ИМДУнун Эл аралык бюросуна бир гана алым төлөөсү керек.

Мадрид макулдашуусунун жол-жоболору боюнча берилген өтүнмө улуттук патенттик ведомство аркылуу таризделет,

буга байланыштуу өтүнүүчүнүн чыгашаларынан патенттик ишенимдүү өкүлдөрдүн гонорарларын чыгарып салуунун жана өтүнмө берүү үчүн алымды азайтуунун эсебинен патенттик ишенимдүү өкүлдөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн зарылчылыгы жана эл аралык каттоонун наркы олуттуу азаят.

Эгерде өтүнмө эл аралык өтүнмөгө коюлуучу талаптарды канааттандырса, мындай учурда ИМДУнун Эл аралык бюросу кечиктирбестен белгини Эл аралык реестрге киргизүүнү жүзөгө ашырып, тиешелүү маалыматты өзүнүн расмий басылмасында жарыялайт.

Мадрид макулдашуусунун алкагында ***макулдашылган ар бир өлкөнүн ведомствосу бир жылдын ичинде укуктук коргоо берүүгө макулдугу же*** баштартуунун бардык негиздерин сөзсүз түрдө көрсөтүү менен***өз аймагында белгини каттоодо толук же бир бөлүгүнөн баш тартуусу жөнүндө билдирүүсү керек.***

Андан ары баш тартууга карата өтүнүүчү тарабынан арыздануунун жол-жоболору баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылган өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

ИМДУнун Эл аралык бюросу белгинин экспертизасын өтүнмөнүн туура таризделиш көзкарашынан: өтунмөнү түзүүгө коюлуучу бардык талаптардын сакталгандыгына, ылайыктуу алымдардын жана жыйымдардын төлөнүшүнө карата гана жүргүзөт. Бюро баш тартуунун калыстыгына карата өз пикирин айта албайт жана мындай баш тартууга байланыштуу пайда болуучу көйгөйлөрдү жөнгө салууга кийлигише албайт.

Өтүнүүчүлөр эл аралык каттоонун айрым өзгөчөлүктөрүн эске алуулары зарыл. Ошентип, *эгерде улуттук* атап айтканда, Кыргызстанда катталган *товардык белги жоюлса, мындай учурда биринчи беш жыл ичинде товардык белгинин эл аралык катталышы жоюлушу мүмкүн.* Ошону менен товардык белгинин ээси анын товардык белгисин жоюуга байланышкан шарттар жок болгон өлкөлөрдө өз укуктарын жоготот. Беш

жылдык мөөнөт өткөндөн кийин эл аралык каттоо улуттук каттоого көзкарандысыз болуп калат.

Эл аралык каттоонун аракетинин мезгили анын аракетин кайра жаңыртуу үчүн ар бир 10 жылда белгиленүүчү ИМДУ-нун эл аралык бюросуна төлөө шартында убакыт менен чектелбейт.

2004-жылдын июнунда Кыргыз Республикасы Мадрид макулдашуусуна жаңы өлкөлөрдүн кошулуусунун жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү жана кошулууга бир катар өлкөлөргө мурда тоскоол болгон белгилүү бир кыйынчылыктарды жоюу максатында Мадрид макулдашуусунун бир катар жоболорун өзгөрткөн, белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусуна Протоколдун (мындан ары – Мадрид протоколу) катышуучу–өлкөсү болуп калды. Мадрид макулдашуусуна салыштырмалуу Мадрид протоколу эл аралык каттоонун салттуу тутумуна бир катар жаңылыктарды киргизет, тактап айтканда:

- Мадрид макулдашуусу ***улуттук каттоонун*** бар экендигин караштырган учурда эл аралык өтүнмө келип чыккан өлкөнүн ведомствосунда берилген ***өтүнмөгө*** негизделе алат.
- бардык катышуучу–өлкөлөрдүн ведомстволору Мадрид макулдашуусу боюнча алымдын чектен ашкан өлчөмүн белгилөөгө укуктуу;
- эл аралык каттоо күнүнөн тартып беш жыл ичинде келип чыккан өлкөнүн ведомствосунун талабы боюнча жоюла турган эл аралык каттоо, эл аралык каттоо аракеттенген ылайыктуу катышуучу–өлкөлөрдө улуттук өтүнмөгө кайра түзүлүшү мүмкүн.

Андан тышкары Мадрид протоколу товардык белгилерди каттоонун регионалдык тутумдары менен байланыш түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**4-баптын атайын адабияты**


1. *Адуев А.И., Белогорская Е.М.* Товарный знак и его правовые значения. – М.:ВНИИПИ, 1972. – 34 с.

2. *Бобровский И.* Договор о законах по товарным знакам // Вестник кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1998. – № 1. – С. 56–65.

3. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

4. *Горленко С.А.* Важный ориентир для рынка товаров // Вопросы изобретательства. – 1991. – № 9 –10. – С. 11–12.

5. *Горленко С.А.* Промышленные образцы, товарные знаки, наименования мест происхождения товаров // Патентная информация. – 1995. – № 3. – С. 20 –26.

6. Григорьев А.Н. Может ли географическое наименование стать товарным знаком // Интеллектуальная собственность. – 1994. – № 7–8. – С. 3 –8.

7. *Григорьев А.Н.* Соотношение товарного знака и географического указания // Патенты и лицензии. – 1994. – № 7–8. – С.17 –21.

8. *Григорьев А.Н.* Конфликт между товарным знаком и географическим указанием // Патентная информация. – 1995. – № 3. – С. 27 –30.

9. *Клименко Л.Ф.* Товарные знаки и пресечение недобросовестной конкуренции // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 8 –12.

10. *Коковихин Ю.В.* Защита от недобросовестной конкуренции, связанной с незаконным использованием товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 11. – С.35–37.

11. *Кюршо Ф.* Мадридское соглашение о международной регистрации знаков и Мадридский протокол 1989 г. к этому соглашению // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1998. – № 1.– С. 40 –49.

12. *Матели П.* Новое французское законодательство по товарным знакам / Пер. с франц. В.И. Еременко, Кн. 1,2,3. – Душанбе: НПИЦентр, 1998.– С. 154, 166, 149.

13. *Оморов Р.О.* Международное сотрудничество Кыргызской Республики в области интеллектуальной собственности // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 67 –73.

14. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность Учебное пособие для вузов/ Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. –127 с.

15. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155-бет.

16. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М., Саргалдакова ж.з.* Право интеллектуальной собственности в схемах: Учебник / Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2004. – 156 с.

17. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов / Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

18. *Орлова В.В.* Охрана фирменных наименований и товарных знаков в Финдляндии // Патенты и лицензии. – 1997. – № 2. – С. 31 –35.

19. *Прозоровская Е.В.* Столкновение фирменных наименований и товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 12 –14.

20. *Саргалдакова Ж.З.* Законодательство Кыргызской Республики в области охраны общеизвестных товарных знаков // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 76 –78.

21. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации. – М.:Теис, 1996. –539 с.

22. *Сергеев В.М.* Правовые аспекты использования товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 1 –3.

23. *Соболева Г.А., Суперанская А.В.* Товарные знаки.– М.: Наука, 1986. – 56 с.

24. *Тыцкая Г.И., Мамиофа И.Э., Мотылева В.Н.* Правовая охрана товарных знаков, фирменных наименований, указаний

и наименований мест происхождения товаров в капиталистических и развивающихсястранах.– М.: ВНИИПИ, 1985. – С. 51 –60.

25. *Царев А.* Товарный знак – реклама и гарантия качества товара // Изобретатель и рационализатор. – 1997. – № 3. – С. 21 –38.

26. *Шестимиров А.А.* Товарные знаки. Учебное пособие.– М.:ВНИИПИ,1995.–294 с.

27. *Шестимиров А.А.* Экспертиза заявки на товарный знак. Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1996. – 104 с.

28. *Янушкевич И.П.* Юридическая основа и практика применения товарного знака, знака обслуживания и фирменного наименования. – М.: ИНИЦ Роспатента,1998. – 64 с.

# 5-БАП. ТОВАР ЧЫГАРЫЛГАН ЖЕРДИН АТАЛЫШТАРЫ

## 5.1. «Товар чыгарылган жердин аталыштары» түшүнүгү жана белгилери

Рыноктук чөйрөнү калыптандыруу жана рынокту товарлар менен толтуруу шарттарында рыноктук экономиканын ажырагыс элементи болуп саналган товар чыгарылган жердин аталыштарынын ролу жогорулайт.

Белгилүү болгондой, рыноктук механизм керектөөчүнүн товарга болгон мамилесине маанилүү көңүл бурат – ал же тааныйт же жокко чыгарат. Бул процессте товар чыгарылган жердин аталыштары товарда өзгөчө, кайталангыс касиеттердин бар экендигин кепилдөөчү рыноктук мамилелердин сөзсүз түрдөгү катышуучусу катары чыгат.

Азыркы шарттарда товар чыгарылган жердин аталыштарынын дээрлик көпчүлүгү пайда болуусу жана чыгарылышы элдердин тарыхын жана маданиятын чагылдыруучу товарлар менен байланышта болгондуктан, товар чыгарылган жердин аталыштарын коргоо өзгөчө мааниге ээ болууда. Бул объектини укуктук коргоо салттуу өндүрүштөрдү жана көркөм өнөр өндүрүштөрүн сактоого, мамлекеттердин маданияттарынын өзүнчөлүгүн жана кайталангыстыгын жемиштүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Товар чыгарылган жердин аталыштарынын маанисин түшүнүү үчүн бул өнөр жай менчиги объектисинин спецификасын даана элестетүү керек.

***Товар чыгарылган жердин аталыштары*** *– бул өз ичине жаратылыш шарттарын жана/же адамдык факторлорду кам-*

*тыган ошол жердин өзгөчө же артыкча географиялык чөйрөсү менен шартталган өзгөчөлүктөрүнө же касиеттерине* ээ *болгон өлкөдөн, областан же жерден чыгуучу товарлар белгилене турган өлкөнүн, областын же жердин географиялык аталышы.*

Товар чыгарылган жердин аталышы катарында төмөндөгү белгилери менен мүнөздөлүүчү аталыш катталат:

– белгилүү бир жердин азыркы расмий аталышы (өлкөнүн, эл отурукташкан жердин, тоолордун, дарыялардын, көлдөрдүн ж.б., ошондой эле географиялык объектинин тарыхый аталышы);
– товардын өзгөчө касиеттери (алар товардын уникалдуулугун же элитардуулугун аныкташат, алар туруктуу жана талашсыз болуулары керек);
– жаратылыш шарттарын камтуучу географиялык чөйрө (климат, жергиликтүү рельеф, кыртыштын касиеттери, микрофлора (көзгө көрүнбөгөн өсүмдүктөрү), суунун тыгыздыгы (коюулугу), нымдуулуктун даражасы, жыл ичиндеги ачык күндөрдүн саны ж.б.);
– адамдык факторлор (профессионалдык тажрыйба, маданияты, өндүрүштүк салтгары, этнографиялык өзгөчөлүктөрү ж.б.).

Айрым бир учурларда товардын өзгөчө касиеттеринин калыптанышына географиялык чөйрө, жаратылыш шарттары – климат, жергиликтүү рельеф, кыртыштын курамы, суунун курамы жана температурасы, нымдуулук даражасы, күндүн активдүүлүгү, географиялык кеңдик, деңиз деңгээлинен бийиктиги, пайдалуу кендери ж.б. гана таасир этет. Дал ошол географиялык чөйрөнүн спецификасы «табигый» деп аталган товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарынын уникалдуулугун (сейрек кездеше тургандыгын) шарттайт – бул айрым минералдык суулардын, казылып алынуучу минералдык кен байлыктардын, дары чөптөрдүн ж.б. аталыштары. Мисалы: Жалал-Абад, Ысык-Ата, Аксуу ж.б.у.с. – минералдык суулар; казылып алынуучу минералдык кен байлыктар – Уралдын асыл таштары, Якут алмаздары, Кара-Кече көмүрү ж.б.у.с.

Жаратылыш шарттарынын таасири өзгөчө уникалдуу айыл чарба продуктулары – өзгөн күрүчү, токтогул балы, наманган алмасы, баткен өрүгү, голландия жоогазындары, бразилия кофеси, цейлон чайы ж.б.у.с. үчүн аныктоочу болуп келиши мүмкүн.

Кыргызстанда дарылык касиетине ээ болгон экологиялык таза сырьедон селекциялык жол менен алынуучу биологиялык активдүү заттардын табигый комплекси болуп эсептелген дарылык касиети бар бальзамдар белгилениши мүмкүн. Ошентип, КРнын УИАсынын академиги Алтымышев А. А. тарабынан Кыргызстандын тоолорунун дарылык касиети бар бийик тоолуу өсүмдүктөрүнүн негизинде иштелип чыккан «Арашан» бальзамы микробго каршы активдүүлүгү бар биостимулятордук касиетке ээ.

Экинчи бир учурларда товарлардын өзгөчө касиеттери адамдык факторлор менен гана аныкталат, б.а. көп жылдык адистик тажрыйба, маданият, салттар, өзгөчөлүгү бар технология, этнографиялык өзгөчөлүктөр ж.б. менен гана аныкталат. Бул, мисалы, кыргыз кийизи, орус квасы, вологда кружевасы ж.б.у.с.

Бирок дээрлик көпчүлүк учурларда товарлардын өзгөчө касиеттери жаратылыш шарттары менен адамдык факторлордун бир мезгилдеги таасири менен шартталган. Практика көрсөткөндөй өзгөчө касиеттери жаратылыш шарттары менен адамдык факторлордун бир мезгилдеги таасири астында калыптанган товарлар менен байланышкан товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары кыйла туруктуу келишет. Мындай товарларды өндүрүүнү бир жерден экинчи жерге которууга болбойт.

Товарлардын бул тобуна көркөм өндүрүштөрдүн товарларын (оренбург тыбыт жоолуктары, хохлома, гжель), винолорду (грузин, токай, француз), сырларды (Рокфор, армян) жана башка көптөрүн кошууга болот.

Ошентип, көп жылдар бою Франциянын, Грузиянын, Молдавиянын жана көптөгөн башка өлкөлөрдүн жүзүмчүлөрү

сапаттары факторлордун жыйындысы менен шартталган винолорду чыгарышат. Бул өндүрүштүн салттуу шарттары, жүзүмдүктү бутоо ыкмасы, жүзүмдүктү чогултуу, тандап алуу жолу менен жүзүмдү терүү, чектелген түшүмдүүлүк, жогорулатылган алкоголдук-метрикалык даражасы, жүзүмдөгү канттын болушу. Жүзүмдүн бул сортторунун бутактарын көчүрүп отургузууга жана башка жерлерде мисалы Крымда, Арменияда, Венгрияда аналогиялык винолорду жасоого аракеттенүүлөр самаган натыйжаларды берген жок. Мекени Франциянын, Грузиянын, Молдавиянын анча чоң эмес кыштактары, жерлери, борбордон алыскы аймактары болуп эсептелген, өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрү жана кайталангыс касиеттери боюнча букеттер менен эч бир жалпылыгы жок эң сонун, бирок таптакыр башка винолор келип чыкты.

Мындай винолор өзгөчө сейрек касиеттери менен жергиликтүү жана регионалдык гана эмес, эл аралык деңгээлдеги кадыр-барктуу. Бул мисалы, Бургунд, Бордо, Шампан, Цинандали, Гурджани, Токай винолору, Цимлян шуулдап турган (игристое) ж.б. көптөгөн винолор.

Өзбекстанда тээ байыртадан бери карапа өндүрүшү менен катар жез боюнча сүрөт оюу (чеканка) жана жибекке сайма саюу өнөрчүлүктөрүнүн даңкы чыгып келген. Формасы жана колорити боюнча кумуранын кайда жасалганын дайыма аныктоого болот. Көгүш-ак-жашыл гамма – Фергана, саргыч-жашыл-күрөң – Бухара жана Самарканд. Башка райондордо мындай кумураларды кайталоо аракеттери болгон, бирок алар ийгиликке жетишкен эмес.

«Тула пряниги» спецификалык продуктусунун географиялык факторлору анын начинкасын даярдоо үчүн Тула областында гана өсүүчү мөмө-жемиштер, ал эми камырын даярдоо үчүн – Обидинско-Упинский суу тосмосунун суусу гана колдонула тургандыгында экендиги мүнөздүү мисал. Башка белгилер адамдык факторлорго жана пряниктин сырткы бетин көркөмдөп коздоо, сүрөттүк сюжеттерди пайдалануу, сүрөттөрдү түшүрүү үчүн тактайчалардын вариациялары сыяктуу өндүрүш салттары-

на таандык. Пряник тактайчасынын касиеттери жана конструкциясы ага башка жерлерде даярдалуучу пряниктерден «Тула прянигин» айырмалоочу кошумча өзгөчө касиеттерди берүү менен алынган товардын сапатына таасир этет. Пряниктин көрүнүшү жана сапаты аны даярдоодо колдонулуучу жыгач тактайдын механикалык касиетине – катуулук даражасына, жылмакайлыгына, жыгачтын түрүнө жараша болот.

Башка сөз менен айтканда оренбург тыбыт жоолуктарын, вологода кружеваларын, кыргыз кийизин, бухара каракүлүн, гжелди, палехти, брюссель кружеваларын жана башка көптөгөн башка жерлердин товарларынын кайталангыс өзгөчө касиеттеринин бар экендигин шарттаган географиялык чөйрөгө караганда көрсөтүлгөн товарларды башка жерлерде чыгаруу мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасында товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын коргоо Кыргыз Республикасынын «Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө» мыйзамынын (мындан ары – мыйзам) негизинде жүзөгө ашырылат.

Мыйзамга ылайык ***товарчыгарылганжердин аталыштары деп*** *өзгөчө касиеттери айрыкча же негизинен берилген географиялык объектиге жаратылыш шарттары жана адамдык факторлор бир эле мезгилде мүнөздүү деп аныкталган товарды белгилөө үчүн пайдаланылуучу өлкөнүн, калк жашаган жердин, белгилүү бир жердин же башка бир географиялык объектинин аталышын түшүнүшөт.*.

Мыйзамга ылайык географиялык объектинин аталышын камтып турган менен бирок аны чыгарган жер менен байланышы жок белгилүү бир товардын түрүнүн белгиси катарында Кыргыз Республикасында жалпы колдонууга кирген б.а. товардын чыныгы чыгарылган жерин керектөөчүгө көрсөтүп туруучу алгачкы өзүнүн түр белгилеринин жөндөмүн жоготкон белги товар чыгарылган жердин аталышы катары таанылбайт.

Товарларды коштоп жүрүүчү белгилердин көпчүлүгү алгач товар чыгарылган жердин аталышы болушкан, бирок

кийинчерээк аларды ылайыктуу коргоону камсыз кылбаган мыйзамдуу пайдалануучулардын пассивдүүлүгүнүн жана ар кайсы жерлердеги даярдоочулар тарабынан көп жолу пайдаланылгандыктын натыйжасында алар акырындык менен товардын түрүнүн белгисине айланышкан. Кагор, портвейн, жигулевское жана рижское пиволору, польская, эстонская колбасалары, голландский жана швейцарский сырлары ж.б.у.с. мурда кеңири белгилүү белгилердин чыныгы чыгарылган жерине товардын окшошуу жөндөмүн жоготушкан. «Коньяк», «шампанское» белгилери керектөөчү үчүн анын чыгарылган жери менен эмес, суусундуктун түрү менен ассоциациялана турган белгилүү бир товардын белгиси катары «жалпы кабыл алынган» белгилер болуп калышты, б.а. товардын түр белгилеринин аталыштарына айланышты.

## 5.2. Товар чыгарылган жердин аталышына укукту негиздөө

### *Өтүнмөнү берүү*

Мыйзамга ылайык товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын укуктук коргоо аны каттоонун негизинде же бул тармактагы Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине байланыштуу пайда болот.

Өтүнүүчү документацияга коюлуучу талаптар КРнын мыйзамдары тарабынан жана товар чыгарылган жердин аталыштарын каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн, карап чыгуунун Эрежелери менен белгиленет.

Өтүнмө Кыргызпатентке кыргыз же орус тилдеринде берилет. Патенттик ведомствого товар чыгарылган жердин аталыштарын каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө же *мурда катталган* товар чыгарылган жерлердин аталыштарын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмө берилиши мүмкүн. Өтүнмө атайын бланкада таризделет жана төмөндөгүлөрдү камтуусу зарыл:

- товар чыгарылган жердин аталыштарын каттоо жана пайдалануу укугун берүү жөнүндө же өтүнүүчүнү, ошондой эле анын жүргөн жерин же жашаган жерин көрсөтүү менен мурда катталган товар чыгарылган жерлердин аталыштарын пайдаланууга укук берүү жөнүндө арыз;
- билдирилген белги;
- товар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоо жана пайдалануу укугун берүү же товарды пайдаланууга укук берүү суралып жаткан белги үчүн товарды көрсөтүү;
- компетенттүү органдын корутундусунун негизинде түзүлгөн товардын өзгөчө касиетинин сыпаттамасы;
- компетенттүү органдын корутундусунун негизинде келтирилген анын географиялык чек араларын көрсөтүү менен товардын чыгарылган жерин көрсөтүү.

Өтүнмөгө төмөндөгүлөр тиркелүүгө тийиш:

- өтүнүүчү көрсөтүлгөн объектиде турары жана өзгөчө касиети бар товар чыгара тургандыгы жөнүндө компетенттүү органдын корутундусу;
- чет өлкөлүк өтүнүүчү үчүн – товар чыгарылган өлкөдө билдирилген товар чыгарылган жердин аталышына анын укугун ырастоочу документ;
- белгиленген өлчөмдө алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ.

Чет өлкөлүк юридикалык жактар же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жактар, жана жеке жактар же алардын патенттик ишенимдүү өкүлдөрү товар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоого жана аларды пайдаланууга укук берүү же мурда катталган товар чыгарылган жерлердин аталыштарын пайдаланууга патенттик ишенимдүү өкүлдөр аркылуу укук берүүгө байланышкан иштерди алып барышат.

Жогоруда белгиленгендей өтүнмөгө тиркелүүчү документтердин ичинде компетенттүү органдын өтүнүүчүнүн

жүргөн жерине жана өзгөчө касиети бар товарды өндүрүүнүн чек арасына тиешелүү корутундусу болууга тийиш. Өзгөчө касиети бар товарды өндүрүүнүн чек арасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу геология жана минералдык ресурстар агенттиги тарабынан аныкталат. Чек аралар так жана бир мааниде болуусу керек.

Кыйла маанилүү аракет – товар чыгарылган жердин аты менен белгиленген товардын өзгөчө касиети жөнүндө компетенттүү органдын корутундусун берүү.

Корутундуда товардын өзгөчө касиеттери түздөн-түз жаратылыш шарттарынын жана/же адамдык факторлордун таасири астында пайда болгондугун ырастоочу товардын кайталангыстыгын, өзгөчө касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн жетишээрлик чагылдыруучу маалыматтар болушу керек. Муну менен билдирүүчү бул географиялык объектиде чыгуучу сырьего ылайыктуу климаттык, географиялык жана башка шарттардын, өзгөчө салттуу ыкмалар ж.б. менен өндүрүүгө жөндөмдүү болгон эмгек жамаатынын бар экендигинен келип чыгуусу керек.

Кыргызстанда товардын өзгөчө касиеттерин, белгилүү бир сапаттарын аныктоо жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктар төмөндөгү мамлекеттик органдарга жүктөлгөн:

- Тышкы соода жана өнөр жай министрлиги – өнөржайлык-техникалык арналыштагы товарларга карата;
- Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги – айыл чарба өндүрүшүнүн товарларына карата;
- Маданият, маалымат жана туризм министрлиги – көркөм жана элдик өнөрчүлүк товарларына карата;
- Токой чарбасы жана айлана-чөйрөну коргоо агенттиги, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Мамлекеттик каттоо кызматы жана Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги – товардын өзгөчө касиеттери, белгилүү бир сапаттары же товардын мүнөздөмөсүнө байланышкан географиялык чек араларды аныктоого карата;

- Саламаттыкты сактоо министрлигинин дары менен жана медициналык техника менен камсыз кылуу департаменти – дары өсүмдүктөрүнө карата;
- Саламаттыкты сактоо министрлиги – жаратылыш минералдык сууларына, туздарына, дарылоочу баткактарына карата.

***Өтүнмөнү экспертизалоо***

Товар чыгарылган жердин аталыштарына өтүнмөнү экспертизалоонун мааниси билдирилген белгинин ушул объектиге Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан коюлган талаптарына ылайык келе тургандыгын жана аны товар чыгарылган жердин аталыштарынын Мамлекеттик реестрине киргизүү мүмкүндүгүн аныктоодо турат.

Өтүнмөнү экспертизалоо Кыргызпатент тарабынан жүргүзүлөт жана өз ичине алдын-ала экспертиза менен билдирилген белгини экспертизалоону камтыйт.

Товар чыгарылган жердин аталыштарына өтүнмөнү экспертизалоо товардык белгиге өтүнмөнү экспертизалоодон маанилүү деңгээлде айырмаланат.

Алдын-ала экспертиза Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн тартып бир ай өткөндөн кийин жүргүзүлөт, ошол бир айдын ичинде өтүнүүчү кошумча төлөмсүз өтүнмөгө толуктоо киргизүүгө, тактоого, өтүнмөнүн маңызын өзгөртпөй турган өзгөртүүлөрдү киргизүүгө акылуу.

Алдын-ала экспертизанын жүрүшүндө керектүү документтердин курамы жана аларды тариздөөнүн тууралыгы текшерилет. Экспертизанын бул этабында экспертиза өтүнмөгө киргизилген маалыматтар чыныгы экендигин аныктоо менен чектелет. Тапшырылган документацияларга көрсөтүлүүчү формалдуу талаптар сакталбаган учурда, өтүнүүчүгө өтүнмөдөгү жетишпегендиктерди жоюуга белгилүү бир убакыт берилет. Алдын-ала экспертизанын жыйынтыктары боюнча өтүнүүчүгө өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алгандыгы же карап чыгуудан баш тарткандыгы жөнүндө кабарлоо жиберилет.

Өтүнмөнү карап чыгуунун экинчи этабы – билдирилген белгини экспертизалоо товар чыгарылган жердин аталышы катарында билдирилген белгини каттоо үчүн факт жүзүндөгү негиздерди текшерүү. Бул этапта билдирилген белгинин белгиленген талаптарга ылайыктуулугу текшерилет.

Биринчиден, анын географиялык объектинин аталышына так дал келүүсү изилденет. Андан кийин өтүнүүчүнүн жүргөн жерине жана өзгөчө касиети бар товарды өндүрүүнүн чек арасына карата компетенттүү органдын корутундусун изилдөө жүзөгө ашырылат.

Географиялык объектинин чек араларын аныктоо бөлүмүндө олуттуу күмөн саноолор болгон учурда ведомство тиешелүү компетенттүү органга сурам менен кайрыла алат. Экспертиза товар чыгарылган жердин аталышы арналган товардын көрсөтмөсүнүн бар экендигин текшерет.

Экспертизанын кыйла татаал жана маанилүү багыты – товар чыгарылган жердин аталышы менен белгиленген товардын өзгөчө касиеттери жөнүндөгү компетенттүү органдын корутундусун талдоо. Муну менен товардын өзгөчө касиеттеринин географиялык чөйрөнүн б.а. жаратылыш шарттарынын жана/же адамдык факторлордун таасирине көзкарандылык байланышынын бар экендигин табуу маанилүү.

Мисалы, минералдык, тамак-аш же дары суулар үчүн корутунду чыгарууда суунун химиялык анализине, булактын температурасына тиешелүү маалыматтарды келтиришет, суунун фармакологиялык таасирин сыпатташат. Конкреттүү бир ооруларда аны колдонуунун максатка ылайыктуулугун, колдонуудан кийинки зыяндуу таасирлерин ж.б. ошондой эле өзүнүн арналышы боюнча жакын келген башка минералдык, тамак-аш же дары сууларга салыштырмалуу бул суунун өзгөчөлүгүн белгилөө керек.

Дагы, мисалга, пиво. Пиво өзгөчө деп аныкталган пиво кайнатуучу заводдон чыга тургандыгы жөнүндө маалыматтар келтирилет. Анын чыгуучу сырьесу ошол аймакта өсүүчү арпа менен кулмактан даярдалган угут болуп эсептелет. Негизги

сырье жана иштетүү процесси менен катар кыйла маанилүү болуп ошол географиялык объектиде орун алган булактардан алынган суу эсептелет. Кайнатуунун технологиялык процесси, жылытуу ыкмасы жана чоң эмес көлөмдөгү казандарды пайдалануу көрсөтүлөт. Пивонун касиетине таасир этүүчү, жыл бою белгилүү бир температураны кармап турууну камсыз кыла турган табигый зоокада жайгашкан атайын подвалдык жайлардын констатациясы, абанын нымдуулугунун туруктуу пайызы жана спецификалык микрофлоранын болушу бир топ маанилүү. Так ошол факторлор пивонун өзгөчө, кычкыл даамын шарттап турат.

Экспертизанын жыйынтыктары боюнча товар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоо жана аларды пайдалануу укугун берүү жөнүндө же товар чыгарылган жерлердин аталыштарын каттоодон жана аларды пайдалануу укугун берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим, же мурда катталган товар чыгарылган жерлердин аталыштарын пайдалануу укугун берүү же аларды пайдалануу укугун берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Биринчи же экинчи этаптын жыйынтыктары боюнча кабыл алынган экспертизанын чечими менен макул болбогон учурда, өтүнүүчү белгиленген мөөнөт ичинде Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешине каршылык билдирүүгө укуктуу. Апелляциялык кеңештин чечимине макул болбогон учурда ал арыз менен сотко кайрыла алат.

### *Каттоо, жарыялоо, күбөлүк берүү*

Экспертиза оң чечим чыгарган учурда жана товар чыгарылган жердин аталыштарын пайдалануу укугуна күбөлүк берүүгө алым өз учурунда жана туура төлөнгөн шартта Кыргызпатент товар чыгарылган жердин аталыштарын Кыргыз Республикасынын товар чыгарылган жердин аталыштарынын мамлекеттик реестрине (мындан ары – реестр) каттоону жүзөгө ашырат.

Товар чыгарылган жердин аталышын реестрге киргизүү, бул объектини пайдалануу укугуна өтүнүүчүгө күбөлүк берүү үчүн негиз болуп кызмат кылат.

Мыйзам товар чыгарылган жердин аталыштарын каттоонун аракеттенүү мөөнөтүнө чек койбой тургандыгын, товардын реестрде көрсөтүлгөн касиеттери менен даярдоого мүмкүн болбой калгандыгына, географиялык объектинин шарттары үчүн мүнөздүү белгилеринин жоголуп кеткендигине байланыштуу товар чыгарылган жердин аталышы өзүнүн жашоосун токтото тургандыгы жөнүндөгү объектинин спецификасын чагылдыраарына өзгөчө көңүл буруу керек.

Өтүнүүчүгө товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугуна он жылдык мөөнөткө аракеттенүүчү күбөлүк берилет. Кубөлүктүн ээсинин арызы боюнча жана күбөлүктүн ээси ушул географиялык объектиде тураарын жана күбөлүктө көрсөтүлгөн касиеттери менен товар чыгарып жаткандыгын ырастоочу компетенттүү оргaндын корутундусу көрсөтүлгөн шартта күбөлүктүн аракеттенүү мөөнөтү узартылышы мүмкүн. Күбөлүктүн аракеттенүү мөөнөтү ар бир жолу он жылга узартылат.

Товар чыгарылган жердин аталыштарын пайдалануу укугуна күбөлүктүн аракеттенүү мөөнөтүн белгилөө товардын сапаттуу мүнөздөмөсүн үзгүлтүксүз контролдоо зарылчылыгынан улам белгиленет жана мыйзамдуу колдонуучулардан товар чыгарылган жердин аталышы менен белгиленген товар көрсөтүлгөн мөөнөттө өзүнүн өзгөчө касиеттерин жоготпогондугун ырастоону талап кылууга мүмкүндүк берет.

### 5.3. Товар чыгарылган жердин аталыштарына укуктун субъектилери

Мыйзамдын жобосуна ылайык товар чыгарылган жердин аталышы бир, же бир нече юридикалык жана жеке жактар тарабынан катталышы мүмкүн.

Бирок бардык эле субъектилер каттоого укуктуу эмес. Бул субъект сөзсүз түрдө өзү товар чыгарылган жердин аталышы катары каттоону болжоштурган аталыш орун алган географиялык объектинин чегинде турушу керек. Андан тышкары, субъект өзгөчө касиети бар товарды түздөн-түз өзү чыгарышы

керек, б.а. өзгөчө касиети бар товарга карата ортомчулук гана ишмердүүлүк кылган субъектиге товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугу берилбейт.

Мыйзам товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун бул аталышты каттаган адамга гана эмес, башка жактарга дагы берүү мүмкүндүгүн көрсөтөт, б.а. товар чыгарылган жердин аталышынын бир өтүнүүчүнүн атына катталышы катталган товар чыгарылган жердин аталышын башка дагы бир өтүнүүчүнүн атына каттоого тоскоолдук кылбайт. Бул укукту алууга талапкерленген субъект дагы ошол эле биринчи укук ээси орун алган географиялык объектиде орун алуусу керек. Ал чыгарган товар биринчи укук ээси чыгарып жаткан товардын өзгөчө касиеттерине ээ болуусу керек.

### 5.4. Күбөлүк ээсинин укуктары

Кыргыз Республикасындатовар чыгарылган жердин аталыштарын укуктук коргоо аны мыйзам тарабынан белгиленген тартипте каттоонун негизинде, же Кыргыз Республикасынын Эл аралык келишимдерине байланыштуу пайда болот.

Мыйзам тарабынан бекитилген жобого ылайык товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугу ажыратылгыс болуп эсептелет, б.а. мындай укук берилген адам өз укугун кимдир бирөөгө берүүгө же катталган аталышты пайдаланууга лицензия берүүгө укуксуз. Мамлекет гана ыйгарым укуктуу орган аркылуу товар чыгарылган жердин аталышын пайдалануу укугун бере алат.

Муну менен мыйзамдуу пайдалануучулардын укуктары аларды качан алгандыгына карабастан бирдей болот. Эгерде даярдоочу башка аймакта окшош товар өндүрсө, анда объектини пайдаланууга укук берүү мүмкүн болбой калат, себеби товардын касиети башка болот, ал эми бул болсо керектөөчүнү адаштырууга алып келет.

Мыйзамга ылайык товар чыгарылган жердин аталыштарын пайдалануу катары аны товарда, оромунда, рекламада, проспектилерде, алыш-бериш эсептеринде, бланктарда жана баш-

ка товарды чарбалык жүгүртүүгө киргизүү менен байланышкан документацияда колдонуу болуп эсептелет. Муну менен күбөлүк ээси товарды чарбалык жүгүртүүгө ар кандай формада киргизүүгө укуктуу: товарды сатууда жана аларды сактоодо, сатуу үчүн коюуда жана сатууга сунуштоодо. Ал жекелештирүү бул каражатын рекламалык максаттарда, мисалга, гезиттерде жана журналдарда кулактандыруу катары, плакаттарды жана брошюраларды чыгарууда, реклама каражаттарында колдоно алат – плакаттарда, көрнөктөрдө, анонстордо, транспоранттарда, теледен товарды көрсөтүүдө, пайдаланылуучу дубал такталарында, радиодо ж.б. кулактандырууларда.

Күбөлүк ээси товар чыгарылган жердин аталышынын жанында оозеки белги түрүндө «катталган товар чыгарылган жердин аталышы» же «Кат. ТЧЖА» деген, колдонулуучу белги Кыргыз Республикасында катталган товар чыгарылган жердин аталышы болуп эсептеле тургандыгын көрсөтүүчү эскерткич маркировканы кое алат.

### 5.5. Товар чыгарылган жердин аталыштарын укуктук коргоону токтотуу

Эгерде, мыйзам тарабынан белгиленген талаптардын бузулушунан улам анын катталышы жараксыз деп таанылса, товар чыгарылган жердин аталыштарын укуктук коргоо токтотулат.

Ушул географиялык объектиге мүнөздүү шарттардын жоголушуна жана реестрде көрсөтүлгөн касиеттери бар товарды өндүрүү мүмкүн болбой калгандыгына байланыштуу товар чыгарылган жердин аталышынын аракеттенүүсү токтотулат.

Чет өлкөлүк юридикалык же жеке жактын атына товар чыгарылган жердин аталышынын аракеттенүүсү жогоруда көрсөтүлгөн негиздерден тышкары ошондой эле товар чыгарылган өлкөдө ошол товар чыгарылган жердин аталышына укугун жоготкондугуна байланыштуу токтотулат.

Керектөөчүнүн укуктарын коргоо үчүн, мыйзам тарабынан каттоону талашуу же бардык кызыкдар болгон адамдарга күбөлүк берүү мүмкүнчүлүгү караштырылган. Каршылык

Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешине берилет. Апелляциялык кеңештин чечими билдирүүчү тарабынан сотко берилиши мүмкүн.

**5-баптын атайын адабияты**


1. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

2. *Горленко С.А.* Промышленные образцы, товарные знаки, наименования мест происхождения товаров // Патентная информация. – 1995. – № 3. – С. 20 – 26.

3. *Горленко С.А.* Правовая охрана наименований мест происхождения товаров. – М.: ВНИИПИ, 1999. – 110 с.

4. *Григорьев А.Н.* Европа: охрана географических указаний // Интеллектуальная собственность. – 1994. – № 1–2. – С. 13 – 18.

5. *Григорьев А.Н.* Может ли географическое наименование стать товарным знаком? // Интеллектуальная собственность. – 1994. – № 7–8. – С. 3 – 8.

6. *Григорьев А.Н.* Соотношение товарного знака и географического указания // Патенты и лицензии. – 1994. – № 7–8. – С. 17 – 21.

7. *Григорьев А.Н.* Охрана географических үказаний. – М.: ВНИИПИ, 1995. – 97 с.

8. *Григорьев А.Н*. Конфликт между товарным знаком и географическим указанием // Патентная информация. – 1995. – № 3. – С. 27 – 30.

9. *Лакерт К.У.* Географические указания: каковы требования соглашения ТРИПС и ВТО // Проблемы промышленной собственности. – 1998. – № 4. – С. 33 – 45.

10. *Оморов Р.О.* Международное сотрудничество Кыргызской Республики в области интеллектуальной собственности // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 67 –73.

11. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность: Учебное пособие для вузов/

Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 127 с.

12. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.

13. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

14. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации. – М.: Теис, 1996. – 539 с.

15. *Сопуева А.А.* Правовая охрана географических указаний // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 79 – 90.

16. *Тыцкая Г.И., Мамиофа И.Э.,Мотылева В.Н.* Правовая охрана товарных знаков, фирменных наименований, указаний и наименований мест происхождения товаров в капиталистических и развивающихся странах. – М.: ВНИИПИ, 1985. – С. 51 – 60.

# 6-БАП. ФИРМАЛЫК АТАЛЫШТАР

## 6.1. Фирмалык аталыштар түшүнүгү

### *Фирмалык аталыштарды укуктук коргоонун принциптери*

Рыноктогу атаандаштык шарттарында экономикалык жүгүртүүнүн катышуучуларын бирдейлештирүү өзгөчө мааниге ээ. Экономикалык жүгүртүүнүн катышуучусу эгерде анын контрагенттери субъектинин өзүн жана экономикалык жүгүртүүдөгү анын ишмердүүлүгүн ишенимдүүлүк менен бирдейлештире (идентификациялай) алышса, ушул учурда гана ага оң мамиленин калыптанышынан, өзүнүн кадыр-баркынын бекемделишинен, кардарлардын белгилүү бир чөйрөсүнүн пайда болушунан ж.б. үмүттөнө алат.

Экинчи жагынан ал үчүн башка жактар тарабынан анын ишкердик кадыр-баркын ак ниетсиз пайдалануунун алдын-алуу бир кыйла маанилүү, алардын ичинде фирмалык аталыш дагы акыркы орунда эмес.

Эгерде товардык белгилер, тейлөө белгилери сыяктуу куралдар бул жактын ишмердүүлүгүн бирдейлештирүү үчүн арналса, анда фирмалык аталыш өзүнүн субъектисинин бирдейлештирүүчүсү (идентификатору) болуп эсептелет.

Фирмалык аталыш – экономикалык жүгүртүүнүн башка катышуучуларынан аны айырмалоого, аны идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү юридикалык жактын белгиси.

Индивидуалдаштыруунун талабы бир катар факторлордон улам баарыдан мурда ишмердүүлүк түрлөрү бирдей ишканалардын ортосундагы болуп туруучу катаал атаандаштык күрөшүнөн аргасыз келип чыгат.

Рыноктогу ишкердин кадыр-баркынын жогорулашынын өлчөмү боюнча анын фирмалык аталышынын мааниси жана экономикалык баалуулугу (кээ бир учурда олуттуулугу) жогорулайт.

Ошондуктан мындай ишкер башка ак ниетсиз атаандаштарынын рекламанын жана фирманын чыныгы ээсинин жетишилген кадыр-баркынын таасири астында кызмат көрсөтүүлөр жана товарлар үчүн башка ак ниет эмес фирмага кайрылып алышы мүмкүн болгон сатып алуучуларды, керектөөчүлөрдү, кардарларды өзүнө тартып алуу максатында анын аталышын пайдаланбоосуна кызыкдар.

Жогоруда баяндалгандардан улам өнөр жай менчигинин объектиси катары фирмалык аталыштын негизги иш-милдеттерин бөлүп көрсөтүүгө болот. Баарыдан мурда фирмалык аталыштын атын ишкана коет жана ал ишкана үчүн менчик ат болуп эсептелип, керектөөчүгө ишкананын статусу, анын теги, ишмердүүлүк чөйрөсү жөнүндө маалымдайт. Анын маанилүү иш-милдети болуп ишкананы ага окшоштордон бөлүп көрсөтүү эсептелет. Акырында ал ишкананын ишкердик ишмердүүлүгүн жана товарларын мүнөздөйт.

Фирманын негизги арналышы – граждандык жүгүртүүнүн катышуучуларын индивидуалдаштыруу экендигинен улам, фирмалык аталыштарга белгилүү бир талаптар коюлат. Баарыдан мурда, ишкердин аталышы анын укуктук статусун – уюштуруу-укуктук формасын калыс чагылдырууга жана граждандык жүгүртүүнүн башка катышуучуларын адаштырууга алып келбөөгө, б.а. фирманын чыныгылык принцибин чагылдырууга тийиш.

Андан ары, фирмалык аталыш бир фирманы экинчи фирма менен чаташтырууга алып келбей турган айырмалоочу белгилерге, б.а. мурда пайдаланылган аталыштардан айырмаланган жаңы фирмалык аталышка ылайык фирманын өзгөчөлүк принцибине ээ болуусу керек. Бирок, фирмалык аталыштардын айырмалануу даражаларын жана жүгүртүүдө экөө бир эле ат менен чыгуу мүмкүндүгүн баалоодо фирмалык аталыштардын өздөрүн

гана салыштыруу менен чектелүүгө болбойт.Эгерде, ишкерлер таптакыр ар башка жана бири-бирине жолтоо болбогондой чөйрөлөрдө (ишкердик же аймактык) аракеттенишсе, фирмалык аталыштардын бирдейликтери же окшоштуктары керектөөчүнү адаштырууга алып келбейт. Эки фирмалык аталыштын окшоштук даражаларына жол бериле тургандыгы же жол берилбей тургандыгы жөнүндө маселе ар бир өзүнчө окуя үчүн факт жүзүндөгү кырдаалга жараша чечилиши керек. Ишкананын фирмалык аталышы пайдалануудагы аталышка гана эмес, ошондой эле үчүнчү жактарга таандык болгон товардык белгилерге жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарына дагы төп келбөөгө тийиш. Бул учурда албетте, каралып жаткан объектилердин толук төп келишине жол берилбейт. Бирок, эгерде иш мисалы рыноктун бир эле жеринде аракеттенүүчү бир профилдин ишканаларына тиешелүү болсо, аталыштын кандайдыр бир бөлүктөрүнүн дагы төп келишине жол берилбеши мүмкүн.

Акырында, өзүнүн жашоосунун бүтүндөй мезгили ичинде өзгөрбөстөн жана туруктуу болуп кала бергенде, ишкананын аталышынын өзгөрүлбөстүгүн сактоого товардык рынокто ак ниет иштеген анын ээси сыяктуу эле жүгүртүүнүн башка катышуучулары, ошондой эле керектөөчүлөр жана мамлекет дагы бирдей деңгээлде кызыкдар экендигин далилдөөнүн зарылчылыгы жок.

### Фирмалык аталышты каттоодон баш тартуу үчүн негиздер

Мыйзам тарабынан тигил же бул фирмалык аталыштарды каттоого жол бербөөчү белгилүү бир чектөөлөр аныкталган.

Ошентип, Мыйзамга ылайык фирмалык аталыштар катары катталууга төмөндөгүлөр кирбейт:

- чет өлкөлүк юридикалык жактардын Кыргыз Республикасынын аймагында белгилүү болгон фирмалык аталыштарга төп келүүчү аталыштары;
- аталыштары же фрагменттери боюнча Кыргыз Республикасындагы белгилүү болгон илимдин, адабияттын

жана искусствонун чыгармаларына алардын автордук укук ээлеринин же алардын укук мураскерлеринин макулдугусуз төп келүүчүлөр;

- Кыргыз Республикасындагы белгилүү фамилиядагы адамдын атына анын макулдугусуз төп келүүчү аталыштар;
- белгилүү коммерциялык уюмдардын аталыштары менен окшош же алар менен аралашып кеткен деңгээлге чейинки окшоштуктар;
- Кыргыз Республикасында катталган же каттоого берилген фирмалык аталыштарга төп келүүчү же, окшош же бирдей ишмердүүлүк түрлөрү үчүн алар менен аралашып кеткен деңгээлге чейинки окшоштуктар;
- башка жактарга таандык болгон селекциялык жетишкендиктердин аталыштары менен төп келүүчүлөр;
- ишмердүүлүктүн бирдей же окшош түрлөрүнө карата Кыргыз Республикасынын аймагында корголууда турган башка укук ээлеринин оозеки же айкалыштырылган товардык белгилери (тейлөө белгилери), товар чыгарылган жердин аталыштары менен аралашып кеткен деңгээлге чейинки окшоштуктар;
- мамлекеттердин, Эл аралык уюмдардын аталыштары менен төп келген же аларга аралашып кеткен деңгээлге чейинки окшоштуктар;
- корголууда турган өнөр жай менчиги объектисинин ээсине карата анын жүргөн жеринин (дарегинин), ишмердүүлүк түрүнүн мүнөзүнүн Кыргыз Республикасынын аймагында пайдаланылып жаткан жана белгилүү болуп калган чет өлкөлүк юридикалык жактардын фирмалык аталыштарына, товардык белгилерине жана тейлөө белгилерине окшоштуктары же бирдейлиги боюнча керектөөчүнү адаштыруучуларга киргендер;
- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына, касиетине, санына, баалуулугуна, аларды өндүрүү ыкмасына, ордуна жана убактысына көрсөтүлүүчүлөр;

– өзүнчө ариптерден, сандардан, тамгалар менен сандардын айкалышынан туруп сөздүн маанисин бербеген, үч башка тилдин өзүнчө бирдиктеринен айкалышып турган, жалпыга белгилүү аталыштар (компаниялар, ассоциациялар), ошондой эле тилдеги типтүү сөздөр (эл аралык, жалпыга белгилүү ж.б.);
– кадимки практикада өзүнө туунду белгилерди энчилеп алган жалпыга пайдаланууга киргендер;
– өздөрүнүн айырмалануучу белгилерин жоготкондор (тамекилер, атырлар ж.б.);
– өнөр жай тармагына же ишмердүүлүк түрүнө түз көрсөтүлүүчүлөр (самолет,автомобиль, соода жабдыктары, кездемелер ж.б.);
– келип чыгышына же товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүнө көрсөтүлүүчү аталыштар болуп эсептелгендер (аары балы, сироп ж.б.);
– моралдын ченемдерине, гумандуулук принциптерине жана коомдун кызыкчылыктарына каршы келүүчүлөр;
– Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары тарабынан караштырылуучу башка учурлар.

Мурда катталгандарга төп келүүчүлүк мүмкүндүгүн жоюу үчүн Кыргызпатент Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинин юридикалык жактарынын Мамлекеттик реестринин маалыматтарын, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин статистикалык бирдиктеринин Мамлекеттик жалпы реестринин маалыматтарын, Кыргыз Республикасынын фирмалык аталыштарынын жалпы Мамлекеттик реестрин, Кыргыз Республикасынын товардык белгилеринин Мамлекеттик реестрин пайдалануусу керек.

### *Фирмалык аталышка укуктун пайда болушу*

Фирмалык аталышка укук демейде фирма негизделгенде жана чыгарылган өлкөдө ал катталганда пайда болот. Континенталдык Европа өлкөлөрүндө фирмалык аталыш демейде улуттук же локалдык соода реестринде каттоого жатат.

АКШда фирмаларды жана алардын аталыштарын каттоону тиешелүү штаттын мамлекеттик катчысынын Ведомствосу жүзөгө ашырат. Бир катар өлкөлөрдө фирмалык аталыштардын реестри соода реестринен бөлүнүп өзүнчө алып барылат. Фирмалык аталышты ылайыктуу реестрде каттоо же укук пайда кылуучу, же укукту ырастоочу мааниге ээ (товардык белгилерди каттоо сыяктуу) болушу мүмкүн. Фирмалык аталышка укук ошол аталышты пайдалануу фактысынан түздөн-түз пайда болгон, ал эми андан кийинки каттоо мурдагы пайда болгон укукту гана бекемдеген жана бардык учурларда сөзсүз түрдө керек болбогон өлкөлөр бар. Ошентип, мисалы, Аргентинада укук жана фирмалык аталыш аны каттоодон эмес, аны пайдалануу фактысынан келип чыгат. Испаниянын мыйзамдары боюнча фирманын ээсинин аты менен төп келген фирмалык аталышка укук андан кийинки каттоого көз карандысыз пайда болот, ал эми эгерде фирмалык аталыш катары ойдон чыгарылган белги тандалып алынган болсо, фирмалык аталышка укукту бекемдөө үчүн бул белгини Испаниядагы колдонулуучу товардык белги катары каттоо зарыл.

Кыргыз Республикасында фирмалык аталышты укуктук коргоо аны мамлекеттик каттоонун негизинде, же эгерде ал сотко берилбеген болсо, же соттун чечими боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында мурда узак мезгилдер бою интенсивдүү пайдаланылгандыгына байланыштуу белгилүүлүгүнүн жана таанымалдыгынын негизиндеги Апелляциялык кеңештин чечими боюнча пайда болот.

Фирмалык аталышка өзгөчө укукка карата Кыргыз Республикасында ал Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн тартып пайда боло тургандыгын белгилөө керек.

Чет өлкөлүк юридикалык жактардын фирмалык аталыштарына тиешелүү укуктар болсо, Кыргыз Республикасынын аймагында анын сөзсүз түрдө пайдаланылуусу жана белгилүүлүгү дайын болгон шарттарда каттоосуз эле Кыргыз Республикасынын аймагында корголот.

## 6.2.Фирмалык аталыштардын ээлери

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин (мындан ары бул бапта – кодекс) 89-беренесинин 4-тарамына ылайык фирмалык аталыштардын ээлери жарандар эмес, юридикалык жактар гана боло алышат.

Кодекстин 54-б. 1-т. ылайык өз атынын алдында фамилиясын жана өз атын, ошондой эле эгерде бул Кыргызстандын элдерин түзүүчү өкүлдөрдүн улуттук салттарына ылайык келсе атасынын атын камтыган жаран укуктарды жана милдеттерди алат жана жүзөгө ашырат. Бул эреже жеке ишкер болуп эсептелген жарандарга дагы жайылтылат. Жарандык товар жүгүртүүдө ишкерди индивидуалдаштыруу анын өз ысымында чыгуусу менен камсыз кылат.

Юридикалык жактын статусуна ээ болбогон уюштуруу түзүлүштөрү жүгүртүүдө өз менчик фирмалык аталышы менен чыга алышпайт. Ошондой эле юридикалык жактардын өкүлчүлүктөрү жана алардын четтетилген бөлүмдөрү (цехтер, бөлүмдөр, участоктор ж.б. у. с.) менчик фирмалык аталыштарга ээ боло алышпайт. Товар жүгүртүүдө алардын түзүлгөн юридикалык жактарынын атынан чыгышы жана анын фирмалык аталышын ылайыктуу пайдалануулары керек.

Коммерциялык уюмдар болуп эсептелишкен юридикалык жактар, б.а. өз ишмердүүлүгүнүн негизги максаты катары пайда табууну көздөгөндөр фирмалык аталыштарга ээ болуулары керек. Ал эми жүгүртүүдө керектөөчү кооперативдер, коомдук бирикмелер жана диндик уюмдар, коомдук фонддор сыяктуу коммерциялык эмес юридикалык жактарды жекелештирүүгө келсек, анда жекелештирүү алардын уюштуруу-укуктук формасына көрсөтмөлөрдү камтууга тийиш болгон жана алардын уюштуруу документтерин чагылдырылууга тийиш болгон расмий аталыштын жардамы менен камсыз болот.

Кодекстин ченемдеринин талаптарына ылайык юридикалык жактын фирмалык аталышы юридикалык жактын уюштуруу-укуктук формасын жана өз атын же айырмалоочу маанидеги жалпы атын камтып туруусу керек.

Бардык коммерциялык жактар: чарбалык жолдошчулуктар жана коомдор, өндүрүш кооперативдери, мамлекеттик жана коммуналдык ишканалар аларды индивидуалдаштыруучу фирмалык аталыштарга ээ болуулары керек.

Кодекстин 5-бабы (главасы) толук жолдошчулук, коммандиттик жолдошчулук, чектелген же кошумча жоопкерчиликтүү коом, акционердик коом формасында түзүлүүгө мүмкүн болгон чарбалык жолдошчулуктардын жана коомдордун ишмердүүлүктөрүн жөнгө салат.

Кодекстин 108-беренесинин 3-тарамына (пунктуна) ылайык толук жолдошчулуктун фирмалык аталышы анын бардык катышуучуларынын аттарын (аталыштарын), ошондой эле «толук жолдошчулук» деген сөздү камтуусу, же «жана компания», ошондой эле «толук жолдошчулук» деген сөздү кошуу менен бир же бир нече катышуучулардын аттарын (аталыштарын) камтып туруусу керек.

Кодекстин 122-б. 4-т. ылайык коммандиттик жолдошчулуктун фирмалык аталышы бардык толук жолдоштордун аттарын (аталыштарын), ошондой эле«коммандиттик жопдошчулук» деген сөздөрдү же «жана компания» деген сөздөрдү, ошондой эле «коммандитгик жолдошчулук» деген сөздөрдү кошуу менен бир толук жолдоштун атын (аталышын) камтып туруусу керек.

Жоопкерчилиги чектелген коомдун фирмалык аталышы, Кодекстин 127-б. 2-т. ылайык, коомдун аталышын, ошондой эле «жоопкерчилиги чектелген» деген сөздөрдү камтып туруусу керек.

Кодекстин 138-б. 2-т. ылайык кошумча жоопкерчиликтүү коомдун фирмалык аталышы коомдун аталышын, ошондой эле «кошумча жоопкерчиликтүү» деген сөздөрдү камтып туруусу керек.

Акционердик коомдун фирмалык аталышы Кодекстин 139-б. 2-т. ылайык анын аталышын жана коомдун акционердик деп аталышына көрсөтмөнү камтып туруусу керек.

Кыргыз Республикасынын банктары акционердик коомдор формасында түзүлгөн юридикалык жактар болуп эсептелүү менен, алар дагы фирмалык аталыштарга ээ болуулары керек.

Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банктык ишмердүүлүк жөнүндө» мыйзамынын 10-б. ылайык банктар жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензиялануучу финансылык-кредиттик мекемелердин фирмалык аталыштары алардын аталыштарын жана уюштуруу-укуктук формаларынын көрсөтмөлөрүн камтып туруусу керек. Бирок банктардын фирмалык аталыштары үчүн бир катар чектөөлөр белгиленет.

Банктарта өз фирмалык аталышында «Улуттук», «Борбордук», «Кыргызстандын банкы», «Кыргыз банкы» деген сөздөрдү толук же кыскартылган түрдө, бардык тилдерде жана бардык айкалыштарда пайдаланууга тыюу салынат.

Мамлекеттик банктан башка банктардын бардыгына өздөрүнүн фирмалык аталыштарында «мамлекеттик» деген сөздү толук же кыскартылган түрдө, бардык тилдерде жана бардык айкалыштарда пайдаланууга тыюу салынат.

Кодекстин 5-бабы өндүрүштүк кооперативдердин ишмердүүлүгүн жөнгө салат. Кодекстин 152-б. 3-т. ылайык кооперативдин фирмалык аталышы анын аталышын, ошондой эле «өндүрүш кооперативи» деген сөздү камтып туруусу керек.

Кодекстин 5-бабы чарба жүргүзүү укугуна негизделген мамлекеттик ишканаларга жана оперативдик башкаруу укугуна негизделген мамлекеттик ишканаларга бөлүнүүчү мамлекеттик ишканалардын ишмердүүлүктөрүн жөнгө салат.

Кодекстин 158-б. 2-т. ылайык чарба жүргүзүү укугуна негизделген ишкананын фирмалык аталышы анын КРнын мамлекеттик ишканасы болуп эсептелээрине көрсөтмөнү камтып туруусу керек.

Кодекстин 159-б. 2-т. ылайык кооперативдик башкаруу укугуна негизделген ишкананын фирмалык аталышы анын КРнын мамлекеттик ишканасы болуп эсептелээрине көрсөтмөнү камтып туруусу керек.

Фирмалык аталыштары бар коммерциялык эмес уюмдардын катарына Кодекстин 5-бапы юридикалык жактардын бирикмелерин (ассоциацияларды жана бирликтерди) кошот.

Ассоциациялардын фирмалык аталыштары Кодекстин 165-б. 5-т. ылайык анын ишмердүүлүгүнүн негизги предметине жана «ассоциация» же «бирлик» деген сөздөрдү кошуу менен анын мүчөлөрүнүн ишмердүүлүктөрүнүн негизги предметине көрсөтмөнү камтып туруусу керек.

Фирмалык аталыш катары катталуучу жак жеке фамилиясын ысымы менен айкалыштырып колдонууга боло тургандыгын белгилөө керек.

Жогоруда баяндалгандардан көрүнүп тургандай, ишкердин өз ишканасынын аталышын тандап алууга мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, муну менен мыйзамдардын талаптарын эсепке алуу зарыл. Ошентип, эгерде ишкер Кыргыз Республикасынын толук же кыскартылган расмий аталышын же мамлекеттик символикалардын элементтерин пайдалангысы келсе, ал Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн уруксатын алуусу керек.

Акционердик коомдун фирмалык аталышы Кодекстин 139-б. 2-т. ылайык анын аталышын жана коомдун акционердик деп аталышына көрсөтмөнү камтып туруусу керек.

Кыргыз Республикасынын банктары акционердик коомдор формасында түзүлгөн юридикалык жактар болуп эсептелүү менен, алар дагы фирмалык аталыштарга ээ болуулары керек.

Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банктык ишмердүүлүк жөнүндө» мыйзамынын 10-б. ылайык банктар жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензиялануучу финансылык-кредиттик мекемелердин фирмалык аталыштары алардын аталыштарын жана уюштуруу-укуктук формаларынын көрсөтмөлөрүн камтып туруусу керек. Бирок банктардын фирмалык аталыштары үчүн бир катар чектөөлөр белгиленет.

Банктарга өз фирмалык аталышында «Улуттук», «Борбордук», «Кыргызстандын банкы», «Кыргыз банкы» деген сөздөрдү толук же кыскартылган түрдө, бардык тилдерде жана бардык айкалыштарда пайдаланууга тыюу салынат.

Мамлекеттик банктан башка банктардын бардыгына өздөрүнүн фирмалык аталыштарында «мамлекеттик» деген

сөздү толук же кыскартылган түрдө, бардык тилдерде жана бардык айкалыштарда пайдаланууга тыюу салынат.

Кодекстин 5-бабы өндүрүштүк кооперативдердин ишмердүүлүгүн жөнгө салат. Кодекстин 152-б. 3-т. ылайык кооперативдин фирмалык аталышы анын аталышын, ошондой эле «өндүрүш кооперативи» деген сөздү камтып турuусу керек.

Кодекстин 5-бабы чарба жүргүзүү укугуна негизделген мамлекеттик ишканаларга жана оперативдик башкаруу укугуна негизделген мамлекеттик ишканаларга бөлүнүүчү мамлекеттик ишканалардын ишмердүүлүктөрүн жөнгө салат.

Кодекстин 158-б. 2-т. ылайык чарба жүргүзүү укугуна негизделген ишкананын фирмалык аталышы анын КРнын мамлекеттик ишканасы болуп эсептелээрин билдирген көрсөтмөнү камтып турuусу керек.

Кодекстин 159-б. 2-т. ылайык кооперативдик башкаруу укугуна негизделген ишкананын фирмалык аталышы анын КРнын мамлекеттик ишканасы болуп эсептелген көрсөтмөнү камтып турuусу керек.

Фирмалык аталыштары бар коммерциялык эмес уюмдардын катарына Кодекстин 5-бабы юридикалык жактардын бирикмелерин (ассоциацияларды жана бирликтерди) кошот.

Ассоциациялардын фирмалык аталыштары Кодекстин 165-б. 5-т. ылайык анын ишмердүүлүгүнүн негизги предметине жана «ассоциация» же «бирлик» деген сөздөрдү кошуу менен анын мүчөлөрүнүн ишмердүүлүктөрүнүн негизги предметин билдирген көрсөтмөнү камтып турuусу керек.

Фирмалык аталыш катары катталуучу жак жеке фамилиясын ысымы менен айкалыштырып колдонууга боло тургандыгын белгилөө керек.

Жогоруда баяндалгандардан көрүнүп тургандай, ишкердин өз ишканасынын аталышын тандап алууга мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, муну менен мыйзамдардын талаптарын эсепке алуу зарыл. Ошентип, эгерде ишкер Кыргыз Республикасынын толук же кыскартылган расмий аталышын же мамлекеттик символикалардын элементтерин пайдалангысы келсе, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн уруксатын алуусу керек.

## 6.3. Фирмалык аталыш жана товардык белги

Товардык белгиге укук жалпы эреже боюнча ал катталган же факты жүзүндө пайдаланылган өлкөнүн чегинде гана корголот, ал эми фирмалык аталышка укук фирма орун алган жана өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырган өлкөдө гана эмес, Париж конвенциясына катышкан бардык башка өлкөлөрдө дагы корголот, бирок, алардын улуттук мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен, өлкөлөрдө (каттоо же, өтүнмө шарттарысыз корголот).

Фирмалык аталышка укук мөөнөт менен чектелбейт, алым төлөөгө жана товарлардын маркировкаларына көзкарандысыз аракеттенет. Товардык белгиге укук убакыттын өтүшү менен, атап айтканда бул белгинин өнөр жай продуктусунун баштапкы аталышына айлануу өлчөмү боюнча жарамдуулугун жоготушу мүмкүн. Кандай учурда болсо дагы аракетте кармоо үчүн мезгил-мезгили менен алым төлөп кайра каттатып туруу зарыл, ал эми бир катар өлкөлөрдө анын жарамдуулугу ошол өлкөдө бул товардын пайдаланылышына жараша болот.

Фирмалык аталышка карата укук дайыма бул фирманын ишмердүүлүгүнүн предмети менен чектелет, ал эми товардык белгиге – укук, белги жалпыга белгилүү деп таанылганда кеңири мүнөзгө ээ боло алат жана ар тараптуу коргоого алынат.

Фирмалык аталышка укук ажыратылгыс, ал эми товардык белгиге укук улуттук мыйзамдын ылайыктуу талаптарын сактоо менен толук же бир бөлүгү өткөрүлүп берилүүгө болот.

Товардык белгиге укук атаандаштарды эң башкысы берилген белгини товарларга жана алардын оромдоруна коюп чыгуудан өзүн-өзү токтотуп калууга милдеттендирет, себеби товардык белги ушул ишканада чыгарылган товарды ажыратып таанууга арналган, ал эми фирмалык аталышка карата укук демейде бул максатты көздөбөйт, себеби фирмалык аталыш ишкананын өзүн ажыратып таануу үчүн кызмат кылат.

Ишканада бир нече товардык белги болсо (товардын ар бир категориясы үчүн өз товардык белгисин алса болот), ал эми ар бир ишкана бир гана фирмалык аталышка ээ боло алат.

Толук фирмалык аталыш өзүнүн татаалдыгынан, көп элементтүү структурасынан жана өзгөрүүгө дуушар болгучтугунан товардык белгиге тиешелүү рекламалык иш-милдетти натыйжалуу аткарууга жөндөмсүз. Көрсөтүлгөн себепке байланыштуу толук фирмалык аталышка товардык белги катарында кошумча коргоо берүү өзүн актабай калмак.

Бирок, фирмалык аталышка укук жана товардык белгиге укук, фирмалык аталыш менен төп келүүчү белгиси боюнча бири-бирин өз ара толуктап турушат жана бир эле субъектиге таандык болгон учурда алардын ээсинин укуктарын кеңейтишет. Ошондуктан көп фирмалар өзүнүн фирмалык аталыштарын алар тарабынан катталган товардык белгилерге кошуп коюшат же фирмалык аталыш менен төп келүүчү оозеки товардык белги катарында катташат.

Ошентип, фирмалык аталыштарды дээрлик толугу менен кайталоочу белгилер бар:Сотис – Sothys.

Фирмалык аталыштын бир бөлүгү пайдаланылган товардык белгилер көп кездешет: акционердик коом «Бакай» – Бакай.

Фирмалык аталыштын аббревиатурасынын бир бөлүгү пайдаланылган товардык белгилер кездешет: Ти Ар Дабл ю Инк – TRW.

Товардык белгиге фирмалык аталыштын бир бөлүгүн кошуу аны товар чыгарылган жердин булагынын көрсөткүчү кылат. Өзгөчө товардык белгилерди каттоого билдирилген этикеткалардын курамына фирмалык аталыштардын элементтерин киргизүү жайылтылган.

### 6.4. Фирмалык аталышка укукту негиздөө

Фирмалык аталыш бир фирманы башка фирма менен аралаштырууга жол бербей турган айырмалоочу белгилерге ээ болушу керек, б.а. жаңы жана мурдагы пайдалануудагы аталыштардан айырмаланып туруучу фирмалык аталышка ылайык фирманын өзгөчөлүк принцибин чагылдырып туруусу керек. Бирок фирмалык аталыштын айырмалоочу даражасына жана бир эле аталышта товар жүгүртүүгө чыгуу мүмкүндүгүнө баа

берүүдө фирмалык аталыштардын өздөрүн салыштыруу менен гана чектелүүгө болбойт. Эгерде ишкерлер таптакыр ар башка жана бири-бири менен кездешпей турган чөйрөлөрдө (аймакта) аракеттенишсе, мындай учурда фирмалык аталыштардын окшоштугу же бирдейлиги керектөөчүнү адаштырууга алып келбейт. Эки фирмалык аталыштын окшоштуктарына жол берилүүчү жана жол берилбөөчү даражалары жөнүндөгү маселе ар ирет ошол учурдун факты жүзүндөгү кырдаалына жараша чечилиши керек.

Ишкананын фирмалык аталышы колдонуудагы аталыштар менен гана эмес, үчүнчү жактарга таандык болгон товардык белгилер менен товар чыгарылган жердин аталыштарына менен төп келбөөгө тийиш. Бул учурда, албетте, каралып жаткан объектилердин толук төп келиши мүмкүн эмес. Бирок эгерде иш мисалы, рыноктун бир эле жеринде аракеттенүүчү бир профилдеги ишканаларга тиешелүү болсо, анын бөлүктөрүнүн дагы окшош болушуна жол берилбеши мүмкүн.

Мыйзам тарабынан тигил же бул фирмалык аталыштарды каттоого жол бербөөчү белгилүү чектөөлөр белгиленген (Фирмалык аталышты каттоодон баш тартуу үчүн негиздер тарамын караңыз).

### *Өтүнмөнү берүү*

Фирмалык аталышты мамлекеттик каттоо Кыргызпатент тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте ишке ашырылат жана ыктыярдуу болуп эсептелет. Фирмалык аталышты каттоо үчүн негиз болуп өтүнмө кызмат кылат. Өтүнмө өтүнүүчү тарабынан түздөн-түз же Кыргызстанда катталган патенттин ишенимдүү өкүлү аркылуу, же ыйгарым укугу ишеним кат менен ырасталган башка өкүл аркылуу берилиши мүмкүн.

Өтүнмө кыргыз же орус тилдеринде түзүлөт жана эки нускада белгиленген форма боюнча берилет. Ал сөзсүз түрдөгү бир катар документтерди жана маалыматтарды камтуусу керек:

– өтүнүүчүнү, ошондой эле анын жүргөн жерин көрсөтүү менен фирмалык аталышты каттоого өтүнмө;

- билдирилген фирмалык аталыш жана анын сыпаттамасы;
- каттоо суралып жаткан ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн тизмеси.

Мыйзам өтүнүүчү көрсөтүүсү керек болгон бир катар кошумча документтерди караштырат, атап айтканда:

- арыз менен бирге тапшырылуучу, фирмалык аталышты каттоого билдирилген өтүнмө жана экспертиза үчүн алымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;
- ылайыктуу түрдө күбөлөндүрүлгөн, юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
- эгерде өтүнмө алар аркылуу берилсе, патенттин ишенимдүү өкүлүнүн же башка өкүлдүн ишеним каты;

Кыргыз Республикасында белгилүү болгон илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармаларынын аталышы же, анын фрагментине окшош, фирмалык аталыш катары каттоого берилген белгиге автордук укук ээсинин же анын укук мураскеринин макулдугу.

Кыргыз Республикасында белгилүү болгон адамдын фамилиясына окшогон белгини фирмалык аталыш катары каттоого анын макулдугу.

***Өтүнмөнү экспертизалоо***

Таризделген өтүнмө ага тиркелген документтер менен чогуу Кыргызпатентке жиберилип, ал боюнча 15 күндүн ичинде экспертиза жүргүзүлөт. Экспертиза жүргүзүү мезгилинде өтүнмө боюнча чечим чыгарууга чейин өтүнүүчү фирмалык аталышты каттоого өтүнмөнүн материалдарына толуктоолорду жана оңдоолорду киргизүү жөнүндө жолдомо берүүгө укуктуу. Эгерде фирмалык аталышты каттоого өтүнмөнүн материалдарына киргизилген толуктоолор, оңдоолор жана тактоолор анын маңызын өзгөртсө, анда артыкчылыгы жана экспертиза жүргүзүүнүн мөөнөтүн эсептөө мындай жолдомонун келип түшкөн күнү боюнча аныкталат. Белгиленген талаптарды бузуу менен берилген өтүнмө боюнча экспертиза процес-

синде, өтүнүүчүгө аны алган күндөн тартып он күндүн ичинде кемчилдиктерди жоюу сунушу менен сурам жиберилиши мүмкүн. Бул мөөнөт өткөнгө чейин узартуу жөнүндө жолдомо келип түшкөн жана алым төлөнгөн шартта өтүнүүчүнүн жолдомосу боюнча суралган материалдарды берүүнүн мөөнөтү узартылышы мүмкүн. Эгерде, өтүнүүчү белгиленген мөөнөттө көрсөтүлгөн кемчилдиктерди жойбосо, мындай учурда өтүнмө чакыртылып алынды деп эсептелет.

Экспертизанын жүрүшүндө билдирилген фирмалык аталыштын белгиленген талаптарга ылайык келе тургандыгы текшерилет. Экспертизанын жыйынтыктары боюнча фирмалык аталышты каттоо жөнүндө же аны каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Экспертизанын чечими менен өтүнүүчү макул болбогон учурда ал чечимди алган күндөн тартып бир айдын ичинде алым төлөнгөн шартта Кыргызпатенттин Апелляциялык кеңешине каршылык билдире алат.

Фирмалык аталышты каттоо жөнүндө чечимдин негизинде он күндүн ичинде ылайыктуу алым төлөнгөн шартта фирмалык аталышты каттоо жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын фирмалык аталыштарынын Бирдиктүү мамлекеттик реестрине (мындан ары – реестр) киргизилет.

Фирмалык аталышты каттоого тиешелүү маалыматтар фирмалык аталыштын реестрде катталган күнүнөн тартып бир айдын ичинде Кыргызпатент тарабынан «Интеллектуалдык менчик» расмий бюллетенинде жарыяланат. Ошондой эле бул маалыматтардын андан кийинки өзгөртүүлөрүн жана толуктоолорун сөзсүз түрдө жарыялоо жүргүзүлөт.

***Коргоо документин берүү***

Реестрде фирмалык аталышты каттоонун негизинде Кыргызпатент өтүнүүчүгө фирмалык аталыштын катталышы жөнүндө, ээсинин артыкчылыгын жана фирмалык аталыштын катталышына өзгөчө укугун ырастоочу жана фирмалык ата-

лыштын мамлекеттик катталыш фактысын далилдөөчү коргоо документи болуп саналуучу күбөлүк берет.

Өзгөчө укук юридикалык жактын фирмалык аталышты каттоо жөнүндө Кыргызпатентке өтүнмө берген күнүнөн тартып пайда болот жана күбөлүктүн жарамдуулук мөөнөтүнүн ичинде аракеттене алат.

### 6.5. Фирмалык аталыштарды коргоо тармагындагы эл аралык макулдашуулар

Фирмалык аталыштарды коргоо тармагындагы эл аралык негизги макулдашуу болуп өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы эсептелет.

Париж конвенциясынын 1 (2)-беренесине ылайык фирмалык аталыш, бул конвенциянын мүчө өлкөлөрүнүн алардагы колдонулуп жаткан укук тартибине ылайык укуктук коргоо жүргүзүлүүчү өнөр жай менчигинин объектиси болуп эсептелет.

Париж конвенциясынын 8-беренеси мындай деп белгилейт: «Фирмалык аталыш Бирликтин бардык өлкөлөрүндө сөзсүз түрдө өтүнмө берүүсүз же каттоосуз... корголот». Бирок, фирмалык аталыш корголууга тийиш экендигин белгилөө менен, берене мындай коргоо кандайча бериле тургандыгын тактабайт, Бирликтин мүчө мамлекеттери бул маселени атайын мыйзамдардын же ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюу жөнүндө мыйзамдардын, же товардык белгилер жөнүндө мыйзамдардын негизинде регламенттөөгө укуктуу, анткени товардык белгиге укук фирмалык аталышка болгон укукка көз каранды болушу же аны менен коллизияга кириши мүмкүн.

### 6-баптын атайын адабияты

1. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

2. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник длявузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КРР.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

3. *Орлова В.В.* Охрана фирменных наименований и товарных знаков в Финляндии // Патенты и лицензии. – 1997. – № 2. – С. 31 –35.

4. *Прозоровская Е.В.* Спор о фирменном наименовании: как его избежать? // Патенты и лицензии. – 1996. – № 7. – С. 20 –22.

5. *Прозоровская Е.В.* Столкновение фирменных наименований и товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 12 –14.

6. *Пурижинский В.Г.* Право на фирменное наименование // Патенты и лицензии. – 1999.– № 9. – С. 39 –40.

7. *Санников А.Т.* Фирменному наименованию – надежную охрану // Патенты и лицензии. – 1996.– № 9. – С. 17 –20.

8. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации. – М.: Теис, 1996. – 539 с.

9. *Сулимова Е.Б.* Защита фирменных наименований // Патенты и лицензии. – 1993.–№ 7–8. – С. 11 –13.

10.*Тыцкая Г.И., Мамиофа И.Э., Мотылева В.Н.* Правовая охрана товарных знаков, фирменных наименований, указаний и наименований мест происхождения товаров в капиталистических и развивающихся странах. – М.: ВНИИПИ, 1985. – С. 51 –60.

11. *Янушкевич И.П.* Юридическая основа и практика применения товарного знака, знака обслуживания и фирменного наименования. – М.: ИНИЦ Роспатента,1998. – 64 с.

# 7-БАП. ЭЭМ ҮЧҮН ПРОГРАММАЛАР ЖАНА МААЛЫМАТ БАЗАЛАРЫ

## 7.1. ЭЭМ үчүн программаларга жана маалымат базаларына укук түшүнүгү жана мазмуну

Илимдин, техниканын жана күндөлүк турмуштун бардык чөйрөлөрүнө электрондук эсептөө машиналары (мындан ары – ЭЭМ) канчалык тез кирсе, ЭЭМди программалык камсыз кылуунун ролу ошончолук тез өсөт.

Бирок ЭЭМди программалык камсыз кылуунун дүйнөлүк индустриясынын өнүгүшү менен бирге программаларды мыйзамсыз көчүрмөлөө өнүгүүдө. Каракчылык башкы мүнөздөгү көйгөй болуп калды, андан ЭЭМ үчүн программаларды түзүүгө жана пайдаланууга байланышкан бардык чөйрөлөр жапа чегишүүдө.

Каракчылык менен күрөшүүнүн рычагдарынын бири болуп, ЭЭМ үчүн программаларды ишенимдүү коргоону камсыз кылуучу мыйзамдык базаны түзүү эсептелет.

ЭЭМ үчүн программаларды укуктук коргоону жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамдары болуп ЭЭМ үчүн программаларды автордук укуктун объектиси катары аныктаган, 1998-жылдын 23-январында күчүнө киргизилген «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» КРнын мыйзамы жана укуктук коргоону түзүүгө, ЭЭМ үчүн программаларды жана бир эле мезгилде маалымат базаларын пайдаланууга байланышкан мамилелерди кылдат жөнгө салуучу, 1998-жылдын 4-апрелинде күчүнө киргизилген «Электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларды жана маалымат базаларын укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы (мындан ары – мыйзам) эсептелет.

ЭЭМ үчүн программа автордук укуктун объектиси болуп саналат жана 1999-жылдан Кыргыз Республикасы мүчө болуп эсептелген адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын экинчи статьясына ылайык (мындан ары – Берн конвенциясы) адабий чыгарма катары корголот.

ЭЭМ үчүн программа деп ЭЭМ үчүн программаны иштеп чыгуунун жүрүшүндө алынган даярдоо материалдарын камтуу менен белгилүү бир натыйжаны алуу максатында ЭЭМди функциялаштырууга арналган маалыматтардын жана командалардын жыйындысын жана ал жараткан аудиовизуалдык чагылдырууларды көрсөтүүнүн объективдүү формасын түшүнүү керек.

Маалымат базалары деп бул маалыматтар ЭЭМдин жардамы менен табылууга жана иштелип чыкканга мүмкүн болгондой системалаштырылган маалыматтардын жыйындысын берүүнүн жана уюштуруунун объективдүү формасын түшүнүү керек.

### 7.2. ЭЭМ үчүн программалардын жана маалымат базаларынын укуктарын негиздөө, каттоо

Мыйзам тарабынан берилген укуктук коргоо ЭЭМ үчүн программалардын же маалымат базаларынын негизине жатуучу идеяларга жана принциптерге, же кандайдыр бир элементке, анын ичинде интерфейсти уюштуруу идеялары менен принциптерине, ошондой эле программалаштыруунун тилдерине жайылтылбайт.

Мыйзам тарабынан берилген укуктук коргоо ЭЭМ үчүн программалардын бардык түрлөрүнө жайылтылат. Муну менен ЭЭМ үчүн программалар эки түргө бөлүнөт – операциялык тутумдар (системалар) жана башка программалар. Операциялык тутумсуз (системасыз) бир дагы ЭЭМ үчүн программа аткарылууга мүмкүн эмес. Операциялык тутумдар башка программалар аткарыла турган чөйрөнү түзүшөт.

UNIX, DOS, Windows 9X/NT/2000 сыяктуу операциялык тутумдар кыйла жайылтылган.

Алар кайсы операциялык тутум үчүн жазылган болсо, ошондо гана аткарыла ала турган, ар бир операциялык тутум үчүн көптөгөн колдонмо программалар бар. Чындыгында, башка операциялык чөйрөдө белгилүү бир операциялык тутум үчүн жазылган программаларды аткарууга мүмкүндүк берүүчү атайын программа-эмуляторлор дагы бар.

ЭЭМ үчүн программаларды укуктук коргоо программалаштыруунун тилине көз каранды эмес. ЭЭМ үчүн программаны пайдалануучу программа программалаштыруунун кайсы тилинде жазылгандыгын билбөөсү мүмкүн, андан тышкары ал дегеле программалаштыруунун кандай тилдери бар экендигин жана алар эмнени түшүндүрөөрүн дагы билбөөсү мүмкүн.

Адабий чыгармадан айырмаланып ЭЭМ үчүн программалардын модулдары программалаштыруунун ар кандай тилдеринде жазылышы ыктымал.

ЭЭМ үчүн программаларды укуктук коргоо түшүндүрүүнүн формасына көз каранды эмес. Ошентип, ЭЭМ үчүн программалардын эки түрү болот: тексттин түп нускасы түрүндө жана нусканын же программанын көчүрмөсү түрүндө.

ЭЭМ үчүн программанын түп нуска түрүндөгү текстинин мазмунун даярдыгы бар программалоочу гана түшүнө алат. Бирок түп нуска түрүндөгү текст баарыдан мурда компьютердин жардамы менен программалоочу ойлоштургандын баарын аткара ала турган программанын нускасын түзүүгө арналат.

ЭЭМ үчүн программанын түп нуска түрүндөгү тексти аткарылуучу, китепканалык жана программанын башка модулдары жайгашкан бинардык (объектилик) коддо атайын программанын жардамы менен аны компилирлөөдөн кийин гана өздүк программага айланат. Дал ошондой модулдардын жыйындысы ЭЭМ үчүн программа болуп саналат, жана дал ошонун өзү гана кайсы максаттарда түзүлсө, ошол иш-милдеттердин бардыгын аткарат.

Программаны бинардык (сандык) формада материалдык сактагычка көчүрүшөт (демейде CD-дисктер, ал эми мурдараак – дискеттер), ага тигил же бул документацияны кошушат,

коробкага салышат жана ЭЭМ үчүн программанын нускасын алышат.

ЭЭМ үчүн программалардын нускаларын көчүрмөлөөгө болот. Бирок бинардык модулдарды декомпилировкалоо менен программанын толук баштапкы текстин алууга мүмкүн болбогондуктан, азыркы программалар бардык маанилүү өзгөртүүлөрдөн техникалык корголгон.

Мыйзам тарабынан берилген укуктук коргоо, маалыматтарды тандоо жана уюштуруу боюнча чыгармачылык эмгектин натыйжасы болуп эсептелүүчү маалымат базаларына жайылтылат. Маалымат базалары алар негизделген же алар ичине камтыган маалыматтар автордук укуктун объектилери экендигине көз карандысыз корголушат.

Электрондук маалымат базаларын коргоо ЭЭМ үчүн тейлөөчү программага жайылтылбайт, себеби программа ошол сыяктуу эле аны пайдалануу формасына көз карандысыз корголот. Бир эле маалымат базасына кирүү ар түрдүү программалардын жардамы менен ишке ашырылышы мүмкүн.

Маалымат базалары автордук укуктун объектиси болуп эсептелет жана Берн конвенциясына ылайык адабий чыгармалардын жыйнагы катары корголот.

Автордук укуктарды коргоо объектилерине аларды түзүү процессиндеги оригиналдуулук жана чыгармачылык талаптарына жооп берүүчү маалымат базаларын гана кошууга болот.

Маалымат базалары объектилердин эки түрүн камтышы мүмкүн – автордук укук тарабынан корголуучу жана корголбоочу.

Автордук укук тарабынан корголуучу маалымат базаларын пайдалануу, бардык башка курамдык чыгармалардагы сыяктуу эле, бул базага киргизилген ар бир чыгармага автордук укукту сактоодо гана мүмкүн, б.а. автордон же башка укук ээсинен уруксат алганда гана. Маалымат базасына киргизилген ар бир чыгармага автордук укук корголот жана бул чыгармалар мындай базага көз карандысыз пайдаланылат. Алар корголуучу болуп эсептелгендиктен, бул чыгармаларга эч кандай

кошумча коргоонун болушу мүмкүн эмес. Мындан тышкары, кошумча коргоо баштапкы объектинин коргоо мөөнөтүн жана түзүүчүнүн автордук укукка көз карандылыгын көбөйтмөк.

Маалымат базасына автордук укук тарабынан корголбогон объектилерди киргизүүдө, бул объектилерге коргоо берилиши мүмкүн эмес. Анын себеби бул объектилердин эң башында корголбогон деп таанылышында жатат жана ошондуктан эч кандай шарттар аларга коргоону жайылтпайт. Корголбогон автордук укук объектилеринен туруучу маалымат базаларына автордук укук мындай базаны түзгөн адамдарга таандык.

ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укук алардын жаралышына байланыштуу берилет. Автордук укукту таануу жана жүзөгө ашыруу үчүн депонирлөө, каттоолор же башка формалдуулуктарды сактоо талап этилбейт.

ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укук маалыматтын материалдык сактагычына менчик укук менен байланышпайт, ошондуктан мындай сактагычты алган адам ага автордук укукту ала албайт.

Укук ээси өз укуктары жөнүндө кабарлоо үчүн ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын жарыкка биринчи чыгарылышынан баштап үч элементтен турган автордук укукту коргоонун белгисин пайдалана алат:

- айлананын ичиндеги же тегерек кашаанын ичиндеги С тамгасынан;
- өзүнүн аталышынан (атынан);
- ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын жарыкка биринчи чыккан жылынан.

ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укук алардын түзүлгөн учурунан тартып автордун бүтүндөй өмүрүндө жана ал дүйнөдөн кайткандан кийин автордун өлгөн жылынан кийинки жылдын 1-январынан тартып 50 жыл ичинде аракеттенет.

Авторлоштукта түзүлгөн ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укуктун бүтүшү башка теңавторлордун ичинен эң акыркы болуп дүйнөдөн кайткан автордун өлгөн убактысына жараша эсептелет.

Жашыруун (анонимдүү) же псевдоним астында чыгарылган ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укук алардын жарыкка чыккан учурунан тартып 50 жыл ичинде аракеттенет. Эгерде жашыруун же псевдоним астында чыгарылган ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын автору көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде өзүнүн жүзүн ачса же автор тарабынан кабыл алынган псевдоним анын ким экендигинен күмөн санатпаса, анда жогоруда көрсөтүлгөн коргоо мөөнөтү колдонулат.

ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына жеке мүлктүк эмес укуктар мөөнөтсүз корголот.

***ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын расмий каттоого өтүнмөнү тариздөө жана берүү***

Мыйзам укук ээсине автордук укуктун аракеттенүү мөөнөтү ичинде анын өз каалоосу боюнча түздөн-түз же өзүнүн өкүлү аркылуу Кыргызпатентке өтүнмө берүү жолу менен ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын каттоого мүмкүндүк берет.

ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын каттоо алардын укук ээлерине бир катар артыкчылыктарды берет:

- каттоо расмий бюллетенде ылайыктуу маалыматтарды жарыялоо жолу менен ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына мыйзамдык укуктар жөнүндө үчүнчү жактарды кабарландырат;
- келишпестиктер пайда болгон учурларда укукту коргоого жардам берет, муну менен депонирленген материалдар далилдөөлөр топтолгон учурда сотто каралышы мүмкүн;
- конкреттүү объектинин укук ээсин аныктоочу документ катарында расмий каттоо жөнүндө күбөлүк бажы жана укук коргоо органдарына көрсөтүлүшү мүмкүн.

Көп өлкөлөрдүн мыйзамдары ЭЭМ үчүн программаларды же маалымат базаларын каттоо үчүн мүмкүндүк беришет. Мындай өлкөлөргө биринчи кезекте каттоодон билдирүүчү

үчүн белгилүү бир артыкчылыктарды көрүшкөн АКШны кошууга болот.

Испанияда мисалы, ЭЭМ үчүн программаны же анын андан кийинки божомолдорун интеллектуалдык менчиктин реестрине каттоо сунушталат. Ээсине өзүнүн автордугун ырастоо иретинде сотко көрсөтө ала турган күбөлүк берилет. Коргоонун конфиденциалдык каражаты болуп – Коомдук нотариалдык бюродо программаны депонирлөө эсептелет.

ЭЭМ үчүн программаларды жана маалымат базаларын расмий каттоого өтүнмөнү (мындан ары – өтүнмө) тариздөөгө жана берүүгө коюлган негизги талаптар 1999-жылы 9-апрелде КРнын Юстиция министрлигинде катталган ЭЭМ үчүн программаларды жана маалымат базаларын расмий каттоого өтүнмөнү тариздөө, түзүү, карап чыгууга берүү эрежелери менен регламенттелген.

Өтүнмө бир ЭЭМ үчүн программага же, бир маалымат базасына таандык болуусу керек.

Өз алдынча пайдаланууга болбогон бир нече программалардан турган ЭЭМ үчүн программа (программалардын пакети), ага кирген ар бир программаны өзүнчө каттабастан, бүтүн боюнча каттай алат.

Маалымат базаларын башкаруучу ЭЭМ үчүн программа өз алдынча да каттала алат. Өтүнмө берүүгө автор же бардык укук ээлери (мындан ары – өтүнүүчү) укуктуу. Өтүнмө өтүнүүчү тарабынан түздөн-түз же өкүлү аркылуу берилиши мүмкүн. Өтүнмө төмөнкүлөрдү камтуусу керек:

- укук ээсин, ошондой эле, эгерде ал өзүн автор катары эскерүүдөн баш тартпаган болсо авторду, жана анын жүргөн жерин көрсөтүү менен ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын расмий каттоочу арызды;
- ЭЭМ үчүн программага иштелип чыккан документация жөнүндө сөзсүз түрдө билдирүүсү бар рефератты камтуу менен, ал эми маалымат базасы үчүн рефератта маалымат булактары, курамы, бүтүндөй базанын ар бир файлынын өзүнчө аталышы жана мазмуну аркы-

луу, ар бир файлдын өзүнчө жазуусунун саны аркылуу, маалыматтардын ретроспективи аркылуу предметтик чөйрөнүн шифрын ачып окууну (расшифровкалоо) камтуу менен ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын бирдейлештирүүчү депонирленген материалдарды;

– белгиленген өлчөмдө каттоо алымынын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ же каттоо алымын төлөөдөн бошотуу, ошондой эле анын өлчөмүн азайтуу үчүн негиз.

Өтүнмөгө төмөндөгүлөр тиркелиши керек:

– эгерде укук ээси автор болуп эсептелбесе, мүлктүк укуктарын өткөрүп бергендигин ырастоочу документтин ылайыктуу жол менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
– эгерде өтүнмө өкүл аркылуу бериле турган болсо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өкүлчүлүккө тариздelген ишеним кат.

Өтүнмөнүн документтери (ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын бирдейлештирүүчү депонирленүүчү материалдардан башкасы) кыргыз же орус тилдеринде берилиши керек. Эгерде документтер башка тилде берилсе, анда аларга ылайыктуу түрдө күбөлөндүрүлгөн кыргыз же орус тилдерине котормосу тиркелиши керек.

Өтүнмөнүн документтери бир нускада берилет.

### *Өтүнмөнү карап чыгуу тартиби*

Тариздelген өтүнмө ага тиркелген документтер менен бирге карап чыгуу үчүн Кыргызпатентке берилет.

Эгерде өтүнмө белгиленген талаптарды бузуу менен тариздelген болсо, өтүнүүчүгө аны алган күндөн тартып эки айдын ичинде кемчилдиктерди жоюу сунушу менен сурам жиберилиши мүмкүн. Ага ылайык өтүнмөнү карап чыгуу мөөнөтү узартылат. Өтүнүүчүнүн жолдомосу боюнча оңдолгон же, жетишпеген материалдарды берүү мөөнөтү ылайыктуу жолдомо берүү жолу менен жана алым төлөнгөн шартта узартылышы мүмкүн.

Эгерде өтүнмөнү карап чыгуунун жыйынтыгында билдирилген объектиге укуктук коргоо берилбейт деп белгиленсе, Кыргызпатент расмий каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарат.

Текшерүүнүн оң натыйжасында Кыргызпатент ЭЭМ үчүн программаны жана маалымат базасын расмий каттоо жөнүндө чечим чыгарат жана ылайыктуу алым төлөнгөн шартта ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын ылайыгына жараша КРнын ЭЭМдер үчүн программаларынын Мамлекеттик реестрине же КРнын маалымат базаларынын Мамлекеттик реестрине киргизип, катталган ЭЭМ үчүн программа же маалымат базасы жөнүндөгү маалыматтарды Кыргызпатенттин «Интеллектуалдык менчик» расмий бюллетенинде жарыялайт, расмий каттоо жөнүндө өтүнүүчүгө күбөлүк берет.

ЭЭМ үчүн программаны жана маалымат базасын каттоого байланышкан юридикалык мааниси бар иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн жыйым алынат.

### 7.3. ЭЭМүчүн программанын же маалымат базасынын укук ээсинин укугун бузуулары

ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына мүлктүк укуктардын бузулушу болуп укук ээсинин санкцияланбаган төмөндөгү иш-аракеттери эсептелет:

- жарыкка чыгаруу (жарыялоо), б.а. ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын туш келди адамдардын чөйрөсүнө көрсөтүү;
- кайра чыгаруу, б.а. ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын бир же бирден ашык нускаларын бардык материалдык формада жасап чыгаруу, ошондой эле аларды ЭЭМдин сактагычына жазуу;
- жайылтуу, б.а. бардык материалдык формаларда кайра чыгарылган ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына кирүүгө, анын ичинде түйүндүк жана башка ыкмалар менен, ошондой эле сатуу, прокатка берүү, жалдоого берүү, карызга берүү жолдору менен мүмкүнчүлүк берүү;

– аларды чарбалык жүгүртүүгө анын ичинде модификацияланган (кайра иштетилген) формада киргизүү боюнча башка иш-аракеттер.

Модификация – бул адаптация болуп эсептелбеген, б.а. ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын пайдалануучунун конкреттүү техникалык каражаттарына же пайдалануучунун конкреттүү программасынын башкаруусу астында функционалдаштырууну камсыз кылуу максатында гана жүзөгө ашырылуучу өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасын толук өзгөртүүлөр.

Укук бузуу болуп ошондой эле бул ЭЭМ үчүн программа же маалымат базасы эч качан мыйзам менен корголбогон же корголуусун токтоткон мамлекеттерден Кыргызстанга контрафактылык алып кирүүлөр эсептелет.

ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын нускасын алууга укугу бар пайдалануучу укук ээсинин макулдугусуз төмөндөгү аракеттерди жүзөгө ашыра алат: ЭЭМдин сактагычында жазуу жана сактоо, ЭЭМ үчүн программанын жана маалымат базасынын каталарын жоюу, ЭЭМ үчүн программаны жана маалымат базасын адаптациялоо, ал жоголуп кеткен учурда же пайдаланууга жарабай калганда ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын көчүрмөсүн даярдоо. ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына укуктун аракеттенүү мөөнөтү өткөндөн кийин көчүрмө жок кылынышы керек.

Укугу бар пайдалануучу ошондой эле анын аракетин башка программа менен камсыз кылуу зарыл болгондо ЭЭМ үчүн программаны декомпилировкалоого (ишке киргизүүгө) акылуу, ал эми зарыл болгон маалыматты башка булактардан алууга акысы жок.

### 7.4. ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына укук ээсинин укуктарын коргоо

ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына укуктук коргоону бузуу деп алардын жардамы менен укук ээси өзүнүн бузулган укуктарын калыбына келтирүүнү, алардын бузулу-

шуна бөгөт коюуну жана укук бузуучуга башка санкцияларды камсыз кылууга мүмкүн болгон, мыйзам тарабынан караштырылган чараларды жүзөгө ашырууну түшүнүү керек.

ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына автордук укук бузулган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык граждандык, административдик, кылмыштык жактан жоопкер болот.

ЭЭМ үчүн программага же маалымат базасына укук бузулган учурда ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын автору жана башка укук ээлери укук бузуучуга төмөндөгү граждандык-укуктук чараларды колдонууну талап кылууга укуктуу:

- укуктарды таанууну;
- укук бузууга чейинки колдонуудагы жоболорду калыбына келтирүүнү жана укук бузуучу же аны бузууга коркунуч келтирген аракеттерди токтотууну;
- өлчөмүнө укук бузуучу тарабынан укуксуз алынган кирешенин суммасы кошулган келтирилген чыгымдарды төлөп берүүнү;
- укук бузуучунун чыгымды төлөөнүн ордуна пайда табуу максатында укук бузган учурунда соттун, арбитраждык соттун ыктыяры боюнча аныкталуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген минималдык айлык акысынын 50 эседен 20000 эсеге чейинки өлчөмүндө компенсация төлөп берүүгө;
- алардын укуктарын коргоого байланышкан ченемдик укуктук актыларда караштырылган чараларды кабыл алууга укуктуу.

Муну менен укук ээлери өз укуктарын коргоо үчүн сотко кайрыла алышат.

Чыгымдарды калыбына келтирүү же компенсация төлөөдөн тышкары соттун ыктыяры боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине доочунун пайдасына сот чечим кылган сумманын он проценти өлчөмүндө штраф (жазапул) салынышы мүмкүн.

Сот ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын контрафактылык нускаларын, ошондой эле аларды кайра чыгаруу жана даярдоо үчүн пайдаланылган материалдарды жана жабдууларды, конфискациялоо жөнүндө жана аларды жок кылуу же аларды Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине же анын өтүнүчү боюнча доочуга чыгымдарды калыбына келтирүү эсебине өткөрүп берүү жөнүндө чечим чыгарышы мүмкүн.

ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын даярдалган, жайылтылган, сатылган, алып келинген же башка жолдор менен пайдаланылган же ЭЭМ үчүн программаларынын же маалымат базаларынын авторлорунун укуктарын бузуу үчүн пайдаланууга арналган нускаларына Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте тыюу (арест) салынышы мүмкүн.

### 7-баптын атайын адабияты


1. *Кравец Л.Г.* Средства правовой охраны программ для ЭВМ и баз данных. – М.: ИНИЦР, 2000. – 49 с.

2. *Касперавичюс П.* Правовая охрана программ ЭВМ и баз данных в Литве // Интеллектуальная собственность. – 1998.– № 2. – С. 79 – 81.

3. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

4. *Самойлович М.В.* Требование оригинальности при правовой охране баз данных в странах Европы и США // Патентное дело. – 1995.– № 9–10. – С. 43 – 45.

5. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации:Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

6. *Судариков С.А.* Правовая охрана компьютерных программ // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2000.– № 1. – С. 68 – 80.

7. *Судариков С.А.* Современная правовая охрана баз данных // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2000.– № 2. – С. 31 – 40.

8. *Титов А.* Компьютерная программа: произведение или технология? // Интеллектуальная собственность. – 1999. – № 3. – С. 27 – 34.

# 8-БАП. СЕЛЕКЦИЯЛЫК ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

## 8.1. Селекциялык жетишкендик түшүнүгү

С.И. Ожеговдун сөздүгүндө селекцияны «жасалма тандоо жана кыйыштыруу жолу менен өсүмдүктөрдүн сортторун же жаныбарлардын породаларын жакшыртуу жана жаңы сортторду жана породаларды чыгаруу», ал эми селекционерди – «селекция боюнча адис» деген түшүнүк берилет. Бул мааниде селекциячынын чыгармачылык ишмердүүлүгү ойлоп табуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүнө окшош. Бирок ойлоп табуучулардан айырмаланып, негизинен жансыз жаратылыштын объектилери менен иш жүргүзгөн селекциячылар жаратылыш тутумдары менен иштешет. Биотехнологиялардын маанисинин өсүшүнө жана белгилүү бир спецификасынын бар экендигине байланыштуу биотехнологияларды пайдалануунун натыйжасында түзүлүүчү объектилер, өзүнчө топко бөлүнүшөт. Биотехнологиялар тирүү организмдер сыяктуу эле (жаныбарлар, өсүмдүктөр, микроорганизмдер), жансыз биологиялык материалдар менен да (үрөндөр, ферменттер, клеткалар) операцияларды жүргүзүшөт. Биотехнология объектилеринин бир бөлүгү (микроорганизмдер ) патентик укукта калды, ал эми бир бөлүгү болсо өз алдынча топко бөлүндү. Селекциялык жетишкендиктердин тобу – өсүмдүктөрдүн сорттору жана жаныбарлардын породалары, – «Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө» КРнын 1998-жылдын 26-июнундагы мыйзамынын (мындан ары – мыйзам) кабыл алынышы менен өз алдынча укук коргоо объектиси катары бөлүнө баштады.

Селекциялык жетишкендиктер айрым окшоштуктарына карабастан, укуктук режими ойлоп табуулардын укуктук режимине туура келбеген интеллектуалдык менчиктин салттуу эмес объектилери катарында каралат. **Селекциялык жетишкендикке укук предмети –** бул жаратууга, пайдаланууга жана укуктук коргоого байланыштуу пайда болуучу, мыйзам менен жөнгө салынуучу мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес мамилелер. **Селекциялык жетишкендикти укуктук коргоо** селекциялык жетишкендикке:

- **автордукту;**
- селекциялык жетишкендиктин **артыкчылыгын**;
- селекциялык жетишкендикти пайдаланууга патент ээсинин **өзгөчө укугун** күбөлөндүрүүчү **патент** менен ырасталат.

**Укуктук коргоонун көлөмү** селекциялык жетишкендиктин сыпаттамасында чагылдырылган маанилүү белгилердин жыйындысы менен аныкталат.

**Патенттин аракеттенүү мөөнөтү:**

- *өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө билдирилген селекциялык жетишкендиктин корголуудагы селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестрине катталган күнүнөн тартып 30жылды түзөт;*
- *жүзүмдүн, жыгач, декоративдик, жемиш өсүмдүктөрү жана токой өсүмдүктөрүнүн сортторуна, анын ичинде алардын жайгаштырууларына, ошондой эле жаныбарлардын породаларына 35 жылдык мөөнөт каралган.*

***Мамлекеттик жөнгө салуу***

1. Кыргызпатент селекциялык жетишкендик боюнча өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алат, ал боюнча алдын ала экспертиза жүргүзөт, селекциялык жетишкендикти коргоодогу селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестрине мамлекеттик каттоо жүргүзүлөт, селекциялык жетишкендиктерди коргоого тиешелүү расмий маалыматтарды жарыялоону камсыз кылат, селекциялык жетишкендиктерге патенттерди берет.

2. Айыл жана суу чарба мамлекеттик башкармасынын борбордук органы КРнын өкмөтү тарабынан бекитилүүчү ботаникалык жана зоологиялык тукумдардын жана түрлөрдүн Тизмесин (мындан ары – тизме) аныктайт жана төмөндөгүлөр жөнүндө өкмөткө сунуштарды алып чыгат:

– жаңы тукумдардын жана түрлөрдүн тизмесин толуктоо жөнүндө;
– тизмеге киргизилген тукумдардын жана түрлөрдүн аталыштарын өзгөртүү жөнүндө;
– кээ бир тукумдарды жана түрлөрдү тизмеден чыгаруу жөнүндө.

3. Айыл жана суу чарба мамлекеттик башкармасынын борбордук органына караштуу айыл чарба өсүмдүктөрүн сорттук сыноо боюнча Мамлекеттик комиссиясы (мындан ары – Мамлекеттик комиссия) жана Айыл жана суу чарба мамлекеттик башкармасынын борбордук органына караштуу мал чарба жана жайыттардын мониторингинде асыл тукум иштери боюнча мамлекеттик инспекция (мындан ары – инспекция) төмөндөгү иш-милдеттерди аткарышат:

– Кыргызпатент менен келишимдик негизде селекциялык жетишкендиктин жаңылыгына, айырмалуулугуна, бир тектүүлүгүнө жана туруктуулугуна мамлекеттик тажрыйбадан өткөрүү жүргүзүшөт;
– ылайыгына жараша КРнын Райондоштурулган сортторунун мамлекеттик реестрин, КРнын Мамлекеттик асыл тукум китебин алып барышат;
– өндүрүштө жана башка иштерде селекциялык жетишкендикти пайдаланууга уруксат берүү боюнча корутунду беришет.

Мыйзамдын 1-беренесинде селекциялык жетишкендиктердин төмөндөгү негизги түшүнүктөрү келтирилет:

– селекциялык жетишкендик – өсүмдүктөрдүн сорту, жаныбарлардын породасы;
– корголгон селекциялык жетишкендик – корголуудагы селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реес-

трине катталган өсүмдүктөрдүн сорту, жаныбарлардын породасы;

- сорт – белгилүү класстардан төмөн турган бир эле ботаникалык таксондун алкагында туруучу, коргоого жарамдуулук шарттарына толук жооп бере алгандыгына көз карандысыз, ушул генотипти же генотиптердин айкалыштарын мүнөздөөчү белгилер аркылуу аныкталууга мүмкүн болгон, ошол эле ботаникалык таксондогу өсүмдүктөрдүн тобунан жок эле дегенде бир белгиси менен айырмаланган, сорттун өзгөрүлбөс бүтүндөй өсүмдүктөрүн алуу үчүн жарамдуулук көз карашынан алып караганда бирдиктүү деп эсептелүүгө мүмкүн болгон өсүмдүктөрдүн тобу;
- сорттун корголуудагы категориялары болуп, клон, сызык, биринчи муундун аргыны, популяция болуп эсептелет;
- үрөн – сортту кайра жаратуу үчүн колдонулуучу, өсүмдүктөрдүн генеративдик жана вегетативдик органдары;
- өсүмдүк материалы – сортту кайра жаратуудан айырмалоо максатында пайдаланылуучу өсүмдүк же анын бир бөлүгү;
- порода – коргоого жарамдуулугуна көз карандысыз генетикалык шартталган биологиялык жана морфологиялык касиеттери жана белгилери бар жаныбарлардын тобу, анын үстүнө алардын айрымдары бул топ үчүн өзгөчөлөнөт жана аны жаныбарлардын башка топторунан айырмалап турушат; порода ургачылык же эркектик өзгөчөлүктүгү менен же асыл тукум материал катарында сунуш кылынышы мүмкүн; породалардын корголуудагы категориялары болуп: тиби, заводдук сызыгы, кроссызыгы жана түркүмү эсептелишет;
- асыл тукум мал – породаны кайра жаратуу үчүн арналган мал;
- асыл тукум материал – асыл тукум жаныбар, анын гаметалары же зиготалары (эмбриондору).

Сорт дегенибизде, коргоого жарамдуулугуна көз карандысыз ушул генотипти же генотиптердин айкалыштарын мүнөздөөчү белгилер боюнча аныкталуучу жана ошол эле ботаникалык таксондогу өсүмдүктөрдүн тобунан бир же бир нече белгилери менен айырмалануучу өсүмдүктөрдүн тобун түшүнүү керек.

Сорт бир же бир нече өсүмдүктөр түрүндө, мындай бөлүгү же бөлүктөрү сорттун бүтүндөй бир өсүмдүктөрүн кайра чыгаруу үчүн пайдаланууга мүмкүн болгон шартта бир же бир нече бөлүктөр түрүндө сунушталышы мүмкүн. Мыйзам сорттун корголуучу категорияларын бөлүп көрсөтөт, алар клон, сызык, биринчи муундун аргыны, популяциялар болуп эсептелет.

Жаныбарлардын породалары болуп, селекциялык жетишкендиктин өзгөчө объектиси катары, коргоого жарамдуулугуна көз карандысыз генетикалык шартталган биологиялык жана морфологиялык касиеттери жана белгилери бар, анын үстүнө алардын айрымдары бул топ үчүн өзгөчөлөнгөн жана аны жаныбарлардын башка топторунан айырмалап туруучу жаныбарлардын тобу таанылат. Порода ургаачылык же эркектик өзгөчөлүктүгү менен же асыл тукум материал катарында сунуш кылынышы мүмкүн. Породанын корголуудагы категориялары болуп тиби жана кроссызыгы эсептелет.

Бул аныктамадан улам селекциялык жетишкендикгердин төмөндөгү маанилүү мүнөздөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- бул биологиялык объектилер;
- булар – бул объектилерди башкалардан айырмалоочу генетикалык шартталган белгилери бар объектилер;
- бул объектилер максатка багытталган тандоонун натыйжасында алынган адам тарабынан жаратылган объектилер (селекция).

### 8.2. Селекциялык жетишкендиктердин коргоого жарамдуулук шарттары

Мыйзамдын 4-беренесине ылайык, **селекциялык жетишкендиктердин патентке жарамдуулук талаптары болуп**

**төмөндөгүлөр эсептелет:** жаңылыгы, айырмалуулугу, бир түрдүүлүгү жана туруктуулугу.

**Жаңылык**

Берилген селекциялык жетишкендиктин үрөнүнө же асыл тукум материалга патент берүүгө өтүнмө берилген күнгө чейин башка селекциячы адам тарабынан сатылбаса же башкача жол менен анын укук мураскерине же алардын макулдугу менен селекциялык жетишкендиктерди төмөндөгүчө пайдалануу үчүн өткөрүлүп берилбесе, сорт же порода жаңы болуп эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын аймагында – бул күнгө чейин 1 жылга жетпеген мөөнөт ичинде;
- башка мамлекеттин аймагында – 4 жылга жетпеген мөөнөт ичинде же, эгерде бул жүзүмгө, жыгач, декоративдик жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнө тиешелүү болсо, көрсөтүлгөн күнгө чейинки алты айдын ичинде.

**Жаңылык өз күчүн жоготпогон мөөнөт ичиндеги шарттар**

- эгерде бул пунктта көрсөтүлгөн убакыт өткөнгө чейин сорттун же породанын бардык материалын сатуу башка жактар тарабынан төмөндөгүдөй жол менен жүзөгө ашырылган болсо, селекциялык жетишкендик жаңылыгын жоготпойт:
- өтүнүүчүгө атайын зыян келтирүү максатында;
- патент алууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө келишимди аткарууда;
- мындай алып келүүлөр өтүнүүчүнүн көзөмөлү астында жүргүзүлө турган шартта өтүнүүчүнүн макулдугу менен сортту, породаны көбөйтүү үчүн үчүнчү жактын кошумча материалдарды алып келүүнү жүргүзүүсү боюнча келишимдерди аткарууда;
- үчүнчү жактын талаачылык сынактарын же лабораториялык изилдөөлөрдү же сортту же породаны баалоо боюнча текшерүү сынагын өткөрүү боюнча келишимдерди аткарууда.

**Айырмалуулук**

Эгерде ал өтүнмө берилген учурга чейин бар болгон жалпыга белгилүү башка бардык селекциялык жетишкендиктер-

ден даана айырмаланса, селекциялык жетишкендик айырмалоочу болуп эсептелет.

Расмий каталогдордо, маалымат фондунда орун алган, же жарыялоолордун биринде так сыпаттамага ээ болгон же корголуудагы селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестрине киргизилген селекциялык жетишкендик жалпыга белгилүү селекциялык жетишкендик болушу мүмкүн.

Жалпыга белгилүүлүк ошондой эле төмөндөгү селекциялык жетишкендикке карата аныкталышы мүмкүн:

- өндүрүү, кайра өндүрүү, көбөйтүү максатында себүү кондицияларына жеткирүүнүн, жогоруда аталган максаттар үчүн сактоонун натыйжасында жалпыга белгилүү билим деңгээлинин бөлүгү болуп калган;
- сатууга сунушталган, сатылган, алып чыгарылган же алып келинген жетишкендиктер эсептелет.

**Тектештик**

Эгерде, анын көбөйүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өсүмдүк же жаныбар өз белгилери боюнча жетишээрлик окшош болсо, селекциялык жетишкендик тектеш деп эсептелет; бул белгиге ылайык өсүмдүктүн сорту жана жаныбардын породасы өзүнүн морфологиялык, физиологиялык, цитологиялык, химиялык жана көбөйүүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу орунга ээ болуусу мүмкүн болгон айрым бир четтөөлөрдү эсепке алуу менен башка белгилери боюнча жетишээрлик окшош болуулары керек. Тектештик белгиси селекциянын жетишилген натыйжасынын сапаттуу аныкталгандыгын билдирет.

**Туруктуулук**

Эгерде, анын негизги белгилери бир жолку көбөйүүдөн кийин же көбөйүүнүн өзгөчө цикли учурунда, көбөйүүнүн ар бир циклинин аягында өзгөрүлбөстөн калса, селекциялык жетишкендик туруктуу деп эсептелет.

Кайра жаратууда өзүнүн өзгөчө касиетин сактап калууга жөндөмсүз өсүмдүктү же жаныбарды алуу мыйзамдык көз караштан алганда селекциялык жетишкендик деп эсептелбейт жана ал тарабынан корголбойт.

## 8.3. Селекциялык жетишкендикке укукту негиздөө

### *Патент берүүгө өтүнмөнү түзүү жана берүү*

**Патент берүүгө өтүнмөнүн курамы** (Селекциялык жетишкендикке патент берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун Эрежелери к/п.2.2, 3.2.3) (мындан ары – эреже):

- патент берүү жөнүндө арыз;
- селекциялык жетишкендиктин сыпаттамасынын кыскача рефераты;
- аны бул тармактын адистери тарабынан бирдейлештирүүнү жүзөгө ашыруу үчүн жетишээрлик толук ачып көрсөткен селекциялык жетишкендиктин сыпаттамасы;
- сортту пайдалануучу бардык жак Мамлекеттик реестрде катталган анын аталышын колдонууга тийиш;
- аталыш үрөндүк же асыл тукум материалын сатууда, ал гана тургай коргоо мөөнөтү өтүп кетсе дагы пайдаланылышы керек;
- ошол эле түрдүн башка сортунун, породанын, же мурда белгилүү жакын тектеш таксономикалык бирдиктин астында, же расмий катталган же сатылып жаткан үрөндүк материалдын астында белгилүү болгон, аталышка окшош же бирдей болгондугунун натыйжасында адаштырууга алып келүүчү аталыш жараксыз;
- сорттук (породалык) эмес катары кабылдануучу аталыштар жараксыз;
- өсүмдүктөрдүн сорттору үчүн – Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча эл аралык бирликтин (УПОВ) талаптарына ылайык техникалык анкета;
- жаныбарлардын породалары үчүн – айыл чарба жаныбарларын апробациялоо боюнча колдонуудагы ыкмага ылайык анын сыпаттамасы;
- 9х12, же 13х18 өлчөмүндөгү түстүү же ак-кара түстөгү фото-сүрөттөрү 2 нускадан;
- белгиленген алымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу же алым төлөөдөн бошотуучу, же анын өлчөмүн азайтуу үчүн негиз болуучу документ.

**Өтүнмөгө тиркелүүчү документтер (эрежелердин 2. 3 п.):**

- өтүнмө берүү жана алдын ала экспертиза жүргүзүү үчүн алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;
- документ өтүнмө менен чогуу берилет;
- алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ жок болсо өтүнмө берилди деп эсептелбейт;
- патенттин ишенимдүү өкүлү аркылуу берилүүчү өтүнмөгө ага өтүнүүчүнүн берген жана анын ыйгарым укугун ырастоочу ишеним кат, же ылайыктуу түрдө күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын көчүрмөсү тиркелет;
- өкүл аркылуу иш алып баруу боюнча Кыргыз Республикасында жашаган жеке же юридикалык жактар тарабынан берилүүчү өтүнмөгө ушул эрежелердин II бөлүгүнүн 4-пунктунун талаптарына ылайык таризделген ишеним кат тиркелет;
- артыкчылык укугунан пайдаланууну каалаган өтүнүүчү биринчи өтүнмөнүн негизинде аларды алган орган аркылуу күбөлөндүрүлгөн баштапкы билдирилүүчү материалдардын, ошондой эле селекциялык жетишкендик эки өтүнмөнүн тең предмети болуп эсептелээрин далилдөөчү башка үлгүлөрдүн көчүрмөсүн тиркөөгө милдеттүү.

**Өзгөчөлүктөрү:**

- селекциялык жетишкендикке патент берүүгө өтүнмө (мындан ары – өтүнмө) берүүгө селекциячы, жумуш берүүчү же алардын укук мураскерлери укуктуу;
- эгерде селекциялык жетишкендикти бир нече жактар биргелешип жараткан (алып чыккан же тапкан) болсо, өтүнмөнү биргелешип берүүгө укук берилет;
- өтүнмө патент алууга байланышкан иштерди ишеним катка ылайык жүргүзө турган ишенимдүү жактын жеке өзү аркылуу берилиши мүмкүн;
- КРда туруктуу жашаган же жүргөн жери жок башка мамлекеттердин жеке же юридикалык жактары патент алуу жана аны күчүндө кармоо боюнча иштерин

эгерде башкасы Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде белгиленбеген болсо, Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлдөр аркылуу жүргүзүшөт;
- өтүнмө бир селекциялык жетишкендикке таандык болуусу керек;
- өтүнмөнүн документтери кыргыз же орус тилдеринде берилет; эгерде документтер башка тилде берилсе, өтүнмөгө алардын кыргыз же орус тилдерине котормосу тиркелет;
- өтүнмөнүн материалдарында көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгына өтүнүүчү жоопкер болот;
- өтүнүүчү патент берүү жөнүндө чечимди алган күнгө чейин кайсы учурда болсо да өтүнмөнү кайра чакыртып алууга укуктуу.

***Өтүнмөнү экспертизалоо***

**Алдын-ала экспертиза (эки ай).**

Иштин мазмуну:
- өтүнмөнү берген күндөн тартып бир айдын ичинде өтүнүүчү өз демилгеси боюнча өтүнмөнүн материалдарын толуктоого, оңдоого же тактоого акылуу;
- зарыл болгон документтердин курамы жана алардын туура тариздeлиши текшерилет;
- артыкчылык алган күнү белгиленет.

Селекциялык жетишкендиктин артыкчылык укугу төмөндөгүлөр боюнча пайда болот:
- патент берүүгө өтүнмөнүн Кыргызпатентке берилген күнү боюнча;
- эгерде өтүнмө Кыргызпатентке көрсөтүлгөн күндөн тартып он эки айдын ичинде берилген болсо, өсүмдүктөрдүн сорттору менен жаныбарлардын породаларын коргоо жөнүндө келишимдер боюнча Кыргыз Республикасы байланышта болгон чет мамлекетте биринчи өтүнмө берилген күн боюнча (конвенциялык артыкчылык).

**Экспертизанын чечими:**

- эгерде өтүнмө тариздөөгө жана түзүүгө белгиленген талаптарды бузуу менен берилсе, өтүнүүчүгө аны алган күндөн тартып эки айлык мөөнөт ичинде оңдолгон же жетишпеген материалдарды көрсөтүү сунушу менен сурам жиберилет; эгерде өтүнүүчү сурамды алган күндөн тартып эки айдын ичинде аларды көрсөтпөсө өтүнмө чакыртылып алынды деп эсептелет; өтүнүүчүнүн жолдомосу боюнча жүйөлүү себептер болгон жана ылайыктуу алым төлөнгөн шартта, Кыргызпатент сурамга жооп берүү мөөнөтүн алты айга чейин узартууга уруксат бере алат.

**Экспертизанын чечими:**

- коргоо документин берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим;
- чечимге макул болбогон учурда өтүнүүчү аны алган күндөн тартып үч айдын ичинде Апелляциялык кеңешке каршылык билдирүүгө укуктуу;
- патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимге каршылыкты Апелляциялык кеңешке берүү үчүн белгилүү алым төлөнөт;
- оң жооп алган учурда өтүнүүчү анын өтүнмөсү коргоо-го жарамдуулук шарттарынын ылайыктуулугун карап чыгууга кабыл алынгандыгы жөнүндө кабарландырыл-ат.

**Өтүнмөнү жарыялоо**

Кыргызпатент селекциялык жетишкендикке өтүнмөгө алдын-ала экспертиза жүргүзүүнүн бүткөн күнүнөн тартып төрт айдан кеч эмес убакыттын ичинде өтүнмө жөнүндө маалыматтарды расмий бюллетенде жарыялайт. Өтүнмө жөнүндө маалыматтар жарыялангандан кийин бардык жактар ылайыктуу алым төлөө аркылуу өтүнмөнүн материалдары менен таанышууга укуктуу. Эгерде жарыялоо мөөнөтү (төрт ай) өткөнгө чейин ушул өтүнмө боюнча патент берүү жөнүндө чечим кабыл алынса же ал чакыртылып алынса, же даттануу мүмкүнчүлүгү бүтүп ал боюнча патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим

кабыл алынса, мындай учурда өтүнмө жөнүндө маалыматтарды жарыялоо жүргүзүлбөйт.

***Убактылуу укуктук коргоо***

Өтүнмө жарыяланган күндөн тартып патент берген күнгө чейин өтүнүүчүгө селекциялык жетишкендикти **убактылуу укуктук коргоо** берилет. Селекциялык жетишкендикти убактылуу укуктук коргоо мезгилинде өтүнүүчүгө **үрөндү, асыл тукум материалын сатууга же башкача өткөрүп берүүгө уруксат берилет:**

- сыноо максаттары үчүн гана;
- селекциялык жетишкендикке укукту ыктыярдуу өткөрүп берүү менен;
- запас үчүн аларды өндүрүү максатында өтүнүүчүнүн заказы боюнча.

Коргоого жөндөмдүүлүк шарттарынын ылайыктуулугу билдирилген селекциялык жетишкендикти экспертизалоо (алты ай)

**Иштин мазмуну:**

1. Экспертиза жүргүзүү үчүн алым төлөнгөндөн кийин Мамлекеттик комиссиянын, инспекциясы тарабынан белгиленген ыкмага жана мөөнөткө ылайык билдирилген сорттун, породанын жаңылыгынын, айырмалуулугунун, бирдейлүүлүгүнүн жана туруктуулугунун шарттарына ылайыктуулугуна сыноо жүргүзүлөт. Баа берүүдө Мамлекеттик комиссия жана инспекциясы төмөндөгүлөргө негиздене алышат:

Кыргыз Республикасынын юридикалык же жеке жактары менен, же өсүмдүктөрдүн сортторун, жаныбарлардын породаларын коргоо жөнүндөгү эки тараптуу же көп тараптуу келишимдери боюнча Кыргыз Республикасы байланышта болгон селекциялык жетишкендиктерди сыноо боюнча чет өлкөлүк компетенттүү уюмдар менен келишим боюнча өткөрүлгөн сыноолордун натыйжаларына;

- өтүнүүчү өткөргөн же анын тапшырмасы боюнча Мамлекеттик комиссиянын жана инспекциясынын макул-

дугу менен Кыргыз Республикасында же анын аймагынан тышкары өткөрүлгөн сыноолорго; Мамлекеттик комиссия жана инспекциясы өтүнүүчүдөн бардык зарыл маалыматтарды, документтерди же отургуза турган асыл тукум материалын талап кыла алышат, ошондой эле сорттун же породанын белгилүү бир сыноосун өткөрүүнү сунуш кыла алышат.

2. Селекциялык жетишкендиктин жаңылыгына экспертиза жүргүзүүдө,маалыматтар жарыяланган күндөн тартып алты айдын ичинде Кыргызпатентке келип түшкөн бардык кызыкдар болгон жактардын талаптары эсепке алынат. Негиздүү талаптардын келип түшкөндүгү жөнүндө Кыргызпатент талаптын маңызын баяндоо менен өтүнүүчүгө кабарлайт. Талап менен макул болбогон учурда өтүнүүчү кабарлоону алган күндөн тартып үч айдын ичинде алым төлөнгөн шартта өзүнүн далилдүү каршылыгын Апелляциялык кеңешке жиберүүгө укуктуу.

Мамлекеттик комиссиянын жана инспекциясынын талаадагы лабораториялык сыноосунун негизинде акыркы болуп селекциялык жетишкендиктин коргоого жарамдуулук шарттарына ылайыктуулугу жөнүндө корутунду чыгарылып, анын расмий сыпаттамасы жазылат.

Мамлекеттик комиссиянын жана инспекциясынын селекциялык жетишкендиктин коргоого жарамдуулук шарттарына ылайыктуулугу жөнүндө корутундусунун негизинде Кыргызпатенттин төмөндөгүдөй чечими чыгарылат:

- Патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө: Экспертизанын чечими менен макул болбогон учурда өтүнүүчү үч айдын ичинде далилдүү арызын Апелляциялык кеңешке берүүгө укуктуу;
- Даттануу арызы алым төлөнгөн шартта аны алган күндөн тартып төрт айдын ичинде каралып чыгууга тийиш;
- Татаал өтүнмө боюнча көрсөтүлгөн мөөнөт өтүнүүчү менен макулдашуу боюнча узартылышы мүмкүн, каршылык аны алган күндөн тартып эки айдын ичинде

алым төлөнгөн шартта каралып чыгат. Апелляциялык кеңештин чечими өтүнүүчү тарабынан ал кабыл алынган күндөн тартып алты айдын ичинде сот тартибинде даттанылышы мүмкүн;

- Өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө жолдомо өткөн мөөнөт бүткөн күндөн тартып он эки айдан кем эмес мезгил ичинде өтүнүүчү тарабынан берилиши мүмкүн;
- Патент берүү жөнүндө.

### *Селекциялык жетишкендикти каттоо, жарыялоо жана патент берүү*

**Селекциялык жетишкендикти каттоо**

Патент берүү жөнүндө чечим чыгарылгандан жана ылайыктуу алым төлөнгөндөн кийин эки айдын ичинде селекциялык жетишкендик Кыргызпатент тарабынан корголуудагы селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестринде катталат.

Алым билдирүүчү тарабынан селекциялык жетишкендикти каттоо жөнүндө экспертизанын чечимин алган күндөн тартып эки айдын ичинде же көрсөтүлгөн эки айлык мезгил өткөн күндөн тартып кошумча алым төлөнгөн шартта үч айлык мөөнөт ичинде төлөнөт.

**Маалыматтарды жарыялоо**

Кыргызпатент корголуудагы селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестрине каттаган күндөн тартып алты айлык мөөнөт ичинде патент берүү жөнүндө маалыматтарды расмий бюллетенде жарыялайт.

Жарыялануучу маалыматтардын курамын Кыргызпатент аныктайт.

**Патент берүү**

Патент жөнүндө маалыматтар расмий бюллетенде жарыяланган күндөн тартып үч айдын ичинде патент берилет.

Селекциялык жетишкендик үчүн патент өтүнүүчүгө берилет. Эгерде патент берүүгө карата арызда бир нече өтүнүүчүлөр

керсөтүлсө, патент арызда биринчи көрсөтүлгөн өтүнүүчүгө берилет жана аны алардын ортосундагы макулдашуу боюнча өтүнүүчүлөр биргелешип пайдаланышат.

Селекциялык жетишкендикке патент Кыргыз Республикасынын атынан берилет жана Кыргызпатенттин жетекчисинин колу коюлат.

Патенттин формасы, анда көрсөтүлгөн маалыматтардын курамы Кыргызпатент тарабынан белгиленет.

Патент ээсинин талабы боюнча берилген патентке кадимки жана техникалык оңдоолор киргизилет.

Патент жоголгон же зыянга учураган учурда патент ээсине ылайыктуу алым төлөнгөн шартта патенттин экинчи нускасы (дубликат) берилет.

Патент ээси болуп эсептелбеген селекциялык жетишкендиктин авторуна, Кыргызпатент тарабынан мыйзамдын 21-беренесине ылайык автордук күбөлүк берилет.

### 8.4. Селекциялык жетишкендикке укуктун субъектилери

1. Автор – селекциялык жетишкендикти чыгармачыл эмгеги менен жараткан (алып чыккан же тапкан) жеке адам.

Чет өлкөлүк жарандар КРнын эл аралык келишимдерине байланыштуу же өз ара мамиленин принцибинин негизинде селекциялык жетишкендиктерди коргоо тармагындагы КРнын мыйзамдык актылары сунуштаган укуктардан КРнын жарандары менен бирдей пайдаланышат.

Селекциялык жетишкендикке теңавтордук (авторлоштук).

Эгерде селекциялык жетишкендикти жаратууга (алып чыгууга же табууга) бир нече адам катышса, алардын бардыгы теңавторлор болуп саналышат. Теңавторлорго таандык болгон укуктардан пайдалануу тартиби алардын ортосундагы макулдашуу менен аныкталат.

Сортту, породаны жаратууга (алып чыгууга же табууга) жеке салымын кошпогон, ал эми авторго (авторлорго) техникалык, же селекциялык жетишкендикке укукту тариздөөгө

өбөлгө түзүүчү уюштуруу же материалдык гана жардам берген адамдар теңавтор деп таанылбайт.

2. Автордун мураскерлери же укук мураскерлери

Селекциячы же патент ээси дүйнөдөн кайткан учурда алардын селекциялык жетишкендикке укуктары мураскерлерге өтөт. Мураскерлик боюнча укук мураскерлигинде мураскерлер ээси менен үзгүлтүксүз байланышта болбогон жана башка жактарга өтүп кетүүгө мүмкүн болгон субъективдик укуктардын гана ээси болуп калышат(КР ЖК).

3. Патент ээси

Эгерде, селекциялык жетишкендик жумуш берүүчүнүн тапшырмасы боюнча кызматтык милдетти аткаруу тартибинде жаратылган болсо, эгерде автор менен жумуш берүүчүнүн ортосундагы келишимде башкасы каралбаган болсо, селекциялык жетишкендикке укуктун субъектиси жумуш берүүчү болуп калат.

### ***Селекциялык жетишкендиктин авторунун жана патент ээсинин укуктары жана милдеттери***

**Селекциялык жетишкендиктин авторунун укуктары**
**Автордун жеке мүлктүк эмес укуктары**

*Автордук укук жана патент алууга укук*

Автордук укук селекциялык жетишкендик анын чыгармачылык эмгеги менен жаратылган (алып чыккан же тапкан) жана күбөлүк менен ырасталган жеке жак үчүн таанылат. Автордун күбөлүгү Кыргызпатент тарабынан ар бир авторго берилет. Автордун күбөлүгү авторлукту ырастайт. Автордун күбөлүгү жоголгон учурда же зыян тартканда ылайыктуу алым төлөнгөн шартта авторго күбөлүктүн экинчи нускасы (дубликат) берилет.Автордук күбөлүктүн формасы, анда көрсөтүлгөн маалыматтардын курамы Кыргызпатент тарабынан белгиленет.

Автордук укук ажыратылгыс жеке укук болуп эсептелет жана мөөнөтү чектелбестен (мөөнөтсүз) корголот.

Селекциячынын автордугунун берилиши, теңавторлукка аргасыз кылуу КРнын мыйзамдарына ылайык жоопко тартылат.

*Авторлордун мүлктүк укуктары*

Патент ээси болуп эсептелген селекциялык жетишкендиктин авторуна, патентти ыктыярдуу өткөрүп берүү үчүн жана лицензияларды сатуу үчүн сый акы алууга укук таандык.

*Патент ээси болуп эсептелбеген селекциялык жетишкендиктин авторуна, патент ээсинен ал жараткан (алып чыккан же тапкан) селекциялык жетишкендикти патенттин аракеттенүү мезгили ичинде пайдалануу үчүн сый акы алуу укугу таандык. Сый акыны төлөп берүү өлчөмү жана шарттары, патент ээси менен автордун ортосунда түзүлгөн келишим менен аныкталат.*

***Патент ээсинин укугу***

Селекциялык жетишкендикти пайдаланууга өзгөчө укук

Патент ээсинин өзгөчө укугу үрөн менен, асыл тукум материалы менен төмөндөгү иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу укугун билдирет:

- өндүрүү жана кайра өндүрүү;
- андан кийинки көбөйтүү үчүн себүү кондициясына чейин жеткирүү;
- сатууга сунуштоо;
- сатуу жана сатуунун башка түрлөрү;
- КРнын аймагынан алып чыгуу;
- КРнын аймагына алып кирүү;
- жогоруда аталган максаттарда сактоо.

Бул укук, ошондой эле мыйзамдын 25-беренесине ылайык мындай пайдалануу патент ээсинин укугун бузуу болуп эсептелбеген учурдан башкасында, селекциялык жетишкендикти пайдаланууга тыюу салуу укугун камтыйт.

**Патент менен тескөө боюнча укук**

Патенттик укуктарды өткөрүп берүү – патент ээсинин ага таандык болгон патентке карата укугун бардык жеке же башка юридикалык жакка (жактарга) өткөрүп берүүсү. Патент ээси алган коргоо документин бардык жеке жана юридикалык жакка өткөрүп бере алат. Патенттик укуктарды өткөрүп берүү, патентти алган адамга патент ээси ээ болгон бардык укуктар то-

лугу менен өтө тургандыгын билдирет. Коргоо документтерин өткөрүп берүү жөнүндө келишим Кыргызпатентте каттоого жатат жана расмий бюллетенде жарыяланат. Келишим көптөгөн граждандык-укуктук келишимдердин алкагында түзүлүшү мүмкүн. Каттоосуз келишим жараксыз деп эсептелет.

2. Селекциялык жетишкендикти пайдаланууга укукту өткөрүп берүүгө укук Лицензиялык келишим боюнча (өзгөчө же өзгөчө эмес лицензия) патент ээси (лицензиар) селекциялык жетишкендикти пайдаланууга укукту башка жакка (лицензиат) өткөрүлүп берүүчү укуктардын, мөөнөттөрдүн, аймактардын жана төлөмдөрдүн тартибинин келишимдик шартталган көлөмүндө өткөрүп берет.

Өзгөчө эмес лицензияны өткөрүп берүү учурунда лицензиатка селекциялык жетишкендикти бүтүндөй мөөнөт ичинде жана лицензиялык келишимде караштырылган өткөрүлүп берилүүчү укуктардын көлөмүндө пайдалануу укугу берилет. Өзгөчө эмес лицензияны берүү лицензиардын үчүнчү жакка лицензияны берүүсүнө же селекциялык жетишкендикти өзү пайдалануусуна тоскоол болбоосу керек. Лицензия лицензиат тарабынан үчүнчү жакка берилбеши керек. Лицензиат сублицензия берүүгө укугу жок.

Өзгөчө лицензияны өткөрүп берүү учурунда лицензиатка аймактык макулдашылган шарттарда жана сүйлөшүлгөн мөөнөт ичинде селекциялык жетишкендикти пайдаланууга өзгөчө укук берилет. Лицензиар селекциялык жетишкендикти пайдаланууга, ошондой эле ал аймакта үчүнчү жакка лицензия берүүгө укуксуз. Лицензиат лицензиар менен макулдашылган шартта үчүнчү жакка сублицензия берүүгө укуктуу.

Лицензиялык келишим ылайыктуу алым төлөнгөн шартта Кыргызпатентте каттоого алынат.

Патент ээси, бардык жактар арызда шартталган төлөмдөрдү төлөө менен анын селекциялык жетишкендигин пайдаланууга укуктуу экендиги жөнүндө билдирүүсүн Кыргызпатенттин расмий бюллетенинде жарыялай алат. Патентти күчүндө кармоо үчүн төлөнүүчү алымдын өлчөмү ачык лицензия бери-

лгендиги жөнүндө билдирүү жарыяланган жылдан кийинки жылдын 1-январынан 50%га төмөндөйт. Кыргызпатент корголуудагы селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестрине төлөмдөрдүн өлчөмүн көрсөтүү менен ачык лицензия берилгендиги жөнүндө жазууну киргизет.

Патент ээсинин укук бузуулары катары таанылбаган иш-аракеттер (мыйзамдын 25-беренесиз):

- *жеке же коммерциялык максаттарда жүзөгө ашырылуучу иш-аракеттер (андан кийин тамак-аш продуктусу катарында пайдалануу үчүн үйүнүн жанындагы өзүнүн жеринде көбөйтүү максатында өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун пайдалануу);*
- *эксперименталдык (сынак) максаттарда жүзөгө ашырылуучу иш-аракеттер; жаңы селекциялык жетишкендикти алып чыгуу үчүн баштапкы материал катарында корголуудагы сортту, породаны пайдалануу боюнча иш-аракеттер;*
- *ишканада 2 жылдын ичинде алынган өсүмдүк материалын* ушул ишкананын аймагында сортту өндүрүү үчүн *үрөн катарында пайдалануу;* Мындай өсүмдүктөрдүн тектеринин жана түрлөрүнүн тизмесин КРнын өкмөтү аныктайт;
- берилген ишканада аларды пайдалануу үчүн товардык жаныбарларды кайра жаратуу.

***Патент ээсинин милдеттери***

1. Патенттик алымдарды төлөө милдети

Селекциялык жетишкендикке өтүнмө бергендиги үчүн, селекциялык жетишкендикке экспертиза жүргүзүү жана патент берүү үчүн, аны күчүндө кармоо, ошондой эле юридикалык мааниси бар башка аракеттерди ишке ашыруу үчүн алымдар төлөнөт. Алымдар алынуучу иш-аракеттердин тизмеси, алардын өлчөмдөрү жана төлөө мөөнөттөрү, ошондой эле алым төлөөдөн бошотуунун, алардын өлчөмүн азайтуунун же алымдарды кайтарып берүү негиздери КРнын өкмөтү тарабынан белгиленет.

Алымдар Кыргызпатентке билдирүүчү, патент ээси же алар менен макулдашуу боюнча, бардык жеке же юридикалык жактар тарабынан төлөнөт. Патент ээси патентти күчүндө кармап туруу үчүн жыл сайынкы алымды төлөөгө милдеттүү.

Лицензияларды (өзгөчө эмес, өзгөчө, ачык, аргасыз) берүү жөнүндө маалыматтарды каттоо жана расмий бюллетенде жарыялоо үчүн ылайыктуу алым төлөнөт.

2. Селекциялык жетишкендикти кармоо милдети

Корголуучу селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестринде аларды каттоо күнүнө сорттун сыпаттамасында көрсөтүлгөн белгилери сакталып калгандай кылып патенттин аракеттенүү мөөнөтү ичинде сортту, породаны кармоо милдети.

Мамлекеттик комиссиянын сурамы боюнча үрөндү текшерүү сынагын өткөрүү үчүн, ал эми инспекциясынын талабы боюнча асыл тукум материалын тоскоолдуксуз жеринде текшерүү апробациясын өткөрүү үчүн жөнөтүү милдети.

3. Селекциялык жетишкендикти пайдалануу милдети

Эгерде патент берилген күндөн тартып 3 жылдын ичинде селекциялык жетишкендик патент ээси тарабынан жана укуктар өткөрүлүп берилген жактар тарабынан пайдаланыл-баса, селекциялык жетишкендикти пайдаланууну каалаган жана пайдаланууга даяр болгон бардык жак менен патент ээси практикада белгиленген ылайыктуу шарттарда лицензиялык келишим түзүүдөн баш тарткан учурда, ал көрсөтүлгөн селекциялык жетишкендикти пайдаланууга ага аргасыз лицензия берүү жөнүндө доо менен сотко кайрылууга укуктуу.

Эгерде патент ээси пайдаланылбаган селекциялык жетишкендик жүйөлүү себептер менен шартталгандыгын далилдей албаса, сот, пайдалануу чегин, төлөө өлчөмүн жана тартибин аныктоо менен көрсөтүлгөн лицензияны берет. Төлөмдөрдүн өлчөмү практикада белгиленгенге ылайык аныкталган лицензиянын баасынан төмөн эмес белгилениши керек.

### 8.5. Патенттин аракетин токтотуу

1. Патентти жараксыз деп таануу

Патент жөнүндө маалыматтар жарыяланган күндөн тартып үч айдын ичинде бардык жак патентти жараксыз деп таануу жөнүндө далилдүү арыз менен Апелляциялык кеңешке кайрыла алат. Кыргызпатент арыздын көчүрмөсүн патент ээсине жөнөтөт, ал көрсөтүлгөн көчүрмө жөнөтүлгөн күндөн тартып үч айдын ичинде далилдери менен жооп берүүгө тийиш. Патенттин жараксыздыгын таануу жөнүндө арызды бергендиги жана карап чыгуу үчүн алым төлөнөт.

Эгерде кошумча сынактарды жүргүзүү талап кылынбаса, Апелляциялык кеңеш бул маселе боюнча алты айдын ичинде чечим чыгарат.

Патент жараксыз деп таанылат:

- эгерде патент берилген күнгө селекциялык жетишкендик жаңылык, айырмалуулук, тектештик жана туруктуулук шарттарына ылайык келбеген болсо;
- эгерде патентте патент ээси катары көрсөтүлгөн жактын патент алуу үчүн мыйзамдык негиздери жок болсо;

2. Патентти жоюу:

- эгерде патент ээси Мамлекеттик комиссиянын, инспекциясынын сурамы боюнча, белгиленген мөөнөт ичинде үрөндү, асыл тукум материалын, документтерди жана селекциялык жетишкендиктин коргоого жарамдуулугун текшерүү үчүн башка маалыматты бербеген болсо, же селекциялык жетишкендиктин инспекциясын ордунда өткөрүү үчүн шарттарды камсыз кылбаган болсо;
- эгерде селекциялык жетишкендик тектештик жана туруктуулук шарттарына такыр ылайык келбеген болсо.

3. Апелляциялык кеңештин чечимдерине даттануу

Патент берүү жөнүндө же патент берүүдөн баш тартуу жөнүндө, патентти жараксыз деп таануу жөнүндө Апелляциялык кеңештин чечими жана патентти жоюу жөнүндө Кыргызпатенттин чечими сотко даттанылышы мүмкүн.

## 8.6. Селекциялык жетишкендикке патент ээсинин укуктарын коргоо

Өз укуктарын коргоо үчүн патент ээси сотко, ошондой эле алардын компетенциясына ылайык тергөө органдарына кайрылууга укуктуу. Контрафактылык үрөн, асыл тукум материалы сөзсүз түрдө конфискациялоого же анын өтүнүчү боюнча аларды патент ээсине өткөрүп берген учурдан башкасында соттун чечими боюнча жок кылынууга жатат.

Ушул мыйзамда караштырылган патент ээсинин укуктарын бузгандыгы үчүн, жарандык, административдик жана кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

***Патент ээсинин укуктарын коргоо ыкмалары***

*1. Жарандык-укуктук чаралар* (КРнын ЖК).

Патент ээси укук бузуучулардан төмөндөгүлөрдү талап кылууга укуктуу:

- патент ээсинин укуктарын таанууну;
- укук бузуучу же укук бузууга коркунуч келтирүүчү, укук бузууга же аракетин токтотууга чейинки болгон абалын калыбына келтирүүнү;
- колдон чыгарылган пайданы кошуу менен зыяндарды төлөп берүүнү;
- чыгымдарды калыбына келтирүүнүн ордуна патент ээсинин укуктарын бузуунун аркасында укук бузуучу тарабынан алынган кирешени төлөп берүүнү;
- алардын укуктарын коргоого байланышкан, ченемдик укуктук актыларда караштырылган башка чараларды кабыл алууну.

*2. Административдик чаралар* (Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс).Патент ээсинин өзгөчө укуктарын (339-б.).

*3. Кылмыш чаралары* (КР КК). Автордук жана чектеш укуктарды, патент ээлеринин укуктарын бузуу (150-б.).

*4. Бажы чаралары* (КР БК). Интеллектуалдык менчик объектерине карата Бажы режими (28-б.). Интеллектуалдык

менчик айрым объектерин Кыргыз Республикасына алып кирүүдө жана алып чыгуудагы тоскоолдук берүү (29-б.). Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо максатында товарларды өткөрүүнү токтотуу мөөнөттөрү (30-б.). Импорттоочуга жана укук ээсине зыяндын ордун толтуруу (31-б.).

### 8-баптын атайын адабияты


1. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

2. *Грингpac Б.* Введение в охрану сортов растений // В кн. Национальный семинар на тему «Характер и условия охраны сортов растений в соответствии с Конвенцией УПОВ». – Женева: УПОВ, 1997. – С. 11– 23.

3. *Левченко В.И.* Правовая охрана селекционных достижений.– М.: Наука,1983. – 263 с.

4. Национальный семинар на тему «Характер и условия охраны сортов растений в соответствии с Конвенцией УПОВ»/ Бишкек и Чолпон-Ата, 11-16 ноября 1996 г. – Женева: УПОВ, 1997. – 110 с.

5. *Оморов Р.О., Токоев А.Т., Азыков Т.Б.* Правовая охрана селекционных достижений: Учебное пособие. – Бишкек: Кыргызпатент, 2000. – 60 с.

6. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М., Саргалдакова Ж.З.* Право интеллектуальной собственности в схемах: Учебник/Под ред. д.т.н., проф., член-корр.НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2004. – 156 с.

7. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебникдля вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

8. *Оморов Р.О.* Система охраны сортов растений в Кыргызстане // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2006.– № 2. – С. 39 –48.

9. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации:Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

# 9-БАП. ИНТЕГРАЛДЫК МИКРОСХЕМАЛАРДЫН ТОПОЛОГИЯЛАРЫ

## 9.1. Жалпы жоболор

Азыркы учурда микроэлектрониканы азыркы маалыматтык техниканын техникалык базасын түзүүдөгү негизги технология деп негиздүү аташат.

Микроэлектрониканын башкы жана эң маанилүү объектилери болуп, азыркы эсептөөчү жана радиоэлектрондук техниканын элементтик базасынын негизин түзүүчү жана коомдун бардык чөйрөлөрүндө колдонулуп жаткан интегралдык микросхемалар (ИМС) эсептелинет.

ИМСны түзүү, ар бир стадиясы иштеп чыгуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн талап кылуучу татаал технологиялык процесс болуп эсептелет. Түзүү процессинде жана бул тармактагы чыгармачылык ишмердүүлүктөрдүн натыйжаларын андан кийинки колдонууда пайда болуучу мамилелерди жөнгө салууну камсыз кылуу үчүн, аларды укуктук коргоо талап кылынат.

Бул тармактагы чыгармачылык ишмердүүлүктүн көп түрлөрү патенттик мыйзамдардын аракеттеги ченемдеринин улуттук деңгээлдеги коргоосуна жатат. Бирок салттуу жол менен коргоого бул тармактын объектилеринин бардык түрлөрү эле кирбейт. Атап айтканда, бул өзүнүн спецификасына, ошондой эле аларды түзүү жана колдонуу процессинде пайда болуучу мамилелердин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу салттуу каражаттар аркылуу корголо албаган ИМСнын топологияларына таандык.

Ошондуктан көп өлкөлөр, анын ичинде Кыргызстан ИМСнын топологияларын түзүүдө жана колдонууда пайда болуучу мамилелерди жөнгө салуучу атайын мыйзамдарды иштеп чыгууга мажбур болушту.

1998-жылы мартта патенттик жана автордук-укуктук коргоодон айырмалануучу ИМСнын топологияларын атайын укуктук коргоону киргизген «Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы (мындан ары – мыйзам) кабыл алынган.

### 9.2. Интегралдык микросхемалардын (ИМС) топологиялары түшүнүгү

Мыйзам интегралдык микросхемаларга жана алардын топологияларына төмөндөгүдөй аныктамаларды берет:

Интегралдык микросхема (мындан ары – ИМС) – бул, анын негизинде буюм даярдалган көлөмдө жана (же) материалдын үстүңкү бетинде элементтери жана байланыштары ажыратылгыс калыптанган электрондук схеманын иш-милдеттерин аткаруу үчүн арналган бүткөрүлгөн же ортолук формасындагы микроэлектрондук буюм.

Бул аныктама ИМСнын ортолук формасы болуп саналган жана электрондук схеманын иш-милдеттерин аткаруу үчүн (аткаруучу эмес) арналган базалык матрицалык кристаллдын топологиясына карата ушул мыйзамды жайылтууга мүмкүндүк берет.

ИМСнын топологиясы – бул материалдык сактагычта чагылдырылган ИМСнын элементтеринин жана алардын ортосундагы байланыштардын жыйындысынын мейкиндиктик – геометриялык жайгашуусу.

Материалдык сактагычтардын түрлөрү өтө ар түрдүү болушу мүмкүн: кагаз (чиймелер үчүн), тунук полимер пленка (фотошаблондор үчүн), андагы топология жөнүндө маалыматы менен коддолгон магниттик же оптикалык диск, акырында андагы калыптанган топологиясы менен ИМСнын кристаллынын өзү (электр тогун начар өткөрүүчү же башка материалдан жасалган).

«Мейкиндиктик-геометриялык» деген термин катмарларды ырааттуулук менен түшүрүү жолу аркылуу кристаллда калыптануучу элементтердин жана өз ара байланыштардын үч ченемдик жайгашуусу жөнүндө айтат.

### 9.3. Интегралдык микросхемалардын топологияларынын (ИМСТ) авторлорунун жана башка укук ээлеринин укуктары

Укуктук коргоо оригиналдуу топологияга гана жайылтылат. Оригиналдуу болуп автордун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаратылган топология эсептелет. Тескери далилденгенге чейин топология оригиналдуу деп таанылат.

Анын түзүлгөн күнүнө чейин элементтердин жыйындысы ИМСнын иштеп чыгуучуларына жана даярдоочуларына жалпыга белгилүү болуп эсептелген топологияга бул мыйзам менен укуктук коргоо берилбейт.

Анын түзүлгөн күнүнө чейин ИМСнын иштеп чыгуучуларына жана даярдоочуларына жалпыга белгилүү болуп эсептелген элементтерден турган топологияга, эгерде мындай элементтердин бүтүндөй жыйындысы оригиналдуулук талаптарына жооп берсе, мындай учурда гана укуктук коргоо берилет.

Укуктук коргоо топологиянын өзүнө гана жайылтылат жана идеяларга, ыкмаларга, технологиянын системасына же кандайдыр бир топология катарында ишке ашырылууга мүмкүн болгон коддолгон маалыматка жайылтылбайт. ИМСны даярдоо технологиясынын башка элементтери укуктук коргоо менен башка жолдор аркылуу камсыз кылынуусу мүмкүн (патенттик укук, автордук укук, өнөр жай үлгүсүнө укук ж.б.).

ИМСТнын автору катары анын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында ушул топология түзүлгөн жеке адам таанылат. Бул объект эки же андан көп адамдардын биргелешкен чыгармачылык эмгеги менен түзүлгөн учурда, бул жактардын ар бири мындай топологиянын автору деп таанылат.

Өз укуктары жөнүндө билдирүү үчүн топологиянын автору же анын укук мураскери корголуудагы топологияга, ошондой эле ушундай топологияны ичине камтуучу буюмдарга, айлананын же квадраттын ичиндеги «Т» тамгасы жазылган түрүндөгү, укук ээсин бирдейлештирүүгө мүмкүндүк берүүчү топологияны же маалыматты пайдаланууга өзгөчө укугунун аракеттенүү мөөнөтүнүн башталган күнү жазылган кабарлоону көрсөтө алат.

Автордук укуктар жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктардын жыйындысы түрүндө ИМСТ жөнүндө мыйзам тарабынан аныкталат.

Топологияга автордук укук ажыратылгыс жеке мүлктүк эмес укук болуп эсептелет жана мыйзам тарабынан мөөнөтсүз корголот.

Мүлктүк укуктардын ичинен негизгиси болуп топологияны пайдаланууга өзгөчө укук эсептелет. Авторго же башка укук ээсине бул топологияны өзү каалагандай, атап айтканда ылайыктуу уруксаты жок башка жактарга бул топологияны пайдаланууга тыюу салуу укугун ичине камтыган ИМСны жасоо жана жайылтуу жолу менен пайдалана ала турган өзгөчө укук таандык.

Бир нече авторлорго же башка укук ээлерине таандык болгон топологияны пайдалануу укуктарынын тартиби алардын ортосундагы келишим менен аныкталат.

Мындай келишим жок болгон учурда алардын ар бири топологияны өзү каалагандай пайдалана алат, бирок башка укук ээлеринин макулдугусуз каттоодогу топологияга болгон бардык мүлктүк укуктарды толук өткөрүп берүү жөнүндө келишим түзүүгө укуксуз. Бардык мүлктүк укуктарды толук өткөрүп берүү жөнүндө келишим түзүү боюнча укук ээлеринин ортосунда макулдашууга жетишилбей калган учурда алардын ортосундагы талаш-тартыштар сот тартибинде чечилиши мүмкүн.

Кызматтык милдеттерди аткаруу тартибинде же жумуш берүүчүнүн тапшырмасы боюнча жаратылган топологияга

мүлктүк укук, эгерде алардын ортосундагы келишимде башкасы айтылбаган болсо, жумуш берүүчүгө таандык. Муну менен төлөп берүү тартиби жана сый акынын өлчөмү автор жана жумуш берүүчүнүн ортосундагы келишим аркылуу аныкталат.

Топологияны пайдаланууга өзгөчө укук 10 жыл ичинде аракеттенет.

Топологияны пайдаланууга өзгөчө укуктун аракеттенүү мөөнөтүнүн башталышы төмөндөгү даталардын кыйла мурункусу боюнча аныкталат:

- дүйнөнүн кайсы бир жеринде ушул топологияны же ушул топология менен ИМСны чарбалык жүгүртүүгө киргизген күн документалдуу чагылдырылгандыгын түшүндүрүүчү, топологиянын биринчи пайдаланылгандыгын көрсөткөн эң мурдагы дата боюнча;
- Кыргызпатентте топология катталган күн боюнча аныкталат.

### 9.4. ИМСТга укукту негиздөө

Топологиянын автору же башка укук ээси өз каалоосу боюнча түздөн-түз же өзүнүн өкүлү аркылуу ИМСнын топологиясын расмий каттоого өтүнмө (мындан ары – өтүнмө) берүү жолу менен топологияны Кыргызпатентте каттай алат.

#### *Өтүнмөнү берүү*

Каттоого өтүнмө берүү, эгерде анын орду болгон болсо, топологияны биринчи пайдаланган күндөн тартып эки жылдан ашпаган мөөнөт ичинде ишке ашырылышы мүмкүн.

Каттоого өтүнмө бир топологияга таандык болууга жана төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

- укук ээсин, ошондой эле эгерде ал аны ошондой деп көрсөтүүгө каршы болбосо авторду, алардын жүргөн жерин (жашаган жерин), эгерде анын орду болгон болсо, топологияны биринчи пайдаланган күнүн көрсөтүү менен ИМСнын топологиясын расмий каттоого арызды;

– топологиянын оригиналдуулугу көрсөтүлгөн рефератты камтуу менен топологияны бирдейлештирүүчү депонирленүүчү материалдарды;

ИМСнын топологиясынын элементтеринин мейкиндиктик-геометриялык жайгашуусунун схемасын;

– белгиленген өлчөмдөгү каттоо жыйымынын төлөнгөндүгүн же каттоо жыйымын төлөөдөн бошотуу үчүн, ошондой эле анын өлчөмүн азайтуу үчүн негиздерди ырастоочу документти.

***Өтүнмөнү карап чыгуу***

Каттоого өтүнмө Кыргызпатентке келип түшкөндөн кийин керектүү документтердин бар экендиги, алардын бул мыйзамдын статьясынын үчүнчү бөлүгүндө белгиленген талаптарга жооп бере тургандыгы текшерилет. Кыргызпатентке өтүнмө берилгенден кийин эки айдын ичинде өтүнүүчү өтүнмөнүн материалдарын толуктоого, тактоого жана оңдоого укуктуу.

***Корголуучу документти жана ИМСТны каттоо***

Текшерүүнүн оң натыйжасында Кыргызпатент топологияны КРнын интегралдык микросхемаларынын топологияларынын Мамлекеттик реестрине киргизет, катталган топология жөнүндөгү маалыматтарды Кыргызпатенттин расмий бюллетенинде жарыялайт жана өтүнүүчүгө интегралдык микросхеманын топологиясынын расмий катталгандыгы жөнүндө күбөлүк берет. КРнын интегралдык микросхемаларынын топологияларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген маалыматтар анын карама-каршысы далилденгенге чейин чыныгы деп эсептелет. Көрсөтүлгөн маалыматтардын чыныгылыгы үчүн өтүнүүчү жоопкерчиликте болот.

**9.5. ИМСТга укуктарды коргоо**

Топологиянын автору жана башка укук ээси төмөндөгүлөрдү талап кылууга укуктуу:

- укуктарды таануунy;
- укук бузулганга чейинки болгон абалды калыбына келтирүүнү жана укук бузуучу же аны бузууга коркунуч келтирүүчү аракеттерди токтотууну;
- укук бузуучу тарабынан мыйзамсыз табылган кирешенин суммасы кошо камтылуучу өлчөмдөгү келтирилген чыгымдардын ордун толтурууну;
- алардын укуктарын коргоого байланышкан ченемдик укуктук актылар тарабынан караштырылган башка чараларды кабыл алууну.

Өз укугун коргоо үчүн автор же башка укук ээси белгиленген тартипте сотко кайрылууга укуктуу.

Келтирилген чыгымдардын ордун толтуруудан тышкары соттун ыктыяры боюнча доочунун пайдасына чечилген суммадан он пайыз өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине жазапул (штраф) төлөтүлүшү мүмкүн.

Сот мыйзамсыз жасалган ИМСнын нускаларын жана мындай ИМСларды камтуучу товарларды, ошондой эле аларды даярдоо үчүн пайдаланылган материалдарды жана жабдууларды конфискациялоо жана аларды жок кылуу жөнүндө, же аларды Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине, же анын өтүнүчү боюнча доочуга чыгымдардын ордун толтуруу эсебине өткөрүп берүү жөнүндө чечим чыгарышы мүмкүн.

Чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар мыйзам тарабынан караштырылган укуктардан Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине байланыштуу же өз ара келишүүчүлүк принцибинин негизинде Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары менен бирдей пайдаланышат.

Эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде мыйзамдагыдан башка эрежелер белгиленген болсо, анда эл аралык келишимдердин эрежелери колдонулат.

## 9-баптын атайын адабияты

1. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

2. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

3. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации:Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

4. Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы. – Бишкек: 1998.

5. Интегралдык микросхемалардын топологияларын расмий каттоого өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелери. Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде расмий катталган, 09.04.1999, №27.

# 10-БАП. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК УКУКТАРЫН КОРГОО

## 10.1. Жалпы жоболор

Укук бузууларга бөгөт коюу жана бузулган укуктар менен кызыкчылыктарды калыбына келтирүү үчүн укук ээсине жетишээрлик каражаттар берилгенде гана бардык укуктарды чыныгы деп эсептөөгө болот. Эгерде интеллектуалдык менчикке болгон укуктар бузулганда же талаш болгондо укук ээлери коргоо чараларын көрө албаса, интеллектуалдык менчик укуктарын коргоонун жалпы укуктук режимин түзүү жетишсиз болот.

Укук ээлеринин укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо деп аларды таануу жана калыбына келтирүү, алардын бузулушуна бөгөт коюу, укук бузуучуларга жоопкерчилик чараларын колдонуу боюнча мыйзам тарабынан караштырылган чараларды, ошондой эле бул чараларды практика жүзүндө ишке ашыруу механизмин түшүнүү керек.

Укуктарды коргоо формасы субъективдүү укуктарды жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарды коргоо боюнча ич ара макулдашылган уюштуруу иш чараларынын комплекси болуп саналат. Укуктарды коргоонун эки формасы бар: юрисдикциялык эмес жана юрисдикциялык.

Коргоонун **юрисдикциялык эмес формасы** өз ичине укук ээлеринин өз укуктары жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктары боюнча мамлекеттик же башка компетенттүү органдарына кайрылбастан өзүлөрү бүтүрүүчү аракеттерди камтыйт.

**Юрисдикциялык форма** кыйла жайылтылган болуп эсептелет жана бузулган же талаш субъективдүү укуктарды

коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан интеллектуалдык менчик укуктарын коргоонун төмөндөгү ыкмалары караштырылат: граждандык укуктук, кылмыштык, административдик жана бажылык. Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо мыйзамдарга негизделген коргоонун бардык алгылыктуу ыкмаларынын ичинен укук ээсинин тандоосунун, жана анын ичинде ак ниет эмес атаандаштыкка каршы күрөшүү ыкмаларынын негизинде түзүлөт.

Ошондой эле укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдин алкагында сыяктуу эле, түзүлгөн келишимдердин алкагынан тышкары көрсөтүлгөн объектилерге укуктардын бузулушу мүмкүн болгондуктан, келишимдин талаптары бузулган учурда келишимде караштырылган санкциялар колдонулат, ал эми келишимден тышкары укук бузуулар учурунда жапа чеккен адам колдонуудагы мыйзамдар тарабынан белгиленген коргоонун чараларынан пайдалана алат. Акыркысы ошондой эле келишимде конкреттүү санкция жок болгон учурда колдонулат.

Интеллектуалдык менчик укугу жарандык укук болуп эсептеле тургандыгын өзгөчө белгилөө керек, б.а. бул укук ээсинин жеке укугу, жана укук бузулган учурда бузулган укукту коргоо боюнча аракеттерди эч кандай үчүнчү жак же мамлекеттик орган өз алдынча баштабайт.

### 10.2. Патенттик укуктарды коргоо

Патенттик укуктарды коргоо субъектилери катары иштеп чыгуулардын авторлору, патент ээлери, лицензия ээлери жана алардын укук мураскерлери чыгышат.

Бир нече жактарга (теңавторлорго, патенттин тең ээлерине, мураскерлерге) таандык болгон укуктарды коргоо же бири-бирине кабарлоосу менен алардын бардыгы тарабынан же алардын өзүнчө ар бири тарабынан жүзөгө ашырылат. Жапа чеккендер өз алдынча жана патенттин ишенимдүү

өкүлдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнө таянуу менен аракеттене алышат.

Патенттин бузуучусуна талаптар ошондой эле эгерде лицензиялык келишимде башкасы каралбаган болсо өзгөчө лицензиянын ээси тарабынан, же эгерде лицензиялык келишимде бул караштырылган болсо өзгөчө эмес лицензиянын ээси тарабынан билдирилиши мүмкүн.

Патенттик укукту бузгандыгы үчүн Патенттик мыйзам тарабынан караштырылган жарандык, кылмыштык жана административдик жоопкерчиликте болот.

### *Авторлордун жана патент ээлеринин укуктарын коргоонун жарандык-укуктук ыкмалары*

Автордук укуктун бузулушу башка бирөөнүн чыгармачыл эмгегинин натыйжаларын өзүнүкү кылып алуудан жана аларды өзүнүн иштелмеси катары көрсөтүү аракеттеринен билинет. Көпчүлүк учурларда мындай бузуулар башка укуктардын, атап айтканда, патент алууга укуктун, иштеп чыгууларды ж.б. пайдалангандыгы үчүн сый акыларга карата укуктардын бузулушу менен байланышта болот. Бирок кээде автордук укук таза түрүндө бузулат. Практикада бул көпчүлүгү ойлоп табуу, пайдалуу модель же өнөр жай үлгүсү теңавторлукта жаралган учурларда болот. Ылайыктуу объектинин үстүндө иштөөгө чыгармачылык менен катышкан адамды теңавторлуктан чыгаруу, теңавторлордун ичинен бирөөнүн өзүнүн гана атынан өтүнмө берүүсү, жумуш учурунда техникалык гана жардам көрсөткөн адамды теңавторлордун курамына киргизүүлөр автордук укуктарды бузуулардын типтүү түрлөрү болуп эсептелишет.

Каралып жаткан укукту жарандык-укуктук коргоо автордук укукту таануу жөнүндө доомат коюу, же тескерисинче теңавторлордун катарынан конкреттүү адамдарды алып салуу жөнүндө доомат коюу жолу менен ишке ашырылат.

КРнын Патент мыйзамы тарабынан патент ээсинин укугун бузуулардын конкреттүү түрлөрү көрсөтүлгөн – бул санкци-

яланбаган даярдоолор, колдонуулар, алып чыгуу, сатууга сунуштоо, сатуу жана чарба жүгүртүүгө башкача киргизүү же ушул максатта патенттелген ойлоп табууну, пайдалуу моделди, өнөр жай үлгүсүн камтуучу продуктуну сактоо, ошондой эле патент менен корголгон ойлоп табууга ыкманы колдонуу, же чарбалык жүгүртүүгө киргизүү, же патент менен корголгон ойлоп табууга түздөн-түз ыкма колдонуу менен даярдалган продуктуну ушул максатта сактоо.

КРнын Патент мыйзамы бузулган укуктарды калыбына келтирүүчү, укук бузууларга бөгөт коюучу, ошондой эле укук бузуучуларга мүлктүк таасир этүүчү чараларды караштырат. Ошентип патент ээси төмөндөгүлөрдү талап кылууга укуктуу:

- патентти бузууну токтотууну;
- патент бузуудагы күнөөлүү адамдардын колдоп чыгарылган пайданы кошуу менен келтирилген зыяндарды төлөөсүн жана моралдык зыяндын компенсацияланышын;
- келтирилген зыяндарды калыбына келтирүүнүн ордуна патент бузуучу тарабынан алынган кирешени төлөп берүүнү;
- келтирилген зыяндарды калыбына келтирүүнүн же кирешени төлөтүүнүн ордуна соттун ыктыяры боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген 10 дон 50 000 ге чейинки суммадагы кызмат акынын минималдык өлчөмүндө бузуучулар тарабынан компенсациянын төлөнүшүн;
- чарбалык жүгүртүүгө киргизилген же ушул максат менен сакталган жана патент бузуучу деп таанылган продуктуларды, ошондой эле патент бузууга атайын арналган каражаттарды өз пайдасына алууну;
- өз ишинин кадыр-баркын калыбына келтирүү максатында соттун чечимин жарыялоону.

Жарандык укуктук коргоонун мүмкүн болгон ыкмаларынын тизмеси КРнын ЖКнин 11-беренесинде келтирилген, ал жарандык укуктарды коргоо төмөндөгүдөй жолдор менен ишке ашырыла тургандыгын аныктайт:

- укукту таануу;
- укук бузулганга чейинки болгон абалды калыбына келтирүү;
- укук бузуучу же анын бузулушуна коркунуч келтирүүчү аракеттерге бөгөт коюу;
- бүтүмдүн (сделканын) жараксыздыгын таануу жана анын жарамсыздыгынын залалдарын колдонуу;
- мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органынын актысын жараксыз деп табуу;
- жарандык укуктардын өзүн-өзү коргоосу;
- чындыгында милдеттенмелерди аткарууга аргасыз кылуу;
- чыгымдарды калыбына келтирүү;
- келишимди аткарбагандыгы үчүн ушу келишимдегинин үстүнө кошуп төлөө;
- моралдык зыяндын компенсациясы;
- укук мамилелерин токтотуу же өзгөртүү;
- мамлекеттик же жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органынын мыйзамга ылайык келбеген актыларын соттун колдонбоосу
- мыйзамда караштырылган башка жолдор менен.

Жапа чеккен адамдын мүмкүн болгон коргоо ыкмаларынын ичинен конкреттүүсүн тандап алуусу бузулган укуктун мазмунуна жана мүнөзүнө жараша алдын ала аныкталат. Эгерде алар бири-бирин четтетпесе жана жапа чеккен адамдын өз ара кызыкчылыктарын коргосо, коргоонун бир нече ыкмалары бир эле мезгилде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Патент ээлеринин жана авторлордун укуктарын коргоого байланышкан талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте караштырылат.

Соттор алардын компетенцияларына ылайык төмөндөгү талаш-тартыштарды караштырышат:

- өнөр жай менчиги объектилерине автордук жөнүндө;
- патент берүү жөнүндө;
- патент ээсин аныктоо жөнүндө;
- аргасыз лицензия берүү жөнүндө;

- өнөр жай менчигинин корголуудагы объектилерин пайдаланууга өзгөчө укуктардын жана патент ээсинин башка мүлктүк укуктарынын бузулушу жөнүндө;
- өнөр жай менчигинин корголуудагы объектилерин пайдаланууга лицензиялык келишимдерди түзүү жана аткаруу жөнүндө;
- мурда пайдалануу укугу жөнүндө;
- жумуш берүүчүлөр тарабынан авторго сый акы төлөп берүү жөнүндө
- укук коргоого байланышкан башка талаш-тартыштар.

***Авторлордун жана патент ээлеринин укуктарын бузгандыгы үчүн кылмыштык жоопкерчилик***

Жарандык-укуктук санкциялар менен катар мыйзамдар ойлоп табуучулардын жана патент ээлеринин укуктарын бузгандыгы үчүн кылмыштык-укуктук жоопкерчиликти караштырат. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин 150-беренесине ылайык кылмыштык-укуктук бузууларга ойлоп табууну, пайдалуу моделди же өнөр жай үлгүсүн мыйзамсыз пайдалануу, алар жөнүндө маалыматтар расмий жарыяланганга чейин ойлоп табуунун, пайдалуу моделдин же өнөр жай үлгүсүнүн маңызын автордун же билдирүүчүнүн макулдугусуз элге жарыялоо, эгерде бул аракеттер чоң зыянга учураткан болсо, авторлукту өзүмдүк кылып алуу же теңавторлукка аргасыз кылуу киргизилди.

Адамдардын топторунун алдын ала сүйлөшүп алуусу боюнча же уюшулган топ тарабынан ушул беренеде караштырылган укуктар бир нече жолу бузулса, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө, же үч жылга чейин белгилүү бир ишмердүүлүк менен иш алып баруу укуктарынан ажыратуу менен же, үч жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу менен үч эсе айыпка тартылат.

Муну менен кылмыш жасалган учурга Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан караштырылган бир айлык минималдык эмгек акыдан беш жүз эсе ашкан зыян – эң чоң зыян катары таанылат.

Органдар тарабынан алдын ала изилдөөлөр жана соттор тарабынан көрсөтүлгөн иштерди карап чыгуулар жүргүзүлгөндө ошондой эле жарандык жана арбитраждык сот иштерин жүргүзүү тартибинде доону караштырууда, ылайыктуу учурларда төмөндөгүлөр колдонулат: камак салуу, контрафактылык товарларды, мындай товарларды даярдоого арналган материалдарды жана жабдууларды алып коюу жана жок кылуу.

### *Авторлордун жана патент ээлеринин укуктарын коргоонун административдик ыкмалары*

Жогоруда көрсөтүлгөндөй ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге, өнөр жай үлгүлөрүнө өзгөчө укуктарды алуу процесси патентке жарамдуулугун баалоо менен жана ылайыктуу Мамлекеттик реестрлерде бул объектилерди каттоо менен байланыштуу. Патенттелүүчү объектилерди экспертизалоону жана каттоону жүзөгө ашыруу зарылчылыгы бул процесстерди өткөрүүнүн мыйзамдуулугуна байланышкан патенттик талаш-тартыштардын пайда болуусун билдирет.

Кыргызпатенттин алкагында патенттик-укуктук талаш-тартыштарды карап чыгуу үчүн атайын административдик орган – Апелляциялык кеңеш иштейт. Апелляциялык кеңештин компетенциясына, атап айтканда коргоо документтерин берүүгө Кыргызпатенттин экспертизасынын корутундусуна жана чечимине каршылыктарды, ошондой эле аларды берүүнүн мыйзамдуулугу Патент мыйзамы тарабынан караштырылган учурларда берилген патенттердин чыныгылыгы жөнүндө каршылыктарды карап чыгуу кирет.

Укук коргоонун мындай административдик тутуму жетишээрлик натыйжалуу. Биринчиден, пайда болгон талаш-тартыштарды жогорку профессионалдык деңгээлде, кызыкдар болгон тараптардын катышуусунда ар тараптуу карап чыгуу төмөндөгүлөргө өбөлгө түзөт:

- патенттик ведомствого караштуу бөлүмдөрдөгү талаш-тартыштардын жана каршылашуулардын негизги массасын административдик тартипте жөнгө салууга;

- өтүнмөлөрдү карап чыгууда кетирүүгө мүмкүн болгон каталарды патенттик ведомствонун өзү тарабынан жетишээрлик тез оңдоого;
- жалпы усулдук ыкмаларды жана экспертизанын практикасын турукташтырууну иштеп чыгуу.

Экинчиден, соттук коргоого конституциялык укукка ылайык Патент мыйзамы тарабынан процесстин тараптарынын кимиси болсо да Апелляциялык кеңештин чечимине макул болбогон учурда анын сотто талашууга мүмкүндүгү бар экендиги белгиленген.

### 10.3. Индивидуалдаштыруу каражаттарынын ээлеринин укуктарын коргоо

Индивидуалдаштыруу каражаттарынын ээлеринин укуктарын, бузуу жана коргоо түшүнүктөрүнө товардык белгиге, товар чыгарылган жердин аталышына, фирмалык аталышка укуктарды коргоо киргизилген.

Товардык белгилерге укуктардын бузулушу катары санкцияланбаган даярдап чыгаруу, колдонуу, сатууга сунуштоо, сатуу, чарбалык жүгүртүүгө башка киргизүү, же товардык белгини же ушул белги менен белгиленген товарды, же бир тектүү товарларга карата аны менен аралашып кеткен деңгээлге чейин окшош белгилерди ушул максатта сактоо таанылат. Товар чыгарылган жердин аталышынын, фирмалык аталыштын ээсинин укугун бузуу болуп мыйзамдуу ээси тарабынан белгинин санкцияланбаган пайдаланылуусу эсептелет. Товардык белгиге, тейлөө белгисине, товар чыгарылган жердин аталышына жана фирмалык аталышка укуктарды коргоо негизинен юрисдикциялык формада граждандык, кылмыш жана административдик жол-жоболордун алкагында жүзөгө ашырылат.

#### *Коргоонун жарандык-укуктук чаралары*

КРнын ЖКсына ылайык интеллектуалдык менчик укуктарына жарандык жоопкерчиликтин жалпы чаралары колдо-

нулат: келтирилген зыяндарды калыбына келтирүү жөнүндө (993–1011-б.) жана жарандык укуктарды коргоо жөнүндө (КР ЖК 11-б.) ченемдер.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин 23-беренесине ылайык эгерде тараптардын жок дегенде бири жаран болуп эсептелсе, жарандык мамилелерден келип чыгуучу талаш-тартыштар боюнча иштер жана арыздар соттордун компетенциясына таандык, талаш-тартыштардан башка жарандар – ишкерчилик ишмердүүлүгүнүн ишкерлери тарабынан жүзөгө ашыруу менен байланыштуу келип чыгуучу иштер арбитраждык соттун компетенциясына киргизилген.

Доонун маанисине жараша укук ээси КРнын ЖКсынын 11-беренесинде караштырылган укук коргоонун ыкмаларын пайдаланат: укуктарды таануу; укук бузууга чейин болгон абалды калыбына келтирүү; укук бузуучу же анын бузулушуна коркунуч пайда кылуучу аракеттерге бөгөт коюу; келтирилген зыяндарды калыбына келтирүү ж.б.

Коргоонун бардык бул ыкмалары келишимсиз укук бузуу учурларын карап чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Процесстин кайсы беренесинде болсо дагы тараптардын арызы боюнча сот доону канааттандыруу боюнча Жарандык процессуалдык кодекстин 141-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Арбитраждык процессуалдык кодексинин 67-беренесинде көрсөтүлгөн (жоопкер адамга таандык болгон мүлккө жана акча каражаттарына арест салуу, белгилүү бир аракеттерди ишке ашырууга тыюу салуу) чараларды колдонууга укуктуу.

### *Коргоонун кылмыштык чаралары*

Товардык белгилерге, товар чыгарылган жерлердин аталыштарына, фирмалык аталыштарга укук бузуулар үчүн кылмыштык жоопкерчилик, эгерде бул кылмыш иштери бир нече жолу жасалган болсо же чоң зыян келтирилген болсо, бөтөн товардык белгини, тейлөө белгилерин, фирмалык аталыштарды, товар чыгарылган жерлердин аталыштарын мыйзамсыз

пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти караштыруучу Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин 191-беренесинде аныкталган.

Эки жүздөн төрт жүзгө чейинки минималдык айлык акы өлчөмдөгү жазапул (штраф) салуу, же жүз сексенден эки жүз кырк саатка чейинки мөөнөткө коомдук жумуштарга чегерүү, же алты айга чейинки мөөнөткө камак жазасы караштырылган.

Кыргыз Республикасында катталбаган товардык белгиге, тейлөө белгисине же товар чыгарылган жердин аталышына карата алдын ала эскертилген маркировканы мыйзамсыз пайдалануу, эгерде бул кылмыш иштери бир нече жолу жасалган болсо же чоң зыян келтирилген болсо, жүздөн эки жүзгө чейинки жергиликтүү минималдык айлык акы өлчөмүндөгү жазапул салуу, же жүз жыйырмадан жүз сексен саатка чейинки коомдук жумуштарга чегерүү, же төрт айга чейинки мөөнөткө камак салуу менен жазаланат.

Кылмыш ишинде жарандык доомат коюлушу мүмкүн. Кылмыштык процессуалдык кодекстин 134-141 беренелерине ылайык жарандык доону камсыз кылуу жана мыйзамда караштырылган мүлктү конфискациялоо милдети караштырылган.

Жарандык доону жана мүмкүн болгон мүлктү конфискациялоону камсыз кылуу күнөкөр адамдын мүлкүнө камак салуу, ошондой эле мүлкүн алып коюу жолу менен жүргүзүлөт.

Ошентип, жарандык доону кылмыш процессинин алкагында билдирүү укук ээси үчүн кыйла ыңгайлуу экендиги анык, далилдерди чогултуу оңой болгондуктан, доону камсыз кылуу ыкмалары колдонулат, өкүм чыгарганда бир эле мезгилде келтирилген зыяндын ордун толтуруу ж.б. жөнүндө маселелер чечилет.

Эгерде укук ээси кылмыш процессинде жарандык доомат коюу укугунан пайдаланбаган болсо, ал аны жарандык сот иштерин жүргүзүү тартибинде, күнөө коюлган өкүмгө негиздеп доомат коюу жолу менен ишке ашыра алат.

*Коргоонун административдик чаралары*

Каралып жаткан объектилерге укук бузуулар үчүн административдик жоопкерчилик чаралары Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин (КР АЖК) 341-беренесинде орун алган, анда бөтөн товардык белгини, тейлөө белгисин, товар чыгарылган жердин аталышын жана фирмалык аталышты мыйзамсыз пайдалануу – жасалма товардык белгиси, тейлөө белгиси же товар чыгарылган жердин аталышы бар товарларды конфискациялоо менен, жарандарга бештен жыйырмага чейинки, кызмат адамдарына – жыйырмадан жүзгө чейинки минималдык айлык акы түрүндө административдик айып (жазапул) салууга алып келээри айтылат.

КР АЖКнын 314-беренеси так эмес, калп, башка чарба жүргүзүүчү субъектинин кызматтык беделине зыян келтирүүгө жөндөмдүү маалыматтарды жайылтуу, товарлардын мүнөзүнө, даярдоо ыкмасына жана даярдалган жерине, колдонууга жарамдуулук касиетине же сапатына карата керектөөчүлөрдү адаштырууга алып келүү, товардык белгини же фирмалык аталышты өзү билемдик менен пайдалануу, же жашыруун маалыматтарды элге таратуу, демпингдик бааларды колдонуу (башкалардын товарларын рыноктон сүрүп чыгаруу үчүн өз товарларын арзан сатуу) – кызмат адамдарына жыйырмадан отузга чейинки өлчөмдөгү минималдык айлык акы түрүндө административдик айып салууга алып келээрин белгилейт.

Андан тышкары, КРнын «Монополиялык ишмердүүлүктү чектөө, атаандаштыкты өнүктүрүү жана коргоо жөнүндө» мыйзамынын 5-беренеси ак ниет эмес атаандаштыктын, анын ичинде объектинин мүнөзүнө, даярдоо ыкмасына жана даярдалган жерине карата керектөөчүлөрдү адаштырууга алып келүү, ошондой эле өзүм билемдик менен даярдоо жана пайдалануу актысын белгилейт. Ак ниет эмес атаандаштык тармагындагы административдик укук бузууларды карап чыгуучу орган болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу

монополияга каршы саясат боюнча Мамлекеттик комиссия эсептелет.

### *Коргоонун бажылык чаралары*

Эл аралык практика интеллектуалдык менчик укуктарын коргоодо окшоштуруп жасалган товарларды алып кирүү, алып чыгуу, же товарларды мыйзамсыз алып өтүү жолунда ишенимдүү тоскоолдукту камсыз кылуучу бажы органдары маанилүү роль ойной тургандыгын күбөлөндүрөт.

Толук кандуу экономикалык мамилелерди жүзөгө ашыруу үчүн интеллектуалдык менчикти коргоону камсыз кылуу боюнча милдеттердин маанилүүлүгү интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери жөнүндөгү Макулдашуудагы (ТРИПС) интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды коргоо жана жүзөгө ашыруу тармагында стандарттарды чыңдоо үчүн негиз болуп кызмат өтөдү.

Эл аралык стандарттарга интеллектуалдык менчикти укуктук коргоонун ылайык келүүсү Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (БСУ) Кыргыз Республикасынын киришине мүмкүндүк берди.

Бул Макулдашуунун негизги учурларынын бири болуп, катышуучу-өлкөлөрдүн товарларды бажы чектери аркылуу алып өтүүсүндө алардын интеллектуалдык менчик объектилерине өзгөчө укуктарын коргоо бажы органдары тарабынан камсыз болуусу эсептелет.

Кыргыз Республикасында бажы чаралары жалпысынан Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин 28-31-beренелеринде көрсөтүлгөн. Жогоруда көрсөтүлгөн чараларды Кыргыз Республикасында жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 27-ноябрындагы № 694-токтому менен бекитилген «Интеллектуалдык менчик объектилерин камтыган товарларга карата бажылык текшерүү тартиби жөнүндө Жобо» кызмат кылат. Бажылык текшерүү тартибинин болжолдуу схемасы төмөндөгүдөй көрүнөт:

1. Товардык белгиге күбөлүктүн, патенттин ээси, автордук же чектеш укуктардын ээси борбордук бажы органына коргоо жөнүндө арыз менен кайрылат.

2. Борбордук бажы органы арызды карап чыгат жана интеллектуалдык менчик объектисин коргоону камсыз кылуу жөнүндө чечим кабыл алат. Интеллектуалдык менчик объектисин бирдейлештирүү үчүн зарыл маалыматтарды камтыган маалыматтык баракча регионалдык бажы органдарына жана андан ары – бажыларга жөнөтүлөт.

3. Бажылар интеллектуалдык менчик объектилерин алып өтүүнү текшерет. Интеллектуалдык менчик жөнүндө мыйзамды бузуу менен алынып өтүп жаткандыгынан шек саналган товарларды тапкан учурда бажы аларды кармоо чараларын көрөт, укук ээлерине же ылайыктуу байланыштыруучу адамдарга кабарлайт.

4. Укук ээси тарабынан жасалмалуулук (контрафактылык) фактысы жана/же импорттоочуга карата соттук кылмыш иштери козголгондугунун далилдери көрсөтүлгөн учурда бажы бажылык тариздөөлөрдү токтотуу чараларын көрөт жана импорттоочу компетенттүү органдар тарабынан административдик жана/же кылмыш жоопторуна тартылат. Эгерде товарлар чыныгы болуп чыкса, мындай учурда укук ээси импорттоочуга ылайыктуу сумманы төлөп берет.

Жалган товардык белгилерди жана географиялык көрсөткүчтөрдү пайдалануунун алдын алуу жана бөгөт коюу, ошондой эле ак ниет эмес атаандаштык ыкмаларын колдонуу фактылары боюнча биргелешкен иш-аракеттерди координациялоо максатында 1999-жылдын июнунда КМШ өлкөлөрүнүн ортосунда интеллектуалдык менчик укугун бузуучу товарларды бажы чек аралары аркылуу алып өтүүнүн алдын алуу боюнча ТРИПС Макулдашуусу тарабынан караштырылган негизги жоболорду жүзөгө ашыруучу «Жалган товардык белгилерди жана географиялык көрсөткүчтөрдү пайдалануунун алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө» көп тараптуу макулдашуу түзүлгөн.

## 10.4. ЭЭМ үчүн программалардын жана маалымат базаларынын авторлорунун жана ээлеринин автордук укуктарын коргоо

ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укуктар бузулган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык, административдик, кылмыштык жоопкерчилик келет.

Кыргыз Республикасынын «Электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларды жана маалымат базаларын укуктук коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук укуктар бузулган учурда ЭЭМ үчүн программанын жана маалымат базасынын автору жана башка укук ээлери укук бузуучуга төмөндөгү жарандык-укуктук чараларды талап кылууга укуктуу:

- укуктарды таанууну;
- укук бузууга чейинки болгон абалды калыбына келтирүүнү;
- укук бузуучу же, анын бузулушуна коркунуч келтирүүчү аракеттерди болтурбоону;
- чыгымдарды төлөп берүүнү;
- чыгымдарды төлөп берүүнүн ордуна укук бузуунун аркасында алынган кирешени төлөп берүүнү;
- укук бузуучулардын чыгымдарды калыбына келтирүү же кирешени төлөп берүүнүн ордуна соттун ыктыяры боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталуучу, жыйырмадан элүү миңге чейинки суммадагы айлык акынын минималдык өлчөмүн төлөп берүүсүн;
- алардын укуктарын коргоого байланышкан, мыйзам актыларында караштырылган башка чараларды кабыл алууну.

Коргоонун көрсөтүлгөн чаралары ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына укук ээсинин тандоосу боюнча колдонулат.

Өз укугун коргоо үчүн укук ээлери белгиленген тартипте сотко, алгачкы тергөө органына, алардын компетенциясына ылайык алдын ала изилдөө жүргүзүү органдарына кайрылууга укуктуу.

ЭЭМ үчүн программалардын жана маалымат базасынын контрафактылык нускалары соттун же судьянын жеке өзүнүн чечими боюнча сөзсүз түрдөгү конфискациялоого алынат. Конфискацияланган контрафактылык нускалар (алардын ээсине өткөрүп берүүдөн башка учурларда) жок кылынууга тийиш, анын өтүнүчү боюнча.

Сот же судьянын жеке өзү контрафактылык нускаларды даярдоо жана кайра чыгаруу үчүн пайдаланылуучу материалдар менен жабдууларды конфискациялоо жөнүндө чечим чыгара алышат.

ЭЭМ үчүн программанын жана маалымат базасынын оригиналын атайылап же шалакылык боюнча жок кылууда күнөөлүү адам автордун талабы боюнча ага келтирилген материалдык жана моралдык зыяндарды калыбына келтирүүгө милдеттүү.

### *ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына укук бузуу жөнүндө иштер боюнча доону камсыз кылуу ыкмалары*

Сот же судьянын жеке өзү жоопкер адамга же укук бузуучу болуп эсептелет деген жетишээрлик негиздер бар адамга белгилүү бир иш-аракеттерди жасоого (даярдоо, кайра чыгаруу, сатуу, прокатка берүү, импорт же башка мыйзамда караштырылган пайдалануу, ошондой эле транспорттоо, контрафактылык экендигинен шек саналган ЭЭМ үчүн программаны же маалымат базасынын нускаларын жарандык алыш-беришке чыгаруу максатында сактоо же ээлик кылуу) тыюу салуу жөнүндө аныктама чыгара алышат.

Сот же судьянын жеке өзү алар контрафактылык болуп эсептелет деген шек саноого карата, ошондой эле аларды даярдоо жана кайра чыгаруу үчүн арналган материалдарга

жана жабдууларга карата ЭЭМ үчүн программанын же маалымат базасынын бардык нускаларына камак салуу жана алып коюу жөнүндө аныктама чыгара алышат.

ЭЭМ үчүн программаларды жана маалымат базаларын укуктук коргоону жөнгө салуучу мыйзамдардын бузулушу жөнүндө жетишээрлик маалыматтар болгон учурда тергөөчү, прокурор, сот же судьянын жеке өзү, көрсөтүлгөн нускалар, аларды даярдоо жана кайра чыгаруу үчүн арналган материалдар жана жабдуулар контрафактылык болуп эсептелет деген шек саноого карата, ошондой эле мыйзам бузуучу аракеттердин жүргүзүлүшүнүн далилдери болуп кызмат кыла ала турган документтерге карата, аларды алып коюу жана жоопкерчиликтүү сактоого өткөрүү боюнча зарыл чараларды камтуу менен, ЭЭМ үчүн программалардын же маалымат базаларынын нускаларын издөө жана арест салуу үчүн чараларды кабыл ала алышат.

### 10.5. Авторлордун жана салттуу эмес объектилердин укуктарын коргоо

Жогорудагы баптарда белгиленгендей, интеллектуалдык менчиктин салттуу эмес объектилеринин алкагы селекциялык жетишкендиктерди жана интегралдык микросхемалардын топологияларын камтыйт. Жалпысынан бул объектилерди коргоо чараларынын тутуму интеллектуалдык менчиктин мурда каралып чыккан объектилерине карата коргоонун мыйзамдар тарабынан белгиленген чаралары менен төп келет.

### 10.6. Селекциячылардын жана селекциялык жетишкендиктерге патент ээлеринин укуктарын коргоо

Селекциялык жетишкендикке патенттердин **ээлеринин укуктарын коргоо** «Селекциялык жетишкендиктер жөнүндө» КРнын мыйзамынын өзүндө жана КР ЖКнын 1-бөлүгүндө каралгандай жарандык, административдик жана кылмыш жоопкерчиликтерин колдонуу жолу менен жүргүзүлөт.

Патент ээсинин өзгөчө укугуна карата мыйзамдардын талаптарын аткарбаган, анын ичинде Кыргыз Республикасына асыл тукум материалын же башка селекциялык жетишкендикти патент ээсинин уруксатысыз алып кирген жеке же юридикалык жак патент бузуучу, ал эми селекциялык жетишкендик контрафактылык болуп эсептелет. Контрафактылык үрөн, асыл тукум материалы соттун чечими боюнча сөзсүз түрдөгү конфискацияга жатат. Конфискацияланган контрафактылык үрөн, асыл тукум материалы аларды анын өтүнүчү боюнча патент ээсине берүүдөн башка учурларда жок кылынат.

Контрафактылык деп ошондой эле эч качан мыйзам тарабынан корголбогон же корголуусун токтоткон, бирок, «Селекциялык жетишкендиктер жөнүндө» КРнын мыйзамы менен корголгон Кыргыз Республикасына башка мамлекеттерден алынып келинген селекциялык жетишкендиктер таанылат.

Патент ээси укук бузуучудан төмөнкүлөрдү талап кылууга укуктуу:

- патент ээсинин укуктарын таанууну;
- укук бузууга чейинки болгон абалды калыбына келтирүүнү жана укук бузуучу же анын бузулушуна коркунуч келтирүүчү аракеттерди токтотууну;
- колдон чыгарылган пайданы камтуу менен зыяндарды төлөп берүүнү;
- зыяндарды толтуруунун ордуна патент ээсинин укуктарын бузуунун аркасында укук бузуучу тапкан пайданы төлөп берүүсүн;
- алардын укуктарын коргоо менен байланышкан ченемдик укуктук актыларында караштырылган башка чараларды кабыл алууну.

Өз укугун коргоо үчүн патент ээси сотко, ошондой эле алардын компетенциясына жараша изилдөө органдарына кайрылууга укуктуу.

Патент ээсинин укугун бузуулар жөнүндө жетишээрлик маалыматтар болсо, изилдөө органы же сот ал контрафактылык экендигинен шек саналган селекциялык жетишкендикке издөө жана арест салуу үчүн чара кабыл алууга милдеттүү.

Селекциячынын укугунун типтүү бузулушу болуп, башка адам өзүмдүк кылып алуучу, же ошентиш үчүн анын автордукка болгон укугун тартып алуу аракети эсептелет. Аны коргоо ыкмасы катары селекциялык натыйжаны түзүүчүнүн чыныгы укугун ырастоо, же автордукка карата пайда болгон күмөн саноону четтетүү максаты бар авторлукка укукту таануу жөнүндө доомат чыгат. Мындай доонун бир түрү болуп селекциялык жетишкендикти жаратууга чыгармачылык менен катышкан адамды аны теңавторлорунун ичине киргизүү жөнүндө талап, же тескерисинче, буга мыйзамдык негиздери жок катарында теңавторлордун катарынан кайсы бир адамды чыгаруу жөнүндө доо эсептелет. Автордук ысымга селекциячынын укугу бузулган учурда коргоо ыкмалары болуп мурдагы абалын калыбына келтирүү же укук бузууларды токтотуу же анын залалдарын четтетүү жөнүндө талаптар эсептелет. Атап айтканда анын автордук ысымы көрсөтүлбөгөн, же бурмаланган селекциялык жетишкендик жөнүндө расмий жарыялоого өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кыла алат, оңдолгон маалыматты башка формада үчүнчү жактарга жеткирүүнү ж.б. талап кыла алат.

Селекциялык жетишкендикти пайдалангандыгы үчүн сый акы алууга патент ээси болуп эсептелбеген автордун укугу патент ээси тарабынан бузулган учурда аргасыз төлөп берүү жөнүндө доомattын жардамы менен корголот.

### 10.7. Авторлордун жана интегралдык микросхемалардын топологияларынын укук ээлеринин укуктарын коргоо

«Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы менен топологияларды пайдаланууга өзгөчө укукту бузуу катары автордун же башка укук ээсинин уруксатысыз төмөндөгү аракеттерди жасоо эсептелээри белгиленген:

- оригинал болуп эсептелбеген бөлүгүн гана көчүрмөлөөдөн башкасын, интегралдык микросхемага аны

киргизүү же башка жол менен бүтүндөй топологияны же анын бир бөлүгүн көчүрмөлөө;
- колдонуу, алып кирүү, сатууга сунуштоо, сатуу жана топологияны же ушул топологияны камтыган интегралдык микросхемаларды чарбалык жүгүртүүгө башка жол киргизүү.

Коргоо алардын укуктарын бузуучу же бузуу коркунучун келтирүүчү аракеттерге бөгөт коюу жолу менен, ошондой эле чыгымдарды калыбына келтирүү жолу менен жүзөгө ашырылат. Мисалы, топологиянын автору же башка укук ээси корголуудагы топологиясы бар интегралдык микросхемаларды санкциясыз колдонууга жана сатууга тыюу салууну талап кыла алат. Ал эми зыян тартууларга келсек, алар жапа чеккен адамга келтирилген чыгымды гана эмес, жана ал колдон чыгарып жиберген пайданы дагы кошуу менен толук көлөмдө төлөп берүүгө тийиш. Колдон чыгарылган пайданын өлчөмүн негиздөө зарылчылыгынан улам бул чараны практика жүзүндө ишке ашыруу олуттуу татаалдашып кеткендигине байланыштуу «Топологияларды укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы чыгымдардын өлчөмүнө укук бузуучу тарабынан укуксуз алынган пайданын суммасы кошула тургандыгын белгилейт.

Келтирилген чыгымдарды төлөөдөн тышкары соттун же арбитраждык соттун ыктыяры боюнча сот тарабынан доочунун пайдасына чегерилген сумманын 10% өлчөмүндө укук бузуучуга жазапул салынышы мүмкүн. Көрсөтүлгөн жазапул укук бузуучуга жапа чеккен адамдын укуктары бир нече жолу же одоно бузулган учурда салынат жана Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине төлөтүлүп алынат.

Жогоруда көрсөтүлгөн санкциялардын натыйжалуулугун жогорулатуу жана аларды иш жүзүндө жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында сот же арбитраждык сот мыйзамсыз даярдалган интегралдык микросхемалардын жана ушундай микросхемаларды камтуучу товарлардын нускаларын, ошондой эле аларды жасоо үчүн пайдаланылуучу материалдарды

жана жабдууларды конфискациялоо жөнүндө чечим чыгара алат. Конфискацияланган материалдардын объектилери соттун чечими боюнча же жок кылынат, же Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине өткөрүлөт, же чыгымдардын ордун толтуруу эсебине анын өтүнүчү боюнча доочуга берилет.

**Топологиянын авторунун** укугу бузулган учурда анын жумуш берүүчүсү же заказ берүүчүсү тарабынан алардын ортосунда түзүлгөн келишимде караштырылган санкциялар баарыдан мурда жүзөгө ашырылат. Эгерде келишимде атайын санкциялар белгиленбесе, топологиянын жаратуучусу «Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамында жана граждандык мыйзамдардын башка актыларында караштырылган коргоонун жалпы чараларынан пайдалана алат.

Авторлордун жеке мүлктүк эмес укуктарын бузуу көпчүлүк учурларда аларды тануу жеүчүнчү жактар тарабынан өзүмдүк кылып алуу жолу менен жүргүзүлөт. Ошентип, автордук укук топологияны түзүүгө чыгармачылык үлүш кошкон адамды теңавторлордун катарынан чыгарып салуу жолу менен, бөтөн топологияны өзүнүн иштелмеси катары көрсөтүү жолу менен ж.б. бузулушу мүмкүн. Каттоого өтүнмөдө же жарыяланган маалыматтарда, автордун аты бурмаланганда, ж.б. топологиянын чыныгы түзүүчүсүнүн аты көрсөтүлбөгөндө автордук ысымга укук бузуу болот. Жеке мүлктүк эмес укуктарды коргоонун негизги ыкмалары болуп бузулган же талаш болгон укукту таануу жөнүндө, укук бузулганга чейинки болгон абалды калыбына келтирүү жана укук бузуучу же укуктун бузулушуна коркунуч келтирүүчү аракеттерди токтотуу жөнүндө автордун талаптары эсептелет. Жарандык укуктун жалпы жоболорунун негизинде жапа чеккен адам ошондой эле ага келтирилген моралдык зыян үчүн акчалай компенсация жөнүндө маселе койгонго укуктуу. Бардык керсөтүлген талаптар сотко билдирилет жана жарандык сот иштеринин кадимки тартибинде каралат.

**10-баптын атайын адабияты**


1. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси. – ч. II, V бөлүм. – Бишкек: 1998.

2. Кыргыз Республикасынын Жаза кодекси. – Бишкек: 1994.

3. Кодекс Кыргызской Республики об административной ответственности. – Бишкек: Нормативные акты Кыргызской Республики, 1998. – 247 с.

4. Кыргыз Республикасынын Бажы кодекси. – Бишкек: 1997.

5. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

6. *Зотин С.В.* Соглашение ТРИПС: история и положения обобеспечении зашиты прав // Вестник Кыргызпатента: вопросы интеллектуальной собственности. – 2000. – № 1.– С. 32 – 36.

7. *Калятин В.О.* Интеллектуальная собственность (Исключительные права): Учебник для вузов. – М.:Норма, 2000. – 460 с.

8. *Карпухина С.И.* Зашита интеллектуальной собственности и патентоведение. – М.: Центр экономики и маркетинга, 2002. – 352 с.

9. *Корчагин А.Д., Талянский В.Б., Полишук Е.П. и др.* Как зашитить интеллектуальную собственность в России. Правовое и экономическое регулирование. Справочное пособие / Под ред. А.Д.Корчагина. – М.: ИНФРА, 1995. – 46 с.

10. Оморов Р.О., Токоев А.Т., Сопуева А.А., Балпанова О.С Зашита прав на товарные знаки: Уч.-практ. пособие. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 34 с.

11. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

12. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

13. *Шабанов Р.Б.* Российское законодательство: Способы борьбы с контрафактом // Патенты и лицензии. – 2005. – № 9. – С. 29 – 37.

14. *Шурыгин С.Н.* Борьба с интеллектуальной контрабандой: таможня дает добро // Патенты и лицензии. – 1997. – № 11. – С. 37 – 39.

# 11-БАП. ПАТЕНТТИК МААЛЫМАТ ЖАНА ДОКУМЕНТАЦИЯ

## 11.1. Патенттик маалыматтын негизги түшүнүктөрү жана артыкчылыктары

Патенттик маалымат тутуму илимий-техникалык маалыматтын жалпы мамлекеттик тутумунун негизги бөлүгү болуп калууга тийиш.

Патенттик маалымат төмөндөгүлөр анын жардамы менен ишке аша турган каражаттардын жыйындысы болуп саналат:

- ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдү мамлекеттик экспертизалоо;
- тармактарда техникалык саясатты жана изилдөө жана долбоордук-конструктордук иштердин илимий негизин калыптандыруу;
- жаңы атаандаштыкка жарамдуу технологияны түзүү максатында азыркы мезгилдин деңгээлинде жаңы техникалык чечимдерди иштеп чыгуу;
- аларды өздөштүрүү жана өлкөнүн чарбасында пайдалануу максатында ойлоп табуулардытабуу;
- дүйнөлүк техниканын өнүгүү деңгээлин жана чет өлкөлөрдүн экономикасын изилдөө;
- илимий-техникалык изилдөөлөрдү жүргүзүү.

Өнөр жай менчиги объектилери адамдын ар түрдүү чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат. Биринчи кезекте бул атаандаштыкка жарамдуу өнөр жай продукциясын жаратууга багытталган изилдөөлөргө жана иштелмелерге байланыштуу. Өндүрүштө атаандаштыкка жарамдуу продукцияны түзүүнү жана өздөштүрүүнү ойлоп табуулар, пайдалуу

моделдер, өнөр жай үлгүлөрү сыяктуу өнөр жай менчигинин ар түрдүү объектилерин жана укуктук жактан патенттик жана автордук укук ченемдери менен корголуучу интеллектуалдык менчиктин ар кандай объектилери жөнүндөгү башка маалыматтарды, патенттик, илимий-техникалык жана рекламалык-коммерциялык маалыматтардын чоң сандагы ар кандай булактарынын топтомдорун пайдалануусуз элестетүүгө болбойт.

Патенттик маалымат тутумунун негизги арналышы – техникалык, экономикалык жана укуктук маалыматтарды тез жана натыйжалуу издөөну жүзөгө ашыруу үчүн ишканаларды жана эл чарбачылыгынын бардык тармактарынын уюмдарын зарыл болгон маалыматтар жана документтер менен камсыз кылуу.

Интеллектуалдык менчикти маалыматтык камсыз кылуу деп укуктук коргоону түзүү жана интеллектуалдык менчикти коммерциялык жүзөгө ашыруу процесстерин маалыматтык камсыз кылууну түшүнүү керек. Андан тышкары ал интеллектуалдык менчикти пайдалануучу өнөр жай продуктуларын түзүү жана коммерциялык жүзөгө ашыруу процесстерин маалыматтык камсыз кылууну камтыйт.

Өнөр жай менчиги жөнүндө маалымат маалыматтын башка булактарына салыштырмалуу жеткиликтүүлүк жана тандоо планында өзүнүн артыкчылыктарына ээ, анткени ал тескери түрүндө технологиялардын азыркы өнүгүүсүн көрсөтөт.

Технологиялык маалымат алмашуу алдыңкы өлкөлөрдүн технологиясын жергиликтүү шарттарга ийгиликтүү жайылтуу жана менчик технологияны түзүү үчүн өбөлгө болуп саналган технологиялык үзгүлтүктүн ордун толтуруу жана өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү үчүн маанилүү болуп саналат.

Ойлоп табууларга жана пайдалуу моделдерге карата патенттик маалыматтын негизги артыкчылыктары болуп булар эсептелет:

– патенттик маалымат дүйнө өлкөлөрүнүн дээрлик жаңы илимий-техникалык жетишкендиктери жөнүндөгү маалыматтарды камтыйт;

- патенттик-маалыматтык булактардагы маалыматтар илимий-техникалык маалыматтын башка түрлөрүндө мурда чыгат;
- ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер жөнүндө маалыматтардын демейде биртехникалык чечимге таандык болуусу объектилер боюнча маалыматтарды тутумдаштырууга (системалаштырууга) мүмкүнчүлүк берет;
- ойлоп табуулардын жана пайдалуу моделдердин толук сыпаттамалары изилдөө жүргүзүүдө ойлоп табуулар жөнүндө маалыматтарга кирүү мүмкүндүгүн жеңилдетүүчү стандарттуу структурага ээ (сыпаттаманын эрежеси, техникалык жана юридикалык мүнөздөгү библиографиялык маалыматтардын стандарттары бар титулдук барак);
- кыйла маанилүү ойлоп табуулар бир эле мезгилде бир нече өлкөлөрдө патенттелип, ал жерде патент берилген өлкөнүн тилинде патент-аналогго сыпаттама жарыяланат;
- сыпаттамаларда камтылган автор, билдирүүчү жана патент ээлери жөнүндөгү маалыматтар кошумча маалыматтарды берет;
- патенттик маалымат жакшы тутумдаштырылган (башкы издөөчү элементтери документтин номери жана атайын патенттик классификациясы бар);
- алдыңкы маалыматтык борборлордун ойлоп табууларынын рефераттарын пайдалануу, тилдерине кирүү мүмкүнчүлүгү кыйын болгон өлкөлөрдүн маалыматтарына кирүүнү жеңилдетет;
- ойлоп табуунун сыпаттамасында ушул маселенин тарыхын өнүктүрүү катарында анын ичинде өлкөлөр боюнча дагы документ-прототиптердин (ушул техникалык чечимдин мурункуларынын) тизмеси келтирилет.

Патенттик маалымат зарыл болгон уюмдарды төрт категорияга бөлүүгө болот:

- инновациялык ишмердүүлүккө демилге берүү, өнүктүрүү жана өнөр жай артыкчылыктарын орнотуу

пландарын иштеп чыгуу, ошондой эле өлкөдө калкты иш менен камсыз кылууну өнүктүрүүгө жана товарлардын импортун кыскартууга багытталган технологияларды түзүү боюнча иш алып баруучу өкмөттүк уюмдар;

- патенттик маалымат изилдөө иштерин жүргүзүүдө тенденцияларды табууну жеңилдете турган жана изилдөөдөгү көйгөйлөр боюнча натыйжалуу техникалык чечимдерди издөөгө жардам бере турган илимий-изилдөө, долбоордук конструктордук уюмдар;
- изилдөөчүлөр менен инженерлердин жаңы кадрларын даярдай турган жогорку окуу жайлары;
- өндүрүштүн жаңы ыкмалары үчүн жана чыгарылган продукцияны жакшыртуу үчүн, ошондой эле алардын алдында турган технологиялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн технологиялык маалыматтарды эң маанилүү пайдалануучулар болуп саналган өнөр жай ишканалары.

## 11.2. Патенттик маалымат жана документация булактарынын түрлөрү

Илимий-техникалык маалымат тутумундагы патенттик маалыматтын жетектөөчү ролу патенттик документациянын маанилүү көлөмү менен гана эмес, бул документациянын төмөндөгүдөй спецификалык өзгөчөлүктөрү менен дагы аныкталат:

- оперативдүүлүк (көпчүлүк учурларда патенттик документация башкамаалыматтык материалдардын жарыяланышынан мурда пайда болот);
- ишенимдүүлүк (патенттик документацияда камтылган маалыматтар мамлекеттик экспертиза менен ырасталат);
- ойлоп табуунун маңызы жөнүндөгү негизги маалыматтардын толуктугу;

Патенттик маалымат – бул маалыматтардын жогорку даражадагы ишенимдүүлүгү бар оперативдүү, тутумдаштырылган жана толук жыйнагы, анткени ал такталбаган жана рекламалык маалыматтарды камтыбайт.

Патенттик документация баарыдан мурда патенттик ведомстволордун расмий жарыялоолорунда чагылдырылуучу жана төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнүүчү патенттик маалыматтын негизги булагы болуп эсептелет:

– расмий патенттик бюллетендер;
– ойлоп табуулардын сыпаттамалары;
– пайдалуу моделдердин сыпаттамалары;
– өнөр жай үлгүлөрүнүн сыпаттамалары;
– укуктук статустун өзгөрүүлөрү жөнүндө жарыялоолор;
– патенттик көрсөткүчтөр;
– рефеативдик басылмалар;
– маалымдама-издөө басылмалары.

Патенттик маалыматты натыйжалуу пайдалануу темасы жана өлкөсү боюнча изделүүчү мезгил үчүн тактыгы жана толуктугу менен, ошондой эле ага оперативдүү жана ыңгайлуу кирүү мүмкүндүгү менен аныкталат. Патенттик өндүрүштө ойлоп табууларды документтик тариздөө боюнча үч этап бөлүнүп көрсөтүлөт:

– өтүнмөлөрдү берүү жана патенттик ведомство тарабынан формалдык талаптардын аткарылышынын сакталышынын текшерилиши;
– ойлоп табуунун патентке жарамдуулугуна экспертиза жүргүзүү;
– коргоо документин берүү.

Ар бир этапта ылайыктуу маалымат жарыяланат, ал эми алардын ортосунда жол-жоболук мүнөздөгү жарыялоо болушу мүмкүн. Мындай жарыялоолордун пайда болуу мөөнөттөрү жана алардын мазмундары өлкөнүн патент мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүнө жараша болот, бирок негизинен принциптери жетишээрлик окшош. Патенттик документтер негизинен бирдейлештирилген структурага жана форматтын бир түрдүү көрсөтүлүшүнө ээ, эреже катары түшүндүрмө чиймелер менен жабдылган библиографиялык маалыматты жана техникалык маалыматты камтыйт.

Патенттик бюллетендер өнөр жай менчиги объектилери жөнүндө маалыматтардын эң оперативдүү булактары бо-

луп эсептелишет. Жарыяланган маалыматтардын мүнөзү боюнча расмий патенттик бюллетендер белгилүү бир мөөнөт үчүн патент өндүрүшү боюнча патенттик ведомствонун ишмердүүлүгү жөнүндөгү отчету сыяктуу болуп эсептелишет, себеби алар толук сыпаттамаларга караганда мурдараак чыгарылат, билдирилген же каттала турган өнөр жай менчиги объектилери жөнүндө сигналдык жарыяланышынын каражаты катары алардын ролу өсөт. Патенттик бюллетендердин бөлүмдөрүндө өтүнмөлөр жөнүндө төмөндөгү маалыматтар жарыяланышы мүмкүн:

- болжоштурулган ойлоп табуу;
- жалпы элдин кароосуна коюлган;
- акцептовкаланган өтүнмөлөр;
- патенттер берилген ойлоп табуулар;
- алардын укуктук статустарынын бардык өзгөртүүлөрү жөнүндө.

Ошондой эле патенттик бюллетендерде элементтердин ичинен бирөө боюнча тартипке келтирилген библиографиялык маалыматтардын чектелген тизмеги болуп саналуучу жана төмөндөгүлөргө бөлүнгөн ар кандай көрсөткүчтөр жайгаштырылат: номерленгендерге (өтүнмөлөрдүн же патенттердин номерлери боюнча), тутумдук (системалык) (ойлоп табуулардын классификациясынын индекси боюнча), ысымдык (авторлордун жана патент ээлеринин аталыштары боюнча). Ар кандай өлкөлөрдүн патенттик маалыматтарынын конкреттүү курамы жана көлөмү патенттик мыйзамдарга, патенттик өндүрүш чемдерине жана маалыматты жарыялоонун тартибине жараша айырмаланат.

Патенттик бюллетендерде жарыялануучу библиографиялык маалыматтар башка илимий-техникалык документтерде жарыялоолорго караганда өзүнүн маалыматтуулугу боюнча ашып түшөт.

Маалымат булагы катары сыпаттоо кыйла толук булак болуп эсептелет. Ал патент алууга талаптануу чектерин аныктоочу ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин формуласында келтирилген укуктук мүнөздөгү маалыматты камтыйт.

Сыпаттаманын экинчи (негизги) мүнөздөмөсү ойлоп табуунун маңызын ачып көрсөтүүчү жана аны жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн ырастоочу техникалык мүнөздөгү маалыматты камтыгандыгында жана бул суроолорго жооп бере ала тургандыгында: ойлоп табуудагы продукциянын кайсы түрү жакшыртуунун объектиси болуп эсептелет, ойлоп табууну пайдаланууда продукциянын кайсы техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү өркүндөтүлүшү мүмкүн. Жана акырында сыпаттамада патент ээлери жана авторлор жөнүндө маалыматтар келтирилет.

Жарыялоонун дагы бир түрү – бул маалымдагыч-издөө аппаратынын (МИА) басылмалары. Аларга бюллетендерде жана өнөр жай менчиги объектилерин коргоонун тигил же бул түрүн мүнөздөөчү өзүнчө бардык библиографиялык элемент боюнча жарыялануга мүмкүн болгон көрсөткүчтөрдүн ар кандай түрлөрү кирет. Маалыматтар оперативдүү – квартал сайын, жыл сайын же жыйынтыктоочу – бир нече жылда бир жарыяланып турат.

## 11.3.Эл аралык патенттик классификация

### *Түзүү принциптери*

Азыркы учурда ойлоп табууларга патенттик өтүнмөлөрдүн саны бир жылда миллионго жетет, ал эми патент берүү жарым миллион, жалпысынан жарыяланган патенттик документтердин саны жарым миллионго жакын. Патенттик документтердеги маалыматтын көлөмү кеңири. Ошондуктан чарбанын тигил же бул тармагына таандык болгон патенттик документтерди бирдейлештирүү тутумун түзүү зарылдыгы келип чыкты. Бул тармактагы эл аралык кызматташтыктын практикасы аны бүткүл дүйнөлүк таануу менен Эл аралык патенттик классификацияга (ЭПК) тиешелүү Страсбург макулдашуусун иштеп чыгууга жана кабыл алууга алып келди.

Ал эл аралык классификациялаштыруунун жалпы каражаты жана төмөндөгүлөр болуп эсептелет:

- аларда сакталуучу техникалык жана укук маалыматтарга кирүү мүмкүндүгүн жеңилдете турган патенттик документтерди тартипке келтирүү үчүн курал;
- – патенттик маалыматты керектөөчүлөрдүн арасында маалыматтарды тандап бөлүштүрүү үчүн негиз;
- кээ бир тармактарда техникалык деңгээлди аныктоо- үчүн негиз;
- өнөр жай менчиги тармагында статистикалык маалыматтарды алуу үчүн негиз.

ЭПК билимдин бардык тармактарын, ойлоп табууга жана пайдалуу моделге коргоо документи менен корголууга мүмкүн болгон объектилерди камтыйт, жана жаңы технологиялар менен керектөөлөрдүн өнүгүүсүн эсепке алуу менен тутумду өркүндөтүү максатында мезгил-мезгили менен кайра каралып турат.

Ал сегиз бөлүмгө бөлүнгөн, бөлүмдүн аталышы анын мазмунун чагылдырат. Алар латын ариптери менен белгиленген жана төмөндөгүдөй аталыштарга ээ:

- **A** – адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу;
- **B** – ар кандай технологиялык процесстер; трансторттоо;
- **C** – химия; металлургия;
- **D** – текстиль; кагаз;
- **E** – курулуш; тоо иштери;
- **F** – механика; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана сормо-кыскычтар (насостор); куралдар; аскер жабдыктары; жардыруу жумуштары;
- **G** – физика;
- **H** – электр кубаты.

Ар бир бөлүм-индекси, бөлүмдүн индекси жана эки орундуу сандан турган класстарга бөлүнөт, мисалы:

- **A 01** Айыл чарбасы; токой чарбасы; мал чарбачылыгы; мергенчилик жана жаныбарларды кармоо; балык кармоо жана балыкчылык.

Ар бир класс-индекси, класстын индексинен жана башкы тамгасы латын арибинен турган классчаларга бөлүнөт, мисалы:

– **A 01 B** Айыл чарба жана токой чарбачылыктарында жерди иштетүү; түйүндөр, деталдар жана айыл чарба машиналары менен куралдарынын жабдуулары.

Ар бир классча топторго (негизги) жана топчолорго бөлүнөт, мисалы:

**A 01 B 1/00** Кол шаймандары;

**1/16** отоо чөптөрдү отоо үчүн шаймандар;

**1/24** чөөттөрдү жана газондорду тазалоо үчүн, б.а. 1/16 топчосунун тексти«Отоо үчүн кол шаймандары», ал эми 1/24 – «Чөөттөрдү жана газондорду тазалоо үчүн кол шаймандары» катары түшүндүрүлүүсү керек.

Айрым учурларда класстын, классчанын аталышы, топтун (группанын), топчонун тексти кашаага алынган жана башка рубрикада жайгашкандыгын билдирген фразага ээ. Бул жиберүү тематика ЭПКнын башка рубрикасында камтылгандыгын көрсөтөт, мисалы:

A 01 B 1/00 Кол шаймандары (газондорду кыркуу үчүн түзүлүш A 01 Q3/06).

ЭПК 1968-жылдан тартып беш жылдык мөөнөттөр менен аракеттенет. Техниканын жана колдонмо илиминин тармактарынын өнүгүүсүн эсепке алуу менен жакшыртуу максатында мезгил-мезгили менен кайра каралып турат. Азыркы мезгилде (2000-жылдан) ЭПК 7–редакция менен аракеттенет. Классификацияланган индекстерди аныктоодо тигил же бул мезгил үчүн издөөдө маалыматтын орун алган жеринин тактыгы үчүн муну эсепке алуу зарыл.

Көп өлкөлөр үчүн ЭПК ойлоп табуулар менен пайдалуу моделдердин классификациясынын негизги тутуму болуп саналат, бирок ЭПК менен катар өзүнүн улуттук классификациясын пайдаланган өлкөлөр дагы бар. Ошентип, мисалы, АКШда улуттук классификация пайдаланылат. Анын негизине аткарылуучу иш-милдеттердин окшоштук принциби коюлган, б.а. бөлүштүрүү чыгарылуучу натыйжага же продуктуга карата техникалык чечимдин негизги функциясы боюнча жүргүзүлөт. Белгилүү бир классты табуу үчүн не-

гизги үч градация пайдаланылат: 1) химия жана техниканын чектеш тармактары; 2) байланыш техникасы, куралдануу, шоолаландыруу энергиясы, электр техникасы жана техниканын чектеш тармактары; 3) адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу предметтери, жылытуу жана муздатуу, материалды трансторттоо жана иштетүү, продукциянын ар кандай түрлөрүн даярдоо үчүн шаймандар жана машиналар, механикалык энергиянын булактары, ордунан козголбой турган (статикалык) конструкциялар жана техниканын чектеш тармактары. Алар ар бири классчалардан турууга мүмкүн болгон тектеш класстардын топторуна бөлүнгөн.

Ошондой эле Улуу Британияда жана Японияда улуттук классификациялар бар.

### 11.4. ИМДУнун стандарттары

ИМДУнун чоң салымы болуп өнөр жай менчиги тармагындагы маалыматка жана документацияга тиешелүү болгон стандарттарды иштеп чыгуусу эсептелди. Бул патенттик документтерди даярдоодо, сунуштоодо жана жарыялоодо колдонулуучу жана патенттик документтерде патенттик маалыматтарды сунуштоонун ыкмаларын бирдейлештирүү боюнча патенттик ведомстволор үчүн эрежелерди жана сунуштарды камтуучу эл аралык стандарттар. Стандарттардын арналышы – бул патенттик документтерди иштеп чыгууну жеңилдетүү, өлкөлөр ортосунда маалымат алмашууга жардам берүү. Алар сунуштоочу мүнөзгө ээ, бирок дээрлик бардык патенттик ведомстволор аларды карманышат. Ошентип, мисалы:

ИМДУ ST.2 стандарты патенттик документтерде Григориан календары боюнча календардык даталардын көрсөтүлүшүн сунуштайт.

ST.3 стандарты 1803166: 1993 эл аралык стандартка ылайык өлкөлөрдүн аталыштарын бирдейлештирүүнүн эки тамгадан турган коддорун караштырат.

Жарыяланган патенттик документтерди номурлоодо ST.6 стандартын, патенттик өтүнмөлөрдү номурлоо үчүн – ST.I3. стандартын пайдалануу сунушталат.

ИМДУнун стандарты тарабынан (ST.9) сыпаттаманын титулдук барагында жана расмий бюллетенде (маалыматтарды бирдейлештирүү үчүн эл аралык сан ариптик коддор (ИНИДдин коддору)) жайгаштырылуучу библиографиялык маалыматтарды бирдейлештирүү үчүн аларды колдонуу төмөндөгүлөрдү камсыз кыла турган атайын сандык коддор кабыл алынган:

- пайдаланылуучу библиографиялык элементтердин бирдейлиги;
- тилдик жана патенттик-укуктук тоскоолдуктарды жоюуну жөнөкөйлөштүрүү;
- жеңилдетилген автоматташтырылган иштетүү жана патенттик маалыматты издөө.

Бул стандарт менен ойлоп табуулардын сыпаттамаларында жана патенттик бюллетенде колдонулууга тийиш болгон библиографиялык элементтердин минималдык жыйындысы белгиленген жана бөлүнүп көрсөтүлгөн, мисалы:

(11) – документтин номуру;
(12) – табигый тилдеги документтин түрүнүн белгиси;
(21) – өтүнмөнүн катталган номуру;
(22) – өтүнмө берилген күн;
(31) – конвенциялык өтүнмөнүн номуру;
(32) – конвенциялык өтүнмө берилген күн;
(33) – конвенциялык артыкчылык берилген өлкө;
(51) – ЭПКнын индекси;
(54) – ойлоп табуунун аталышы;
(56) – маалымат булактарына шилтемелер;
(57) – реферат, ойлоп табуунун формуласы;
(71) – билдирүүчү;
(72) – ойлоп табуучу;
(73) – патент ээси.

Патенттик документтерди жарыялоодо ИНИДдин көрсөтүлгөн коддору ылайыктуу маалыматтардан мурун тегерек кашаанын ичинде жайгаштырылат.

## 11.5. Ар түрдүү өлкөлөрдүн патенттик документациясы

СССР кыйрагандан кийин мурдагы республикаларда өнөр жай менчигин коргоонун улуттук тутумун түзүү процесси башталды. Биринчи этапта өнөр жай менчигин коргоо боюнча мыйзамдык актылар кабыл алынды. Кийинчерээк өнөр жай менчик объектилерин берүү, карап чыгуу жана каттоо жол-жоболорун жөнгө салуучу ченемдик актылар кабыл алынды.

КМШ өлкөлөрүндө патенттик документациянын пайда болуусу алар тарабынан кабыл алынган жарыялоолордун тутумун, бул өлкөлөрдүн патенттик документацияларынын фонддорун издөөнү жана талдоону жеңилдете турган билимдерди изилдөө зарылчылыгын жаратат. Төмөндө мисалдар келтирилет.

## 11.6. Кыргыз Республикасынын патенттик документациясы

Кыргызстанда патенттик маалыматтын негизги булагы болуп 1995-жылдан бери чыгып келаткан Кыргыз Республикасынын «Интеллектуалдык менчик: расмий бюллетени» эсептелет. Ал төмөндөгү бөлүмдөрдү ичине камтыйт:

- расмий билдирүүлөр (расмий кабарлар);
- ойлоп табуулар;
- патенттер;
- пайдалуу моделдер;
- өнөр жай үлгүлөрү;
- товардык белгилер (орус тилинде гана);
- лицензиялык келишимдер;
- селекциялык жетишкендиктер;
- карап чыгууга кабыл алынган өтүнмөлөр;
- программалык продуктулар;
- көрсөткүчтөр;
- кабарлоолор.

2000-жылдан Кыргызпатент ойлоп табууларга, CD-ROM электрондук сактагычтарга патенттер жөнүндө, ошондой эле

мындан ары чыгарыла турган КРнын патенттерине сыпаттамалар жөнүндө маалыматтарды чыгара баштады.

### 11.7. Патенттик-маалыматтык изилдөөлөр

#### *Патенттик-маалыматтык изилдөөлөрдүн ыкмалары жана каражаттары*

Патенттик-маалыматтык изилдөөлөр – техникалык чечимдин деңгээлин, патент ээсинин укук чектерин жана бул укуктарды жүзөгө ашыруу шарттарын аныктоо үчүн өзгөчө патенттик маалымат фонддорунда жүзөгө ашырыла турган маалымат издөөнүн ар түрдүүлүгү.

Патенттик изилдөөлөр илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук жана долбоордук-конструктордук жумуштардын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Издөө объектисинин патенттик-маалыматтык изилдөө максатына жана мүнөзүнө жараша патенттик издөөнүн төмөндөгү түрлөрү айырмаланат.

1. *Предметтик же тематикалык издөө* техникалык чечимдин деңгээлин аныктоодо жүргүзүлөт. Мындай издөөнү натыйжалуу жүргүзүү төмөндөгү шарттарда гана мүмкүн:
- изделген тармакты мүнөздөөчү белгилердин жыйындысынын так формулировкасынын;
- издөө тармагын жана издөө массивинин мазмунун жакшы билүү.

Көп өлкөлөрдүн патенттик-укуктук практикасында ойлоп табуулардын түзүлүштөрү, ыкмалары сыяктуу категориялары, заттар же техника менен технологиянын бардык тармактарындагы бардык жетишкендиктер айырмаланышат.

Ойлоп табуунун тематикасына жана мүнөзүнө жараша ар түрдүү өлкөлөрдүн патенттик фонддорундагы тематикалык тармактардын жыйындысы болуп саналуучу издөө тармагы аныкталат.

*Тематикалык издөө* төмөндөгүлөрдүн фонддору боюнча жүргүзүлөт: ойлоп табуулардын сыпаттамаларынын; ойлоп

табууларга өтүнмөлөргө сыпаттамалардын; пайдалуу моделдерге сыпаттамалардын. Муну менен ЭПКнын же улуттук патенттик классификациянын индекстерине негизделген системалуу көрсөткүчтөр абдан жакшы жардам беришет. Издөө элементи катарында негизги сөздөр жана патенттик классификациянын индекстери пайдаланылышы мүмкүн.

*2. Ысымдык издөө* техникалык деңгээлин аныктоо, патент ээлеринин укук чектерин тактоо жана фирмалардын иштелмелеринин тематикасын аныктоо сыяктуу маселелерди чечүүдө жүзөгө ашырылат.

Мындай издөөнү жүргүзүүдө эреже катары авторлордун, билдирүүчүлөрдүн жана патент ээлеринин алфавиттик-ысымдык көрсөткүчтөрү жана көрсөткүчтөрдүн кээ бир башка түрлөрү пайдаланылат.

Патенттик документтерде ар түрдүү өлкөлөрдүн авторлорунун, билдирүүчүлөрүнүн, патент ээлеринин көрсөткүчтөрүнүн эрежелерин, өздөрүнүн аттарын жазуу эрежелерин билүү зарыл.

3. *Номердик издөө* – бул издөө биринчи кезекте номерленген көрсөткүчтөр боюнча ишке ашырылуучу патенттик документтин номери боюнча издөө. Муну менен ар түрдүү өлкөлөрдүн өтүнмөлөрүнүн жана коргоо документтеринин номерлөө тутумун билүү зарыл.

4. *Патенттик-укуктук издөө* – патент берүүнүн укуктуулугун белгилөө, патенттик укуктарды тактоо, патенттин коргоо аракетинин мөөнөтүн аныктоо. Муну менен берилген өлкөнүн патент мыйзамынын майда-чүйдөсүнө чейин таанышуу маанилүү.

5. *Патент-аналогдорду издөө* – ар түрдүү өлкөлөрдө бир эле ойлоп табууга берилген патенттерди издөө. Ал патент ээлеринин ишмердүүлүгүн пагенттик-лицензиялык талдоо үчүн, ошондой эле ар кандай патенттик изилдөөлөрдө патенттелүүчү ойлоп табуунун келечектүүлүгүн жана техникалык жүзөгө ашырымдуулугун белгилөө үчүн жүргүзүлөт жана буларды камсыз кылат: кыйла жеткиликтүү тилде аналогго жиберүү

жолу менен тил тоскоолдуктарын жоюу, которууга кетүүчү чыгымдарды кыскартуу, патент-аналогдорду четтетүү жолу менен рефераттоо жана басып чыгаруу.

### *Патенттик-маалыматтык изилдөөлөрдүн ыкмалык негиздери*

Патенттик изилдөөлөрдүн максаты болуп техника объектилеринин жогорку техникалык деңгээлин жана атаандаштыкка жарамдуулугун камсыз кылуу, азыркы илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдалануу жана изилдөөлөрдүн жана иштелмелердин өзүн-өзү актабаган кайталоолорун четтетүү үчүн баштапкы маалыматтарды алуу эсептелет.

Патенттик изилдөөлөр өзүнүн мүнөзү жана мазмуну боюнча колдонмо илимий изилдөө иштерине таандык жана чарба ишмердүүлүгүнүн объектилерин жаратуу, өндүрүү, сатуу, өркүндөтүү жана пайдалануу менен байланышкан чарба жүргүзүүчү субъектилер кабыл алуучу эл чарба маселелеринин чечимдеринин негиздеринин ажыратылгыс бир бөлүгү болуп эсептелет.

Практикалык суроо-талапка жараша патенттик изилдөөлөр төмөндөгүлөр тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн:

- алдын ала маалымдоодо, келечектик жана күнүмдүк пландарды түзүүдө, багыттарды, өсүү темптерин аныктоодо, изилдөө долбоорлоодо, продукцияны пайдаланууда аткаруучулар жана жабдып туруучулар тарабынан заказдарды калыптандырууда негизги керектөөчү болуп эсептелүүчү заказ берүүчүлөр тарабынан;
- мамлекеттик, регионалдык, тармактык жана жаратуунун башка программаларын, өндүрүштү өнүктүрүүнү жана техника объектилерин пайдаланууну иштеп чыгуучулар тарабынан;
- продукцияны иш жүзүндө чыгаруусу бар фундаменталдык изилдөөлөрдүн жана колдонмо мүнөзүндөгү изилдөөлөрдүн аткаруучулары тарабынан;
- алдын ала маалымдоодо, жаңыларын түзүү үчүн жана колдонуудагы техника объектилерин жана алардын

техникалык-экономикалык негиздерин түзүү үчүн илимий изилдөөлөрдү пландоодо, инжинирингдик кызмат көрсөтүүлөрдү, техника объектилерин жаңы арналыш боюнча колдонууларды изилдөөдө, илимий-техникалык кызматташтыкты жүзөгө ашырууда илимий-изилдөө иштерин аткаруучулар тарабынан;

- заказ берүүчүлөр – чарба ишмердүүлүгү объектилеринин негизги керектөөчүлөрү тарабынан;
- чарба ишмердүүлүгү объектилеринин даярдоочулары (жабдып туруучулары) тарабынан.

Патенттик изилдөөлөр патенттик маалымат булактарын жана илимий-техникалык продукцияны иштеп чыгуудагы акыркы жетишкендиктер жана ушул продукциянын рыногунун өсүү абалы жөнүндө маалыматтарды камтыган илимий-техникалык жана экономикалык маалыматтардын башка түрлөрүн талдоонун негизинде жүргүзүлөт.

### *Техника объектисинин турмуштук циклин ар кандай стадияларда патенттик изилдөөнүн негизги максаттары жана милдеттери*

Патенттик изилдөөлөрдүн мазмуну жалпысынан технологиянын турмуштук циклинин максаты менен стадиясына жараша төмөнкү түрлөрдөн турат:

- чарбалык ишмердүүлүктүн объектилеринин техникалык деңгээлин изилдөө, тенденцияларды табуу, алардын өнүгүүсүнүн алдын ала маалымдоосун негиздөө;
- берилген продукциянын рынокторунун абалын, пайда болгон патенттик абалды, изилдөө жүргүзүлгөн өлкөлөрдөгү улуттук өндүрүштүн мүнөзүн изилдөө;
- продукцияга жана кызмат көрсөтүүгө керектөөчүлөрдүн талаптарын изилдөө;
- рынокто аракеттенген же аракеттене ала турган изилденүүчү продукциянын илимий-изилдөөчүлүк жана уюмдар менен фирмалардын өндүрүштүк ишмердүүлүк багыттарын изилдөө;

- иштеп чыгуучулардын, продукция чыгаруучулардын жана кызмат көрсөтүүчү фирмалардын лицензиялык ишмердүүлүгүн, атаандаштарды, потенциалдык контрагенттерди, лицензиарларды жана лицензиаттарды, кызматташуу боюнча өнөктөрдү табуу үчүн алардын патенттик саясатын камтуу менен коммерциялык ишмердүүлүктү талдоо;
- чарба жүргүзүүчү субъекттин ишмердүүлүгүн, анын илимий-техникалык, өндүрүштүк жана коммерциялык саясатын өнүктүрүүнүн оптималдык багыттарын тандоо жана аларды сатуу боюнча иш-чаралардын негизин талдоо.

***Патенттик изилдөөлөр боюнча иштердин негизги түрлөрү***

Патенттик изилдөөлөрдү жүргүзүү процесси төмөнкү этаптардан турат:

- патенттик изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тапшырмаларды иштеп чыгуулар;
- маалымат издөө регламентин иштеп чыгуулар;
- патенттик жана башка илимий-техникалык жана коммерциялык маалыматтарды издөөлөр жана тандоолор;
- тандалып алынган маалыматтарды тутумдаштыруунун жана талдоонун иштелип чыгышы;
- патенттик изилдөөлөр жөнүндө жыйынтыктарды жалпылоо жана отчет түзүү.

### 11.8. Техника объектилеринин патенттик тазалыгы түшүнүгү

***Патенттик тазалык*** – бул объектинин берилген өлкөдө анын аймагында аракеттенүүчү коргоо документтеринин бузулуш коркунучу жок эркин пайдаланууга мүмкүн болгон юридикалык мүнөздүү өзгөчөлүгү, б.а. бул кайсы бир өлкөгө карата берилген өлкөнүн аймагында күчкө ээ болгон ойлоп табууга, пайдалуу моделге же өнөр жай үлгүсүнө патенттердин

аракети астына кирбеген объектилер – патенттик тазалыкка ээ болгон объектилер деп аталышат. Андан тышкары объектилер катталган товардык белгилерге, ошондой эле фирмалык аталыштарга жана товар чыгарылган жердин аталыштарына укуктарды бузбоосу керек.

Патенттик-укуктук чет өлкөлүк адабиятта «патенттик тазалык» деген термин жок. Мында патенттик тазалык түшүнүгүн аныктоо үчүн мисалы, «патенттик негиздүүлүк», «корголуудагы патенттик укуктардан эркиндик» ж.б. сыяктуу терминдер жолугат. Бирок үчүнчү жактардын патенттик жана башка өнөр жай укуктарын бузбаган продукцияны түзүү боюнча иштерге чет өлкөдө маанилүү көңүл бурулат. Батыш өлкөлөрүндө бул иш абдан маанилүү, анткени өлкөнүн ичинде жана анын чегинен тышкары башка фирмалар менен атаандаштык күрөштө фирманын ийгилиги белгилүү бир деңгээлде ага көз каранды. Фирмалардын патенттик бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүндө атаандаш фирмалардын жаңы иштелмелерин, алынган коргоо документ түрүндөгү, ошондой эле билдирилүүчү сыпаттамалар, илимий макалалар, проспектилер – рекламалык кулактандыруулар ж.б. түрүндөгү бул фирмалардын бардык жарыялоолорун үзгүлтүксүз жана дыкаттык менен текшерип туруу чоң роль ойнойт. Атаандаш фирмалардын ишмердүүлүгү алар тарабынан алынган өнөр жай укуктарын талашуу мүмкүндүгүнүн көз карашынан бааланат. Мисалы, «АКБайер» фирмасынын патенттик бөлүмү бир жылда орто эсеп менен 100-190 каршылык билдирет, анын ичинен 60-70и патент берүүнү бир аз токтотуп турууга же патенттерди (өтүнмөлөрдү) жоюуга алып келет.

Эгерде техника объектисинин патенттик тазалыгын мүнөздөөчү белгилерди кыскача баяндасак, анда алар төмөндөгүдөй болот:

***Биринчиден,*** патенттик тазалык түшүнүгү жалпы товарларга таандык. Анткени товарларда анын түйүндөрүнө, схемаларына, деталдарына, компоновкасына, технологиялык процесстерине, материалдарына ж.б. тиешелүү көптөгөн тех-

никалык чечимдер пайдаланылышы мүмкүн. Алардын ар бири ойлоп табуу, пайдалуу модель, өнөр жай үлгүсү деп таанылышы жана коргоо документи менен корголушу мүмкүн. Товар эгерде анда патенттик тазалыгына экспертиза жүргүзүлүп жаткан өлкөгө тиешелүү техникалык чечимдер пайдаланылбаган болсо, жалпысынан патенттик тазалыкка ээ деп эсептелет.

***Экинчиден**,* техника объектисинин патенттик тазалыгы *локалдуу (жергиликтүү) мүнөзгө* ээ, б.а. патенттик фонд боюнча экспертиза жүргүзүлгөн ошол өлкөгө гана тиешелүү аныкталышы мүмкүн. Эч кандай чыныгы патенттик тазалык жок, патенттик тазалык дайыма салыштырмалуу. Бул коргоо документинин аракетинин аймактык мүнөзү менен, б.а. ар бир коргоо документи ал кайсы жерден берилсе, ошол өлкөнүн аймагына аракеттене тургандыгы жана ошондой эле текшерүү өлкөсүнүн патенттик мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт.

***Үчүнчүдөн**,* техника объектисинин патенттик тазалыгы убактылуу мүнөзгө, б.а. патенттик тазалыгын аныктоо үчүн мөөнөттөрдү билүү менен байланышкан белгиге ээ. Бул мөөнөт өлкөнүн мыйзамында кабыл алынган патенттин аракетинин мөөнөтү менен шартталат.

Сатуу, көргөзмөгө коюу же конкреттүү гана материалдык объектини – түзүлүштү, ыкманы, заттарды өлкөнүн аймагында сатууга сунуштоо коргоо документин бузууга алып келиши мүмкүн. Ошого карабастан берилген объект, мисалы өндүрүш долбоорлору, стандарттар, технологиялык документация ж.б. чыгарылган же чыгарыла турган техникалык документацияга дагы «патенттик тазалык» түшүнүгүн жайылтуу жалпы кабыл алынган катары эсептелээрин белгилөө керек.

Ошентип, техника объектисинин патенттик тазалыгы – бул кайсы бир өлкөнүн аймагында өнөр жай менчигинин ээлеринин өзгөчө укуктарын бузбастан, аны эркин пайдалануу мүмкүндүгү. Ойлоп табуу же пайдалуу модель, же өнөр жай үлгүсү, же товардык белги менен укуксуз иш аракеттерди жасаган бардык жак бөтөн укуктардын бузуучулары болуп эсеп-

телишет. Өнөр жай менчигинин ээлеринин укуктарын бузуу олуттуу зыяндарга алып келиши мүмкүн, мисалы:

- буюмдарга (камак салуу), б.а. сатуудан алып салуу, муну менен – ылайыктуу келишимдердин аткарылбай калышына, контрагентке чыгымдарды төлөөгө, туруксуздукка ж.б.у.с.;
- жазапул түрүндө патент ээсине чоң сумма төлөөгө;
- түрмөгө камалууга ж.б.у.с.

Жазалоо чарасынын кыйла көп кездеше тургансы – бул, өлчөмү сот тарабынан аныкталуучу жазапул түрүндө өнөр жай менчигинин ээсине ылайыктуу акчалай сумманы төлөө.

Продукциянын жана технологиянын патенттик тазалыгын камсыз кылуу түшүнүгү өз ичине эмнени камтыйт? Объектинин патенттик тазалыгын экспертизалоо деп эмнени түшүнүү керек?

## 11.9.Техника объектисинин патенттик тазалыгы менен ойлоп табуунун патентке жарамдуулугунун айырмасы

Ойлоп табууга карата техника объектисинин патенттик тазалыгын аныктоо ыкмасы менен таанышуудан мурда ***ойлоп табуунун патентке жарамдуулугуна жана техника объектисинин патенттик тазалыгына*** экспертиза жүргүзүү ыкмасындагы негизги принципиалдуу айырмачылыкты так түшүнүү керек.

Экспертизалардын белгиленген эки түрүнүн ортосундагы маанилүү айырмачылыгы, бул ишти жүргүзүүчү эксперттердин изилдөөнүн предметине болгон көзкарашы – ойлоп табуу же патенттик тазалыгына текшерилүүчү объект жана ага салыштырууга табылган патент карама-каршы тараптарга багытталгандыгында турат. Эгерде патентке жарамдуулугуна экспертиза жүргүзүүдө эксперт ойлоп табууда анын бардык белгилерин бөлүп жана андан кийин табылган патенттен ошондой эле белгилерди тапса, анда объектинин патенттик тазалыгына экспертиза жүргүзүүдө эксперт тескерисинче иш кылат. Ал текшерүүдөгү

объектидеги ушундай эле белгилерди тапкандан кийин гана бул патентте баяндалган белгилерди бөлүп көрсөтөт жана ушундай салыштыруунун негизинде текшерилүүчү объектинин патенттик тазалыгы жөнүндө ойлонуштурат.

***Ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө ж.б. өтүнмөнүн экспертизасынын оң жыйынтыгы бүтүндөй бардык товарга ишенимдүү укуктук коргоону бере тургандыгы жөнүндөгү пикирди таратуу туура эмес болуп эсептелет.***

***Берилген объектинин патентке жарамдуулугунун бар экендиги патенттик тазалыгын күбөлөндүрбөйт, анын бир нече себептери бар.***


*Биринчиден,* техниканын бул объектисинде патентке жарамдуулукка *кээ бир* гана техникалык элементтер ээ болушу мүмкүн экендигин эсепке алуу керек – аларга керек болсо патенттер берилиши дагы мүмкүн, ошондой болсо да, объектини түзүүчү башка бардык элементтер муну менен патенттик тазалыкка ээ болбоосу мүмкүн.

*Экинчиден,* өз алдынча патентке жарамдуу элементтер үчүнчү жактын али күчүн жогото элек патенти аркылуу корголуудагы мурдагы техникалык чечимди өркүндөтүү болуп эсептелген жөнөкөй себеп боюнча патенттик тазалыкка ээ болбоосу мүмкүн.

Бул төмөндөгү баяндалган ичине сыз же көмүр жиби орнотулган кадимки электр лампочкасынын конструкциясынын өнүгүшүнүн жетишээрлик жөнөкөй мисалында сүрөт аркылуу иллюстрацияланылышы мүмкүн.

Сүрөттөрдө электр лампочкасынын үч түрү чагылдырылган.

Ичине зым же көмүр жиби орнотулган кадимки электр лампочкасынын эң алгачкы варианттарынын бирине патент берилди дейли (1-ф.). Лампочканын мындай конструкциясы аны азыктануу булагына туташтыруу үчүн кандайдыр бир атайын жабдык керек болгондуктан ал ыңгайсыз. Бирок, техника ордунда турбай, анын өнүгүүсүнүн натыйжасында биринчинин өркүндөтүүсү болуп эсептелген жаңы конструкция




5-сүрөт. Электр лампочкасынын конструкциясынын өнүгүшү

түзүлүп (2-ф.), анда лампочканы азыктануу булагына туташтыруу үчүн цоколь колдонулган, ал эми цоколдун өзү кантсе да түйүнгө туташтыруу үчүн ыңгайлуулукту түзө албагандыктан, лампочканын андан аркы өркүндөтүлүшү болуп жөнөкөй гана цоколдун өзү эмес ылайыктуу потронго анын жардамы менен бурап бекиткенге боло турган бурама сайы бар цоколь эсептелген (3-ф.).

Эгерде бурама сайы жок, цоколу бар экинчи лампочкага карата патент ээси патент алуу менен өзүнүн лампочкасын ишке киргизүүнү баштап жана аны сатууга жиберсе, анда биринчи лампочкага карата патент ээси өз патентинин бузулушу жөнүндө тезинен сотко берээрин күтүүгө болот. Эгерде сот бул дооматты карап чыкса, анда сөзсүз биринчи патенттин бузулуу фактысын тааныйт.

Үчүнчү патенттин ээси биринчи экөөнө толук көз каранды болуп кала тургандыгына оңой эле ишенүүгө болот, анткени анын лампочкасы биринчи жана экинчи патенттердин белгилеринин толук жыйындысын камтып турат, алардын аракеттенүүсү бүтмөйүн бураманын бар экендиги аны мурдагы эки патенттин бузулушунан сактап кала албайт.

Мындай абалдын натыйжасында экинчи (2-ф.) жана үчүнчү (3-ф.) патенттердин ээлери биринчи патент ээсине көз каранды болгондуктан өз патенттерин эркин пайдалана алышпайт, муну менен алга жылуу, дегеле электр лампочкаларын

өндүрүү тармагындагы техникалык прогресс кетенчиктейт. Бул иш жүзүндө ушундайбы? Теориялык жактан ушундай, бирок, практика жүзүндө иш башкача. Эреже катары бардык үч патенттердин ээлери өз ара кызыкдарлык үчүн бири-бири менен келишимге барышат. Анткени биринчи патенттин ээси өз лампочкаларын чыгарууну токтотууга мажбур болот, себеби өркүндөтүлгөн жана андан да ыңгайлуулары пайда болгондуктан, аны эч ким сатып албайт. Экинчи патент боюнча дагы көрүнүш ушундай эле – мындан бир кыйла ыңгайлуу патрон пайда болгондуктан бурама сайы жок патрондорду сатып алуудан кардарлар баш тартат. Өз кезегинде экинчи жана үчүнчү патенттердин ээлерине керектөөчүгө жолду тороо менен биринчи патенттин ээси тоскоол болот. Так ошондой эле экинчи патенттин ээсине үчүнчү патенттин ээсинин ишмердүүлүгү тоскоол болот.Кандай кылуу керек? Алар бул үч патенттин ар биринин пайдалануу мүмкүндүгү жөнүндө өз ара келишимге барышат – лицензияларын алмашышат жана ошону менен бул тармактагы мындан аркы прогрессти камсыз кылышат. Ал эми жаңы, өркүндөтүлгөн лампочка пайда болмоюнча алардын бардыгы тарабынан үчүнчү патент боюнча гана лампочкалар чыгарылып турат.

Ошентип, патентке жарамдуулуктун бар болуусу же, техниканын бул объектисине берилген патенттер анын патенттик тазалыгын текшерүү зарылдыгын таптакыр четтетпейт.

## 11.10. Патенттик тазалыкка техника объектилерин текшерүүнүн жалпы ыкмасы

Текшерүүнүн, ал эми тактап айтканда патенттик тазалыкка техника объектилерин экспертизалоонун жалпы ыкмасы, эки негизги стадияны ичине камтыйт.

***Экспертизанын биринчи стадиясы*** – бардык конкреттүү өзгөчөлүктөрдүн жана милдеттердин толук эсебинин негизинде алдыдагы текшерүүнүн программасын калыптандырууда турат.

Демейде бул стадияда патенттик документация тиешелүү өлкөлөрдүн ойлоп табууларынын класстарынын көрсөткүчтөрүнөн башкасы али пайдаланылбайт.

***Экспертизанын экинчи стадиясы*** – текшерилүүчү объектини изилдөөдө аларга тиешеси болуп калуусу мүмкүн болгон патенттерге издөө жүргүзүүдө турат.

Бул стадияда тиешелүү өлкөлөрдүн патенттик ведомстволорунун расмий басылмаларын камтуу менен зарыл болгон бардык документация тартылат.

Эгерде уюмдарда бардык керектүү документтер толук көлөмдө жана патенттин бүтүндөй аракеттенүү мөөнөтү үчүн бар болсо, бул иш толук көлөмдө аткарылышы мүмкүн.

*Акыркы стадияда,* патент бузулган учурда мүмкүн болгон каршылыктардын көлөмү бааланат, аны берүүнүн укуктуулугу изилденет, экспертизанын жыйынтыктары боюнча негизделген тыянактар даярдалат.

Төмөндө патенттик тазалыкка экспертиза жүргүзүүнүн этаптары деген эмне экендигин эң жалпы мүнөздө карап чыгабыз.

### ***Объектинин патенттик тазалыгына экспертизасынын биринчи стадиясы***

Экспертизанын бул стадиясы сегиз негизги этаптарга бөлүнөт.

***1-этап – экспертизанын оптималдуу ыкмасын тандоо.***

Максаты – берилген объектинин патенттик тазалыгына экспертизанын оптималдуу ыкмасын тандоо. Буга алдыдагы иштин негизги багытын аныктоо – жаңы түзүлгөн объектинин патенттик тазалыгын камсыз кылуу же түзүлүп калган же чыгарылган объектинин патенттик тазалыгын текшерүү көз каранды болгондуктан, экспертизанын максатын жана аны жүргүзүүнүн себептерин аныктоо зарыл.

***2-этап – жүргүзүлө турган экспертизага карата өлкөлөрдүн патенттик мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө.***

Максаты – ылайыктуу өлкөлөрдүн патенттик мыйзамдарынын бардык жоболорун аныктоо.

Көңүлгө канча патенттик мыйзамды алуу керектигин аныктоо зарыл. Бул өлкөдөгү корголуудагы өнөр жай менчигинин саны менен, (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү, товардык белгилер), ошондой эле бул маселеде жалпылык жок болгондуктан аларды коргоо маселелери мыйзамда кандай баяндалганына жараша аныкталат.

***3-этап – патенттик тазалыгына экспертизалоо үчүн издөө предметин жана техникалык чечимдерди тандоо.***

Максаты – ылайыктуу өлкөлөрдүн толук патенттик фонддору боюнча текшериле турган объектиде пайдаланылган техникалык чечимдердин, ошондой эле берилген объект үчүн маанилүү болгон техникалык чечимдердин жана өзүнүн мурдагы белгилүүлүгүнө байланыштуу патенттик тазалыгын текшерүү керек болбогон башка элементтердин толук тизмесин аныктоо.

Көрсөтүлгөн тизмелерге комплектилөөчү буюмдар, ошондой эле чала фабрикаттар, төмөндө баяндалган тандоонун жана текшерүүнүн шарттары киргизилбейт.

Эреже катары, болжоштурулган чыгаруунун жана буюмдардын экспортунун чоң эмес көлөмүндө патенттик тазалыкка өтө маанилүү техникалык чечимдердин чектелген санын гана текшерүү керек. Чыгаруунун жана болжоштурулган экспорттун чоң көлөмүндө (массалык өндүрүү) көпчүлүк техникалык чечимдер, ал эми кээде анча маанилүү эмес түйүндөрдү жана деталдарды камтуу менен бардыгы текшерилет.

***4-этап – патенттик тазалыгына эксперттеле турган комплектилөөчү буюмдарды жана чала фабрикаттарды тандоо.***

Максаты – комплектилөөчү (сатылып алынган) буюмдардын жана чала фабрикаттардын тизмесин, бүтүндөй объектинин патенттик тазалыгын аныктоодо көңүлгө алынышы керек болгон патенттик тазалык жөнүндө маалыматтарды аныктоо.

Экспертизанын бул этабындагы иштин мүнөзүн аныктоочу башкы өзгөчөлүк болуп, объектинин иштеп чыгуучусу анын пикири боюнча бүтүндөй объектинин патенттик тазалыгы жөнүндөгү акыркы жыйынтыктарга таасир этиши мүмкүн болгон комплектилөөчү буюмдарды гана алып салган, ал эми буюмдарды комплектилөөчү патенттик тазалык жөнүндөгү маалыматтар бул буюмдарды чыгаруучу-заводдордон сурай турган кырдаал эсептелет.

***5-этап – экспертиза үчүн техникалык документацияны тандоо***.

Максаты – патенттик фонддор боюнча 3 этапта иштелип чыккан, бардыгы четтетүүсүз толук көрсөтүлгөн же сыпатталган техникалык чечимдердин техникалык документациясын аныктоо.

***6-этап – классификациялык рубрикаларды аныктоо.***

Максаты – патенттик тазалыгына текшериле турган техникалык чечимдердин ар бирине тиешелүү болгон, издөө жүргүзүлө турган патенттерге ылайык ойлоп табуулардын классификациясынын эл аралык патенттик тутумунун (системасынын) рубрикаларынын толук тизмесин аныктоо.

***7-этап – патенттик тазалыгы боюнча экспертиза жүргүзүлө турган патенттик документацияны тандоо.***

Максаты – ар бир өлкө үчүн берилген өлкөдө укуктук объектиге таандык болгон аракеттеги өзгөчө укуктуу патенттердин бардыгы менен четтетүүсүз таанышуу мүмкүндүгүн камсыз кылуучу патенттик документациянын түрүн аныктоо.

Патенттерди издөө үчүн патенттик ведомстволордун расмий басылмалары гана пайдаланылат, ошондой эле рефераттивдик жана библиографиялык басылмалар тартылышы мүмкүн.

Кийинки тандоонун жана расмий булактар боюнча табылган текшерилүүчү объектиге түздөн-түз тиешеси бар патенттерди алдын-ала баалоо этабында патенттерге ойлоп табуулардын толук сыпаттамалары гана пайдаланылат.

***8-этап – патенттик тазалыгына объектини экспертизалоонун программасын калыптандыруу жана макулдашуу***.

Максаты – патенттик тазалыгына объектини экспертизалоо боюнча жүргүзүлө турган иш боюнча программа (регламент) түзүү. Экспертизанын биринчи стадиясынын жети этабындагы иштердин жыйынтыгы боюнча программа түзүлөт.

### *Объектинин патенттик тазалыгына экспертизасынын экинчи стадиясы*

Экспертизанын экинчи стадиясында аткарылган 1–8-этаптардын негизинде объектинин патенттик тазалыгы жөнүндөгү корутундуларды негиздөө үчүн бардык маалыматтар даярдалат. Экспертизанын бул стадиясы негизги төрт этапка бөлүнөт (9–12-этаптар).

***9-этап – текшерилүүчү объектиге таандык болгон патенттерди издөө.***

Максаты – өлкөлөрдүн патенттик фондундагы объектинин патенттик тазалыгына жүргүзүлүп жаткан экспертизага тиешелүү болгон, патенттик фонддор боюнча текшериле турган ушул объектинин техникалык чечимдерине жана башка элементтерине тиешеси бар деп божомолдолгон аракеттеги патенттердин бардыгын четтетүүсүз табуу.

***10-этап – табылган патенттерди тутумдаштыруу (системалаштыруу), аларды алдын-ала баалоо жана андан ары изилдөө үчүн тандоо.***

Максаты – табылгандардын ичинен текшерилүүдөгү объектини жетишээрлик жакын козгогон жана ага байланыштуу, аларды бузуу мүмкүндүгү жана андан кийинки сунуштар жөнүндөгү маселелердин негиздүү чечилиши үчүн кылдат талдоону талап кылган аракеттеги патенттерди табуу.

***11-этап – тандалган патенттердин деталдуу талдоосу (анализи).***

Техника объектисинин патенттик тазалыгына экспертизанын бул кыйла татаал этабынын максатын туура табуу, ар тараптан карап чыгуу, ойлоп табуунун патент тарабынан корголгон бардык белгилерин жана алардын жыйындысын текшерилүүдөгү техника объектисинин ылайыктуу белгилери

менен салыштырып негиздүү баалоо жолу менен бул патенттин ээсинин укуктары текшерилүүдөгү объектиге жайылтыла же жайылтылбай тургандыгын, б.а. текшерилүүдөгү объект анализделип жаткан патенттин аракетине туура келер келбестигин аныктоодо турат.

***12-этап – патент-аналогдорду издөө жана аларды талдоо.***

Объектинин патентик тазалыгына жүргүзүлгөн экспертиза боюнча текшерилүүдөгү объект өлкөлөрдөгү бир же бир нече патенттердин аракетине дуушар болгон учурда экспертизанын бул этабынын максаты болуп, бир эле ойлоп табууга берилген аракеттеги патенттер (патент-аналогдор) бар өлкөлөрдү табуу эсептелет (эскертилгендерден башкасын). Натыйжада берилген объект патентик тазалыкка ээ эмес экендигине карата өлкөнүн толук чөйрөсү аныкталат.

Эреже катары, патент-аналогдорду издөө, берилген объект үчүн жетишээрлик маанилүү техникалык чечимдерди козгогон же мындай элементтер көп санда колдонулган жана кеңири жайылтылган товарлар деп эсептелген патенттер боюнча жүргүзүү керек.

### *Объектинин патенттик тазалыгына экспертизасынын акыркы стадиясы*

***13-этап – жолтоо болуучу патенттерди берүүнүн укуктуулугун текшерүү.***

Экспертизанын бул этабынын максаты болуп, аракеттеги тоскоол болуп жаткан патентке наразылык же каршылык билдирүү, аны жоюу, жараксыз деп таануу же ылайыктуу өлкөнүн патенттик мыйзамында караштырылган негиздер боюнча коргоонун көлөмүн чектөө мүмкүндүгүн аныктоо эсептелет.

***14-этап – бузулган патенттин ээсинин мүмкүн болуучу каршылыктарынын көлөмүн баалоо.***

Экспертизанын бул этабынын максаты болуп, бузулган патенттин ээсинин негиздүү каршылыктарынын мүмкүн

болгон көлөмүн, б.а. келтирилген зыянды калыбына келтирүү катарында сот тарабынан аныкталууга мүмкүн болгон сумманы баалоо жана ошону менен берилген өлкөдө патенттик тазалыкка ээ болбогон объектинин сатылышына байланышкан тобокелчиликтин деңгээлин аныктоо эсептелет.

Көрсөтүлгөн баалоону текшерилүүдөгү объектинин тигил же бул патенттин аракетине туш болгон фактысы аныкталган учурларда жүргүзүү керек.

Берилген өлкөдө патент бузуу деп таанылууга мүмкүн болгон аракеттер анын мыйзамдары менен же соттук практика менен аныкталат. Муну менен патенттик каршылыктардын чоң көлөмдөрү өндүрүштө жана товарды сатууда патент бузуулар болгондо, ошондой эле патенттелген технологияны пайдаланган учурларда болушу мүмкүн.

Өлкөгө продукцияны алып кирүүдө же кампада сактоодо бир кыйла нааразылык болушу мүмкүн, анткени аны сатуу фактысы али жок жана патент ээсине маанилүү зыян келтириле элек. Объектини экспонат катары көрсөтүү учурунда дагы нааразылыктын көлөмү анча чоң болбойт. Мындай кырдаалдарда көп учурларда, эгерде чоң көлөмдө али сатылбаган болсо, нааразылыктар патент бузууну токтотуу жөнүндө талаптар менен чектелиши мүмкүн (сатууну токтотуу, өлкөдөн продукцияны чыгарып кетүү ж.б.).

Бузулган патенттин предметине мүмкүн болгон нааразылыктардын көз карандылыгы бузулган патент контрафактылык товарга кандайдыр бир деңгээлде жайылтылгандыгы менен аныкталат.

Эгерде ал бүтүндөй объектиге жайылтылса, анда нааразылыктардын көлөмү эреже катары контрафактылык товардын бүтүндөй партиясынын сатылышынын жалпы наркынын негизинде аныкталат.

Эгерде патент белгилүү бир түйүнгө же түзүлүштүн бир бөлүгүнө мисалы комплектилөөчү товарга ж.б. гана берилген болсо, анда мүмкүн болгон нааразылыктар, түзүлгөн практика боюнча демейде бузулган патенттин предмети болуп

эсептелүүчү конкреттүү агрегаттардын, түйүндөрдүн, сатылган продукциянын комплектилөөчү товарларынын баасынын негизинде эсептелинет жана бул түйүндөрдүн, бүтүндөй түзүлүш үчүн комплектилөөчүлөрүнүн, ж.б.у.с. маанисинен көз карандысыз бүтүндөй түзүлүштүн наркы катарында аныктала алышпайт.

Эгерде патенттин бузулушу контрафактылык продукциянын сатылышында болгон болсо, анда патент ээсинин тарткан зыяндарын калыбына келтирүү боюнча нааразылыгынын мүмкүн боло турган көлөмү көпчүлүк учурларда укук бузуучу алган пайданын, б.а. патент ээсинин колдон чыгарып жиберген пайдасынын – ылайыктуу товарды сатуу менен табууга боло турган, бирок анын ордуна бул пайданы тапкан укук бузуучунун күнөөсү боюнча өндүрө албай калган пайданын суммасынын базасында аныкталат.

Жогоруда аталган факторлордон тышкары, дээрлик дайыма патент ээсине анын патентин бузууга байланыштуу ага келтирилген түзмө-түз зыянды дагы төлөп берүү жөнүндө суроо пайда болот, мисалы, аларга келтирилген чыгымды, даярдоолорду ж.б., патент бузулгандыгына байланыштуу тигил же бул себептер менен сатылбай калгандары.

Бузулган патент ээсинин мүмкүн боло турган зыяндарын баалоодо дайыма катуу, жекече мамиле жасоо керек жана бардык баалоолор дайыма болжолдуу мүнөздү алып жүрөөрүн эсте тутуу зарыл. Жана мындай баалоону жүргүзүү керек экенине да ынануу керек.

***15-этап – корутундулар жана сунуштар.***

Экспертизанын бул этабынын максаты – мурунку этаптардын ар бири боюнча иштердин натыйжаларын ар тараптан баалоонун негизинде өнөр жай менчигинин бардык түрлөрү боюнча жана анын экспертизасы жүргүзүлгөн бардык өлкөлөргө карата объектинин патенттик тазалыгы жөнүндө жетишээрлик негизделген акыркы жыйынтыктарды чыгаруу, ошондой эле өлкөлөрдөгү патенттик тазалыкка ээ болбогон объектилерге

карата алардын пайдалануу мүмкүндүгү үчүн алдын алуу чаралар жөнүндө сунуштарды берүү.

### 11-баптын атайын адабияты

1. Введение в интеллектуальную собственность. Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

2. *Блинников В.И., Дубровская В.В., Сергиевский В.В.* Патент: от идеи до прибыли.– М.: Мир, 2002. – 333 с.

3. *Киселев Г.С* Экспертиза объектов техники на патентную чистоту: Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1991. – 91 с.

4. *Колесников А.П.* Патентная документация Российской Федерации. – М.: ВНИИПИ, 1997. – 110 с.

5. *Колесников А.П.* Патентная документация стран ближнего зарубежья. – М.: ИНИЦ, 1998. – 122 с.

6. *Кравец Л.Г.* Патентная информация. Источники и средства доставки пользователям: Учебное пособие. – М.: МПО «Поиск», 1993. – 113 с.

7. *Кравец Л.Г.* Новые средства патенгно-информационного обслуживания. – М.: ИНИЦ, 1999. – 68 с.

8. Методические рекомендации по проведению патентных исследований. – М.: ВНИИПИ, 1983. – 193 с.

9. *Оморов Р.О., Исабаева З.Б., Хайленко В.В.* Пособие по патентной информации и основам патентно-информационных исследований: Учебное пособие. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 72 с.

10. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность: Учебное пособие для вузов / Под ред. д.т.н.,проф., член-корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 127 с.

11. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.

12. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-

корр. НАН КР Р.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

13. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

14. *Скорняков Э.П.* Методические основы патентно-информационных исследований: Учебно-методическое пособие. – М.: ВНИИПИ, 1996. – 92 с.

# 12-БАП. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТИЛЕРИНЕ УКУКТАРДЫ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ

## 12.1. Укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер

Экономикалык өнүгүүнүн жетишкендик каражаттарынын бири болуп коммерциялык негизде технологияларды өткөрүп берүү жана алуу эсептелет, б.а. интеллектуалдык менчик объектилерине өзгөчө укуктарды, же аны пайдаланууга уруксатты же ноу-хауну сатуу жана сатып алуу. Интеллектуалдык менчик объектилерин пайдалануу менен технологияларды өткөрүп берүү жана алуу белгилүү бир юридикалык ыкмаларды пайдалануу аркылуу жүзөгө ашырылуучу илимий-техникалык билимдерди сатуу боюнча операциялар менен байланыштуу. Бул мисалдар интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укук ээси менен же өзгөчө укукту өткөрүп берүүчү ноу-хаунун жабдып туруучулары менен бул укуктарды алып жаткан жеке жана юридикалык жактардын ортосундагы юридикалык өз ара мамилелерди аныктоого алып келет. Өзүнүн жаратылышы боюнча бул юридикалык өз ара мамилелер келишимдик болуп саналат.

Коммерциялык негизде технологияларды өткөрүү жана алуу үчүн пайдаланылууга мүмкүн болгон негизги үч юридикалык ыкма бар:

- сатуу, укуктарды өткөрүү;
- укуктарды өткөрүү;
- лицензиялык (уруксаттама) келишим;
- ноу-хау жөнүндө келишим.

Биринчи ыкма – ээси тарабынан интеллектуалдык менчик объектилерине бардык өзгөчө укуктардын сатылышы жана бул укуктардын башка жеке же юридикалык жактар тарабынан алынышы. Интеллектуалдык менчик объектисинин ээси тарабынан бардык өзгөчө укуктар башка жеке же юридикалык жакка мөөнөтү чектелбестен же, башка шарттарда өткөрүлүп берилген кезде «укуктарды өткөрүп берүү» орундуу болду деп айтылат. Интеллектуалдык менчик объектисинин ээсинин укуктарын жеке же юридикалык жакка өткөрүп берүү үчүн сатып алуу-сатуу жарандык келишими (укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишим) пайдаланылат. Укуктарды өткөрүп берип жаткан жакты, б.а. интеллектуалдык менчик объектисинин ээсине өткөрүп берүүчү тарап, ал эми башкасы, бардык өзгөчө укуктарды алып жаткан жеке же юридикалык жакты алуучу тарап деп аташат. Өткөрүү ишке ашкандан кийин өткөрүп берүүчү тарап интеллектуалдык менчик объектисине укугун жоготот. Алуучу тарап же алуучу интеллектуалдык менчик объектисинин ээси болуп калат жана ага карата бардык өзгөчө укуктарды алат.

Технологияны өткөрүп берүүнүн жана алуунун экинчи юридикалык ыкмасы болуп лицензиялоо (уруксаттама) эсептелет, б.а. патенттелген интеллектуалдык менчик объектисинин ээси тарабынан башка жеке же юридикалык жакка белгилүү бир өлкөдө жана чектелген убакыт ичинде интеллектуалдык менчик объектисинин ээсине тиешелүү болгон өзгөчө укуктарга бир же андан көп аракеттерди жүргүзүүгө уруксат берүү. Мындай уруксатты берүү лицензия (уруксаттама) берүүнү билдирет. Лицензия жөнүндө сөз болгондо интеллектуалдык менчик объектисинин ээси тарабынан берилген уруксат жөнүндө күбөлөндүрүүчү юридикалык документти демейде лицензиялык келишим же жөн эле лицензия деп аташат. Уруксат берүүчү интеллектуалдык менчик объектисинин ээсин лицензиар, ал эми уруксат алуучу жеке же юридикалык жакты лицензиат деп аташат. Лицензиялык келишимде юридикалык актылардын (бүтүм) эки тиби орун алган:

1. Интеллектуалдык менчик объектисинин ээси тарабынан башка жеке же юридикалык жакка интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укуктар астына туш болуучу бир же бир нече аракеттерди аткарууга *уруксат берүү.* Мындай уруксатты же ыйгарым укукту лицензия (уруксаттама) деп аташат.

2. Лицензия лицензиялык келишимде айтылган белгилүү бир шарттарда берилет. Бул шарттарда өзгөчө укук аракеттене турган аймак, пайдалануунун тармагы, берилген лицензия үчүн лицензиат тарабынан сый акы төлөп берүү айтылат.

Технологияны өткөрүп берүүнүн жана алуунун үчүнчү ыкмасы ноу-хауга таандык. *Ноу-хау* (know-how) англис тилинен которгондо «кандай экендигин билүү» дегенди түшүндүрөт.

«Ноу-хау» – техникалык билим, техникалык тажрыйба, продукцияны өндүрүүнү жеңилдетүүгө жана өздөштүрүүнү тездетүүгө мүмкүндүк берүүчү өндүрүш сырлары, бирок, патенттөө предмети боло алышпайт жана ошондуктан патент-ик коргоодон пайдаланышпайт. Ноу-хаулар фирмалардын менчиги, ал эми аларды пайдаланууга укуктар – сатып алуу-сатуу предмети болуп эсептелинет. Ноу-хау эреже катары *лицензиялык макулдашуулардын* предмети, аларды пайдалануу укугу *лицензияны* сатуу менен бирге берилет. Ноу-хау патенттик коргоодон пайдаланбагандыктан, аларды пайдаланууга укуктарды өткөрүп берүүдө маалыматтын жашырындуулугу айтылат жана аны бузгандыгы үчүн *санкциялар* алдын ала караштырылат. Фирмалар – ноу-хаулардын ээлери алардын жашыруун сакталышына абдан чоң көңүл бурушат. Ноу-хауга тиешелүү жоболор лицензиялык келишимден башка документте жазылышы мүмкүн. Аны демейде «Ноу-хау жөнүндө келишим» деп аташат. Келишимге ылайык бир тарап-ноу-хау менен жабдып туруучу – аны башка тарапка-алуучуга өткөрүп берүүгө милдеттенет. Ноу-хау зат (материал) формасында өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Буларга документтер, фотосүрөттөр, синькалар, микрофильмдер, машиналардын чиймелери, технологиялык диаграммалар, оромолоо жана сактоо боюнча нускамалар ж.б. таандык. Зат формасындагы ноу-хауну кээде техникалык

билдирүү же техникалык маалымат деп аташат. Ал материалдык эмес формада өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Кабыл алуучу тараптын анын ишканасынын же өткөрүп берүүчү тараптын ишканасынын персоналынын окуусуна тиешелүү болгон ноу-хауну техникалык жардам деп аташат. Өндүрүш ыкмасын көрсөтүү, өндүрүш технологиясы боюнча консультациялоо, өндүрүш процессинин жүрүшүнө байкоо жүргүзүү – ушунун бардыгы техникалык кызмат көрсөтүү деп аталуучу ноу-хаунун мисалдары. Эгерде ноу-хау материалдык эмес формада өндүрүш процессин уюштурууда кээ бир стадиялар менен, мисалы пландоо менен же финансылык башкаруу менен, кадрларды тандоо же маркетинг менен практикалык жетекчиликте турса, аны кээде башкаруучулук кызмат көрсөтүү (менеджмент боюнча кызмат көрсөтүү) деп аташат.

Илимий-техникалык билимдерди өткөрүп берүү жана алуу түзмө-түз бүтүмдөрдүн (өз алдынча келишим) жардамы аркылуу, ошондой эле технологияларды өткөрүп берүү бирге жүрүүчү операция катары жүзөгө ашырылган учурда ар кандай коммерциялык бүтүмдөрдүн курамында дагы ишке ашат.

Илимий-техникалык билимдерди түзмө-түз бүтүмдөрдүн жардамы менен өткөрүп берүүдө жана алууда «таза лицензиялар менен» соодалашуу жүзөгө ашырылат: ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге, өнөр жай үлгүлөрүнө, селекциялык жетишкендиктерге, товардык белгилерге, тейлөө белгилерине, ЭЭМ үчүн программаларга жана маалымат базаларына, интегралдык микросхемалардын топологияларына, ноу-хауга.

Ар кандай коммерциялык бүтүмдөрдүн курамында технологияларды өткөрүп берүүдөгү жана алуудагы коммерциялык бүтүмдөрдө төмөндөгүлөргө соодалашуу бирге жүрүүчү лицензиялар аркылуу ишке ашырылат:

- ноу-хау;
- франшиза;
- консалтингдик кызмат көрсөтүүлөр;
- инжиниринг (инженердик-техникалык кызмат көрсөтүүлөр);

– лизинг;
– опцион келишимдери;
– биргелешкен ишканалар;
– өнөр жай кооперациясына;
– «төрт тарабы төп» келген даяр долбоор.

### 12.2. Технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер (ноу-хау, франшиза, консалтингдик кызмат көрсөтүүлөр, инжиниринг, лизинг, опцион келишимдери, биргелешкен ишканалар, өнөр жай кооперациясы, «ачкыч» алдындагы долбоор)

Өтүнүүчүнүн каалоосу боюнча Кыргызпатентте технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер катталышы мүмкүн, мисалы төмөндөгү сыяктуулар:

– опцион келишимдери (макулдашуулар);
– ноу-хау;
– инжинирингге окшогон кызмат көрсөтүүлөр;
– консалтингдик (консультациялык) кызмат көрсөтүүлөр;
– лизинг (аренда);
– комплекстүү ишкердик лицензия (франчайзинг);
– биргелешкен ишканалар;
– «төрт тарабы төп» келген даяр долбоор ж.б.у.с.

*Опцион* – келишимдин тигил же бул катышуучусуна берилген белгилүү бир варианттардын ичинен тандап алуу укугу. Тышкы соодадагы бүтүмдөрдө коюлуп жаткан товарлардын санына, партиялардын өлчөмүнө, жабдып туруу мөөнөттөрүнө, жүктөп жөнөтүү портторуна карата сатуучунун опциону, сатып алуучунун опциону – төлөө ыкмаларына, жүктү түшүрүү портторуна ж.б. карата болушу мүмкүн.

*Опцион макулдашуулары* – бул, ага ылайык лицензиат аны кызыктырган техниканын (технологиянын) объектиси менен жакындан таанышууга укук ала турган алдын-ала лицензиялык макулдашуу. Демейде опцион макулдашуусу предметте ноу-хау бар болгон кезде, лицензиар негизги лицензиялык макулдашуу түзүлгөнгө чейин ноу-хаунун маңызын ачууну каалабаган учур-

да, ал эми лицензиат саксынып, толук кандуу лицензия алууга көп чыгымдарды жумшоону каалабаган учурда түзүлөт.

*Инжиниринг сыяктуу кызмат көрсөтүүлөр* – өндүрүш процесстерин даярдоо жана камсыз кылуу, жана продукцияларды сатуу боюнча, курулуштарды тейлөө жана өнөр жай, инфраструктуралык, айыл чарбалык жана башка объектилерди иштетүү боюнча коммерциялык мүнөздөгү инженердик-консультациялык кызмат көрсөтүүлүрдүн айкалышы.

*Консалтинг* – фирмалардын, уюмдардын, ишканалардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн, алардын ичинде сырткы экономикалык чөйрөдөгү маселелердин кеңири алкагы боюнча өндүрүүчүлөрдү, сатуучуларды жана сатып алуучуларды консультациялоо.

*Лизинг* – техникалык каражаттардын, имараттардын жана курулуштардын ар кандай түрлөрүн мүмкүн болушунча орто жана узак мезгилге арендага берүү. Үч тараптуу бүтүмдүн алкагында жүзөгө ашырылат: лизингдик фирма (аренда берүүчү) даярдоочудан (ээсинен) кардардын (арендалоочунун) тандоосу боюнча мүлктү алып, аны акыркысынын карамагына (арендага) өткөрүп берет. Тараптардын мамилелери лизинг макулдашуулары (келишимдер) менен таризделет, алар өз ичине төмөндөгүлөрдү камтыйт: арендага берилүүчү мүлктүн наркы жана макулдашуунун аракеттенүү мөөнөтү, арендалык төлөмдүн өлчөмү, проценттик акча, төлөөнүн мезгилдүүлүгү, аренданын мөөнөтү бүткөндөн кийинки калган мүлктүн наркы, мүлктү камсыздандыруунун шарттары, аренданын мөөнөтү бүткөндөн кийин мүлккө менчик укуктарын өткөрүп берүүнүн варианттары ж.б. Макулдашуунун аракеттенүү мезгили ичинде мүлккө карата менчиктин юридикалык укуктары лизингдик фирмага (аренда берүүчүгө), ал эми пайдаланууга укук – арендалоочуга таандык.

*Франчайзинг* – «ноу-хаусу» бар фирма өзүнүн кардарларына – өнөктөрүнө технологияны жана соода маркасын пайдалануу укугун берүү менен мүнөздөлгөн бизнес уюмунун формасы.

*Биргелешкен ишкана* (мындан ары – БИ) – бул эки же андан көп тараптардын макулдашуусу боюнча өзүнчө юридикалык жак катары түзүлгөн уюм. Тараптар финансылык же башка ресурстарды бул юридикалык жактын капиталына өз салымы катары кошушат. Катышуучулардын бири тарабынан өнөр жай менчигинин патенттелген объектисине өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү БИнин капиталындагы анын үлүшүн көрсөтүшү мүмкүн, же катышуучулардын бири өнөр жай менчигинин объектисине лицензияны өткөрүп берет, же БИ уюшулгандан кийин бир же андан көп макулдашуулардын предмети болуп эсептеле турган «Ноу-хауну» берет. Лицензиар тарабынан лицензиатка курулуш объектисинин долбоорун жана анын иши боюнча техникалык маалыматты өткөрүп берүү жүргүзүлөт; техникалык кызмат көрсөтүүлөр жана объектини курууда, жабдууларды алууда жана орнотууда, чийки затты (сырьену) жана комплектилөөчүлөрдү алууда, кадрларды окутууда жана даяр объектинин ишине көзөмөлдүк кылууда жардам берүү кошумча караштырылышы мүмкүн.

### 12.3. Лицензиялардын (уруксаттамалардын) түрлөрү

*Лицензия* – эреже катары ойлоп табууну, пайдалуу моделди, өнөр жай үлгүлөрүн, товардык белгилерди, «ноу-хауну» ж.б. илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдалануу үчүн сыйакы катарында башка юридикалык же жеке жактарга белгилүү бир шарттарда уруксат берүү.

Эл аралык практикада лицензиялык соодада өткөрүлүп берилүүчү укуктардын көлөмүнө жараша лицензиялардын үч негизги түрү пайда болду:

- өзгөчө лицензия;
- толук лицензия;
- өзгөчө эмес лицензия.

*Өзгөчө лицензиянын* келишими боюнча өнөр жай менчиги объектисинин ээси – лицензиар – лицензиянын объектисин лицензиатка белгилүү бир шарттарда жана белгилүү бир

мөөнөткө өткөрүп берет жана пайдаланууга уруксат берет. Өзгөчө лицензиянын негизги мүнөзү болуп, эч ким, анын ичинде лицензиар дагы айтылган чектердин ичинде лицензиянын объектисин пайдалана албайт (б.а. белгилүү мөөнөт ичинде жана белгиленген аймакта). Келишимдин чектеринде лицензиат лицензиялоо объектисин пайдаланууга укугу бар бирден бир жак болуп калат жана үчүнчү жактарга аны пайдаланууга тыюу сала алат жана уруксат бере алат.

*Толук лицензиянын* келишими боюнча өнөр жай менчиги объектисинин ээси – лицензиар – лицензиатка лицензиялык макулдашуунун аракеттенүү мөөнөтүнө кандайдыр бир чектерди койбостон, ошол эле мөөнөттө аны пайдалануудан өзү толук баш тартуу менен лицензия объектисин өткөрүп берет жана пайдаланууга уруксат берет.

*Өзгөчө эмес лицензиянын* келишими боюнча өнөр жай менчиги объектисинин ээси – лицензиар – лицензиатка белгилүү бир шарттарда жана белгилүү бир мөөнөткө, ошол эле көлөмдө макулдашуунун предметин пайдалануу, ошондой эле аналогдук (окшош) лицензияларды үчүнчү жактарга пайдаланууга сатуу укугун өзүнө калтыруу менен лицензиянын объектисин өткөрүп берет жана пайдаланууга уруксат берет.

Ошентип, өзгөчө эмес лицензия, лицензиялык макулдашуу боюнча лицензиарга берилген тигил же бул өлкөлөрдүн же өлкө ичиндеги аймактардын рынокторунда лицензиар менен лицензиаттын ортосунда атаандаштык болбойт деп айтууга мүмкүн эместиги менен мүнөздөлөт. Андан тышкары, лицензиар ушул лицензия боюнча аналогиялык лицензияларды үчүнчү жактарга сатууга акылуу болгондуктан, анда окшош атаандаштыктагы лицензияланган товар менен үчүнчү жактар рынокторго чыга алышат. Демейде лицензиарлар продукцияга коюлган бааны түшүрүп жибере турган лицензиаттардын өздөрүнүн ортосундагы атаандаштыкты болтурбастан өзгөчө эмес лицензиялардын көп эмес санын сатышат.

Жогоруда аталган лицензиялардын түрлөрүнөн тышкары, өнөр жай менчиги объектисин пайдаланууга уруксат берүүнүн ар кандай башка түрлөрү бар.

Корголгон келишимдин ээлеринин ортосунда макулдашуу жок болгон учурда алардын ар бири корголгон объектини өзү каалагандай пайдалана алат, бирок, ага берилген өзгөчө лицензияны берүүгө же башка ээлердин макулдугусуз коргоодогу документти өткөрүп берүүгө укуксуз.

### 12.4. Өткөрүп берүү жөнүндө келишим жана интеллектуалдык менчик объектисине лицензиялык келишим түзүү

01.03.1998-ж. күчүнө киргизилген КР ЖКнын II бөлүгү интеллектуалдык менчик объектисинин ээсинин аны кандай формада жана кандай ыкма менен болсо да пайдаланууга өзгөчө укугун караштырат. КР ЖКнын 1041-б. 1-тарамында мындай деп айтылат: «Интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укук ээсине таандык болгон мүлктүк укуктар, эгерде ушул Кодексте же башка мыйзам тарабынан башкасы каралбаган болсо, укук ээси тарабынан толугу менен же бир бөлүгү келишим боюнча башка жакка өткөрүлүп берилиши мүмкүн ...».

*Келишим* – белгилүү бир аракеттерди жүзөгө ашыруу жана өз ара укуктар менен милдеттерди жөнгө салуучу мындай аракеттерди аныктоо жөнүндө эки же андан көп жактардын макулдашуусу. Ал алар белгилеген укуктар менен милдеттерден келип чыгуучу тараптардын милдеттенмелери үчүн негиз болуп кызмат кылат. Өзүнүн предмети катары интеллектуалдыкменчикке укугу бар келишимдер, келишимдик милдеттенмелер жөнүндө жоболор менен аныкталуучу укук менен жөнгө салынат (КР ЖКнын 1189-б. 2-т.).

КРнын мыйзамдык актыларына ылайык, интеллектуалдык менчик укуктарын анын ээсинин макулдугу менен үчүнчү жактардын пайдалануусунун укуктук формасы болуп, *укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө* келишимдер (өзгөчө укуктарды толук өткөрүп берүү) жана *лицензиялык келишимдер* (өзгөчө укуктардын бир бөлүгүн өткөрүп берүү) кызмат кылышат.

*Укуктарды өткөрүп берүү* укук ээсинин алмашкандыгын жана жаңы жеке же юридикалык жакка өзгөчө мүлктүк укуктардын өткөндүгүн билдирет.

Өткөрүп берүү жөнүндө келишим кадимки жол менен ишке ашуучу, өзүнүн жаратылышы боюнча сатып алуу-сатуу келишимине окшош бүтүм болуп эсептелет. Интеллектуалдык менчик объектисин сатып алуу-сатуунун бул келишиминин маңызы боюнча, натыйжада укук ээси сатуучу катары чыгат жана өзүнүн бардык мүлктүк укуктарын жоготот, ал эми укук мураскери анын укук ээлигинен келип чыгуучу бардык укуктарды алат. Интеллектуалдык менчик объектисин өткөрүп берүү жөнүндө келишим өз ичине эң кеминде төмөндөгү шарттарды камтуусу керек:

– тараптардын аныктамасы;
– келишимдин предмети;
– сый акынын өлчөмү.

*Лицензиялык келишим* – бул, ал боюнча интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасына өзгөчө мүлктүк укугу бар тарап (лицензиар) интеллектуалдык менчик объектисин пайдаланууга укук бере турган, ал эми бул укук берилген жак (лицензиат), лицензиарга келишимде шартталган төлөмдөрдү төлөөгө жана келишимде каралган башка аракеттерди жүзөгө ашырууга милдеттене турган келишим. Лицензиялык келишимге КР ЖКда белгиленген бүтүмдөр үчүн эрежелер колдонулушу мүмкүн.

Укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдердин, интеллектуалдык менчикти пайдаланууга лицензиялык келишимдердин типтүү формаларынын бир кыйла саны бар. Аларды кармап туруу пайдалануу үчүн өткөрүлүп берилген объектилерге, өнөктөштөр алдыга койгон максаттарына жана милдеттерине көзкаранды. Лицензиялык келишим өз ичине эң кеминде төмөндөгү шарттарды камтуусу керек:

– тараптардын аныктамасы;
– келишимдин предмети;
– лицензиянын түрү (өткөрүлүп берүүчү укуктардын көлөмү);
– келишимдин аракеттенүү аймагы;
– сый акынын өлчөмү.

Кээ бир жоболор «өзгөчө шарттардын» сөзсүз киргизилишин талап кылат, мисалы, эгерде товардын сапатына, анын даярдоочусуна карата керектөөчүнү адаштырууга алып келүүнүн себеби боло ала турган товардык белги өткөрүлүп берилиши мүмкүн эмес («Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө» КРнын мыйзамынын 22-б.); чыгарманы басып чыгаруу же башка кайра чыгаруулар жөнүндө автордук келишимде, эгерде сый акы чагылдырылган сумма түрүндө аныкталса, анда келишимде чыгарманын максималдуу нускасы аныкталышы керек («Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» КРнын мыйзамынын 31-б.).

### 12.5.Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү келишимдерди каттоо

Каттоону практика менен айкалыштырууда мыйзамдуулукту сактоо төмөндөгүлөрдү иштеп чыгуу үчүн негиз болуп эсептелди: өнөр жай менчиги объектине, селекциялык жетишкендикке коргоо документин өткөрүп берүү жөнүндө келишимди, аларды пайдаланууга укук берүү жөнүндө лицензиялык келишимди, технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди карап чыгуу жана каттоо Эрежелерин; автордук укук объектилерине автордук келишимдерди, чектеш укуктар объектилери тармагындагы келишимдерди, интегралдык микросхемалардын топологияларына укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди карап чыгуу жана каттоо Эрежелерин; автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууга лицензиялык келишимдерди карап чыгуу жана каттоо Эрежелерин. Эрежелер 1999-жылдын 12-апрелинен тартып аракеттене баштады.

Эрежелер интеллектуалдык менчиктин бардык объектилерине келишимдерди карап чыгышат жана укуктарды берүү жана өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди, ошондой эле автордук жана чектеш укуктардын объектилерин камтуу менен интеллектуалдык менчик объектилерин пайдаланууга лицен-

зиялык келишимдерди, карап чыгуу жана каттоо жол-жоболорун майда-чүйдөсүнө чейин регламенттөөнү камтыйт.

КРнын Патент мыйзамы (15-б.), «Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө» КРнын мыйзамы (24-б.), «ЭЭМ үчүн программаларды жана маалымат базаларын укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы (11-б.) жана «Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы (6-б.) лицензиялык келишимдерди жана коргоо документтерин өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди Кыргызпатентте сөзсүз түрдө каттоону караштырат. Каттоосуз мындай келишимдер келишимдин тараптарына карата ошондой эле үчүнчү жактарга карата жараксыз деп эсептелет жана Кыргызпатентке катталган күндөн тартып аракеттене баштайт. Бул ченемдин сөзсүз болушу каттоолордун жол-жоболоруна мамилелерди аныктайт – лицензиялык келишимдерди берүү жөнүндө жана өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерди (мындан ары – укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер) каттоо келишимдерди түзүүдө мыйзамдуулукту сактоонун өзүнчө бир кепилдиги болуп калат.

Автордук жана чектеш укуктарды пайдалануучулар чыгармаларды жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануунун ылайктуу ыкмаларына карата мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдар менен лицензиялык келишимдерди түзүшөт. Мындай келишимдерди түзүшкөн пайдалануучулар лицензиялык келишимдерди мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырууга милдеттүү («Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» КРнын мыйзамынын 4-б. 2-т.).

Өткөрүп берүү жөнүндө келишим же интеллектуалдык менчик объектисине лицензиялык келишим интеллектуалдык менчик объектисинин укук ээсинин же келишимдин тараптарынын биринин арызы боюнча каттоого алынат.

Бир нече жактарга таандык болгон интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануу, алардын ортосундагы макулдашуу менен аныкталат. Мындай макулдашуу жок болгон учурда укук ээлеринин ар бири интеллектуалдык менчиктин

корголуудагы объектисин өзү каалагандай пайдалана алат, бирок, башка укук ээлеринин макулдугусуз аны өткөрүп берүүгө же өзгөчө лицензия берүүгө укуксуз. Ошондуктан укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү келишимди каттоо жөнүндө арыз алардын бардыгы тарабынан биргелешип берилет.

Эгерде укук ээси болуп юридикалык жак эсептелсе, каттоо жөнүндө арыз анын ээлеген кызмат орунун, аты-жөнүн көрсөтүү менен жетекчинин колу коюлат. Жетекчинин колу мөөр менен күбөлөндүрүлөт. Юридикалык жактын аталышы уюмдун мөөрүндөгү аталыш менен бирдей болуусу керек.

Интеллектуалдык менчик объектисине укуктарды өткөрүп берүүнү каттоо жөнүндө арыз берүүдө укук мураскери тарабынан арызга мураскерлик укугуна күбөлүктүн белгиленген түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү тиркелет.

Келишимди каттоо жөнүндө арыз келишимди каттоо боюнча иштерди алып баруучу өкүл тарабынан берилиши мүмкүн. Мындай учурда арызга документ келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык таризделген ылайыктуу документ тиркелет (ишеним кат, интеллектуалдык менчик объектисине карата укук мураскерлигин ырастоочу документ).

Каттоо фактысы келишимдин чыныгылыгын жана бул жол-жобонун маанисин ырастагандыктан, ылайыктуу түрдө таризделбеген арыз каралбайт.

Формалдуу белгилери боюнча төмөндөгү документтердин бар экендиги жана ылайыктуу таризделгендиги текшерилет:

- Эрежелерге Тиркемелерде келтирилген форма боюнча толтурулган арыз;
- коргоо документинин түп нускасынын (экинчи нуска-дубликат) же интеллектуалдык менчик объектисине күбөлүктүн болушу;
- келишимдин үч нускасы, алардын бири сөзсүз түп нуска болуусу керек;
- иштерди жүргүзүүгө ишеним кат, эгерде өкүл дайындалган болсо;
- алым, жыйым төлөнгөндүгү жөнүндө документ.

Ылайыктуу алымды, жыйымды төлөмөйүн өтүнмөнү карап чыгуу жүргүзүлбөйт. Бул талап бузулган учурда арызда көрсөтүлгөн билдирүүчүнүн дарегине аны алган күндөн тартып эки айдын ичинде берилбей калган же оңдолгон документтерди көрсөтүүсүн сунуштаган сурам жиберилет. Бул учурда келишимди карап чыгуу мөөнөтү билдирүүчү кемчиликтерин четтете турган мезгилге узартылат.

Көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде суралган материалдар билдирүүчү тарабынан берилбеген учурда келишим боюнча иш алып баруу токтотулат. Өтүнүүчүгө келишимдин эки нускасы жана коргоо документи кайтарылып берилет. Келишимдин бир нускасы (түп нуска) иш алып баруу материалдары менен Кыргызпатентте калат.

Келишимди маңызы боюнча карап чыгуу ылайыктуу таризделген документтердин толук комплектиси болгон кезде жүргүзүлөт. Маңызы боюнча экспертизанын жүрүшүндө келишимдин жоболорунун мыйзамдарга ылайык келүүсү, ошондой эле келишимде өз ара бири-бирин четтетүүчү жоболордун жок экендиги аныкталат.

Төмөндөгүлөрдү камтыган келишимдерди каттоого болбойт:

- мыйзамдарга карама-каршы келүүчү шарттар, атап айтканда, мурда түзүлгөн келишимге ылайык башка жакка өткөрүлүп берилүүчү укуктардын көлөмү толук же бир бөлүгү дал келген учурда, келишимде өткөрүп берүүчү тарап катары чыккан жак укуксуз болгон учурда;
- патент боюнча өзгөчө лицензия берүүнү, эгерде ага ачык лицензия берүү жөнүндө арыз берилген болсо;
- эгерде берилген коргоо документи боюнча мурда катталган келишимдер бар болсо, мындай учурда лицензиатка карата мурунку укук ээсинин укуктары жана милдеттери укук мураскерине кандай деңгээлде жана формада өтөт;
- өз ара бири-бирин четтетүүнү камтыган жоболор, анткени бул бир маанилүүлүктүн жок экендигин жана кели-

шимдин жактары тарабынан милдеттенмелердин маанисин толук түшүнүүнүн жок экендигин күбөлөндүрөт.

Келишимди каттоо боюнча тоскоол болуучу кырдаалдарды тапканда Кыргызпатент келишимди каттоо мүмкүн эместиги жөнүндө далилдүү чечим чыгарат. Ылайыктуу оңдоолорду жана/же кошумчаларды киргизгенден кийин келишим кайрадан каттоого берилиши мүмкүн. Бир жактуу тартипте түзүлгөн кол коюлган келишимге оңдоолорду жана кошумчаларды киргизүүгө жол берилбейт.

Ылайыктуу таризделген документтердин комплектиси бар болгон жана келишимдин жоболору мыйзамдарга ылайык келген, ошондой эле өз ара бири-бирин четтетүүчү жоболор бар болгон учурда, Кыргызпатент келишимди каттоо жөнүндө чечим чыгарат жана аны каттайт. Келишимдин акыркы бетинде каттоо номерин, катталган күнүн, келишимдин барактарынын жана анын тиркемелеринин санын көрсөтүү менен анын катталгандыгы жөнүндө мөөр басылат.

Өткөрүлүп берилүүчү укуктардын көлөмү жана өткөрүп алуучу тараптын же укук мураскеринин аталышы коргоо документине коюлат. Укуктарды өткөрүп берүүнү каттоо жөнүндө белги коюлган коргоо документи жана келишимдин эки нускасы арызда көрсөтүлгөн өтүнүүчүнүн дарегине жөнөтүлөт.

Укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимди каттоонун жол-жоболорун жүзөгө ашыргандыгы үчүн, алымдар жөнүндө Жобого ылайык алым, жыйым, интеллектуалдык менчик объектилерин каттагандыгы үчүн жыйым төлөнөт. Укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимди каттоо жөнүндөгү арызга алымдын, жыйымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ – төлөм тапшырма же квитанция тиркелет. Төлөм документи ылайыктуу өлчөмдө алым, жыйым төлөнүүчү аракеттин аталышын камтуусу керек.

Алым, жыйым төлөнгөндүгү жөнүндө документ Кыргызпатенттин алыш-бериш эсебине которгон же кассага төлөгөн күндөн тартып үч айдын ичинде жарамдуу.

Алымдын, жыйымдын ылайыктуу өлчөмүн төлөөсүз келишимди карап чыгуу жүргүзүлбөйт жана документтер өтүнүүчүгө кайтарылып берилет.

Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө катталган келишимдер, интеллектуалдык менчиктин корголгон жана корголбогон объектилерин эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында пайдалануусу, интеллектуалдык менчик объектилерин пайдаланууга укуктарды өткөрүп берүү боюнча укук ээлеринин активдүүлүгүн карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн бере турган автоматташтырылган маалымат базасына киргизилет.

Катталган келишимдер жөнүндө маалыматтар Кыргызпатенттин расмий бюллетенинде төмөндөгүдөй көлөмдө жарыяланат:

– өткөрүлүп берилүүчү укуктардын көлөмү;
– келишим предмети;
– тараптардын аныктамасы;
– аракеттенүү аймагы;
– аракеттенүү мөөнөтүн убагынан мурда токтотуу же узартуу жөнүндө маалыматтар.

Келишимдердин мазмундары жашыруун жана коммерциялык сыры бар болуп эсептелет, үчүнчү жактарды Кыргызпатенттеги келишимдин тексти жана ага тиркемелер менен тааныштырууга келишимдин тараптарынын жазуу жүзүндөгү макулдашуусу менен гана жол берилет.

### 12-баптын атайын адабияты

1. *Блинников В.И., Дубровская В.В., Сергиевский В.В.* Патент: от идеи доприбыли.– М.: Мир, 2002. – 333 с.

2. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

3. *Евдокимова В.Н.* Что нужно знать, заключая лицензионный договор? // Патенты и лицензии. – 1996.– № 5. – С. 15 – 22.

4. *Золотых Н.И.* Структура и содержание лицензионных соглашений // Проблемы интеллектуальной собственности. – 1996.– № 5. – С. 33 – 40.

5. *Киселев С.И.* Передача технологий в развиваюшемся мире. Лицензирование и его особенности // Патенты и лицензии. – 1996.– № 4,5. – С. 19 –24, 22 – 30.

6. *Корчагин А.Д., Золотых Н.И., Зубкова Е.В. и др.* Правовые аспекты передачи технологий на коммерческой основе. – М.: ФИПС, 2000. – 197 с.

7. *Мухопад В.И.* Международная торговля лицензиями. Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1994. – 103 с.

8. *Мухопад В.И.* Интеллектуальная собственность в мировой экономике знаний. – М.: РГИИС, 2009. – 256 с.

9. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность: Учебное пособие для вузов/ Под ред. д.т.н.,проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 127 с.

10. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.

11. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н.,проф., член-корр. НАН КРР.О.Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

12. Передача прав на объекты интеллектуальной собственности // Сборник нормативно-правовых актов Кыргызской Республики. – Бишкек: Кыргызпатент, 1999. – 44 с.

13. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: ТЕИС, 1996 – 539 с.

14. *Соколов С.* Работа над текстом лицензионного договора // Интеллектуальная собственность. – 2000.– № 6. – С. 45 – 53.

15. *Трофимов С.* Проблемные вопросы безвозмездной передачи имущественных прав владельцев объектов промышленной собственности // ИС Промышленная собственность. – 2005.– № 4. – С. 28 – 32.

# 13-БАП. АВТОРДУК УКУК ЖАНА ЧЕКТЕШ УКУКТАР

## 13.1. Автордук укук

### *13.1.1. Автордук укуктун табияты жана концепциясы*

*Автордук укук* – бул чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжалары болгон илим, адабият жана искусство чыгармаларына багытталат. Ошону менен бирге автордук укук бул чыгармалардын багытына же деңгээлине же болбосо колдонулган ыкмасына карабай тиешелүү болот.

Дагы, автордук укук чыгарманын жарыкка чыккан-чыкпаганына карабай, бирок кандайдыр бир объективдүү формада автордун чыгармасын жарыкка чыгарууга мүмкүнчүлүк боло турганда колдонулат.

Өйдөкү аныктамалар Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзамында белгиленген. Ошону менен бирге бул аныктамалар Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун (ИМДУ) аныктамаларына туура келет.

Бул аныктамаларда так көргөзүлгөндөй автордук укук менен корголгон объекттер (чыгармалар) – илимде болобу, адабиятта же искусстводо болобу алар автордун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болушу керек. Эгерде чыгармачылык жок болсо, анда автордук укуктун объектиси дагы жок болот. Мисалы, телефон номурларынын же жөн эле кандайдыр бир тизмелер автордук укуктун объектилерине кошула албайт.

Албетте чыгармачылык ар кандай болушу мүмкүн, мисалы, системалаштырууда, белгилүү материалдарды чогултууда

жана башка (жыйнактар, сөздүктөр жана у.с.) чыгармачылык болушу абзел. Мындай учурларда автордук укук менен материалдын берилиш формасы корголот.

Эгерде чыгармачылык барбы же, жокпу деген талаш болсо, анда сот аркылуу гана экспертиза дайындалып чечим чыгарылат.

Автордук укук идеяларга, процедураларга, методдорго, концепцияларга, принциптерге, математикалык ыкмаларга жана ачылыштарга колдонулбайт.

Мындайча айтканда, автордук укук менен чыгармадагы автордун идеяларынын формасы (мазмуну) корголот, бирок идеялардын өзүлөрү эмес. Мисалы, эгер окумуштуу макаласында кеме куруу боюнча жазса, анда автордук укук менен бул макала корголот жана аны (макаланы) көчүргөнгө же анын экземплярларын автордун уруксатысыз сатканга тыюу салынат. Бирок кемени, башка бир адам өзүнчө, макалада жазылгандай курууга эч кимге тыюу салынбайт.

Автордук-укуктук коргоо үчүн негизги критерий бул чыгармачылык болуп эсептелет. Ошондуктан, чыгармалар көркөмдүк формасына, көргөзгөн ыкмасына, сапатына жана максатына же багышталган жагына карабай автордук укук тарабынан корголот. Мисалы, көркөм формасына карабай дегенде – музыкалык, адабияттык, сүрөттүк же скульптура чыгармалары болушу мүмкүн. Бул чыгармалар оозеки же жазуу жүзүндө чагылдырылышы мүмкүн. Чыгарма көркөмдүк деңгээли начар болобу же, мыкты болобу, анысына карабай корголушу керек. Же болбосо мазмундуу теория болобу, же жөнөкөй эле турмуштан алынган окуя болобу баары бир коргоо укугуна ээ болот.

Автордук укуктун объектилери жогоруда айтылгандай чыгармачылык сапатка ээ болуш керек, ошол эле учурда алар кандайдыр бир объективдүү формада көргөзүлүш керек, анткени автордук укук менен чыгарманын формалык түзүлүшү корголот.

Чыгарма объективдүү формада берилди деп эсептелет, эгер ал төмөнкү формаларда берилсе:

– жазуу түрүндө (кол жазма, машинкада басылган, нотага жазылган жана у.с.);
– аудио - же видеожазуу (механикалык, магниттик, санариптик, оптикалык жана у.с.);
– көлөмдүү-мейкиндик (скульптура, модель, макет, курулуш);
– оозеки (публикалык чыгарма, публикалык аткаруу), үчүнчү жактарга жеткирилген чыгармалар.

Автордук укук чыгарма элге жарыяланган болсо дагы, болбосо дагы автордук укукка ээ.

Чыгарма автордун макулдугу менен жалпы элге жеткиликтүү болсо,ал мейли басма түрүндө болобу, эл алдында аткаруу түрүндө болобу, эфирде берилеби, же башка ыкмалар мененби, тактап айтканда, элге тегиз таанымал жана жеткиликтүү болушу керек.

Элге жарыяланбаган чыгарманы эч ким сындаганга, цитталаганга же башкача аракеттерди жасаганга мыйзамдуу укугу жок болот.

Автордук укук чыгармачылык процесс учурунда автоматтык түрдө жана кандайдыр бир формалдык иш-аракеттерсиз эле башталат. Башкача айтканда, чыгарма жаралары менен формалдык шарттарсыз автордук укукка ээ болот. Көбүнчө мамлекеттерде жана бизде Кыргыз Республикасында ушундай, бирок кээ бир мамлекеттерде формалдык талаптар дагы коюлат, мисалы, чыгарманы депонирлөө, аманат кармоо, б.а. сактоо, каттоо, же б.а. чыгарманын кандайдыр бир мекемеде катталышы керек жана ал коргоо белгиси менен белгилениши керек, б.а. тегеректеги «С» (англисче copyright(C) – көчүрүү) белгиси менен.

Биздин мамлекетте формалдык түрдө каттоо талап кылынбашы да мүмкүн, бирок автордун же укук ээсинин ыктыярлуу калоосу менен азыркы учурда Кыргызпатентте атайын катталуусу толук ыктымал.

Автордук укук граждандык укуктун маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. БУУнун 1948-жылы кабыл алынган

адам укуктарынын Бүткүл дүйнөлүк Декларациясында, автордук укуктар адам укуктарынын өзгөчө укуктары деп белгиленген. Декларациянын 27- беренесинде мындай айтылат:

1) ар бир адам – коомдук маданий турмуштан эркин пайдаланууга, искусстводон рахат алууга, илимий прогресске катышканга жана анын жетишкендиктерин пайдаланганга укуктуу;

2) ар бир адам – ал автору болгон илимий, адабий же көркөм эмгектердин натыйжасында пайда болгон анын моралдык жана материалдык кызыкчылыктарын коргогонго укуктуу.

Объективдик мааниде автордук укук – бул илим, адабият жана искусство чыгармаларын жаратуудагы жана колдонуудагы пайда болгон укуктук катнаштарды тескеген жарандык укуктун жалпы нормалары болуп эсептелет.

Субъективдик мааниде автордук укук – бул илим, адабият жана искусство чыгармаларын жараткан жактарга (авторлорго) таандык болгон бардык өздүк мүлктүк эмес (моралдык) жана мүлктүк укуктар катары эсептелинет.

Автордук укук жагдайындагы мыйзам чыгаруучулук жарандык укуктун принциптеринин жана ушул институттун өзгөчө принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Юридикалык адабиятта мындай принциптерге төмөнкүлөр: автордун өз кызыкчылыгы менен жалпы коомдук кызыкчылыкты айкалыштыруу дагы чыгармачылык эркиндик, чыгармаларды жаратканга жана пайдаланганга авторлордун моралдык жана материалдык кызыкчылыктарын пайда кылуу, авторлордун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бүткүл күчаракет менен коргоо кирет.

Чындыгында, азыркы учурда дүйнө жүзүндө автордук укук менен корголуп жаткан канча илимий, адабий жана искусство чыгармалары бар экенин билиш абдан кыйын, бирок кээ бир сандарды айтса болот, мисалы, жаңы илимий же адабий китептердин аттарынын саны эле жылыга бир нече миллиондоп саналат, ал эми жаңы жазылган фонограммалардын сатылган көчүрмөлөрү бир нече миллиарддан ашса, фильмдердин жаңы чыккандарынын саны 5 миңден ашат. Бул объектилер жана

башка илим, адабият, искусство чыгармалары жана ар кандай аткаруулар, оюн коюлар жана эфирдик жана кабелдик мекемелердин берүүлөрү булар автордук укук жана чектеш укуктук объектилерге кирет.

Бүгүнкү күндө интеллектуалдык ишкердиктин натыйжалары, баалары абдан жогору болгон мүлктүк айлантууда өзгөчө түрдөгү товарлар катары катышып жатат. Бул товарлардын өзгөчөлүгү – аларды авторлордун макулдугу жок эле, белгисиз далай жактардын пайдалана алгандыгында.

### *13.1.2. Автордук укуктун объектилери*

Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамынын (мындан ары – мыйзам) 7-беренеси боюнча, автордук укуктун объектилери булар:

- адабий чыгармалар (көркөм-адабий, илимий, окуучулук, публицистикалык жана у.с.);
- драмалык жана сценарийлик чыгармалар;
- музыкалык чыгармалар, тексти бар же жок;
- хореографиялык чыгармалар жана пантомималар;
- аудиовизуалдык чыгармалар (кино-, теле-, видеофильм-дер, слайддар, жана башка кино-, теле-, видео чыгармалар), радио чыгармалар;
- живопись, скульптура, графика, дизайн чыгармалары жана башка көркөм өнөр чыгармалары;
- декоративдик-прикладдык жана сценографиялык искусство чыгармалары;
- архитектура, шаар куруучулук жана бакча-парктык искусство чыгармалары;
- фотографиялык чыгармалар жана фотография ыкмасына окшош жасалган чыгармалар;
- географиялык, геологиялык жана башка карталар, пландар, эскиздер жана география, топография жана башка у.с. илимдерге тиешелүү чыгармалар;
- ЭЭМ программалары, прикладдык программалар жана операциялык системалар менен кошо алганда жана электрондук маалымат базалары да кирет;

– мындан тышкары мыйзамдын 6-беренесине жооп берген ж.б. чыгармалар кирет.

Жогорку тизме азыркы учурдун коомдук катнаштарына ылайыкташкан тизме. Албетте, коомдун өнүгүшүнө жана техникалык прогресске жараша бул тизме өзгөрүлүшү мүмкүн, автордук укуктун жаңы объектилери пайда болушу да толук мүмкүн.

Адабият чыгармаларын чагылдыруучу форма – бул тил (сөздөр, фразалар, жана алардын айкаштары), ошондой эле тамгалардын, цифралардын жана символдордун айкашуулары. Математикалык жана химиялык формулалар дагы адабият чыгармаларына кирет.

ЭЭМ программалары дагы эл аралык макулдашуулардын негизинде адабият чыгармаларына кошулат. Кагазга түшүрүлгөн ноталык белгилер дагы адабият чыгармаларына киргизилген.

Кагазга түшүрүлгөн драмалык, музыкалык-драмалык, сценариялык чыгармалар дагы адабий чыгармалары катары корголот. Бирок, көп учурда бул чыгармалар сценада (сахнада) аткаруу аркылуу көргөзүлөт. Мындай учурда алар эл алдында, сахнада аткарылат же болбосо эфир аркылуу көргөзүлөт.

Ал эми хореографиялык чыгармаларды же пантомималарды кагазга түшүргөндө же сөз менен айтканда бул чыгармалардын формасы, маңызы бузулат. Ошол эле учурда хореографиялык чыгармаларды же пантомималарды видеожазуу аркылуу көргөзүү чыгарманын түпкү маңызын туура көрсөтөт десек болот.

Тексти менен же тексти жок музыкалык чыгармалар адабият чыгармалары катары дагы, үнжазуу (фонограмма), же оозеки аткаруу (ырдоо) катары дагы болушу мүмкүн.

Живопись чыгармалары катары искусствонун жалпактык формадагы чыгармалары катары таанылат, ал эми скульптура чыгармалар деп – искусствонун көлөмдүк чыгармалары аныкталат. Ошол эле учурда, жасаган (тарткан) ыкмасы, же колдонулган материалы, искусство чыгармасын айырмалаганга тиешеси жок катарында болот.

Аудиовизуалдык чыгармалар, кино– жана теле чыгармалары катары болушат. Чыгарма кинодо же телекөрсөтүүдө колдонулабы, бул чыгармалардын автордук укугу бирдей каралат.

Аудиовизуалдык чыгармалар – бул атайын техникалык каражаттар аркылуу көрүүгө жана угууга арналган, үнү мененби, же үнсүзбү бири-бири менен байланышкан тасма кадрлары. Аудиовизуалдык чыгармалар кинематографиялык чыгармаларды камтыйт жана ошондой эле кинематографиялык каражаттарга окшош каражаттар менен түзүлгөн теле - жана видеофильмдерди, диафильмдерди жана слайддарды камтыйт.

Слайд-фильмдер жана диафильмдер башка аудиовизуалдык чыгармалардан кескин айырмаланып турат, анткени булар дискреттик түрдө, же б.а. үзгүлтүктүү көргөзүлүп кабыл алынат. Ошондуктан булар фотографиялык чыгармалар сыяктуу болуп, дал ошондой корголушу мүмкүн.

Графикалык аңгемелер жана комикстер өзүлөрүнүн курамына адабияттык чыгармаларды камтышы мүмкүн. Алар слайд-фильмдер жана диафильмдер сыяктуу болуп түзүлөт, анткени бири-бирин алмаштырып турган көрүнүштөрдөн болушат. Көпчүлүк учурларда комикстер менен слайд-фильмдерди айырмалаш кыйындыкка турат, анткени слайд-фильмдин пленкада, ал эми комикстин кагазда көргөзүлгөнү буларды айырмалаган критерий боло албайт.

ЭЭМ программалары адам окуй тургандай болушу, же машина окуй тургандай формада болушу да мүмкүн. Андан тышкары, алар кандайдыр бир формалдуу «тилде» да жазылышы ыктымал (Фортран, Эксел, Ассемблер, Бейсик тилдери менен ж.у.с.).

Жогоруда айтылган ЭЭМ программаларынын жазуу формалары же тилдери – булар ЭЭМдин программаларынын тышкы гана формалары, ошондуктан автордук укуктун объектиси катары ЭЭМдин программаларына тиешеси жок.

Автордук укуктун объектиси катары ЭЭМ программалары – бул кандайдыр натыйжа алыш максатындагы ЭЭМди иштете турган командалардын жана маалыматтардын объективдүү формасында берилген жыйындысы.

ЭЭМ программалары айтылган тышкы формаларына карабай корголот. ЭЭМ программасынын бир тилден экинчи тилге которулганы автордук укук менен корголгон котормо катары бааланбайт.

Декоративдик-прикладдык искусство чыгармалары – турмуштук практикада колдонулуучу буюмдарга түшүрүлгөн искусствонун (өнөрлүк) жалпак же көлөмдүү түрдөгү формалары, алар – көркөм-өнөр чыгармаларын, же өнөр жай ыкмасы менен чыккан чыгармаларды дагы камтыйт.

Декоративдик-прикладдык чыгармалар – көркөм искусство чыгармаларынын эле бир түрү десек болот. Бирок, булардын башка көркөм искусство чыгармаларынан айырмасы – өнөр жайлык түрдө көбөйтүп чыгарылышы менен айырмаланат.

Мурунку учурда бизде, Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамы кабыл алына электе, «чектеш укуктар» жөнүндө түшүнүк да жок болучу. Бул мыйзамда «чектеш укуктар» жөнүндө түшүнүк берилди жана өзүнчө укуктук жактан бул укуктарды тескей турган нормалар да иштелип чыкты. Чектеш укуктар институту автордук укук институтуна абдан жакын, бирок өз алдынча коргоо өзгөчөлүктөрү болгондуктан, чектеш укуктардын объектилери илим, адабият жана искусство чыгармаларына киришпейт.

Чектеш укуктун объектилери: постановкалар, аткаруулар, фонограммалар жана эфирдик жана кабелдик берүүлөр. Булар багытына, мазмунуна, сапатына, ошондой эле көргөзүлгөн формасына же ыкмасына карабай корголот.

*Чыгармалардын түрлөрү*

Автордук-укуктук коргоо оригинал (түп нуска) чыгармалардан тышкары, алардан куралган туунду чыгармаларга дагы берилет. Мындай туунду чыгармалар оригинал чыгарма сыяктуу эле корголот, анткени аларды түзүш үчүн атайын билим дагы, чыгармачылык эмгек дагы талап кылынат.

Чыгарманын оригиналдуулугу анын жаңычылдыгына жана көркөмдүк баалуулугуна, же сапатына да көз каранды эмес. Чыгарманын оригиналдуулугу чыгармачылык ишмердиктин натыйжасы катары гана аныкталат.

Туунду чыгарма катары оригинал чыгарманын (чыгармалардын) авторунун (авторлорунун) макулдугу менен башкача түзүлгөн, кайра түзүлгөн же адаптацияланган чыгарма деп таанылат.

Туунду чыгармалардын корголо турган эки тобу бар:

- өзүмдүк – котормолор, адаптациялар, аранжировкалар жана башка чыгармалардын кайра түзүүлөрү;
- өзүмдүк эмес – справочниктер жана жыйнактар, маалымат базалары.

Туунду чыгарманы коргоо укугу ал түзүлгөн чыгармалардын коргоо укугун бузбайт. Ага карабастан, жалпы эреже жана мыйзам боюнча туунду чыгарманы басып чыгаруу үчүн анын авторунун гана эмес, чыгармалардын ар биринин авторунун укуктарын сактоо шартында чыгарманы түзүү үчүн колдонулган чыгармалардын авторлорунун да макулдугу талап кылынат.

Бул түшүнүктөр эмне үчүн автордук укукту коргоого киргизилгенин карайлы.

Адаптация, аранжировка мурдагы болгон формасында эле же башка формада жана анын негизинде чыгарылган жаңы чыгарманы түзүүнү билдирет. Башкача айтканда, башка автордун чыгармасы жаңы чыгарма үчүн «пайдубал» болуп саналат. Музыкалык аранжировкалар, инсценировкалар, экрандаштырылган сценарийлер, үн жазуулар, искусство чыгармаларынын жана рефераттардын көчүрмөлөрү – булардын баары эмгекке оригиналдуулук тартуулап, ошону менен катар аны автордук-укуктук коргоонун объектиси кылган атайын билимди, чеберчиликти жана чыгармачыл күч-аракеттерди талап кылат.

Котормо да оригиналдуу чыгармага негизделет, бирок адаптациядан, аранжировкадан айырмаланат, анткени анын

максаты – оригиналдын текстин башка тилде бир кыйла тагыраак берүү. Бул милдетти аткаруу үчүн пайдаланылып жаткан эки тилди гана эмес, көп учурларда котормонун өзүнүн предметин билүү талап кылынат.

Жыйнактар, маалымдамалар, энциклопедиялар, ЭЭМ маалыматтар базасы белгилүү бир максаттар үчүн жана белгилүү бир тартипте тандалып алынган ар түрдүү авторлордун чыгармаларын камтыйт. Ошентип, жаңы чыгармалар түзүлөт, мисалы, ырлардын же аңгемелердин антологиясы. Мындай учурларда антология же энциклопедия (эгер алар мурда жарыяланган эмгектерден түзүлгөн болсо) андагы материалдарды тандап алуу жана жайгаштыруу оригиналдуу болуп саналган шартта гана өз алдынча чыгармалар болуп эсептелет.

Маалыматтар базасы – бул маалыматтар ЭЭМ жардамында табыла турган жана иштелип чыга тургандай кылып системаланган маалыматтардын, макалалардын, эсептөөлөрдүн жыйнактарын чыгаруунун жана уюштуруунун объективдүү формасы. Бул мындай маалыматтарды ЭЭМде табууга боло тургандай түзүүнү билдирет. Мисалы, китепкананын маалыматтар базасы китептин аталышы же автордун фамилиясы, аты жана атасынын аты боюнча китеп жөнүндө ар түрдүү маалыматты алууга мүмкүн болгондой түрдө түзүлөт.

Адабий чыгармалардын жана материалдардын жыйнагы адабий чыгарма болуп саналбайт; музыкалык чыгармалардын жыйнагы музыкалык чыгарма эмес.

Жыйнакка киргизилген материалдар бир түрдүү да, ар түрдүү да болушу мүмкүн.

Котормочулардын жана башка туунду чыгармалардын авторлорунун автордук укуктары башка адамдар өздөрүнүн котормолорун ишке ашыруусуна жана мурда пайдаланылган ошол эле чыгармаларды кайра иштеп чыгуусуна тоскоолдук кылбайт.

Туунду жана курама чыгармалар негизделген же камтыган чыгармалардын автордук укугунун объекти болуп саналганына карабастан, автордук укук тарабынан корголот.

Курама чыгармалар өз ичине чыгармаларды эмес, башка материалдарды камтый алат.

Механикалык же техникалык эмгек жыйнакты автордук укуктун объекти болушуна алып келбейт. Шаардын жашоочуларынын алфавиттик телефондук китеби автордук укук менен корголбойт. Композитордун музыкалык чыгармаларынын хронологиялык тартипте саналган толук тизмеги да автордук укук менен корголбойт.

«Глинканын үч мыкты пьесасы» тибиндеги жыйнак жаңы болсо да, ошол объектиде оригиналдуулуктун жоктугуна байланыштуу автордук укук менен корголушу керек болбойт.

*Автордук укуктун объектилери болуп саналбаган чыгармалар*

Окуялар жана фактылар жөнүндө идеялар, принциптер, методдор, процесстер, системалар, ыкмалар, билдирүүлөр автордук укук менен корголбойт. Анткени жогоруда көрсөтүлгөндөр автордук укуктун объектилери болуп саналбайт, демек, чыгармалардын кандайдыр бир белгилерине ээ болбогон чыгармалар да корголбойт. Мисалы, материалдык формада берилбеген же чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжасы болуп саналбаган объектилер.

Автордук укуктун объектилерине таандык болбогон чыгармаларга төмөнкүлөр кирет:

- расмий документтер жана алардын расмий котормолору (мыйзамдар, токтомдор, жарлыктар, чечимдер ж.б.у.с.);
- расмий символдор жана белгилер (желектер, гербдер, ордендер, акча белгилери жана башка мамлекеттик символдор);
- элдик чыгармалар;
- күндөлүк жаңылыктар жөнүндө билдирүүлөр же адаттагы пресс-маалыматынын мүнөзүнө ээ болгон, учурдагы окуялар жөнүндө билдирүүлөр;
- жекече чыгарманы түзүүгө түздөн-түз багытталган, адамдын чыгармачылык ишмердүүлүгү көрсөтүлбөгөн

белгилүү бир чыгармалар үчүн арналган техникалык каражаттардын жардамында алынган натыйжалар.

Автордук укук тарабынан корголбогон чыгармаларга эл аралык келишимдерде белгиленбегендиктен, Кыргыз Республикасынын территориясында автордук укугу корголбогон чет элдик авторлордун чыгармаларын кошууга болот.

Документтердин расмий мүнөзү, ошондой эле символдордун жана белгилердин мамлекеттик мүнөзү – бул өз ара бири-биринин ордун алмаштыруучу жана бири-биринен ажыратууга кыйын болгон түшүнүктөр. Мисалга алсак, Кыргыз Республикасынын мыйзамы расмий гана эмес, мамлекеттик да документ, ал эми Кыргызстандын желегин мамлекеттик гана эмес, расмий да символ деп атоого болот.

Башкача айтканда, мамлекеттик органдын атынан чыккан (бекитилген, басып чыгарылган ж.б.у.с.) ар кандай объект расмий мүнөздү алып жүрөт. Бирок кээ бир объектилер мамлекеттик мүнөзгө эмес, расмий гана мүнөзгө ээ. Мисалы, чарбалык талаш боюнча арбитраждык соттун чечими расмий чечим болуп саналат, бирок мамлекеттик чечим болуп саналбайт.

Расмий же мамлекеттик мүнөздү алып жүргөн объектилер кеңири жана тоскоолдуксуз таратылышы керек. Аларды пайдалануунун көлөмүн жана мүнөзүн аларды чыгаруучулар – иштеп чыгуучулар, аларды негиздеген же аларды чыгаруу жана пайдалануу укугу бар адамдар эмес, коомдун суроо-талаптары аныктайт. Ошондуктан алар чыгарманы пайдаланууда чектөөлөрдү алдын алган автордук укук менен корголбойт.

«Мамлекеттик» деген сөздү чектөөлөрдү коюучу деп чечмелөөгө болбойт: автордук укук менен Кыргызстанга, чет мамлекеттерге таандык символдор жана белгилер гана корголбойт, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык символдор жана белгилер корголот.

Мыйзам, сот өкүмү, котормо, желек, герб, белги, гимн ж.б.у.с. расмий же мамлекеттик документ, символ, белги, гимн катары бекитилгенге же кабыл алынганга чейин, алар илимий, адабий жана искусство чыгармасы катары болот жана автордук укук менен корголот.

Мыйзамдын долбоору – корголгон адабий чыгарма, мамлекеттик ордендин, гимндин эскизи ж.б.у.с. искусство чыгармасы болгондугу шексиз.

Ошондуктан автордук укук менен мындай корголгон чыгарманы расмий же мамлекеттик документке, символго, белгиге айландыруу үчүн чыгарманын авторунун макулдугу зарыл.

Мындай макулдук бардык мүлк укуктарын ошол эле учурда бардык мүлктүк эмес жеке укуктарын сатып алуу же бекер алуу жөнүндө келишимди билдирет. Кээ бир учурларда, адамгерчилик боюнча автордук укук жана ал тургай ысым укугу да урматталат жана белгиленет.

Эл чыгармачылыгынын чыгармалары автордук укук менен корголбойт. Эл чыгармачылыгына фольклордук чыгармалар, бул түшүнүккө салттуу кесиптер жана декоративдик-прикладдык искусствосунун чыгармалары да кирет.

Бул чыгармалардын негизги белгиси – салттуулук, муундан муунга өткөн дээрлик толук кайталануучулук; улам жаңы түзүлгөн объектинин оригиналдуулугуна дем берилбейт.

Бирок бул элдик чыгармаларда оригиналдуулук эч болбойт дегенди билдирбейт.

Элдик чыгармалар автордук укук менен корголбогондугунун негизги себеби андай чыгарманын авторун аныктоого мүмкүн болбогондугунда турат.

Чындыгын айтканда, эл чыгармасынын «автору» ошол чыгарманы жараткан, өнүктүргөн жана өзүнүкү деп эсептеген улуттук-этностук группа же эл болуп саналат.

Кээде элдик манасчылар жана фольклордук салттарды билгендер жомокторду, дастандарды ж.б.у.с. элдик чыгармаларды оригиналдуу түрдө айтып беришет.

Ошондой учурда алар туунду чыгармалардын (иштелип чыккан чыгармалардын) авторлору болуп калышат, бирок элдик чыгарманын өзүнө карата автордук укукка ээ болушпайт.

Автордук укук менен корголгон объектилердин ичинен маалыматтык мүнөзгө ээ болгон окуялар жана фактылар жөнүндө кабарлар эрежеден тышкары Берн конвенциясынын нормаларына негизделет, анда «бул Конвенция тарабынан

көрсөтүлгөн коргоо күндөлүк жаңылыктар же жөнөкөй пресс-маалымат мүнөзүндөгү ар түрдүү окуялар жөнүндө, т.а. оригиналдуу эмес, окуяларды жана фактыларды жөнөкөй, механикалык, чыгармачыл эмес түрдө экинчи түргө айландырууну билдирген кабарларга тиешеси жок деп белгиленген.

### *13.1.3. Автордук укуктун субъектилери*

Авторлор жана укук ээлери автордук укуктун субъектилери боло алышат.

Мыйзам автордук укуктун субъектилеринин төмөнкүдөй түрлөрүн айырмалап көрсөтөт: автор, аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочу, жумуш берүүчү, Кыргыз Республикасынын атайын ыйгарым укуктуу органы, уюмдар, авторлордун коллективдик негиздеги мүлк укуктарын башкаруучулар.

*Автор* – бул чыгармачылык эмгек менен чыгарма жараткан жеке адам.

Мурда белгиленгендей, илимий, адабий жана искусство чыгармаларынын автордук укугу чыгарманын жаратылуусунан улам келип чыгат. Автордук укуктун келип чыгуусу үчүн чыгарманы каттоо же кандайдыр бир башка формалдуулуктарды сактоо талап кылынбайт.

Автордук укуктун келип чыгышын шарттаган укуктук факт чыгарманын жаратылган фактысы болуп саналат.

Мыйзам автордук укуктун субъектилеринин чөйрөсүн чектебейт. Жаш-курак, жарандык, эмгекке жарамдуулукка жетишүү ж.б.у.с. мааниге ээ эмес.

Автордун укугу автордук укуктун башка субъектилеринен кеңири. Авторго гана мүлктүк укуктар (чыгарманы пайдалануунун өзгөчө укугу) да, жеке мүлктүк эмес укуктар да таандык. Автордук укуктун калган субъектилери чыгармага карата мүлктүк гана укуктарга ээ боло алышат, анткени мыйзам чыгарманы жараткан инсандын мүлктүк эмес жеке укуктарынан ажыратылбастык принцибин белгилейт.

Автордук укук автордун бүткүл өмүрү бою жана анын өлүмүнөн кийин 50 жыл күчүн жоготпойт.

*Чет элдик жаран автордук укуктун субъекти катары*. Жалпы эреже боюнча эгер чет элдик жарандын чыгармасы Кыргыз Республикасынын территориясында жарыяланган болсо же жарыяланбаса да, анын территориясында кандайдыр бир объективдүү формада турган болсо, анда чет элдик жаран автордук укуктун субъекти боло алат.

Эгер чет элдик жарандын чыгармасы жарыяланса да, же жарыяланбаса да, Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары кандайдыр бир объективдүү формада турган болсо, анда ал Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык кыргыз автордук укугунун субъекти болуп таанылат.

Мыйзам, өз кезегинде, авторлордун төмөнкүдөй категорияларын айырмалап көрсөтөт: авторлоштор, жыйнактардын жана башка курама чыгармалардын авторлору, туунду чыгармалардын авторлору, аудиовизуалдык чыгармалардын авторлору.

*Тең авторлор (авторлоштор)*. Эки же андан ашык жарандын биргелешкен чыгармачылык эмгеги менен жаралган чыгарманын автордук укугу мындай чыгарма ажырагыс бир бүтүн чыгарма болгондугуна же ар бир бөлүгү өз алдынча маанидеги чыгарма болгондугуна карабай, тең авторлорго таандык болот.

Мыйзамдын бул аныктамасынан улам тең авторлуктун эки түрү: бирге жана өзүнчө түрлөрү келип чыгат.

Бирге тең авторлукта чыгарма бирдиктүү бүтүн чыгарманы билдирип, аны өз алдынча бөлүктөргө бөлүүгө мүмкүн эмес, мисалы, бир тууган Вайнерлердин «Боорукерлик доору» («Эра Милосердия») романы.

Мындай учурларда тең авторлорго бүтүндөй чыгарманын автордук укугу таандык болот.

Тең авторлордун арасындагы мамилелер, адатта, келишимдин негизинде аныкталат. Андай келишим түзүлбөгөн учурда чыгарманын автордук укугу бардык авторлорго берилет, ал эми сый акы аларга тең бөлүнүп берилет.

Бирге тең авторлукта авторлордун бири да чыгарманы пайдаланууга тыюу салууга негиздер жетишсиз болсо, анда чыгарманы пайдаланууга тыюу салууга укуксуз.

Тең авторлордун биргелешкен эмгеги менен өз алдынча айрым бөлүктөрдөн турган чыгарма жаратылат (өзүнчө тең авторлук). Андай чыгармаларга (тексттин) сөздөрү жана музыкасы бириктирилген обондуу ырлар кирет. Мындай учурларда өзүнчө тең авторлук болот, анткени чыгарманын ар бир бөлүгү өз алдынча мааниге ээ, ал бөлүгүн бул чыгарманын башка бөлүктөрүнөн өзүнчө пайдаланууга болот. Тең авторлордун ортосунда келишимдерде каралбаса, анда алардын ар бири өзүнө тиешелүү бөлүгүн өзү каалагандай пайдаланууга укуктуу.

*Курама чыгармалардын авторлору*. Түзүүчү – курама чыгарманын автору, анын чыгармачыл эмгегинин натыйжасы материалдарды тандап алуу жана жайгаштыруу болуп саналат.

Курама чыгармага кирген чыгармалардын авторлорунун ар биринин укуктарын коргоо шартында курама чыгарманын автордук укугу түзүүчүгө таандык болот.

Түзүүчүнүн автордук укугу курама чыгармага кирген чыгармалардын авторлорунун укуктарына зыян келтирбеши керек.

Курама бир чыгармага киргизилген эки же андан ашык макаланын авторлору авторлош болбойт, алар өзүнүн чыгармасынын автордук укугун сактап калышат жана өзүнүн чыгармасын бүтүндөй жыйнактан өзүнчө пайдалана алышат.

Муну менен катар, түзүүчүнүн автордук укугу башка адамдардын курама чыгармаларын түзүү үчүн ошол эле материалдарды өз алдынча тандап алууга жана жайгаштырууга тоскоолдук кыла албагандыгын эске алуу керек.

Бул өзгөчөлүк чыгармачыл эмгектин натыйжасы так ошол автордун материалдарды тандап алуу жана жайгаштыруу системасы болуп саналгандыгында турат.

Жыйнакка жайгаштырылган чыгармаларга түзүүчүнүн автордук укугу жок.

Курама чыгармаларга карата энциклопедияларды, энциклопедиялык сөздүктөрдү, мезгилдик жана улантылуучу илимий эмгектердин жыйнактарын, газеталарды, журналдарды жана башка мезгилдик басылмаларды басып чыгаруучуларга

бул басылмаларды пайдалануунун өзгөчө укуктарын мыйзам бекитип берет.

Мындай басылмалар ар кандай колдонулганда басып чыгаруучу өзүнүн аталышын көрсөтүүгө же ошондой көрсөтмөнү талап кылууга укуктуу.

Мындай басылмаларга киргизилген чыгармалардын авторлору өзүнүн чыгармасын басылмадан өзүнчө пайдалануу келишимде каралбаган болсо, анда өз чыгармасын өзүнчө пайдалануу өзгөчө укуктарын сактайт.

*Туунду чыгармалардын авторлору*. Туунду чыгарманын автору чыгарманы которгон, кайра жазган, аранжировкалаган же дагы башкача иштеп чыккан адам болуп саналат. Ал адам которууга, кайра жазууга, аранжировкалаганга же дагы башкача иштеп чыгууга туш болгон чыгарманын авторунун укуктарын сактаган шартта ага ошол чыгарманын автордук укугу таандык.

Котормочулардын жана башка туунду чыгармалардын авторлорунун автордук укугу башка адамдар ошол эле чыгармаларды которуусуна жана кайра иштеп чыгуусуна тоскоолдук кылбайт.

*Аудиовизуалдык чыгармалардын авторлору*. Мыйзамда белгиленгендей, аудиовизуалдык чыгармалардын авторлору:

- сценарийдин автору (сценарист);
- ошол аудиовизуалдык чыгарма үчүн атайын түзүлгөн музыкалык (тексти бар же тексти жок) чыгарманын автору (композитор);
- койгон режиссеру;
- койгон оператору;
- койгон сүрөтчүсү.

Аталган авторлордун арасынан музыкалык чыгарманын автору өзгөчө орунду ээлейт. Мыйзамда композитор аудиовизуалдык чыгарманы эл алдында аткарган сайын, ошондой эле аудиовизуалдык чыгарманын нускаларын прокатка бергендиги үчүн сый акы алуу укугун белгилейт.

Аудиовизуалдык чыгарма – синтезделген чыгарма. Ал аталган адамдардын чыгармачыл күч-аракеттери менен жа-

ратылат. Бул чыгармалардын авторлоштугу бөлүнгүс, анткени аудиовизуалдык чыгарманын өзү бөлүнгүс. Бул чыгарма бирдиктүү бүтүндүктү билдирет. Ошондуктан аудиовизуалдык чыгарманын авторлорунун ортосундагы өз ара мамилелерде бирге авторлошууга тиешелүү жоболор колдонулат.

Аудиовизуалдык чыгарманы түзүүдө аудиовизуалдык чыгарманын авторлору даярдоочу менен келишим түзүшөт. Мыйзам аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочуну аудиовизуалдык чыгарма үчүн демилгени жана жоопкерчиликти өзүнө алган жеке же укуктук жак катары аныктайт.

Муну менен катар ал адам чыгарманы физикалык түрдө даярдоосу керек же, аны заказ берип жана даярдаганга акы төлөшү керек; аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочу тарабынан башка далилдер болбогон учурда бул чыгармада жеке же укуктук жактын аты же аталышы кадимкидей белгиленгендиги таанылат.

Даярдоочу көрсөтүлгөн келишимге ылайык негизги мүлк укуктарына ээ болот.

Аудиовизуалдык чыгарманы жаратуу үчүн келишим түзүүдө келишимде башкача каралбаса, анда бул чыгарманын авторлору аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочуга чыгарманы коюуга, жайылтууга, эл алдында аткарууга, жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу маалымат берүүгө, эфирден берүүгө же аудиовизуалдык чыгарманы ар кандай түрдө көпчүлүккө маалымдоого, ошондой эле аудиовизуалдык чыгарманы субтитр менен жазууга жана текстин көчүрүүгө өзгөчө укукту өткөрүп берүүсүнө алып келет. Аталган укуктар аудиовизуалдык чыгарманын автордук укугунун колдонулган мөөнөтү боюнча пайдаланылат.

Аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочу бул чыгарманы ар кандай пайдаланганда өзүнүн атын же аталышын көрсөтүүгө же көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу.

*Кызматтык тапшырманы аткаруу тартибинде түзүлгөн чыгарманын автору.* Мыйзам кызматтык чыгарманын төмөнкүдөй статусун аныктайт – жумуш берүүчүнүн кыз-

маттык тапшырмасын аткаруу тартибинде түзүлгөн чыгарма. Кызматтык чыгарманын авторуна жеке мүлктүк эмес укуктар, ал эми аны пайдалануунун өзгөчө укуктары жумуш берүүчүгө таандык.

Автордун мүлктүк укуктарына көз карандысыз түрдө, ага жеке мүлктүк укуктар таандык жана ал укуктар кандай гана болбосун сакталат.

Эгер жумуш берүүчү менен автордун ортосундагы келишимде көрсөтүлбөсө, анда жумуш берүүчүнүн кызматтык чыгарманы пайдалануу өзгөчө укуктары тапшырманын максаты менен шартталган ыкмада жана андан келип чыккан чектерде чектелген.

Мындан тышкары, жумуш берүүчүнүн кызматтык чыгарманы пайдалануу өзгөчө укуктары он жылдык мөөнөт менен чектелет.

Чыгарманы көрсөткөн учурдан баштап он жыл өткөндөн кийин, жумуш берүүчүнүн макулдугу менен – андан мурда да автордун чыгарманы пайдалануу укугу жана автордук сый акы алуу анын жумуш берүүчү менен түзгөн келишимине карабай, толугу менен ага таандык.

*Авторлордун коллективдик негиздеги мүлктүк укуктарын башкаруучу уюмдар.* Аталган уюмдардын статусу, функциялары жана милдеттери жөнүндө «Мүлктүк укуктарды коллективдүү башкаруу» бөлүмүндө толук берилет.

*Укуктук жактар автордук укуктун субъектилери катары.* Мыйзамга ылайык, укуктук жак келишим боюнча жана мыйзамдан улам өзгөчө укуктарга ээ болот.

*Мурасчылар автордук укуктун субъектилери катары.* Автордук укук мурас боюнча өтөт. Бул укуктардын колдонулган мөөнөтү – автордун өлүмүнөн кийинки 50 жылдын аралыгы. Мурастоо укугу автордун мүлктүк укуктарына карата келип чыгат.

Жеке мүлктүк эмес укуктар мурастоо боюнча өтпөйт (автордук укук, ысым укугу жана чыгарманын кол тийбестик укугу). Аталган укуктар мөөнөт менен чектелбейт, т.а., мөөнөтсүз

корголот. Автордун мурасчылары бул укуктарды коргоону ишке ашырууга укуктуу. Автордун мурасчылары болбогон учурда аталган укуктарды Кыргызпатент ишке ашырат.

Мурасчылар мыйзам боюнча жана керээз боюнча мурастоо тартибинде укуктарга ээ болушат. Мыйзам боюнча мурасчылардын чөйрөсүнө кирген да, кирбеген да ар бир жаран, ошондой эле укуктук жактар же, керээз боюнча мамлекет мурасчы боло алат.

Автордук укуктун бардык субъектилери өзүнүн мүлктүк укуктарын келишим боюнча ар кандай жеке жана укуктук адамдарга өткөрө алышат. Андай адамдар укук улантуучулар болуп саналышат жана келишимде белгиленген чектерде укуктарга ээ болушат.

### *13.1.4. Автордук укуктун мазмуну*

Чыгармага автордун өзгөчө укугу, өзүнө жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктарды камтыйт.

*Жеке мүлктүк эмес укуктар*

Автордун мүлктүк укуктарына көз карандысыз түрдө жеке мүлктүк эмес(моралдык) укуктар ага таандык жана анын мүлктүк укуктары башка адамдын интеллектуалдык менчигинин натыйжасына өткөн учурда да сакталат.

Мүлктүк эмес укуктар – бул мүлктүк эмес мүнөздөгү укуктар, т.а., автордун өздүгү менен тыгыз байланыштуу жана ошондуктан ажыратылгыс. Жеке мүлктүк эмес укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер жараксыз болуп саналат.

Чыгарманын авторуна төмөнкүдөй жеке мүлктүк эмес укуктар таандык:

1. *Автордук укук* – чыгарманын автору катары таанылууга эсептелчү укук. Ал автордун чыгарманы жаратуу боюнча эмгек фактысынын бекемделиши жана укуктук чагылдырылуусу болуп саналат жана ошону менен бирге ошол эле чыгармага башка адамдардын авторлугун таанууну жокко чыгарат. Автордукту башка адам ээ болуп алган учурда автор өзүнүн

кызыкчылыктарын автордук укукка таянып коргоону талап кыла алат. Бул укукту автор өзү гана ишке ашыруусу мүмкүн. Автордун өлүмүнөн кийин автордук укук токтойт. Бирок өлгөн автордун автордук укугун коргоо жөнүндө талаш автордун мурасчылары жана башка укук улантуучулары тарабынан сотто козголушу мүмкүн.

2. *Ысым укугу* – чыгарманы пайдаланууда автордун атын жазуу ыкмасынын укугу. Мыйзам тарабынан автордун атын белгилөөнүн үч ыкмасы: чын атын, ылакап атын (псевдонимин) жазуу жана атын жазбаган (анонимдүү) ыкмалары белгиленген.

Автордун атын жазуу ыкмасы автордук келишим түзүлүп жатканда белгилениши керек. Андан кийин автордун атын белгилөө ыкмасын өзгөртүүгө автордун да, пайдалануучунун да укугу жок.

Эгерде чыгарманын автору псевдоним менен же анонимдүү ысымды пайдаланса, автордун чын атын билген адамдар (аларга автор менен автордук келишим түзгөн чыгарманы пайдалануучу кирет) автордун макулдугу болбосо, анын ким экендигин ачууга укуксуз. Бирок кайсы бир чыгарманын автору белгилүү бир адам экендиги жөнүндө окумуштуунун изилдөөлөрүнүн натыйжалары жарыяланган эмгектеги ысым укук бузуу болуп саналбайт.

Автор каалаган учурунда өзүнүн псевдонимин же анонимин ача алат. Автор бир нече псевдоним алып жүрө алат.

Эгер автор өзүнүн чыгармасын псевдоним менен же атын жазбай пайдаланса, анда автор тирүү кезинде аты жарыяланбаган чыгармалары автор өлгөндөн кийин так ошондой пайдаланылышы керек.

3. *Чыгарманы жарыялоо укугу* – чыгарманы басып чыгаруу, көпчүлүк элге көрсөтүү, көпчүлүктүн алдында аткаруу, эфирде берүү жолу менен же башка ыкмада чыгарманы биринчи жолу жалпыга кабарлоо иш-аракетин ишке ашыруу укугу.

Автор өзүнүн чыгармасын жарыялоо укугун жарыяланбаган чыгармасында алгачкы пайдалануу же кызматтык чыгар-

маны жумуш берүүчүгө өткөрүп берүү жөнүндө келишимди түзүүдө ишке ашырат.

Чыгарманын мазмунундагы элементтерди, т.а., анын темасын, сюжетин жарыялоо, чыгарманын өзүн жарыялоо болуп саналбайт.

Эгер автордун өзү же анын макулдугу менен адамдардын кеңири чөйрөсү чыгарманы пайдалануусун камсыздоо боюнча иш-аракеттер болсо, анда чыгарма жарыяланган болуп саналат. Ошондой учурда гана чыгарма жарыяланган болуп эсептелет.

Эгер автор чыгармасын жарыялоо тууралуу өзүнүн чечимин өзгөртсө же, өзүнүн чыгармасынын кеңири пайдаланылышын каалабаса, ал өзүнүн пикир айтуу укугун пайдалана алат. Пикир айтуу укугу – өз алдынча болбогон, жеке мүлктүк эмес укук, автордун чыгарманы жарыялоо укуктуулугунун бир бөлүгү.

Эгер автор чыгармасын жарыялоого макулдугун берсе жана пикир айтуу жөнүндө чечим чыгарманы жарыялоого чейин кабыл алынса, анда автор бул жөнүндө пикир тууралуу келишим боюнча өзүнүн өнөктөшүнө билдирүүгө милдеттүү. Муну менен катар автор тарабынан көпчүлүккө билдирүү эч кандай талап кылынбайт.

Эгер автор чыгарма жарыялангандан кийин пикир тууралуу чечим кабыл алса, анда автор тарабынан көпчүлүккө билдирүү талап кылынат. Мындай билдирүү чыгарманы келишимсиз пайдаланууну токтотуу үчүн зарыл. Автор чыгарманын мурда даярдалган нускаларын сатыктан алып салууга укуктуу.

Эгер автордун чыгармасы кызматтык чыгарма болсо, анда чыгармага пикир айтуу укугун автор пайдалана албайт. Бирок кызматтык чыгарманы жарыялоо автор тарабынан ишке ашырылгандыктан, анда пикир айтуу укугу чыгарманы жумуш берүүчүгө өткөрүп бергенге чейин гана ишке ашырылуусу мүмкүн.

4. *Чыгарманын кол тийбестик укугу* – чыгарманы, анын аталышын кошо, ар кандай бурмалоолордон же автордун ар-

намысына жана абийирине шек келтирүүгө жөндөмдүү болгон башка бир зыян келтирүүдөн коргоо укугу.

Бул укуктуулуктун милдети – чыгарманы автордун ар-намысына жана абийирине зыян келтирген өзгөртүүлөрдөн жана бурмалоолордон коргоо болуп саналат.

Дегеле, чыгармага кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүү автордун макулдугу менен гана мүмкүн болот, анткени чыгарманы кайра иштеп чыгуу укугу автордун өзгөчө мүлктүк укугу болуп саналат. Эгер чыгарманы кайра иштеп чыгуу автордун ар-намысына жана абийирине зыян келтирсе, анда ал зыян автордун өзүнүн репутациясын коргоочу жеке укугун да козгойт.

Чыгарманын кол тийбестиги укугу чыгарманын өзү автордун оюн бурмалаган, кемсинткен ж.б.у.с. өзгөртүүлөргө же кайра иштеп чыгууга дуушар болбостон, иллюстрациялар, эскертүүлөр, түшүндүрмөлөр, соңку сөз ж.б.у.с. менен жабдылган учурларда гана күчүндө болот.

*Автордун мүлктүк укуктары жана алардын мүнөздөмөлөрү*

Мыйзамдын 16-беренесинде чыгарманы ар кандай формада жана ар кандай ыкмада пайдалануунун өзгөчө укуктары каралат.

Автордун чыгарманы пайдаланыудагы өзгөчө укуктары төмөнкүдөй иш-аракеттерди ишке ашырууну, уруксат берүүнү жана тыюу салууну билдирет:

1. *Чыгарманы чыгаруу* – чыгарманын бир же бир нече нускасын же анын ар кандай материалдык формадагы бөлүгүн даярдоо.

Ошондой эле чыгармадан аларды көрө ала турган образдардын же үндөрдүн сериясы (үн же видео жазуу) түрүндө көп жолу чыгарууга мүмкүндүк берген жазуу – чыгарманы чыгаруу болуп эсептелет. Автордук укук тууралуу мыйзамда чыгарманы чыгаруунун эки өлчөмдүү бир же, андан ашык нускасын, үч өлчөмдө жана үч өлчөмдүү чыгарманын бир же андан

ашык нускасын эки өлчөмдө даярдоо сыяктуу, ошондой эле чыгарманы ЭЭМ эс-тутумунда жазуу түрлөрү каралат.

2. *Нускаларды таратуу* – чыгарманын нускаларын, баарынан мурда, сатуу, сатууга сунуш кылуу, белекке берүү, алмашуу, кирреге берүү жана ушул сыяктуу иш-аракеттердин жолу менен жарандык пайдаланууга киргизүү.

Чыгарманы таратуу укугу чыгарманы чыгаруу укугу менен тыгыз байланыштуу.

Автордук келишимдерде көп учурларда чыгарманы таратуу укугу эске алынбайт.

Чыгарманы таратуу укугунан мыйзамдын 16-беренесинин 3-тарамында каралган укуктардын аякташы принциби келип чыгат. Бул принцип чыгарманын нускалары сатуунун жардамында жарандык пайдаланууга берилген учурларда колдонулат. Андан кийин нускаларды андан аркы таратуу автордун макулдугу болбостон жана сый акы төлөнбөстөн жүргүзүлөт. Укуктардын аякташы принцибин колдонуунун бир нече шарттары бар.

Биринчиден, таратыла турган чыгарма укук ченемдүү түрдө жарыяланууга тийиш.

Экинчиден, чыгарма, тактап айтканда, чыгарманын автордук укугунун ээсинин макулдугу менен жарандык пайдаланууга берилүүгө тийиш.

Үчүнчүдөн, чыгарманын нускалары жарандык пайдаланууга сатуу жолу менен, тагыраак айтканда, сатып алуу-сатуу келишиминин негизинде берилүүгө тийиш.

Укуктардын аякташы принциби чыгарманын нускасын сатып алган адам аны кирреге берүү укугунан тышкары, аны таратуу укугун алат. Мыйзамдын 16-беренесинин 3-тарамынын 2-абзацында көрсөтүлгөндөй, кирреге берүү укугу чыгарманын нускасына болгон менчиктик укукка карабай, авторго таандык болот. Ошентип, чыгарманын нускасына ээ болгон адам автордук укугу бар адамдан уруксат алганга чейин аны кирреге берүүгө укуксуз.

3. Таратуу максатында *чыгарманын нускаларын,* аны менен кошо автордук өзгөчө укуктун (импорттоо укугунун) ээсинин уруксаты менен даярдалган нускаларын *импорттоо*.

Укук жөнүндө адабияттарда импорттоо укугу чыгарманын нускаларын таратуу максатында ташып келүү укугу катары каралат, муну менен катар чыгарманын бардык нускалары мыйзамдуу түрдө: же автордун өзү тарабынан, же автордук өзгөчө укуктун ээсинин уруксаты менен даярдалгандыгы эске алынат.

Чыгарманын мыйзамсыз түрдө даярдалган нускаларын (контрофактылык продукцияны) импорттоо укугу берилбейт.

4. *Чыгарманы көпчүлүккө көрсөтүү* (көпчүлүккө көрсөтүү укугу).

*Чыгарманы көрсөтүү* – бул чыгарманын түп нускасын же нускасын тикелей же плёнканын, диапозитивдин, телевизиондук кадрдын же башка техникалык каражаттардын жардамында экранда көрсөтүү. Ошондой эле аудиовизуалдык чыгарманын айрым кадрларын демонстрациялоо да көрсөтүү болуп саналат.

Чыгарманы көрсөтүү үчүн анын түп нускасын пайдалануу милдеттүү түрдө эмес, чыгарманы көрсөтүү максатында анын көчүрмөсүн же мыйзамдын 4-беренесинде айтылгандай, чыгарманын нускасын пайдалануу укугу түрүндө таанылат. «Чыгарманын нускасы» термининин маанисин «материалдык ар кандай формада даярдалган чыгарманын көчүрмөсү» катары ачып берүүдө мыйзам чыгаруучу толук түрдө так бере алган эмес. «Түп нусканын нускасынын», т.а., чыгарма жаратылган, жазылган материалдык формасын да айырмалап түшүнүү керек. Ошентип, түп нусканы чыгаруунун натыйжасында алынган нускасы көчүрмө болуп эсептелет.

Чыгарманы көпчүлүккө көрсөтүү деген адамдар кирип-чыгуу үчүн ачык жерде же, үй-бүлөнүн курамына кирбеген көп адамдар болгон жерде көрсөтүүнү билдирет.

5. *Чыгарманы көпчүлүктүн алдында аткаруу* (*көпчүлүктүн алдында аткаруу укугу*). Чыгарманы аткаруу – чыгар-

маны, фонограмманы, аткарууну, сахналык чыгарманы оюнду, декламацияны, ырды, бийди жандуу аткаруу же техникалык каражаттардын (телерадио берүү, кабелдик телекөрсөтүү жана башка техникалык каражаттардын) жардамында аткарып көрсөтүү. Аудиовизуалдык чыгармалардын кадрларын үндүн коштоосу бар экендигине карабастан, ырааттуу түрдө көрсөтүү да аткаруу болуп саналат.

6. *Чыгарманы* эфирден берүү жана/же эфирден кайталап берүү (эфирден берүү укугу) жолу менен, ошондой эле чыгарманы жалпыга маалымдоо үчүн кабель, өткөргүчтөр же ушуга окшогон башка каражаттар (кабель аркылуу жалпыга маалымдоо үчүн маалымат берүү укугу) аркылуу *жалпыга маалымдоо үчүн маалымат берүү.*

7. *Чыгарманы которуу* (которуу укугу) – чыгарманын түп нускасынын тилин ишенимдүү, бурмаланбаган түрдө берүү.

Котормолор чыгармалардын түп нускалары менен тең катар укуктук коргоого ээ. Берн конвенциясынын 2-беренесинин 3-тарамында: «Котормолор, адаптациялар, музыкалык аранжировкалар жана башка адабий жана көркөм чыгармалардын кайра иштелип чыккан үлгүлөрү чыгарманын түп нускасынын авторунун укуктарына зыян келтирбестен, чыгарманын түп нускасы менен бирдей корголот.

Котормону ишке ашыруу үчүн чыгарманын түп нускасы корголбогон учурлардан тышкаркы учурларда автордун тиешелүү уруксатын алуу зарыл.

Котормочу чыгарманын мазмунун да, анын стилин да ишенимдүү жана бурмаланбаган түрдө берүүгө тийиш.

Котормочу чыгарманын структурасын кандайдыр бир ондоолордон, бурмалоолордон, өзгөртүүлөрдөн же, башка бир өзгөртүүлөрдөн сактануусу керек. Автордун макулдугу болбостон, кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүү автордун укугун бузуу болуп саналат.

Котормону жарыялоодо сөзсүз түрдө автордун аты же, псевдоними көрсөтүлөт же автор кааласа, чыгарма анонимдүү жарыяланат.

Ар кандай эле котормо автордук укуктун объектин билдирбейт, бирок чыгармачыл ишмердүүлүктүн продукту катары автордук укуктун маңызына жооп бере турган чыгарма гана автордук укуктун объектин билдирет.

8. *Чыгарманы кайрадан башкача иштөө, аранжировкалоо же чыгарманы башка бир түрдө кайра иштеп чыгуу* (чыгарманы кайра иштеп чыгуу укугу). Чыгармаларды кайрадан башкача иштөөнүн жыйынтыгы туунду чыгармалардын пайда болуусу болуп саналат, мындай чыгармалардын авторлоруна мыйзамда бекитилген жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктар таандык.

Туунду чыгарманын автору кайра иштеп чыгууга дуушар болгон чыгарманын авторунун укуктарын сактоо шартында өзү жараткан чыгарманын автордук укугун пайдаланат. Муну менен катар чыгарманы кайра иштелип чыккан түрүндө пайдалануу үчүн чыгарманын биринчи авторуна сый акы төлөнөт.

9. *Көркөм өнөр чыгармасын пайдалануу укугу* – чыгарманын менчик ээсинен көркөм өнөр чыгармасынын автору өзүнүн чыгармасын аткаруу укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүнү талап кылуу укугу.

Мындай талап чыгарманын менчик ээсине гана эмес, чыгарманын ээсине да коюлушу мүмкүн деп болжолдонот.

Автордун автордук укук объектин пайдалануу укугу анын түп нускасына карата да, чыгарманын көчүрмөсүнө карата да таанылышы мүмкүн.

10. *Колдонуу укугу* көркөм өнөр чыгармасын кайра сатуу фактысы менен байланыштуу. Көркөм өнөр чыгармасына менчик укугунун автордон башка адамга (кайтарымдуу же кайтарымсыз) өтүүсү ошол чыгарманын биринчи сатылышын билдирет.

Чыгарманы кайра сатуу авторго чыгарманы кайра сатуудагы баанын 5% өлчөмүндө сый акы алуу укугун берет, бул бир катар жагдайлар менен шартталган. Биринчиден, чыгарманы колдонуу укугу чыгарманы аукцион, көркөм өнөр галереясы, көркөм салону, дүкөн ж.б.у.с. аркылуу көпчүлүккө

кайра саткан учурда гана келип чыгат. Экинчиден, колдонуу укугу жогоруда аталган бүтүмдөрдү аткарган сайын күчүндө болот. Үчүнчүдөн, колдонуу укугу автордун жана анын мурасчыларынын ажыратылгыс укуктарын билдирип, алардын укуктарынын бардык мөөнөтү бою ишке ашырылат.

Авторго мыйзамда белгиленген сый акыны төлөөгө милдеттүү болгон субъект чыгарманы кайра саткан адам болуп саналат.

*Автордук укукту чектөө*

Автордук укуктун жалпы принциптери чыгарманын автору менен автордук келишимдин жардамында макулдашылуусу керектиги менен мүнөздөлөт. Бирок белгилүү бир социалдык максаттар бир катар учурларда автордук укуктун объектилерин эркин пайдалануунун режимин сунуштайт. Чыгарманы эркин пайдалануунун эки түрү бар:

- автордун уруксатын албай жана авторго сый акы төлөбөй пайдалануу;
- автордун уруксатын албай жана авторго сый акы төлөө менен пайдалануу.

Пайдаланылып жаткан чыгарманын авторунун аты жана алынган булагынын аты милдетүү түрдө көрсөтүлгөн, чыгарманы нормадагыдай пайдаланууга негизсиз зыян келтирбеген, автордун же башка бир ээсинин мыйзамдуу кызыкчылыктарына кысым көрсөтүүгө жол берилбеген шартта чыгарманы эркин пайдаланууга жол берилет.

Мындай учурлар мыйзамдын «Чыгарманын авторунун макулдугун албай жана авторго сый акы төлөбөй чыгарманы жеке максатта чыгаруу» деген 18-беренесиндеги жана «Чыгарманы автордун макулдугун албай жана авторго сый акы төлөбөй пайдалануу» деген 19-беренесиндеги нормаларда системалаштырылган жана толук көрсөтүлгөн.

Мыйзамдын 19-беренесинде чыгармаларды эркин пайдалануу учурлары сыпатталган, анын максаты маалыматты эркин таратуу болуп саналат. Мыйзам тарабынан автордун

макулдугун албай жана авторго сый акы төлөбөй, бирок автордун атын, пайдаланылып жаткан чыгарманын жана пайдаланылып жаткан булактын атын милдеттүү түрдө көрсөтүү менен чыгарманы пайдаланууга жол берилет:

1) илимий, изилдөөчүлүк, полемикалык, сындоо жана маалыматтык максатта укук ченемдүү жарыяланган чыгармалардын түп нускасынан жана котормосунан, басма сөздүн обзорлору формасында газета жана журналдардагы макалалардан алынган үзүндүлөрдөн цитата келтирүүгө ылайык көлөмдө цитата алуу;

2) укук ченемдүү жарыяланган чыгармалардан жана алардын үзүндүлөрүнөн окутуу мүнөзүндөгү басылмаларда, радио жана теле берүүлөрдө, үн жана видео жазууларда коюлган максаттарга ылайык көлөмдө пайдалануу;

3) учурдагы экономикалык, саясий, социалдык жана диний маселелер боюнча газеталарда же, журналдарда укук ченемдүү жарыяланган макалаларды же, эфирден берилген ушундай эле мүнөздөгү чыгармаларды газеталарда чыгаруу, эфирден берүү же жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу маалымдоого автор тарабынан атайын тыюу салынбаса, газеталарда чыгаруу, эфирде берүү же жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу маалымдоо;

4) көпчүлүк алдында айтылган саясий сөздөрдү, кайрылууларды, докладдарды жана башка ушул сыяктуу чыгармаларды маалымат берүү максатына ылайык көлөмдө жалпыга маалымдоо үчүн газеталарга чыгаруу, эфирден жана кабель аркылуу берүү;

5) учурдагы окуялардын жүрүшүндө көрүүгө же угууга боло турган окуялардын обзорундагы чыгармаларды жалпыга маалымдоо үчүн маалымат берүү максатына ылайык көлөмдө фотография каражаттары, эфирден берүү же, жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу берүү же, маалымат берүү. Муну менен катар автордун мындай чыгармаларын жыйнактарда жарыялоо укугу сакталат;

6) укук ченемдүү жарыяланган чыгармаларды киреше албастан, рельефтик-чекиттик шрифт менен же башка атайын

ыкмалар менен азиздер үчүн чыгаруу, чыгаруунун мындай ыкмалары үчүн атайын түзүлгөн чыгармалардан тышкары.

Укук ченемдүү жарыяланган чыгармаларды жеке максатта гана автордун макулдугусуз жана авторго сый акы төлөбөстөн, бир нускада кайра чыгарууга жол берилет (мыйзамдын 18-беренеси).

Бул жобонун эрежелеринен тышкары эрежелер төмөнкүлөр болуп саналат:

– архитектуралык чыгармаларды имарат жана ушул сыяктуу курулмалар формасында куруу;
– маалыматтар базасын же алардын ичинен маанилүү бөлүгүн кайра жасоо;
– мыйзамдын 25-беренесинде каралган учурлардан тышкары, ЭЭМ үчүн программаларды кайра жасоо;
– китептерди (толугу менен) жана ноталык тексттерди кайра чыгаруу.

Бул категорияда негизги акцент пайдалануу максатына коюлат: ал жеке адамга таандык болушу керек, тагыраак айтканда, кайра чыгарууну ишке ашырган адамдын пайдалануусу үчүн гана болушу керек.

Автордун макулдугусуз жана авторго сый акы төлөнбөстөн, бирок киреше албастан, бир нускада алууда, кайра чыгарууда пайдаланылган чыгарманын жана булактын авторунун аты милдеттүү түрдө көрсөтүлүп, бир нускада кайра чыгарууга жол берилет (мыйзамдын 20-беренеси):

а) китепканалар жана архивдер укук ченемдүү жарыяланган чыгармалардын жоголгон же айрылган нускаларын калыбына келтирүү, алмаштыруу, өз фонддорунан кандайдыр бир себептерден улам чыгармаларды жоготкон башка китепканаларга чыгармаларды берүү үчүн кайра чыгаруу;

б) жыйнактарда, газеталарда жана башка мезгилдик басылмаларда укук ченемдүү жарыяланган айрым макалаларды жана чакан көлөмдөгү чыгармаларды, укук ченемдүү жарыяланган (сүрөттөрү бар жана сүрөттөрү жок) жазуу чыгармаларынан кыска үзүндүлөрдү окуу жана изилдөө максаттарында

жеке адамдардын суроо-талаптары боюнча китепканалардын жана архивдердин кайра чыгаруусу;

в) жыйнактарда, газеталарда жана башка мезгилдик басылмаларда укук ченемдүү жарыяланган айрым макалаларды жана чакан көлөмдөгү чыгармаларды, укук ченемдүү жарыяланган (сүрөттөрү бар жана сүрөттөрү жок) жазуу чыгармаларынан кыска үзүндүлөрдү билим берүү мекемелеринин аудиториялык сабактар үчүн кайра чыгаруусу;

Репродукциялоо (репрографикалык кайра чыгаруу) – бул жазуу жана башка графикалык чыгармалардын түп нускаларынын же, көчүрмөлөрүнүн бир же андан ашык нускасын фото көчүрмөлөө же техникалык башка каражаттардын жардамында ар кандай өлчөмдө жана формада басып чыгарбастан, факсимиледе кайра чыгаруу; бул аныктамадан улам, репродукциялоо – кайра чыгаруу формаларынын бири экендиги көрүнүп турат.

Бул категорияда негизги акцент эркин пайдалануу субъектилерине коюлат – алар китепканалар, архивдер жана билим берүү мекемелери гана болуп саналат.

Мыйзамда чыгармаларды эркин пайдалануунун төмөнкүдөй түрлөрү да каралган:

а) эркин келип көрүү үчүн дайыма ачык жерде жайгашкан архитектуралык, фотографиялык, көркөм өнөр чыгармаларын автордун макулдугусуз жана авторго сый акы төлөбөстөн, эфирде берүүгө же, кабель аркылуу жалпыга маалымдоо үчүн маалымат берүүгө, чыгарманын сүрөттөлүшү мындай кайра чыгаруунун негизги объекти болуп саналган учурлардан тышкары эфирден жана кабель аркылуу жалпыга маалымдоо үчүн маалымат берүүгө же, чыгарманын сүрөттөлүшү коммерциялык максатта пайдаланылган убакта чыгарманы кайра чыгарууга жол берилет (мыйзамдын 21-беренеси);

б) расмий жана диний жөрөлгөлөр убактысында, ошондой эле сөөк коюуда, ошондой жөрөлгөлөргө тийиштүү мүнөздө музыкалык чыгармаларды автордун макулдугусуз жана авторго сый акы төлөбөстөн, көпчүлүктүн алдында аткарууга жол берилет (мыйзамдын 22-беренеси);

в) автордун макулдугусуз жана авторго сый акы төлөбөстөн, чыгармаларды сот өндүрүшү үчүн, бул максатка тиешелүү көлөмдө кайра чыгарууга жол берилет (мыйзамдын 23-беренеси);

г) автордун макулдугусуз жана авторго сый акы төлөбөстөн, чыгарманы эфирде берүүгө укук алган уюмга ошол чыгарманын жазуусун кыска мөөнөткө пайдаланып, эфирден берүүгө жол берилет (мыйзамдын 24-беренеси);

д) ЭЭМ үчүн программаларды эркин кайра чыгаруу жана ЭЭМ үчүн маалыматтар базаларын жана программаларды кайра түзүү (мыйзамдын 21-беренеси).

*Автордук укуктун колдонулган мөөнөтү*

Мыйзамда автордук укуктун колдонулган мөөнөтү автордун жашап турган мезгили жана анын өлүмүнөн кийин, автор өлгөн жылдан кийинки жылдын биринчи январынан эсептегенде, кошумча 50 жылдык мезгил аныкталган. Бул эрежеден тышкары мөөнөтсүз корголгон автордук укук, автордук ысым жана автордун репутациясын коргоо укугу болуп саналат.

Чыгарма анонимдүү же псевдоним менен жарыяланган учурда, аны коргоонун мөөнөтү чыгарманын жарыкка чыгарылган жылынан кийинки жылдын биринчи январынан эсептегенде, 50 жылга созулат. Эгер көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде аноним же псевдоним ачыкка чыгарылса, анда мыйзамдын 27-беренесинин 1-тарамында көрсөтүлгөн мөөнөттөр колдонулат.

Анонимдүү же псевдоним менен жарыяланган чыгармалардын авторлорунун укуктарын чыгармада аты жана аталышы көрсөтүлгөн басып чыгаруучу ишке ашырат.

Эгер чыгарма автор өлгөндөн кийин 50 жылдын ичинде биринчи жолу жарыкка чыгарылса, анда автордук укук биринчи чыгарылыштан кийин 50 жыл ичинде күчүндө турат. Мындай учурда автордун өлгөн убакыты мааниге ээ болбойт.

Авторлошуп чыгарма жараткан учурда, автордук укук башка авторлошторунан узак жашаган акыркы автордун

бүткүл өмүрүндө жана ал өлгөндөн кийин 50 жыл бою күчүндө турат.

Автордук укуктун колдонулуш мөөнөтү бүткөндөн кийин, мыйзамдын 28-беренесине ылайык, чыгарма коомдун энчиси болуп калат. Мындай учурда ар бир адам автордун мөөнөтсүз колдонулган автордук укугун, автордун атын жана автордун кадыр-баркын коргоону эске алуу менен чыгарманы ар кандай ыкмада пайдалана алат.

### *13.1.5. Автордук укукту өткөрүп берүү*

Автордук укуктар жеке кыймылдуу мүлк болуп эсептелет жана үчүнчү жактарга толугу менен же, жарым-жартылай өткөрүлүп берилет.

Авторлордун моралдык укуктарын тааныган автордук укук мыйзамдары боюнча бул укуктар чыгарманын жаратуучусунун инсандыгы менен байлыныштуу экендиги бир пикирден таанылат жана ошондуктан ажыратылбас жана өткөрүлүп берилбеген укуктар болуп саналат. Башкача айтканда, моралдык укуктар авторго гана таандык болот. Бул укуктарды ал өмүр бою өзү гана пайдалана алат жана эч бир башка адамга өткөрүп бере албайт.

Мыйзамдын 16-беренесине ылайык, «авторго анын чыгармасына карата чыгарманы ар кандай формада жана ар кандай ыкмада пайдалануу өзгөчө укугу таандык». Ушул эле беренеде чыгарманы пайдалануудагы автордун өзгөчө укуктары белгилүү бир иш-аракеттерди ишке ашырууну же андай аракеттерге уруксат берүүнү билдирет, атап айтканда, чыгарманы кайра чыгаруу, чыгарманын нускаларын таратуу, аны көпчүлүккө көрсөтүү ж.б.у.с. Мындай иш-аракеттерди турмушка ашыруу автордук келишим боюнча мүлк укуктары өткөрүлүп берилген шартта мүмкүн болот (мыйзамдын 30-беренеси).

Ал эми мүлк укуктарына карата айта турган болсок, мүлк укуктарын өткөрүп берүүгө болорлугу жана чыгарманы ар түрдүү ыкмаларда пайдалануу учурларында автор өзүнүн укуктарын башка адамдардын пайдалануусуна ыйгарым укук бере

алат. Автор өз чыгармасын башкалардын пайдалануусуна сый акы үчүн же, кааласа бекер эле ыйгарым укуктарды бере алат.

Автордук укуктун өткөрүлүп берүү жолу менен өтүшүнүн укуктук натыйжасы укук улантуучу автордук укуктун (буга кирген бардык укуктуулуктардын же, кандайдыр бир укуктун) ээси болуп калгандыгы болуп саналат. Ал өзүнүн жеке атынан иш-аракеттерди аткара алат, аны менен кошо анын автордук укуктарын бузгандарга каршы сотко доо арызы менен кайрыла алат. Башкача айтканда, укуктар бөлүнөт жана келишимдик тартипте өз-өзүнчө өткөрүлүп берилет.

Материалдык объектиден ажыратуу ага карата автордук укуктан ажыратууну билдирбегендиги баарына белгилүү. Мисалы, китепти, материалдык нерсеге жазылган музыкалык чыгарманы сатып алган адам аларды кайра чыгаруу укугун албайт. Автор тарабынан берилбеген укуктар ар дайым анын өзүндө сакталат.

Автордун укуктуулугу анын мүлктүк эмес өзгөчө укугу катары же, чыгарма өзүнүн жаратуучусунан чыгарылгандыктан жеке укуктар катары бааланат.

Интеллектуалдык чыгармачылыктан пайда болгон чыгармаларды жаратууга жана пайдаланууга байланышкан келишимдер жарандык-укуктук келишимдердин өз алдынча группасын түзөт. Ал келишимдердин бири уюмдар (басма үйлөрү, театрлар, радио жана киностудиялар ж.б.у.с.) тарабынан түзүлөт. Ошондой эле чыгармачылык чыгармаларын жаратуу жана пайдалануу боюнча автордун чыгармаларын тараткан жана аткарган маданий мекемелердин ишмердүүлүктөрүнө байланыштуу келишимдер пайда болот. Жеке муктаждыктарды канааттандыруу үчүн чыгармаларды жаратууда жана пайдаланууда жарандардын ортосунда келишимдер түзүлүүсү мүмкүн.

*Укуктарды өткөрүп берүү жана укуктардын өтүүсү*

Эркти билдирүүнүн натыйжасында автордун мүлктүк укуктарынын бир бөлүгү башка адамга өткөрүлүп берилүүсү мыйзамда «мүлк укуктарын өткөрүп берүү» деп аталат.

Автордук мүлк укуктарын өткөрүп берүүнү бул укуктардын өтүүсүнөн айырмалоо керек. Өтүү – бир кыйла кеңири түшүнүк: буга автордук укуктар автордун каалоосунан тышкары башка адамга өткөн (мурастоо, кызматтык чыгармалар укугуна өтүү, аудиовизуалдык чыгармалар укугуна өтүү ж.б.у.с.) учурлар да кирет.

Мыйзамдын 30-беренесинин 1-тарамынын 1-абзацында автордун мүлк укуктары башка адамга автордук келишим боюнча гана өткөрүлүп бериле тургандыгын белгиленет.

Жеке мүлктүк укуктар келишим боюнча да, мурастоо боюнча да өтүшү же өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Жеке мүлктүк укуктар укуктук жак кайра уюштурулганда укук улантуучулук тартипте – ээ болуу укугу өтүшү мүмкүн (КР ЖК 1063-беренесинин 2-тарамы жана 1041-берене).

Автордук ар кандай келишимдин мазмуну мүлк укуктарын өткөрүп берүү, ал эми бул келишимдин объекти (предмети) – автордун мүлк укуктары болуп саналат.

Автордук укуктарды өткөрүп берүүчү келишимдер мындай аталбаса да, автордук укуктарга таандык келишимдер деп эсептөө керек. Алардын ичинде, көп учурларда автордук укуктарды өткөрүп берүү нормалары жарандык сатуу-сатып алуу, ижара, жөнөкөй жолдоштук ж.б.у.с. келишимдерге кирет; мындай учурда келишим автордук келишимге коюлган талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

Тескерисинче, автордук укуктар каралбаган келишимдер автордук келишим деп аталса да, автордук келишим болуп эсептелбейт. Мисалы, автордун эсебинен чыгарманы басып чыгаруу жөнүндө келишим.

Адатта бул типтүү подряддык келишим: автор өзүнүн чыгармасын (китеп түрүндө) тираждоого басма үйүнө акча төлөйт жана китептин бардык нускаларын жеке менчигине алат.

Мыйзамдын 30-беренесинин 1-тарамынын 1-абзацында мүлктүк укуктар деп, мыйзамдын 16-беренесиндеги 2-жана 3-тарамында саналган укуктар экендиги көрсөтүлөт. Ошол эле жерде автордук укуктар пайдалануучуга мыйзамдын 18–26-бе-

ренелеринде каралган учурлардагы автордук келишимдин негизинде өткөрүлүп берилери каралган.

Бирок автордук укукту автордук келишим боюнча же башка жол менен өткөрүп берүү үчүн автордук укук болушу керек. Мыйзамдын 18–26-беренелеринде саналган, эркин пайдалануу учурларын айтсак, мында мүлк укуктары жок жана кандайдыр бир укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө айтууга болбойт. Мыйзамдын 18-26-беренелеринде каралган учурларда автордук укуктарды келишимсиз эле пайдаланууга болот деген мааниде түшүнүү керек.

Интеллектуалдык менчик (ИМ) укуктары өз предмети болгон келишимдер келишимдик милдеттенмелер жөнүндө жоболордо аныкталган укуктар менен жөнгө салынат (КР ЖК 1189-беренесинин 2-тарамы).

Лицензиялык келишимге Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде белгиленген бүтүмдөрдүн эрежелери колдонулушу мүмкүн.

Мыйзамдарда келишимдердин милдеттүү түрдөгү мазмундары аныкталган эмес, тиешелүү шарттардын мазмуну мыйзамда жазылган учурлардан тышкары жактар келишимдин шарттарын тандоодо эркин болушат.

Интеллектуалдык менчик (ИМ) объекти укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерде көбүнчө сатуу-сатып алуу келишими жөнүндө эрежелер колдонулат, анткени милдеттүү түрдөгү укук мамилелеринин белгилүү мөөнөткө макулдашууну билдирген лицензиялык келишимден айырмаланып, укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө келишим, адатта, өзүнүн табияты боюнча сатуу-сатып алуу келишимине окшогон жол менен жасалган бүтүм болуп эсептелет. Мааниси жагынан бул интеллектуалдык менчиктин (ИМ) объектин сатуу-сатып алуу келишими, анын натыйжасында укук ээси сатуучу катары болуп, өзүнүн бардык мүлк укуктарын жоготот, ал эми укук улантуучу ал ээ болгон укуктардын баарын алат.

Автордук укук алгач чыгармачылык чыгармаларын жараткан адамдардын укуктарын коргоо институту катары калыптанган.

Бүгүнкү күндө автордук укуктардын функциялары кеңири, анткени алар эмгек ишмердүүлүгү жана кызматтык милдеттерди же жумуш берүүчүнүн кызматтык тапшырмаларын аткаруу тартибинде чыгармаларды жаратууга байланышкан автордук укуктарга тиешелүү. Чыгарманы коргоо жана аны коомдун пайдалануу мүмкүнчүлүгү үчүн чыгарманын жаралган убакыты же чыгармачылыктын түрү таптакыр маанилүү эмес. Чыгарма – бул чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжасы, ал автор менен түзүлгөн келишимдин негизинде пайдаланылышы мүмкүн экендиги маанилүү.

Адабий, илимий жана көркөм чыгармачылык чөйрөсүндө келишимдердин жалпылыктарын жана айырмачылыктарын кароодо келишимдин предмети жөнүндөгү гана маселе көтөрүлгөн, анткени келишимдин бардык өзгөчөлүктөрү келишимдин предметине байланыштуу болот. Келишимдин предмети макулдашуунун мүнөзүн аныктаган негизги элемент болуп саналат. Келишимдин башка шарттары жактардын эркин билдирүүсү менен белгиленет.

*Автордук келишимдер жана алардын классификациясы*

Автордук келишим түшүнүгү акырындап калыптанган, анткени басма келишими автордук келишимдин бир кыйла кеңири таралган түрү болгон.

1964-жылы жарандык мыйзамдардын кодификациясынан жана ага «Автордук укук» бөлүмү киргизилгенден кийин, автордук келишимдин бирдиктүү түшүнүгү бекемделди. Жарандык кодексте автордук келишимге төмөнкүдөй аныктама берилет:

«Автордук келишим боюнча автор өзүнүн чыгармасын келишим боюнча шартталган ыкмада пайдалануу үчүн өткөрүп берет же келишимде белгиленген мөөнөттө түзүүгө милдеттенет, ал эми уюм чыгарманы пайдаланууну келишимде белгиленген мөөнөттө ишке ашырууга же пайдалана баштоого, ошондой эле мыйзамда көрсөтүлгөн учурлардан тышкаркы учурларда авторго сый акы төлөөгө милдеттенет». 1964-жылдагы Жарандык кодексте саналган автордук келишимдер-

дин түрлөрүнө: басма келишими, оюн коюу, сценарийлик ж.б.у.с. келишимдер киргизилген. Аны менен катар цитата келтирилген автордук келишимдин аныктамасы анын бардык түрлөрүнө таандык болгон.

Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзамдын 30-беренесине ылайык, өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө автордук келишим «бул укуктар өткөрүлүп берилип жаткан адамга гана чыгарманы белгилүү бир ыкмада жана келишимде белгиленген чектерде пайдаланууга» уруксат берилет. Ошондой эле ал адамга чыгарманы андай пайдаланууга тыюу салуу укугу берилет. Аны менен бирге, эгер өзгөчө укуктар өткөрүлүп берилген адам ошол укукту коргобосо, анда автор чыгарманы башка адамдардын пайдалануусуна тыюу салууга укуктуу.

Автордук келишимдин дагы бир түрү өзгөчө эмес укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишим болуп саналат. Бул келишим «пайдалануучуга чыгарманын өзгөчө укуктарына ээ болуп, башка адамдарга ал укуктарды өткөрүп берген, ошол чыгарманы ушундай эле ыкмада пайдаланууга уруксат алган башка адамдар менен тең катар пайдаланууга уруксат берет».

Бул келишимге чыгарманы пайдалануу автордун өзү жана андан чыгарманы ал сыяктуу пайдаланууга уруксат алган адамдар менен тең катар пайдаланууга жол берилиши мүнөздүү. Мыйзамдын 30-беренесинин 4-тарамында «автордук келишим боюнча өткөрүлүп берилген укуктар, эгер келишимде башкача каралбаса, анда алар өзгөчө эмес укуктар болуп эсептелет».

Автор менен уюмдун ортосунда келишим түзүү жактардын бул келишим үчүн маанилүү деп тапкан шарттарды макулдашуунун жыйынтыгы болуп кызмат кылат. Эгер автордук келишимдин шарттары мыйзам жоболоруна карама-каршы келсе, ал жараксыз болуп саналат (мыйзамдын 30-беренесинин 7-пункту).

Эгер келишимде башкача каралбаса, анда автордук келишим боюнча өткөрүлүп берилген укуктар өзгөчө эмес укуктар болуп эсептелет.

Автор менен келишим түзүүнүн тартиби чыгарманын даяр болгон даражасы менен аныкталат. Автордук келишимдин кандайдыр бир түрүнүн өзгөчөлүктөрү ушуну менен түшүндүрүлөт. Автордук келишим боюнча автор даяр чыгармасын өткөрүп бере алат же өзүнө чыгарма жаратуу милдеттенмесин ала алат. Биринчи учурда даяр чыгарма келишими жөнүндө, ал эми экинчисинде заказ-келишим жөнүндө сөз болууда.

Заказ-келишим түзүү учурунда чыгарма али жок. Андай учурда жеке же укуктук жак авторго башка талаптарды коёт. Ал талаптардын мүнөзү да таптакыр башкача.

Автор менен алдын ала келишип иштөөдөн турган заказ-келишим түзүүнүн өзгөчөлүгү белгилүү бир укуктук натыйжаларды пайда кылат. Баарынан мурда, заказ-келишим боюнча заказ берүүчү жогорку сапаттагы чыгарманы алууга кызыкдар, ошондуктан автордук өтүнмөлөрдү үйрөнгөндө жана талкуулаганда ал чыгарманын параметрлерин аныктайт. Чыгармачылык өтүнмөнү бекитүү келечектеги чыгармага коюлган бардык талаптарды автор менен заказ берүүчүнүн макулдашуусун билдирет. Мындан тышкары, ал ишкананы автор менен макулдашылган чыгармачыл өтүнмөнүн алкагынан чыгуу укугунан ажыратат. Чыгарма жараткан автор менен келишим түзгөн ар кандай пайдалануучу үчүн белгилүү бир деңгээлдеги тобокелдик даражасы бар. Автордун чыгармачылык ийгилигине, ал эми анын чыгармасынын колдонулушуна эч ким кепилдик бере албайт. Андай учурларда заказ берүүчү материалдык чыгаша тартат, анткени мыйзамдын 33-беренесине ылайык, ал авторго кайра төлөтүп ала албай турган аванс төлөп берүүгө милдеттүү. Ошондуктан заказ берүүчүнүн же башка пайдалануучунун автордон толук план-проспектти көрсөтүшүн талап кылуусу мыйзам ченемдүү.

Укуктар толук өткөрүлүп берилген (өткөн, ажыратылган) учурда, укук улантуучу (цессионарий) автордун чыгармасына болгон мүлк укуктарына же чыгармасына ээ болот жана ал укуктарды чыгармага өзү автор болгондой пайдаланууга укуктуу.

*Автордук келишимдин шарттары*

Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзам жактардын келишимдер боюнча укуктары жана милдеттери жөнүндө атайын жоболорду камтыйт. Мыйзамдын 31-беренесинин 1-пунктунун 1-абзацында автордук келишим кандай шарттарды камтышы керектиги айтылат. Автордук келишим төмөнкүлөрдү кароого тийиш экендиги көрсөтүлөт:

- чыгармаларды пайдалануу ыкмалары (бул келишим боюнча өткөрүлүп берилген конкреттүү укуктар);
- өткөрүлүп берилген укуктардын мөөнөтү жана территориясы;
- чыгарманы пайдалануу ыкмасынын ар бири үчүн сый акынын өлчөмү жана/же сый акынын өлчөмүн аныктоонун тартиби, сый акыны төлөп берүүнүн тартиби жана мөөнөтү;
- бул келишим боюнча жактар маанилүү деп эсептеген башка шарттар.

Келишим боюнча өткөрүлүп берилүүчү укуктардын көлөмү жөнүндөгү шарт – келишимдин эң маанилүү шарты, анын маани-маңызы.

Мыйзамдын 16-беренесинин 2-пунктунда каралган укуктар толук да, жарым-жартылай да өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Укуктар жарым-жартылай өткөрүлүп берилген учурда ар бир мүлк укугун ар кандай ыкмада: предмети, көлөмү, территориясы, мөөнөтү ж.б.у.с. бөлүүгө болот. Мисалга алсак, музыкалык чыгармалар жыйнагын тираждоо жана таратуу укугун өткөрүп берип жатканда, сатуучу өткөрүп берилип жаткан укукту катуу мукабалуу 1000 нуска чыгарып, Казакстандын жана Россиянын территорияларында гана сатуу менен чектей алат.

Мыйзамдын 31-беренесинин 1-пунктунун 1-абзацында «келишимде – бул келишим боюнча өткөрүлүп берилүүчү «конкреттүү укуктар» көрсөтүлүүгө тийиш» деп көрсөтүлгөн. «Конкреттүү» деген сөз жактар өткөрүп берип жаткан укуктардын көлөмүн так жана толук көрсөтүш үчүн пайдаланыл-

ды, андай болбогон учурда келишим жараксыз деп таанылышы мүмкүн.

Бирок «конкреттүү» деген сөздү колдонуу, келишимде мыйзамдын 16-беренесинде белгиленген укук ээлеринин баары милдеттүү түрдө белгиленүүгө тийиш дегенди билдирбейт, ошондой эле бул укук ээлеринин бардык курамдык бөлүктөрүн: эгер автордун уктары жалпысынан көрсөтүлсө да, келишимди жарактуу жана мыйзамга ылайык келет деп эсептөө керек.

Келишим боюнча автордук укук өткөрүлүп берилген мөөнөт бир кыйла өзгөрмөлүү болушу мүмкүн. Мыйзамда эч кандай чектелген мөөнөттөр белгиленген эмес. Практикада кээ бир автордук келишимдер түзүлгөн учурда аткарылат жана дароо токтотулат. Экинчи жагынан, келишим автордук укук колдонулган бардык мөөнөткө түзүлүүсү мүмкүн.

Белгисиз мөөнөттүү автордук келишимдерди түзүүгө да жол берилет. Мыйзам чыгаруучулар мыйзамдын 30-беренесинин 1-пунктунун 2-абзацына автордук келишимдер үчүн кошумча эреже киргизишкен, ал келишимдер колдонулуу мөөнөтү көрсөтүлбөстөн түзүлөт. Андай учурда автор (укук ээси) келишим түзүлгөн датадан беш жыл өткөндөн кийин каалаган учурунда бир тараптуу түрдө келишимди жокко чыгара алат. Ал эми Жарандык кодекстин 1077-беренесинде келишимди түзгөндөн 10 жыл өткөндөн кийин келишимди жокко чыгарууну белгилейт. Бирок пайдалануучуга (сатып алуучуга) келишимди жокко чыгарганга чейин алты ай мурда бул тууралуу жазуу түрүндө эскертилген шарт менен келишимди жокко чыгарууга болот.

Эгер келишим «мөөнөтү белгиленбестен» түзүлсө, ал автордук укук колдонулган бардык мөөнөттүн ичинде колдонулууга тийиш.

Автордук келишим өткөрүлүп берилүүчү уктардын пайдаланылышы мүмкүн болгон территорияны ар түрдүүчө аныктай алат.

Сатуучу чыгарманы көпчүлүк учурларда дүйнөлүк уктар катары пайдаланууга, кээде – КМШ өлкөлөрүндө гана же

тандоо түрүндө – бир нече өлкөлөрдө гана пайдаланууга уруксат берет.

Чыгармаларды чет өлкөлөрдө пайдалануу кыргыз мыйзамдарына эмес, тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарына баш ийет.

Мыйзамдын 31-беренесинин 1-пунктунун 3-абзацында презумция (жоромол) камтылган, ага ылайык, келишимде территория көрсөтүлбөсө, анда пайдалануучу (сатып алуучу) алган укуктары Кыргызстандын территориясында гана пайдаланууга берилген деп эсептөөгө укуктуу.

Автордук келишимдин предмети мүлк укуктары болуп саналгандыктан, сый акы мүлк укуктарын өткөрүп берүү үчүн төлөнүп берилет деп болжолдоо логикага ылайык келет.

Адатта, сый акы чыгарманы пайдаланганына жараша аныкталат же пайдалануу үчүн төлөнүп берилет.

Мыйзамдарда автордук келишим боюнча төлөнүүчү сый акы кээде «автордук сый акы» деп аталат. Бул аталыш өтө так эмес аныкталган. Сый акы сөзсүз эле авторго төлөнүп берилбейт, ал автордук келишимдер боюнча укуктарды өткөрүп берген автордук укуктун башка ээлерине да төлөнүшү мүмкүн. Сый акынын өлчөмүн аныктоонун адаттагы ыкмасы катары мыйзам анын аныктамасын чыгарманы пайдалануудан алынган кирешенин пайызы түрүндө атайт.

Мисалы, чыгарманы китеп түрүндө тираждоо укуктары өткөрүлүп берилсе, анда – бул китептин сатылган тиражынын пайызы, эгер кинофильмди прокатка берүү укугу өткөрүлүп берилсе – бул прокатка берүүдөн түшкөн сумманын пайызы ж.б.у.с.

Пайызы канча болушу керектиги (1, 10, 50 %) мыйзамда аныкталган эмес.

Бул маселени чечүү келишимдин жактарынын кароосуна калтырылган.

Автордук келишимде сый акы кирешенин белгилүү бир пайызы түрүндө аныкталуусу керектиги жөнүндөгү шарт сунуш болуп саналат: мыйзам жактарды ушундай ыкмада сый акыны белгилөөгө «түрткөнсүйт».

Ошону менен бирге, чыгарманын мүнөзүнө же аны пайдалануунун өзгөчөлүгүнө байланыштуу кирешеден пайыз түрүндө сый акыны аныктоого «мүмкүн болбосо», анда мыйзам сый акыны башкача ыкмада аныктоо мүмкүнчүлүгүнө жол берет.

Практикада автордук кыска мөөнөттүү келишимдерде сый акы көбүнчө пайдалануунун жалпы көлөмү үчүн бир жолку сый акы (катталган же паушалдык сумма) катары аныкталат, ал эми узак мөөнөттүү мүнөздү алып жүргөн келишимдерде сый акы көбүнчө эмгек акынын минималдуу өлчөмүндө белгиленет.

Кээ бир учурларда сый акынын өлчөмү чыгарманы пайдалануудан алынышы керек болгон кирешеден пайыз түрүндө аныкталат.

Чыгармаларды кайра чыгаруу келишимдеринде сый акы катталган сумма түрүндө аныкталган, т.а., чыгарылган китептердин, журналдардын, компакт-дисктердин, кассеталардын ж.б.у.с. санына жараша болбойт, пайдалануучу (сатып алуучу) даярдоого жана сатууга укуктуу болгон көчүрмөлөрдүн максималдуу саны көрсөтүлүүсү керек. Ал сандан ашыкча чыгаруу жаңы келишим түзүүнү талап кылат.

Жарандык келишимдердин дагы башка көптөгөн түрлөрүндөй эле автордук келишим боюнча алынган укуктарды андан аркы өткөрүп берүү сатуучунун макулдугу менен гана болушу мүмкүн.

Андай макулдук келишимдин өзүндө же кошумча макулдашууну түзүү жолу менен алынуусу мүмкүн.

Сатуучу (автор) пайдалануучу (сатып алуучу) алган бардык укуктарды же алардын бөлүгүн гана өткөрүп берүүгө макулдук бере алат. Ушул чектерде, т.а., алынган автордук укуктарда пайдалануучу (сатып алуучу) алган укуктарын кайра өткөрүп берүүгө укуктуу.

Эгер пайдалануучу (сатып алуучу) келишим боюнча өзгөчө укуктарга ээ болсо, бирок ал укуктарды андан аркы өткөрүп берүүгө укуксуз болсо, анда автор (сатуучу) да, пай-

далануучу (сатып алуучу) да үчүнчү жактарга чыгарманы пайдаланууга өз алдынча уруксат бере албайт.

Автор келечекте жарата ала турган чыгармалар үчүн автордук келишим түзүүнү мыйзам тыюу салат. Келечектеги бардык чыгармалардын автордук укуктарын «алдын-ала сатуу» жөнүндө келишимдерди түзүүгө мүмкүн эмес жана жол берилбейт. Мындай келишимдин белгилүү мисалы А.П. Чехов өзүнүн чыгармаларын басып чыгаруучу менен автордук укуктардын колдонулган мөөнөткө түзгөн келишими болуп саналат.

Бирок мунун эрежеден тышкары эки жагы бар. Биринчиси кызматтык чыгармаларга тиешелүү: мыйзамдын 14-беренесине ылайык, жумуш берүүчү автордук келишимде келечектеги кызматтык чыгармалардын режимин аныктап, жумушчу менен автордук келишим түзүүгө укуктуу. Мындай келишим жарактуу болот.

Экинчиси автордук заказ-келишимдерге тиешелүү (мыйзамдын 33-беренеси). Заказ-келишим гана автордун келечекте жаратууга милдеттенген чыгармаларга сатып алуучунун укуктарын аныктайт.

Заказ-келишимди түзүүдө мыйзам нормасын эске алуу керек, ага ылайык, автордук келишимдин предмети автор келечекте жарата ала турган чыгармаларга укуктардын болушу мүмкүн эмес.

Ошол эле убакта, заказ-келишимде автор келечекте жаратууга милдеттенген чыгармаларга сатып алуучунун укуктары аныкталат.

Заказ-келишим боюнча жаратылган чыгарма мыйзамдын 31-беренесинин 5-пунктчасына түшүп калбаш үчүн, мүмкүн болушунча анын: көлөмүн, жанрын, колдонулуш чөйрөсүн, аталышын ж.б.у.с. так жана конкреттүү көрсөтүү керек, башкача айтканда, заказ-келишимдин объекти автор мурда эле ойлоп жүргөн, а балким, автордун башында мурда эле түзүлүп калган, бирок техникалык жактан али жарала элек чыгарма болушу керек.

Эгер заказ берилүүчү чыгарманын шарты жөнүндө так жана конкреттүү белгиленсе, анда заказ-келишимдин предмети бир эмес, бир нече чыгарма болушуна жана заказ-келишим узак мөөнөткө түзүлүүсүнө тоскоолдуктар жок.

Заказ-келишимде авторго төлөнүүчү бир жолку эле эмес, мезгилдүү аванс төлөмдөрү, командировка чыгымдарынын төлөмү, ошондой эле анын чыгарманы жаратууга байланышкан башка чыгымдары да каралуусу мүмкүн.

Бирок мындай учурларда бул келишим эмгек келишими катары каралуусу мүмкүн, ал эми жаратылган чыгарма мыйзамдын 14-беренесине ылайык, кызматтык чыгарма болуп эсептелет.

### 13.2. Чектеш укуктар

*Чектеш укуктар* – бул бирдиктүү укук институту эмес, укуктардын үч категориясы: аткаруучулардын, фонограммаларды өндүрүүчүлөрдүн, ошондой эле эфирден жана кабель аркылуу берүүлөрдүн укуктары. Бул укуктар автордук укуктар менен чектеш болгондуктан, чектеш укуктар деп аталат.

Чектеш укуктардын объектилери аткаруулар, фонограммалар жана эфирден жана кабель аркылуу берүүнү уюштурууну өткөрүп берүү болуп саналат.

*Аткаруу* – бул чыгармаларды, фонограммаларды көрсөтүү, оюндун жардамында оюндарды коюу, жандуу үн менен же техникалык каражаттардын (телерадиоберүү, кабелдик телекөрсөтүү жана башка техникалык каражаттардын) жардамында декламацияларды айтуу, ырдоо, бийлөө; аудиовизуалдык чыгармалардын кадрларын (аларды үндүн коштоосунда же үн коштобой) ырааттуу көрсөтүү.

*Фонограмма* – ар кандай материалдык жазгычта угууга, уктурууга мүмкүн болгон ырлардын же башка үндөрдүн ар кандай үн жазуусу.

*Эфирден жана кабель аркылуу берүүнү уюштурууну өткөрүп берүү* – эфирден жана кабель аркылуу берүү уюмунун өзүндө, ошондой эле анын заказы боюнча башка уюмдун каражаттарынын эсебинен даярдалган берүү.

### *13.2.1. Чектеш укуктардын субъектилери*

Чектеш укуктардын субъектилери фонограммаларды аткаруучулар, өндүрүүчүлөр жана эфирден жана кабель аркылуу берүү уюмдары болуп саналат.

Аткаруучу – актёр, ырчы, музыкачы, бийчи же роль ойногон, ырдаган, музыкалык аспап черткен же адабий же искусство чыгармаларын (анын ичинде эстрадалык, цирк жана куурчак оюндарын) башкача түрдө аткарган адам, ошондой эле спектакль койгон режиссёр жана дирижёр.

Фонограмма өндүрүүчү – аткарылган чыгармаларды же башка үндөрдү биринчи жолу үн жазуу демилгесин жана жоопкерчилигин өзүнө алган жеке же укуктук жак, муну менен катар ал аны физикалык жактан даярдоосу, же аны заказ берүүсү жана даярдалганына төлөөсү керек; фонограмманын өндүрүүчүсү тарабынан башка далилдер болбосо, ошол фонограмманын жана/же ал жазылган кутуда адаттагыдай белгиленген жеке же укуктук жактын аты же аталышы таанылат.

Эфирден жана кабель аркылуу берүү – толкундардын жардамында (эфирде берүү) же өткөргүчтөрдүн жардамында (кабель аркылуу берүү) теле– жана радио берүүнү ишке ашырган уюм.

Фонограммалардын аткаруучулары жеке адамдар гана, өндүрүүчүлөр – жеке адамдар да, укуктук жактар да, эфирден жана кабель аркылуу берүү уюмдары сыяктуу укуктук жактар гана боло алышат.

Аткаруучу аткарылып жаткан чыгарманын авторунун укуктарын сактаган шартта өз укуктарын ишке ашырат.

Чектеш укуктардын келип чыгуусу жана ишке ашырылуусу үчүн кандайдыр бир формалдуулуктарды сактоо талап кылынбайт.

Фонограмманын өндүрүүчүсү жана аткаруучусу өз укуктарын билдирүү үчүн фонограмманын ар бир нускасында жана/же анын ар бир кутусунун сыртында жайгаштырылган, үч элементтен турган, чектеш укуктарды коргоо белгилерин пайдаланууга укуктуу:

– – латын тамгасы «Р» тегеректин ичинде ®;
– – чектеш өзгөчө укуктардын ээсинин аты (аталышы);
– – фонограмманын биринчи жолу чыккан жылы.

Чектеш укуктарды коргоо белгиси фонограммалык укуктарды коргоо белгиси катары келип чыккан. Муну «Phonogram» (грек тилинен – үн жазуу) деген сөздүн баш тамгасынан кыскартылып колдонулган «Р» символу күбөлөндүрүп турат.

Чектеш укуктарды коргоо белгисин коюу милдет эмес, укук болуп саналат. Бул белгинин коюлбай калуусу укук ээлерин укуктарынан ажыратпайт.

Фонограмманы өндүрүүчү, эфирден жана кабель аркылуу берүү уюму фонограммага жазылган же эфирге же кабель аркылуу берүүгө өткөрүлүп берилген чыгарманын аткаруучусу жана автору менен түзгөн келишим боюнча алынган укуктардын чегинде өз укуктарын ишке ашырат.

Спектаклды койгон режиссёрдон алынган оюнду пайдалануу уруксаты оюнга катышкан башка аткаруучулардан, ошондой эле аткарылып жаткан чыгарманын авторунан уруксат алуу зарылдыгын жокко чыгарбайт.

Мисалга алынган учурларда келишимдерди түзүү жөнүндө сөз болуп жатат. Эгер автордук укуктарга тиешелүү болсо, түзүлгөн келишимдер автордук келишимдер болуп саналат.

*Аткаруучунун укуктары*

Аткаруучуга төмөнкүдөй өзгөчө укуктар таандык:
- ысым укугу;
- аткаруучунун ар-намысына жана абийирине зыян келтирүүгө жөндөмдүү болгон ар кандай бурмалоолордон жана аткарылган чыгарманы же оюнду башка зыяндардан коргоо укугу;
- аткарылган чыгарманы же оюнду ар кандай формада пайдалануу укугу, аны менен кошо аткарылган чыгарманы же оюнду пайдалануунун ар бир түрү үчүн сый акы алуу укугу.

Биринчи эки укук автордук ысым укугуна окшош түзүлөт.

Аткарылган чыгарманы же оюнду пайдалануунун өзгөчө укугу төмөнкүдөй иш-аракеттерди ишке ашыруу же ишке ашырууга уруксат берүү укугун билдирет.

1. Аткарылган чыгарма же оюн мурда эфирде берилбесе же жазууну пайдалануу менен ишке ашырылбаса, анда аткарылган чыгарманы же оюнду эфирде берүү же кабель аркылуу жалпыга маалымдоо үчүн маалымат берүү.

Бул укук аткарылган чыгарма эфирден же кабель аркылуу биринчи жолу берилген же жандуу аткарылган учурларда колдонулат.

2. Мурда жазылбаган аткарылган чыгармаларды же оюндарды жаздыруу.

Аткаруучунун жаздыруу укугу бир гана жолу жана жазылбаган чыгармаларды жаздырууда гана ишке ашырылуусу мүмкүн.

3. Жазылган чыгармаларды же оюндарды кайра коюу.

4. Аткарылган чыгарма же оюн алгач коммерциялык максатта жазылбаса, анда аткарылган чыгарманын же оюндун жазуусун эфирден же кабель аркылуу берүү.

Эгер аткаруучу коммерциялык эмес жазуу укугун мурда сактаган учурларда (мисалы, архивдик максатта) же андай коммерциялык эмес жазуу аткаруучунун макулдугусуз, бирок «Автордук укук жөнүндө» мыйзамга ылайык даярдалса, анда бул укук колдонулат.

5. Аткаруучунун катышуусу менен жазылган, аткарылган чыгарманын, же оюндун фонограммасын коммерциялык максатта прокатка берүү. Бул укук аткарылган чыгарманы же оюнду фонограммага жазуу келишимин түзүүдө фонограмманы өндүрүүчүгө өтөт, муну менен катар аткаруучу мындай фонограмманын нускаларын прокатка бергендиги үчүн сый акы алуу укугун сактап калат.

Чыгарманы кайра чыгаруу укугунан алынган кээ бир укуктар бар. Төмөнкүдөй учурларда:

- аткарылган чыгарманын же оюндун биринчи жаздырылган жазуусу аткаруучунун макулдугу менен жазылганда;

– аткарылган чыгарманы же оюнду жазууда аткаруучунун макулдугу менен жаздырылган чыгармалар же оюндар кайра коюлганда;
– «Автордук укук жөнүндө» мыйзамдын 42-беренесинин жоболоруна ылайык, чыгарманы же оюнду жазылган максатта аткарылган чыгарма же оюн кайра коюлганда чыгарманы кайра коюу укугу колдонулбайт.

Аткарылган чыгарманын жазуусун кайра коюу укугу аткаруучу тарабынан чыгарманы биринчи жолу кайра коюп жаткан учурда гана, ал чыгарманы кайра коюуга кандай максатта макулдук бергенине карабастан ишке ашырылат. Андан кийин аткаруучунун макулдугусуз жана ага сый акы төлөнбөстөн, аткарылган чыгарма кайра коюлушу мүмкүн.

Аткаруучунун аткарылган чыгарманы пайдалануудагы бардык өзгөчө укуктары келишим боюнча башка адамдарга өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Аткарылган чыгарманы пайдалануу уруксаты аткаруучу тарабынан берилет, ал эми чыгарманы аткаруучулар жамааты аткарганда – ошол жамааттын жетекчиси тарабынан пайдалануучу менен жазуу түрүндөгү келишим түзүүнүн жардамында берилет.

Эгер аткаруучулар бир жамаатка бирикпесе, алардын ар бири өзүнүн аткаруучулук укугуна ээ. Бирок, алар аткаруучулар жамаатына бириккен болсо, андай жамааттын жетекчиси ошол жамааттын бардык мүчөлөрүнүн аткаруучулук укугуна ээ болот.

Эгер аткаруучунун эфирден же кабель аркылуу берүү уюмдары менен түзгөн келишиминде каралса, эфирден же кабель аркылуу берүү уюмдары «жандуу» аткарылган чыгарманы эфирден берүүгө, жаздырууга, жазууну кайра коюуга уруксат алуусун талап кылбайт. Чыгарманы ушундай пайдалануу үчүн аткаруучуга берилүүчү сый акынын өлчөмү да бул келишимде белгиленет.

Аудиовизуалдык чыгарманы аткаруучунун жана өндүрүүчүнүн ортосунда мындай чыгарманы түзүүгө келишим

түзүү аткаруучунун прокатка берүү укугунан башка бардык укуктарга ээ болушуна алып келет. Аткаруучуга мындай укуктардын берилиши аудиовизуалдык чыгарманы пайдалануу менен чектелет жана келишимде башкача белгиленбесе, аудиовизуалдык чыгармада жазылган үндү же сүрөттөлүштү өзүнчө пайдалануу укугун кошо камтыбайт.

*Фонограммаларды өндүрүүчүнүн укуктары*

Фонограммаларды өндүрүүчүнүн фонограмманы пайдаланууда:

- фонограмманы кайра коюу;
- фонограмманы кайра жазуу же ар кандай башка ыкмада кайра иштеп чыгуу;
- фонограмманын нускаларын жайылтуу, тагыраак айтканда, сатуу, аларды прокатка берүү ж.б.у.с.;
- фонограммманын нускаларын, бул фонограмманын өндүрүүчүнүн уруксаты менен даярдалган нускаларын кошо жайылтуу максатында импорттоо сыяктуу өзгөчө укуктары бар.

Бул укуктардын мазмуну авторго таандык болгон укуктардын мазмунуна дал келет.

Фонограммаларды өндүрүүчүлөрдүн чектеш укуктарынан кээ бир укуктар алынып салынат.

Эгер укук ченемдүү жарыяланган фонограмманын нускалары сатуунун аркасында жарандардын колдонуусуна киргизилсе, анда аларды андан ары фонограмманын өндүрүүчүсүнүн макулдугусуз жана сый акы төлөбөстөн жайылтууга жол берилет (укуктардын аяктоо принциби).

Ошондой эле фонограмманын өндүрүүчүсүнүн макулдугусуз, бирок сый акы төлөө менен, коммерциялык максатта жарыяланган фонограмманы көпчүлүктүн алдында аткарууга, эфирден же кабель аркылуу берүүгө жол берилет. Сый акы алуу укугу өзгөчө укук болуп саналбайт: бул укуктун ээси өзүнүн коргоого алынган объектисине айтылган ыкмалардын ичинен бир башкача ыкмада уруксат бере албайт же тыюу сала албайт.

Жогоруда айтылган укуктардын ээлери сый акы алуу үчүн өз укуктарын жекече ишке ашыра алышпагандыгын да белгилөө керек. Алар өз укуктарын мүлк укуктарын жамааттык негизде башкарган уюмдар аркылуу гана ишке ашыра алышат. Эгер фонограмманы аткаруучулардын жана өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы макулдашууларда башкача каралбаса, чогулган сый акы тең бөлүштүрүлөт.

Сый акынын өлчөмү айрым пайдалануучулардын же алардын бирикмелеринин жана мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдардын ортосундагы макулдашуулар менен аныкталууга тийиш. Муну менен катар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген сый акынын сунуш кылынган ставкалары эске алынуусу мүмкүн. Эгер тараптар сый акынын өлчөмү жөнүндө макулдашууга жетишпесе, анда маселе Кыргызпатент тарабынан чечилүүгө тийиш.

Ошондой болсо да, фонограмманын нускаларын прокатка берүү жолу менен таратуу укугу, бул нускаларга менчик укугуна карабастан, фонограмманын өндүрүүчүсүнө таандык.

Фонограмманын нускаларын таратуунун өзгөчө укугу келишим боюнча башка адамдарга өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

*Эфирден берүүнү уюштуруу укугу*

Эфирден берүү уюмдарына эфирде берүүнү ар кандай формада жүргүзүүгө жана төмөнкүдөй иш-аракеттерди ишке ашырууга уруксат берүүнүн өзгөчө укуктары таандык:

1. Эфирден чыгуучу берүүнү башка уюм тарабынан ошол эле убакта эфирден берүү: эфирден берүү уюму эфирден берген башка уюмга ошол эле берүүнү биринчи уюм тарабынан ошол эле убакта трансляциялоо менен, берүүнүн өзүн эле кайра трансляциялоого уруксат бере алат.

2. Кабель аркылуу маалыматты жалпыга маалымдоо: берүү уюмунун кабель аркылуу жалпыга маалымдоосун өзүнөн башка жактын берүүсүнө уруксат берүү укугу.

3. Берүүнү жазып алуу. Эфирден берүүнү жазуу ал фонограмманын чектеш укуктарынын же үн же видео жазуунун ав-

тордук укуктарынын пайда болушуна алып келет. Муну менен катар видео жазуу автордук укугу – аудиовизуалдык чыгарма укугу.

4. Берүүнүн жазуусун кайра коюу. Эфирден берүү укугунун ээси кандайдыр бир жакка берүүнү жазууну ишке ашырууга же жазууну кайра коюуга уруксат берсе, анда ал ошол жазууну же анын нускаларын андан ары жайылтууга тыюу сала алат. Кайра коюу укугунда эрежеден тышкаркы эки учур белгиленген.

Эрежеден тышкаркы биринчи учур, эфирден берилүүчү берүүнүн ээси өзүнүн берүүсүнүн жазуусун коюуга уруксат берген учурга таандык. Мындай уруксаты бар жак андан кийин ошол жазууну кайра коё алат (т.а., көбөйтүп, андан соң нускаларды тарата алат).

Эрежеден тышкаркы экинчи учур, эфирден берилүүчү берүүнүн жазуусу эфирдик жазуунун чектеш укугунун ээсинин макулдугусуз, бирок 42-беренеде көрсөтүлгөндөй, белгилүү максаттарда мыйзамдуу түрдө эфирден берилген учур. Мындай учурда ушул эле максаттар үчүн кайра жазуу да, т.а., бул жазууну тираждоо да аткарылуусу мүмкүн.

5. Берүүнү жалпыга маалымдоо үчүн кирүү акысы төлөнүүчү жерлерде маалымат берүү: эфирден берүү уюму өзүнүн берүүсүн көпчүлүккө акы төлөтүп уктурууну (же көрсөтүүнү) уюштура алат, ошондой эле өзүнүн берүүсүн пайдалануучу эфирден же жазуудан алгандыгына карабай, башка бир жактын көпчүлүккө акы төлөтүп уктурууну (же көрсөтүүнү) уюштуруусуна уруксат бере алат же тыюу сала алат.

*Кабель аркылуу берүү уюмунун укуктары*

Мыйзамдын 41-беренеси кабель аркылуу трансляциялануучу берүүлөрдү кабель аркылуу берүү уюмдарынын чектеш укуктарында белгилейт. Берилген укуктарынын түзүлүшү жана мүнөзү боюнча укуктардын бул категориясы эфирден берүү уюмдарынын чектеш укуктарына окшош.

Фонограмманы, аткаруучунун, өндүрүүчүнүн, эфирден же кабель аркылуу берүү уюмунун макулдугусуз жана аткарылган чыгарманы, оюнду, берүүнү эфирден берүүгө, кабель аркылуу берүүгө жана аларды жазууга, ошондой эле фонограммаларды кайра коюуга төмөнкүдөй учурларда жол берилет:

1) эфирден же кабель аркылуу аткарылган чыгармалардан, оюндардан, фонограммадан, берүүдөн кыскача үзүндүлөрдү учурдагы окуялар жөнүндө обзорго кошуу үчүн. Учурдагы окуялардын обзору деп, ага чектеш укуктардын объектилери пайдаланылышы мүмкүн болгон, телекөрсөтүү жана радио аркылуу кабарланган обзорлор же көпчүлүктүн алдында окулган обзордук лекцияларды түшүнөбүз. Обзордо коргоого алынган чектеш укуктардын чакан үзүндүлөрү гана пайдаланылышы мүмкүн. Учурдагы окуялардын обзорунда фонограмманын үзүндүсүн пайдаланууда, ал көпчүлүктүн алдында аткарылат же көбүнчө фонограмманын бул үзүндүсү кайра коюлгандан кийин эфирден же кабель аркылуу берүүгө жол берилет;

2) окутуу үчүн программаларда же илимий изилдөө максатында гана колдонууга жол берилет. «Окутуу» учурларында радиодон, телекөрсөтүүдөн жана кабель аркылуу берүүдөгү атайын окутуу программаларын, ошондой эле мектеп сабактарын, орто жана жогорку окуу жайларындагы сабактарды ж.б.у.с киргизүүгө болот;

3) аткарылган чыгармалардын, оюндардын, фонограммалардын чакан үзүндүлөрү формасында цитата үчүн, маалыматтык максатта берүү шарты менен эфирден же кабель аркылуу берүү. «Чакан үзүндү» түшүнүгү абсолюттук чоңдуктарда эмес, чектеш укуктардын объектинин үн узундугуна (көлөмүнө) жараша аныкталат;

4) илимий, адабий жана искусство чыгармаларынын авторлорунун мүлк укуктарына чектөөгө карата «Автордук укук жөнүндө» мыйзамдын жоболору менен белгиленген башка учурларда.

Эфирден же кабель аркылуу берүү уюмунун берүүсүнүн жазылып алынган жазуусун пайдаланууга, ошондой эле жеке максаттарда фонограмманы кайра коюуга жол берилет. Аткарылган чыгарманы, оюнду же берүүнү кыска мөөнөткө пайдалануу максатында, ошондой эле коммерциялык максаттарда жарыяланган фонограмманы төмөнкү эки шартты сактоо менен:

1) эгер эфирден берүү уюму аткарылган чыгарманы, оюнду же берүүнү эфирден берүүгө алдын ала уруксат алса;

2) уюм кыска мөөнөттүү жазууну анын даярдалуусунан кийин алты айдын ичинде жок кылууга милдет алса, кайра коюга укуктуу болот.

### *13.2.2. Чектеш укуктардын колдонулган мөөнөтү*

Чектеш укуктарды коргоо мөөнөтү 50 жылды түзөт:

- аткаруучулар үчүн – биринчи жолу аткарган чыгармасынан же оюнунан кийин;
- фонограммаларды өндүрүүчүлөр үчүн – фонограмманы биринчи жолу жарыялагандан кийин анын биринчи жазуусунан кийин 50 жыл бою; эгер фонограмма бул мөөнөттүн ичинде жарыяланбаса;
- эфирден же кабель аркылуу берүүнү уюштуруу үчүн – мындай уюмдар тарабынан эфирден же кабель аркылуу биринчи берүүнү ишке ашыргандан кийин.

Жогоруда айтылган мөөнөттөрдүн эсептелиши мөөнөттүн башталышы үчүн негиздеме болуп саналган укуктук факт орун алган жылдан кийинки жылдын 1-январынан башталат.

Аткаруучунун ысым укугу жана аткарылган чыгарманы бурмалоолордон коргоо укугу мөөнөтсүз корголот.

Эгер аткаруучу репрессияланса жана өлгөндөн кийин реабилитацияланса, анда укуктарын коргоо реабилитация болгон жылдан кийинки жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет.

### 13.3. Автордук жана чектеш укуктарды коргоо

Укук илиминде – автордук жана чектеш укуктарды коргоо деп, автордук жана чектеш укуктар бузулганда же талаш болгондо, аны калыбына келтирүүгө же таанууга жана алардын ээлеринин кызыкчылыктарын коргоого багытталган чаралардын жыйындысын түшүнөбүз. Автордук жана чектеш укуктардын предмети субъективдүү автордук жана чектеш укуктар жана мыйзам тарабынан корголгон кызыкчылыктар болуп саналат.

Коргоо укуктарынын субъектилери укук ээлеринин өзү (илимий, адабий жана искусство чыгармаларынын авторлору, чектеш укуктардын ээлери), ошондой эле алардын мурасчылары жана башка укук улантуучулары болуп саналат.

Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзамдардын талаптарын аткарбаган ар бир жеке жана укуктук жак автордук жана чектеш укуктарды бузуучу болуп саналат.

Автордук жана чектеш укуктарды бузуу автордук келишимдин алкагында да, түзүлгөн келишимдин алкагынан тышкары да болуусу мүмкүн. Автордук жана чектеш укуктар келишимдин алкагында бузулган учурда келишимде жана милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик нормаларында каралган санкциялар колдонулат. Автордук же чектеш укук келишимден тышкары бузулган учурда жабырлануучу күчүндө турган мыйзамдарда белгиленген коргонуу чараларын пайдаланууга укуктуу.

*Жарандык-укуктук коргоонун ыкмалары*

Автордук жана чектеш укуктар бузулганда колдонулуучу жарандык жоопкерчилик чаралары Мамлекеттин Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамында көрсөтүлгөн.

Ошентип, Жарандык кодекске ылайык, автордук жана чектеш укуктарга жарандык жоопкерчиликтин жалпы чаралары: келтирилген зыяндын ордун толтуруу жана жарандык укуктарды коргоо нормалары колдонулат.

Укук ээлерине сотко доо менен кайрылуу мүмкүнчүлүгү берилет.

Доонун маанисине жараша укук ээси Жарандык кодекстин 11-беренесинде каралган: укуктарын таануу; укуктары бузулганга чейин болгон абалды калыбына келтирүү; укуктарын бузган же аны бузуу коркунучун түзгөн иш-аракеттерди токтотуу; зыяндардын ордун толтуруу ж.б.у.с. укуктарын коргоо ыкмаларын пайдаланат.

Коргоонун бул ыкмаларынын баары укуктарды келишимсиз бузуу учурларын кароодо колдонулуусу мүмкүн.

Ошондой эле мыйзамда, мисалы, 49-беренеде көрсөтүлгөн ыкмаларды да эске алуу керек, анда укук бузуудан алынган таза кирешени эмес, укук бузуучудан киреше өндүрүп алуу жаза-чарасы каралат.

Мындан тышкары, мыйзамда өзгөчө укуктардын ээси өзүнүн чыгашаларын же кирешелерин өндүрүп алуунун ордуна, белгилүү суммадагы компенсация төлөп берүүнү талап кыла алат.

Бул компенсациянын өлчөмү сот тарабынан 20дан 50 000 ге чейинки эмгек маянасынын минималдык өлчөмүнүн чегинде белгиленет.

Мыйзамда чыгашалардын ордун толтуруу, киреше өндүрүп алуу жана компенсация төлөтүп алуу сыяктуу чаралар белгиленип, өзгөчө укуктардын ээсинин тандоосу боюнча колдонулат.

Далилдерди чогултууда жактар иш үчүн мааниси бар далилдерди талап кылган өтүнүч кат менен сотко кайрылууга укуктуу.

Мындан тышкары, сот жактардын арызы боюнча Жарандык процесстик кодекстин 141-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Арбитраждык процесстик кодексинин 67-беренесинде каралган, доо арызды камсыздоо боюнча чараларды көрүүгө укуктуу. Автордук жана чектеш укуктарды бузуу жөнүндө иштер боюнча мыйзамдын 50-беренеси иштердин бул категориялары боюнча доо арызды камсыздоонун

спецификалык ыкмаларын карайт. Сот же судья жоопкерге же автордук жана чектеш укуктарды бузуучу болуп саналат деп болжолдоого жетишерлик негиздери бар адамга карата белгилүү бир иш-аракеттерди көрүүгө (даярдоого, кайра чыгарууга, кайра коюуга, сатууга, прокатка берүүгө, импорттоого же башкача пайдаланууга, ошондой эле ташууга, сактоого же контрафактылык болуп саналат деп болжолдонгон чыгармалардын жана фонограммалардын нускаларын жарандык жүгүртүмгө чыгаруу максатына ээ болууга) тыюу салуу жөнүндө аныктама чыгара алат.

Чыгармалардын жана фонограммалардын контрафактылык нускалары автордук жана чектеш укуктардын ээсине анын каалоосу боюнча өткөрүлүп берилген учурлардан тышкары, соттун чечими боюнча милдеттүү түрдө конфискацияланат же жок кылынат.

Сот чыгармалардын же фонограммалардын контрафактылык нускаларын даярдоого жана кайра коюуга пайдаланылган жабдуулардын материалдарын конфискациялоо жөнүндө чечим чыгаруусу мүмкүн.

Укуктарды камсыздоо боюнча чаралар туура эмес пайдаланылган жоопкер тарткан зыяны жана чыгымдары үчүн тиешелүү компенсация алуу укугуна ээ.

*Кылмыш-жаза чаралары*

Автордук жана чектеш укуктарды бузуунун кылмыш-жаза жоопкерчиликтери автордук жана чектеш укуктарды жарандык-укуктук коргоо чаралары менен катар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде (мындан ары – ЖК) белгиленет.

ЖКнын 150-беренесине ылайык, автордук жана чектеш укуктардын объектилерин *коммерциялык масштабдарда* атайылап пайдаланганда, ошондой эле авторлукту ыйгарып алганда же авторлоштукка мажбурлаганда кылмыш-жаза жоопкерчилиги пайда болот. Бул беренеге ылайык, ири зыян катары минималдуу айлык маянадан беш жүз эсе көп болгон зыян таанылат.

Берене укук бузууларды дифференциялайт жана төмөнкүдөй эки белгини:

- бул укук бузуунун бир жолу жасалбагандыгын;
- алдын-ала көмүскө бүтүм боюнча адамдардын тобу же, уюшкан топ тарабынан жасалган кылмыштын алдын алат.

Бул берененин *санкциялары*: укук бузуунун ордугуна жараша күнөөлүү адам айып тартат, үч эсе айып пул менен жазаланат же эркинен ажыратылат.

Сөз болуп жаткан иштерди алдын ала тергөө органдары жана соттор тарабынан каралганда, ошондой эле доо арызын жарандык жана арбитраждык сот өндүрүшүндө кароодо, тиешелүү учурларда мындай товарларды даярдоого арналган контрафактылык товарларды, материалдарды жана жабдууларды колдонууга тыюу салынат жана жок кылуу жүргүзүлөт.

*Тергөөгө караштуулугу*. Автордук жана чектеш укуктарды бузуу адамдын жана жарандын конституциялык укуктарына жана эркиндигине каршы кылмыштар жөнүндөгү иштерге тиешелүү. Анткени бул категориядагы иштер тергөө, прокуратура органдарынын тергөө компетенциясына таандык, ошондуктан автордук жана чектеш укуктар жаатындагы укук бузуулар аталган органдар тарабынан тергелет.

Муну менен катар, I бөлүк (150-берене) жекече айыптоо иштери, т.а., жабырлануучунун гана арызы боюнча иш козголот, II жана III бөлүктөр көпчүлүк алдында айыптоо иштери болуп саналат.

*Администрациялык-укуктук коргоо*

Автордук жана чектеш укуктарды бузгандыгы үчүн администрациялык чаралар Кыргыз Республикасынын администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 340-беренесинде камтылган. Ал чаралар чыгармалардын же фонограммалардын нускаларын сатууга, прокатка берүүгө, мыйзамсыз түрдө башкача бир пайдаланууга тиешелүү.

Интеллектуалдык менчик жаатында администрациялык укук бузууларды кароочу компетенттүү орган сот болуп саналат.

Чындыгында администрациялык чаралар жарандык-укуктук чаралар боюнча баяндалган (чыгармалардын же фонограммалардын контрафактылык нускаларына камак коюу, тыюу алуу жана жок кылуу) принциптерге дал келет.

Административдик-укуктук коргоонун ыкмаларына бажы чараларын да кошууга болот.

Бажы чек арасы аркылуу товарларды ташып өтүүдө интеллектуалдык менчиктерге өзгөчө укуктарды коргоону камсыздоо бажы органдары тарабынан ишке ашырылат.

Автордук жана чектеш укуктардын объектилерин коргоо боюнча моделдин схемасы төмөнкүдөй:

1) автордук жана чектеш укуктардын ээси коргоо жөнүндө арызы менен борбордук бажы органына кайрылат;

2) борбордук бажы органы арызды карап чыгып, автордук укуктун объектин коргоону камсыздоо жөнүндө чечим чыгарат. Интеллектуалдык менчик объектисин идентификациялоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды камтыган маалымат барагы регионалдык бажы органдарына жана андан кийин – бажыларга жөнөтүлөт;

3) бажылар интеллектуалдык менчик объектилерин ташуусу контролдойт. Интеллектуалдык менчик боюнча мыйзамдарды бузуу менен ташылып баратканына шек болгон товарларды айкындоодо, бажы аларды өткөрбөө чараларын көрөт, ошондой эле автордук укуктун ээсине же, өлкөдө (региондо) ага байланышы бар тиешелүү адамдарга кабарлайт;

4) жасалма фактысы жөнүндө автордук укуктун ээси ырастаган учурда жана/же тиешелүү сот органынын чечими болгондо, бажы документтерди толтурууну токтотуу чараларын көрөт жана импорттоочу компетенттүү органдар тарабынан администрациялык жана/же кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат. Эгер товарлар чыныгы болгон учурда, автордук же чектеш укуктардын ээси импорттоочуга тиешелүү компенсацияны төлөп берет.

Кыргыз Республикасында бажы чаралары Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин 28–31-беренелеринде жана

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 27-ноябрындагы N2 694-токтомунда көрсөтүлгөн.

### 13.4. Авторлордун мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу

Автордук жана чектеш укуктарды коргоо жаатында авторлордун мүлк укуктарын жамааттык башкарууну уюштуруу ээлейт. Фонограммалардын авторлорунун, аткаруучуларынын, өндүрүүчүлөрүнүн жана башка автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин мүлк укуктарын жекече тартипте коргоону камсыздоо көбүнчө абдан оор. Ошондой учурларда автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин өздөрү менен, алардан алынган ыйгарым укуктардын чегинде аракеттенген, алардын мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдар түзүлүүсү мүмкүн.

Авторлордун укуктарын жамааттык башкаруу боюнча алгачкы коом 1977-жылы Бомаршенин демилгеси боюнча Францияда түзүлүп, ал коом драмалык чыгармалардын авторлорун жана композиторлорду бириктирген.

1837-жылы Оноре де Бальзак, Александр Дюма, Виктор Гюго жана башка француз жазуучулары адабий авторлордун коомун түзүшкөн. XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында мындай автордук коомдор европалык дээрлик бардык өлкөлөрдө жана башка кээ бир өлкөлөрдө түзүлгөн. Авторлордун укуктарын өз мамлекетинде гана эмес, эл аралык деңгээлде да коргоону камсыздоо үчүн 1926-жылы мүлк укуктарын жамааттык башкаруу боюнча 18 уюмдун өкүлдөрү Авторлордун жана композиторлордун эл аралык конфедерациясын (CISAC) түзүшкөн жана азыркыга чейин кайрадан түзүлгөн автордук коомдор CISAC уюмуна мүчө болуу укугуна ээ. CISAC уюмунун мүчөлөрүнүн арасындагы кызматташтыктын бир кыйла маанилүү максаттарынын бири маалыматтык документацияларды стандартташтыруу, чогултуу жана алмашуу болуп эсептелет. Электрондук жазгычтарда түзүлгөн CAE – авторлордун, композиторлордун жана басып чыгаруу-

чулардын бүткүл дүйнөлүк тизмеси жана алардын ар түрдүү коомдорго киргендиги, WWL – бир кыйла көп пайдаланылган чыгармалардын бүткүл дүйнөлүк тизмеси жана GAF – генералдык макулдашуулар файлы сыяктуу маалымат базалары автордук сый акыны бөлүштүрүүдө жана төлөп берүүдө мүлк укуктарын жамааттык башкаруу боюнча улуттук уюмдарга баа жеткис жардамын көрсөтүүдө.

Ар кандай автор, анын мурасчысы же автордук жана чектеш укуктардын башка бир ээси келишим боюнча өзүнүн мүлк укуктарын ушундай уюмга ишке ашырууга өткөрүп берүүгө укуктуу. Автордук жана чектеш укуктардын ээлери тарабынан жазуу келишимдеринин негизинде же ошондой уюмдарга мүчө болуу менен ыйгарым укуктар түздөн-түз өткөрүлүп берилет. Мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюму авторлордун атынан пайдалануучулар менен чыгармаларды тиешелүү ыкмаларда пайдаланууга жана чектеш укуктардын объектилерине лицензиялык келишим түзөт.

Мындай лицензиялык келишимдер бардык чыгармаларды жана чектеш укуктардын объектилерин келишимде каралган ыкмаларда пайдаланууга уруксат берип, бардык автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин атынан берилет. Тактап айтканда, лицензиялар чыгармаларды концерттерде, шоуларда, автордук кечелерде жана ушул сыяктуу иш-чараларда көпчүлүктүн алдында аткарууга мүлк укуктарын жамааттык башкаруу боюнча уюмдардын жана пайдалануучулардын арасында түзүлгөн келишимди (макулдашууну) билдирет.

Автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин өз чыгармаларын жана чектеш укуктардын объектилерин пайдаланууга байланышкан пайдалануучуларга карата болушу мүмкүн болгон ар кандай мүлктүк нааразычылыктары ушундай лицензиялык келишимдер боюнча лицензиялык келишим түзгөн уюмдар тарабынан жөнгө салынууга тийиш.

Мүлк укуктарын жамааттык башкаруу боюнча уюмдар коммерциялык ишмердүүлүк менен алектенүүгө, ошондой эле жамаатык негизде башкаруу үчүн алынган чыгармаларды

жана чектеш укуктардын объектилерин пайдаланууну ишке ашырууга укуктуу эмес.

Мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдарынын негизги функциялары төмөнкүлөр болуп саналат:

- уюм өзү башкарган укуктарды пайдаланууга пайдалануучулар менен лицензиялык келишимдерди түзүү, сый акынын өлчөмүн жана келишимдин башка шарттарын пайдалануучулар менен макулдашуу;
- лицензиялык келишимде каралган сый акыны чогултуу;
- чогултулган сый акыны авторлорго жана башка автордук жана чектеш укуктардын ээлерине бөлүштүрүү жана төлөп берүү;
- уюм өзү башкарган укуктарды коргоо үчүн зарыл болгон укуктук ар кандай аракеттерди аткаруу.

Мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары сый акылардын чогултулган суммасын чыгармалардын жана чектеш укуктардын объектилеринин фактылык пайдаланылышына барабар бөлүштүрүүгө жана үзгүлтүксүз төлөп берүүгө, ошондой эле алардын чыгармаларын пайдалануу тууралуу маалымат берүүгө тийиш. Муну менен катар уюм чогултулган сый акыдан ушул сый акыны чогултуу, бөлүштүрүү жана төлөп берүүгө чыгымдалган өзүнүн фактылык чыгымдарын, ошондой эле анын мүчөлөрүнүн чечими боюнча бул уюм тарабынан түзүлгөн атайын фонддорго жөнөтүлгөн сумманы жабууга эсептеп алып калууга укуктуу.

Эгер автордук жана чектеш укуктардын ээлери мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдарына ыйгарым укуктарын беришпесе, анда алар өз чыгармаларын жана чектеш укуктардын объектилерин ошол уюм тарабынан пайдалануучуларга берилген лицензияларынан алып салууга укуктуу. Бирок алардын чыгармаларына сый акы чогултуу ишке ашырылган болсо, анда алар өздөрү ала турган сый акыны төлөп берүүнү талап кылууга укуктуу.

Мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары талап кылынбаган сый акыларды, анын бөлүштүрүлгөн сум-

маларын кошо же анын автордук жана чектеш укуктарынын ээлери көздөгөн кызыкчылыктарда башка максатта пайдаланып, аны уюмдун эсебине келип түшкөн датадан баштап, үч жыл бою сактоого укуктуу.

Мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары антимонополиялык мыйзамдардын таасирине дуушар болбойт жана адатта ошол эле убакта бир өлкөдө автордук жана чектеш укуктарды башкарган ушундай бир коом иштейт. Алар укук ээлеринин ар түрдүү укуктары жана ар түрдүү категориялары боюнча башкаруу менен алектенгенде же ар түрдүү категориядагы укук ээлеринин ар түрдүү укуктарын башкарганда өзүнчө уюмдарды түзүүгө жол берилет.

Автордук укуктарды жамааттык башкаруу боюнча уюмдардын алгачкыларынын бири негизинен *көпчүлүктүн алдында аткаруу укуктары менен* алектенген уюмдар болгон. Көпчүлүктүн алдында аткарууга арналган чыгармалар шарттуу түрдө «укуктары аз» жана «укуктары көп» чыгармаларга бөлүнөт. Чыгармаларды мындай категорияларга бөлүштүрүп чектөө бир кыйла татаал процесс болуп саналат. Мисалга алсак, адатта драмалык эмес музыкалык чыгармалар – «укуктары аз» чыгармалар, ал эми музыкалык-драмалык чыгармалар – «укуктары көп» чыгармалар деп эсептелет. Бирок музыкалык-драмалык чыгармалардын (ариялар жана ырлар сыяктуу) кээ бир өз алдынча бөлүктөрү аткарылса, анда алар «укуктары аз» чыгармалар катары каралат.

Адатта, «укуктары аз» чыгармаларды башкаруу жамааттык негизде, ал эми «укуктары көп» чыгармаларды башкаруу жекече ишке ашырылат.

Мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары көп учурда көпчүлүктүн алдында аткаруу укуктарын башкаруу менен катар, *механикалык укуктарды башкаруу менен* да алектенет. «Механикалык укуктар» деген сөз айкашын бул сөздүн эң эле кеңири маанисинде автордун өз чыгармасын механикалык ыкмада жазылган жазуу формасында кайра чыгарууга уруксат берген укугу деп түшүнүү керек, т.а., жазуулар

механикалык жазгычтарда гана эмес, электрдик акустикалык, электрондук жазгычтарда ж.б.у.с. үн жазуу же аудиовизуалдык жазуу катары аткарылуусу мүмкүн.

Кээ бир өлкөлөрдө механикалык укуктарды жамааттык башкаруу боюнча өз алдынча уюмдар түзүлгөн. Механикалык укуктарды башкарууну эл аралык деңгээлде координациялоо маселелери менен Механикалык жазуу жана кайра чыгаруу укуктарын башкарган коомдордун эл аралык бюросу (BIEM) алектенет. BIEM өнөктөштөрүнүн негизгилеринин бири Фонографиялык индустриянын эл аралык федерациясы (IFPI) болуп саналат.

Эки жүз жылдан ашык стажга ээ болгон мүлк укуктарын жамааттык негизде бир кыйла салттуу түрдө башкаруу драмалык чыгармаларды көпчүлүктүн алдында аткаруу укуктарын башкаруу болуп саналат. Башкаруунун бул формасы жарым-жартылай жамааттык башкаруунун, т.а., агенттик типтеги башкаруунун үлгүсү болуп саналат. башкаруунун бул түрүнүн өзгөчөлүгү мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары болуп саналат, адатта калем акыны чогултуу жана бөлүштүрүү функцияларын гана аткарат, ал эми драмалык чыгармаларды пайдаланууга уруксат берүү жекече же түздөн-түз автордун өзү менен коомдун жардамында ишке ашырылат.

Автордук укуктар чөйрөсүндө *чыгармаларды колдонуу жана репрографиялык кайра чыгаруу укугун* жамааттык башкаруу боюнча уюмдарды түзүү мүмкүнчүлүгү бар. Колдонуу укугу искусство чыгармаларынын түп нускаларына, ал эми кээ бир өлкөлөрдө кол жазмалардын түп нускаларына пайдаланылат, аларды сатууда жана кайра сатууда дагы колдонулат. Тез, сапаттуу жана арзан көчүрмөлөөнү камсыздаган техниканын өнүгүүсү чыгармаларды репрографиялык кайра чыгаруу укуктарын башкаруу маселесин бир кыйла актуалдуу кылат.

Чектеш укуктар жаатында мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары да өнүктү.

Кээ бир өлкөлөрдө мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруу уюмдары автордук укуктардын да, чектеш укуктар-

дын да маселелери менен алектенишет. Бирок адатта укук ээлеринин ар бир категориясынын өзүнчө уюмдары бар.

Жамааттык негизде мүлк укуктарын башкарган уюмдарды көбүнчө «автордук коомдор» деп аташат жана бул аталыш коом өзүнүн негизги функцияларын аткарган авторлордон турган учурда гана эмес, ошол функцияларды мамлекеттик жана жарым-жартылай түрдө мамлекеттик уюмдар тарабынан аткарылган учурларда да пайдаланылат.

Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамынын негизинде мүлк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдарды түзгөнгө чейин, мындай уюмдардын функциялары жана милдеттери Кыргызпатентке жүктөлгөн.

### 13.5. Кыргызстанда автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоонун өнүгүшү

Мурдагы Советтер Союзунун Союздук Республикаларынын бири катары Кыргыз Республикасында автордук укуктарды коргоо Автордук укук боюнча бүткүл союздук агенттиктин (ВААП) регионалдык бөлүмү тарабынан ишке ашырылган. Советтик автордук укук мыйзамдары авторду өзүнүн чыгармасынын укуктарына ээ деп тааныган, бирок укуктарды өткөрүп берүү боюнча бардык операциялар, ошондой эле кошумча укуктар Автордук укук боюнча бүткүл союздук агенттик (ВААП) тарабынан контролго алынган. Авторлордун моралдык укуктары ажыратылбас жана мөөнөтсүз болуп эсептелип, мамлекеттин коргоосунда болгон. Автордук сый акылардын өлчөмдөрү Республиканын Өкмөтүнүн токтомдору менен бекитилген. Авторлорго сый акы чыгарманын тибине жана жанрына, ошондой эле чыгарманын басылып чыккан тиражына жараша төлөнгөн.

Чет элдик автордук укук мыйзамдарында: англо-саксон жана европалык негизги эки концепция басымдуулук кылат. Англо-саксон концепциясы боюнча автор чыгармасын пайдалануу укуктарын эркин жана өз каалоосу менен берүү же то-

лугу менен өткөрүп берүү укугуна ээ, ал эми чыгарманы пайдалануучулар өздөрүнө өткөрүлүп берилген укуктарды бузган ар кандай зыяндарга каршы сот тартибинде иш козгоо укугуна ээ. Автордук укуктун бул концепциясы Бириккен Королдуктун жана АКШнын автордук-укуктук мыйзамдарынын негизинде турат.

Автордук укуктун дагы бир концепциясы континенталдык Европанын мыйзамдарында колдонулуп, чыгарманын жаратуучусу катары автордун укуктарына багытталат жана «автордун моралдык укуктары» (чыгарманын жаратуучусунун чыгарманын таанылган автору болуу укугу жана чыгарманын кол тийбестик укугу) түшүнүгүн камтыйт.

Кыргызстандын көз карандысыздыкка ээ болушуна байланыштуу жаңы коомдук жана экономикалык мамилелерге өтүшү, ошондой эле укуктук коомду куруусу интеллектуалдык менчик коргоо чөйрөсүндө, анын ичинде автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоодо жаңыча мамиле кылуунун зарылдыгын аныктап турат.

Биринчи кезекте, бул улуттук мыйзамдарды эл аралык укуктун талаптарына ылайык гармонизациялоону талап кылат. Бул багытта 1998-жылы Кыргыз Республикасынын «Автордук укуктар жана чектеш укуктар жөнүндө», «ЭЭМ жана маалыматтар базаларынын программаларын коргоо укугу жөнүндө» мыйзамдары кабыл алынган. 1997-жылы Жарандык кодекс күчүнө киргендигин эске алып, автордук жана чектеш укуктар чөйрөсүндө улуттук юрисдикцияларды иштеп чыгуунун биринчи этабы аяктаган деп ишенимдүү түрдө айтууга болот.

Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «Автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануу үчүн минималдуу ставкалар жөнүндө» жана «Автордук жана чектеш укуктардын объектилерин каттоо үчүн жыйымдар жөнүндө» жоболор бекитилген. Юстиция министрлиги тарабынан «Авторлор кеңеши жөнүндө» жана «Автордук жана чектеш укуктардын объектилерин каттоого

өтүнмөлөрдү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелери» жөнүндө жоболор бекитилген. Мыйзамдык-укуктук базаны даярдоо этабын толук аяктоо үчүн Өкмөттүн бир катар токтомдорун, жоболорун жана көрсөтмөлөрүн, бул чөйрөдөгү маселелердин комплексине байланышкан жаңы формаларды жана стандарттарды иштеп чыгуу зарыл.

Автордук жана чектеш укуктар системасында мыйзамдык камсыздоодон тышкары авторлордун жана пайдалануучулардын ортосунда жаңы укуктук мамилелер келип чыкты. Мурдагы СССРдин убагында «шоу-бизнес» деген түшүнүк болгон эмес. Бул жааттагы «бизнес» менен мамлекет алектенген жана артисттердин гастролдорун уюштуруу (Мамконцерт), грампластинкаларга жана аудиокассеталарга музыкалык чыгармаларды тираждоо («Мелодия» грампластинкага жазуу фирмасы), фильмдерди, телеберүүлөрдү ж.б.у.с. тартуу, телекөрсөтүү, радио, концерттик аянттар да мамлекеттин карамагында болгон. Аткаруучуларга жана авторлорго калем акы төлөп берүү Өкмөт тарабынан белгиленген чектерде гана жүргүзүлгөн, аткаруучулардын жана фонограммаларды өндүрүүчүлөрдүн укуктары мыйзамдуу түрдө таанылган эмес (аткаруу жана фонограммалар интеллектуалдык менчик объекти болуп саналган эмес). Автордук укуктар дискриминацияланган: авторлордун макулдугусуз чыгармаларын аудио жазгычтарга жазууга, ошондой эле телекөрсөтүүдө жана радиодо – сый акы төлөнбөстөн пайдаланууга жол берилген. Жашоонун бардык чөйрөлөрүндөй эле мамлекеттин монополиясы чексиз колдонулган, атаандаштык болгон эмес.

Коомубузда соңку жылдарда болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр жана интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдардын өзгөрүүсүнүн натыйжасы кырдаалды түп-тамырынан бери өзгөрттү. Кыргыз Республикасынын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамын кабыл алуу менен автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануу чөйрөсүндө, анын ичинде шоу-бизнесте цивилизациялуу рынокту калыптандырууга укуктук негиз түзүлдү.

Бирок бул укук мамилелеринде түзүлгөн стереотиптерди өзгөртүү татаал жана оор көйгөй болуп саналат. Автордук жана чектеш укуктардын объектилерин мыйзам нормаларын сактабастан массалык түрдө пайдалануу бул чөйрөдөгү укук бузуулардын көбөйүшүнө алып келет. Автордук жана чектеш укуктар маселелерине мындай мамиле кылуунун натыйжасы катары өз эмгегинин натыйжаларын пайдалануу үчүн аларга тиешелүү автордук сый акы ала алышпаган чыгармачыл кызматкерлердин жашоо деңгээлдеринин төмөндөшүн белгилөөгө болот.

Ошентип, Кыргызстанда саясий кырдаалдын өзгөрүшү мыйзамдык-укуктук базанын өзгөрүшүн, авторлордун жана пайдалануучулардын ортосундагы укуктук мамилелерди гана эмес, эл аралык жана улуттук укуктук нормалардын талаптарын ишке ашырууда жаңы механизмдерди иштеп чыгууну, ошондой эле бул чөйрөдөгү менталдуулуктун өзгөрүшүн да талап кылат.

Өткөн кылымдын аягында маалымат алмашуу технологиясы бир кыйла алдыга кадамдады. Маалымат, чыгармалар, сүрөттөр жана үндөр канчалык көбөйтүлүп, дүйнөгө канчалык тез таратылса, аларды пайдаланган адамдардын, тагыраак айтканда, потенциалдуу пайданалуучулардын саны ошончолук көбөйөт. Албетте, бул «интеллектуалдык пиратчылыктын» кеңири мүмкүнчүлүктөрүн ачып, адам укуктарынын чөйрөсүнө – автордук укукка зор таасирин тийгизет.

### 13-баптын атайын адабияты

1. *Абдылдабек кызы Жаныл.* Авторское право и смежные права: Курс лекций. – Бишкек: Б.И., 2003. – 255 с.

2. Авторское право и смежные права: Интеллектуальная собственность в 2-х томах. Т. 1 // Сост. И.В. Попова и др. – Минск: Амалфея, 1997. – 560 с.

3. *Арабаев Ч.И., Омукеева Н.А.* Право интеллектуальной собственности Кыргызской Республики: Учебник для вузов. – Бишкек: Просвешение, 2004. – 668 с.

4. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.

5. *Гаврилов Э.П.* Комментарий к Закону об авторском праве и смежных правах. – М.: Фонд «Правовая культура», 1996. – 250 с.

6. *Гаврилов Э.П.* Авторское право. – М.: Юридическая литература, 1999. – 286 с.

7. Гражданское право: Учебник. Т. 3 / Под ред. А.П. Сергеева, Ю.К. Толстого. – М.: Проспект, 1998. – 263 с.

8. *Дозорцев В.А.* Авторские дела в суде: Научно-практический комментарий. – М.: Юридическая литература, 1985. – 175 с.

9. *Зелесский В.В.* Основные институты гражданского права зарубежных стран: Сравнительно-правовое исследование. – М.: Юридическая литература, 2000. – 645 с.

10. *Каудыров Т.Е.* Право интеллектуальной собственности: Учебное пособие. Алматы: Жети жаргы, 1999. – 211 с.

11. *Линет Оуэн.* Приобретение и продажа авторских прав на литературные произведения: Практ. руководство. – М.: Аспект Пресс, 1997. – 215 с.

12. *Макагонова Н.В.* Авторское право: Учеб. пособие/Под ред. Э.П. Гаврилова. – М.: Юридическая литература, 1999. – 237 с.

13. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М., Саргалдакова Ж.З.* Право интеллектуальной собственности в схемах: Учебник / Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2004. – 156 с.

14. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

15. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

16. Совершенствование охраны авторских и смежных прав: Тем. выпуск по материалам отечественной и зарубежной

литературы // Сост. и автор Л.Г. Кравец. – М.: ИНИЦ Роспатента, 2000. – 59 с.

17. *Судариков С.А.* Авторское право и смежные права. Законы, конвенции, договоры и соглашения: Сборник материалов/Под ред. С.А. Сударикова; Белорусская ассоциация киновидеопродюсеров и дистрибьютеров. – Минск: Пейто, 1998. – 272 с.

18. *Фичор М.* Коллективное управление авторским правом и смежными правами/ Пер. с англ., под ред. к.ю.н., проф., засл. юриста РФ Э.Н. Ренова. – М.: 1999. – 108 с.

19. *Чернышева С.А.* Авторский договор в гражданском праве России. – М.: Гардарика, 1996. – 104 с.

# 14-БАП. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИ ЖАРАТТУУДАГЫ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУДАГЫ ЭКОНОМИКА ЖАНА МАРКЕТИНГ

## 14.1. Интеллектуалдык менчик объектилеринин маркетинги

Маркетингдин жалпы түшүнүгү «рынокту терең жана ар тараптуу изилдөө, өндүрүштүн бардык шарттарын баалоо жана эсепке алуу жана продукцияларды, товарларды сатуу, жакынкы жана кыйла узак келечекке кызмат көрсөтүү негизинде таянган ишкананын өндүрүп-сатуу ишмердүүлүгүн уюштуруу тутумуна» алып келет. «Маркетингдин негизги элементтери болуп булар эсептелет: маркетингдик изилдөө жана маалымат жыйноо, продукциянын ассортиментин пландоо, сатуу жана жүзөгө ашыруу, жарнама жана сатууга өбөлгө түзүү».

Маркетингдик изилдөөлөрдүн негизги милдети ар түрдүү багыттарды камтышы мүмкүн:

- рыноктун мүнөздөмөсүн;
- продукт саясатын;
- баа түзүү саясатын;
- товар жүгүртүү, бөлүштүрүү саясатын ж.б.

Бардык рыноктук ишканалар жаңы продуктулардын рыногу алардын дайыма өсүп туруусуна жана керек болсо жашоосуна ачкыч болуп эсептеле тургандыгын билишет. Батышта чоң корпорация жаңы продукт үчүн потенциалдуу рынокту дыкаттык менен изилдеп чыгат жана пландоодо, сыноодо, рынокту изилдөөдө жана жаңы продуктуну жарыя кылууда

миллиондогон долларларды жумшай алат. Ири компаниялар демейде төмөндөгүлөрдү аныктоого аракет кылат:

1. Коом эмнени каалайт? Андан кийин бул суроо-талаптарга жооп берүүчү продуктуну кандайча иштеп чыгат.

2. Продукт өз убагында иштелип чыктыбы? Эгер өз маалында даяр болбосо, анда алар рынокко өтө эрте же өтө кеч түшөт.

3. Продукт кандай атаандаштыкка туш болот? Эгерде ал рынокто андан мурда кездешкен окшош продукт менен атаандаш болсо, азыркысы андан кыйла жакшыраак, арзаныраак же башкача айтканда жагымдуураак экендигин билдире алабы?

4. Өндүрүштүн экономикасы кандай? Продуктуну иштеп чыгуу процессине кандай көйгөйлөр мүнөздүү? Анын чекене сатылган баасы менен жетишээрлик өлчөмдө жабыла турган өздүк наркы боюнча продуктуну даярдоого мүмкүнбү? Субсидияларды бөлүп берүүдө каржылоо булактары канчалык деңгээлде кызыкдар болот?

Бизге белгилүү болгон интеллектуалдык продукт өнөр жай менчиги объектилери, автордук укук объектилери, салттуу эмес объектилер түрүндө интеллектуалдык менчик рыногуна товар катары чыгат. Андан тышкары, «интеллектуалдык менчик объектисин пайдаланууга өзгөчө укук» эң жаңы технологиялар менен жана алардын негизинде жаратылган продуктулар менен байланышта болгон атаандаштыкка өтө жарамдуу товарлардын түрлөрүнүн бири болуп эсептелет.

Ушуга байланыштуу мындай товарлар менен иштөөдө маркетингдик ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрү пайда болот. Мындай өзгөчөлүктөргө төмөндөгүлөр таандык:

1. Интеллектуалдык продуктунун ээсин ак ниет эмес атаандаштыктан, менчигин мыйзамсыз көчүрмөлөөдөн алдын-ала сактоочу, интеллектуалдык продуктунун укуктук коргоонусун түзүү зарылдыгы. Интеллектуалдык менчик объектилери маркетингдин эң маанилүү каражаты болуу менен продуктунун конкреттүү түрүнүн рынокко чыгуусундагы эң зарыл болгон кадамдардын бири – ушул жаңылыктарды

патенттөө эсептелет. Ойлоп табууларды патенттөө менен товардык белгини каттоо атаандаштык күрөшүндө артыкчылык берүү менен коммерциялык пайда табууга мүмкүндүк берет.

2. Патент, патентик лицензия, автордук келишимдер түрүндөгү укуктук коргоонун болушу, интеллектуалдык продуктунун ээсине узак убакытка (өзгөчө укуктун аракеттенүү мөөнөтү) рыноктогу монополиялык абалды камсыз кылат. Бул, менчик ээсине ылайыктуу өндүрүштүк, соодалык, нарктык, товардык саясатты жүргүзүүгө, өз товарын өндүрүү жолу менен гана эмес, анын башка өндүрүүчүлөр тарабынан чыгарылышына лицензияларды сатуунун эсебинен пайданы өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Товардын патент тарабынан корголуусу – инвестор үчүн анын капитал чогултуусунун натыйжалуулугунун кошумча кепилдиги.

Патентик издөө тарабынан аныкталган интеллектуалдык чөйрөдөгү маркетингдик изилдөөлөрдүн максаттары булар:

- патенттик-лицензиялык кырдаалды аныктоо;
- илим менен техника тармактарынын өнүгүү тенденциясын талдоо;
- илим менен техниканын берилген тармагындагы өнөр жай менчиги объектилеринин атаандаштыкка жарамдуулугунун деңгээлин изилдөө;
- өнөр жай, менчигинин сунушталган объектисинин патенттик тазалыгын жана жаңылыгын аныктоо;
- берилген тармактан алдыңкы фирмаларды изилдөө (атаандаштарды).

Патенттик изилдөөлөр өзгөчө өнөр жай продукциясынын конкреттүү түрлөрүн иштеп чыгуу менен, ошондой эле продукциянын бул түрүнүн рыноктук абалы жана өнүктүрүү келечеги менен байланышкан акыркы илимий-техникалык жетишкендиктер жөнүндө маалыматтарды камтыган маалымат булактарын, ошондой эле илимий-техникалык жана рекламалык-коммерциялык маалыматтарды талдоонун негизинде жүргүзүлөт.

Илимий-изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын натыйжаларын коммерциялык сатуу стадиясындагы көптөгөн башкаруучулук чечимдер илимий-изилдөө тажрыйба конструктордук иштердин процесинде түзүлгөн интеллектуалдык менчик объектилерининн наркын баалоого байланышкан патенттик изилдөөлөрдү талап калат.

Ишкананын башка мүлкүн (менчик объектилерин) жана бүтүндөй ишкананын бардык мүлктөрүн баалоого окшогон өнөр жай менчиги обьектилерин жана материалдык эмес активдерин баалоону жүргүзүүдө эреже катары баалоо максаттары боюнча айырмалануучу эки негизги ыкманы бөлүп көрсөтүшөт:

- инвентаризациялоо, бухгалтердик эсеп жана мүлктү ишкананын балансына коюу максаттары үчүн баалоону;
- мүлктү коммерциялык пайдалануудагы төлөмдөрдүн өлчөмүн эсептөө үчүн объектилердин рыноктук наркын аныктоо максатында баалоону.

**Ишканалардын материалдык эмес активдери катарында интеллектуалдык менчик объектилерин пайдалануу.** Интеллектуалдык менчикти материалдык эмес актив катары таануу жана анын эсебин уюштуруу (бухгалтердик жана салыктык) материалдык эмес активдер менен түздөн-түз жүргүзүлүүчү чарбалык операциялардын үлүшү өсө турган рыноктун жаңы инфраструктурасын түзүү менен мүнөздөлүүчү рыноктук мамилелердин өзгөчөлүктөрүн ачат.

Бухгалтердик эсептин объектилери болуп, уюмдардын мүлктөрү, алардын милдеттенмелери жана алардын ишмердүүлүк процессинде уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылуучу чарбалык операциялар эсептелет. Бухгалтерик эсеп чарбалык турмуштун чагылдырылышын көрсөтөт. Бардык чарбалык операциялар, мүлктү жылдыруу, материалдык жана материалдык эмес объектилер эсепке алынат. Салыктык эсепке, курамына ошондой эле материалдык эмес активдер камтылган ишкананын салык салына турган мүлктөрү кирет.

Интеллектуалдык менчик экономикалык мааниде – бул өндүрүш жана керектөөлөрдүн чөйрөсүндөгү товардык-акча-

лык объектилер катарында интеллектуалдык менчик объектилерин жаратууга жана пайдаланууга байланыштуу келип чыгуучу мүлктүк коомдук мамилелер.

Мүлктүк мамилелер КРнын колдонуудагы мыйзамдары, ылайыктуу органдардын ченемдик документтери, ошондой эле ишкананын ички ченемдик актылары менен регламенттелген.

Интеллектуалдык менчик объектилерин түзүүгө жана пайдаланууга байланыштуу пайда болуучу мүлктүк мамилелер КР ЖКнын 22-б. менен регламенттелет, анда жарандык укуктардын объектилерине: « ... интеллектуалдык менчиктин натыйжалары, фирмалык аталыштар, товардык белгилер жана буюмдарды жекелештирүүнүн башка каражаттары, ошондой эле башка материалдык жана материалдык эмес жыргалчылыктар» кирет деп белгиленген. Ошол эле жерде 32-б. «интеллектуалдык ишмердүүлүктүн объективдүү көрсөтүлгөн жыйынтыктарына жарандын же юридикалык жактын өзгөчө укугу жана аларга теңештирилген юридикалык жакты индивидуалдаштыруу каражаттары, жеке же юридикалык жактын продукциялары, алар тарабынан аткарылган иштер же кызмат көрсөтүүлөр таанылат (фирмалык аталыштар, товардык белги, тейлөө белгилери ж.б.)».

Өзгөчө укуктардын объектилери болуп эсептелген интеллектуалдык менчиктин натыйжаларын жана индивидуалдаштыруу каражаттарын пайдалануу, укук ээсинин макулдугу менен гана үчүнчү жактар тарабынан жүзөгө ашырыла алат.

Интеллектуалдык менчиктин объектилерине ишкананын өзгөчө укуктары материалдык эмес активдер катарында эсептелинет:

– ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө патент ээсинин өзгөчө укугу;
– ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына автордук өзгөчө укук;
– интегралдык микросхемалардын топологияларына автордун же башка укук ээсинин өзгөчө укугу;

– товардык белгиге жана тейлөө белгисине укук ээсинин өзгөчө укугу;
– селекциялык жетишкендикке патент ээсинин өзгөчө укугу.

Материалдык эмес объектилердин наркын аныктоодо, башка мүлктү баалоо сыяктуу эле эл аралык стандарттар пайдаланылат.

### 14.2. Кыргыз Республикасындагы материалдык эмес активдердин бухгалтердик эсеби

Кыргызстанда материалдык эмес активдердин бухгалтердик эсеби төмөндөгүлөрдүн негизинде жүргүзүлөт:

1. 1998-ж. 1-январындагы Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги тарабынан ишке киргизилген бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун кыргыз стандартынын (мындан ары – БЭКС) «Бухгалтердик баланс» (БЭКС 2) жана БЭКС 8 «Негизги каражаттардын жана башка узак мөөнөттүү активдердин эсебинин» (мындан ары – БЭКС 2, БЭКС 8), бардыгы бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун улуттук 18 стандартынын негизинде.

2. 1998-ж. 1-январындагы Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги тарабынан ишке киргизилген ишканалардын финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнүн бухгалтердик алыш-бериш эсебинин генералдык планынын, алыш-бериш эсеби 2900 «Материалдык эмес активдер» (мындан ары – КРнын алыш-бериш эсебинин Генералдык планы).

3. 17.08.2004-ж. финансылык отчеттуулуктун стандарттары жана аудит боюнча КРнын өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик комиссиянын коллегиясынын № 23–токтому менен колдонууга сунуш кылынган финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандартын (мындан ары – ФОЭС) колдонуу боюнча усулдук сунуштардын 38-си (ФОЭС 38). «Материалдык эмес активдер (мындан ары – усулдук сунуштар)».

4. Ишканалардын ченемдик актылардын (өз ишканасында колдонууга ченемдик актылардын конкреттүү мисалдары. Тиркеме 1, 2, 3).

Азыркы кезде Кыргызстанда бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун улуттук стандарттары (БЭКС) дагы аракеттене тургандыгын, ошондой эле чарба жүргүзүүчү уюмдардын финансылык отчеттуулуктун Эл аралык стандарттарга (ФОЭС) өтүү процесси улантылып жаткандыгын белгилөө керек. Ишканалар өз уюмунда эсеп саясатын кайсы стандартка ылайык жүргүзөөрүн аныктап алуулары керек.

Кыргызстандагы материалдык эмес активдердин салыктык эсеби салык салынууга тийиш болгон мүлктүн курамына «... материалдык эмес активдер» киргизилгендиги көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Салык кодексине ылайык жүргүзүлөт.

***Материалдык эмес активдердин классификациясы***

БЭКС 2, II бап, 2.2.-б. ылайык материалдык эмес активдер узак мөөнөттүү активдерге таандык – булар «өндүрүштө аренда берүү, административдик максаттарда пайдалануу үчүн жана бир жылдан узагыраак мезгилге пайдаланууну болжоштуруучу субъектинин колдо бар активдери, «жеке формага ээ эмес, бирок укуктарга же менчик ээсинин өзгөчө укуктарына негизделген наркка ээ болгон актив».

Материалдык эмес активдер өз ичине төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

а) патенттер – продукциянын белгилүү бир түрүн өндүрүүгө же сейрек кездешүүчү технологияны пайдаланууга өзгөчө укуктар;

б) копирайт (нускалоого укук) – адабий, музыкалык, кино-, компьютердик программалык камсыз кылууну камтуу менен видео- жана башкаларды басып чыгарууга жана сатууга өзгөчө укуктар;

в) соода маркалары – катталган символ же өндүрүлгөн товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү бирдейлештирүү үчүн аны пайдалануу укугу бар аталыш.

г) франшиза, лицензия, формула, процесс – технологиянын же сырткы көрүнүшүнүн белгилүү бир формуласын пайдаланууга өзгөчө укук;

д) гудвил (фирманын баасы) – ишкананын өзүнчө сатылып алынган бардык активдеринин рыноктук наркынын үстүнөн бүтүндөй ишкананы алуу наркын жогорулатуу.

Алыш-бериштин Генералдык планындагы «Материалдык эмес активдер» 2900 эсебинде, материалдык эмес активдердин жогоруда саналган түрлөрүнөн башка уюштуруу чыгымдары жана башка активдер көрсөтүлөт. БЭКС 8 де чыгымдардын мааниси ачылып түшүндүрүлөт, атап айтканда аларга жеткирүү, орнотуу жана активди ишке даярдоо боюнча чыгашалар кирет.

Усулдук сунуштарда ар кандай ФОЭСтерде бөлүнгөн материалдык эмес активдердин ар кандай түрлөрүн эсепке алуу тартиби берилет. Материалдык эмес активдердин негизги бөлүгү ФОЭС 38 «Материалдык эмес активдерде» эсепке алынат. Ал эми башка бөлүгүн материалдык эмес активдер, башка ФОЭСтерде чагылдырылган эсеп маселелери түзөт. Мисалы, гудвил ФОЭС 22 «Бизнести бириктирүүдө» эсепке алынат.

КРнын Салык кодексинде материалдык эмес активдердин төмөндөгүдөй классификациясы берилет: «Материалдык эмес активдер – бир жылдан кем эмес мезгил ичинде экономикалык ишмердүүлүктө пайдаланылууга мүмкүн болгон жана амортизацияга туш болуучу материалдык эмес менчик объектилери (патент, лицензия, соода маркасы, пайда алуу жөндөмдүүлүгү, автордук укук же ысымды жана фирманын товардык белгисин – фирманын ээсин – товарлардын дистрибютерлерин жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу жөнүндө келишим)».

Материалдык эмес активдерге финансылык активдер киргизилбейт.

Материалдык эмес катарында активдер жооп берүүгө тийиш болгон шарттар. Бухгалтердик жана салык эсептеринен келип чыгуу менен интеллектуалдык менчик объектилерине ишкананын өзгөчө укуктары төмөндөгү бир катар шарттарды аткарууда материалдык эмес активдер катары эсептелишет:

а) материалдык-заттык (жеке) структуранын жоктугу;

б) уюм тарабынан башка мүлктөн бирдейлештирүү (бөлүү, ажыратуу) мүмкүндүгү; материалдык эмес активдер-

дин бирдейлештирилүүсү – бул өз алдынча эсеп бирдигинин бөлүнүшү дегенди билдирет, мисалы, патент, күбөлүк; актив бөлүнүүгө жөндөмдүү болуп эсептелет, эгерде аны сатууга, алмашууга мүмкүн болсо, б.а. бул активден түшө турган келечектеги экономикалык пайдаларды бирдейлештирүүгө болот;

в) жумуштарды аткарууда же кызмат көрсөтүүдө, же уюмдун башкаруу керектөөлөрү үчүн продукцияларды өндүрүштө пайдалануу;

г) узак мөөнөт ичинде, б. а. узактыгы 12 айдан көп пайдалуу колдонуу мөөнөтүн же кадимки операциялык циклди пайдалануу, эгерде ал 12 айдан ашып кетсе, мисалы өзгөчө укукту пайдалануу катары төмөндөгүлөр эсептелет:

- ишкананын негизги ишмердүүлүгүнө «үчүнчү жактардын пайдалануусунда интеллектуалдык менчик объектисине систематикалык негизде өзүнүн өзгөчө укугун берүү» таандык экендигинин уюштуруу документинде же пункттун уставында чагылдырылышы;
- пайдаланып баштаган датаны так чагылдыруу (комиссия, материалдык эмес активдердин эсеп карточкасындагы башкы инженер же ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилген актынын формасы аркылуу);

е) жөндөмдүүлүк келечекте уюмга экономикалык пайда (киреше) алып келет; материалдык эмес активдерди пайдалануудан түшө турган келечектеги экономикалык пайдалар товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн акчаны же компаниянын чыгашаларын азайтууну жана башка пайдаларды камтуусу мүмкүн;

ж) интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларына карата уюмда активдин өзүнүн же өзгөчө укуктун бар экендигин ырастоочу ылайыктуу таризделген документтердин (патенттер, күбөлүктөр, башка коргоо документтери, патентти, товардык белгини ж.б. өткөрүп берүү (алуу) келишими) болушу – өнөр жай менчиги объектилерине карата уюмдун өзгөчө укугу патент, күбөлүк, өткөрүп берүү келишими менен ырасталат.

Уюмдун автордук укук объектилерине өзгөчө укуктарынын бар экендигин ылайыктуу автордук келишимдер менен ырастоого болот.

### 14.3. Материалдык эмес активдерди баалоо

#### ***Материалдык эмес активдердин баштапкы наркын аныктоо***

**Усулдук сунуштарда** келип түшүүгө мүмкүн болгон материалдык эмес активдер мисалдары менен, жана баштапкы наркын баалоо, атап айтканда материалдык эмес активдерди сырттан (көзүнчө; бизнести бириктирүүнүн бир бөлүгү катары; мамлекеттик субсидиянын эсебинен), алмашуу жолу менен (аналогиялык активге; аналогиялык эмес активге) алуу учурлары; ичинде түзүлгөн гудвил; ичинде түзүлгөн материалдык эмес активдер каралган. Материалдык эмес активдердин баштапкы наркын баалоо, ишкана материалдык эмес активдерди кандайча алгандыгына көз каранды: же сырттан алган, же ишкананын өзү тарабынан түзүлгөн.

*БЭКС 8*, *алыш-бериштин Генералдык планында* «материалдык эмес активдер эсепте актив катары алар субъект тарабынан алынган учурда гана таанылат. Эгерде товардык маркалар, жаңы технологиялар жана башка укуктар жана өзгөчө укуктар субъектинин өзү тарабынан түзүлгөн болсо, аларды түзүү, өнүктүрүү жана илимий-техникалык иштеп чыгуулар боюнча чыгымдар капиталдаштырылбайт жана балансты материалдык эмес актив катары чагылдырылбайт» деп белгиленген. «Капиталдаштыруу» деген термин «белгилүү бир чыгымдарды негизги каражаттардын бирдигинин балансалык наркына киргизүү» дегенди билдирет.

Бухгалтердик эсепте ***материалдык эмес активдер балансга аларды алуу наркы боюнча***– алуу наркына салыштырмалуу андан аркы баалуулугунун өсүшүнө карабастан балансга эч качан алмашпай турган (патент алуу наркынан башкасы), алар үчүн төлөнгөн сумма боюнча ***эске алынат,*** мисалы фирманын баасы.

Патенттин баштапкы наркы патентти коргоо боюнча чыгымдардын соттук суммасына жана берилген патенттин атаандаштыкка жарамдуулугун күчөтүү үчүн ашык төлөп сатылып алынган атаандашуучу патенттердин суммасына жогорулашы мүмкүн.

Гудвилдин алгачкы наркы (фирманын баасы), эгерде бул активдер ар бири өз алдынча алына тургандай болсо, анын бардык активдеринин чыныгы рыноктук баасынын үстүндө ишкананын факт жүзүндө жогорулаткан сатып алуу баасы болуп саналат.

Гудвилдин наркын аныктоонун өзгөчөлүгү болуп, бул үчүн балансылык эмес, активдердин рыноктук наркы пайдаланыла тургандыгы эсептелет.

Башка ишканалардан кайтарымсыз же мамлекеттик субсидиялар катарында алынган уставдык капиталына алардын салымынын эсебинен уюштуруучулар тарабынан кошулган материалдык эмес активдердин баштапкы наркы эксперттик жол менен аныкталат.

***Жеке ишканада материалдык эмес активдерди түзүү.*** Усулдарда көрсөткүчтөрдө материалдык эмес активдер изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар фазасында каралат. Фазага жараша материалдык эмес активдерге кетүүчү чыгымдар аныкталат. Жалпы мүнөздө алганда баштапкы нарк түзүүгө, тажрыйбалуу үлгүлөрдү даярдоого, тараптардын уюмдарынын биргелешип аткаруу келишими (ИИТКЖга (НИИ-ОКР) тапшырма) боюнча кызмат көрсөтүүлөргө кеткен факт жүзүндөгү чыгымдардын суммасы, патенттик алымдар жана башка чыгымдар, авторго ойлоп табууну жаратуу фактысы үчүн (ойлоп табуулар үчүн) кызыктыруучу сыйлыктар (ойлоп табууну пайдалануу үчүн кирбейт) катары аныкталат.

Материалдык эмес активдер төмөндөгү учурларда түзүлдү деп эсептелет:

– кызматтык милдеттерди аткаруу тартибинде же жумуш берүүчүнүн конкреттүү тапшырмасы боюнча алынган интеллектуалдык менчик ишмердүүлүгүнүн натыйжа-

сына карата өзгөчө укук уюмга – жумуш берүүчүгө таандык болгондо;

- жумуш берүүчү деп эсептелбеген заказ берүүчү менен түзүлгөн келишим боюнча автор (авторлор) тарабынан алынган интеллектуалдык менчик ишмердүүлүгүнүн натыйжасына карата өзгөчө укук уюмга – заказ берүүчүгө таандык болгондо;
- товардык белгиге күбөлүк уюмдун атына берилгенде.

### 14.4. Материалдык эмес активдердин амортизациясы жана аларды амортизациялоо үчүн колдонулуучу ыкмалар

«Материалдык эмес активдерди амортизациялоо» түшүнүгү «пайдалуу колдонуунун мөөнөтү» же «пайдалуу иштөө мөөнөтү» же «пайдалуу кызмат мөөнөтү» түшүнүктөрү менен тыгыз байланышта. Иштин мааниси боюнча уюм экономикалык пайда (киреше) алууга мүмкүн болгон бул объектини пайдалануунун күтүлгөн мөөнөтү жөнүндө сөз болууда.

БЭКС 8 де «I. Белгилүү бир аракеттенүү мөөнөтү бар патенттер, автордук укуктар сыяктуу материалдык эмес активдер боюнча пайдалуу иштөө мөөнөтү аракеттенүү мөөнөтүнүн чегинде аныкталат».

«2. Кызмат мөөнөтү лимитсиз болгон соода маркалары жана гудвил сыяктуу материалдык эмес активдер боюнча пайдалуу иштөө мөөнөтү, бул активден экономикалык пайда алуунун жөнү бар, бирок 40 жылдан ашуун эмес мөөнөттүн чегинде аныкталат.

Усулдук сунуштарга ылайык «материалдык эмес активдер алардын пайдалуу кызмат мөөнөтүн эң жакшы баалоо боюнча амортизацияланышы керек. ФОЭСтин жол берүүлөрүнө ылайык материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү 20 жылдан ашпайт».

Кандай учурда болсо дагы материалдык активдерди пайдалуу пайдалануу мөөнөтү уюмдун ишмердүүлүк мөөнөтүнөн аша албайт.

Амортизацияны негизги сумманын үстүнө кошуп эсептөө материалдык эмес активдердин эсепке алууга киргизилген убактысынан кийинки айдан тартып башталат. Амортизациялык чегерүүлөрдүн чоңдугу, өзүнүн эсеп саясатында алгачкы наркынан жана пайдалуу пайдалануу мөөнөтүнөн келип чыгуу менен, уюм тарабынан өз алдынча аныкталуучу ченемдер боюнча эсептелип чыгат.

Материалдык эмес активдерди амортизациялоо үчүн колдонулуучу ыкмалар негизги каражаттарды амортизациялоо ыкмаларынан айырмаланбайт: наркты эсептен чыгаруунун түз сызыктуу ыкмасы; калдыкты азайтуу ыкмасы; материалдык эмес активдерди пайдалануу менен продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу алгачкы наркты эсептен чыгаруу ыкмасы.

Материалдык эмес активдердин бир тектүү товарларынын топтору боюнча ыкмалардын ичинен бирөө пайдалуу пайдалануунун бүтүндөй мөөнөтү ичинде колдонулат:

***1*. *Наркты эсептен чыгаруунун түз сызыктуу ыкмасы*.** *Кошулуп эсептелген амортизациянын суммасы (А) алгачкы нарктын (С) амортизациянын ченемине (К) көбөйтүндүсү менен аныкталат:*

$$A = C \cdot K,$$

*мында*

*К – амортизациянын ченеми; К = 1 : n ·100%;*

*n – айларда көрсөтүлгөн пайдалуу пайдалануу мөөнөтү.*

***Мисал:*** *Материалдык эмес активдердин алгачкы наркы (С) – 1000 сом. Пайдалуу пайдалануу мөөнөтү (n) – 10 жыл, анда:*

*Амортизациянын ченеми 0,833% (К=1:120 100%=0,833%) түзөт, ал эми кошуп эсептелүүчү амортизациянын ай сайынкы суммасы – 8,33сом. (А=1000 0,833% =8,33 сом).*

***2 .Калдыкты азайтуу ыкмасы.*** *Башынан эле алгачкы наркты амортизацияга толугу менен жиберүүнү болжоштурбайт.*

***Мисал:*** *ЭЭМ үчүн программа 48миң сомду түзөт. Программаны пайдалуу пайдалануу мөөнөтү 3 жыл 6 айды түзөт.*

*К = 1 : 36 · 100% = 2,78% – бир айлык ченем (норма),*
*жыл боюнча: 2,78% · 12 ай = 33,33 %,*
*1 жыл үчүн: 48 миң сом. · 0,3333 = 16 миң сом.,*
*2 жыл үчүн : 48 миң сом. – 16 миң сом. = 32 миң сом.*
*32 миң сом.· 0,3333 = 10,7 миң сом.,*
*3 жыл үчүн: 32 миң сом. – 10,7 миң сом. = 21,3 миң сом.*
*21,3 миң сом. · 0,3333 = 7,1 миң сом.*

*Материалдык эмес активдердин калдык наркы 21,3 миң сом – 7,1 миң сом. = 14,2 миң сом. (чыгымдар 91 эсепке) – калдык көз каранды болот.*

**3.** ***Материалдык эмес активдерди пайдалануу менен продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу алгачкы наркты эсептен чыгаруу ыкмасы*** *отчеттук мезгил ичинде чыгарылган материалдык эмес активдердин алгачкы наркынын жана материалдык эмес активдерди пайдалуу пайдалануунун бүтүндөй мезгили ичиндеги болжоштуруп, алдын-ала маалымдалган продукциянын V, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн катышынан келип чыгуу аркылуу жүргүзүлөт.*

*Кошуп эсептелген амортизациянын (А) суммамы А = V· C : Q, мында*

*V – продукцияны чыгаруунун, жумуштун, кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн чыныгы көрсөткүчү;*

*С – материалдык эмес активдердин баштапкы наркы;*

*Q – пайдалуу пайдалануунун бүтүндөй мезгили ичиндеги болжоштуруп, алдын-ала маалымдалган продукциянын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү.*

***Мисал:***

*Пайдалуу пайдалануу мөөнөтү = 3 жыл.*

*Баштапкы нарк = 48 миң сом.*

*3 жылда чыгарылган продукциянын көлөмү = 10миң бирдик.*

*Бир бирдиктин алгачкы наркы ≈ 5 сом. (48 : 10),*

*1 жылга пландаштырылган продукциянын көлөмү V 3 миң бирдикти түздү, А = 3 миң бирдик · 5 сом = 15 миң сом.*

Эгерде белгиленген пайдалуу пайдалануу мөөнөтү ичинде пландалган, алдын-ала маалымдалган көлөм аз чыгарылса, анда материалдык активдердин наркынын бир бөлүгү амортизацияланбаган боюнча кала (жана тескерисинче) тургандыгын эске алуу керек.

***Материалдык эмес активдерди каттоо (инвентаризациялоо)***

Интеллектуалдык менчик ишкананын башка активдериндей эле каттоого алынат. Интеллектуалдык менчикти каттоонун негизги максаттары болуп төмөндөгүлөр эсептелинет:

- интеллектуалдык менчиктин факт жүзүндө бар экендигин табуу;
- интеллектуалдык менчиктин факт жүзүндө бар экендигин бухгалтердик эсептин маалыматтары менен салыштыруу;
- эсепке алуудагы чагылдыруунун толуктугун текшерүү.

Материалдык эмес активдердин бухгалтердик эсебинин бирдиги болуп каттоо (инвентардык) *объектиси* эсептелет.

Материалдык эмес активдердин *каттоо объектиси болуп* бир патенттен, күбөлүктөн, укуктарды өткөрүп берүү келишиминен ж.б. келип чыгуучу укуктардын жыйындысы эсептелет. Бир каттоо объектисин экинчисинен идентификациялоо боюнча негизги белги катары продукцияны өндүрүүдө, жумуштарды аткарууда же кызмат көрсөтүүдө же уюмдун башкаруучулук керектөөлөрү үчүн пайдаланууда алардын өз алдынча иш-милдеттерди аткаруусу кызмат кылат.

Интеллектуалдык менчикти каттоодо (инвентаризациялоодо) аны пайдаланууга уюмдун укугун ырастоочу документтердин бар экендигин, ошондой эле ишкананын балансындагы интеллектуалдык менчиктин тууралыгын жана өз убагында чагылдырылгандыгын текшерүү зарыл.

**Материалдык эмес активдичыгаруу** – бул аны пайдалануудан жана андан ары чыгаруудан кийин келечекте экономикалык пайда түшүү күтүлбөгөн учурда бухгалтердик баланс-

дан чыгаруу. Материалдык эмес активди чыгаруу ар кандай болушу мүмкүн: сатуу, алмашуу же активдүү пайдалануудан чыгаруу, башка компаниянын уставдык капиталына киргизүү, аларды эсепте чагылдыруу тартибин көз каранды болуучу биргелешкен ишмердүүлүккө өткөрүп берүү жолдору аркылуу.

Кыргызстанда интеллектуалдык менчик объектилерин баалоону жүргүзүү КР ЖКга ылайык жана интеллектуалдык менчик тармагындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде иштелип чыккан «Интеллектуалдык менчик объектилерин баалоо боюнча усулдук сунуштардын» негизинде жүзөгө ашырылат.

**Интеллектуалдык менчик объектилеринин наркын баалоонун колдонуудагы бардык ыкмалары** объектилердин рыноктук (инвестициялык) баасын аныктоо максатында азыркы кезде белгилүү болгон классикалык үч ыкманын өңүтүнөн алынып каралат:

– сарпталыш;
– рыноктук (салыштырмалуу сатуулар ыкмасы);
– кирешелик (пайда боюнча).

**Сарпталыш ыкмасына ылайык** активдин наркы кайра чыгарууга же кошуп саналган активдин эскирүүсүнө негизделген ондоо киргизүүнү кармап калуу менен алмаштырууга зарыл болгон сарптоолор боюнча бааланышы мүмкүн.

**Сарпталыш ыкмасы** боюнча баалоо төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$C=CI+C2+C3+C4, \quad (1)$$

мында,

**$C_1$**– интеллектуалдык менчик объектисин түзүүгө келтирилген сарптоолор, ИИИни (илим изилдөө иштери) толук көлөмдө (издөөдөн тартып отчетко чейин) аткарууга жана рентабелдүүлүгүн эсепке алуу менен техникалык документациянын бардык стадияларын иштеп чыгууга (мисалы, эскиздерден тартып жумушчу долбооруна чейин) кеткен чыгымдардын факт жүзүндө келтирилген суммасы болуп эсептелет; муну менен ИИИ үчүн келтирилген сарптоолор,

көйгөйдү алдын-ала иштеп чыгууну, теориялык изилдөөнү, эксперименттерди жүргүзүүнү жана отчетту бекитүү жана ушуга окшогон сарптоолордун башка түрлөрүн ичине камтыган издөө иштерине кетүүчү сарптоолордон турат; техникалык документацияларды иштеп чыгууга келтирилген сарптоолор, эскиздик, техникалык жана жумушчу долбоорлорун аткарууга, эсептөөлөрдү аткарууга, сыноолорду өткөрүүгө, башка уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнө, автордук көзөмөлдүктү жүргүзүүгө ж.б. кетүүчү сарптоолордон турат; технологиялык жана долбоордук документациянын бир бөлүгү аткарылганда же интеллектуалдык менчик объектисин түзүүдөн мурда ИИИ жүргүзүлгөн болсо, анда интеллектуалдык менчик объектисинин наркын эсептөө факт жүзүндө аткарылган иштерге кеткен сарптоолор боюнча жүргүзүлөт, товардык белгилер жана өнөр жай үлгүлөрү үчүн – дизайнга кетүүчү сарптоолор;

$\mathbf{C_2}$ – интеллектуалдык менчик объектисин укуктук коргоого келтирилген сарптоолор (патент (күбөлүк) алууга өтүнмө материалдарын тариздөө, өтүнмө боюнча кат алышуу, өтүнмө берүү, экспертиза жүргүзүү үчүн алым төлөө, коргоо документин алуу жана аны күчүндө кармоо ж.б.);

**С** – интеллектуалдык менчиктин ноу-хау, ИИИ жана техникалык документация сыяктуу объектилери үчүн катышпайт;

$\mathbf{C_3}$ – маркетингдик изилдөөлөргө жана ушуга окшогон башка сарптоолорго келтирилген сарптоолор;

$\mathbf{C_4}$ – интеллектуалдык менчик объектисин өнөр жайлык пайдаланууга даярдыкка чейин жана коммерциялык сатууга жана ушуга окшогон башка сарптоолорго чейин жеткирүүгө келтирилген сарптоолор.

Келтирилген нарктык баалар – бул эсеп жылына келтирилген бардык баалоолор (сарптоолор, пайда ж.б.).

$\mathbf{C_1, C_2, C_3, C_4}$ келтирилген сарптоолор катары бир формула боюнча аныкталышат:

$$\mathbf{C_{келт.} = C_{фак.} \Sigma Ki\ Di/100,} \qquad (2)$$

мында,

$\mathbf{C_{келт.}}$ – келтирилген сарптоолор;

**$C_{факт.}$** – факт жүзүндөгү сарптоолор;

**Di** – і-жылга факт жүзүндөгү сарптоолордун үлүшү, % менен;

**Ki** – ар кандай мезгилдеги нарктык бааларды эсеп жылына келтирүү коэффициентинин сандык маанилери формула боюнча аныкталат:

эсептик жылдан мурунку мезгил үчүн:

$$\mathbf{Ki=(1+E)^{tp-t}}, \quad (3)$$

эсептик жылдан кийинки мезгил үчүн:

$$\mathbf{Ki=1/(1+E)^{tp-t}}, \quad (4)$$

мында,

**E** – ар кайсы мезгилдеги нарктык баалоолорду келтирүүнүн ченеми (E = 0,1);

**$t_р$** – эсептик жыл;

**t** – эсептик жылга нарктык баалоо келтирилүүчү жыл (укуктук коргоонун иштеп чыгуусу башталган жыл, интеллектуалдык менчик объектисине өзгөчө укуктардын аракеттенүүсү башталган жыл, лицензиялык келишим аракетке кирген жыл ж.б.).

Ар кандай мезгилдеги нарктык бааларды келтирүү коэффициентинин **Ki** сандык маанилери 4 тиркемеде берилди.

**Рыноктук ыкма (салыштырмалуу сатуулар ыкмасы).** Рыноктук ыкма жыйымга, талдоого, жана тармактык принциптери боюнча дүйнөлүк жана ички рынокторго интеллектуалдык менчик объектисин өткөрүп берүүгө түзүлгөн лицензиялык же башка келишимдердин коммерциялык шарттары жөнүндө маалыматтарды тутумдаштырууга (системалаштырууга), жана интеллектуалдык менчик объектисин баалоодо пайдаланылуучу параметрлерди кыйла так эсептөөгө мүмкүндүк берүүчү маалымат базаларын ушул негизде түзүүгө байланыштуу. Мындан кийин аларда болгон айырмаларга оңдоолор киргизилет жана аналогунун наркына салыштырыла турган нарк аныкталат.

Бул ыкма материалдык эмес активди баалоону түзүүгө ниет коюлган бүтүм (сделка) жана ага чейин түзүлгөн аналог-

дук бүтүм боюнча салыштырууну караштырат. Салыштырылуудагы бүтүмдөрдүн экөө тең бүтүмдүн рентабелдүүлүгүнүн эсептеринде пайдаланылуучу экономикалык параметрлердин негизи боюнча салыштырылат. Демейде бул капиталдын айланышы жана ойлоп табууну же товардык белгини пайдалануудан түшкөн таза пайда болот.

Бул ыкманын колдонулуучулук негизги шарттары болуп төмөндөгүлөр эсептелишет:

- ушуга окшогон арналыштагы жана пайдалануудагы материалдык эмес активдерди сатуу фактысы жөнүндө маалыматтардын бар болуусу;
- мындай объектилердин айырмалуулук өзгөчөлүктөрүнүн алардын наркына таасир этүүсүн баалай билүү;
- мындай активдер боюнча бүтүмдөрдүн баалары жана шарттары боюнча маалыматтын жеткиликтүүлүгү жана аныктыгы.

Бул ыкма мындай активдер менен түзүлгөн бүтүмдөр жөнүндө маалымат бар болгондо, же эң аз дегенде бул тармактагы роялтинин ченин (ставка) билген учурда пайдаланууга жарамдуу. Бул ыкманын маңызы ишкананын пайдалануусундагы интеллектуалдык менчик ага таандык эмес деген божомолдун келтирилгендигинде турат. Анда, бул интеллектуалдык менчиктин ээлерине сыйкы түрүндө төлөп берүүгө тийиш болгон соодадан түшкөн акчанын бир бөлүгүн ишкана иш жүзүндө өзүндө калтырат, себеби берилген менчик бул ишканага таандык, бул актив аркылуу түзүлгөн анын кошумча пайдасы катары эсептелет. Бул пайданын негизинде калыптанган акча агымынын наркы бааланууучу активдин рыноктук наркын пайда кылат.

Эл аралык практикада бул ыкма патенттер менен технологиялардын наркын баалоо үчүн кеңири колдонулат.

Материалдык эмес активдердин наркын баалоо үчүн рыноктук ыкма шарттуу гана өзгөчө өтүмдүүлүк (ликвиддүүлүк) жана ажыратылгыс активдер жөнүндө сөз болгондо колдонулушу мүмкүн. Бул учурда бул бизнестин же конкреттүү

инвестициялык программанын алкагында бул активдердин инвестициялык наркы жөнүндө айтуу жөндүүрөөк. Рыноктук мамилени пайдалануу ыкмасы ннтеллектуалдык менчик объектилерине кээ бир укуктар үчүн гана алгылыктуу ал гана тургай артыкчылыктуу болушу мүмкүн.

Толук кандуу рыноктук ыкмалар, сатып алуучу ушул эле иш-милдеттерди аткаруучу башкаларынын ичинен бул активдерди тандап алууга мүмкүнчүлүгү болгон учурда колдонулушу мүмкүн. Муну менен сатып алуучулардын болжол менен бирдей арналыштагы жана пайдалуулуктагы бир нече активдердин ичинен иш-милдеттик касиеттерин, алгылыктуу наркын, кызмат мөөнөтүнүн узактыгын, активдин корголуучулук даражасын, анын сейрек кездешүүчүлүгүн жана башка мүнөздөмөлөрүн камтуу менен сапатынын комплекси боюнча аларга туура келген тандап алуу мүмкүндүгү болушу керек. Бардыгынан тышкары, материалдык эмес активдердин сатуучусу кимиси көбүрөөк төлөй тургандыгына жана кимиси менен кызматташуу келечектүү экендигине артыкчылык берүү менен ал үчүн кыйла кызыктуу сатып алуучуну тандап алуу мүмкүндүгүнө ээ болуусу керек. Мисалы, мындай нерсе жогорку профессионалдуу адабият, искусство чыгармаларын басып чыгарууга, жогорку сапаттагы аудио- жана видеопродукцияларды даярдоого жана коммерциялык сатууга, программалык продуктуларды нускалоо жана сатуу үчүн укуктарды сатууда болушу мүмкүн.

***Рыноктук нарк катары*** интеллектуалдык менчик объектисинин наркын баалоо формула боюнча аныкталат:

$$C = [(C_1 + C_2 + C_3)\, K_{ТЭ}K_{И} + O_{г}p\, T]\, R, \qquad (5)$$

мында,

**p** – роялтинин орто статистикалык чени, %;

**T** – интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануу мөөнөтү (аны аныктоого мүмкүн болбогон учурда – 10 жылга чейин, бирок ишкананын ишмердүүлүк мөөнөтүнөн көп эмес), жыл;

**R** – интеллектуалдык менчик объектисин өздөштүрүү даражасын, патенттик коргоочулукту, жана рынокто атаандаш

товарлардын бар экендигин эсепке алуучу тобокелдик коэффициенти, эксперттик жол менен 0,7 – 1,0 чектеринде аныкталат;

**К$_{тэ}$** – интеллектуалдык менчик объектисинин техникалык-экономикалык маанилүүлүгүнүн коэффициенти (товардык белгилер үчүн – пайдалануунун узактыгынын жана эстетикалык кабылдануусунун коэффициенти), сандык маанилери эксперттик жол менен 1,0 – 1,5 чектеринде аныкталат;

**К$_{и}$** – интеллектуалдык менчик объектисинин моралдык эскирүүсүнүн коэффициенти формула боюнча аныкталат:

Ойлоп табуулар, пайдалуу модель жана өнөр жай үлгүсү үчүн:

$$K = 1\frac{T_Ф}{T_H} \tag{6}$$

ноу-хау, ИИИ, техникалык документациялар үчүн: К = 1;
товардык белги үчүн:

$$K = 1\frac{T_Ф}{T_H} \tag{7}$$

мында,

**Т$_{н}$** – коргоо документинин, күбөлүктүн аракеттенүүсүнүн номиналдык мөөнөтү,

**Т$_{ф}$** – эсеп жылындагы коргоо документинин аракетинин факт жүзүндөгү мөөнөтү, жыл;

**О$_{г}$** – нарктык көрсөтүлүштөгү, формула менен аныкталуучу, пайдалануунун жылдык көлөмү (интеллектуалдык менчик объектисинин сатылышы)

$$\mathbf{O_г = \Sigma Vi\ Zi\ Ki,} \tag{8}$$

мында,

**Zi** – интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануунун ар бир жылынын аягына сатылган продукциянын баасы берилген продукцияга баанын өсүшүндө, формула менен аныкталат:

$$\mathbf{Zi = Z\ (1 + G/100)^I,} \tag{9}$$

мында,

**Z** – продукциянын болжолдоштурулган баасы;

**G** – жылдын аягына баанын өсүшү, %.

Каралып чыккан рыноктук мамиле интеллектуалдык менчик объектисинин рыноктук баасын эсептөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн, мисалы, лицензия сатуу, ишкананын уставдык капиталына үлүштүк пайда киргизүү максаттарында ж.б.

Интеллектуалдык менчик объектисинин жыйынтык нарктык баасы анын рынокдук баасын эсептөөдө анын субъектилеринин ортосундагы келишим боюнча түзөтүлүп оңдолушу мүмкүн (тараптар аркылуу). Мындай учурда тобокелчилик факторун эсепке алуу менен объектини нарктык баалоого бонификация (кошумча) кылуу анын рыноктук наркынын 30% ашууга тийиш эмес.

**Киреше ыкмасы (пайда боюнча).** Бул ыкманы таануу, конкреттүү технологияда пайдаланылуучу материалдык эмес активдин функционалдык (жеке, техникалык экономикалык, медициналык ж.б.) касиеттери менен келечекте чарбалык ишмердүүлүктө берилген активди пайдалануудан түшө турган кирешенин ортосундагы себептүү байланышты аныктоого таянат. Бул ыкманын өбөлгөсү конкреттүү материалдык эмес активдин экономикалык баалуулугу азыркы учурда бул активден келечекте киреше алууну күтүү менен шартталгандыгында турат.

Интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануудан түшкөн киреше, продуктуну (продукцияны) же аны ичине камтыган ыкманы жүзөгө ашыруунун натыйжасында алынган пайданын жалпы көлөмүнөн анын үлүшүн бөлүү жолу аркылуу аныкталат.

Интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануудан түшкөн кирешенин үлүшү түздөн-түз анын өсүшү же ушул интеллектуалдык менчик объектиси менен өркүндөтүлгөн продуктунун (продукцияны) же ыкманын (бааны көтөрүүнүн, чыгымдардын азайышынын, чыгаруу көлөмүнүн көбөйүшүнүн ж.б. эсебинен) жүзөгө ашырылышы боюнча аныкталышы мүмкүн.

Өз ишканасында интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануудан коргоо келишиминин ээси-ишкана тара-

бынан алынган пайданын (кирешенин) эсеби, ИИТКЖны жүргүзүүнү, өздөштүрүүнү жана сериялык чыгарууну камтуу менен, патенттелген интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануу аркылуу даярдалган продуктунун бүтүндөй турмуштук циклинин иштеп чыгуусун жана сатылуусун эсепке алуу менен жүргүзүлөт, муну менен аларды жалпы эсептик жылга алып келүү менен жетишиле турган ар кандай мезгил ичинде жүзөгө ашырылуучу жана алынуучу сарптоолордун жана натыйжалардын бирдей эместиги эсепке алынат.

Ошентип, ***пайда боюнча*** интеллектуалдык менчик объектисинин наркын баалоо мындайча аныкталат:

*ойлоп табуулар, пайдалуу модель, өнөр жай үлгүсү, ноу-хау, ИИИ, техникалык документтер үчүн:*

$$\mathbf{C = R\, К_{тэ} \Sigma\, (П_к - П_н)\, V_i\, K_i,} \qquad (10)$$

мында,

$\mathbf{П_н}$ – интеллектуалдык менчик объектисин пайдаланууга чейинки пайданын (кирешенин) жалпы чоңдугу;

$\mathbf{П_к}$ – интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануудан кийинки пайданын (кирешенин) жалпы чоңдугу;

$\mathbf{V_i}$ – i-жылдагы продукция чыгаруунун пландаштырылган көлөмү;

*товардык белги, төйлөө белгилери үчүн*:

$$\mathbf{C = К_п\, R\, H\, \Sigma V_i Z_i;} \qquad (11),$$

мында,

**R** – интеллектуалдык менчик объектисин өздөштүрүү даражасын, патенттик корголуусун жана рынокто атаандашуучу товарлардын бар экендигин эсепке алуучу тобокелчилик коэффициенти, эксперттик жол менен 0,7 -1,0 чегинде аныкталат;

$\mathbf{К_{тэ}}$ – интеллектуалдык менчик объектисинин техникалык-экономикалык маанилүүлүгүнүн коэффициенти (товардык белгилер үчүн – пайдалануунун узактыгынын жана эстетикалык кабылдоонун коэффициенти), алардын сандык маанилери эксперттик жол менен 1,0 – 1,5 чегинде аныкталат;

$\mathbf{К_п}$ – товардык белги менен корголгон продукция өндүрүүнүн мүнөзүнүн коэффициенти (5 тиркеме);

**$V_i$ –** i-жылдагы накта көрсөтүлгөн, товардык белги менен маркировкаланган продукция чыгаруунун пландаштырылган көлөмү;

**Zi** – i жылдагы товардык белги менен маркировкаланган продукциянын бирдигинин болууга мүмкүн болгон баасы;

**14-баптын атайын адабияты**


1. *Блинников В.И., Дубровская В.В., Сергиевский В.В.* Патент: от идеи до прибыли. – М.: Мир, 2002. – 333 с.

2. *Мухопад В.И.* Интеллектуальная собственность в мировой экономике знаний. – М.: РГИИС, 2009. – 256 с.

3. *Астапов К.* Инновации промышленных предприятий и экономический рост // Экономист. – 2008. – № 6. – С. 44 –51.

4. *Васильев В.П.* Инновационная деятельность: экономика и управление. – М.: ИНИОН РАН, 2008. – 259 с.

5. *Ващенко В.П.* О сущности инновационной деятельности и ее нормативно- правовой базе // Наука и промышленность России. – 2002. – № 2–3. – С. 29 –36.

6. *Вольский А.* Инновационный фактор обеспечения устойчивого экономического развития // Вопросы экономики. –2009. – № 1. – С. 4 –12.

7. *Медынский В.Г.* Инновационный менеджмент. – М.: ИНФРА, 2011. – 295 с.

8. *Нонака И., Такеучи Х.* Компания – создатель знания. Зарождение и развитие инноваций в японских фирмах / Пер. с англ. – М.: ЗАО «Олимп-Бизнес», 2003. – 384 с.

9. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.

10. *Оморов Р.О.* Изобретательская и инновационная деятельность в Кыргызской Республике // Вестник Кыргызпатента. – 2003. – № 2. – С. 30 –36.

11. *Оморов Р.О.* Проблемы формирования национальной инновационной системы в Кыргызской Республике // Вестник Кыргызпатента. – 2004. – № 1. – С. 42 –48.

12. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.п., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.

13. *Оморов Р.О.* Проблемы и перспективы развития инновационной деятельности в Кыргызской Республик // кн.: Путь к инновационной экономике, благополучной экологии / Под науч. рук. акад. Т. Койчуева. – Бишкек: Илим, 2013. – С. 49 –66.

14. *Азгальдов Г.Г., Карпова Н.Н.* Оценка стоимости интеллектуальной собственности и нематериальных активов. – М.: Международная Академия оценки и консалтинга, 2006. – 183 с.

15. *Близнец И.* Проблемы формирования оптимальной системы управления инновационным развитием страны // ИС. Промышленная собственность. – 2006. – №11. – С. 4–10.

16. *Блинников В., Дубровская В.* От интеллектуальной собственности – к нематериальным активам предприятия // ИС. Промышленная собственность. – 2002. – №9.– С. 11 –27.

17. *Варфоломеев Ю.* Интеллектуальная собственность в инновационной и традиционной моделях развития // ИС. Промышленная собственность. – 2006. –№ 11. – С. 11 –17.

18. *Кравец Л.Г.* Обеспечение конкурентных преимуществ предпринимательства за счет активов интеллектуальной собственности // Биржа интеллектуальной собственности.–2005. – Т. IV. – № 11. – С. 44 –47.

19. *Мельникова Л.И., Романова Н.И., Столяров А.М.* Патентные исследования на различных этапах создания и освоения объектов техники: Уч. пособие. – М.: ВНИИПИ, 1987. – 102 с.

20. *Устинова Л.Н.* Оценка интеллектуальной собственности при рыночной экономике. – М.: ИНИЦ Роспатента, 2001. – 123 с.

21. *Фатхутдинов Р.А.* Инновационный менеджмент: Учебник для вузов. – 6-е изд.– СПб.: Питер, 2008. – 448 с.

# ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-тиркеме

## МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕРДИН ЭСЕБИНИН КАРТОЧКАСЫ

«Материалдык эмес активдердин эсебинин карточкасы» уюмга пайдаланууга түшкөн материалдык эмес активдердин бардык түрлөрүн эсепке алуу үчүн колдонулат.

Документ келип түшкөндүгү, кыймылы жана чыгуусу, пайдалуу пайдалануу мөөнөттөрү, амортизацияланган чыгаруулар менен материалдык эмес активдерди сатуудан түшкөн акчанын суммалары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Карточка аналитикалык эсеп документи катары пайдаланылат жана уюмдун бухгалтериясында алынып барылат. Ал эсептин ар бир объектисине ачылат жана материалдык эмес активдерди (мындан ары – МЭА) кириштөө, которуу, чыгаруу жана башка документтердин негизинде бир нускада толтурулат (№МЭА – 1 формасын толтуруу тартиби таблицада көрсөтүлдү).

Материалдык эмес активдер боюнча операцияны жүзөгө ашырууда негизги каражаттардын эсеби боюнча ченемдик актылык жоболорду колдонууга жол берилет, эгерде материалдык эмес активдердин эсебине түздөн-түз тиешелүү болгон тике ченемдик көрсөткүчтөр жок болсо.

Мисалы, башка тараптардан алынган же уюмдун өзү тарабынан түзүлгөн материалдык эмес активдерди кириштөөгө документ катарында, ошондой эле сатууда, ордун которууда же объектилерди өткөрүп берүүдө өткөрүп берүү – кабыл алуу

актысын колдонууга болот, ал эми объектилерди чыгарып салууда – негизги каражаттардын эсеби боюнча алгачкы эсептик документациянын бир түргө келтирилген формасынын альбомунан чыгарып салуу актысын колдонууга болот.

### ***«Материалдык эмес активдердин эсебинин карточкасын» толтуруунун тартиби***

| Маалым даректердин (реквизиттердин) аталышы | Жазуулардын мазмуну |
|---|---|
| Карточка номуру (№) | Объектинин эсептик карточкасынын катар номуру |
| Уюм | Уюмдун толук аталышы |
| ИУЖК боюнча код | Ишканалардын жана уюмдардын классификатору боюнча уюмдун коду |
| Структуралык бөлүмчө | Уюмдун колдонулган структуралык бөлүмчөсүнүн аталышы объектини конкреттүү структуралык бөлүмчөгө бекитип берүү мүмкүндүгү жок болгондо бул сап сызылып коюлат |
| Түзүлгөн күн | Карточка толтуруу. Карточка объектини кириштөө учурунда толтурулат |
| Операциялардын түрлөрүнүн коду | Уюм тарабынан колдонулуучу код тутумуна ылайык жүргүзүлүүчү чарбалык операция. Мындай код тутум жок болгон учурда бул графада сызыкча коюлат |
| Кириштөө документи: күнү, номуру | Объектинин кириштелиши негизделген документтин датасы жана номуру. Аны алууда объектини кириштөө үчүн негиз болуп, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы кызмат кылат, уюм өзү жасаган учурда – пайдаланууга кабыл алуу актысы ж. б. |
| Объектинин аталышы жана арналышы | Объектинин толук аталышы, арналышы жөнүндө маалыматтар |
| *1-графа* Структуралык бөлүмчө | Объект пайдаланылуучу структуралык бөлүмчөнүн аталышы (же коду) |

| | |
|---|---|
| *2-графа*<br>ЭИМК боюнча ишмердүүлүк түрү | Экономикалык ишмердүүлүк түрлөрүнүн Мамлекеттик классификатору боюнча объект пайдаланылган ишмердүүлүк түрү |
| *3-графа*<br>эсеп, субэсеп | Дебет боюнча кириштелген объектинин эсеп коду (субэсептин) |
| *4-графа*<br>Аналитикалык эсеп коду | Уюм тарабынан колдонулуучу код тутумуна ылайык аналитикалык эсеп коду, мындай тутум жок болгон учурда бул графада сызыкча коюлат |
| *5-графа*<br>Баштапкы (балансылык нарк) | Уюмга келип түшкөндө анын кириштелиши жана ылайыктуу эсептин (субэсеп) чагылдырылышы боюнча объектинин наркы. Объектилердин наркы КНСнын (кошумча нарк салыгынын) эсебисиз, аны алууга же жасап чыгарууга байланышкан бардык сарптоолорду эсептөө менен көрсөтүлөт (КНС объектинин балансылык наркына киргизилген учурдан башка учурда) |
| *6-графа*<br>Пайдалуу пайдалануу мөөнөтү | Объектини пайдалануу пландаштырылган мөөнөт. Пайдалуу пайдалануу мөөнөтү уюму тарабынан аларды алуу документтеринин негизинде эксперттик жол менен объектилердин түрүнө жана арналышына жараша белгиленет |
| *7-графа*<br>Кошуп эсептелген амортизациянын суммасы | Объектинин баштапкы наркынан жана пайдалуу пайдалануу мөөнөтүнөн келип чыгуу менен кошуп эсептелген ай сайынкы амортизациянын суммасы, амортизацияланбаган объектилер боюнча бул графада сызыкча коюлат |
| *8-графа*<br>Амортизациянын ченеми (%) же сметалык ченем | Объектинин баштапкы наркынан жана пайдалуу пайдалануу мөөнөтүнөн келип чыгуу менен аныкталган амортизациянын ченеми, амортизацияланбаган объектилер боюнча бул графада сызыкча коюлат |
| *9-графа*<br>Эсеп жана аналитикалык эсеп объектисинин коду | Амортизацияланган чыгаруулардын кошуп эсептөөлөрү жибериле турган эсеп коду (субэсеп), амортизацияланбаган объектилер боюнча бул графада сызыкча коюлат |
| *10-графа*<br>Эсепке алынган күн | Объектинин кириштелген күнү. Аны алууда объектини өткөрүп берүүгө документтин датасы, аны ишкана өзү жасаган учурда пайдаланууга берилген актынын датасы көрсөтүлөт |

| | |
|---|---|
| *11-графа*<br>Алуу ыкмасы | Объектинин уюмга түшкөн ыкмасы жөнүндө маалымат. Объект акчага алынышы, кайтарымсыз же уставдык капиталга салым катарында алынышы, уюм тарабынан даярдалышы, алмашуу келишими боюнча же башка жолдор менен алынышы мүмкүн |
| *12-графа*<br>Каттоо жөнүндө документ (аталышы, датасы, номуру) | Уюм даярдоочу тарабынан объектини каттоо жөнүндө маалыматтар, объектини пайдаланууга уюмдун укуктары ж.б. |
| *13-17-графалар* | Объектилерди кыймылдатуу жана чыгаруу жөнүндө маалыматтар |
| *13-графа* | Объектини которуу же чыгаруу жөнүндө документтин номуру |
| *14-графа* | Объектини которуу же чыгаруу жөнүндө документтин датасы |
| *15-графа* | Объектини чыгаруунун (которуунун) себебинин аталышы, башка структуралык бөлүмчөгө өткөрүп берүү, пайдалуу пайдалануу мөөнөтүнүн бүтүшү, башка уюмдун уставдык капиталына кайтарымсыз же салым катарында өткөрүп берүү, сатуу же башка себептер |
| *16-графа* | Уюм тарабынан пайдаланылуучу код тутумуна ылайык чыгаруу коду, мындай тутум жок болгон учурда бул графада сызыкча коюлат |
| *17-графа* | Объектини сатуудан түшкөн (выручка) сумма (КНСэсебисиз) |
| Материалдык эмес активдердин кыскача мүнөздөмөсү | Берилген бөлүмдө форманын арткы бетинде берилген объектиге техникалык документацияда болгон маалыматтарды, кайталаган маалыматтарды алып салуу менен объектинин негизги көрсөткүчтөрү гана жазылат |
| Карточканы толтуруу | Кызмат орду, колу карточканы толтуруу боюнча инструкцияга ылайык милдеттер жүктөлгөн бухгалтерия кызматкери койгон колдун ачылып берилиши, карточканын толтурулган датасы |

***Мисал:***

Эмерек чыгаруу менен иш алып баруучу «Спектр» ЖАК уюму тарабынан 1998-жылдын январында даяр продукцияны эсепке алууну жүзөгө ашырууга арналган программа алынган болучу (1998-жылдын 5-январындагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы). Сарптоолорду эсепке алуу менен аныктоо боюнча программанын наркы 3600 сомду түздү, анын ичинде КНС – 600 сом. Программаны пайдалуу пайдалануу мөөнөтү – 15 ай (программаны иштетүү боюнча нускамада чагылдырылган, уюмдун жетекчисинин буйругу менен таризделген). Амортизациянын ченеми бир айда – 6,6%, амортизациялык чыгаруулардын ай сайынкы чыгарууларынын суммасы – 200 сом. Программа пайдаланыла турган структуралык бөлүмчө – өндүрүш бөлүмү. Пайдалуу пайдалануу мөөнөтү бүткөндүгү боюнча объект уюмдун балансынан чыгарылган (1999-жылдын 6-апрелиндеги чыгаруу актысы).

Бул учурда материалдык эмес активдердин эсеп карточкасы төмөндөгүчө таризделиши мүмкүн.

# МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕРДИН КАРТОЧКАСЫ № 16

| Коддор |
|---|
| 00310001 |
| |

Уюм «Спектр» ЖАК__________ Форма Башкаруу ишмерд. жалпы кл. (БИЖК) боюнча

Структуралык бөлүмчө Өндүрүш бөлүмү Ишканал. уюмдард. жалпы кл. (ИУЖК) боюн

| Түзүлгөн күн | операциянын түрүнүн коду | Кириштөөгө документ | |
|---|---|---|---|
| | | Датасы | Номуру |
| 05.01.98 | – | 05.01.98 | 36 |

ЭЭМ үчүн программа (персоналдык ЭЭМ) даяр продукцияны чыгаруунун эсеби үчүн «Даяр продукция» (МЭА толук аталышы жана арналышы)

| Структ. бөлүмчө | Ишмердүүлүк түрү | Эсеп, субэсеп | Аналит. эсеп коду | Алгачкы (баланс, нарк.), сом | Пайдалуу пайдалануу мөөнөтү | Аморт. кошуп эсепт. суммасы | Аморт. чени (%) же смета. чени | эсеп жана аналит. эсеп. объект. | Эсепке алуу датасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| Өндүрүш бөлүмү | Эмерек чыгаруу | 2940 | – | 3000,0 | 15 мес. | 200,0 | 6,67 | 20,1 | 05.01.98 |

| Алуу ыкмасы | Каттоо жөнүндө документ (аталышы, номуру, датасы) | Чыгарылды (өткөрүлүп берилди) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 |
| Акчага алынды | Каттоо номуру 994 от 25.12.97 | 8 | 06.04.99 | Пайдалуу пайдалануу мөөнөтүнүн бүтүшү | – | – |

Эскирүү суммасы, сом., т.

| – |
|---|

**2-тиркеме**

## Интеллектуалдык менчик объектисин пайдалануу жөнүндө АКТ

«____» _____________200__ ж.

Интеллектуалдык менчик объектиси: Ойлоп табууга (пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө) КРнын патентинен келип чыгуучу укуктар

Объектинин аталышы ________________________________________

Интеллектуалдык менчик объектисин каттоо номуру

Патент № ___________________________________________________

«___» _____________ 200__ -ж. тартып пайдаланылган

____________________________________________________________

(пайдаланылган жерин көрсөтүү керек)

ойлоп табуунун формуласына ылайык (маанилүү белгилеринин жыйындысы)

____________________________________________________________

(документти көрсөтүү керек)

Ишкананын жетекчиси _______________________________________

Башкы бухгалтер ____________________________________________

Интеллектуалдык менчик
бөлүмүнүн начальниги _______________________________________

ӨМО пайдаланылган бөлүмчөнүн начальниги ___________________

Пайдалануунун башталышы менен тааныштым (тааныштык) автор(лор)

## 3-тиркеме

### Материалдык эмес активди чыгарууга
### АКТ № ________

«____» ______________200__ -ж.

«____» ______________200__ -жылдагы № __________ буйрук менен дайындаган комиссия

колдонуудагы төмөндөгү материалдык активдерди мындан ары пайдалануу мүмкүндүгүн карап чыкты жана чарбачылык ишмердүүлүктө аларды мындан ары пайдаланууга жарабайт деп тааныды.

| Аталышы | Инвентардык номуру | Келип түшкөн күнү | Алгачкы наркы (сом.) | Кошуп эсептелген амортизация | Калдык нарк (сом.) | Кызмат кылуу мөөнөтү | Чыгаруу себеби |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

**Материалдык эмес активдердин жалпы саны** __________________

______________________________________________________________

(санды сөз менен жазуу керек)

Комиссиянын төрагасы (төрайымы): ____________________________

Комиссиянын мүчөлөрү: __________________________

__________________________

__________________________

__________________________

## 4-тиркеме

***Ар кайсы мезгилдеги нарктык бааларды келтирүүнүн коэффициентинин сандык маанилери***

| Жумушчу жылга чейинки,мурдагы жылдардын саны | Кі | Эсеп жылынан кийинки жылдар-дын саны | Кі |
|---|---|---|---|
| 20 | 6,7274 | 1 | 0,9091 |
| 19 | 6,1159 | 2 | 0,8264 |
| 18 | 5,5599 | 3 | 0,7513 |
| 17 | 5,0544 | 4 | 0,6830 |
| 16 | 4,5949 | 5 | 0,6209 |
| 15 | 4,1772 | 6 | 0,5645 |
| 14 | 3,7975 | 7 | 0,5132 |
| 13 | 3,4523 | 8 | 0,4665 |
| 12 | 3,1384 | 9 | 0,4241 |
| 11 | 2,8531 | 10 | 0,3855 |
| 10 | 2,5937 | 11 | 0,3505 |
| 9 | 2,1436 | 12 | 0,3186 |
| 8 | 2,1436 | 13 | 0,2897 |
| 7 | 1,9487 | 14 | 0,2633 |
| 6 | 1,7716 | 15 | 0,2394 |
| 5 | 1,6105 | 20 | 0,1486 |
| 4 | 1,4641 | 25 | 0,0923 |
| 3 | 1,3310 | 30 | 0,0573 |
| 2 | 1,2100 | 40 | 0,0221 |
| 1 | 1,1000 | 50 | 0,0085 |
| 0 | 1,0000 | | |

**5-тиркеме**

***Товардык белги менен маркировкаланган продукцияны өндүрүүнүн мүнөзүн эсепке алуучу коэффициент***

| Өндүрүш | $К_n$ |
|---|---|
| индивидуалдык | 0,1 ге чейин |
| майда сериялык | 0,1 – 0,2 |
| сериялык | 0,2 – 0,3 |
| чоң сериялуу | 0,3 – 0,4 |
| массалык | 0,4 – 0,5 |

# 15-БАП. САЛТТЫК БИЛИМДЕРДИ КОРГОО

## 15.1. «Салттык билимдер» жөнүндө түшүнүк жана маселенин тарыхы

Салттык билимдер жөнүндөгү маселе жана аларды укуктук жактан коргоо проблемасы акыркы 10–15 жылда актуалдуу түрдө пайда болуп жатат. Азыркы учурда адистер жагынан дагы жана жалпы эле дүйнөлүк коомчулук тарабынан дагы бул маселени жана аны менен байланышкан укуктук коргоо маселелерин талкуулоо жүрүп жатат. Бул маселенин интеллектуалдык менчик проблемалары менен байланыштыгына өзгөчө маани берилип бул тармактагы Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМДУ) аркылуу азыркы учурда кылдат каралууда.

Бул проблеманын чыгышы жана анын коргоо проблемаларынын курчушунун негизги себеби болуп азыр дүйнө жүзүндө болуп жаткан экономикалык глобализация, же болбосо ааламдаштыруу иштери эсептелет. Анткени азыркы учурда кээ бир өнүккөн мамлекеттерге улуттук ресурстар жана базар жетишсиз болуп, алар башка мамлекеттердин табигый ресурстарын колдонуп жана базарына чыгып атышат. Ошол эле учурда бул мамлекеттер жана алардын ири кампаниялары бул ресурстарды жырткычтык менен пайдаланып жатышат. Андан тышкары булар ошол мамлекеттердин элдери кылымдап жаратып жана колдонуп келе жаткан салттык билимдерин жана фольклордук өнөрлөрүн да эч бир уруксатсыз жана төлөмсүз колдонуп жаткан учурлар кездешүүдө. Мына ушул жогоруда айтылган себептер дүйнө элдеринин

салттык билимдерин, фольклорун жана генетикалык ресурстарын коргоого түрткү берип жатат.

Бул проблеманы тыкат изилдөө үчүн ИМДУ атайын изилдөө миссиясын түзүп, ал салттык билимдер, генетикалык ресурстар жана фольклор жагдайындагы маселелерди карап чыкты. Ал изилдөөлөрдүн негизинде ИМДУ өзүнүн алдында салттык билимдер, генетикалык ресурстар, фольклор жана интеллектуалдык менчик боюнча Өкмөттөр аралык туруктуу комитет түзүп, анын максаты катары ушул жагдайдагы маселелерди талкуулоонун негизинде эл аралык деңгээлде укуктук коргоо келишимин түзүү болуп эсептелет. Азыркы учурга чейин бул комитеттин 28 сессиясы өттү, биринчиси 2001-жылы болгон. Маселелер абдан татаал болгондуктан азыркыга чейин чечилбей келет.

Бул бапта биз салттык негизинен салттык билимдерге жана аны менен байланышкан генетикалык ресурстар маселелерине гана көңүл бурабыз.

ИМДУнун аныктамасы боюнча *салттык билимдер* деп кылымдан-кылымга бир муундан экинчи муунга оозеки же жазуу түрүндө берилип келе жаткан билимдер таанылат.

Так түшүнүк боюнча, салттык билимдер – интеллектуалдык менчик катары эсептеле албайт, себеби, бул билимдердин менчиктик объект катары автору, же болбосо жеке ээси жок болуп жатат. Ошол эле учурда бул билимдердин менчиктик субъектиси бар – алар жергиликтүү коом, уруу, эл, балким кандайдыр бир коомдун жеке өкүлү болушу мүмкүн. Бул субъекттер муундан-муунга кылымдан-кылымга берилип келе жаткан ошол салттык билимдерди алып жүргөндөр болот.

Теориялык жактан караганда салттык билимдердин жамааттык авторлугу жөнүндө жана кылымдап байып, калыптанган укук объектилери катары карасак болот. Албетте, салттык билимдерди алып жүргөндөргө интеллектуалдык менчик сыяктуу өзгөчө укук берүүгө мүмкүн эмес. Бирок, бул билимдерди ар кандай өнөр жай менчигинин объектилерин патенттөө учурундагы техника деңгээлинин маалыматына киргизүү за-

рыл. Дагы белгилей кете турган нерсе бул – салттык билимдердин негизинде жаралган объектилер: мисалы, дары-дармек болобу, же косметикалык каражаттар болобу, же курулуш объектилери болобу, же тамак-аш болобу, же башка болобу баары тең укуктук жактан жана техникалык жактан интеллектуалдык менчиктин объектилерине окшоштук жагдайлары бар. Ошол эле учурда, салттык билимдерди жана алардын негизинде жаратылган объектилерди алып жүргөн жергиликтүү коом, уруу, эл, же булардын жеке өкүлдөрү кылымдан-кылымга, муундан-муунга ошол билимдерди сактап, байытып келе жаткандыктан өзүлөрүнө кандайдыр пайда көрүшү абзел, жөнөкөй эле моралдык эмес, материалдык дагы пайда көрүшү керек. Ошондой эле салттык билимдерди алып жүргөндөр ал билимдердин негизинде жаралган интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциалык колдонуудан түшкөн каражаттарда да кандайдыр бир үлүшү бар болгондуктан, мыйзамдык негизде материалдык пайда алышы керек.

Жогоруда айтылгандай, салттык билимдерди жана аны менен байланышкан генетикалык ресурстарды коргоо проблемасынын пайда болушу бул билимдерди колдонууда алардын алып жүргөн ээлеринин эч бир мыйзамдуу уруксаты жок эле пайдалануу жана генетикалык ресурстарын алган өлкөлөрдүн дагы уруксаты жок эле киреше алып жатканына эл аралык ири кампаниялар себеп болуп жатат. Бул жерде генетикалык ресурстардын илимий аныктамасы жок эле бул ресурстар табигий ресурстар катары каралып жатат, булар флора жана фауна объектилери, дагы башка жансыз табийгат ресурстары – ар кандай минералдар жана металлдар.

Ал эми салттык билимдер жөнүндө айтсак, анда азыркы учурда буларга ар кандай категориядагы билимдер кирет. Кеңири алганда салттык билимдер көптөгөн тармактарга тиешелүү булар – медицина, фармацевтика, айыл чарбасы, тамак-аш тармагы, курулуш жана архитектура, астрология жана башкалар. Медицина тармагында көптөгөн салттык билим системалары бар, мисалы Аюрведа (байыркы индия-

лык медицина системасы), кытай элдик медицинасы, тибет жана араб медицинасы жана у.с. Дүйнө элдеринин салттык билимдери абдан эле бай жана кенен, ошондуктан, азыркы учурга чейин аларды эч бир документөө боюнча, же болбосо алардын алып жүргөн ээлерин аныктаган аракет жүргүзүлгөн эмес. Бирок, ошол эле учурда дүйнөдө ар кандай салттык билимдер системалары жашап келет, маселен Аюрведа жана у.с., муундан-муунга, устатынан-шакиртине кандайдыр бир белгилүү принциптер менен берилип келе жатат. Азыркы учурга чейин салттык билимдерди коргоодо интеллектуалдык менчикти коргоо системасын пайдалануу аракеттери дагы болуп жатат.

### 15.2. Кыргыз Республикасында салттык билимдерди коргоо

Салттык билимдерди укуктук коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик ведомствосу – Кыргызпатент көптөгөн жылы изилдөө жүргүзүп (беш жылдын аралыгында) атайын мыйзам долбоорун иштеп чыккан. Ал «Салттык билимдерди коргоо жөнүндө» деген мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилип 2007-жылы кабыл алынып, ошол жылдын август айынан күчүнө кирген. Бул мыйзамдын нормаларын түзгөндө салттык билимдерди коргоодогу дүйнөлүк тажрыйба эске алынып, ошондой эле ИМДУнун жогору айтылган изилдөө миссиясынын жана башка изилдөөлөрдүн материалдары колдонулган, алардан тышкары ИМДУнун салттык билимдер, генетикалык ресурстар, фольклор жана интеллектуалдык менчик боюнча Өкмөттөр аралык туруктуу комитетинин отурумдарынын материалдары да колдонулду.

Азыркы учурда ушул мыйзамдын негизинде даярдалган нормативдик-укуктук актылар дагы иштелип чыкты, алар:

- салттык билимдерди каттоодогу жана аларды колдонууга уруксат берүү үчүн алына турган төлөмдөр жөнүндө Жобо;

- салттык билимдерди мамлекеттик органдарга жана мекемелерде каттоого жана колдонууга берүү жөнүндөгү Убактылуу Тартиби;
- салттык билимди каттоого жана колдонууга берүү үчүн өтүнмөнү даярдоо, тапшыруу жана кароо жана ошондой эле мурун катталган салттык билимди колдонууга берүүдөгү Эрежелер долбоору;
- Кыргыз Республикасынын салттык билимдеринин Мамлекеттик Реестрин алып баруу жөнүндөгү Тартибинин долбоору;
- салттык билимдерди мамлекеттик органдарда жана мекемелерде каттоо жана колдонуу учурундагы Тартип долбоору.

Жогоруда көрсөтүлгөн нормативдик-укуктук актылардын бүгүнкү күндө бирөө гана расмий бекитилген, ал – төлөмдөр жөнүндөгү Жобо, калгандары талкуулоо жана кароо процессинде турат.

Салттык билимдер жөнүндөгү мыйзамдын негизги нормалары эл аралык талкуудан өткөн, так айтканда ИМДУ уюштурган Братислава шаарында (Словак Республикасында) 2006-жылы июль айында өткөн, 30дай мамлекеттин адис өкүлдөрү катышкан Эл аралык семинарда талкууланып жактырылган. Бул мыйзамда колдонулган салттык билимдерди укуктук коргоого колдонулган негизги принциптери кандайдыр бир деңгээлде товарлардын жаралган жерлеринин аттарын коргоодогу принциптерге окшош десек болот, анткени корголуп жаткан объектинин маңызы ал жаралган географиялык жерге байланыштырылып жатат.

Бул мыйзамдагы мамлекеттик тескөөдөгү негизги максаттар булар – салттык билимдерди укуктук коргоо, сактоо жана кеңири колдонууга шарт түзүү, аларды өнөр жайда, айыл чарбасында, саламаттык сактоодо жана башка тармактарда кеңири колдонуу, ошондой эле аларды колдонуп жасалган объекттерди коммерциалаштыруу жана чарбалык жүгүртүүгө кошуу.

Салттык билимдерди мамлекеттик тескөөдөгү бул мыйзамдагы негизги маселелер:

- салттык билимдерди эксперттик маалымат базасына киргизүү аркылуу мыйзамсыз патенттөөдөн укуктук коргоо механизмин түзүү;
- салттык билимдерди колдонуудагы пайдаларды укуктук катнаштагы субъектер ортосунда акыйкаттык менен бөлүштүрүү;
- салттык билимдерди колдонуудан түшкөн каражаттардын негизинде Жергиликтүү жааматтардын өнүгүү Фондусун түзүү;
- салттык билимдерди колдонуу системасын өнүгүүгө багыттаган Мамлекеттик Фондуну түзүү;
- салттык билимдерди жана генетикалык ресурстарды практикада эффективдүү колдонуу үчүн багытталган илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, мисалы:
- айлана-чөйрөнү коргоого көптөгөн салым кошо турган генетикалык ресурстарды колдонгон салттык билимдерди изилдөөдөгү приоритеттик багыттарды табуу;
- генетикалык ресурстарды колдонуудагы жаңы багыттарды иштеп чыгуу жана өнүктүрүү;
- Кыргыз Республикаынын территориясындагы салттык билимдерди инвентаризациялоо максатындагы изилдөө иштерин жүргүзүү;
- элге кеңири белгилүү жана арбын колдонулган салттык билимдерди аныктоо.

Биз кеп кылып жаткан мыйзамдын кээ бир жоболоруна көңүл буралы.

Баарынан мурун салттык билимдер менен байланыштуу объекттерди патенттөө жөнүндө айтсак:

- салттык билимдердин өзүн патенттөөгө тыюу салынат;
- салттык билимдердин негизинде жаралган объекттерди патенттөөдө, өтүнмө ээси, өтүнмөдөгү материалдардагы прототип же аналог катары алынган салттык билимдердин табийгатын көрсөтүшү керек, ошондой

эле аларды жалпы коомго чыгарган маалымат булагын дагы көрсөтүшү керек;

- жалпы элде пайдаланып жаткан жана катталган салттык билимдер патент экспертизасы учурундагы техника деңгээлинин маалыматына киргизилет.

Салттык билимдерди каттоодо өтүнмөлүк каттоо нормасы колдонулат. Салттык билим катталган жана/же салттык билимди колдонууга укук алган өтүнмө ээсине ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган атайын Күбөлүк тапшырат. Салттык билимдердин каттоосу түбөлүктүү. Бирок, салттык билимди колдонуу күбөлүгү өтүнмө түшкөн убакыттан баштап 10 жылга берилет, ал эми колдонууну узарткан-га кайрылуу каттын негизинде 10 жылдан кийин күбөлүктүн ээси тарабынан узартууга укуктуу жана узартууну 10 жыл сайын кайталай алат.

Мыйзамдын негизинде, салттык билимдерди каттоодогу жана/же аларды колдонуу укугун алуудагы ар бир юридикалык маанилүү иш үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга – Кыргызпатентке атайын төлөмдөр каралган. Ошол юридикалык маанилүү иштердин Тизмесин жана аларга каралган төлөмдөрдүн көлөмдөрүн жана мөөнөттөрүн (срокторун) өлкөнүн Өкмөтү бекитет.

Салттык билимдерди өткөрүп берүү укуктары аларды пайдалануу (колдонуу) жөнүндөгү атайын ыйгарымдуу мамлекеттик органда катталган Келишимдин негизинде гана күчүндө болот. Ошол Келишимде милдеттүү түрдө Жергиликтүү жамааты өнүктүрүү Фондусуна же салттык билимдерди колдонуу системасын өнүктүрө турган Мамлекеттин Фондусуна которула турган төлөмдөр жөнүндөгө атайын жоболор камтылышы керек. Ошондой эле өкмөткө атайын укуктар берилген, алар – өзгөчө кырдаалдар учурунда же болбосо сот чечиминин негизинде өкмөттүн уруксаты менен салттык билимдерди колдонуу, андан тышкары эгерде күбөлүк алынган күндөн кийинки үч жылда эч бир колдонулбаса дагы өкмөттүн уруксаты менен колдонууга мүмкүндүк берилет. Мындай учурларда өкмөт

күбөлүк ээсине учурга ылайыктуу көлөмдө компенсация же төлөмдөрдү берүүгө милдеттүү.

Салттык билимдерди камтыган же алардын негизинде жаралган объекттерде салттык билимдерди колдонуу (пайдалануу) деп аларды жасоо, колдонуу, киргизүү, таркатуу, сатууга чыгаруу, сатуу жана башкача түрдө чарбалык айландырууга киргизүү же ошол эле максат менен сактоо эсептелет.

Салттык билимдерди мыйзамсыз колдонуу деп, аларды коммерциалык максатта, алып жүргөн ээлери менен келишим түзбөй пайдалануу эсептелет.

Салттык билимдерди билим берүү же болбосо илимий изилдөө максатында, ошондой эле жекече максатта, ээсинин макулдугун сурабай колдонууга уруксат берилет.

Кыргыз Республикасынын «Салттык билимдерди коргоо жөнүндө» мыйзамы салттык билимдерди коргоодогу атайын чектелген шарттарды түзгөн мыйзам катары КМШ мамлекеттериндеги биринчи пионердик мыйзам. Бирок албетте, ар бир мамлекетте өзүнүн корголо турган салттык билимдери бар. Ошол эле учурда, кошуна мамлекеттерде көптөгөн салттык билимдер бирдей же абдан окшош болуп «айырмасы жоктой чатташтырган» салттык билимдер кездешкен учурлар да бар. Ошондуктан мындай учурларда салттык билимдерди эл аралык деңгээлде чатаксыз коргоо иретинде атайын Эл аралык көп жактуу Келишим түзүлүш керек. Ушул максатта эл аралык коомдун күч аракети менен жогоруда айтылган ИМДУнун алдындагы атайын салттык билимдер, генетикалык ресурстар, фольклор жана интеллектуалдык менчик боюнча Туруктуу комитеттин ишин тездетип бул жагдайлардагы Эл аралык Келишим же Макулдашуу түзүлүшү абзел.

Бул параграфтын аягында, Кыргыз Республикасынын салттык билимдерин коргоо механизмдерин ишке ашыруу максатында Кыргыпатент жүргүзүп жаткан практикалык маселелерге токтоло кетели.

Жогоруда айтылган нормативдик-укуктук акттарды даярдап кабыл алгандан тышкары, Кыргызпатент салттык билимдерди коргош үчүн атайын практикалык иштерди алып барып

жатат. Биринчи иретте бул иштерге кире турган – салттык билимдер жөнүндө ар кандай булактардан маалыматтарды издеп чогултуп, анын негизинде Кыргыз Республикасынын региондорунун жана жергиликтүү жамааттарынын салттык билимдер объектилеринин маалыматтык базасын түзүү.

2015-жылдын башына карата Кыргыз Республикасынын салттык билимдер боюнча маалымат базасына 130дан ашык объект киргизилген. Мындан тышкары, Кыргызпатентке 2015-жылдын 1-январына чейин 100-дөн ашык генетикалык ресурстар менен байланышкан салттык билимдердин негизиндеги ойлоп табуулардан патент алууга өтүнмөлөр түшкөн.

2011-жылы Кыргыз Республикасында салттык билимдерди коргоо боюнча биринчи Күбөлүктөр тапшырылган:

- «Шакар» самынын өндүрүүдөгү кыргыздардын салттык ыкмасына ( өтүнмөнүн ээлери Ысык-Көл облусунун Түп районунун Тасма айылында жашашкан «Бугу-эне» жааматынын мүчөлөрү);
- эт бышыруудагы «Таш кордо» ыкмасына (өтүнмөнүн ээси Жусупбеков Р.).

Азыркы учурда Кыргызпатентте дагы бир нече салттык билимдерге күбөлүк алыш үчүн өтүнмөлөр каралып жатат.

### 15-баптын атайын адабияты

1. Отчет ВОИС о результатах исследовательской миссии по традиционным знаниям и ожиданиям обладателей традиционных знаний в контексте интеллектуальной собственности. – Женева: ВОИС, 2001.

2. Интеллектуальная собственность как ресурс для качественного развития. – Женева: ВОИС, 2002.

3. *Оморов Р.О., Кожеков Э.Э.* Традиционные знания, генетические ресурсы и фольклор как новые институты интеллектуальной собственности // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности.– 2002. – № 1. – С. 3–9.

4. Традиционные знания в области фармацевтики. – Рим: FAO, 2003.

5. *Идрис К.* Интеллектуальная собственность – мощный инструмент экономического роста/Пер. с англ. – М.: Роспатент, 2004. – 450 с.

6. *Оморов Р.О.* Интеллектуальная собственность и традиционные знания // В кн.: Материалы Международного семинара «О стратегии использования интеллектуальной собственности для экономического и социального развития». – Женева: ВОИС, 2006. – 4 с.

7. «Салттык билимдерди коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы. 31-июль 2007-жылы, № 116.

8. Положение о пошлинах за регистрацию и предоставление права пользования традиционным знанием / Утв. Постановлением Правительства КР от 15 сентября 2008 г., № 517.

9. *Гарри Ф.* Речь по случаю вступления в должность Генерального директора 22 сентября 2008 г. – Женева: ВОИС/ www.wipo.int, 24.09.2008. – 5 с.

10. *Гарри Ф.* Доклад Генерального директора // Ассамблея государств – членов ВОИС. 22 сентября – 1 октября 2009 г. // www.wipo.int/meeting/ru/2009/a47dgspeech. – 6 с.

11. *Оморов Р.О., Роман А., Косаков С.К.* Охрана традиционных знаний в Кыргызской Республике // Интеллектуальная собственность в Беларуси. – 2011. – № 3. – С. 20 –22.

12. Семинар «Традиционные экологические знания кыргызов» (17-20 октября 2012г., Чолпон-Ата) / ПрезентацияТ.Азыкова.pptx.pptx // www.patent.kg/ru/news/2012/10/24/ seminar-na-i-kule.

# АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ

## I. Мыйзамдык акттар, ченемдик укуктук документтер, эл аралык келишимдер

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек, 2010.
2. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси. – Бишкек, 1998.
3. Кодекс Кыргызской Республики об административной ответственности: Уголовно-исполнительный кодекс // Нормативные акты КР. – 2000. – 370 с.
4. Кыргыз Республикасынын Жаза кодекси // КР Жогорку Кенешинин ведомосттору, № 7 (1077), 1998. – 236 с.
5. Кыргыз Республикасынын Бажы кодекси // КР Жогорку Кенешинин ведомосттору, № 8 (1066), 1997. – 312 с.
6. Патентный Закон Кыргызской Республики (принят 16.12.1997 г.) // Патентное законодательство: Сборник нормативных правовых актов КР/Под ред. Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент. – 2003. – С. 3 –32.
7. Закон Кыргызской Республики «О товарных знаках, знаках обслуживания и наименованиях мест происхождения товаров» (принят 16.12.1997 г.) // Законодательство КР о товарных знаках, знаках обслуживания и наименованиях мест происхождения товаров: Сборник нормативных правовых актов КР. – Бишкек: Кыргызпатент.–2003. – С. 3 –28.
8. Закон Кыргызской Республики «Об авторском праве и смежных правах» (принят 16.12.1997 г.) // Законодательство об авторском праве и смежных правах. Сборник

нормативных правовых актов КР. – Бишкек: Кыргызпатент. – 2004. – С. 39 –79.

9. Закон Кыргызской Республики «О правовой охране программ для ЭВМ и баз данных» (вступил в силу 4 апреля 1998 г.) // Законодательство об авторском праве и смежных правах: Сборник нормативных правовых актов КР. – Бишкек: Кыргызпатент.–2004. – С. 120–131.
10. Закон Кыргызской Республики «О правовой охране топологий интегральных микросхем» (вступил в силу 10 апреля 1998 г.) // Эркин Тоо. – 1998. – № 43–44.
11. Закон Кыргызской Республики «О коммерческой тайне» (вступил в силу 10 апреля 1998 г.) // Эркин Тоо. – 1998. – № 45.
12. Закон Кыргызской Республики «О правовой охране селекционных достижений» (вступил в силу 26 июня 1998 г.) // Законодательство о правовой охране селекционных достижений: Сборник нормативных правовых актов КР. – Бишкек: Кыргызпатент. – 1999. – С. 12 –30.
13. Закон Кыргызской Республики «О служебных изобретениях, полезных моделях и промышленных образцах» (вступил в силу 13 августа 1999 г.) // Эркин Тоо. –1999. – № 66.
14. Закон Кыргызской Республики «О фирменных наименованиях» (вступил в силу 31 декабря 1999 г.) // Законодательство о фирменных наименованиях: Сборник нормативных правовых актов КР. – Бишкек: Кыргызпатент. –2000. – С. 15 –28.
15. Закон Кыргызской Республики «О патентных поверенных» (вступил в силу 19 февраля 2001 г.) // Эркин Тоо, 28 февраля 2001 г.
16. Закон Кыргызской Республики «О секретных изобретениях, полезных моделях и промышленных образцах» (вступил в силу 31.03.2006 г.) // НАКР. – 2006. – № 13. – С. 6–10.
17. Закон Кыргызской Республики «Об охране традиционных знаний» (вступил в силу 7 августа 2007 г.) // Ведомости Жогорку Кенеша КР. – 2007. –№ 4. – 178 с.

18. Закон Кыргызской Республики «Об ограничении монополистической деятельности, развитии и защите конкуренции» (принят 15 апреля 1994 г.) // Ведомости Жогорку Кенеша КР. – 1994. – № 5. – 210 с.
19. Конвенция, учреждающая Всемирную организацию интеллектуальной собственности (подписана в Стокгольме 14.07.1967 г. и изменена 2.10.1979 г.). – Женева: ВОИС, 1990.
20. Парижская конвенция по охране промышленной собственности от 20 марта 1883 года, пересмотренная в Брюсселе 14.12.9000 г., в Вашингтоне 02.06.19911 г., в Гааге 06.11.1925 г., в Лондоне 02.06.1934 г., в Лиссабоне 31.10.1958 г. и в Стокгольме 14.07.1967 г. – Женева: ВОИС, 1994.
21. Бернская конвенция об охране литературных и художественных произведений, подписанная в Берне 9 сентября 1886 года, дополненная в Париже 4 мая 1896 г., пересмотренная в Берлине 13 ноября 1908 г., дополненная в Берне 20 марта 1914 г. и пересмотренная в Риме 2 июня 1928 г., в Брюсселе 26 июня 1948 г., в Стокгольме 14 июля 1967 г. и в Париже 24 июля 1971 г., измененная 28 сентября 1979 г. – Женева: ВОИС, 1996. – 58 с.
22. Мадридское соглашение о международной регистрации знаков 1891 г. – Женева: ВОИС, 1992. – 72 с.
23. Договор о патентной кооперации (РСТ), подписанный в Вашингтоне 19.07.1970г. // Официальный русский текст. Ведомости Верховного Совета СССР. – 1978. – №1.
24. Евразийская патентная конвенция, подписанная в Москве 9 сентября 1994 года // Патентная информация. – 1994. – Вып. 1. – С. 107 –116.
25. Международная конвенция по охране селекционных достижений (Конвенция УПОВ) от 2 декабря 1961 г., пересмотренная в Женеве 10 ноября 1972 г., 23 октября 1978 г. и 19 марта 1991 г. – Женева: УПОВ, 1992. – 32 с.
26. Соглашение по торговым аспектам прав интеллектуальной собственности (Соглашение ТРИПС) // Материалы

Национального семинара под эгидой ВОИС по осуществлению мер в соответствии с Соглашением ТРИПС). – Бишкек, 2000. – 18 – 19 апреля. – 56 с.
27. Договор ВОИС по авторскому праву (ДАП). – Женева: ВОИС, 1996.
28. Договор ВОИС по исполнениям и фонограммам (ДИФ). – Женева: ВОИС, 1996.
29. Законопроект «О внесении изменений и дополнений в Патентный закон Кыргызской Республики» // www.patent.kg/ru/print/node/1870/. – 4с.
30. Законопроект о внесении изменений и дополнений в Закон КР «О товарных знаках, знаках обслуживания и наименованиях мест происхождения товаров» // www.patent.kg/ru/%DO/. – 8 с.
31. Законопроект о внесении изменений и дополнений в Закон КР «Об авторском праве и смежных правах» // www.patent.kg/ru/print/node/97/. – 8 с.
32. Законопроект «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О фирменных наименованиях» // www.patent.kg/ru/print/node/1303/. – 2 с.
33. Закон Кыргызской Республики «О патентных поверенных» (в редакции от 31.03.2005 г. № 58) // www.patent.kg/ru/laws/attorneys. – 8 с.
34. Законопроект о внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «О патентных поверенных» // www.patent.kg/ru/node/780/. – 2 с.
35. Становление и развитие системы интеллектуальной собственности в КР // www.patent.kg/ru/about/history_old/. – 7 с.
36. Положение о Государственной службе интеллектуальной собственности и инноваций при Правительстве Кыргызской Республики (постановление Правительства КР от 20 февраля 2012 г. № 131) // www.patent.kg/ru/node/2/. – 7 с.
37. Полное собрание законов Российской империи. – М. – Т.1. – № 98.

38. Собрание законов СССР. – М.: ЦИК, 1936. – 480 с.
39. Собрание постановлений Правительства СССР. – 1962. – № 17: Нормативные материалы по гражданскому праву. – М.: ЦКП СССР, 1965. – 140 с.
40. Всемирная торговая организация. – Женева // Monthly Bulletin of Statistics. – New-York, 1957 –1996, May.
41. Законодательство СССР по изобретательству. – М.: ВНИИПИ, 1982. – 360 с.
42. Положение о пошлинах за патентование изобретений, полезных моделей, промышленных образцов, регистрацию товарных знаков, знаков обслуживания, наименований мест происхождения товаров, предоставление права пользования наименованиями мест происхождения товаров (постановление Правительства от 04.11.2003 г. № 698). – Бишкек: Кыргызпатент, 2003. – 36 с.
43. Положение об общеизвестных товарных знаках в Кыргызской Республике (постановление Правительства от 24.08.2000 г. № 520). – Бишкек, 2000. – 5 с.
44. Положение о пошлинах за регистрацию и предоставление права пользования традиционным знанием/Утв. Постановлением Правительства КР от 15.09.2008 г. № 517. – Бишкек: Кыргызпатент, 2008. – 4 с.
45. Правила составления, подачи и рассмотрения заявки на выдачу патента на изобретение // Патентное законодательство: Сб. нормативных правовых актов Кыргызской Республики. – Бишкек: Кыргызпатент, 2003. – С. 33 –107.
46. Годовой отчет – 1993, 1994, 1995. – Бишкек: Кыргызпатент, 1996. – 112 с.
47. Годовой отчет – 1996. – Бишкек: Кыргызпатент, 1997. – 95 с.
48. Годовой отчет – 2006. – Бишкек: Кыргызпатент, 2007. – 89 с.
49. Годовой отчет – 2008. – Бишкек: Кыргызпатент, 2009. – 111 с.
50. Global Innovation Index 2011: Accelerating Growth and Development/Soumitra Dutta, INSEAD, Editor. – Geneva, WIPO joined INSEAD, 2011. – 357 p. // http://www.globalinnovationindex.org/gii/02.07.2011/.

51. Global Innovation Index 2012: Stronger Innovation Linkages for Global Growth/Soumitra Dutta, INSEAD, Editor. – Geneva, WIPO joined INSEAD, 2012. – 440 p. // http://www.globalinnovationindex.org/gii/07.07.2012/.
52. World Intellectual Property Indicators – 2012. – Geneva, WIPO Publication No 941E/2012. – 194 p. // www.wipo.int/ipstats/.

**II. Атайын адабияттар**

1. *Абдылдабек кызы Жаныл.* Авторское право и смежные права: Курс лекций. – Бишкек: Б.И., 2003. – 255 с.
2. Авторское право и смежные права: Интеллектуальная собственность: в 2-х т. Т. 1/Сост. И.В. Попова и др. – Минск: Амалфея, 1997. – 560 с.
3. *Азгальдов Г.Г., Карпова Н.Н.* Оценка стоимости интеллектуальной собственности и нематериальных активов. – М.: Международная академия оценки и консалтинга, 2006. – 183 с.
4. *Адуев А.И., Белогорская Е.М.* Товарный знак и его правовые значения. – М.: ВНИИПИ, 1972. – 34 с.
5. *Арабаев Ч.И., Омукеева Н.А.* Право интеллектуальной собственности Кыргызской Республики: Учебник для вузов. – Бишкек: Просвещение, 2004. – 668 с.
6. *Ариевич Е.А.* Как бороться с недобросовестным приобретением прав на товарные знаки // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 3 –6.
7. *Белов В.И., Травушкина Л.Ф.* Что нового в критерии «новизна»? // Патенты и лицензии. – 1996. – № 4. – С. 9–12.
8. *Близнец И., Леонтьев К.* Эволюция понимания интеллектуальной собственности на современном этапе // ИС. Авторское право и смежные права. – 2002. – № 10. – С. 2 –15.
9. *Блинников В.И., Григорьев А.Н., Еременко В.И.* Комментарий евразийского патентного законодательства. – М.: Экзамен, 2003. – 448 с.

10. *Блинников В., Дубровская В.* От интеллектуальной собственности – к нематериальным активам предприятия // ИС. Промышленная собственность. – 2002. – № 9. – С. 11–27.
11. *Блинников В.И., Дубровская В.В., Сергиевский В.В.* Патент: от идеи до прибыли. – М.: Мир, 2002. – 333 с.
12. *Бобровский И.* Договор о законах по товарным знакам // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1998. – № 1. – С. 56 –65.
13. *Боденхаузен Г.* Парижская конвенция по охране промышленной собственности: Коммент. – М.: Прогресс, 1977. – 107 с.
14. *Болотин И.Н.* Защита полезных моделей в Апелляционной палате // Интеллектуальная собственность. – 1998. – № 4. – С. 98 –101.
15. *Буряк Е.М.* Международные договоры и соглашения в области охраны промышленной собственности. – М.: ВНИИПИ, 1994. – 58 с.
16. *Варфоломеев Ю.* Интеллектуальная собственность в инновационной и традиционной моделях развития // ИС. Промышленная собственность. – 2006. – № 11. – С. 11–17.
17. *Васильев В.П.* Инновационная деятельность: экономика и управление. – М.: ИНИОН РАН, 2008. – 259 с.
18. *Ващенко В.П.* О сущности инновационной деятельности и ее нормативно- правовой базе // Наука и промышленность России. – 2002. – № 2–3. – С. 29 –36.
19. Введение в интеллектуальную собственность. – Женева: ВОИС, 1998. – 652 с.
20. *Волынкина М.* Институт интеллектуальной собственности на условиях инновационно-ориентированной экономики // ИС. Промышленная собственность. – 2006. – № 9. – С. 18 –27.
21. *Вольский А.* Инновационный фактор обеспечения устойчивого экономического развития // Вопросы экономики. – 2009. – № 1. – С. 4 –12.

22. *Воронецкий Л.И.* Ключевой фактор экономического развития // Интеллектуальная собственность в Беларуси. – 2010. – № 3. – С. 8 – 13.
23. *Восканян Р.С.* Охрана товарных знаков при переходе к рыночным отношениям // Патенты и лицензии. – 1997. – № 11. – С. 5 –12.
24. Всемирная организация интеллектуальной собственности (ВОИС). Основная информация. – Женева: ВОИС, 1996. – 42 с.
25. *Гаврилов Э.П.* Комментарий к Закону «Об авторском праве и смежных правах». – М.: Фонд «Правовая культура», 1996. – 250 с.
26. *Гаврилов Э.П.* Авторское право. – М.: Юридическая литература, 1999. – 286 с.
27. *Гарри Ф.* Речь по случаю вступления в должность генерального директора 22 сентября 2008 г. – Женева: ВОИС // www.wipo.int, 24.09.2008 г. – 5 с.
28. *Горленко С.А.* Промышленные образцы, товарные знаки, наименования мест происхождения товаров // Патентная информация. – 1995. – № 3. – С. 20 –26.
29. *Горленко С.А.* Правовая охрана наименований мест происхождения товаров. – М.: ВНИИПИ, 1999. – 110 с.
30. Гражданское право: Учебник. Т. 3/Под ред. А.П. Сергеева, Ю.К. Толстого. – М.: Проспект, 1998. – 263 с.
31. *Григорьев А.Н.* Может ли географическое наименование стать товарным знаком? // Интеллектуальная собственность. – 1994. – № 7–8. – С. 3 –8.
32. *Григорьев А.Н.* Соотношение товарного знака и географического указания // Патенты и лицензии. – 1994. – № 7–8. – С. 17 –21.
33, *Григорьев А.Н.* Охрана географических указаний. – М.: ВНИИПИ, 1995. – 97 с.
34. *Григорьев А.Н., Еременко В.И., Качанов Ю.В. и др.* Законодательство стран СНГ в области промышленной собственности. Т.1, 2. – М.: ВНИИПИ, 1996. – 148 с., 440 с.

35. *Гринграс Б.* Введение в охрану сортов растений // В кн. Национальный семинар на тему «Характер и условия охраны сортов растений в соответствии с Конвенцией УПОВ». – Женева: УПОВ, 1997. – С. 11–23.
36. *Дозорцев В.А.* Авторские дела в суде: Научно-практический комментарий. – М.: Юридическая литература, 1985. – 175 с.
37. *Дорофеев В.Д., Шмелева А.Н.* Инновационный менеджмент. – М.: ИНФРА, 2009. – 442 с.
38. *Евдокимова В.Н.* Что нужно знать, заключая лицензионный договор? // Патенты и лицензии. – 1996. – № 5. – С. 15 –22.
39. Евразийское патентное право: комментарий и нормативные правовые акты/Авт. коммент. и сост.: А.Н. Григорьев, В.И. Еременко. – М.: ПАТЕНТ, 2012. – 520 с.
40. Европейский парламент принял Соглашение о едином патенте // http://www.agepi.md/ru/news/detail.php....18/12/2012. – 2 с.
41. *Еременко В.И.* Законодательство о пресечении недобросовестной конкуренции в зарубежных странах. – М.: ВНИИПИ, 1997. – 180 с.
42. *Еременко В.И.* Содержание и природа исключительных прав интеллектуальной собственности // Интеллектуальная собственность. – 2000. – № 4. – С. 41 –53.
43. *Зарубинский Г.М.* Что же такое новизна? // Патенты и лицензии. – 2002. – № 6. – С. 16 –20.
44. *Зелесский В.В.* Основные институты гражданского права зарубежных стран: Сравнительно-правовое исследование. – М.: Юридическая литература, 2000. – 645 с.
45. *Золотых Н.И.* Структура и содержание лицензионных соглашений // Проблемы интеллектуальной собственности. – 1996. – № 5. – С. 33 –40.
46. *Зотин С.В.* Соглашение ТРИПС: история и положения об обеспечении защиты прав // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2000. – № 1. – С. 32 –36.

47. *Идрис К.* Интеллектуальная собственность – мощный инструмент экономического роста/Пер.с англ. – М.: Роспатент, 2004. – 450 с.
48. Интеллектуальная собственность как ресурс для качественного развития. – Женева: ВОИС, 2002. – 38 с.
49. *Казанков В.М., Зиль ВЛ., Кулагин ВЛ.* Экспертиза по существу заявки на изобретение // Патентная информация. – 1994. – № 2. – С. 94 –97.
50. Как защитить промышленную собственность в Кыргызстане: Учебно-методическое пособие/Под ред. проф. Р.О. Оморова.– Бишкек: Кыргызпатент, 1999. – 88 с.
51. *Калятин В.О.* Интеллектуальная собственность (Исключительные права): Учебник для вузов. – М.: Норма, 2000. – 460 с.
52. *Карпухина С.И.* Защита интеллектуальной собственности и патентоведение. – М.: Центр экономики и маркетинга, 2002. – 352 с.
53. *Касперавичюс П.* Правовая охрана программ ЭВМ и баз данных в Литве // Интеллектуальная собственность. – 1998. – № 2. – С. 79 –81.
54. *Каудыров Т.Е.* Право интеллектуальной собственности: Учебное пособие. Алматы: Жети жаргы, 1999.
55. *Киселев С.И.* Передача технологий в развивающемся мире. Лицензирование и его особенности // Патенты и лицензии. – 1996. – № 4, 5. – С. 19 – 24, 22 –30.
56. *Киселев Г.С.* Экспертиза объектов техники на патентную чистоту: Учебное пособие.– М.: ВНИИПИ, 1991. – 91 с.
57. *Клименко Л.Ф.* Товарные знаки и пресечение недобросовестной конкуренции // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 8 –12.
58. *Коковихин Ю.В.* Защита от недобросовестной конкуренции, связанной с незаконным использованием товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 11. – С. 35 –37.

59. *Колесников А.П.* Патентная документация Российской Федерации. – М.: ВНИИПИ, 1997. – 110 с.
60. *Колесников А.П.* Патентная документация стран ближнего зарубежья. – М.: ИНИЦ, 1998. – 122 с.
61. *Колесников А.П.* Изобретательство и патентное дело: Важнейшие события и факты в истории отечественного изобретательства за 50 лет (1955–2005гг.). – М.: ФГУ ФИПС, 2005. – 192 с.
62. *Корчагин А.Д., Талянский В.Б., Полищук Е.П. и др.* Как защитить интеллектуальную собственность в России. Правовое и экономическое регулирование. Справочное пособие/Под ред. А.Д. Корчагина. – М.: ИНФРА, 1995. – 46 с.
63. *Корчагин А.Д., Золотых Н.И., Зубкова Е.В. и др.* Правовые аспекты передачи технологий на коммерческой основе. – М.: ФИПС, 2000. – 197 с.
64. *Кравец Л.Г.* Патентная информация. Источники и средства доставки пользователям: Учебное пособие. – М.: МПО «Поиск», 1993. – 113 с.
65. *Кравец Л.Г.* Новые средства патентно-информационного обслуживания. – М.: ИНИЦ, 1999. – 68 с.
66. *Кравец Л.Г.* Средства правовой охраны программ для ЭВМ и баз данных. – М.: ИНИЦР, 2000. – 49 с.
67. *Кюршо Ф.* Мадридское соглашение о международной регистрации знаков и Мадридский протокол 1989 г. к этому соглашению // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1998. – № 1. – С. 40–49.
68. *Лакерт К.У.* Географические указания: каковы требования соглашения ТРИПС и ВТО // Проблемы промышленной собственности. – 1998. – № 4. – С. 33 –45.
69. *Левченко В.И.* Правовая охрана селекционных достижений. – М.: Наука, 1983. – 263 с.
70. *Леонтьев К.* Эволюция авторских и смежных прав в Российской Федерации в цифровую эпоху // ИС. Авторское право и смежные права. – 2005. – № 2. – С. 2 –12.

71. *Линет Оуэн.* Приобретение и продажа авторских прав на литературные произведения: Практ. руководство. – М.: Аспект Пресс, 1997. – 215 с.
72. *Лынник Н.В., Кукушкин А.Г., Подшибихин Л.И.* Интеллектуальная собственность и нематериальные активы: Справочно-методическое пособие. – М.: Информационно-издательский центр, 1998.
73. *Макагонова Н.В.* Авторское право: Учеб. пособие/Под ред. Э.П. Гаврилова. – М.: Юридическая литература, 1999. – 237 с.
74. *Матели П.* Новое французское законодательство по товарным знакам/Пер. с франц. – Душанбе: НПИЦентр, 1998. – Т.1–3.– 154, 166, 149 с.
75. *Медынский В.Г.* Инновационный менеджмент. – М.: ИНФРА, 2011. – 295 с.
76. *Мельников В.М.* Товарные знаки за рубежом: Практика ведомств и судов. – М.: ИНИЦ Роспатента, 2000. – 34 с .
77. *Мельников В.М.* Актуальные вопросы развития законодательства Российской Федерации о товарных знаках. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1999. – 24 с.
78. *Мельникова Л.И., Романова Н.И., Столяров А.М.* Патентные исследования на различных этапах создания и освоения объектов техники: Уч. пособие. – М.: ВНИИПИ, 1987. – С. 89–102.
79. *Мерзликина Р.А.* Концепция развития права интеллектуальной собственности в системе гражданского права России // Государство и право. – 2007. – № 3. – С. 90 –95.
80. Методические рекомендации по проведению патентных исследований. – М.: ВНИИПИ, 1983. – 193 с.
81. *Мухопад В.И.* Международная торговля лицензиями. Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1994. – 103 с.
82. *Мухопад В.И.* Интеллектуальная собственность. – М.: ТЕИС, 1996. – 216 с.
83. *Мухопад В.И.* Интеллектуальная собственность в мировой экономике знаний. – М.: РГИИС, 2009. – 256 с.

84. Национальный семинар на тему «Характер и условия охраны сортов растений в соответствии с Конвенцией УПОВ»/Бишкек и Чолпон-Ата, 11–16 ноября 1996 г. – Женева: УПОВ, 1997. – 110 с.
85. *Нечепуренко Ю.* Конкурентоспособность национальных экономик и интеллектуальная собственность // Интеллектуальная собственность в Беларуси. – 2011. – № 3. – С. 13 –16.
86. *Нонака И., Такеучи Х.* Компания – создатель знания. Зарождение и развитие инноваций в японских фирмах/ Пер. с англ. – М.: ЗАО «Олимп-Бизнес», 2003. – 384 с.
87. *Обрезанов СА. Кичатов В.Ф.* Является ли интеллектуальная собственность стратегическим конкурентным ресурсом России // Биржа интеллектуальной собственности. – 2005. – Т. IV. – № 10. – С. 1 –7.
88. *Оморов Р.О.* Система промышленной собственности (Патентная система) Кыргызстана // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1998. – № 1. – С. 82 –93.
89. *Оморов Р.О.* Международное сотрудничество Кыргызской Республики в области интеллектуальной собственности // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 67 –73.
90. *Оморов Р.О., Токоев А.Т., Азыков Т.Б.* Правовая охрана селекционных достижений: Учебное пособие. – Бишкек: Кыргызпатент, 2000. – 60 с.
91. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Хмилевская Л.Г. и др.* Промышленная собственность: Учебное пособие для вузов/Под ред. д.т.н. проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. –127 с.
92. *Оморов Р.О., Исабаева В.Б., Хайленко В.В.* Пособие по патентной информации и основам патентно-информационных исследований: Учебное пособие. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 72 с.

93. *Оморов Р.О., Токоев А.Т., Сопуева А.А., Балпанова О.С.* Защита прав на товарные знаки: Уч.-практ. пособие. – Бишкек: Кыргызпатент, 2001. – 34 с.
94. *Оморов Р.О.* Өнөр жай менчиги: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек: Кыргызпатент, 2002. – 155 бет.
95. *Оморов Р.О., Кожеков Э.Э.* Традиционные знания, генетические ресурсы и фольклор как новые институты интеллектуальной собственности // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2002. – № 1. – 6с.
96. *Оморов Р.О.* Изобретательская и инновационная деятельность в Кыргызской Республике // Вестник Кыргызпатента. – 2003. – № 2. – С. 30 –36.
97. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М., Саргалдакова Ж.З.* Право интеллектуальной собственности в схемах: Учебник/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: Кыргызпатент, 2004. – 156 с.
98. *Оморов Р.О.* Проблемы охраны промышленной собственности в странах СНГ: Роль МГС ОПС // Официальный бюллетень Межгосударственного совета по вопросам охраны промышленной собственности. – Бишкек: Кыргызпатент. – 2004. – № 2(5). – С. 21 –27.
99. *Оморов Р.О.* Проблемы формирования национальной инновационной системы в Кыргызской Республике // Вестник Кыргызпатента. – 2004. – № 1. – С. 42 –48.
100. *Оморов Р.О., Кадыралиева К.О., Агапова Р.М. и др.* Патентоведение: Учебник для вузов/Под ред. д.т.н., проф., член-корр. НАН КР Р.О. Оморова. – Бишкек: ОФ «ИНФОС», 2005. – 425 с.
101. *Оморов Р.О.* Интеллектуальная собственность и традиционные знания // В кн.: Материалы Международного семинара «О стратегии использования интеллектуальной собственности для экономического и социального развития». – Женева: ВОИС, 2006. – 4 с.

102. *Оморов Р.О.* О развитии системы интеллектуальной собственности в Кыргызской Республике // Официальный бюллетень Межгосударственного совета по вопросам охраны промышленной собственности. – Бишкек: Кыргызпатент. – 2006. – № 3(6). – С. 54 –61.
103. *Оморов Р.О.* Система охраны сортов растений в Кыргызстане // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2006. – № 2. – С. 39 –48.
104. *Оморов Р.О., Косаков С.К., Роман А.* Развитие системы и законодательных основ охраны прав интеллектуальной собственности в Кыргызстане // Сб. Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. Вып. 11. Институт философии и политико-правовых исследований НАН КР. – Бишкек, 2010. – С. 443–450.
105. *Оморов Р.О., Роман А., Косаков С.К.* Охрана традиционных знаний в Кыргызской Республике // Интеллектуальная собственность в Беларуси. – 2011. – № 3. – С. 20–22.
106. *Оморов Р.О.* Проблемы и перспективы развития инновационной деятельности в Кыргызской Республике // В кн.: Путь к инновационной экономике, благополучной экологии/Под науч. рук. акад. Т. Койчуева. – Бишкек: Илим, 2013. – С. 49 –66.
107. *Орлова В.В., Восканян Р.С., Корчагин А.Д.* Товарные знаки в России: Справочное пособие для предпринимателей. – Тольятти, 1995. – 111 с.
108. *Орлова В.В.* Охрана фирменных наименований и товарных знаков в Финляндии // Патенты и лицензии. – 1997. – № 2. – С. 31 –35.
109. *Орлова В.В., Кирий Л.Л.* ВОИС: Новое в охране товарных знаков // Патенты и лицензии. – 2000. – № 2. – С. 10–13.
110. Особенности охраны полезных моделей в Японии // Патентное дело. – 1999. – № 7. – С. 11 –12.

111. Отчет ВОИС о результатах исследовательской миссии по традиционным знаниям и ожиданиям обладателей традиционных знаний в контексте интеллектуальной собственности. – Женева: ВОИС, 2001.
112. *Пантелеев М.* Установление новизны изобретения // Интеллектуальная собственность. – 1997. – № 3–4. – С. 39–46.
113. *Пантелеев М.* Условие охраноспособности «изобретательский уровень» // Интеллектуальная собственность. – 1996. – № 1–2. – С. 20 –25.
114. *Пантелеев М.* Критерий охраноспособности понятия «промышленная применимость» // Интеллектуальная собственность. – 1995. – № 9–10. – С. 31 –35.
115. *Пахомова В.А.* Составление описания и перечня существенных признаков промышленного образца. – М.: ВНИИПИ, 1997. – 23 с.
116. Передача прав на объекты интеллектуальной собственности // Сборник нормативно-правовых актов Кыргызской Республики. –Бишкек: Кыргызпатент,1999.–44 с.
117. Перспективы развития российского законодательства о промышленной применимости // Под общей ред. А.Д. Корчагина. –М.: ИНИЦ Роспатента, 2002. – С.78 –130.
118. *Полищук Е.П., Сабода Л.В.* Оценка соответствия заявленного изобретения критериям патентоспособности «промышленная применимость и «изобретательский уровень» // Вопросы изобретательства. – 1991. – № 1112. – С. 29 –36.
119. *Полищук Е.П., Морская О.Г.* Проверка новизны изобретения и полезной модели // Патенты и лицензии. – 2000. – № 12. – С. 9 –15.
120. *Прозоровская Е.В.* Спор о фирменном наименовании: как его избежать? // Патенты и лицензии. – 1996. – № 7. – С. 20 –22.
121. *Прозоровская Е.В.* Столкновение фирменных наименований и товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 12 –14.

122. *Пурижинский В.Г.* Право на фирменное наименование // Патенты и лицензии. – 1999. – № 9. – С. 39–40.
123. *Роман А.* Законодательство Кыргызской Республики в областиинтеллектуальной собственности / Сб.: Материалы международной конференции «Совершенствование законодательства Кыргызской Республики: современное состояние и перспективы» (4 марта 2010 года) // Вестник КНУ. Серия 1. Социально-гуманитарные науки. Вып.3. – Бишкек: КНУ, 2010. – С. 205–208.
124. *Сабода Л.В.* О правовой охране полезных моделей // Патентная информация. – 1994. – № 2. – С. 60–64.
125. *Самойлович М.В.* Требование оригинальности при правовой охране баз данных в странах Европы и США // Патентное дело. – 1995. – № 9–10. – С. 43–45.
126. *Санников А.Т.* Фирменному наименованию – надежную охрану // Патенты и лицензии. – 1996. – № 9. – С. 17 –20.
127. *Саргалдакова Ж.З.* Законодательство Кыргызской Республики в области охраны общеизвестных товарных знаков // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 76–78.
128. *Светланов А.Г.* Современные тенденции развития законодательства об интеллектуальной собственности // Вестник Российской академии наук. – 2005. –Т. 5.– № 9. – С. 808 –815.
129. *Селяков В.А.* Правовая охрана промышленных образцов в России. – М.: ВНИИПИ, 1994. – 30 с.
130. Семинар «Традиционные экологические знания кыргызов»(17–20 октября 2012 г., Чолпон-Ата) // Презентация Т.Азыкова. pptx.pptx // www.patent.kg/ru/News/2012/10/24/seminar-na-i-kule.
131. *Сергеев А.П.* Патентное право: Учебное пособие. – М.: БЕК, 1994. – 173 с.
132. *Сергеев А.П.* Право интеллектуальной собственности в Российской Федерации: Учебник. – М.: ТЕИС, 1996. – 539 с.

133. *Сергеев В.М.* Правовые аспекты использования товарных знаков // Патенты и лицензии. – 1997. – № 12. – С. 1–3.
134. *Соболева Г.А, Суперанская А.В.* Товарные знаки. – М.: Наука, 1986. – 56 с.
135. Совершенствование охраны авторских и смежных прав: Тем. выпуск по материалам отечественной и зарубежной литературы // Сост. и автор Л.Г. Кравец. –М.: ИНИЦ Роспатента, 2000. – 59 с.
136. *Соколов С.* Работа над текстом лицензионного договора // Интеллектуальная собственность. – 2000. – № 6. – С. 45–53.
137. *Сопуева А.А.* Правовая охрана географических указаний // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 1999. – № 1. – С. 79–90.
138. *Скорняков Э.П.* Методические основы патентно-информационных исследований: Учебно-методическое пособие. – М.: ВНИИПИ, 1996. – 92 с.
139. *Скорняков Э.П.* Маркетинговые исследования на основе патентной информации. – М.: ВНИИПИ, 1996. – 88 с.
140. *Судариков С.А.* Авторское право и смежные права. Законы, конвенции, договоры и соглашения: Сборник материалов/Под ред. С.А. Судярикова; Белорусская ассоциация киновидеопродюсеров и дистрибьютеров. – Минск: Пейто, 1998. – 272 с.
141. *Судариков С.А.* Правовая охрана компьютерных программ // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2000. – № 1. – С. 68–80.
142. *Судариков С.А.* Современная правовая охрана баз данных // Вестник Кыргызпатента: Вопросы интеллектуальной собственности. – 2000. – № 2. – С. 31–40.
143. *Сулимова Е.Б.* Защита фирменных наименований // Патенты и лицензии. – 1993. – № 7–8. – С. 11–13.
144. Теоретические и практические аспекты охраны промышленной собственности в Российской Федерации //

Под общей ред. А.Д. Корчагина. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1999. – С. 99–153.

145. *Титов А.* Компьютерная программа: произведение или технология? // Интеллектуальная собственность. – 1999. – № 3. – С. 27–34.

146. *Томашев В.* Охрана полезных моделей: успехи, ошибки, перспективы // Интеллектуальная собственность. – 2000. – № 4. – С 46–51.

147. Традиционные знания в области фармацевтики. – Рим: FAO, 2003.

148. *Трофимов С.* Проблемные вопросы безвозмездной передачи имущественных прав владельцев объектов промышленной собственности // ИС.Промышленная собственность. – 2005. – № 4. – С. 28–32.

149. *Тыцкая Г.И., Мамиофа И.Э., Мотылева В.Н.* Правовая охрана товарных знаков, фирменных наименований, указаний и наименований мест происхождения товаров в капиталистических и развивающихся странах. – М.: ВНИИПИ, 1985. – С 3 –60.

150. *Устинова Л.Н.* Оценка интеллектуальной собственности при рыночной экономике. – М.: ИНИЦ Роспатента, 2001. – 123 с.

151. *Фатхутдинов Р.А.* Инновационный менеджмент: Учебник для вузов. – 6-е изд. – СПб.: Питер, 2008. – 448 с.

152. *Фейгельсон В.М.* Интеллектуальная собственность, недобросовестная конкуренция и ноу-хау. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1999. – 237 с.

153. *Финкель Н.К., Старобогатова В.А.* Новые тенденции в правовой охране полезных моделей // Патенты и лицензии. – 1996. – № 6. – С. 17 –22.

154. *Фичор М.* Коллективное управление авторским правом и смежными правами/Пер. с англ., под ред. к.ю.н., проф., засл. юриста РФ Э.Н. Ренова. – М., 1999. – 108 с.

155. *Хмилевская Л.Г.* Полезная модель как объект промышленной собственности. – Бишкек: Кыргызпатент, 1995. – 4 с.

156. *Царев А.* Товарный знак – реклама и гарантия качества товара // Изобретатель и рационализатор. – 1997. – № 3. – С. 21 –38.
157. *Чернышева С.А.* Авторский договор в гражданском праве России. – М.: Гардарика, 1996. – 104 с.
158. *Шабанов Р.Б.* Российское законодательство: Способы борьбы с контрафактом // Патенты и лицензии. – 2005. – № 9. – С. 29 –37.
159. *Шестимиров А.А.* Промышленные образцы: Уч. пособие. – М.: ВИПСИ, 1995. – 397 с.
160. *Шестимиров А.А.* Товарные знаки. Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1995. – 294 с.
161. *Шестимиров А.А.* Экспертиза заявки на товарный знак. Учебное пособие. – М.: ВНИИПИ, 1996. – 104 с.
162. Шестьдесят лет изобретательства в СССР. – М.: ЦНИИПИ,1979. – 93 с.
163. *Шурыгин С.Н.* Борьба с интеллектуальной контрабандой: таможня дает добро // Патенты и лицензии. – 1997. – № 11. – С. 37 –39.
164. *Янушкевич И.П.* Юридическая основа и практика применения товарного знака, знака обслуживания и фирменного наименования. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1998. – 64 с.
165. *Янушкевич И.П.* Рационализаторство вчера, сегодня, завтра. – М.: ИНИЦ Роспатента, 1999. – 69 с.

## МАЗМУНУ

**Кириш сөз ................................................................................ 3**

**1-бап. Интеллектуалдык менчик жөнүндө жалпы түшүнүк............................................................................ 6**

1.1. Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму (ИМДУ) ........................................................... 6
1.2. ИМДУ боюнча интеллектуалдык менчик түшүнүгү.. 9
1.3. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси боюнча интеллектуалдык менчик түшүнүгү.................... 14
1.4. Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик тутумун түзүү жана өнүктүрүү ........................... 19
1.5. Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти коргоонун улуттук мыйзамдык базасы ........... 26

*1-баптын атайын адабияты*................................................ 30

**2-бап. Ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү ....................................................................... 34**

2.1. Ойлоп табуу түшүнүгү ............................................... 34
2.2. Ойлоп табуунун патентке жарамдуулук шарттары..................................................................... 42
2.3. "Пайдалуу модель" түшүнүгү.................................... 49
2.4. Өнөр жай үлгүсү түшүнүгү ........................................ 52
2.5. Өнөр жай үлгүсүнүн патентке жарамдуулук шарттары..................................................................... 57
2.6. Ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө патенттик укукту негиздөө ............... 60
2.7. Өтүнмөнү экспертизалоо............................................ 69

2.8. Өнөр жайдын менчик объектилерин каттоо, патент берүү жөнүндө маалыматтарды жарыялоо жана патент берүү ........ 74
2.9. Патенттик укуктун принциптери ........ 75
2.10. Патенттик укуктун субъектилери........ 77
2.11. Патент ээсинин укуктары жана милдеттери ........ 79
2.12. Патенттин аракетин токтотуу ........ 80
*2-баптын атайын адабияты*........ 82

**3-бап. Рационализатордук сунуштар ........ 93**

3.1. Рационализатордук сунуштар түшүнүгү жана белгилери........ 93
3.2. Рационализатордук сунушка укуктун субъектилери ........ 97
3.3. Рационализатордук сунушка укуктарды негиздөө ... 98
3.5. Рационализатордук сунуштардын авторлорунун укуктарын коргоо ........ 102
*3-баптын атайын адабияты*........ 103

**4-бап. Товардык белгилер жана тейлөө белгилери**.........104

4.1. Товардык белгилер, тейлөө белгилери жөнүндө түшүнүк........ 104
4.2. Товардык белгилердин түрлөрү ........ 109
4.3. Товардык белгилерди каттоодон баш тартуу үчүн негиздер........ 115
4.4. Товардык белгиге укукту негиздөө........ 122
4.5. Товардык белгиге укуктун субъектилери........ 128
4.6. Товардык белгинин ээсинин укуктары жана милдеттери ........ 129
4.7. Товардык белгиге укукту токтотуу ........ 132
4.8. Товардык белгини чет өлкөдө каттоо ........ 133
*4-баптын атайын адабияты*........ 136

**5-бап. Товар чыгарылган жердин аталыштары ........ 139**

5.1. «Товар чыгарылган жердин аталыштары» түшүнүгү жана белгилери ........ 139

5.2. Товар чыгарылган жердин аталышына укукту негиздөө ........ 144
5.3. Товар чыгарылган жердин аталыштарына укуктун субъектилери ........ 150
5.4. Күбөлүк ээсинин укуктары ........ 151
5.5. Товар чыгарылган жердин аталыштарын укуктук коргоону токтотуу ........ 152
*5-баптын атайын адабияты* ........ 153

**6-бап. Фирмалык аталыштар ........ 155**

6.1. Фирмалык аталыштар түшүнүгү ........ 155
Фирмалык аталыштарды укуктук коргоонун принциптери ........ 155
Фирмалык аталышты каттоодон баш тартуу үчүн негиздер ........ 157
6.2.Фирмалык аталыштардын ээлери ........ 161
6.3. Фирмалык аталыш жана товардык белги ........ 166
6.4. Фирмалык аталышка укукту негиздөө ........ 167
6.5. Фирмалык аталыштарды коргоо тармагындагы эл аралык макулдашуулар ........ 171
*6-баптын атайын адабияты* ........ 171

**7-бап. ЭЭМ үчүн программалар жана маалымат базалары ........ 173**

7.1. ЭЭМ үчүн программаларга жана маалымат базаларына укук түшүнүгү жана мазмуну ........ 173
7.2. ЭЭМ үчүн программалардын жана маалымат базаларынын укуктарын негиздөө, каттоо ........ 174
7.3. ЭЭМүчүн программанын же маалымат базасынын укук ээсинин укугун бузуулары ........ 181
7.4. ЭЭМ үчүн программага жана маалымат базасына укук ээсинин укуктарын коргоо ........ 182
*7-баптын атайын адабияты* ........ 184

**8-бап. Селекциялык жетишкендиктер ........ 186**

8.1. Селекциялык жетишкендик түшүнүгү ........ 186

8.2. Селекциялык жетишкендиктердин коргоого жарамдуулук шарттары ........ 190
8.3. Селекциялык жетишкендикке укукту негиздөө...... 193
8.4. Селекциялык жетишкендикке укуктун субъектилери ........ 200
8.5. Патенттин аракетин токтотуу ........ 206
8.6. Селекциялык жетишкендикке патент ээсинин укуктарын коргоо ........ 207
*8-баптын атайын адабияты* ........ 208

**9-бап. Интегралдык микросхемалардын топологиялары ........ 209**

9.1. Жалпы жоболор ........ 209
9.2. Интегралдык микросхемалардын (ИМС) топологиялары түшүнүгү ........ 210
9.3. Интегралдык микросхемалардын топологияларынын (ИМСТ) авторлорунун жана башка укук ээлеринин укуктары ........ 211
9.4. ИМСТга укукту негиздөө ........ 213
9.5. ИМСТга укуктарды коргоо ........ 214
*9-баптын атайын адабияты* ........ 216

**10-бап. Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо ... 217**

10.1. Жалпы жоболор ........ 217
10.2. Патенттик укуктарды коргоо ........ 218
10.3. Индивидуалдаштыруу каражаттарынын ээлеринин укуктарын коргоо ........ 224
10.4. ЭЭМ үчүн программалардын жана маалымат базаларынын авторлорунун жана ээлеринин автордук укуктарын коргоо ........ 230
10.5. Авторлордун жана салттуу эмес объектилердин укуктарын коргоо ........ 232
10.6. Селекциячылардын жана селекциялык жетишкендиктерге патент ээлеринин укуктарын коргоо ........ 232

10.7. Авторлордун жана интегралдык микросхемалардын топологияларынын укук ээлеринин укуктарын коргоо ........ 234
*10-баптын атайын адабияты* ........ 237

**11-бап. Патенттик маалымат жана документация ........ 239**

11.1. Патенттик маалыматтын негизги түшүнүктөрү жана артыкчылыктары ........ 239
11.2. Патенттик маалымат жана документация булактарынын түрлөрү ........ 242
11.3.Эл аралык патенттик классификация ........ 245
11.4. имдУнун стандарттары ........ 248
11.5. Ар түрдүү өлкөлөрдүн патенттик документациясы ........ 250
11.6. Кыргыз Республикасынын патенттик документациясы ........ 250
11.7. Патенттик-маалыматтык изилдөөлөр ........ 251
11.8. Техника объектилеринин патенттик тазалыгы түшүнүгү ........ 255
11.9.Техника объектисинин патенттик тазалыгы менен ойлоп табуунун патентке жарамдуулугунун айырмасы ........ 258
11.10. Патенттик тазалыкка техника объектилерин текшерүүнүн жалпы ыкмасы ........ 261
*11-баптын атайын адабияты* ........ 269

**12-бап. Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды өткөрүп берүү ........ 271**

12.1. Укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер 271
12.2. Технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимдер (ноу-хау, франшиза, консалтингдик кызмат көрсөтүүлөр, инжиниринг, лизинг, опцион келишимдери, биргелешкен ишканалар, өнөр жай кооперациясы, «ачкыч» алдындагы долбоор) ........ 275
12.3. Лицензиялардын (уруксаттамалардын) түрлөрү .. 277

12.4. Өткөрүп берүү жөнүндө келишим
жана интеллектуалдык менчик объектисине
лицензиялык келишим түзүү ........................................279
12.5.Интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды
өткөрүп берүү жөнүндөгү келишимдерди каттоо .........281
*12-баптын атайын адабияты*..............................................286

**13-бап. Автордук укук жана чектеш укуктар .................288**

13.1. Автордук укук .......................................................288
13.2. Чектеш укуктар .....................................................332
13.3. Автордук жана чектеш укуктарды коргоо.............342
13.4. Авторлордун мүлк укуктарын жамааттык
негизде башкаруу ..........................................................347
13.5. Кыргызстанда автордук укукту жана чектеш
укуктарды коргоонун өнүгүшү......................................352
*13-баптын атайын адабияты*..............................................355

**14-бап. Интеллектуалдык менчикти жараттуудагы
жана пайдалануудагы экономика жана маркетинг........358**

14.1. Интеллектуалдык менчик объектилеринин
маркетинги.......................................................................358
14.2. Кыргыз Республикасындагы материалдык эмес
активдердин бухгалтердик эсеби ..................................363
14.3. Материалдык эмес активдерди баалоо .................367
14.4. Материалдык эмес активдердин амортизациясы
жана аларды амортизациялоо үчүн колдонулуучу
ыкмалар ..........................................................................369
*14-баптын атайын адабияты*..............................................381

**15-бап. Салттык билимдерди коргоо ...............................393**

15.1. «Салттык билимдер» жөнүндө түшүнүк
жана маселенин тарыхы .................................................393
15.2. Кыргыз Республикасында салттык билимдерди
коргоо ..............................................................................396
*15-баптын атайын адабияты*..............................................401

**Адабияттар тизмеси.............................................................403**

**Р.О. Оморов**

**ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК
МЕНЧИК**

Редактор Р. Д. Мукамбетова
Верстка и дизайн А. Малдыбаева

Подписано к печати 2.09.2015 г.
Формат 60×84 $^{1}/_{16}$. Печать офсетная.
Объем 27,0 п.л. Тираж 250 экз.

Издательство «Илим»
720000, Бишкек, пр. Чуй, 265а